**Суранчы Жетимишов**

# ЧУУЛГАН КЫЛЫМ

Тарыхый көркөм баян

Ош-2017

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-4
Ж 64
Жетимишов Суранчы

Ж 64 «Чуулган кылым», – Ош: «Кагаз ресурстары», 2017 – 356 б.

ISBN 978-9967-471-45-0

XVII-XVIII кылымдар Борбордук Азияда казаптуу мезгилге айланды. Дүйнөлүк оторчул державалар: түндүктөн падышалык Орусия, түндүк-батыштан Жуңгар хандыгы, түштүктөн Аңглия, чыгыштан Кытай Кыргызстанды басып алууга аракеттеништи. Алардан мурда Жуңгар мамлекети ач көздүк менен мыкаачылык жүрүшкө аттанды. Атадан балага уланган кан күйгөн кармаш, мурда- кийин болуп көрбөгөн өтө оор чапкын кылымдан ашкан убакытты өз кучагына алды.

Чин-кытай армиясы Жуңгар хандыгын талкалап, элин кылыч мизинен өткөрдү. «Жуңгар мурасы» саясатын көтөрүп, кытай Кыргызстанды биротоло ээлеп алуу жүрүшүндө кыргыз элинин эртеңи чоң коркунучка кабылды.

Дал ошол оор тагдырды баштарынан кечирип, элинин эртеңине кам көргөн, ары акылман, ары камкор баатыр аталардын ээрдиктерин кыргыз элинин оор тагдырын баяндаган чыгарма жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

Ж 4702300100-17

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-4

ISBN 978-9967-471-45-0

© Суранчы Жетимишов, 2017

## Китепти колдогондор



### Келдибек Түмөнов
### коомдук ишмер

Ата-бабалардын ардактуу өмүрлөрү, ак мээнеттери, бийик адамгерчиликтери, көркөм өнөрлөрү урпактар үчүн сыймык. Алардын талыкпаган эмгектеринен улам, жашообуз тунук, туулган жерибиз асыл.

Бүгүнкү муундагылар да кийинкилерге бабалардын асыл мурастарын ардактап өткөрүп берүүдө, эмнелерди аткарганыбызга, кандай эмгектерди жаратканыбызга терең маани берели.

***



### Самиев Нурбек Маматибраимович
### ишкер

Ал Ош шаарында туулган. Ата Түрк Ала-Тоо университетинде инженер программист адистигине ээ болуп, Сиянь университетинде Кытай тили боюнча билим алган.

«BerlinistShanghaiTradingCo, Ltd» компаниясында, Шанхай шаарындагы «MacrosourcingCo, Ltd» компаниясында менеджер, «JoytimeGarmentsCo, Ltd» менеджер учурда Шанхайдагы «SarusSourcingCo, Ltd» компания-сында директор.

# I БӨЛҮМ

Бир кылым-деген аталыш адамзаттын жүз жылдык жашын гана аныктабастан, анын тарыхындагы ири окуяларды өз кучагына алары анык. Жыл эсеби башталгандан бери эчендеген кылымдар саналып, эки миң жыл эсепке толуп, жаңы кылым башталды. Бул аралыкта Борбордук Азияда эчендеген бурулуштар болуп, эчендеген окуялар орун алды. Эчендеген кыргындуу согуш алааматы жүрүп, коомду экиге: эзүүчүгө жана эзилүүчүгө бөлдү. Адамзаттын тарыхын алардын күрөшүнүн тарыхы катары кароо келип чыкты. Так, таажы, жер, мүлк үчүн болгон күрөштөрдө адам каны суудай акты. Кан төгүлгөн кыргын бирде батыштан чыгышка карай жүрсө, бирде чыгыштан батышка карай бет алды. Элге тынчтык бербеген алааматтардан улам элдердин улуу көчү башталды. Бул капсалаңдарда гүлдөгөн өрөөндөр жарым чөлгө, жайытка, эл жашаган кыштак, шаар-калаалар урандыга айланды. Жер бетинен эчендеген баалуулуктар жок болду. Жүздөгөн улуттар башкалар менен аралашып кетсе, кээлери  жок болду. Дин, дил алмашты. Адамдардын сырткы келбет-кепшири өзгөрдү. Улуу жоготуу коркунучтар элдердин которулушуна алып келди.

Он сегизинчи кылымдын башталышында Борбордук Азиядагы Мавернахр мамлекети кулап, ордуна майда эгемендүү мамлекеттер түптөлө баштады. Алардын басымдуу көпчүлүгүнүн мамлекет башчылары Чынгыз хандын тукумдары эле. Мурда жеке бийлик үчүн күрөш жүрсө, эми майда хандар жана хандыктар (Бухара, Хива, Балк, Бадахшан) жетектеген күчтө хандардын ханы, бектердин беги болуу үчүн күрөш күч алды. Империя кулаганга чейин, борбордон четке умтулган күчтөр үстөмдүк кылса, эми ар бир хандык өзүнүн айланасындагы элдин эсебинен өзүнүн аймагын кеңейтүүгө, таасирин таратууга дalалаттанышты. Бул четтен борборго умтулуунун чүмбөттөлгөн түрү эле. Бирок Евразиядагы түзүлгөн саясий жана согуштук кырдаал мындай изденүүлөрдүн келечеги жоктугун аныктады.

Борбор Азияда түзүлгөн абал дүйнөлүк оторчул державалардын колониялык изденүүлөрүнүн отуна май тамызды. Чынында эле Англия түштүк-батыштан, Россия түндүктөн, Кытай чыгыштан Орто Азияга карата өздөрүнүн басып алуу пландарын алдыртадан түзүп жатышкан. Аким өзүн бек ойлоп, хан өзүн хандардын ханы, Алланын жердеги өкүлү катары сезип турган доордо Ала-Тоонун талашка түшүшүнө шарттар түзүлдү. Басып алуучулардын мүдөөсүндө Кыргызстан уруу-уруу болуп бытырап, тоолуу аймакты ээлеп, улуу держабалардын эч кимисине таандык болбогон чакта басып алуу, башкаларга караганда оңой-олтоң эле.

Атам замандан бери басып алууну эңсеген чет элдик оторчулар падышалык Орусия, Жунгар хандыгы, түштүктөн Англия тынымсыз пайлап аңдоо жүргүзүштү. Көчмөн калмактар менен Орусия каршы мамиледе болушса да, түпкү тилектери бир Борбордук Азиянын күнөстүү талааларын, гүлдөгөн бакчаларын, жер-сууга бай, малга жай өрөөндөрүн ченемсиз байлыгын, башкалардан мурда эртерээк ээлөөгө болгон самоолору аларды акылдан адаштырып, жуксурлукка түрттү. Башка оторчуларга караганда бул мүдөөнү ишке ашыруу айрыкча калмак хантайшилеринин көптөгөн аракеттери жумшалганы менен андан көп эле майнап чыга бербеди. Кыпчак талаалары үчүн сырткы коркунуч жоюулары менен түрк урууларына жетекчилик кылган Чынгыз хандын насилдери Орто Азиянын уваскасын (картасын) кайра чийүүгө аракет жасай башташты. Ал адегенде казактын үч жүзүнүн башкаруучу чөйрөлөрүнө борборлошкон мамлекет түзүү үчүн күрөш катары көрүндү. Ал бара-бара басып алуучулук согушка айланды.

Илимий жана көркөм адабияттарда жунгар, калмак, ойрот аталыштарынын чечмелегенде-зунгар деген Чыңгыз хандын убагында батыш моңголдордун катарында турган анын аскеринин сол канатын түзгөн. Чынгызхандын жортуулунда ойроттордун төрт түмөн колу ар дайым сол канатта согушкан. Чоростор Иле боюнда, торгоуттар-Тарбагатайда, дербеттер, жогорку Эртышта, хошоуттар Дахуа шаарынын айланасына көчүп-конуп жүрүшкөн болчу.

Юань империясы кулагандан кийин Жунгар (сол канат) ал эми Жунгария (Батыш Монголия деген мааниде) 1368-жылдан кийин жер, бийлик үчүн болгон күрөштө батыш моңголдор күчөдү. Он жетинчи кылымда алар манжурлар, казактар менен согушуп турган учурда экиге бөлүнүп, биринчи тобу батышка Орусияга көчүп кетти. Алар менен макул болбогондору калма-акылар, башкача айтканда (Жунгарияда калып калгандар) калмактар аталды.

«Дашти кыпчактын»-(Кыпчак талааларынын) эли 1320-жылдары Ислам динин кабыл алышкан. Кыпчак талааларында огуздар мекендеп келгендиктен «Огуз талаасы» деп аталчу. Ал аймактагы мусулман болгондорду Өзбек хандын атынан «өзбек» дешип, ал эми мусулман болгусу келбей, бөлүнүп калгандары «калмак» дешип аташкан. Диний ишенимдер боюнча ич ара экиге бөлүнүү орто кылымдагы огуздардын мамлекетинен да орун алганы белгилүү. Алардын мусулман болгон тобу-чыгыш тараптагы бөлүгү «түрмөн» деп аталышып, ошол түркмөндөр менен каапыр огуздардын (калмактардын) ортосунда дин үчүн айыгышкан салгылашуулар болуп турчу. Акырында мусулмандар жеңишке ээ болуп, мусулман эместерди мамлекет чегинен сүрүп таштboard.

x x x

Калмактар деп аталган батыш моңголдор Кытай менен түз байланыштыруучу соода жолуна жана да жайыттарды ээлөөдөгү чыгыш моңголдору менен таймашында жолу болбоду. Эми дыйканчылык менен кол өнөрчүлүк өнүккөн Чыгыш Түркстанга жана кыргыздар менен казактардын кең жайыттарына сугун арттыра баштaшты. Алардын Эсен ханы түзгөн бирикмеси ыдырап, башкаларды басып алуу аракеттери соолгундай баштады. Ойрот жапырыгы башталып, казак-кыргыз жерине кызыккан чабуулун токтотподу.

Ал эми ойроттор деген аталыш он үчүнчү кылымда Чыңгыз ханга өз ыктыяры менен баш ийген монгол урууларынын тобу (дербеттер, баяттар, торгоуттар, алеттер, захчиндер ж.б). Алардын мамлекети ойрот, жунгар деп, эки ысым менен аталып калды. Алардын мыкты даярдыктан өткөн армиясы Туранияны селдей

каптап, уруулук жамааттардын кошундарын, майда хандыктардын аз сандагы начар куралданган аскерлерин талкалап, түштүгү Бадахшанга, батышы Волгага чейин жетишти. Калган монголдордон, тунгуздардан турган бул көчмөн империя бир кылымга жакын Борбордук Азиянын элдерине үстөмдүк жүргүзүштү. Сыр-Дарыялык печенек-огуздрдын мусулман динин кабыл албай бөлүнүп калган тобу, өзгөчө бийлик башында турган барани-огуздар калмак деп аталышат. Анысы «калып калгандар», «бөлүнүп калгандар» деген мааниде колдонулган.

Калмак деген сөз түрк тилинен куралып «калып калган», «кетип калган» моңголдордон айрымаланганынан келип чыккан. Ал эми он жетинчи кылымдагы «Маджму ат-Таварик» боюнча мусулман эмес элдердин жалпы аты. Кытайлар батыш монголдорду элют деп аташкан. Ал эми алардын башка бир аты ойрот (эки сөздөн «ой»+ «арат») токой адамдары дегенди билдирет. Батыш монголдордун мамлекети-жунгар (сол канат, сол жак) деп кең мааниде чечмеленет. Ал эми элдик калмак, ойрот, элют, жунгар аталыштар батыш монголдордун биримдигине кирген чорос, хошоут, тыргоот, дербет уруулар түшүндүрөт. Алар он алтынчы кылымдын экинчи жарымында бүткүл монголдордун ханынын бийлигинен бошонушуп, ойрот биримдигин түзүшкөн. Аларды тайшилер башкарышкан. Ойрот тайшилеринин кол алдында чыгыш Кангай тоолору, түштүктө Гоби чөлү, батышта Монголстан түндүктө Ыртыш жана Эне-Сай дарыялары менен чектешкен анчалык чоң эмес аймакты ээлеп турган. Ойроттордун күч алышы Тогандын уулу Эсен тайшинин жана анын уулу Уз-Темирдин мезгилине туш келген. Ал 1457-жылы өзбек ханы Абулхайырды жеңип алып, Сыгнак шаарын ээлеп алды.

Илгертен бери кара калмактар мекендеген кең аймак, кийин Жунгария аталды. Эзелки көчмөн эл монгол-калмактардын ак сөөктөрү өздөрүн ойрот аташчу. Алар моңгол-ойрот калмагы болобу баарынын тили, дини бир, адат-салттары окшош. Бир мезгилде калмак-кыргыздар коңушу жашашып, бир аймакты турак кылышкан. Калмактар-кыргызга сөөк өчтүлүк кылып согушуудан улам, кыргыздар аларга оңойлук менен жемин жедирбей, тайлашып

келди. Ойрот төбөлдөрүнүн ич ара мамилелери келишпегенинен, айрым уруулары орустардын ичине кире качышса, бир дары Тибет тоолорунан ары Көк-Нор тарапка журт которушту. Алардын ич ара келише алышпай, ар тарапка тыркырашы элдин эртеңине чоң кедергисин тийгизери айкын эле. Аны ойлогондор жунгариянын Тарбагатай аймагында бүтүндөй монгол-калмактардын тобу-чуулган өтүп, анда мамлекет болуунун өзүнчө эрежесин кабыл алышты. Ал мамлекет Монголиянын атынан түзүлсө да:

-Жунгарлар монголдордун сол каруусунда болуп, согуштук жүрүштөргө катышып, келгенбиз. Жунгар аталабыз дешип, Жунгария аталышты.

Жуңгар хандыгынын аймагы алгач чыгышта Кангай тоолорунун батыш кырларын, түштүктө Гоби чөлүн, батышта Моңголстанды, түндүктө Иртыш, Эне-Сай дарыялары башталган жерлерди камтып, кийин Жуңгария аймагы деп аталып калган. Калкы негизинен көчмөн турмушта жашап, мал чарбачылыгы менен кесиптенишип коңушу өлкөлөр менен жашоо ыңгайына карай алакада болуп, тиричилик жагдайдагы маселелерди аскер күчүнө таянып чечүүгө ыкташып, жоокерчилик турмуш кечиришкен. Хандыкта – контайчыда чексиз бийлик болуп, ал атадан балага мураска өткөн. Алардын алдында кеңешүүчү орган катары зорго (Зорго-хандын жакын туугандары менен таасирлүү уруу башчыларынан (тайшалар, зайсандар жана ноендор) турган.

Тынымсыз кытай аскерлери менен болгон кагылышуу бирде алардын, бирде манжурлардын аесуз баскан чапкынынан улам, ойроттор байыртадан ата-бабалары жайлаган конуштарынан журт которушуп айласыз батышты көздөй он бешинчи кылымдын орто ченинде эле жыла башташкан. Жуңгарлардын мындай аракети кытай Богды ханын кубандырган. Себеби, көптөгөн жылдардан бери кан кече кармашып жүрүп, кеткен кектери, сөөк өчтү душмандыктары, кандуу курал аркылуу гана чечилери айкындалган эле. Муну алдын ала билип, кытайларга, айрыкча манжурларга карай дайыма сунулуп келген кандуу куралын контайчы жанга ала жүрдү. Кытай жерин басып алууга, тынымсыз аракеттенген

моңголдорду, айрыкча жунгарларды жашаган жерлеринен биротоло күч колдонуп болсун сүрүп, чыгарып салууга буйрук берүүнүн алдында, кытай императору курултай чакыруу талабын койду.

Императордун буйругун аткаруудан баш тарткан ар бир уруу башчысы керт башы менен жооп бермек. Болбосо, тып-тыйпыл чабылаары, мал-мүлктөрү талоонго алынары эскертилген эле. Богды хандын эч ким өзгөртө алгыс катуу талабына, алар аргасыз баш ийүүгө мажбур болушту. Биримдиги күчтүү, көптөгөн аттуу-баштуу уруулар Жуңгар аймагындагы кары-картаң, аял-балдарын алып, көтөрүлө, Сибир, Иртыш аймактарына, Тарабагатай тоолорунун айланасына көчүп келишип, топ-тобу менен турак алышты. Айрым уруулар андан да алыс, казак талааларына, Эдил жайыкка, Астрахан, калмак аймактарына жер которушуп. Кытай бийлигинин кандуу чапкынан качкан чыгыш монгол уруулары асман империясынын жазасынан жер которуу аркылуу убактылуу болсо да кутулушту.

x x x

Кыргыздардын он алтынчы кылымдын аягында (1598-ж) Орто-Азияда белгилүү ролду ойногонуна казак ханы Тобокелдин (Тавакул-хан) Сузак-вилайетинде Аштарханид Иманкулга каршы койгон 100 миң аскердин 10 миңи кыргыздардан* турганы белгиленет. Бул Орто Азиянын Борбордук бөлүгүнө кыргыздардын жашаганына гана күбө болбостон, алар ири жергиликтүү топ, анык согуштук күч экенине далил. Анткени 10 миң аскер бул бир түмөндү түзөт. Ал эми бир түмөн аскерди бир аймактап чогултуу жомоктой сезилет.

1599-жылы Эдил калмактары казактарга чабуул койду. Ал кезде Тобокелден кийин Эшимдин такка отурган учуру эле. Анын Турсун хан менен мамилеси начардыгын билип, казакты чапты. Эшим шашылыш казактардын башын кошту. Агасы Тобокелдин Самарканга чабуул коюшунда Эшим кыргыздар менен алака түздү.

1624-1627-жылдары казак ханы Эр Эшимдин Чыгыш Түркстандагы жана Иле-Иртыштагы калмактарга каршы жүрүшүндө кыргыздар чоң күч болушуп, Эшимди хан көтөрүп алышкан.

** (бул жөнүндө Махмуд ибн Вали баяндайт)*

Демек кыргыздар он алтынчы-он жетинчи кылымдарда Иледен-Сузакка чейинки аймакта жашашкандыгы аныкталат. Эр Эшим казактардан жана кыргыздардан турган кошун менен калмактардын көчүп жүргөн жеринде кол салды. Калмактар чыгышты көздөй качууга аргасыз болду. Ал эки элдин бириккен күчүнүн, эрдигинин натыйжасынан гана эмес, калмактардын өз ара ыркы келишпестигинин жыйынтыгы болгон. Анткени кошоуттар Тибетке, тыргооттор түндүк Казакстан аркылуу төмөнкү Волга боюна көчүп кетишкен учурда Эр Эшим чабуулга аттанган эле.

Ташкен эмири Турсун Мухамед Түркстанга чабуул коюп, кыргыздарды жеңип алды. Эшим Жети-Сууга качып, чыгыштагы Сейит Султандын урпагы Абдалрахимге барды. Анын кызына үйлөнүп, өзүнө күч топтоп, Жети–Суудагы кыргыздарды бириктирди. Эшим такка отургандан кийин кошоуттардын тайшасы Байбагыш торгоуттар менен дөрбөттөргө кошулуп, Далай баатыр менен бирге ынтымак түзүүнү келишишти. Бирок, убадаларын унутушуп, казак жерине чабуулдарын уланта беришти. Келишимди бузгандыктары үчүн Эшим калмак элчилерин өлтүрдү. Он миң кол жиберип, убактылуу болсо да тынчтыкты колго алды. Эрдене Батур Хо Орлуктун небересине өз кызын күйөөгө берген болчу Хо Орлук менен Эрдененин мамилеси келишпей, ал калмактардан бөлүнүп, Эдил бойлоруна көчүп кетти.

Кыргыз арасында «Эр Эшимдин эски эрежеси» деген лакап бар. Анын себеби, Эр Эшим бытыранды эл арасын бириктирет да, илгертен келе жаткан адат, нарк-насилди жаңылап, заң киргизүүнү ойлойт. Сырдын боюндагы Көк-Дөбө деген жерге жыйын куруп, өзүнө караштуу элдин ар бир уруусунан аксакал, бийлерди чакыртат. Солтодон Чаа, Сарбагыштан Сарысейит, Саяктан Түгөл, Түнкатар, багыштан Көкүм, саруудан Теңтөрүк, кушчудан Кайназар, кытайдан Калкелди өкүл болуп келишет. Чоң курултайда бардык уруунун өкүлдөрү эски Оторхан менен Барак хандан калган адеп менен эрежелерден мезгилге ылайыктууларын тандап алышат.

Биримдиги бошоң калмактарга казак ханы Эшим башында турган казак-кыргыз кошууну жүрүш жасап, аларды Сибирге чейин

качууга аргасыз кылышты. Калмактардын ынтымагы ич ара ыдырап, бийликтен четте калган торгоут (кыргыздар тыргоот дешкен) уруу тобу алыскы Эдил боюна көчүп кетиши, айрым билермандардын тынчын алды. Кезинде калмак контайчылары дал ушундай бөлүндү болгон урууларды, ал тургай жанаша аймактарды мекендеген элдерге зордук-зомбулугун көрсөтүп, баскынчылыгынан улам, кетпес кек, өчпөс өчтүн алоолонушуна себепкер болушкан. Эми биримдикке келе албаган ойроттор башкалар болбосо да кытай менен моңголдордун даяр жемине айланары анык эле. Ат үстүндө курал менен эчен жылдардан бери түптөгөн калмак биримдиги, заматтын ортосунда эле талоонго түшүп, жок болоору анык. Алды-арканы талдап, өз уруусунун келечегин ойлогон чоростор шашыла баш бириктирүү аракетинде болушту. Түштүк Сибирдин кең мейкининде көчүп-конуп жүрүшкөн чорос тайжилери (бектери) уруунун билерманы Эртыш боюнун оң өңүрүндөгү Кара-Кула баатырдын айланасына топтоло башташты.

x x x

Көкүм Ферганалык кыргыздардын абройлуу, жетик башчысы. Ал Ташкен, Самарканды бийлеген Катагандын хан Турсуну менен мамилелеш болгон. Көкүм бий казак-кыргыз биримдигин түзүүдө жана Эр Эшимди хан көтөрүүдө чоң салым кошуп, кыргыздарды жетектеп жүргөн. Ал Эщим хандын эң ишенимдүү вазири болуп Ташкен шаарын бийлеген. Ташкен ал кезде он эки капкага бөлүнүп, алты капкасын кыргыздар бийлесе, алты капкасын казактар бийлеген. Шаардагы кыргыздардын көбү багыш, казактардын көбү жаныш уруусунан болчу. Ошондон улам «казакта жаныш көп, кыргызда багыш көп» деген лакап айтылып калган.

Көкүм Ташкенде элдин ынтымагы, улуттардын биримдиги үчүн көп аракеттенди. Ташкендеги казак-кыргыздар шаарда кышташканы менен жаз, жай мезгилдеринде шаарды бош калтырып, тоолорго, жайлоолорго көчүп кетишчү. Кеч күздө кайрылып шаарга келишип, эттенген малдарын базарга алып чыгышчу. Кышкыга үй куруш үчүн Көкүм бий курулуш жыгач-таштардан жардам берип отурукташтырды. Дыйканчылык кылган

казак-кыргыздардан салык алдырбады. Шаарга бир нече ун, май чыгаруучу тегирмен, көпүрөлөрдү салдырды. Шаардагы тартипти жана тазалыкты, жалпы эле тиричиликти жүргүзүүгө ылайык көптөгөн жоболорду чыгарды. Ал мыйзам эл ичинде «Көкүмдүн көктөмөсү» деп аталып кетти. Көкүм хандын аброю жогорулап, көпкө алымдуулугун көрө албаган казактын жаныш уругунун улугу Кара Байтик аны үйүнө мейманчылыкка чакырып, билдирбей уу берип өлтүрдү. Көкүмдүн сөөгү Ташкен шаарынын Шейхантаур аймагындагы Карлыгач мазарына коюлат. Эшим хандын буйругу менен чоң күмбөз салынат. Төбөсү көк менен сырдалгандыктан «Көкүмдүн көк күмбөзү» деп аталып калат. Көкүмдүн балдары жаш калгандыктан чиелер уругу аталат.

Көкүмдөн кийин 1645-жылы Эшим хан ааламдан өттү. Хандык так үчүн күрөш болду. Көкүм бийдин ордуна анын уулу Тейиш хан көтөрүлдү. Кара Байтик ага аталык болуп бийлик жүргүздү. Кара Байтиктин атасына кылган кыянаттыгы акыры келип Тейишке билинди. Кылмыштын бети ачылып, Ташкендин четиндеги Бетегелүү Кой-Ташта казак-кыргыз ортосунда кырылышкан кыргында кыргыздар жеңишке ээ болушту. Казактар Ташкен шаарын таштап кетүүгө аргасыз болушту. Эки ортодогу тополоңду пайдаланган жергиликтүүлөр шаарды ээлеп, Тейиш Фергана аймагын көздөй элин баштап көчүп келип, Аксыкентти ордо кылды.

Кыргыздардын ынтымакташкан биримдиги эчен жолку калмактардын чабуулунун мизин кайтарды. Душман менен кармашуусунда багыш уруусунан жана анын уулдары Хан Тейиш Ак-Кочкор, Каңкы, Чоботой, Семетей баатырлардын эрдиктеринин негиз болуп, «Хан Тейиш, Ак Кочкор, Каңкы» деген элдик күүлөр жаралып баатырлардын таржымалы даңазаланган.

х х х

Буга чейин жунгарлар негизинен Иртыш-Тарбагатай аймактарында кошоуттар Үрүмчү, чоростор Иле өрөөнүн жердешчү. Элүү-алтымыш миң түтүн тыргооттор чорос төбөлдөрүнө баш ийүүнү каалабай Казакстандын аймагына жана андан ары батышка жер которушуп Волга дарыясынын төмөнкү агымындагы аймактарга

отурукташа башташкан. Кошоут уруулары да Хуан Хы дарыясынын жогорку агымындагы Көкү Нор көлүнүн айланасына көчүп кетишкен. Ойроттордун калган уруулары Чыгыш Теңир Тоонун бош калган аймактарын ээлешкен.

Жуңгарлардын Батыш Монголиядан Орто Азия жана Казакстанды басып кирүүсүнө шылтоо табылып, жол ачылды. Ойроттор он бешинчи кылымда эле кыргыздар жашаган Теңир Тоого, Ферганага жортуулга келип турган. Алардын негизги максаты жергиликтүү калктардын мал-мүлктөрүн тоноп, жайыттарын тартып алуу болгон. Убакыт өткөн сайын күрөш улам күчөдү. Алгач жортуулга келген калмактарды кыргыз-казак аскер күчтөрү өз аймактарынан сүрүп чыгарышып, Сибирге чейин кубалап барышты. Кыргыздар менен казактардын катуу ынтымакташып кетишинен сестенген Жуңгар төбөлдөрү бир топко чейин кысымдарын токтотушту. Кийин манжур кытайлардын жүргүзгөн саясаттарына моюн толгошуп, монгол жерине жакын кытайларга тынчтык бербей, бир нече жолу чабуул коюп, басып кирүүнү уланта беришти.

Коңушу калктарды айрыкча кыргыз-казакты биротоло чаап, басып алабыз деген ойроттордун оюу ишке ашпады. Ынтымагы бийлик талашуудан улам ыдырады. Көп жылдардан берки аракеттеринен тыянак чыкпагандан соң, өз ара ынтымактары ыдырады. Уруу башчылары, ноендор бири-бирине баш ийгилери келбеди. Торгоут уруусу батышты, кошоуттор Тибетти көздөй көчүп, конуш которушту. Дербеттер да Монголиянын кең талаасына карай, сапар алды. Аймакта чоростор жалгыз калды. Мындай тымтыракайга бөлүнүп-чачылуунун эртеңи коркунучта эле. Жүздөгөн жылдарга созулган калмактардын өктөмдүгү, коңшу жашаган өлкөдөгүлөргө кетпес кекти, өчпөгөн өчтү пайда кылган. Бириндеген калмактардын кезеги келип, ажалдан мурда өлөрү айкын сезиле башташы, айрым ноендордун тынчын алды. Согуш менен куралган эл, согуш менен тарады. Ар кандай маселени курал менен чечип келген ойроттордун тагдыры, эми ташка тийген чыныдай быркырайбы? Курал менен жашап, курал менен табылган байлыктын эртеңи жоктугу эми ырасталабы? Заман тейи бул. Элдин

эртеңки келечегин эч ким кепилдикке ала албайт. Кандай айла кылуука болот? Элдин эртеңкисинен да өздөрүнүн кызыкчылыгын ойлогон ноен, зайсаңдардын ойлорунда, ушул суроо турду.

Уруудагылардын баштары бирикпеди. Уруулар бириксе да, уруу башчылар бийликтин төбөсүндө тургулары келишти. Бийлик талашуу, акыры бөлүнүүгө алып келди. Бөлүнүүнүн акыбети ушул. Төрткө бөлүнүп, «ойрот» чачылды. Бул өздөрүн өздөрү өлүмгө кыю. Жакшылыкка алып барбайт. «Сөөк өчтү» душмандар эми бириндетип кырып кетет. Өлбөй калуунун аргасы барбы? Бар. Ал биригип, ынтымакка келүү! Чоростордон чыккан Куту-Косун ушул ой менен ар бир уруу башчыларына, ноен, зайсаңдарга барып, өз оюна ынатууга далбастады. Ал тургай башка уруудагыларды топтоп келип, «чаап алам» - деп да, коркутту. Бир нече жыл аралыкка созулган убакыт ичинде, күч менен ойротторду бириктирүүгө белсене киришти. Ойрот хандыгынын негиз салуучусу Кара Кулдун уулу (Кара-Кула) Куту-Косун 1630-жылдар аралыгында бийликти зор түйшүк менен тике кылды.

Жаңы хандык калмактардын баштарын бириктирип, белдерин бекемдеди. Чачынды ойрот уруулары контайчынын бийлигине топтолушту. Жуңгар хандыгынын алгачкы чабуулу жаз алдын Орто Азияга башталды. Элүү миңден ашык, жер жайнаган калмактар казак-кыргыз жерин каптап киришти. Жолдогу айылдарды талап-тоноп, кандуу жүрүштөрүн токтоосуз уланта беришти. Чоростор бир кыйла күчтүү уруу болуп, башка урууларды өзүнө багындыруу менен туш-тушка аскер жиберип, өз таасирин кеңейтишти. Өздөрүнүн Жуңгар ойдуңундагы конуштарынан козголуп, Тарбагатай тоосунун этектеринде жашаган торгоутторго чабуул жасап, аларды Волга өрөөнүнүн бойлоруна көчүүгө мажбур кылышты. Үрүмчүнүн тегерегинде жашаган кошоуттарга чабуул жасап, Чинхай өлкөсүнө көчүп кетүүгө себеп болушту. Эне-Сай тоолорунун этегинде жашаган кыргыз урууларына, Балкаш көлүнүн түштүк тарабында жашаган казактарга такыр тынчтык беришпеди. Теңир-Тоонун түндүк тарабын, Алтай тоолорунун тегерегин, Эне-Сай өзөнүнүн баш агымдары сыяктуу кең жерлерди каратышты.

Ойрот-калмак төрөлөрүнүн ортосундагы бийлик талашуудан кайрадан ынтымак ыдырады. Хандыктагы ички чыр-чатактарды акмалап турган алардын душмандары, чаң-тополоңдон пайдаланып калууга аракеттеништи. Калмактар адатынча казак-кыргыздарга дагы чабуул коюшту. «Туягы бүтүн тулпар жок, канаты бүтүн шумкар жок» демекчи, чапкан да, чабылган да бүлүндү. Бирок ойрот колу тынчыбады. Тээ баштагы жылдарда кошоуттордун тайчасы Байбагыш торгоут менен дөрбөттөргө кошулуп, Далай Баатыр болуп, бири-бирине кол салбоону келишкен эле. Канткен менен казак-кыргыз жерине чабуул жасай беришти. Казак ханы Эшим калмактарга каршы он миң колду аттантканда калмактар талкаланып, бир аз тынчыгандай болгон. Дайыма кооптуу болуп, жай жашоого мүмкүндүк бербеген ойротторду биротоло жок кылуу үчүн Алтын хан Ногой ордосу менен сүйлөшүп, отуз миң кол менен ойротторго чабуул койду. Бул согушка кыргыздар да катышкан. Согуш Кара-Иртыштын боюнда болуп ага калмак контайшысы Убаши да кошулду. Ойроттор төмөн качты. Кийин Эшим хан ооруп калып, анын ордуна Жаангир колду башкарды. Ал алты жүз мылтыкчан жоокери менен бир түмөн ойроту талкалады.

Жаангир миң колу менен жеңишке жетишти. Аркас тобундагы Кызыл-Кыя жеринде жоо колун ортого алып, ок жаадырды. Жалаңтөш баатыр  жыйырма үч миң колу менен келип, Карасай баатырдын колдоосу менен жеңишти тартып алышты.  Бул согушта Батыр хантайшы он эки миң  адамынан айрылды. Кармашта казактардан Карасай, Агынтай, Жээнбет, Сарбука, Көксерек, кыргыздардан  Көтөн, Төбай, баатырлардын эрдиги даңаза болду. Аларга дуулат Жакшыгул, аргын Токон уулу Кампай, баатыр Суанкан багыш тукуму Элтынды баатырлар көмөк көрсөтүшүп, көпкө таанылышты. Үзгүлтүксүз кармаштарда казак султаны Жаангир (Эшим хандын уулу) менен Самаркан акими Жалаң төштүн бириккен колу, калмактардын чабуулун кыйратышып, чегинүүгө мажбур кылышты. Бирок, калмактар айрым кыргыз-казак жерлерин колдон чыгарбай, ээлеп алган. Жунгарлар казак-кыргыздарга

болгон экинчи чабуулундагы айыгышкан салгылаштарда казак-кыргыздар оор жоготууга учурады.

Эрдене баатыр контайчы болордун алдындагы кармашта Жааңгир султан капылеттен туткунга түштү. Кийин аны сүйлөшүү жолу менен төрт ноенго алмашып бошотушту. Арадан он жыл өткөн соң контайчы Эрдене баатыр кайрадан Орто Азияга жортуулга аттанды. Казак-кыргыз-өзбек колу бригип катуу каршылыктарды көргөзүшүп, аларды келген жактарына жеткире сүрүп ташташты. Андан аз эле убакыт өтпөй Алтын хандын уулу Омбул ойроттордун ноендору менен биригип казактарга чабуул койду. Жалаңтөш менен Жааңгир өзбек-казак колун бириктирип, ого эле чоң күч менен душмандын мизин кайтарышты.

1633-жылы жазында калмак аскерлери кайрадан кыргыз-казактардын жерин көздөй жылып жөнөштү. Жергиликтүүлөр канчалык каршылык көрсөтүшсө да, баскынчыларга туруштук бере алышпады. Калмактардын колу бир кыйла күчтүү болуп калган болчу. 1637-жылы Үрүмчүнүн тегерегинде жашаган кошоуттарга чабул жасап Чинкай өлкөсүнө көчүрдү. Эне-Сай тоосунун бойлорунда жашаган кыргыз урууларына Балкаш көлүнүн түштүк тарабында жашаган казактарга чабуул жасап Теңир Тоонун түндүк тарабын, Алтай тоолорунун тегерегин, Эне-Сай өзөнүнүн баш агымдары сыяктуу кең жерлерди каратышты.

Ошол мезгилде кыргыздар чыгыш жагы Кулжа, Саян-Алтай тоолору, Эне-Сай бойлору, түштүк-чыгыш жагы Үрүмчү, Турпан, Иле, түштүгү Ак-Суу, Кашкар, түндүк батыш тарабы Арал, батыш-түштүк тарабы Гуляб, Гисарга чейинки аймактарды конушташкан. Негизги ортолук Үрүмчү, Турпан Иледен тарта, Теңир-Тоо, Памир, Алай тоо кыркаларынан Ысык-Көл, Чүй, Талас, Фергана аймагындагы Анжиан, Сыр боюнун айлана тегерегинде көчүп жүргөн жана турак кылган.

***

Жунгар-ойрот өлкөсү бир жерди туррактап, шаар түптөп, чеп салып, кол курап, туу көтөрүп, бурканга сыйынуучу жай салышты. Басып алган жерлеринде арык казышып, суу чыгарышып, эгин

эгишти. Бул иште калмактардын чорос уруусунан чыккан, кезинде ары каардуу-ары айлакер Кара-Кула тайчы бүтүндөй жунгарияны бириктирүүнүн демилгечиси болгон эле.

Батыш монголдордогу төрт урууну чорос, торгоут, дербет, кошоут урууларын бириктирген. «Дөрбөн ойрот» бирикмесин чорос уруусунун билерманы Кара-Кула баатыр башкарды. Анын уулу Хото-Хочин Далай Ламадан Эрден Батур хантайши аталып, ойрот урууларын бир хандыкка бириктирди. Ал мамлекет кийин Жунгар атка конду. Кытай тарыхында ойроттор-элеттер (өлөттөр вилате, валате) ж.б аттар менен белгилүү.

Дал ошол кезде калмактардай эле, казак султандары ортосунда бийлик талашуудан ырк кетип, экинчи тарабынан казак-кыргыз биримдиги да солгундап, уруу билермандарынын бири-биринен өйдөсүнгөнүнөн улам, бириндей башташкан. Аны өз учурунда байкаган калмактардын айрым уруу башчылары, эзелки жоо аталгандарга, бараандуу коркунучка айланды. Эрдене Батур кантайшы бүтүндөй ойрот жергесиндеги бийликти колго алып, кең аймактагы калмак уруу башчыларына биригүү талабын койду.

-Эгерде кимде-ким биригүүгө моюн толгоп, өз алдынча конуп-көчүп, каалаган жайытына кете бере турган болсо, уруудагылар чабылып, мал-мүлкү талоонго алынат деп эскертилди.

Кантайшынын талабы калмак уруу башчыларынын каалаган-каалабаганына карабай, аткарылышы тийиш болчу. Мындай заң ата-бабаларынан калган. Жалгыз уруу-топтор күчтүү уруулардын курмандыгы. Аны жакшы билген уруу башчылары чоростордун айланасына көчүп келе башташты. Аз эле убакыт ичинде калмак уруулары биригип, Ойроттордун чорос, хойт, дербет, кошоут урууларынын баш кошушунун натыйжасында 1635-жылы Эрдене Батур хантайши тарабынан Жунгар хандыгы негизделди.

Борбордук бийликке баш кошкон калмактар Батур хантайшинин жетегинде улам күчтөнө берди. Жунгар-ойрот мамлекетинин түзүлгөндөн бери анын урпактары бийлик тактыга эч кимди ээ кылбай, менчиктеп келишти.

**Калмакча куң-улуу күчтүү; «тээж-хан», «кунтээж» -улуу хан.*

1640-жылы бүтүндөй калмак урууларын бириктирген курултай өткөрүлүп, ага Москва, Волга, Эдил калмактарынан өкүлдөр келип катышышып, анда «Жедигерлердин согуштук эрежеси» кабыл алышты. Аз эле убакыт аралыгында чыгышында Алтын ханды талкалап, Эне-Сайлык кыргыздарга үстөмдүк кыла баштаншты. Маанилүү соода жолу аталган Хами улусу үчүн күрөштү улантышып, кытай менен кагылышуудан кайра тартышпады. Батыр контайжы жыйырма жылга жетерлик убакыт аралыгында бийлигин жүргүзүп, коңушулаш элдерди басып алууда, кандуу кылычын шилтеп келди.

Эң негизгиси, чыгыш менен батыштын тагдырын алаканына салып, каалагандай калчаган атактуу бабасынын, өткөндөгү ааламды дүңгүрөткөн жеңиштеринин жаңырыгы чакырып, «кандуу деңиз толкунун селине бардык жерди каптаган» зор империяны түзүү эле. Басып алган өлкөлөрдүн элинин көбүн кырып, кулга айланткылары келген. 1643-жылы элүү миң аскери менен Жунгр хандыгы батышка жортуулга чыкты. Казак-кыргыздардын бир топ аймактарын басып алып, далай уруу-уруктарды талап тоношту. Түркстан, Ташкен шаарларына жакындап барышты. Жылга айланган согушта казак-кыргыздар эрдик менен салгылашышып, калмактарга жеңишти беришкен жок.

Калмак төбөлдөрүнүн башкы максаты Чыгыш Түркстанды жана Орто Азия менен Казакстанды биротоло элөө болгон. Чыгыш Түркстан менен Ферганада өндүрүлгөн баалуу буюмдар, Кыргызстан менен Казакстандын кең жайыттары, ошону менен катар калмак төбөлдөрүнүн түпкүлүктүү жана эң коркунучтуу жоосу-түштүк чыгышындагы  зор империя деп эсептешкен. Чин сулелеси, качан болбосун батыш жакка, оңтойу келгенде жапырык жасаарын алар жакшы билишкен. Ошол себептен алар батыш жактагы аймактарды ээлеп, эгер ханзуларга алдары чак келбей калса, хандыкка катуу коркунуч туулса, алардан оолактап кетүүнү ойлошкон.

Ойрот контайчысы Тарабагатай тоолорунун этегиндеги Иле дарыясынын бойлорундагы жана Жайсаң көлүнүн жээктериндеги уруулардан түзүлгөн колун баштап, казак-кыргыз көчмөндөрүнө басып кирип чыгыш Түркстан, Кытайдын түндүк чыгышына Ала -Тоо

жана Жети-Суугa чейин кеңейтти. Капарсыз жаткан элди талап-тоногондон улам, эбегейсиз дүнүйө, мал-мүлктөргө ээ болуп, абалдары жакшырды. Уруулар арасындагы биримдик жана туугандык ынтымактан улам Жуңгар хандыгы күч ала баштады.

Жаңы хандык калмак бийлеринин белин бир топ бекемдеди. Чачкынды ойрот уруулары Эрдене баатыр контайчынын бийлигине топтолуп, Орто Азияга биринчи чабуулду жазында башташты. 1643-жылы алардын жер жайнаган аскери элүү миң казак-кыргыз жерине басып кириишти. Айылдарды талкалап, талап-тоноп, андан ары Орто Азиянын ичкери жагына чапкынын күчөтүштү.

Мартабалуу контайчынын Орто Азияга карай жүрүшүнө калкас акими Алтын хандын жана атактуу калмак кол башчысы Хо-Урлюктун колу толук катышты. Эрдене баатыр контайчы Алтай кыргыздарынын карамагындагы эки аймакты каратып, Ташкент менен Түркстанды көздөй жылды. Калмактардын жолу болбоду. Алардын алдынан казак султаны Жахангир тороп калган эле. Ага Жалаң төш аталык баштаган өзбек колу жардамга келди. Биргелешкен аскерлерге миңдеген кыргыз кошундары да кошулушту. Карсылдаган кармашка, кан түтөгөн урушка туруштук бере албай калмактар чегиништи.

Калмактардын көз карандысыздыгын коргош үчүн 1644-жылы кытайды башкарып турган манчжурларга каршы аттанышты*.

1652-жылы Эрдене Баатыр ойроттор менен торгоуттарды бириктирип Казак-кыргыздарга кол салды. Аны күйө баласы хошоут уруусунун башчысы Очортү Сецен башкарып келди. Анын он жети жашар баласы Галдама Жаангерди өлтүрүп, ойроттор арасында зор атакка ээ болду. Кыргыз казактар Очортуну колго түшүрүштү.

Кийинки кандуу күрөштөрдүн көрүнүктүүсү жунгар (ойрот, калмак) империясын түзүүгө аракет жана аны менен тыгыз байланыштагы тынымсыз согуштар болду. Ойрот төбөлдөрү коңушуларынын кенен жайыттарына, ири байлыктарына көз арта башташты. Андан улам куралдуу күчтүү түзүү жана аны куралдандыруу зарылдыгы келип чыкты.

**** согуш 1644-жылы башталып, элүү жыл аралыкка же 1697-жылга чейин созулган***

Ал аракет аткарылгандан кийин туруктуу аскерди кармоо, аларды тамак-аш, курал жарак менен камсыз кылуу маселеси болду. Көчмөн уруулардын жыйындысы Жунгар мамлекетинин казынасы аны каржылоого күчсүз болуучу. Армия өзүн өзү каржылоого тийиш эле. Ушул себептен көчмөн жунгарлардын армиясы токтоосуз жүрүштөргө чыгышты. Ал жүрүштөр талоончулук мүнөздө болуп, согушууга алып келди. Империяда саясий туруктуулуктун болбогондугу, аскерлердин ашыкча мыкаачылыгы, зордукчулдугу менен айрымаланды. Жунгарлар өздөрүнүн жеңип алууларын кыргыздардан баштап, Волгага чейин жетишкен. Бирок жүз элүү жылдын аралыгында кыргыздарга, казактарга ондогон жүрүштөрдү уюштурушкан. Анткени талоончулук согуш алардын жашоолорунун негизги булагына айланып, акыры келип, баскынчылардын түбүнө жеткен. Түндүк Азия элдеринин жалпы жек көрүүсүнө дуушар болуп, кырылып этнос катары жок болду.

Калмак доорунда да байыркы калктардын бир канчасы жок болуп кетти. Бирок, кыргыздар алардын айрымаланып тек бөлүнүүдөн, кырылуудан кандайдыр бир себептер менен аман калышты. Балким буга алардын көптүгү кырып, өлтүрүп, тукум курут кылууга мүмкүн болбогондугу себептир. Балким алардын уруулары Азиянын борборун жана түндүгүн жердегендиктен кас душмандардын алы келбегендир. А балким кыргыздардын генинде кайра жаралуу, көбөйүү, же болбосо кырылуу аркылуу өсүү касиети бардыр. Бирок, эч кандай тангыс бир жакшылык ал кыргыздарда илгертеден өзүн-өзү таануу касиети аябай эле өнүккөн (кээ бир учурларды эске албаганда). Алардын өкүлдөрү кайда жашагандарына карабай өздөрүнүн кыргыз экенин унутпаган. Кыргыз экендиги үчүн өлүм жазасын кабылдагандан да баш тартышпаган.

Борбордук Азия элдеринин жунгар оторчуларына каршы күрөшү ата-мекендик, адилеттүү согуш, ал эми жунгарлар тарабынан толоончулук, басып алуучу, адилетсиз согуш болгон. Орто Азиянын өзөндөрүн, мал жайыттарын, бай шаарларын,ээлөө маселеси дагы эле күн тартибинде турду. Ичтен ага Кокон хандыгы,

Орто Азия жана Улуу жүз казактардын султандары кызыга башташты. Алар жунгарларга каршы чогулган бөлүктөрдү боордош коңушулардын жерин басып алууга аскердик күчкө айландырышты. Натыйжада бир тууган элдердин ортосунда кандуу кыргын башталды. Бул өзгөчө казактарга, кыргыздарга тиешелүү эле. Түндүк тараптагы жайлоолорунан ажыраган казак көчмөндөрү өзлөрүнүн жайытка жана кыштоолорго болгон керектөөлөрүн Ала-Тоонун өрөөндөрү менен канааттандырууга далалат жасашты. Ага кыргыз төбөлдөрү каршы чыгышты. Окуя майда-бараттан башталып, чоң кыргынга чейин жетти. Бирок ошол согуш өзүнүн түпкү маанисин өзгөрттү. Карама-каршылыктардын күрөшү күчүнө кирди. Бирок, сырткы коркунуч чыгып, биринчи орунга кытай, орус оторчулары чыгышты. «Жунгар мурасы» аттуу түйүндүү маселени манжурдук кытай куралдуу күч менен чечүүгө ниеттенди. (1745-1747-жылдары) Кыргыз-казак, өзбек,калктарынын бириккен соккусунан бийлик үчүн болгон өз ара уруштардан бели мертинген жунгар хандыгы согуштук күч болуудан калган эле. Ага карабастан Чиндин кытайы 1758-жылы аны талкалоо үчүн армия жиберди. Генерал Чжао Хой менен Фу Дэ каршылыксыз жаткан Жунгарияны басып алышты. Бир миллионго жакын калкты кырып ташташты. Жунгария калкынын жыйырма пайызга жакын бөлүгү Орусияга, Орто Азияга качып кутулушту.

Жети-Суунун чыгышын ээлеген калмактар 1652-жылы ойрот, торгоут топторун бириктиришип, кыргыздарга кол салышты. Карасай баатыр беш миң колу менен жардамга келди. Казак-кыргыз катуу каршылыктарды көргөзүштү. Карасай баатыр Батыр хантайшынын оң колун шылый чапты. Ал жаракаты кабылдап, бир жыл өтпөй каза болду. Батыр контайчынын Чечен, Сенге, Галдан аттуу балдарынын арасында такты үчүн күрөш, кан төгүлгөн кармаш менен улана берди. Анын ордун чоң уулу Сенге улантты.

Сенге атасынын кегин алууга чабуулга аттанды. Иледен өтүп, Лабастагы дуулат, шапырашты топторун басты. Жыйырма миңге жеткен калмак колу Алматы чокусунун алдындагы /ч-Алматы шаарынан казактарды кууп чыгышып, шаарды ээлешти. Согушта

Шахкозу колго түштү. Карасай баатырдын колу бир түндө үч жүз адамдын куралын тартып алышып, таң атканча баарын өлтүрүштү. Бул камоодо Батур хантайшанын Онша аттуу баласы да колго түшкөн эле. Аны эки ханзадага айрыбашташты. Согуш бир жумага созулуп, колго түшкөндөрдүн арасында казак айылдарында, наймандарга тынчтык бербеген Талай тайшынын уулу Сожы, Байбагыш тайшынын Жамбыл баштаган он уулу, Торух тайшынын өзү, андан башка көптөгөн ноендор бар эле. Үч жүз адам өлгөн Кулан-Сай, кийин Туткун Сай аталып кетти.

Эрдененин он баласы боло турган. Эң улуусу Сенге, андан соң Галдан, Дундук, Серен аттуу уулдары аталарынын жолун жолдошту. Эрдене өлгөндөн кийин, 1657-жылы ойроттор оң-сол болуп, «барун-кар» (оң кол), «зуң кар» (сол кол) экиге бөлүндү. Сол жагында Эрдененин уулу Сеңге ээ болду. Сеңгенин согушунда Карасай баатырдын колу бир түндө үч жүз адамдын куралын тартып алып, баарын өлтүрдү. Баатыр контайчынын Онша деген баласын колго түшүрүп, эки ханзадага айрыбаштады.

Сенге он жети жыл тактыга отуруп, өлкөнүн кадыр-баркын көтөрө албады. Аны өз өргөсүндө уктап жаткан жеринен (1670-ж) түн ичинде аны бир тууганы Маатыр тайчы жүрөгүнө канжар уруп өлтүрдү. Анын өлүмүнө себепкер энелери бөлөк, аталаш бир туугандары Чечен тайчы менен Чотба баатырлар болду. Ортодо хан өлүп, бир туугандар ортосунда так талашуудан бир нече мураскорлордун баштары кетти. Кошун курап келген Кеген-Куттук Маатыр тайчыны мууздап өлтүргөндө Чечен хан менен Чотба баатырлар Моголстанга кире качып, из жашырышты. Кеген хан убактылуу Жунгарияга хан болоору менен Сенгенин иниси Галдан жеңесине дароо үйлөнүп алды.

Мураскорлук талашка түшүп, кан төгүүлөр токтободу. Галдан кылычынан кан тамган зулум контайчы катары элге таанылып, кыргыз-казактын эли-жерин Жунгарияга каратуунун камында болуп, жырткычтык, мыкаачылыгы менен атагы чыкты. Өлкөнүн ички абалы татаалдаша берди.

Мындай хан өлтүргөн баш аламандык Тибеттеги лайлама чиркөө башчыларына жакпады. Айрыкча жунгар-өлкөсүнүн эң эле ыйык делген, кадырман адамы, тибеттик кечил Сая-Бандит олуя өлкөнүн ички биримдигин сактап калууну ойлоп, ордого дароо жетип келди. Ал өз учурунда Батыр контайчыны колдоп, ал өлгөн соң уулу Сенгени такка отургузган касиеттүү кечил эле. Ал өзү ойрот болгондуктан Жунгарлар арасында анын сөзү сая кетчү эмес. Такты талашуудан өз туугандары жабыр тартпасын деп, Жунгар ойрот өлкөсүнө хан деп жыйырма жети жаштагы тибеттик кечил Сенге менен энелеш контайчынын уулу Галданды жарыялады. Галдан Бошокту деген ыйык наамды алып биринчи жолу жунгар өлкөсүндө хан деп аталды. Агасы Сенгени өлтүргөн аталаш бир туугандарын четинен кармагандарын ичин жарып, кечирим бербеди.

Калмак байларынын ыркы кеткенинен улам Галдан аларды жеңип чыгып, бүткүл калмак урууларына бийлигин орнотту. Жуңгар хандыгы кайрадан күчөп, тышкы элдерге катылууга жарамдуу болуп калды. Чорос уруусунун башчысы Галдан уруулар ичиндеги өз ара карама-каршылыктан пайдаланып, өзүн «Жунгар хан» (сол канат хан) деп, жарыялады. Ошондон баштап чоростор - Жунгар деген наам менен аталды. Ал да Далай ламадан «бошокту» (ырайымдуу, мансаптуу) деген наам алып, тарыхта «Галдан Бошокту» деген ат менен белгилүү болуп калды.

Ал Чинхайдын басып алып, кошоуттарды каратты. Комул, Турпан аймактарын, андан көп өтпөй Кашкардагы «ак такыялуу» кожолордун башчысы Аппак кожонун (кожо Идейетулла) жардамы менен Жаркент хандыгын каратып, бүткүл Теңир Тоонун түштүк тарабын ээлеп, ал аймакты башкаруу укугун Аппак кожого тапшырды. Өзү Теңир Тоонун батыш тарабындагы кыргыз урууларын каратып, Монгол жерин басып алып, чин империясына коркунуч туудурду. Сайрамды алып, талкалады.

Галдан Бошокту Орто Азия менен Чыгыш Түркстанды кайрадан каратып алууга аттанды. Анын колу Жаркенди каратты. Анын аскер башчысы Рафтан Сайрамды (азыркы Чимкент шаарынын жанында)

курчап, шаарды көпкө камады. Бардык чабуулдардын мизин кайтарып турган шаардын коргоочуларынын күчүнөн улам, калмактар чегинүүгө аргасыз болушту. Галдан Бошокту Сайрамды дагы бир жолу тооруп көрүп, жолу болбой, Анжиан тарапты көздөй жөнөдү. Анткени Анжиан тегерегиндеги байыр алган көчмөн кыргыздарды багынтып алам деп ойлогон. Бирок, жолу болбоду. Кыргыздар өзбектер менен биригип, душманга катуу сокку ургандыктан Галдан Бошоктунун колу чегинүүгө аргасыз болду.

Калмактар кайрадан колун чыңдашып, Анжианды алууга аттанышты. Жолдо калмактар Ошту ээлеп, шаарды талап-тоноп, Анжианга жутунушту. Кыргыз-өзбектер өз эркиндигин тайман-бастан коргошуп, бир топ колунан ажырады. Галдан Бошокту Анжиандан баш тартып, чегинип баратып Сайрамды курчоого алды. Тынымсыз чабуул коюп, акырында Сайрамды алганы менен кармашта миңдеген сайрамдыктар курман болушту. Тирүү калгандары туткунга түшүшүп, Жунгарияга кулчулукка айдалды. Ошондон баштап калмактардын Жети-Суудагы бийлигин эч ким талаша алган эмес. Галдан контайчы Иле өрөөнүндө көчүп жүрүп кээде кышты Иртыштын жээгинде өткөзгөн. Иленин жана Куркар-Усунун аймактары контайчинин жеке менчиги болуп эсептелди.

Теңир Тоодогу кыргыздарга да ойроттор тынчтык беришпеди. Галдан Бошокту хантайшы борборлоштурулган бийликти колго алган соң, күн өткөн сайын аскердик күчү чыңдала берди. Чабуулун тынымсыз улантып, Түркстандагы хандыктарды, айрым кыргыз урууларын өзүнө баш ийдирди.

Хан тайшинин башчылыгында ойрот төрөлөрү Түштүк Казакстанга, Орто Азияга жана Чыгыш Түркстанга 1678-1680-жылдары Кашкарга, 1681-жылы Чүйгө, ал эми 1683-1685-жылдары Ошко, Анжианга жаңы жортуулдарды уюштурушкан. Түндүк кыргыздардын батышка үркүшү ушул жылдарга таандык. Бул жүрүшкө каршы уйгур, кыргыз, өзбек элдери биригип, күрөштү. Галдан Бошокту чегинүүгө аргасыз болду.

Анжиандык кыргыздарды каратууга жолго аттанды. Бирок, оң канат Адигине жана сол канат кыргыз урууларын биримдигиндеги,

кармаш, калмактардын мизин кайтарды. Анжиан чегинде катуу каршылыкка туш келишип, кайра кайтууга аргасыз болушту.

Галдан Бошокту барган жерине тополоӊ салып, зордук-зомбулук менен кары-жашына карабай туткунга алды. Кары-картаӊдарын кулдукка жумшап, жаш жигиттерин черүүгө пайдаланды. Жарак-жабдык, улоо берип, калмак ноендорунан башчы койду. Басып алуучу жерлерге, же урууларга карай, колго түшкөндөрдү каптатты. Алдын «Өздөрүнүн колу менен өздөрүн кармаштырып» Качан гана каршылаштары алсыраганда черүүлөрүнө каптатып, чабуул коюуну адатка айландырды.

x x x

1683-жылдын күз айы ченде жунгар-ойроттор кайрылып келип, казак-кыргыздын жерин жарым-жартылай басып алган эле. Ал ого эле катуу даярдык көрүп, куралдуу колу менен Кытайды көздөй аттанды. Ага чейин Галдан аз эле убакыт ичинде ирденип, күч алып, ошол кездеги Азия чөлкөмүндөгү ири талаа өлкөсүнө айланган болчу. Кытай-манжу багдыханы да андан чочулап турган кези. Анткени манжурларга каршы кытай дыйкандары көтөрүлүш чыгарып, багдыхан өз мамлекетинин ичиндеги карама-каршылыктарды баса албай, айласы куруп турган. Галдан Бошокту анын чекесине чыккан чыйкан болду. Оор кезеӊде жунгар-ойроттор менен согушуу пайдасыз экенин билди. Тибеттеги лай-лаама дининин башчысы Далай лаамага көптөгөн белектерди узатып, убактылуу болсо да жунгар-ойроттор менен жараштыруунун айласын өтүндү. Эки мамлекети жеке өзүнө көз каранды болгонун сезген Далай-лаама экөөнү убактылуу болсо да элдештирүүгө ортого түшүп, Галдан Бошоктуга

-Сенин күн батыш жагыӊда көчмөн элдер жашайт. Алардын аймагы жайыт-отко бай. Анын суулары көп. Ал тарапка көчүп чык. Кошуналашып, күчүӊү чыӊа-деген кеӊешин билдирди.

Галдан Бошокту олуянын насатын түшүнүп, кытай менен чырдашпоого убадасын берди.

Эгин бышып, күз маалы келген чакта алты түмөндөн ашык колу менен Галдан Бошокту казак-кыргыз чегин көздөй жол тартты. Кара таандай каптаган жоого кабарсыз жаткан эл туруштук бере

албады. «Казак кайың саап, кыргыз Гисар, Гөлөпкө качкан, ак таман чуурунду болгон» тагдырга туш келишти. Кыргыздар Фергана аймагындагы Ош, Анжиан, Наманган аймактарына сүрүлүп келишти.

Өткөн 1670-жылы бир туугандары тарабынан өлтүрүлгөн. Сенгенин кичүү уулу Суан Рабдан богдыхандын тукуруусу менен Галдан Бошоктуга каршы чыгып, «жунгар-ойроттордун анык ханымын» деп өзүн элине элан кылды. Эзелки душманы жунгарларга сыртын салып, алардын душманы казак-кыргызга кыйыр түрдө жан тартымыш болуп турган кезде казак ханы Тооке кыргыз-казактардын башын бириктүрүү аракетин көрө баштады.

Бошокту элүү миң кол топтоп Монголияга бүлүк салды. Кайтып келээри менен кайрадан согушка даярданып, эл-журтту менен көп кошунду азык-түлүк, тамак-аш менен камсыз кылыш үчүн Кашкарга жүрүш жасады. Галдандын көп конушу Кашкарга карай жылып жөнөдү. Үрүмчү шаарына жете бергенде. Аппак кожого чабарман жөнөттү.

-Мага каршы уруша турган болсо, майданга келгин. Болбосо багынып берсин!

Жаны көзүнө көрүнгөн Аппак кожо коркконунан ак желегин желбиретип алдынан тосуп чыкты да:

-Ордодогу болгон байлыгым, сиздики-деп, ийилип турду.

Аппак кожо он беш жашар кызын контайчыга тартуулап, кайната болуп калды. Контайчынын ноендоруна уйгур кыздары тартууланды.

Галдаңдын биротоло баш ийдирип, алык-салык алуу аракетине жергиликтүү жашаган уруу топтору, айрыкча кыргыздар өзгөчө каршылыктарды көргөзүштү. Теңир-Тоонун түштүк тарабындагы жана Алай тоолорунун айланасындагы баргы, бөрү, жору, муңгуш, сарыбагыш уруулары Галдаңдын аскерлерине каршы аттанышып, ал аймактан сүрүп чыгарышты. Саяк, сарыбагыш баш болгон кыргыз урууларынын каршылыгы чоң аскердик күч менен Чин империясынын борбордук аймагына чабуул жасап жаткан Галданга эң оор сокку болду. Ал Теңир-Тоонун батыш тарабындагы бийлигинен ажырады. Теңир-Тоонун түштүк тарабындагы кыргыз

уруулары да Галдандын Кашкарга отургузуп койгон союлчусу Аппак кожого (Офак Хаджа) улам сокку берип, Кашкар, Жаркен аймактарындагы Жуңгар аскерлери менен Аппак кожо баш болгон кожолордун бийликтерине үзгүлтүксүз коркунуч келтире берди.

1696-жылы Жаркен, Каргалык аймактарындагы уйгурлар менен Кызыл-Тоо аймагындагы кыргыздар Шады кожонун жетекчилигинде Аппак кожого каршы көтөрүлүштү. Аны көпчүлүк колдошту. Ага Памир тоолорунун жетегиндеги кыргыз уруулары да кеңири катышып, Аппак кожо өлтүрүлдү.

Ага карабай Галдан Бошокту манжу-кытай өлкөсүнө кол салууга жашыруун даярданып жатты. Богдыхандын тыңчылары жунгар-ойроттордун ичинде көп болчу.

Ал алына карабады. Кытайды багыттап жортуулга аттанды. Ал ага чейин, чоң даярдык көрдү. Баскынчылыгы менен туткунга түшүрүп ар тараптан айдап келген туткундардын жалаң усталарын чогултуп, тындырбай курал-жарак жасатты. Кошунуна жетерлик азык даярдатты. Башкаларды жазгырыш максатында, күтүрөтүп малдарын айдаттырып, жайыттан жайыт тандап көчүп жүргөн болуп, кытай чек арасына жакындай берди. Ал эми согушчан жоокерлери алардын артынан түн ичинде гана жол жүрүшүп, күндүз буктурмаларда бой жашыра дымып жатышты.

Контайчы канчалык сагызгандай саксынса да, ашкан айлакер богдыхан Кан Си түлкүдөй сезгич эле. Ал да шырк эткен добуш билдирбей, күндү күн, түндү түн дебей, алда качан эле буктурма жолдор аркылуу, калмак чериктеринин аркасынан түшүп, аңдып-тороп, жыла берди. Бири-биринин көзүн боегон аңдышуу, эки тарапка тең сезилбегендей туюлуп жатты. Капыстан жунгар черүүлөрү чек арадан көрүнө калганда, аларды эми гана байкагандай болуп «шашылыш чогултулган» кошун жунгарлардын алдынан чыкты. Даярдыгы жок колду заматта уйпалап, таш талканын чыгарууга ниеттенген калмактар жабыла чабуулга аттанышты. Көп колго туруштук берүүгө чамалары келбегендей богдыхандын, «даярдыгы жок», «аз колу» кетенчиктеп кача беришти. Бет маңдай келип, согушуудан «жалтаңдай качкандарды»

артынан кууп жүрүп талкалоону самаган контайчы өзүнүн алданып калганын билгенче, аркы тараптан келген түмөн кол, калмактардын азык-түлүктөрүн олжолоп, эки тараптагы буктурмага коюлган эки түмөн кол, эки тараптан каптап, маңдайдан түмөндөгөн кошун уюлгуй келип басып калды. Кытайды басып алууга тымызын аттанган Галдан Бошокту өзүнө санаалаш неондору менен бирге курчоодо калды. Бир тарабынан богдыхан Канси баш болуп, экинчи тарабынан жунгар-ойрот ханы аталган Суан Рабдан көп кошуну менен кысып, айласын кетирди. Алданып жарга кептелген жырткычтай кутулуп кетүүгө жол издеп тибеттик Далай Ламанын көмөгүн күттү. Курчоодо калып, өзүнүн алдатып алганына көзү жеткен Галдан, будуң-чаңга түшкөн кошун башчыларын тескей албай калды. Жана жан ноендору жандарына күч келгенде жунгарлардын жаңы ханынын кошуунуна кире качышты.

Кан Синин негизги күчү душманын ороп, четтен кайсап кирди. Галдандын азык-түлүк, мал-мүлкүнөн ажырап калган көп колу жутка кабылып, алапайларын таба алышпады. Кол башкарган неондор тамаксыз ач калышып, контайчысына баш бербей, жан алекетке түшүшүп, баштарын аман алып калуунун аракетинде ар тарапка тыркырай качышты. Бардыгын көрүп-билип турган Галдандын жашоодон үмүтү үзүлүп, бал ичкен чөйчөгүнө уу куюп ичүүгө аргасыз болду.

Галдан Бошокту Кытайга согуш ачардын алдында дан-азыкты мол камдап албагандыктан, кошун ачкадан кырылып, чөп-чардын тамырын казып жеп калышкан эле. Жуттан мал-жан кырылып, ачарчылыкка туш болгон жоокерлер эч кимге баш бербей, туш келди тамак издеп качып кетишкенини белгилүү болчу. Галдандын каталыгын эске алып, контайчы ишке катуу киришти. Калмак ханы Галдан Бошокту өлүп, анын ордуна Субаң Рабдан контайчы болгондон баштап, ал мурдагы контайчынын каталыктарынын баарын эсине алы.

x x x

1723-жылдын эрте жазында казак журтчулугунун улуу жүз менен кичүү жүз урууларынын таш-талканын чугаруу үчүн Субан

Рабдан алты түмөн кол курап, согушка мол даярдык менен аттанды. Эки жарым түмөн кошундун башында контайчы өзүнүн эки ата өткөн тууганы, согуш ишине аябай маш болгон Черен Дондокту дайындады. Дондоктун жыйырма беш миң колу Лепси менен Кара-Тал дарыяларынын ортосуна топтолуп, машыгуу кылды. Ага жардамчылыкка өз уулу Шоно тайчыны кошту. Экинчи жыйырма беш миң кошунду жакшы көргөн уулу Галдан Чейренге башкартып, ага жардамчылыкка Дондук Омбону кошуп берди. Эки кошунга кошумча бир түмөн колду көмөккө деп бөлүп, өзү согушка көз салуну көздөдү.

Контайчынын максаты казактарды жеңип алуу гана эмес, алардын калкын жер менен жексен кылуу. Жоокерлер менен кошо бала-бакыра, кемпир-чалды тегиз кырып салуу. Бир гана жаш келин-кыздарды аман алып калып, ойрот эрлерине таратып, ойрот элинин башын көбөйтүү. Казактардын жер байлыгы менен мал-жандык, жайыт, жер-суу байлыгы керек деп ар жоокерине бир кайра-кайра эскерткен.

Калмактардын кызыл-кыргынын мурун-кийип тарых көрбөгөн. Калмак согушу өтө эле мыкаачылык кырдаалда жүрүп, /ч-Алматыдан төмөн карай Лепси-Кара-Тал дарыяларынан күн батышты карай өрттөй каптады.

Калмактар каптап кирет деген кабарды күн мурунтан уккан төрө тукумдары, хандары үй-бүлөлөрүн чектеш кичүү жүз казагына ала качып кетишип, аксөөктөр тукум-уругун кордоодон жана кырылуудан сактап калган. Азапты кара казак, букара казак тартты. Төрөлөр, хандын тукумдары таланган, кордолгон казактардын убалына калышканын ойлошподу.

Мал-жандыктары таланып, эли-журту түгөл кырылган катын-кыздары зордукталып, ыксыз кордоого кабылган казактардын намысы ойгонуп, өлүмгө баштарын байлап, жунгарларга каршы тик турушту. Туу көтөргөн жигиттер колуна курал алган кыз-келиндер, кажарлуу карылар кошундарга кошулушуп, айыгышкан согушта кан акты. Калмактар да ыксыз кырылышып, майдан талаалар адам денесине толду. Ал эми тукумун сактап калуу үчүн эчендеген

баатырлар согушуп жүрүп, чегинип Түркстан шаарына жетип, Кара-Тоодон ары, Ала-Көл, Арал, Фергана, Анжиан, Самаркан менен Хива, Бухарага чейин кире качышты. Калмак аскер башчылары Черен Дондок менен Галдан Чейрен Түркстан шаарын курчап алышса, Суаң Рабдандын колу менен кыргыздар жашаган Ташкенди ороду. Калмак согушу казактардын толук талкалануусу менен бүтүп, ал тарыхта «Актаман шубырынды, Ала-Көл сулады» деген ат менен калды. Казак калкы бул согушта беш жүз миң адамынан ажырап, жарин таштап качып баратып «Елимай»-деп жолдо катар боздоп жүрүп отурушкан. Хан, төрөлөрдүн биримдиги жоктугунан кайран эл душмандын жемине айланып кор болгону тарыхтыгы жазылган саптар өчпөй келет.

Үч жүз биригип, 1680-жылы Тооке хан болду. Анын бийликке келиши калмактарды түйшөлттү. Ал айланасына акылдууларды жыйнады. Элди тышкы душмандардан коргоп, адилет бийлик жүргүздү. Кыркка жакын шаар салдырды. Кыргыздын Көкүм бийин, каракалпактын Сасык бийин, катагандын Жайма бийин колго алып, алар менен акылдашып иш жүргүздү. «Жети жарлыгын» элге элан кылды.

Галдаңдын ордуна бийликке келген Суаң Рабдандын колу Теңир-Тоонун түштүгүндөгү кыргыздарды эчендеген чабуулдары менен кайрадан каратты. «Ак такыялуу» кожолор менен «кара такыялуу» кожолордун ыркы келишпегендиктеринен пайдаланышып, калмактар «кара такыялуу» кожолордун башчысы Шады кожонун уулу Даниел кожону колдошуп, «ак такыялуу» кожолорду куугунга алып кыргын кылышты.

Ал эми Суан Рабдан мамлекеттин бирден бир башкаруучусу болуу менен бирге жанаша жашаган кытайлар үчүн мурдагылар кандай болсо, так ошондой коркунучтуу душман болуп кала берди.

Суан Рабдан кыргыз айылдарын басып кирип, туткунга алгандарын, зордук менен казактарга каршы чабуулуна пайдаланды. Жаңы кантайшыны орустар колдоого алышып, куралдар менен жабдышты. Суан Рабдандын жыйырма миң колу Көк-Деңизден тарта Чу, Таластагы казактар жайгашкан жерге

жортуулга аттанды. Казак-кыргыздарды жапырып, сүрүп Ташкенди багынтты. Сары-Суу боюндагы Айран төгүлгөн деген жердеги согушта казактар көптөгөн жоокерлери менен келишип, калмактарды аесуз кыргынга кабылтышты.

***

Жуучу хандын уулу Батыйдын урпактарына алтын ордодон тартып Урал тоолору менен Иртиш, Сибирь хандыгы түгөл жана Жети-Сууга чейинки казак аймактары караган. Батыйдан Шыгай султан. Анын балдары Тобокел менен Эр Эшим бир трууган. Орто Азия Чагатайдын урпактарынын энчисинде болуп, Ташкент, Түркстан шаарлары менен Сайрам Эшим хандын карамагында болду. Чагатайдын урпактарынын бири-Үргөнчтүн ханы Шариф Мухамеддин бийлигин тааныганы менен Эшим хандын уулу Тооке Чагатай хандарына баш ийбеди. Ал Жунгарлар менен өз бетинче салгылашып жүрүп 1715-жылы каза болду. Анын мезгилинде калмактар казак өлкөсүнө каршы беш жолу согуш ачып, контайчы Суан Рабдандын жырткычтык чабуулуна туруштук беришти. Казак элин жунгар баскынчыларынан сактап калуунун түпкү жолу орус өлкөсүнө кошулуу деп ойлоду. Ал учурда жунгарлардын элинин саны казактарга караганда эки эсе көп болчу. Жунгарлар бир эле согушта казакка каршы он түмөн колун чыгарууга мүмкүнчүлүгү бар эле. Он түмөн кошун бир чамынса казак элин гана эмес Самаркан, Хивадан ары жайпап кетерин билген Тооке хан, казак-кыргыз ынтымагына өзгөчө көңүл бөлүп, кыргыздарга караган Ташкен менен казактардын борбору аталган Түркстан шаарларын колдон чыгарбады.

Акылман хан каза болгон соң, казак өлкөсүндөгү үч чоң уруу-улуу жүз, орто жүз жана кичүү жүздүн ханы деп Тоокенин уулу Болотту жарыялашты. Хан атагын алганы менен Болоттун чаркы чамалуу эле. Үч уруу казак өз бет алдынча кетип, орто жүздү Самеке бийлеп, кичи жүздүн башында турган Абылкайыр Болоттон жүзүн тескери бурду. Улуу жүз казагынын ханымын деп Жолборс чыкты. Мындай ырксыздыктын акыры барып жунгарларга жем болорун билгендер кайрадан акылман Тоокенин уулу Кайыпты хан

деп жарыялашты. Кайып хан казак калкы орус көзөмөлүнө өтөөрүн чечкиндүүлүк менен билдирди. 1717-жылы Суан Рабдан казак өлкөсүнө кайрадан кол салып, бир түмөндөй калмак колуна Кайып хан моюн бербеди. Салгылашуу катуу болуп, эки тарап тең өлүм-житимге көп учурады.

***

Швед мамлекети үчүн жаңы колония түзүү максатында Сибирге атайын тапшырма менен шведдин географиялык коому тарабынан уюшулган «Бухольц» экспедициясы кен байлыктарды изилдеп жүрүшкөн. Алардын ичинде колунан көп өнөр келген, ары билимдүү, ары аскер капитаны Ренат да бар эле. Ары билимдүү, көп ишке көзү жеткен офицер калмак контайчысына жагып калды.

-Сен аскер жетекчиси көрүнөсүң. Өз ыктыярың менен менин кызматымды кыла аласыңбы?-деди контайчы ага

-Мен аскер адамымын. Сага кандай кызмат керек?-деди офицер кайра өзүнө.

-Сен өзүңдүн тартибиңди үйрөтөсүң.

-Ансыз да, сенин адамдарыңда аскердик эреже сакталбасын байкадым.

-Менин жоокерлеримдин куралдары, силерге жактыбы?

-Жок. Мылтыгы, замбиреги жок согуш, эч качан жеңиш алып келбейт.

-Биз алардын атын гана угабыз, өзүн көрө элекбиз.

-Аларды жасаса болот.

-Сен өзүңбү? Контайчы сүйүнүп кетти. Сен мага кызмат кыл. Калмак кыздарын алып берем. Бай болосуң.

-Менин шериктерими өлтүрбөгүн. Бардыгы сага кызмат кылып беришет.

Экөө кол алышты. Ошол күндөн тартып Ренат шериктери менен ишке киришти. Устаканада темир ээритип мылтык, чоюн замбиректерди, ок-дарыларды жасап көрсөттү. Европалык тартиптеги аскер эрежелерин үйрөттү, машыктырып кайра даярдады. Калмактар мылтыктын дарысын ийлөөнү, мылтык, замбирек жасоону, аны октоп, мээлеп атууну үйрөнүшүп, согуштук

өнөргө тасыгышты. Аскерлердин кийимдерин алмаштырып, кийим үчүн кездеме токууну үйрөттү. кармашууга ылайык кийимдерди тиктирди. Кездеме токууну, жүн иштетүүнү, тери бышырууну үйрөттү. Буга чейин казак-кыргыздардан жардам алып, тага журту Бошоктудан куугун тартып жүргөн Рабдан, куулук менен казак-кыргыздардын билермандарын чакырып, хан шайлоодо согушту токтотууга убада бергенин унутуп, баскынчылыкка өзгөчө катуу кириши. Суаң Рабдандын кошууну Теңир-Тоонун батыш тарабы жана Балкаш көлүнүн түштүк аймактарына чабуул жасап, казак-кыргыз урууларын аесуз кыргынга учуратты. «Бухольц» экспедициясындагы капитан Ренат калмактардын жоокерлерин Европалык аскерлердин тартибине үйрөттү.

Калмактар Түркстанда казактарды жеңген соң, кыргыздар жайгашкан Ташкенди көздөй бет алышты. Суан Рабдандын колу Ташкендин күн чыгыш жагы менен Чаткал тараптагы тоо жакты тосту. Кармашта катуу жабыркаган кыргыздар эптеп аман калу аракетинде, баш калка издешти. 1723-1725-жылдарды калмак жапырыгында «казактар кайың саап, кыргыз Гисарга качкан» түндүк кыргыздардын мурда качпай калгандары Ферганаңы көздөй үркүшкөн.

Кыргыз-казактар бир нече кылымдардан бери көрбөгөн азапка дуушар болушту. Аман калган казактар жер которушуп, кыргыздар Анжиан, Бухара жана Памир тоолорунун тегерегине, Коэнлун тоолоруна качууга аргасыз болушту. Ал эми Иле суусунун бойлору, Кашкар, Ак-Суу, Жаңысар, Жаркен тарабындагы кыргыздар уйгурлар менен биригип, Суан Рабданга тынымсыз каршылык көрсөтүп, кээде чабуулга өтүп турду.

Калмактар кайрадан кытайга чабуулга аттанышты. Бир тараптан кыргыз-казактар, экинчи тараптан кытайлар чабуулга өтүшүп, калмак күчү бөлүндү болду. Мурда ээлеп алган Кордай, Козу Башы, Кулжа Башы душмандан тартылып алынды.

Кытай менен тышкы тынчтык Суан Рабдан Хомини талап-тоноо менен согуш аракеттерин баштаганга чейин сакталды. Кытай императору Кан Си указ жарыялап, Суан Рабдандын жаман

жоруктарын саноо менен контайчыдан, Жуңгар төрөлөрүнөн тартып алган укуктары менен жерлерин, кайтарып берүүнү талап кылды. Ага чейин кытай өкмөтүнүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен төрөлөрдү сеймге-(курултай), кеңешке чакырууну талап кылды.

Анда Ала-Тоонун аягындагы конуштар ойротторго берилүүгө тийиш болгон. Контайчинин өзүнө Иртыштын агымындагы бир бурч ыйгарылган. Суан Рабдан мындай талаптар менен келише албастыгы белгилүү эле. Согуш башталуусу тийиш. Кытайлар калмак мамлекетинин начар жактарын жана казактар менен буруттар (кыргыздар) дайым коркунуч туудуруп тургандыктан ал элдердин жерлерине, чек араларына аскер күчтөрүн кармоого туура келгендигин жакшы билишкен. Кытайлардын жортуулу жакында башталарын элчилер ынанымдуу белгилешкен. Канткен менен Суан Рабдандын жортуулунун изин башка жакка буруугa аргасыз кылышкан. Калмактар Бадахашан, Дарбаз, Чиграл жана Каратегин жактарга бет алышкан. Алайлык кыргыздардын коргоосу менен Каратегиндин калкы калмактарга катуу сокку уруп, өз чектеринен алыс сүрүп ташташкан. Суан Рабдан кыргыздар толкуй баштаган Туранды басып алмак болду. Кыргыздар аларга жүз миңден ашык аскерин каршы койду. Кармашта кыргыздар жеңилип, көбү кулдукка алынды. Көбү Гисар, Кулябга качууга аргасыз болушту.

Сеңгенин мурасчысы Суан Рабдан 1697-1727-жылдар аралыгында бийлик кылды. Ал кыргыз айылдарын басып кирип, туткунга алынган жигиттерди зордук менен айдап, казактарга кол салды. Суан Рабдандын биринчи аялы Күнгөдөн Галдан Серен болсо, токол аялы Сетержаптан –Соно Дабо аттуу эки уул төрөлгөн. Убагында бул экөө, так талашышып кан төгүүгө чейин барышты.

Мыкаачылыгы менен даңаза болгон Суаң Рабдан 1727-жылы каза болду. Атасы өлөөрү менен анын уулу Галдан Церен өзүн контайчы деп жарыялады.

Галдан Церендин кол башчысы Септен жана уулу Лама Доржи 1741-жылы отуз миң аскери менен Орто жүзгө жана кыргыз жергесине кол салууну чечишти. Согуш үч жылга созулду. Ал бул согушта Орто жүз казактардан бир гана нерсени-Жунгарлардын

букарасы болууну талап кылган. Галдан Церендин казактар менен кыргыздардын хандарынын, бийлеринен айрымасы анын бийлиги дээрлик калмактарга таралгандыгында жана алардын ага кыңк этпей баш ийгендигинен эле. Казак хандары менен кыргыз бийлеринин бийлиги алардын уруусуна гана тараган. Церендин сексен миң мылтык менен куралданган аскери күчтүү душман болгон.

Галданга караганда Суаң Рабдандын кичүү уулу Шонону ойроттор жакшы көрүшчү. Ал экөөнүн энелери башка болгондуктан, бири-бирине өч эле. Атасынын көзү тирүүсүндө чагымчыл Галдан Шоно Сизге уу берип, өлтүргөнү жүрөт» деп, атасын ишендиргендиктен Суаң Рабдан аны Ташкенден сырткары чыгарчу эмес. Суаң Рабдандын өлүмү калк ичинде шек туудурбай койгон жок. Контайчы тамак ичип отурган жерден кулап, тура албай көз жумган болчу. Галдан Церен «Кимдир бирөөлөр уу берди» деп, күмөн санагандарды камакка ала баштады. Алардын ичинде Суаң Рабдандын токолу Шононун энеси Сетержапты бойго жеткен үч кызы менен кошо кыйнап өлтүрдү. Ташкендеги Шонону өлтүрүп келүүгө көп кошун жиберди. Жамандыктын кабарын билген Лузан Шоно үй бүлөсүн алып, Эдил боюна көчүп кеткен эле.

Контайчы өлгөн тополондуу учурду пайдаланып калуу аракетинде Иледе барымтага алынган Даниел кожонун уулу кожо Жусуп, Иле суусунун боюндагы кыргыз-кыпчак урууларынын башын бириктирип, калмактарга каршы көтөрүлүштү уюштурду. Көтөрүлүшкө кыпчак уруусунун башчысы Өмүр мырза жетекчилик кылып, кыргыз-кыпчактардан куралган колу менен Галдан Церендин аскерлерине каршы бетме-бет чыгышты.

Галдан Церен каратегиндик кыргыздарга чоң кол жиберди. Андан көп өтпөй эле Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү кыргыздарга каршы жортуулун кыргыздар ойрондоп ташташты. Бадахшандан кайтып келе жаткан аскерлерди каратегиндик кыргыздар биротоло тып-тыйпыл кылып салышты.

Жунгарлар казак, Чыгыш Түркстан жерлеринен орун алгандан соң манжур кытайлардын саясатына моюн толгоп, бир нече жолу

мурдагы монгол жерине жакын кытайларга тынчтык беришпеди. Контайчы өзүнүн уулу менен бирдикте көптөгөн колду алып, Хами шаарын талап, чапкынчылыгын улантып кыргыз жерин тебелеп келе жаткан эле.

1746-1748-жылдары калмактар Ферганага басып кирищти. Өзбектер менен кыргыздардын биргелешкен колу бир нече жолу айыгышкан салгылашуудан кийин өрөөндөн кууп чыгышты. 1747-жылы Акмат бий баштаган кыргыз аскерлери Кашкарды чапкан калмактардан өч алууну көздөп, жортуулга аттанышты. Аларды каршы алышып, мурда болуп көрбөгөндөй эрдиктерди көргөзүштү. Калмак ноену, калмак байлары Зайзан Доржи баштаган он миң колдун үч миңи гана Жунгарияга эптеп жетти.

Жети-Суу аймагындагы калмактардын ордолору: Жети-Суудагы Ала-Тоону бойлой жана Балкашка көздөй аккан дарыялардын баштары, Алтын-Эмел менен Койбылдын аралыгындагы Иленин түндүк тарабындагы Көк-Тал менен Көк-Теректин аралыгы. Кегендин түндүк жээгинде жана Чарындан чыгыш тараптагы Кетмен тоолорунун түндүк капталынын бойлору, Чилитин жана анын куймаларынын жогорку агымдары, Ысык-Көлдүн түндүк, түштүк жээктери Кой-Суу жана Ак-Суу сууларынын аралыгын, Чоң Кемин өрөөнүндө жана Чүйгө куйган дарыялардын жогорку агымдары, Карагатыга чейин контайчинин башкы ордосу, Талки ашуусунун түштүк-чыгышындагы азыркы Кулжанын жанына жайгашкан болчу.

Жыйырма жылга жакын бийлик башында турган контайчы элге «Галдан тентек» деген ат менен белгилүү эле. Аты чуулу Галдан эч кимди аябады. Колунан кылычын түшүрбөдү. Түмөндөгөн кошууну менен казак-кыргыздардын жерине кайрадан басып кирди. Жоо тоскон жигиттер түмөндөгөн колго туруштук бере албады. Кан кечкен кармаштан, жан алган айкаштан аман калгандар болбоду. Эр азаматтарынан ажыраган эл үркгү. Жан талпас, аман калуу аракетиндеги качкындар, баш паанек издешти. Ал тууралуу элде «Казак кайың сааганда, кыргыз Гисар, Көлөпкө киргенде» деген сөз кылымдарга улай айтылып калды.

Сүрүлүп келген калмактар Орто Азия аймагын басып кирип, эл үркүп-качып, ээн калган жерлерди энчилеп, ээн-эркин ээлеп алышты. Камдуу аскерлерин каалаган тарапка шилтешип, талап-тоноодон байлыкка маарышты. Кары-картаң, бала-чакаларды найза менен жебеге бута кылышты. Жумушка жарай тургандарды туткун кылып, айдап барышып, кул-күңдүккө жумшашты. Капсалаңдуу калмактардын «кара чабуулу» улана берди. Каршылык көрсөткөндөр чабылып, чачылды. Элдин көрбөгөн кордугу, тартпаган азабы калбады. Оюна эмне келсе, ошону жасаган контайчыдан эл жадады. Акырында он сан ойроттун контайжысына «Галдан тентек» деген ат коюшту. Атасынан да өткөн канкор Галдан Церен жыйырма жылга жакын кандуу бийлигин жүргүзүп 1745-жылы өлгөн соң хан такты талашка түштү.

Хандын улуу баласы Лама Доржу атасы өлгөндө он тогуз жашта эле. Ал канызек (ойнош) катындан туулгандыктан Галдан Церен өз осуятында он үч жашар уулу Чеван Доржи Ажага калтырат. Ал 1749-жылга чейин Ажа хан деген ат менен Жунгарияга хандык кылат. Ажа хан өлтүрүлгөндөн кийин, анын ордуна Лама Доржи такка келет. Анын такка отурушуна көптөгөн ноендор менен жайсандар каршы чыгышып, «хандык бизге ылайык» дешип, Давачы менен Амурсана көтөрүлөт. Давачы Батур контайчынын түз тукумдарынан болсо, Амурсана Галдан Сейрендин кызынан төрөлгөн жээни болчу. Лама Доржинин хан болушуна контайчынын кызы Олоң байыр ого бетер каршы чыкты.

-Мен кайсы неонго эрге тейсем, ошол хан болот деген жарлыгын элге айттырды. Ал ойротто жок сулуу кыз болгондуктан, аны алууга атактуу неондор көп эле. Олоң-байыр иниси Ажа хандын өчүн алыш үчүн

-Кимде-ким. Лама Доржини өлтүрүп келсе, ошого баш кошом деп талап койду.

Олоңбайырдын сулуулугун кошуп ырдабаган ойрот-кыргыз ичинде ырчылар аз болду. Өзгөчө аны Гүлгаакы деген ат менен кыргыз ырчылары ооздон-оозго улап, даң кылышты.

Эл оозунда айтылган уламыш, легендаларда элдин басып өткөн жолу, тарыхы, турмуш-тиричилик абалы, коомдук көз карашы кенен чагылдырылып, атадан балага жомок болуп, ыр түрүндө, же кара сөз менен айтылып келет. Дал ошол бай элдик-чыгармалардын ичинде элдик дастандар өзгөчө орунда турат. Ошондой аңыздардын бири «Гүлгаакы» чыгармасы. Ал эл арасында кара сөз, ыр түрүндө да «Гүлгаакы», «Шаа Машрап дубана» ж.б аттар менен элдин калың катмарына маалым болуп, ушул күнгө чейин айтылып келет.

Чыгармалардын эл арасындагы алгачкы башатынын окуясы кыска, уламыш катары айтылып, Гүлгаакыга ашык болгон Шаамашыраб дубананын ак уруп, кызга кайрылуусу, мусулман дининин актыгын, түпкүлүктүүлүгүн жайылтуу сыяктуу ырлар түзгөн. Олоңбайырды кыргыздар Гүлгаакы аташып, ал жөнүндө ыр, күү чыгарышкан. Калмактар кыргыздарга кызыл кыргын салып, чилдей таратып, көптөгөн жерлерин ээлеп алышты. Жоокерчилик заман, бирде чабышып, бирде табышып, кээде жеңилсе, кээде жеңип, көп убакытка чейин тынымсыз согушуп, ар кимиси өз кызыкчылыгынын аракетинде болду.

Калмак ханынын Коңтаажы, Бакаманжы деген уулдары бар эле. Контаажы алтымыш алты жашка келгенге чейин перзентүү болбой жүрүп, кыргыз аялы Айымдан кыздуу болот. Аны жети күнгө чейин ырымдап, эч кимге айтпай, көрсөтпөй, акыры сүйүнчүлөп чоң той берип, ат кою аземин өткөрөт. Ошол учурда капылеттен бир карыя келип,

-Миң бир ооруга дары. Кышы-жайы гүлдөп турган «гаакы» деген гүл бар. Ошол гүл сыяктуу Гүлгаакы болсун деп, ат коет.

Гүлгаакы чоңоюп, суйкайган сулуу, акыл-эстүү кыз болот. Калмактын контаажысынын ашкан сулуу Гүлгаакы кызын Шаамашырап дубана жактырып калып, кызды өзүнө үйрөтүү үчүн жети жылы контаажынын төөсүн кайтарат.

Бир айтымда калмактын ханынын ашкан сулуу Гүлгаакы деген кызын Шаамашраб дубана жактырып калып, кызды өзүнө үйрөтүү үчүн жети жыл контайчынын төөсүн акысыз кайтарат. Ал кездеги

калмактар турук кылган жер Кара-Кыштак болчу. Олонбайырдын малы Кара- Кыштакта багылчуу. Олоңбайыр жылдын төрт мезгилинде тең келип малынан кабар алып туруучу. Эл кыдырган Шаамашраб аны көрүп:

-Олоңбайырга ашыкмын деп, атайлап ырдачу.

Олоңбайырдын адамдары аны угуп, кыздын алдына дубананы алып келгенде.

-Бул адамга жабыр көрсөтпөгүлө! Эркине койгула! дечү кыз.

Шаамашраб ан сайын сүйгөнүн ырга кошуп, безелене ашыктыгын билдирчү.

Лайлаха иллаха,
Келмени бил, Гүлгаакы,
Жети жыл зар кылган,
Бендени бил Гүлгаакы,
Ашык болуп өзүңө,
Келгенди бил Гүлгаакы

- Мен сенден башканы жактырбаймын –дечү кыз аны тамашалап:

- Төө кайтарган акыңы ал дейт кыз.

Дубана акы албайт.

Кара-Кыштакта эки-үч жыл удаа жут болот.

-Кимде ким, маалымды аман асырап калса, кызымды, жарым хандыгымды берем деп, контайчы жар чакыртат.

-Кургакчылык болуп турса, кантип асырамак элек дешип, элден эч ким чыкпайт.

-Мен асырап берем-деп дубана чыгат. Аны эл дубана Машраб Шаа Машраб деп айтышчу.

Ал бир жыл өткөн кезде, контайчыга малын аман-эсен, санын кемитпей, өткөрүп берет. Контайчы эсептесе баары аман. Ал тургай эгиз төлдөп, баштагыга караганда саны эки эсеге көбөйүптүр. Убада боюнча кийинки жылы контайчы Машрабга өргө көтөрүп, кызын берет.

Лайлаха иллало,
Билбейсиңби Гүлгаакы.
Мухаммеддин динине,
Кирбейсиңби Гүлгаакы.
Кел кетели жаннатка,
Жүрбөйсүңбү Гүлгаакы.

Шаа Машраб төө кайтарып келип, май менен бутунун кесилген жерин кайрып, майлап отурганда Гүлгаакы чечинип келип, анын маңдайына тура калат. Машраб олуя май менен Гүлгаакынын денесине баса койсо, жубайынын боюна бала бүтөт. Ал ай - күнүнө жетип төрөй турган болгондо Шаамашраб.

-Кош, сени кыяматтан тосуп алам- деп колун кармап -Эркек төрөйсүң. Баланын атын Котон кой деп, бейишке тирүү кетет.

Мисир шаарында Шаамашрабдын баласы төрөлүп, ошол шаарга падыша болот. Мисир орноду деп, шаардын аты Мисир болуп аталып калат.

Шаамашыраб тарыхый инсан. Бабарахим Машраб 1657-жылы (1640-жылы) Анжианда төрөлгөн. Бала чагы Анжиан менен Наманганда өткөн. Ал Наманган шаарында медреседе окуп, билимин андан ары өркүндөтүү үчүн Кашкарга барат. Ал жерден сураштырып отуруп, Аппак кожо олуяны табат. Анын алдында көп жылдар окуп, билим алат.

Бир окуяда Шаамашыраб эшегин минип алып, Оштун жанындагы Талдык суусунун этегинде Ак-Жардан Каратайды көздөй өтүп келе жаткан. Сайдын ортосуна келгенде, капылеттен, жогортон күүлдөгөн добуш угулуп, сай толгон сел келип, каптап кетет. Топурак, ташты агызган кыян төө өркөчтөнүп, тирүү жан койбоочудай күпүлдөп келип, сайга толот. Катып калган сайды омкоруп, бирде оң жээкти, бирде сол жээкти кемирип, жар кылган селдин күчү, жолоочуну чамындыдай агызып кетчүүдөй туюлат. Машраб дубана аркага кайта албай, же алдыга бастыра албай, аргасы кетип оозунан келмеси түшүп, калтырап-титиреп туруп калат. Бир топ мезгил өткөн соң, жамгыр басылып, ашып-ташкан сел күчүн жоготуп, сайга из калтыра сарыгып агып калат. Селдин апаатынан улам жанынан түңүлгөн дубана ошол сайга «Башың көл, аягың чөл болсун» деп, бата кылып жиберген экен деген, аңыз эл арасында ушул күнгө чейин айтылып жүрөт. Ал тургай ошол сай бүгүнкү күндө Машраб-Сай деп аталып калган.

Дивана-и Машраб Балхта эс алып отурса мечиттен чыккан уламалар, зыйпат кылып, аш жеп жаткан болот. Арасындагы чоң молдолордун бирөөсү, имамга суроо бере кетет:

-Таксыр, аккан сууда арам жок дейбиз. Сайдагы суудан ар ким пайдаланат. Мал да туягы менен кечип келип, суу ичет. Ар ким, кир коогун жууйт. Кантип арам болбой калат?

-Аккан суу булганган жеринен, он жолу кулагандан кийин адал. Ичкенге, жуунганга боло берет. –деп жооп берет имам.

Алардын сөзүн угуп турган Шаамашыраб, имараттын төбөсүнө чыга кала, очоктун моорусунан молдолорго карай чыркатып, даарат ушатат. Отургандар таңдана, төбөнү карашса, олуя Машраб аларга карай заара кылганын көрүшөт.

-Бул эмне кылганын олуя? Казандагы бышкан даамды булгабадыңызбы? – дешет жабыла.

-Таксыр имам, «Суу булганган жеринен, он жолу кулагандан кийин адал» дебедиңби? Менин заарам он жолу эмес, силерге жеткиче жыйырма жолу кулады. Имамдын сөзү эки болбойт. Шариятта калп айтуу күнөө. Тамактана бергиле деп, туруп кетет.

Шаамашраб бир жолу Балктын падышасы Махмуд катаган (кыргыздын катаган уруусунан) ханга мейманчылыкка барат. Хан аны сыйлап, дасторконду кенен жайдырып, дүйүм даамды толтуруп, палоо тартырат.

-Мен эмес, менин итим дагы сен берген палоону жебейт дейт да, падышанын тактысынын алдында даарат ушатат да.

-Падыша кол алдындагы элге, кандай мамиле кылса, менда, так ошого жараша жооп бердим- дейт дубана ханга наара-зылана.

Махмуд хан соттоого буйрук берет.

-Мен өлгөндөн үч күндөн кийин падыша да өлөт-дейт. (Шаа Машраб олуя көзү ачык киши болгон).

Дубананы дарга астына алып барышат. Ал баш кесерге өзүнүн устаты, акыры акылчысы Сахиб Кыран кожо берген бычак менен гана өлтүрүүнү өтүнүч кылып, желегинин ичинде катып жүргөн бычагын берет. Өзү барып, дарга мойнун салат. Баш кесер келип, хазирети Шаа Машрабдын кекиртегине бычак урат.

Машрабдын өлгөнүн угуп, Махмуд хан катуу нааразы болот.

-Олуя адам өлүмдөн коркоорун билмекке, тамашалап «Өлтүргүлө!» деп буйрук берип жатып, көздү кысканымда силер этибар албай калган турбайсыңарбы?-дейт.

Айткандай эле, үч күндөн кийин падыша да өлөт. Балктын жашоочулары аза кайгысына батышат.

Машраб өлгөндөн кийин шаарга тогуз дербиш-календарлар келишет. «Шаа Машраб өлдү» деген кабарды угуп, дербиш-календарлар ачууланышат.

-Эмне үчүн калп айтасыңар? Биз Шаа Машрабды Гераб чөлүндө, кепинин көтөрүп, итин ээрчитип, Меккеге баратканын өз көзүбүз менен көрдүк дешет.

Аны уккан вазир, Машрабдын мүрзөсүнө барса, мүрзөнүн кыбыла тарабы ачылып, ичи бош турганын көрөт.

Машраб мусулман дининин өкүлдөрү тарабынан сунуш кылынып, Балктын башкаруучусу, Аштарханиддер династиясынын тукуму Махмудкатаган өлүм жазасына буйрук бергени тарыхта маалым.

Чыгарманын алгачкы башатынын окуясы уламыш катары айтылганы менен тарыхый адам аттарынын айланасында сөз жүрөт. Гүлгаакыга ашык болгон Шаамашрап дубананын ак уруп, кызга кайрылуусу, мусулман дининин актыгын, түпкүлүктүүлүгүн жайылтуу сыяктуу окуялар түзгөн.

Келме билип, Гүлгаакы,
Динге кирер бекенсиң.
Ар мураска жетерсин,
Кирбес болсоң диниме.
Тозоку болор бекенсиң,
Падыша кызы Гүлгаакы.
Пейил курган экенсиң,
Жалгыз алла болбосо,
Жаның кайдан жаралар.
Жаның кирип, үй кылган,
Теңин кайдан жаралар-деп ырдайт.

Бир күнү Гүлгаакы кырк нөкөрү менен сейилдеп жүргөндө, Шаамашырап кызга жоолугуп, аны сүйүп жүргөнүн, мусулман дининин актыгын айтат.

Лайлаха иллалла,
Келмени бил Гүлгаакым.
Жети жыл зар кылгын,
Бендени бил, Гүлгаакым.
Ашык болуп өзүңө,
Келгенди бил Гүлгаакым.
Тирилмек бар бир күнү,
Өлгөндү бил, Гүлгаакым.
Эл жыйылып, көр казып,
Көмгөндү бил Гүлгаакым.
Лайлаха иллалла
Билбейсиңби Гүлгаакым.
Мухаммеддин динине
Кирбейсиңби Гүлгаакым,
Кел кетели жаннатка
Жүрбөйсүңбү Гүлгаакым-дегени эл арасында айтылат. Комузчулар күүгө айландырышат. Элдик күү ушул күнгө чейин комузчулар тарабынан чертилип келет.

Көп убакыттан кийин кыз мусулман динине кирип, Шаамашрабка жубай болот.

Жети жылдык зарыңдан,
Жеткирди сага кудайым.
Шарияттан үйрөткүн,
Шаамашрап жубайым-деп, кыздын Шамашрабка кайрылышы менен окуя аяктай.

Чыгарманын эл оозунда айтылган түрлөрү арбын. Айрым жыйноочулар, аны болумуш деп аташат. Бир айтымда Кыргызстандын Кара-Кыштак деген жеринде бийлик жүргүзүп турган калмак ханы болгон. Эки-үч жыл удаа элде жут болуп, мал кырылат. Контаажы:

-Кимде ким малымды аман асырап берсе, кызымды жана жарым хандыгымды берем-деп жар салат.

-Мен кайтарып берем-деп дубана Машрап убадасын берип, карышкырга койду, аюуга уйду, жолборско жылкыны, илбирске эчкини кайтартып коюп, өзү болсо жалаң аяк, жылаң баш дубаналык кылып, эл кыдырып кетет. Бир жыл өткөндөн кийин Коңтаажы малын эсептеп, эки эсе көбөйгөнүн көрөт. Убада боюнча Гүлгаакыны Дубанага берет. Машрап таманынын туурулган жерлерине эчкинин майын ысытып басып, каарып отурса, Гүлгаакы чечинип, маңдайына келет.

-Мен болсо эшик-эликте жүрүп, бутум жараланып, кесилип кетти. Бул үйдө отуруп, бул жерин эмне кестирип алды экен?-деп эчкинин майын Гүлгаакынын «кесилген жерине» басып коет.

Ошондон кийин Гүлгаакынын боюна бүтүп калат. Бала алты ай болгондо «ата» дейт. Жети ай болгондо «Ата нан жейм»-дейт.

-Курсакта жатып «нан жейм» деген балага нан таап берем деп, кудайга күнөөкөр болот турбайынбы. Андан көрө качып кутулайын дейт.

-Сен уул төрөйсүң. Экөөбүз о дүйнөдө кезигебиз-деп Дубана Машрап үйүнөн чыгып жөнөйт.

Дагы бир айтымда Фергана өрөөнүндө өмүр сүргөн олуя Шаамашраб менен Гүлгаакы тууралсында сөз болуп, Шаамашраб Намангандык тарыхый инсан катары мүнөздөлүп, ошондой эле тарыхта өмүр сүргөн белгилүү инсан Аппак кожонун шакирти деп берилет. Чыгарма Шаамашраптын төрөлүшүнөн башталып, ал энесинин ичинде кезинде эле жаман, жакшыны түшүнгөн олуя сымал бала экени баяндалат. Бала төрөлүп, акыл-эстүү болуп чоңоюп, Наманган шаарында медреседе окуйт. Билимин андан ары өркүндөтүү үчүн Кашкарга барат. Ал жерден сураштуруп отуруп, Аппак кожо олуяны табат. Анын алдында көп жылдар окуп, билим алат. Аппак кожонун тапшырмасы боюнча Меккеге барып, «Олуя Шаамашрап» деген атакка ээ болот.

Жогоруда айтылган Аппак кожо (Офак Хаджа) Бабарахим Машраб менен замандаш. «Аппак кожо (өз аты Хидаятулла) 1681-1694-жылдарлын аралыгында Кашкарды башкаруучу болуп турган.

Шаамашрап самтыраган дубана кейпи, кир колу-буту менен ак уруп, хандын үйүнө уруксатсыз кирип баргандыгы үчүн башы кесилет. Жерде жаткан башын колтугуна кысып алып Меккени көздөй жөнөп кетет. Кесилген башын колуна алып, бир топко чейин өлбөй, кыймылдоо, басуу, сүйлөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон ыйыктардын образынын түпкү башаты тээ көөнө доордон башталат. Мындай айтымдар ислам, християн диндери жаралганга чейин эле болгон. Ислам дининин өкүлдөрү тарыхый инсандар: Гази-Мансур-Султан (татар), Самарканддык Куссам ибн Абас (өзбек, лакап аты Шахи-Зинда-(Живой Царь), Хорезмдик азиз шейх Нажим ад-дин Кубра (Суфий ордени Кубрабияны негиздөөчү) Шир Кевир-ата (түркмөн) Шамсидин Тебриз (түрк) жана акын Дивана-и Машраб туурасында легенда, уламыштарда аталган мусулман ыйыктарынын баштары ар түрдүү жагдайда, ар кандай жазыксыз күнөөлөр үчүн кесилет. Бардыгында ыйыктар кесилген баштарын көтөрүп алып, акыркы тилектерин аткарууга үлгүрүшөт.

Машрабдын ырлары да элдин муң-кайгысын, үмүт-тилегин чагылдырган жана түбөлүк тема болгон сүйүүгө арналган. Акындын коомдук-философиялык мазмундагы ырлары да өзгөчө орунда турат. Бабарахим Машрабдын өзбек гана эмес, тажик, казак, уйгур, татарлардын арасында да белгилүү. Анын поэзиясы-Чыгыштын улуу акындары-Алишер Наваи, Хафиз Ширази, Абдурахман Жами, Жалалидин Руминин чыгармаларынан таасир алып, элдик оозеки чыгармачылыктан сугарылган улуу поэзия. Ал жөнүндө буга чейин жарыяланып жүргөн чыгармалардын негизинен «Диван Машраб» деген кол жазмадан маалыматтар алынып жарыяланганы белгилүү.

Машрабдын өлүмү жөнүндө бардык тарыхый булактарда окшош маалыматтар айтылат. 1711-жылы мусулман дининин өкүлдөрү тарабынан сунуш кылынып, Балхтын башкаруучусу Аштарханиддер династиясынын тукуму Махмуд Катаган өлүм

жазасына буйрук кылат да, аны дарга асып өлтүрүшөт. Шаамашрап тарыхта орду бар инсан. Өзбек элинин таланттуу классик-акыны Бабарахим Машраб (1657-жылы), (1640-жылы) Анжианда төрөлгөн. Анын өмүр жолунун алгачкы этабы туурасында маалыматтар бизге жетип,  бала чагы Анжиан менен Наманганда өткөндүгү тарыхый булактарда белгиленген. Акын Орто Азия менен Жакынкы Чыгышты жөө аралап чыгат. Ага окшогон өз керт башын эркин алып, дербиш атка конуп, эл аралап жүрүп, өмүр сүргөн илим, адабият, искусствонун адамдары жөнүндө маалыматтар көп.

Тарыхый маалыматтар боюнча Бабарахим мусулман динин өтө колдогон эмес. Бийлик ээлери, дин кызматкерлери менен көз карашы туура келбеген. Ал өлгөндөн кийин акындын чыгармаларынын түп нускалары жок кылынган. Бирок эл Машрабды жакшы көргөн. Анын ырларын жатка билген адамдар кагазга түшүрүп, нускаларын көбөйтүп, эл арасына жашыруун таратышкан. Акындын өмүрү жөнүндөгү чындык легендага айланып, элден-элге көчүп унутулбай сакталып калган. Мурда эл, жер кыдырып жүргөн кишини кандай экенине карабай, эле «дубана» деп коюшкан. «Машраб дубана» деген да анын дербиштик жашоосунан  калган аңыз ат. Мына ушул тарыхый инсандын элдик чыгармадан орун алышына анын өмүр жолу туурасындагы толгон-токой уламыш, легенда аңыз-аңгемелер себеп болгон. Акын кыргыздар арасында болуп, кыргыз жеринде жүрүшү да, кыргыздын жерин жердеген калмак кызы Гүлгаакы менен Машраб дубананын окуясы кызыгууну туудурат.

х х х

Галдан Церен өлүп, Жуңгарлар бийлик талашына түшүштү. Тактыны ээлөө үчүн ата балага, ага-иниге карабай бирин-бири аяшпады. Галдан өлөрүндө ордуна он үч жашар Суан Ажа аттуу (Держи-Бичаган-Себан-Аджа-Намджел аталган) ортончу уулун дайындаган. Ал тарыхта Ажа хан деген ат менен аталып калды.

Галдан Церендин- күң аялынан Лама Баир – (Олоңбайыр) Ажа хандын эжеси. Галдан өлгөндө Олоңбайыр жыйырма бир, анын

иниси Олоң Доржу он тогуз, экинчи аялдан төрөлгөн Ажа он үч, эң кичүү баласы Севан Даша жети жашта эле.

Ажа хан акылсыз чыкты «Жаман атасы өлгөндө бир көбөт» дегендей, ал да атасын тартып, оюна келгенди аткартты.

-Атамын кайгысына кара кийгиле-деп, элинин баарына кара кийгизип, күндүзү очоко от жактырбады, кечинде шам күйгүздүрбөдү. Атасынын кара ашынан кийин «күлгөн кишини, үргөн итти» өлтүрттү. Эч бирине жаңы кийим кийгизбеди. Айылындагыларды алыска чыгарбады. Ойроттор баланын ою менен боло алышпады. Ордо ичинде келишпөөчүлүк күч алып, ич ара чатак чыкты.

Калмактын билерман ноендору биригип, акылсыз Ажанын көзүн тазаламак болушту. Алардын пикири Лама Байырдын (кыргыздар Олоңбайыр дешкен) көңүлүнө да туура келди. Алар Ажаханга уу берип өлтүрүүнү чечишти. Лама Байыр инисин өз бүлмөсүнө чакырып, уу кошулган тамакты колуна сунарында, хандын эмчиси шекшип калып, тамакты өз колуна ала, босогого ыргытып жиберди. Босогону сагалап турган ит, төгүлгөн тамакты жалап-жуктап ичери менен бутун серппей, мүрт кетти. Айыптары ачылган Эренбуй, Олжой башында турган үч жүздөн ашуун ноендор даргага тартылды. Жунгар хандыгынын маселеси ушуну менен эле тынчып калбады. Күндөн күнгө жанжалдар күчөй берди.

Калмактын белгилүү ноендорунун бири Септен баатыр ал кезде Ташкенди камалап жортуулда жүргөн. Анын атынан Ажанын агасы Лама Олоң Доржиге жашыруун кат жөнөтүлдү.

«Урматтуу ханзада Лама Доржи! Иниң Севан Доржи-Ажа али жаш. Азыр хан болууга жараксыз. Макул болсоң, атаңын ордуна сени хандыкка көтөрөлү. Жардам берүүгө мен даярмын» деген жашыруун кат кимдир биröөлөр тарабынан кайра келип, Ажа хандын колуна түштү.

Ордо кеңешчилеринин пикири менен ачууланган хан ордого токтоосуз Септенди алып келүүгө, неондоруна тапшырма берди. Хандын шашылыш чакыруусун алган Септен жолго чыкканы менен ал хан алдына жете алган жок. Жолдо келе жатып табышмактуу өлүмгө дуушар болду. Ажаны бийликтен алууга болгон сыр, ачылбай купуя кала берди.

Тактыны тазалагысы келгендер Олон Доржуну колго алышты. Анын колу менен Ажа хандын кол алдындагы аскерлерди талкалап, хандын көзүн чукутуп, сүргүнгө айдатышты. Жаш хан сүргүндө жүрүп ооруп, өлдү. «Көп бириксе Ажанын аргасын кетирет» деген артында лакап калды. Анын өлүмү менен мурунку жаңжалдар андан бетер күчөдү. Ордо оюнунда бири-биринин башын алыш улантыла берди.

-Контайчынын кызы Лама Байыр кимге турмушка чыкса, ошол күйө хан болсун!- дешти чогулган ойрот-калмактар. Ошол кезде он сан калмактын, он ханы боло турган. Алар хан болууну самап, Олоңбайырдын көңүлүн таап, өзүн алмакка биринин артынан бир келишти.

-Мага колукту бол? деди, ноендордон мурда келгени.

-Маакул. Он сан калмактын хандарынын арасынан ким жеңишке жетишсе, ошол баатырга макулдук берем деди, Олоңбайыр тамашачынга жооткотуп.

Он сан калмак хандарынын арасында бири-бири менен тирешүү, хандын кызына ээ болуу аракетинен, кызганычтан улам, ортодо уруш чыкты. Калмактын чыгаан ноендору кан төгүп, жан аябай кармашып, ортодо жоокерлери талкаланды.Ынтымак кетип, калмак бийлигинин күчү ыдырады. Элде «Он сан калмакты, Олоңбайыр кыз бузду» деген лакап калды.

# II БӨЛҮМ

*Чин бийлик төбөлдөрү Орто Азияны айрыкча Кыргызстандын аймагын, географиялык шартын, жолдорду жана ашууларды, сууларды, шаарлардын жана айыл-кыштактардын жайгашын, кай жерде, кандай уруу-топтор жашаарын, алардын чарбалык иштерин аяр каттап, терең изилдөөгө алышкан. Зарыл учурда байланыш түзүп, алака жасоого же камынтпай басып алууну көздөп атайын элчилерди жөнөтүп турган. Ага кытай архивиндеги «Жуңгарияны тынчытуу башы» жана «Жаңыдан каратылган калкты кандайча башкаруу жөнүндө» өңдүү тарыхый булактар  далилдейт.*

*Орто Азия хандыктары жана чачкын кыргыз уруулары баш кошуп Жунгар хандыгына каршы тура албагандыгы ар дайым  Чин империясынын көнүлүнүн борборунда болду. Жуңгар хандыгы Моңголия менен Халканы, Чыгыш Түркстанды каратып алышы Улуу кытай дөөлөтүнүн саясатын өзгөрттү.*

** Манжу өкмөтү аскер күчү менен Жунгарлар менен кармашууга, андан соң Чыгыш Туркстанды каратып алууга кам ура баштады. Борбордук Азияда басып алуу саясатын жүргүзгөн Чин бийлиги «Жапайылардын колу менен жапайыларды каратып  алуу» жобосун тутунду. Жунгар хандыгына каршы согушка чиндер казактарды, ал эми Чыгыш Түркстанга каршы  кармашта кыргыздарды пайдаланышка аракет кылгандыгы ошол кездеги кытай булактарында айкын чагылдырылат.*

*Чыгыш Түркстан жөнүндө кол жазмалар жана алардыгы кыргыздар тууралуу маалыматтарда кыргыздар (буруттар) ойроттор менен кармашып «тополоңдон качып, тоо жамынган» эки ажырымга түндүк-түштүк канаттары бөлүнүп, оң жана сол канат кыргыз урууларынын жайгашуусу баяндалат. Кыргыздын түндүк-түштүк канаттары делинип, алар жашаган географиялык аймактар ыраатьı менен аталат. «Си-юй-тучжи»- «Батыш аймактарынын географиялык жазылышы» аттуу дарегинде батыш жана чыгыш кыргыздары жөнүндө маалыматтар, «Циньдан Хуанюйси юй-тучжи» «Жогортон бекитилген Батыш аймактын географиялык*

*баяндамасында» батыш жана чыгыш кыргыздарынын чек арасы, калкынын жашоосу белгиленген.*

*Чыгыш Түркстандагы кытай бийлигинин аскер жетекчилеринин байкоолорунун негизинде түзүлгөн. «Си-юй-чжи»-«(Батыш аймактарын баяндап жазуу» аттуу даректе түштүк («тогуз уул»)(то-го-со-хо-лэ) жана тундук («кыргыз»-кэ-эр-гэ-ци-сы) деп аталган бутактарга ажырагандыгын баяндалат. Кыргыздардын түштүк (тогуз уул) бутагына кыпчак, каратегин, багыш, адигине, бөрү, найман, жору, төөлөс уруулары, ал эми түндүк («кыргыз») бутагына саяк, сарыбагыш, кытай, кушчу, саруу, моңолдор, солто, ават, мундуз, черик уруулары кирген. Бул маалыматтар кыргыздардын саясий уюмдашуунун билүүгө кызыктар болгон кытай төбөлдөрү үчүн кыргыз урууларынын этникалык түзүлүшүнө караганда, алардын чыгыш (түндүк) жана батыш (түштүк) бутактарына топтолгон уруулардын саясий түзүлүшүнө маани бергендиги байкалат.*

*Он сегизинчи кылымда түзүлгөн саясий абалдан улам Кыргызстанда аймактык-географиялык жана саясий негиздеги уруулук эки бирикме Жунгарлардын кысымынан чачылып түпкү журттарына аймактар боюнча урууларга бөлүнгөн оң жана сол канатка кирген, ал тургай ичкилик урууларынын бири-бири менен аралаш жайгашуусу баяндалат. «Сиюй-чжи»- «Батыш аймактар баяны», «Хуйцзян-чжи»- «Мусулман аймагы жөнүндө баян», «Вайицинсин»- «Сырттагы жапайылар жагдайы», «Да Цин личао шилу» - «Улуу Цин сулелеси тарыхы» «Сичуй яолюе»-«Батыш аймагы тууралуу негизги маалыматтар жыйнагы»,*

** Манжур-чин аскерлеринин батышка жортуулу жөнүндөгү документ-материалдарды жана кытай жыл намаларын, алардын Чыгыш Түркстанды каратышы, кыргыздардын XVIII кылымдагы турмуш тиричилиги жөнүндө Бээжинде көп жыл иштеп, мекенине баалуу кытай жылнамаларын алып кеткен белгилүү орус чыгыш таануучусу А. С. Пушкиндин досу (акынга өз китептерин тартуу кылган) көбүнчө Иакниф ата деген кечилдик аты менен таанымал болгон, окмуштуу Н.И. Бичуриндин эмгектери тарых барактарын ачып, ишенимдүү маалымалаттарды берет.*

*«Циньдин Синьңзянь шилюе»- «Улуу мартабалуу өкүмдар бекиткен Синьцзянь баяны» сыяктуу булактарда чек ара кызматынын системасы, бөтөн элди башкаруу, кыргыз (бурут) урук-журттарынын жайгашуусу, алардын чарбалык турмушу ошол учурдагы саясий абал, андай шарттарга чара көрүү, башкаларды тескөө ж.б.у.с. Кытай менен ар кандай алака-мамиле түзүшкөн мамлекеттердеги жана андагы калктарга жапайы букаралары катары караган. Башкаларга эреже, талаптарын аткартууда Көкө Теңир жалгаган дөөлөт башындагы мартабалуу өкүмдардын жана ал башкарган Кытайды көтөрө чалып, көкөлөтүүчү көз караштар өкүм сүрүп маалыматтар берилет.*

*Батыш кыргыздар «Батыш кыргыздары- кашкардан түндук батыш тарапта 300 чакырым, Ош жолу менен Памырдан өтүп баргалы болот. Чыгыш кыргыздары менен маңдай-тескей. 15тей урууга бөлунөт. Белгилүүлөрү төрт: адыгине өтөк, моңолдор өтөк, эл башы Ажы бий, экөөнү бийлейт, түтүн саны 700 дөн ашуун черик өтөк, эл башы-Маты, түтүнү 200 дөн ашуун; Басыз өтөк, эл башы-Каргы, 1300 түтүн айланасында. Кыргыздар урууларга бөлүнгөнү менен, жайытты бирге жайлашкан. Чыгыш түштүгүн Памыр тороп турат. Батышы Бухара уруулары менен чектешет. Жан саны 200 миң. Алар от-суу кубалап көчүп жүрүшөт. Бул чөлкөм Хан сулаласы доорунда Хузун, Вандук элдеринин байыркы коңушу болгон.*

*Кыргыздар мурунтан Чиң сулаласына кол берүүнү ойлосо да, Жуңгарлар бөгөт болоп, катташа албай жүргөн. Чиянлуңдун 24-жылы (1759-жылы) Жав хуй сангун Кашкарды тынчтандырып, калдык күчтөрдү сая кууп кыргыз жеринен өткөндө кыргыздар жолдон тосуп, ичке карасак дешкен. Ошондуктан Жавхуй сангун экинчи даражалуу коргоо жасоолу Дакдананы тескөөгө жиберген.*

*Ажы бий сангунга мундай деп кат жазган: «Адыгине кыргыздарынын карапайым эл башы Ажы бий улуу падышанын узун өмүрлүү болушун тилейт. Урматы чар тарапка жайылып, улуулугу ааламга тегиз жетип, дөөлөтү төкөрөктүн төрт бурчуна таралышын үмүт кылат.* ****Кытайлык Мамбеттурду Мамбетакундун котормосу граматикалык каталар оңдолбой өзгөртүүсүз берилди.***

*Чиянлуң падыша сангунга түшүрүүдөн мурун эле сангун Кашкардан жобо чыгарып, мөөр басалган кат берди. Аны тапшырып алып, кубанчыбыз куюнга сыйбай калды, ойлогонубуз ордунан табылды. Мен уруумду баштап, букардын чыгышындагы 200 миң эл менен букаралыкка өтсөк дейбиз». Жавхуй сангун алардын ак дилине сүйүнүп, муну ордого маалымдаган.*

*Падышалыктын жарлыгы боюнча 15 уруу эл ичке караган. Бирок чечек оорусу тарагандыктан, уруу башчылары кан сарайга саламга бараалышпай, Матынын агасы Кудалыны ордого саламга аттандырган. Ал Фаншанжың сарайында туруп, падышанын кабылдоосунда болгон. Падышанын сыйын көрүп, падыша менен бирге Нанван гүлбагын жана панусту сейилдеген.*

*25-жылы (1760-жыл) 1-айда Адыгине Ажы бий шерла, магасты ордого элчиликке жиберген. Падыша абдан чоң сый көрсөтүп, Нанван гулбагын жана панусту сейилдеткен Падыша 8-ай коргоочу жасоол сунумду жарлык менен кыргыздарга жиберген. Кыргыздар урмат менен утурлап тосуп алган. 27-жылы (1762-жыл) Адыгине Ажы бийдин эли турган жерге кокондук Эрдене кол салган. Шинжаңха ээлик кылып турган юңгуй Санат эрденеге буйрук жумшап, басып алган жерди кайтарткан. Бул жердин түндүк чегинин бийиктиги 40 гирадус бир минуттан 30 минутка чейин. Ордодон батыш кыйыр 43 градус 31 минуттан 46 градус 30 минутка чейин».*

*Чыгыш Кыргыздары «Чыгыш кыргыздары уйгурлардан башка бир урук болуп, Теңир тоонун түндүгү, Жуңгардын батышы, уйгурлардын батыш түндүгүндө. Чыгыш түштүгү Гикы шаарынан 790 чакырым, чыгыш түндүгү Иледен 1400 чакырым келет. Беш урууга бөлүнөт, алар: Саяк өтөк, Толчубай ээлик кылат, Сарбагыш өтөк, Черикчи ээлик кылат, ар бирине караштуу түтүндүн саны миң чамасында, эки эл башы бир-бирине көз каранды болбосо да, баш билгиси Мамуткул, кутчу өтөк, Матек ээлик кылат. Кытай өтөк, Каработо ээлик кылат, журту миң түтүн айланасында, Таласты жердеген; Саруу өтөк, Акбай ээлик кылат. Журт аксакалдары башына калпак, үстүнө кездемеден тигилген кийим кийишет.*

*Жөнөкөй эл тумак жана көрпө кыйууланбаган тон кийишет. Бул байыркы Усундун батышындакы жерге болуп, илгерки жайлоосу Темиртунур айланасында эле. Кийин жуңгарлар батыш тарапка чабуул салхан. Чиянлуңдун 20-жылы жуңхарлар тынчытылып, кыргыздар өз жерине кайтышкан.*

*23-жылы 6-айда Жавхуй сангундар дүрбөлөң салхан казак шерланы кармоо үчүн кубалап кыргыздар жерине барганда коргоочу жасоол Урдың, Толунтайларды Жумхал жайлоосуна жиберип, Саяк, Сарбагыш-эки өтөк элге жарлык жеткирип, алардын ичке өтүүсүн кабылдаган. Ошол жерде Матектин уулу Эшбол дагы бар болуп, ичке багынды болуу ою барлыгын айткан. Толунтай бирге аттанып, алты күн жол жүрүп жеткен. Ал Кушчу, Кытай-эки өтөк элден көңүл сураган. Алар элчи жиберип, уй, кой тартуулап, падышалык аскер жасагына келип, агадилдигин билдирген. 7-айда акылчы вазир Фуды коргоочу Ыдамжапты саруу өтөгүнө жиберген. Акбай юеш миң түтүн элин баштап ичке караган, ошентип, чыгыш кыргыздары бүт бойдон ичке өткөн. Ошол жылы черикчы, Толчубайлар кан сарайга саламга келген».*

*Батыш кыргыздары «Батыш кыргыздары менен чыгыш кыргыздары чектеш жашап, уйгурдун Кашкар шаарынан түндүк батыш 300 чакырым жерде батышы Бухара, уруулары менен туташат. Ош жолу менен памырдан өтүп баргалы болот. 15 урууга бөхлүнөт. Таанымал болгону төрт; адигине өтөк, моңолдор өтөк, эл башы Ажы бий болуп, 700дөн ашуун түтүнү бар; Черик өтөк, эл башы Маты, түтүнү 200дөн ашуун: Басыз өтөк, эл башы-Каргы, түтүнү 1300дөн ашуун. От-суу кубалап, көчмөн турмуш кечиришет. Байыркы Хузун, Вандук элдери жашаган жер болуп, Сак уругунан. Чиянлуңдун 24-жылы Жавхуй сангун тоо этегиндеги уйгурлады тынчтандырып, калдыктарын кубалап кыргыздар жеринен өткөндө Ажы бийлер алдынан тосо чыхып, сый көрсөтүп, ичке өтүнү айткан. Экинчи даражалуу коргоочу жасоол Дакдана кыргыздарга барып, алардын талабын кабылдаган. Ошондон улам Бухаранын чыгышынан берки Кыргыздын 200 миң адамы каранды болгон.*

*Бейжинге элчи аттандырып, падышага салам берген. Элчилерге аскерий маш оюну көрсөтүлгөн».*

***Анжыян «****Анжыяндын чыгышы чыгыш кыргыздары менен, түштүгү батыш кыргыздары менен чек аралнат. Чыгыш түштүгүнөн уйгурдун Кашкар шаарына 500 чакырым. Намангендин батышы Маргалаң, дагы батышы Кокондун төрт уруусу, ар биринин өз шаары бар, жери түзөң. Түштүгүн Памыр тороп турат, түндүгүндө Нарын дарыясы. Түштүк, түндүк тоолордон түшкөн агын суулар кошулуп, шаарлардан өткөндө өтө опурталдуу. Эли олтуракташкан, мал киндиктүү жер. Булар кыргыздардын дагы бир уругунан болуп, эл башы төбөсү бийик тери тумак, жибек тон кийишет. Эли ак калпак, этеги сарыдан кыюуланган тон кийишет. Байыркы заманда Дабан мамлекети делип, «Тарыхый жазмалар» да; «Дабан тургундары олтуракташкан, эгинчилик менен машкылданат, курган кала, коргону бар, сарай тамдарда турушат»-деп жазылган. Вий Юан замандарында Паргана, Таң доорунда Паргана делген. Кийин аты Анжыянга өзгөргөн. Наманген, Маргалаң, Кокондун бардыгында бирдей бек болот» деп жазылат.*

*«Батыш аймактарынын географиялык жазылышы» (Си-юй-тучжи) аттуу даректе, батыш жана чыгыш кыргыздары жөнүндө маалыматтар келтирилип, чеги катары Кара дарыя көрсөтүлөт. Кыргыздардын чыгыш бутагынын ээлеген аймактары, Кара-Буура суусунун (Талас суусунун сол куймасы) жогорку алабына чейин созуларын белгилешет. Кытай дареги боюнча чыгыш бутагына кирген беш уруунун ичинен сарбагыш жана саяк белгиленип, батыш кыргыздарындагы он беш уруунун ичинен адигине, моңолдор,черик жана басыз уурулары эскерилген.*

*Жунгар хандыгынын баскынчылыгынан улам түндүк кыргыз уруулары өз жерлерин таштап айрым чакан бөлүктөрү бийик тоолуу аймактарда жашырынышып, баш калкалоого аргасыз болушту. Калмактар толук талкалангандан кийин Фергана, Алай, Гисар, Кулябка чейин сүрүлгөн түндүк уруулар чогуу-чаран кайтышып, Талас, Чүй, Нарын жана Ысык-Көл өрөөндөрүнө жайгашууга ар бир уруу өз ата-бабасынын конушун ээлөөгө көчүп келе башташты. Сол*

*канатка кирген кушчу, саруу, кытай уруулары Талас аймагынын, күн чыгышынан Меркеге чейин ээлешти. Алардын башында кушчу Майтак бий турду. Кебек бий менен Кошой бийдин уулу Жамансарт башында турган солто уруусу күн батышындагы Маркеден тартып, күн чыгышында Ысык-Атага чейин жайгашты. Саяк уруусу Ферганадан кайтып, Кетмен-Төбөдө, бир бөлүгү Жумгал, Нарынга барып орношту. Алар Маматкул менен Тынай бийледи Сарыбагыш уруусу Кеминде, Ысык-Көл өрөөнүнүн күн батыш бөлүгүндө, Кочкордо жана Нарындын түндүк тарабындагы тоолорду туракташты. Бугулар Ысык-Көлдүн күнгөй-тескейинен, күн чыгышындагы Каркыра, Текеске чейин ээлешти.*

*Кыргыз урууларынын абалы барган сайын татаалдаша берди. Чет күчтөрдүн Ала-Тоого көз артууларына уруулардын бытырандылыгы оңтойлуу шарт түздү.*

*Чыгыш Түркстанда түрк калктарынын өз алдынча ээлигин орнотууга болгон аракет көпкө созулбады. Кытай армиясы калмактарга удаа Чыгыш Түркстанды басып алып, ал аймакты ээлөөсү оңой-олтоң ишке аша Син-цзян (Жаңы аймак, Жаңы чек Шиңжан) ээлигин түзүп аймакка ири армиясын жиберсе да, жергиликтүү калктын каршылыгын тез арада баса албады. Ири шаарларды бир нече айлаган курчоодон кийин гана багындырып, жан аябай каршылык көрсөтүшкөн андагы тургундарды аесуз кырышты. Аймактын бийлөөчүлөрү Орто Азияга кире качканда гана кытайлар толук ээлөөгө жетишти. Жергиликтүүлөрдүн күрөшүнө казактар, кыргыздар, өзбектер колдоо көрсөтүштү. /стөмдүккө каршы көтөрүлүш бир топко чейин тыйылбады Чиндер династиясы ири аскер күчүн колдонуп, оор салгылаштардан кийин гана үстөмдүгүн орното алышты.*

*Империядагылар ала-тоолук кыргыздарды өз карамагына киргизүү багытындагы аракеттерди удаа башташты. Кыргызстанга кире качкан калмак төбөлдөрүн колго түшүрүүнү шылтоо кылышып, кытай отряды Иле өрөөнү, Санташ ашуусу аркылуу Ысык-Көл аймагына кирип келгенде кыргыз уруулары катуу каршылык кылды. Чин аскери кыргыз жеринен чыгып кетүүгө чечкиндүү аракетерди*

*көрсөтүшкөндө, алардын бийик тоолуу мекенинен өтө татаалдыгынан улам, күч колдонуудан пайда чыкпастыгына көзү жетти. Кытай бийлиги, кыргыз төбөлдөрү менен келишүүчүлүк мамиле түзүүгө далалаттанышты. Алардын айла-амал менен кызматташуу ыкмага өтүшүнө Чыгыш Түркстандагы татаал кырдаал, андагы көтөрүлүшчүлөрдүн кыргыз жергесине өтүп кетип, андан калканч таап жатышканы түрткү берди. Кытай аскер башчысы Чжао Хой кыргыз бийлерине кайрылып, аларга жиберилген императордун кайрылуусун жарыялап кыргыз элчилерин Пекинге жөнөтүү зарылдыгына ынандыра баштады.*

*Бу күндө жунгарлар толук багындырылды жана силердин жериңер биздин чегара менен ирeглеш болуп калды. Эгерде силер, казактар сыяктуу (биздин) мамлекетке ыктап, баш ийип келсеңер, мен (силерге) мурдагыдай жашаганга, кийим-кечеңерди өзгөртпөгөнгө мүмкүндүк берем, мансап даражаларын дайындабайм жана салык төлөтпөйм.*

*Арийне, өкүл жиберип өтүнүч кылсаңар, жакшылыгымды жана сыйлык сыйымды аябайм. Силер көчмөн салт-санааңар менен ордо мамлекеттен айрымаласаңар керек, андыктан биз тарапка өтүштү жана бай ийишти каалабашыңар ыктымал; бул өзүңөрдүн ишиңер. Бирок, өзүңөргө караштуу урууларды эч качан чегара бузбагандай кылып тескөө зарыл. Ошондо мен аскеримди көбөйтпөйм жана тынчыңарды албайм. Жок, жоошуп, тынчыбайт экенсиңер, же империянын чегинен көчүп өтүп, өз билгениңерди жасап талончулук кылсаңар, анда чатакты өзүңөр чыгарган болосуңар. Аскерибиздин каарына каласыңар. Өкүнөсүңөр, кийин биздин ырайым кылышыбыз кыйын болот».*

*x x x*

Чин империясы өзүнө кошуп алган Жунгария менен Чыгыш Түркстанды турукташтыруу, Орто Азия элдерин ал жакка кийлигиштирбөөнү көздөдү. Кыргыз жергесин басып алуу ниетинен кайткан менен кийинкилигинде Кыргыз төбөлдөрүн өзүнө имерүүгө талбай, бүтүндөй Ала-Тоону ээлөө үмүтүн көздөгөн. Ошол эле учурда кыргыз менен казактарды кайраштырып, алардын

ортосунда жаңжал чыгарууга кызыгышкан. Чжао Хойдун демилгесин колдоп түндүк кыргыздарынын бийи Маматкул өз элчилерин (сарыбагыштан Черикчи бай, саяктан Түлкү бий менен Шербек, солтодон Ныша баатырды) Пекинге жөнөткөн. Кыргыз элчилери императордун кабыл алуусунда болушуп Кытайдын аскерлеринин абалдары менен таанышкан. Элчилер империянын кыргыз жергесине көз артуусуна саясатына каршы экендигин билгизишкен. Калмактар убактылуу ээлеп алган айрым жайыт конуштарын кайтарып берүүнү өтүнүшкөн. Бирок, кыргыз бийлери императордун жообун күтпөстөн эле ата конуштарына кайтышкан. Кийинки жылы кытайга кыргыздардын башка урууларынын элчилиги барышкан. Цин-манжур бийлиги чыгыш Түркстанды Орто Азия аталган кең аймактан бөлүү максатында алардын ортосундагы бийик тоолордун кыры аркылуу чек ара жүргүзүп, аны көзөмөлгө ала баштаган.

Бул «казак кайың саап, кыргыз Гисарга кеткен» мезгил эле. Ушул учурда кыргыздар үч топко бөлүндү. Биринчи тобу калмактардан жеңилгенден кийин Ысык-Көлдөн, Чүйдөн жана Таластан Фергана765ны, Гисарды көздөй качышты. Экинчи тобу душман менен жалпы сөз таап, аларга баш ийип, кызматташып калып калышты. Үчүнчү тобу Тогуз-Торонун, Чаткалдын жана Алайдын кокту-колотторуна аяңдап, капчыгайлардын оозуна, ашууларга күзөт коюп, партизандык согушту уланта беришти.

«Кырлар барбы кыргыз башы жатпаган, кыя барбы кыргыз каны акпаган» заманды баштарынан өткөрүштү. Жоокерчилик заман баш аягы кылымдарды каптады. Анын бир чоң бөлүгү калмактарга каршы күрөш мезгили. Жунгар империясы эки багытта -Чыгышта жана түштүктө манжурдук-кытай менен ал эми батышта болсо казак, кыргыз жана өзбектер менен согуш жүргүзүп турду. Бул аны алсыратты, кансыратты.

x x x

Генерал Чжао Хой калмактардын Буку Чаган жана Сары казак (Хазых Шары) кол башчыларын куумуш болуп Санташты ашып, Ысык-Көлгө андан Жумгал, Тогуз-Торого, Таласка барды. Табигый

жана адаттагы чек араны бузду. Анын  кол башчылары Жунгар оторчуларынын аттары басып өткөн жол менен из кууп жүрүп отурушту. Памирге чейин барышты. Кыргыздардын бийлери кытай аскерлеринин улоолорун жем-чөп, аскерлерин тамак-аш менен камсыздашты. Жетекчилери баалуу белек, тартууларды алып кайтышты. Ал жердеги калмак аскерлери аесуз кырылды. Барган жерлерде император Хун Линин кайрылуусун жарыялашты. Анда:

«Жунгар жок кылымда силердин жериңер биздин чек ара менен аралашып калды. Эгерде силер биздин саясатты кабылдасаңар, мен силерди мурда кандай жашасаңар ошондой жашоого уруксат. Бирок, чек ара ар бир уруу тарабынан сакталышы зарыл»-деп айтылган.

1746-49-жылдары кыргыздар Чыгыш Түркстандын калкынын боштондук кыймылына кошулушту. Жунгар ордосунда туткунда жүргөн Аппак кожонун тукуму Акмат 1747-жылы Сибирдик кыргыздардын жардамы менен качып чыгып, бурут кыргыздардын жардамы менен кошун түздү. Көп кол келип Кашкарды ээлешти. Акматтын козголоңун басуу үчүн. 1748-жылы Кашкарга Зайсаң Доржи он миң аскер менен жөнөтүлдү. Чечүүчү салгылашууда жазалоо тобу кыргыз-уйгур биримдиги тарабынан талкаланып, он миң аскердин жети миңи майдан талаасында калды.

Ошол эле жылы кайрадан калмактар хантайшы Эгба Зайсаңды кек алууга сегиз миң аскер менен жөнөтүштү. Жеңишке ээ болгон кыргыз-уйгур жоокерлери өз топторунан бөлүнүп үйлөрүнө кетип калышкан эле. Азырак топ менен болгон салгылашууда жунгарлар жеңишке ээ болушту. Бирок, уруштун кабарын уккан кыргыздар кайрадан топтолуп келишип, калмактарга кол салышты. Калмактар көптүк кылышып, аларды ороп биротоло талкалоонун аракетинде чабуул коюшту. Кыргыздар калмактардын алдыңкы топторун амал менен тескери жолго салышып, кошундун негизги күчүнөн ажыратып, чоң суудан өткөн учурда, көпүрөнү бузуп ташташты. Чегинүүгө жол таппай курчоодо калган калмактарды бүт бойдон кырып салышты. Бирок, кызыл кыргын күч алып, калмактардын көп колу Кашкарга каптап киришип, кожолордун жардамы менен

кыргыздарды шаардан сүрүп чыгышты. Колго түшкөндөрдү акчага сатышып, туткун кылып иштетишти.

Калмак баскынчыларынын Фергана аймагындагыларга жасаган чабуулуна каршы кыргыз өзбек биримдигин түзүп күрөшүштү. Саян Белек баш болгон калмактарды (1745-1749-ж) кыргыздын оң, сол, ичкилик урууларынын жигиттери ар тараптан сокку беришип, алардын бирдиктүү чабуул коюшуна ого эле тоскоол болушкан. Калмактардын күчтөрүн бириндетип, ар тараптан алагды кылышкан. Ошол учурдагы абалды билгичтик менен пайдаланган кытай-манжур императору Жунгарияга 1758-жылы жүрүш жасап ордосун талкалады.

Орто Азияда саясай-согуштук туруксуздуктун кесепетинен эл көчүп, жер колдон колго өтүп, каада-салт тебеленип, тепселенди. Моголстан менен Мавернахрдын ортосундагы бийлик үчүн болгон согуштар көпчүлүк элди бүлгүнчүлүккө алып келди. Алардын катарында кыргыздардын негизги тиричилиги болгон малчылыкка өзүнүн таасирин тийгизбей койгон жок.

Жоокерчилик заманда төрт түлүктүн ичинен, майда-малдын кой-эчкинин мааниси төмөндөдү. Тез-тез журт которууда, алыс көчүүдө жандык мал ылайыксыз эле. Ат жалында казан аскан, күчсүзү күчтүүдөн качкан заманда кой-эчки ашыкча жүк, жоого эле олжо болду да калды.

Аз сандуу, бирок тоо аралай, ар коктуларда жашаган калк, ойдон-тоого, тоодон-ойго конуш которуп жүрүү үчүн ылдам, күчтүү мал керек болчу. Мындай шартка жылкы бап келет. Барыдан мурда жылкы тоютту өзү тапкан. Кыш айларында күчтүү, бекем туяктары менен карды тээп, жан бакан. Үйүр-үйүр болуп жүргөндүктөн жылкыны кайтаруу да жеңил болгон. Күчү, сүтү, эти жана териси тоолуктардын күндөлүк жашоосу үчүн өтө зарыл эле. «Ат адамдын канаты», «атсыз адам, канатсыз куш» деген ылакап жөн жеринен айтылбаган. Тоолуктар жылкыны улоо, мингич катары колдонулган. Жылкынын эл аралык жана Борбордук Азиядагы деңгээли өтө өтүмдүү товар болгондугу маалым. Аскерге мингич, дыйканга күч катары зарыл эле. Жашоонун жана байлыктын негизги булагы болгон мал чарбачылыгында өтө чоң өзгөрүүлөр болду.

Калмактар менен кыргыздардын ортосундагы кармаш узак убакытка созулуп, келишүүчүлүк мамиле түзүлбөдү. Кокондун бийлөөчүлөрү, казак хандыктары жунгарлардын букаралыгын кабылдап, алык-салык төлөшүп, аманат берип турушкан. Кыргыздар алардан айрымаланып калмактардын жогорку бийлигин таанышкан эмес. Аманат да беришпеди. Бул Чыгыш Түркстанда да, Теңир Тоодо да, Алай, Памир аймактарында да калмактарды келишкис душман катары алык-салык берүүдөн баш тартышкан.

Түштүк Теңир-Тоодо жашаган кыргыздарды кыргынга учураткан жунгарларга каршы көтөрүлүш башка аймактагылардай дайыма тынчыган эмес. «Бул ордо кыргыздар «бурут» (бурят) деп аталган. Чин доорундагы чыгармаларда Теңир Тоонун түштүк тарабындагы кыргыздар «батыш бурут» деп аталган.

Теңир Тоонун түндүк тараптары жана Алай тоолорунун тегерегинде жашаган саяк, сарыбагыш уруулары карылуу көтөрүлүш жасап, Галдаңдын аскерлерин кубалап чыгарууда негизги орунга жетишти.» Убактылуу болсо да эркин болушту.

Ошол эле мезгилде Теңир-Тоонун түштүк тарабындагы кыргыз уруулары Кашкардагы Жунгар хандыгынын «куурчагы болгон» Аппак кожого каршы көтөрүлүш чыгарып турушкан. Айрыкча Кашкар, Жаркен аймактарындагы жунгар аскерлери менен Аппак кожонун бийлөөчүлөрүнө оор коркунуч келтиришкен. 1695-жылы Жаркен, Каргалыктагы уйгурлар менен Кызыл-Тоо аймактарындагы кыргыздар Шады кожонун жетекчилигинде көтөрүлүш жасап, Аппак кожого каршы уруш жарыялаган. Ага Памир тоолорунун этектериндеги кыргыз уруулары да катышкан. Бул урушта Аппак кожо өлтүрүлдү. Бирок калмактар өч алуу үчүн болгон согушта кыргыз, казактарды мүңгүрөттү.

1727-жылы Жунгар ханы Суаң Рабдан өлгөндөн кийин, Данияр кожонун Иледе ак үйлүүдө жаткан уулу Жусуп, анда жашаган кыргыз-кыпчак уруусу менен биригип, көтөрүлүш чыгарды. Бул көтөрүлүшкө кыпчактардын башчысы менен биригип Өмүр мырза жетекчилик кылды. Алар салык жыйноочу Медерчинин үч жүз аскерин жок кылып, Кучар, Котон Каргалыкты ээлешти. Ошол эле

мезгилдерде Жаркенге Жахан хан аталып, Өмүр мырза вазир болуп дайындалды. Кожо Жусуп Анжиан кыргыздарынын башчысы Кубат мырзанын жардамы менен Кашкарды ээлеп, Ак-Сууга жүрүш уюштурду.

Бул согушта (1756-57-ж) кыргыз уруу башчылары Өмүр мырза, Кубат мырза, Абдылдабек мырзалар кожолорго алык-салык төлөөдөн баш тартышып өздөрүнүн аскерлерин алып, тоого чыгып кетишти.

Кытай императору 1758-1759-жылдары чоң жана кичине кожолорго каршы генерал Жавхуйду жиберди. Ал Марал-Башы, Кучар, Кашкар, Жаңышаар, Жаркент, Котонду алтайдын ичинде кожолордон бошотту. Ак-Суу, Турпанда кыргыз заман Кулубек Жахандын аскерин кубалап жүрүп талкалады. Кыпчак-кыргыздардын башчысы Акимбек адигине, муңгуш, сарыбагыш урууларын жетектеп генерал Жавхуйду камоодон чыгуусуна чоң жардам көрсөттү. Жетинчи айда Бурханидин менен, Хан кожолор Бадахшанга качып кетишти. Генерал Жавхуй аларды кубалап аскерлери менен Памирге барганда кыргыз Акимбий аларга азык-түлүк, ат кошчудан жардамдашты.

Батыш Теңир-Тоодон Бухарага чейинки аралыкта жашашкан он беш кыргыз уруулары, бардыгы болуп эки жүз миң адам адигине уруусунун башчысы Ажы бийдин жетекчилигинде Кытай империясынын букаралыгына өтүүнү каалашкан. Генерал Жавхуй Кокон шаарында кыргыз өкүлдөрү аркылуу бул өтүнүчтү кабыл алган. Ошондон улам Кокон бийи Эрдене да өзүн кытайдын букарасы экендигин ырастаган.

«Жунгар маселеси», же «жунгар мурасы» кытай империясынын пайдасына чечилди. Он бешинчи-он жетинчи кылымдар аралыгында Чыгыш Түркстанда, Борбордук Азияда эл болуп калыптана баштаган кыргыздар узакка созулган согуштан улам чачылды. Жунгар ээзүүсүнөн кутулушуп, кайра кытай ээзүүсүнө тутулушту. Калмак баскынчыларына жана чоң-кичи кожолорго каршы күрөшүүдө Кубат мырза, Өмүр мырза, Заман Кулубек (Ак-Суу, Үч-Турпан, Ак-Чий аймактарындагы кыргыздардын башчылары) Ажы бий Чыгыш

Түркстанда жана Фергана кыргыздарынын келечеги үчүн эбегейсиз эмгек кылышып, узакка созулган тең эмес уруштарда кыргыздарды кырылуудан сактап калышты.

Көп жылдарды өз ичине алган согуш баскынчыларды да кансыраткан. Кашкарга жана Илеге бириккен күч менен элден чыккан баатырлардын жетекчилигинде жоого кол салышып, олжо алып кайтып турушкан. Куугунга алган калмактарды жазгырыш үчүн качымыш болгон кыргыз жигиттери капчыгайлар аркылуу туюкка, же ашууларга алып барышып, «жер көчкү», «таш кулатуу», «куш көчтү» өңдүү согуштук тактиканы колдонушкан. Же болбосо алдын сүйлөшкөндөй, бири-бирине белги беришип жылгалардагы туюк, жарларга, аска-зоолорго, үңкүрлөргө алып барып камашкан. Ал жерге качып баргандар аска-зоого, жар-таштарга чыгып кетишип, үңкүрлөргө кирип жашырынышкан. Дал ошол учурда бугуп жаткан жигиттер үйүлгөн таштарды кулатышып, өтө турган жолдорду бөгөшкөн. Үңкүрлөргө кирип кетишип, аркы тарабынан чыгып, үңкүрлөрдүн ооздорун бүтөп, от жагышып, түтүнгө ышташкан. Мындай билгичтик менен жасалган аракеттерден сестенген жоо колу, көбүн эсе куугунга алуудан айбыккан.

Он сегизинчи кылымдын биринчи чейрегинде жунгарлар Орто Азия менен Казакстанды жеңип алууда ири ийгиликтерге жетишти.

Ал жерде ордо 1723-жылдын күзүнө чейин турган. Калмактардын ордосунун ал жерден жылышынын себептери Түндүк кыргыздарынын баары эле Ферганага, андан Гисарга качпай Теңир Тоонун капчыгайларына бекинип алышып, контайшынын ордосуна сокку уруп турушкан. Талаа көчмөндөрү-тоо ээлери тар капчыгайларга, туюктарга бекинип алышып андан билинбей тынымсыз чабуул уюштурушкан. Тоолуктарга жана аз сандагы бекингендерге жунгарлар алгылыктуу согуштук чараларды көрө алышпаган. Капылеттен чабуул уюштургандардан коопсузданышып, калмактар өзлөрүнүн ордосун бир кылымда үч жолу которушкан.

**** (Чимитдоржиев Ш.Б «Взаимоотношения монгалами и Средней Азии в XVII-XVIII вв.М 1979-63-б*)**

Буруттарды «өз үйлөрүндө» жок кылуу максатында ойроттор бир нече жолу жүрүштөргө чыгышып, Нарын дарыясынын агымы, Кетмен-Төбө, Алай, Бадахшандагы капчыгайларга чейин барышкан. Көп сандуу колдун келе жаткандарын алдын ала билишип тоолуктар, капчыгайларга кирип кетишкен. Баскынчылар ээсиз калган кара малды олжолоп качууга үлгүрбөй калгандарды койдой мууздап кете беришкен. Эр азаматтар бийик зоолордон таш кулатышып, жаа тартышып, кар көчүрүшүп, алардын аргасын кетирген.

Чыгыш Түркстандагы негизинен Жаркент, Кашкар, Ак-Суу, Котон аймактарындагы жергиликтүү элдерге «ак тоолук» жана «кара тоолук» (ак топучан-кара топучан) топтор көп убакытка чейин тынчтык беришпеди. Алар бийлик үчүн күрөшүшүп өз үстөмдүктөрүн орнотууда, өздөрүнүн кызыкчылыктарын гана ойлошту. Элди бөлүп-жарып, кандуу кагылышууга дуушарлантышты. Кара тоолуктардын өкүлү кожо Даниел калмактардын өкүлдүгүнө өтүп, Жахан, Жусуп, Низамидин жана Абдалах аттуу төрт уулун Жунгар ханы Галдан Церендин ордосуна ак үйлүүгө (күрөгө) берип, өлкөнү калмак төрөлөрү аркылуу башкарып турду. Даниел өлгөндөн кийин Галдан Церен кожонун төрт уулун төрт шаарга акым кылып дайындады. Ал эми экинчи «ак топучан» ак кожолордун башчысы Абак кожо (Абак бий) аларга каршы күрөш жүргүзүшүп, жунгарлар тарабынан куугунтукталды. Анын эки уулу Бурханидин жана Хан кожону калмактар түрмөдө кармашты.

Калмактардын зомбулук кылып, басып алып, ал аймакка көпчүлүгүнүн жайланышып, отурукташына шарт түзүп берген жергиликтүү төрөлөргө элдин кыжыры келди. Галдан Церен өлгөндөн кийин бийлик талашка түшүп, согуштук күч экиге бөлүнгөнүн билген эл, аларга каршы көтөрүлүшкө даярдана баштошты. Ага жунгар төрөлөрү менен мурда бирге болуп жүргөндүгү үчүн көпчүлүк эл жек көргөн. «Кара селдечен» кожолордун өкүлү Жусуп кожо башчылык кылды. Ал Иледеги кыргыз-кыпчактар менен алдыртадан кат аркылуу байланышып, көтөрүлүшкө аттанды. Аны, калмактарды жактаган жаркенттик Газыбек кожо Жахан кожону камакка алып, Кокон бийинен жардам

сурап кайрылды. Абалдын оордугун сезген Жусуп кожо Анжиан кыргыздарынан кушчулардын бийи Кубат мырзадан жардам сурады. Чыгыш Түркстандыктардын көтөрүлүшү бүт өлкөнү кучагына алып, кандуу кагылышуулар күч алды.

Ошол учурда Чин-манжурлук аскерлер калмак-кытай чегине өтүп калган эле. Кытайдан аскер башычысы «ак селдечендерди» Бурханидин менен Хан кожону ордо түрмөсүнөн бошотушту. Алар кытайга кызмат кылууга-өздөрүнүн элдешкис душман санашкан «кара селделүү» кожолорго жана калмактарга каршы күрөшүүгө макул болушту. Башкы командачы Чжао Хой аларга манжурлардан жана кытайлардан турган аскерлерди бөлүп берди. «Ак кожолордун» өкүлдөрүнүн айланасына кол курала баштады. Алардын көпчүлүгү негизинен калмактарга ачык каршы чыгышкан кыпчак-кыргыздары эле. Жергиликтүү акимдер биринин артынан бири Бурханидин менен Хан кожо тарабына өтө башташты.

Ошол мезгилде кожолордун чакыруусу менен Анжиан аймагынан Кубат бий да кошуну менен жетип келди. Ага кашкарлык кыргыздар кошулуп кетишти. Жаркент үчүн болгон кармаш эки жарым, үч жылга чейин созулуп кыргыздардын тобу чечүүчү күчкө ээ болуп жатышты. Кайырдиндегилерге каршы салгылашуу диндин «газабат» мүнөзүндө болду.

Жаркент калмактардан жана аларды коштогон «кара селделүү» кожолордун бошотулду. Кубат бийдин согуштук аракеттери жана кайра тартпас эрдиктери эске алынып Кашкар шаарына акимдикке бекитилди.

Чыгыш Түркстанды басып алгандан кийин Чиндик-кытайдын өкүлдөрү активдүү аракетке, күч колдонууга өттү. Кыргыз бийлери Кытайдын Чыгыш Түркстанды ээлешине ачык каршы чыга алышпады. Бошотуучу катары тосуп ала алышпады. 1758-жылы кытай армиясы Ак-Суу, Турпан, Куча тарапта турганда жана чечүүчү жеңишке жетише электе аскер башчысы кыргыздарга «бизге ылоонун, аттын кереги жок, алар бизде жетишерлик» десе кийинки жылдары аны ар бир бийден каалаган санда ала баштады. Бул калк арасында наразылыкты туудурганы Пекинге чейин жеткен. Аскер

жетекчилеринин мындай зордук-зомбулугун, басаңдатуу иретинде, «жүрүш мезгилинде ылаңдаган, же чарчаган аттарды башма баш алмаштыруу жана сатып алуу жолу менен алууга» буйрук берилди. Ал кыргыз жери асман империясынын менчиги эместигин далилдейт. Борбордук буйруктарда кыргыздар букаралар эмес «варварлар» (жапайылар) деп аталат.

Чиндик-кытайдын агрессивдүү аракеттери Кокондук бийликтерди Ала-Тоолук кыргыздар менен жакындашууга түрттү. Кыргыз бийлеринин ичинен Эрдененин көңүлүн Ажы бий бурду. Ажы бий кыргыздардын адигине уруусунун жол башчысы, монголдорго, басыздарга бийлигин тараткан абройлуу адам болгон. Анын үстүнө ал алгачкылардан болуп, Пекинге барып Багдыхандын төрөлүк даража (тоголок шар, куштун канаты тагылган топу) алган.

(1758-жыл) Ваншу гүлбагында кыргыздарга сый көрсөтүлгөндө куралган ыр

Балык ойноп, элик элкин секирет,
Ваншу бакта көңүл сыры чечилет.
Эски будун жаңы эл болуп көрүнүп,
Кеч жамгырдан түш өзүнө керилет.
Тил, салтынын алысына карабай,
Тилектештик байлап турат элдерди.
Оорактанган, бирок тилиң агытпа,
Чек коргошуп берген иши эң ийги.

(1758-жылы) Ваншу гүлбагында кыргыздарга паннус сейилин көрсөткөндө арналган ыр

Панус турат балбыл этип, асылып,
Күйгөн оттон бейтааныштык басылып.
Дарбазадан кербез тартып киргенде,
Көз уялткан жарык шоола чачылып.
Панус менен падышаңды билбеген,
Кыргыз бүгүн туш көргөндөй ээленди.
Мөрөй болуп, маарекеге чумулуп,
Дилге шаттык, чеке амандык тиленди.

Андан чочулаган Кокон бийи Эрдене түштүк-батыш кыргыздарды эл жетекчиси Ажы бий менен биригүүгө мажбур

болду. Аны кандай болсо да жокко чыгаруу максатында Пекин Ажы бийге элчи жиберип, ынтымак мамиле түзүүнү сунуш кылды. Элчи Ажы бийге атайлап келип «Декрет жана мөөр» тапшырды. «Асман падышасы» Эрдене менен Ажы бийдин ортосуна чок түшүрдү. Бирок, элчи андан Коконго барып, Эрдененин элчисин ээрчитип Кашкарга келди.

Жыл санап Ферганaнын чыгышына жылып, барган сайын кыргыздардын кыштоолорун ээлеп, кокондуктардын кысым көрсөтүп жатканын өз көзү менен көргөн Ажы бий өз тегерегине кыргыздардын бийлерин топтоп, алардын алга жылуусун токтотууну чечти. Бий Ысык-Көлдөгү, Нарындагы кыргыз бийлирине жардам сурап кайрылганда Маматкул менен Черикчи макул болуп, кол курай башташкан.

Император аны ордого чакырды. Ажы бий өзүнүн ордуна уулу Сарыкүчүктү жиберип атайын жазылган катты жолдоду:

«Мен Бухарадан чыгышты карай чачылып жаткан эки жүз миң адамдан турган кыргыздарды бириктиргим келет» деп жазган. Сарыкүчүк ооз эки түрдө Багдыхандан аскер курал жардамын сураган. Пекин ага ачык жооп бербей кутулуу менен «асман уулу» «дайыма күчсүздөрдү колдойт»-деп жооп берген.

Пекин кыргыздарды Коконго каршы тукуруп коюп, окуянын кандай болушун күттү. Дал ошол кезде Эрдене тарабынан куугунтукка кушчу уруумунун бийи Нарбото өзүн жактагандар менен Синцзянга көчүп кетти. Кытай императору ага жана анын адамдарына жер бөлүп берди. Аны менен Коконду алсыратмак болгон.

Ажы бий менен Нарбото бийдин кытай тарапта болушу, Пекиндин өтө чүмбөттөлгөн «мамилеси» азыгы эле. Кытай тараптагы таасирдүү топтун болушу Эрдени чочулатпай койбогон. Ал Кашкардагы, Жаркенттеги соода, дин адамдары аркылуу Нарбото менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Кечирим сураган. Натыйжада Нарбото уруксатсыз эле Ферганага кайра көчүп келе берген. Бирок, Кокон жок шылтоону айтып кутулган. Нарботонун кайра келиши Пекиндик мамиленин өтүмсүздүгү эле. Анткени

түндүк чыгыштагы жортуулга даярданып жаткандарга Нарботонун Ферганага кайра көчүп келиши Кытайлардын Чыгыш Түркстанды басып алып, аймакты Синцзян (жаңы чек) аталышынан улам мусулмандардын Коконго, Бадахшанга жана Кара-Тегинге качышы улам өстү. Чиндик-кытайдын «жаңы» тартибине макул болбогон кыргыздар жана башка түрк элдеринин өкүлдөрү Орто Азиядагы хандыктарга көчүп кете баштакан.

Кожолордун укум-тукумдарын кугунтуктоо, Бурхандин жана кожо Хан кытай чиновнигин өлтүрүп, Сары-Колго, андан Бадахшанга кеткенин билгенден кийин генерал Фу Де Тогуз-Торо аркылуу Сары-Кол, Кара-Көлгө чейин барышы Бадахшандын башкаруучусу Султан шах менен Багдыхандын ортосундагы мамилелешүүгө алып келди. Бадахшандагы, Кара-Тегиндеги кыргыздардын арасына келген кожолорду кармап берүүнү талап кылган Хун Ли Султан шахты согуш менен коркуткан. Султан шах бир тараптан жергиликтүү мусулман калкынын каарынан чочуласа, экинчи тараптан коңшу мусулман мамлекеттеринин таасиринен корккон. (Кожолор өздөрүн Мухаммед пайгамбардын насилдери аташкан) Ошого карап ал Бурханидинди жана Хан кожону туткундап, өлтүргөн. Хан Кожонун башын кесип, Кытай императоруна жөнөткөндөн соң, Фу Де Жаркентке кайткан.

# III БӨЛҮМ

Аштарханиддердин урпактарынын маалыматтарында он жетинчи кылымдын аягында, он сегизинчи кылымдын биринчи чейрегинде кыргыздар Фергананын түштүк жана түштүк-батыш бөлүгүндөгү калктын көпчүлүгүн түзгөн эле. Буга чейин алар жергиликтүү элдин азчылыгын түзсө, жунгар басып алууларынан кийин жана Кашкариядан көчүп келгендердин эсебинен көбөйүп, саясий жана аскердик чоң күчкө айланган.

Бухарадагы Астраханид сулелесинин акыркы өкүлдөрү Убайдулла (1702-1711) менен Абулфейс (1711-1747) убагында жергиликтүү төрөлөр ортосунда бытырандылык күчөдү. Ал айрыкча Ферганада айкын сезилди. Бухарага каршы эки топ пайда болду.

Бухардын ханы Убайдулла (1701-1741-ж) Эшен Мусу кожого жазган катында «Азыркы мезгилде вилайет Оро-Дөбө, Хожент, Анжиандын төрт тарабын ак үйлүүдө өткөн Акбото кушбегиге бердик» деп маалымдаган.

Убайдулланын учурунда биринчи катардагы саясий жана аскердик күчтү саруу уруусунун жетекчилери Акбото жана анын иниси Бекбото түзүшкөн. Акбото Үч-Дөбө менен Намангандын акими жана куш беги (аскер башчысы) болуу менен бирге саруулар менен ичкиликтерге таянып, тез эле көчмөн кыргыздардын жетекчилигине айланган.

Экинчи топту өзбектердин миң уруусунун жол башчысы Шахрух бий болгон. Ал кыргыз Акбото бийдин жардамы менен Бухарадан бөлүнүп, өзүнчө мамлекет түзүү биримдиги бекемделди.

Ошол кезде саясий аренага тажик Фазыл-бий (Фазылбек) чыгат. Ал Хожентти жана Оро-Дөбөнү басып алып, Бекботонун кызына үйлөнөт. Ошентип Хожент, Наманган, Оро-Дөбө үчүн узак убакыт үч тарап жоолашып келген.

Бухара эмирлигиндеги бийликти Убайдулла башкарчу. Ал өлгөндөн кийин Абдулазизге бийлик ооду. Эмирликке караган Бухара, Балк, Гуляб, Гисардагы бийлик ыдырап, ар кими өз алдынча бөлүнүп кетишти. Дал ошол чакта Кожент аймагынын бийи

Маматибрагим аталыктын уулу Акбото Бухарага да, Чодактын кожолоруна да көз карандысыз ээликти башкарып турду.

Акбото Бухаранын ханы Убайдулланын ишенимине ээ болуп. Фергана өрөөнүнүн Түштүк Чыгышындагы Кожент аймагын калмак баскынчыларынан коргоочу кошуунду башкарчу. Ошол кезде Балктын башкаруучусу Маматбай тоодо жашаган уруулардын жардамы менен (Шаарстандык тоолуктар) Бухара ханы Убайдулла хандын жээни Мухаммед Мукумду өлтүрүп, Балк шаарын ээлеп алган эле. Акбото  кыргыздарды, көчмөн өзбектердин жүз уруусун да бийлегендиктен өз учурунда аны «Акбото бий жүз» деп аташкан. Акботонун аброю Фергана аймагынан гана эмес, жанаша өлкөлөрдөгү эл башкаруучуларга дайын эле.

Маргалаң аймагындагы кожолор уламдан-уламдан, кыргыздарга кол салып, талап-тоноп, үстөмдүк кылууга аракет кылып турушкан. Бирок Акбото бийдин аброю ошол чөлкөмдө даңазалуу болгондуктан бухаралыктар да, Чодактык кожолор да ага даай алышкан эмес. Чамыш бийдин уулу Шахрух чыныгы акыйкат жолго үндөгөн Маулана Лутфиллах Чистинин мюриди, ошону менен бирге Махмуди Аззамдын ыйыктардын султанынын да мюриди болгон. Ал Кокондон –(Хух-конд-чочкосу көп жер) үч чакырым аралыктагы Дихкан- Тода аттуу жерде жайгашкан болчу. Камыштуу сазда сепил курдурган. Кийин «эски коргон» аталып кеткен. Ага Тыргоо, Жаңгент карачу. Шахрух аталыктын Абдалрахим бий, Абдыкерим бий, Шады бий атту үч уулу жана бир кызы болгон.

Ал пайгамбар жашынан өтүп калганына карабастан Ферганадагы саясий аскердик күчтүн башчысы өзбектердин миң уруусунун жетекчиси Шахрух бийдин кызына кардар эле. Бий алгач үйлөнгөнүнө карабай, Шахрухтун кызын көрүп жактырып калды. Ал болочок кайынатасынан кызынын колун сурап, кыргыздардан аксакалдарды жөнөттү.

Көчмөндөрдүн салтында, күчтүү бийлөөчү гана башка бир атаандашынын кызын аялдыкка алууга шарт экендиги маалым. Болочок күйө бала аркылуу көп жерге колу жетерлигине ынанган

ары куу, ары митам Шоорук эртенки күндү ойлоп, кызын узатууга макулдук берди.

-Кайниңизди колуңузга алып, жаныңызга ала жүрүнүз. Эл бийлегенди, уруш өнөрүн үйрөтүнүз?-деп жумшак, ары сылык сүйлөгөн жаш айым күйөөсүнө кайрылды.

Кызынын акылмандыгына ынанган кайынатасы чоң уулу Абдалрахимди күйө баласына кошуп берди.

Кокон бийлигинин башаты дал ошол 1700-жылдардын башталышына барып такалат. Табиятынан куулугу жана өзүм-чүлдүгү атасынан ашса ашып түшкөн Шахрухтун уулу Абдалрахим жездесинин үйүндө жүрүп эл менен мамиле кылганды, бийлик жүргүзүүнү үйрөнүп, анын тарбиясын алып чоңойду.

Абдалрахим жаш кезинен эле атасындай бийликке умтулуп, ага жетүүнү самап жүргөн. Атасы өлгөндөн кийин да, ага бийлик ыйгарылбады. Эл башкарууну көксөгөн Абдалрахим күндөрдүн биринде, арам оюн ишке ашырмакка, түнкү уйкуда жаткан жездеси Акботону «өлтүрүп», Кожент аймагындагы бийликти өзүнө алмак болду. Бирок, жаш бөлтүрүктүн аракети тыянаксыз болуп, ишке ашпай калды. Жездесин өлтүрө албаган Абдуалрахим түнкү караңгылыктан пайдаланып, жака-белдегилерге көрүнбөй, шериктери менен ээн талаага качып, кутулуп кетти.

Каарданган бий, кара ниет кайнисин кармап келүүгө, ишенимдүү жигиттерин жөнөттү. Куугун каракчылардын аркасынан сая түшүп, сары изине чөп сала, кубалап барышты. Алардын аркасынан Шум-Коргон деген жерде жетишти. Абдалрахимдин эң жакын көргөн Камбар аттуу мергени баш болгон шериктери калкалап жүрүшүп, каракчылар аман кутулуп кетишти.

Кыргыз бийинин айымы-Шахрухтун эрке кызы, күйөсүнүн бутун кучактап, инисинин күнөөсүн кечирүүнү, кабар жиберип, үйгө алып келүүнү андан, жалынып суранды.

-Бийим, иним балалык кылып, бирөөлөрдүн тилине кирип, күнөөлү болуп калды. Болбосо ал, тузуңузга кара санабай турган, бир тууган кара чечекей кайниңиз эле. Күнөөсүн ак кызматы менен актасын. Кечирим бериңиз? Чакыртыңыз? Көзүңүздүн агы менен

айланып, сиз үчүн жанын да аябаган, калканыңыз болсун? Кайсыл гана душманыңызга баш тартпай көкүрөк тосушуна, түбөлүккө күйүшөөр ак никелүү жубайыңыз-мен кепил болоюн? Ак никелүү аялыңыздын, ал мончоктой балдарыңызды ардактап, төрөп-баккан менин айткандарымды аткарып, кечирим бериңиз? Атабыз өлүп, сизден башка калканаар кимиси бар? Сиз менин инилеримдин атасындай болуп калдыңыз. Алардын ишенгени да, таянар тоосу да сиз. Уулуңуздай көрүңүз?- деп, чоң кызы менен эки уулун жетелеп келип, чөгөлөп, пешенесин жерге тийгизип уламдан-улам ыйлап да, жалынып да сурана берди. Акбото койнунда жаткан жубайынын, канынан жаралган балдарын ортого салган энесинин айтканынан чыга алган жок.

-Ырас, балалык кылып, душманга алданып, ичи арамдардын тилине кирген экен- деп кайынинисинин кайрылып келишине, макулдук берди.

-Аз айып, көп күнөөм болсо кечириңиз? Кашыңыз менен кошо серпилип, кирпигиңиз менен ирмелейин. Кылычыңыз болуп чабылып, жебеңиз болуп атылууга убада берейин? Атамдай ыйык көрүп, сөзүңүздү кайтарбайын? Алдыңызда эзели баш көтөрбөйүн? Күнөөмдү ак кызматым менен актайын?- деп буркурап ыйлап, Абдалрахим көкүрөгүн жерге төшөп, кечирим сурап өбөктөдү.

Уулу жыландын бир күн болбосо да, дагы бир күнү уусуна бөлөп чагып аларын оюна албаган Акбото, ак көңүлү менен ага кечирим берди.

-Эшигиңизде жүрүп уулуңуздай эле болуп калды. Бир тууган жээндерин жанындай көрүп ардактап жүрөт. Сиздин таалимиңизди алды. Тузуңузга кара санабайт. Кызыбызды берип, күйө бала кылып алалы. Кийинкиде, уулдарыңызды да, жөлөп-таяп, кастарлап карайт- деген койнунда жаткан аялынын бал тилине көнүп, бий жанындай көргөн айдай сулуу жалгыз кызын, Абдалрахим менен баш кошуусуна макулдук берди.

Кыргыз бийинин бир тууган кайниси, бүгүнкү көздөй көргөн күйө баласы Абдуалрахим «койнундагы котур ташын» таштабады. Басса-турса да, бийлик сересин ээлеп, өкүмдүк кылууну ойлогон

мансапкор, баягы кара ниеттигин кайрадан баштады. Бир нече шериктери менен бүтүм кылып, аларды түнү алып келип, жанаша бөлмөдө уктап жаткан, кайынатасын капилеттен басып, эки баласы менен кошо мууздап, калаадан дагы бой жашырып качып чыкты.

Акбото бий Шахрухтун уулу баласы Абдалрахимге кызын берген болчу. Мындай кудалашуу эки тарапка тең пайдалуу эле. Андан Шахрух бий аябай пайдаланган. Ал а дегенде кыргыз-өзбек биримдигин түзүп, кыз берип, кыз алуу менен бекемдеген.

Эки тараптын жакындашуусунан бийликке жетүү кызыкчылыгы бийикте турду. Абдалрахим кайынатасы Акботонун колтугуна кирип ишеничке ээ болгондон соң, бир жолу түндөсү келип, көзүн жок кылууга аракеттенди. Кара жолтой максаты ишке ашпай, кутумдуктун аркасы билинип калып, качып кутулду. Көп убакыттан соң, ал окуя эскирген учурда Абдалрахим өзүнүн ишеничтүү тобу менен түнү уурданып келип, бир тууган жездеси, ары кайынатасы Акботону уктаган жайында балдары менен жайлап, түнгө жамынып качып кетти. Арам ою ишке ашкан Абдалрахим кайынатасынын ордуна Хоженттин башкаруучусу болуп калды.

Акбото өлгөндөн кийин күйө баласы Абдалрахим кайын журтундагы үркөрдөй болгон туугандарын ар тарапка чачыратып, куугунга алгандыгынан, алардын арасынан эч бири ага каршы чыга албады.

Бухара эмирлигинен Фергана өрөөнүндө өзүнчө ээлик бөлүнө баштады. Ал ээлик Коконго сүрүлүп, Шахрух бийдин урпактарына ооду. Ага Кокон, Исфана, Маргалаң калаалары кирди. Кийин Анжиан, Наманган жана Фергана тоо этектери басып алуунун эсебинен кеңейтилди. Ээликтин калкы көчмөн жана отурукташкан дыйкан сарттар, тажиктер, көчмөн малчылар, кыпчак-кыргыздар түзгөнү менен өз ара ыркы жок, бир топ менен экинчиси жаатташкан чырдан улам, бири-бирине өктөмдүгүн көрсөтүштү. Аягы жок чыр-чатактын айынан, аймак бүлгүнгө учуруп турган эле.

Бир кездеги Акбото менен Шахрух түзгөн өзбек-кыргыз биримдиги Кокон хандыгынын пайдубалы болуп калды. Миң династиясынын өкүлдөрү бул биримдикти өз кызыкчылыктарына

пайдалануу менен эле чектелишпей кыргыздардын саруу, кытай, кушчу, мундуз урууларынын башчыларын бийликтен четтетишип, куугун-сүргүнгө алышты. Ошентип кыргыз бийлери миң тукумунун урпактарынын бийликке келишине жана андан кетишине негизги себепкерлерден болушкан. Күрөш кыргыздардын жеңилүүсү менен аяктайт. Саруулар Таласка ооп кетти. Ага он жетинчи, он сегизинчи кылымдын тарыхы күбө.

Борбордук Азиянын аймагында түзүлгөн «астархандыктардын» урпактары бийлеген Бухара хандыгынын (эмирлиги) бытырай башташынын бир мисалы, 1710-жылы Кокон бийлигинин бөлүнүп чыгышы жана анда өзбектердин миң уруусунун жетекчилеринин бийликке келиши болгон.

Миң сулелесинин негиздөөчүсү Шахрух бий 1710-жылы Ферганада кожолордун бийлигин кулатып, өз бийлигин орнотту. Бир аз убакыт өткөн соң Бухара Шахрухтун бийлигин тааныды. Кара-Коргонду негиздеген миң уруусунун көсөмү Шахрух бийдин уулу Абдалрахим бий болду. Элдик аңыз боюнча Рахим бий миң башылыктан четтетилгенден жана Кожентин башкаруучусу жана кайнатасы Акботонун көзүн тазалагандан кийин төрт кичине дөбөчөлүү кыштакчага кичирээк чеп курдурган. Кыргыздар аны Кара-Коргон дешчү. Ошол чеп «Кара-Коргон» «Абдалрахим бийдин калаасы» аталды. Ал көп узабай Маргаланды Анжианды басып алат. Самаркандга жана Катта-Коргонго кол салат.

Андан көп өтпөй Абдалрахим Кожентеги бийлигин иниси Абдалкеримге берип, өзү Коконду борбор кылып калаа курду. Ал «Рахим калаа» аталды. Маргаланды башкарууну иниси Шады бийге тапшырды. Бийликтин эки тизгин, бир чылбырын биротоло колуна алган Рахим Кокондун айланасындагы аймактарга жүрүш кылды. Оро-Дөбө, Анжиянды каратып, Самаркан менен Катта-Коргонду алды. Кокон бийлигинин түбү түптөлө берди. «Эзели бийлик тизгинин эч кимге бербейм» -деп жүргөн Абдалрахим 1734-жылы киши колдуу болуп, көз жумду. Аймакка башкаруучусу болуп, Абдалкерим келди. Ал атасы курган эски коргонду талкалатып, жаңы шаар салдырып, аны Кокон деп атады Мурда бир тууган

жээни, кийин аялдыкка алган жеңесине, нике байлатып, агасы Рахимдин жесирине үйлөндү. Абдалкерим бий Бухара эмираты менен араздашып жаткан Шахрисябздын кенегес уруусунун бийи Хаким Бухаринин кызы Айчучук айымга үйлөнүү аркылуу миң-кенегес өнөктөштүгүн түздү. Кокон бийлигине Намангандын тегереги карады. Кийин Касандын, Аксыкенттин, Чодактын, Жаңы-Коргондун аймактарындагы элдер Кокон бийлигине көз каранды болуп калды. Абдалкерим бийликтин камчысын каттуу шилтеп, караламан калкынын ал-абалына карабады.

Шахрухтун балдарынын ач көздүгү арта берди. Жанаша аймактардагы Анжиян, Наманган жана аларга жакын тоо этектерин басып алуудан улам бийликтери бир топ чыңдалды.

Калктын наараазылыктарынан улам чыр-чатактар күчөдү. Жааттешуудан улам, акимдери да тез-тез алмашып турду. Фергана өрөөнүнө калмактардын бир нече жолку басып кириши Кокон башкаруучуларын да бушайманга салды. Коңшу жашаган кыргыздардан да кошуун курап, калмактардын бир нече жолку чабуулдарын тосушу, көп эле ийгиликти камсыз кыла албады. Абдалкерим бийдин айласы кетип, көзү чачырап калган болчу. Ал жакынкы аймактардагы кыргыз-кыпчак билермандарына, Оро-Дөбөнүн бийине кабар жөнөтүп, кокон-кыргыз өнөктөштүгүн түзүүгө чакырды. Оро-Дөбөнүн Фазыл бийи Абдалкеримдин абалын уккан соң, экөө шашылыш Коконго аттанды.

Калмак ноену Дода Доржу баш болгон анын кошууну кийинки келген чабуулунда Кайнар деген жерден каптап кирип, Кокон сепилин курчап алды. Кокон калаасынын башчысы Абдалкеримдин колу каршылык кылууга чамалары келген жок. Кокондук бийдин аргасы кетип, кыргыздар менен баштатан ынтымак түзбөгөнүнө өкүндү. Калмактардын койгон шарттарын аткарууга аргасыз болду. Калмак элчилери, бийдин сарайына келишип, анын кооз килемдерин аттарына тебелетип туруп, өздөрүнүн талаптарын айтышты.

-Жуңгар хандыгынын бийлигине кол кайруу кылбайт. Багынганын билдирип, барымтага ханзаданы берүүгө, контайчынын

макулдугундагы, ал белгилеген алык-салыкты мөөнөткө жеткирбей төлөп турууга милдеттүү. Калмак зайсаңдарын жана аскерлерин кийим-кечек, курал-жарак, жабдыктуу улоолор жана азык-түлүктөр менен камсыз кылууну мойнуна алат. Жанаша аймактарда жашаган кыргыз бий, бектери менен калмак колуна каршы согушууга биримдик түзбөйт. Коюлган талаптардан баш тартса, же аткарбаса Кокон бийлиги түп-тамырынан бери жок кылынат. Берген убадасын аткарууда кепилдикке Абдалкерим бий айласыз агасы Рахимдин тун уулу Бабабекти калмактардын колуна тапшырды. Ага кошуп жабдыктуу улоо, азык-түлүк, кийим- кече, курал-жарактарды камдап берип, убактылуу болсо да, кутулуунун аракетинде болду.

Дода Доржинин колу Абдалкеримдинээлигиндеги Кокон калаасын тоноп-бутап кетти. Ал кезде Оро Дөбөнү жыйырма жаштагы Фазыл бий ваннамий ибн Садык бий юз башкаруучу. Ал бардык абалды толук угуп, көргөндөн кийин, бир күн болбосо да, дагы бир күнү коркунуч өз башына түшөөрүн ойлоду. Эки бий акылдашып Фергана өрөөнүндөгү калмактарга каршы биримдик түзүү максатында кушчулардын билерманы Кубат беке жана адигинелердин баргы уруусунун биларманы, акылман Ажыбегинен келишти.

Миң урпактарынын алгачкы өкүлдөрүнүн (Шахрух, Абдалрахим, Абдалкерим, Эрдене, Нарбото) башкарган мезгили (1710-1799) өзбек-кыргыз мамилелеринин өзөгүн түзөт. Бир кылымга чамалуу убакыт өз ичинен эки чоң мезгилге бөлүнгөн. Биринчиси 1710-1759-жылдарды, экинчиси 1760-1800-жылдарды өзүнө камтыйт.

Өзбектер, кыргыздар жана тажиктер калмак баскынчылары менен бирге күрөшүү, жеңилиш жана жеңиш жылдары Ферганaны чет элдик баскынчылардан коргоо жана бошотуу жылдары Кокон бийлиги үч коңшу элдин саясий согуштук бирикмеси катары кызмат өтөдү.

Фергана өрөөнүнө душман ар тараптан чабуул койгондуктан алыскы аймактардан жардамга келүүчүлөр үлгүрө алышпады. Бирок

Кубат бек, Ажибек башкарган кыргыз кошуундары калмактарга каршы күрөштү уланта беришти.

Ошол кылымдын биринчи жарымында Чыгыш Түркстандын, Орто Азиянын хандыктары ич ара тирешүүсүндө жана өз ара таасир этүү чөйрөсү үчүн болгон чатактарда калмактарды жардамга чакырышты. Алардын дини, дили, сырткы кейпи, башка экенидигине көңүл бурушпады. Бул жагынан Чыгыш Түркстандагы бийлик үчүн күрөшкөн, кожолор өтө эле саясий жана диндик сокурлукту көрсөтүштү. Натыйжада калмактар Ак-Суудан Кашкарга чейинки аймакты басып алышты.

Орто Азиянын мамлекеттеринин ичинен жунгар багытын алгандарга Бухара эмираты кирген. Ошол мезгилдеги тарыхый булактар кыргыздарды чыгыш жана батыш буруттар деп экиге бөлүшкөн. Кыргыздар чыгыш Кыргызстанда (кичине Бухарада) жергиликтүү калктын үчтөн бирин түзүп, тоолук бөлүгүн дээрилик кыргыздар ээлеген. Алар кожолордун бийлик үчүн болгон күрөшүнө катышып, аскердик күчкө айланышкан.

Ал эми түштүк-батышта жашаган кыргыз урууларынын ичинен кушчулар жана адигинелер жогорулай башташты. Согуштун катаал жылында Абдалкерим калмактардын үстөмдүгүн таанууга жана Абдалрахимдин уулу Бабабекти ак үйлүүгө (барымтага) берүүгө аргасыз болгон. Фергана аймагын коргоодо Абдукаримдин башкаруу мезгилинде батыш кыргыздар менен Кокон бийлеринин ортосунда убактылуу калмактарга каршы биримдик түзүлдү.
Фергана элдеринин боштондук күрөшүнүн башында Кубат бий менен Ажы бийдин жана Кокондун башкаруучусу Абдалкарим бий болушту. Алар кыргыз, өзбек, тажик элдеринен турган аскерлерге башчылык кылып, калмактарды бир нече жолу Фергана-Ош аймактарынан сүрүп, кайрылып келүүсүнө мүмкүнчүлүк беришпеди. Улам ынтымакташкан каршылыктарга дуушар болгон Ташкенди көздөй жылууга аргасыз болушту.

x x x

Эл арасындагы эскерүүлөрдө жергиликтүү кошундун башчылары басып келе жаткан жоонун бет алдынан чыгышып,

катуу каршылыктарды көргөзүшөт. Бирде айкашып, бирде сүрүп баратып, кармаш кызыган мезгилде капысынан арка тарапка качып жөнөшөт. Калмактар качып бараткандарды биротоло талкалоого киришишип, жабыла аркаларынан түшкөндө жергиликтүүлөр майда адырлардын кокту-колотторуна сиңип кетишет. Куугундун кызуусуна түшүп, күү менен келген жунгарлар терең, ары баш-аягы көрүнбөгөн аңга капталышат. Алдыңкылары аттарынын башын бургуча болбой, аркадан келгендери сүрүп, көбү бийик шайтан жардан кулап, өлүм табышат. Жоо жолу бийик жар четинде тополоңдошуп жатканда, жергиликтүүлөр майда адырлардын кокту-колотторунан чыга калышып, эки тараптан каптап кетишет. /чүнчү бөлүгү чабуул коюп бараткан жоо колунун алдыңкы тобунун жолун кесип, кийинкилерин каршы алып, душмандын көп колунун тымтыракайын чыгарышат. Бул согуш кийинкилерге «Шайтан жардагы кармаш» аталып кетти.

Кийинки жылы да калмактардын каптап келе жатканы билинди. Кыргыз, өзбек, тажик кошундары шашылыш бириге башташты.

-Жоону кай жерден, кантип каршы алабыз?-деген суроо менен кошун башчылары ээн талаада жыйналышты.

-Өткөн жылдагы тийди-качты илебизди душмандар билип калышты. Жапырт кол салып, калп эле качымыш болгонубузга алар ишенишпейт. Бет келишип кана кармашуу калды-деди тажик кол башчысы Фазыл бий

-Буктурма коюп, кармаш аларга белгилүү. Бар тобокел деп, түз жерде согушсак, кудай колдоп жоону артка сүрөбүз-деди Кокон бийи Абдалкерим бий. Ал сөзүн жыйынтыктагыча болбой ат кошчунун:

Дыр-р. Так-так! Шык-шык деген добушу чыгып, ат туягынын дүбүртү угулду.

-Эмне болуп кетти?-деген ойдо, жыйындагылар жабыла үн чыккан тарапка тигилишти.

Абдалкаримдин туйлаган тулпарын эки ат кошчусу эки тараптан жылоодон ала, шык-шыкташып, жоошутунун аракетинде

эле. «Жыйындагыларды алагды кылып койдук» дегенсишип, ат кошчулар күнөлүүдөй жалт-жалт тиктешип, туйлаган аттын соорусунан сылашты. Бирок, байлоодо туруп, бук болгон аргымак, ашыкча кыймыл болсо, же чоочун шыбырт угула калса, кошкура үркүп, эки алдынкы колун көтөрө, аба чапчыйт. Ал ансайын эки ат кошчу жылоодон бышык кармашып, мойнунан, соорусунан сылай шык-шыкташат.

Көрсө алардын бириси колунда күмүш чегериле коодолгон жүгөндү, ат башына катканы, бутунун учуна тура кала, бийик мойнуна асылып жатты. Улам кыймылдаган сайын жүгөндүн шылдырагынан ат үркүп жаткан эле. Аны байкай калган Кубат мырза оюн ортого салды.

-Калмактардын чабуулуна тартынбай эле тосуп алалы деп, айта баштаганда, алагды боло баштагандар жапырт анын сөзүнө кулак түрүштү. Алардан жалтанбай биздин кол да ат коет.

-Бир амалды колдонбой, жөндөн-жөн айкашсак, жеңишти колдон алдырып, койбойбузбу? Бүгүнкү тополоң кимдерге ыңгайлуу болушу мүмкүн дейсиз? тажик баатыр башы Фазыл бий суроо ката кетти.

-Алибетте, жеңишти колдон чыгарбас үчүн аракеттенебиз. Бирок, тобокелдике барып, айкашка чыгып жатканыбызды билип туруп суроо бергениңиз кандай, шаа?-деди Ажы бий бир чети зекий, эскерте кетти.

-Жеңишти ойлобой аракетин көрбөй туруп, айкашка аттанганыбызды айткым келет-деп, Фазыл шаа актана кетти.

-Жеңишке жетүүгө аракеттенбеген кармаш, жеңилүүнү моюнга алганга барабар, шаам-деди Кубат бий, ага бурула-Биз чабуулга, сиз айткандай амал-айла менен киребиз.

-Кандай амал-айланы айтат дешип, тургандардын бардыгы Кубат бийди жабыла тиктеп калышты.

-Ооба, ал айла-амалыбыз, азыркы эле өзүбүз көрүп, күбө болгон…

Тегерегиндегилер «азыр эле эмнени көрүп, эмнеге күбө болдук» дешкенсип, бири-бирин тиктеше калышты.

-Аргымак үйрөнгөн болсо да,  дайыма башына каткан жүгөндүн шылдырагынан үркүп жатканын байкадыңарбы?

-Бу бийдин, бизди шылдыңдаганыбы-дешкенсип, кошун башчылар үрпөйө түшүштү.

-Бийим, сиздин оюңузду мен түшүндүм-деди Абдалкерим жандана-Сиз айткандай шалдыракты да пайдаланып көрөлү.

Жылкы мүнөзүн жакшы билген Кубат бийдин оюу жөндүү эле.

Жылкы эзели кулагына жат, көзү көрбөгөн буюмдан, үндөн үркөт. Жалтанып көпкө чейин көнүкпөгөнүн бий жакшы билчү

Калмактардын чабуулун каршы кыргыз-өзбек, тажиктердин бириккен кошуну жүгөн, тизгиндерине шалдырак байлашып, жез-калай буюмдарды чапкылашып, кирип келген жоонун аттарын үркүтүшүп, өздөрүнө жакын жолотпой сүрүп, найза сунуп, кылыч чабышты. Ал түштүктө «илаган уруш»-деп,  аталып калган. Урушта Кубат бий менен Ажы бий жетектеген кыргыз атчандарынын үстөмдүгү айкын көрүнүп, өч алуу үчүн атайын атtanып келген калмак Сарымынжинин согуштук жүрүшү талкалануу менен аяктады. Фергана аймагына айрыкча Кокон шаарына багытталган урушта, жунгарлар түмөндөгөн аскерлеринин жарымынан көбүнөн ажырады. Кокон-Анжиан аймактарындагы кыргыз, өзбек, тажик элдердин бириккен кошундары жунгар армиясынын омурткасын оморуп, кабыргасын сындырды. Жунгарлардын    Фергана аймагын басып алуудагы согуштук жүрүштөрүндө ар келген сайын аскерлеринин жарымына жакыны уруш талаасында жок болсо, кийинки жүрүштөрдө көпчүлүгү ат-улоолорунан ажырап, арып-чарчап аман калгандары аркаларына кайтышты.

1745-1748-жылдар аралыгында алар калмактардын чабуулун токтотту. Бул согушта миңден ашык атчандардан турган кыргыздар чоң жардам көрсөтүп Доржу Ламанын аскер бөлүгүнө кыйраткыч сокку урган. Согуштук ынтымак узакка созулбады. Согуштук абал кескин өзгөрдү. Өзбек, кыргыз, казак элдерин бириктирүүгө аракеттенген Абдулкерим бий белгисиз түрдө өлүм табат. Андагы чыр-чатактар басылгандан кийин Абдарахимдин уулу, Эрдене

бийликке келди. Аны Кокон падышачылыгын түзүүнү көздөгөн бийлер тобу бийликке алып келишти. Ал калмактарга каршы багытталган чыгыш кыргыздарынын күрөшүн улантууну, Улуу тоону, Ала-Тоону, Кашкардын кара тоосун хандыкка кошууну максат кылды. Аны соодагерлер, кол өнөрчүлөр жактады. Бул Сыр-Дарыянын оң жана сол жээктерин Кокон бийлигине каратуунун алгачкы даярдыгы эле. Бирок аны ишке ашырууга анчалык чоң эмес бийликтегилердин кудурети жетеби, жокпу деген суроого жооп болгон эмес.

х х х

1758-жылы Чиндик кытайдын армиясы Жунгар хандыгынын ордосун талкалады. Элди кылыч мизинен өткөрүү эки жылдын ичинде Чыгыш Түркстанды өзүнө каратып алды. Ушул учурда «жунгар мурасы» аттуу кытайлар тарабынан ойлонулуп чыгарылган саясат келип чыкты. Жунгар мамлекетине караган, же калмактар басып алып отурукташкан жерлер «Асман империясына» тиешелүү деген бүтүм ойдон чыгарылды. Жунгарлар күчөп турганда алардын атчан аскерлери батышта Волгага, Бадахшанга, Бухара, Самаркандга чейин жеткени эске алынганда мураскорлордун талаптары өтө эле ыраакка багышталган, кумга четилген кур кыял экенин тарых ырастады.

Ошол кылымдын экинчи жарымында Борбордук Азияга анын ичинен Ала-Тоого тап коюуп, аны басып алууга ниеттенген күчтүн бири Чин манжурдук кытай эле. Бирок Орто Азияга эч кандай мурассыз эле көз арткан өлкөлөр Россия, Англия болуучу. Россия акырындык менен Азияга карай бет бура баштады. 1716-жылы Иртыш, Омский жана Каспийдин чыгышына сепилдерин негиздеп, эки жылдан кийин Семпалатинский, (1735-1742-жж) Оренбург (Орск) бекемделген чептерин курду. Борбордук Азияны түндүктөн жана түндүк чыгыштан курчап алды. Ал эми Англия он сегизинчи кылымдын орто ченинде Индиядан Испанияны, Галландияны, Португалияны бир жолу сүрүп чыкты. 1756-1759-жылдардагы согуштун натыйжасында аяктан Францияны айдап чыкты. Улуу Британия соода мекемеси «Ост Индия» компаниясынын кожоюнан,

материалдык жана элдик ресурстарды эсепбинен Индия континентинин ээсине айланды. Мурда болуп көрбөгөндөй саясий жана согуштук аброюнун жогорулашына алып келди. Анын атаандаштары Франция жана Россия кургактан, андан мурун ээлөөнүн аракетинде болушту. Ошондон улам Орто Азияга соода жана «илимий» экспедициялар, элчилер биринин артынан бири келе башташты.

Кожолордун башкарган мезгилинде Кашкар менен болгон сооданы Бухара жана Хива көзөмөлдөп турган. Ага өзгөчө Кокондун бийлери ынтызар эле. Соода жолу кыргыздар жашаган аймактар аркылуу өткөндүктөн жана алар негизги сатып алуучулар болгондуктан «Жунгар мурасын» алардын катышуусуз бөлүүгө мүмкүн эместигин тараптар түшүнгөн. Ошондуктан кыргыз төбөлдөрүн ар тараптан, өз жагына тартууга аракеттенген.

X X X

**«Пиндин чжуньгээр фанлюэ» «Жунгарияны тынчытуу баяны» Чженьбянь- «Жаңыдан каратылган калкты кандайча башкаруу жөнүндө» сыяктуу расмий булактардан алынып которулган маалыматтар**

**«Улуу Цин сулалесинин баардык өкүмдарларынын башкаруу баяны»**

**252-бап Цяньлун: 10-жыл (1745) 11-ай**

*35 б Түндүк батыш кош жолундагы (б.а Жунгария менен Кашкардагы) цзянцзюндарга жана дачэндерге маанилүү иштер боюнча чара көрүшкө буйрук берилди.*

*Мамлекеттик кеңештин министрлерине Императордун жарлыгы үстүбүздөгү жылдын 9-айында Галдан Церен дүйнөдөн кайтыш болгон. Фергана аймагынын дыйканчылык жана мал чарбалык байлыгын жана кенен жайыттарын басып алуу аракеттеринен натыйжа чыкпаганынан түңүлгөн жунгарлар Ташкен-Талас багыттарынан үмүттөрүн үзүшпөдү. Бирок, Кыргызстандын түштүк аймагындагы жоокерлердин бирдиктүү аракеттеринен улам жунгар армиясы согуш жүргүзүүгө жараксыз абалга келген чакта Галдан*

*Церен өлүмгө учурады. Жунгарлардын арасында бийлик үчүн күрөш күчөдү. Ага туура баам салган түндүк-чыгыш кыргыздардын бийлери Борбордук Ала-Тоону, Чүйдү жана Ысык-Көлдү калмактардан бошотуу аракетин колго ала баштады. Ал демилгечилердин биринчиси түштүк-батыштан келгендер, экинчиси-качпай калган жана калмактар менен мамиле түзүшүп, бирок душмандардын согуштук күнү батып бараткандын сезишип, боштондук кыймылынын катарына өткөндөр (же калмак кыргыздар) болушту. Алардын катарына черикчи, бугу, белек уруулары өңдүү Теңир-Тоодо калып калышкан Качыке, Садыр, Түлкү, Бердике, Солтоной баатырлар жетекчилик кылышты.*

**11-бап Цяньлун бийлигинен 20-жылы, 1755-жыл**

**18 б Мамлекеттик кеңештин (Цзюньцзи дачэнь) министирине Улуу өкүмдарлык буйрук**

*Юн Чан кабарлагандай, жаңыдан каратылган буруттардын үч жүздөн ашуун түтүн уй бүлөсу ээн баштык кылып, мурдагы конуш-журттарына качып кеткен. Бул качкандардын башынан эле оорчунду иштерге тиешеси жок болчу, бирок Юн Чан алардын качканын билер замат, биргелешип кармап келгиле деп Солон менен Барху жоокерлерин жөнөткөн.*

*«Жунгар мурасын» Кытайга менчиктөө Ысык-Көлгө, Ат-Башыга жана Нарынга (чыгыш кыргыздары) болгон мамиледе ачык көрүндү. 1759-жылы июль айында кожолордун качып кеткени жөнүндө кабарды алар замат Хун Ли аларды кетип калуу жолун тосууга-Ысык-Көлгө чек ташын коюуга, аскерди жиберүүгө жана кароол өтмөктөрүн коюуга буйрук берди. Чебден Чжаб буйрукту алаары менен императорго түшүндүрмө берди «Ысык-Көлдө жети айдан кийин (август) суук боло баштайт, анда чек ара аскерин кармап туруу өтө кыйынчылыкты туудурат» Аскер жетекчисинин тоолу аймактагы аба ырайына басым жасаганы башка тоскоол эмес экендиги маалым. Чыныгы кыйынчылык Ысык-Көлдө жашаган кыргыздар экендигин генерал айткысы келбеген. Андай болгондо «асман эгесинин» ачуусуна тиймек. Көлгө аскерди киргизүү, кароол коюу кыргыздардын куралдуу каршылыгына алып келмек. Чыгыш Түркстанга жаңы эле келип, жайланыша жана батыша элек шартта*

*бул өтө опурталдуу кадам болмок. Анткени ал жерде жунгарлар менен алакалаш кыргыздар жашап турушкан. 1758-жылга чейин качкан кыргыздар көчүп келе башташкан. Бул кытай аскери Иле аймагына, Чыгыш Тянь-Шанга келе электе болгон. Жунгарлар күчөп турган мезгилде да алар менен кыргыздардын ортосунда чек болгон эмес. Алар басып алышкан. Кайра келген кыргыздар эч кимден уруксат сурашкан эмес. Анткени Ысык-Көл алардын жери, ата-конушу. Багдыхан ачуу чындыкка айласыз макул болуу менен бул темага экинчи кайрылбаган. Ошентип Ысык-Көл ойдуңу чек ара кароолунун батыш бөлүгү болуп кала берди.*

*Экинчи чоң чыр-чатак Ат-Башы, Нарын менен байланышкан миңден ашык кыргыздын Ат-Башыга көчүп келгендигин аскер тыңчылары жана соодагерлер маалымдашкан. Бул кабарды тактоо жана изилдөө үчүн Синцзян бийликтери атайын топту жиберген. Топтун башчысы атбашылыктардын жетекчиси Черикчи менен жолугушунда:*

*-Ат-Башы, Нарында жунгарлар жашаган. Алар талкалангандан кийин ээлик Кытайга өттү. Жерди бошоткула-деп шарт койду.*

*Ат-Башы, Нарындагы кыргыздардын ээлигин Черикчи бий далилдеп*

*- Эч жакка барбайбыз деп жооп берди.*

*-Биз императорго билдиребиз. Аяктан жооп болмоюнча көчүп кетүүнү токтотуп тургула!-деп Кытай өкүлү жооткотту.*

*Аскер башчы Агуй барган топтун маалыматы менен таанышып, чек арадагы абалды ар тараптан изилдеп, императорго:*

*-Кыргыздарды Ат-Башы, Нарындан кууп чыгуу мүмкүн эмес. Биринчиден Ат-Башы мурун кыргыздардын жери болгон. Экинчи Ат-Башы согуш базасы Иле аймагынан өтө алыс жана бийик тоолор аркылуу бөлүнүп турат. Үчүнчүдөн кыргыздар Ат-Башыны аябай эле өздөштүрүп алышкан. Маалымат аркылуу Багдыхандын көрсөтмөлөрүн четке каккандан чочулаган генерал Ат-Башы, Нарынды кытайдын көзөмөлүндө кармап туруу үчүн чек ара аскерлерин улам барып текшерүү аркылуу жүргүзүүнү сунуштаган.*

*Ошондон улам Ат-Башы, Нарын империянын чегинен сырткары аймак катары кала берди.*

*18 б «Бу буруттарды башкача башкаруу кажет, а Юн Чан болсо куугунду жана аларды кармашты жакшы уюштура алган жок.*

*Арийне, Галцзан Доржиге өкүл жөнөтпөй туруп, качкандарды кайра кайтарыш үчүн жоокер күчү керекпи, же керек эмеспи деп кайта-кайта такай берүү иштин чоо жайын түшүнө билбегендикти далилдейт. Айтылуу генерал Юн Чан ийри чөлкөмү каратылгандан кийин бу качкындардын качкандан кийин баары башка жол менен теске салынаарын Чао Цзиге жана Баньдиге билдирди. Юн Чан ошондой эле жаңы баш ийдирилген ци-ци-кэ-ба-сы-ха өтө каатчылыкта жашашаарын жана азык-оокат жагынан жардам үмүт этишээрин кабарлады. Көптөрү каракчылык менен күн көрүшөт. Жунгар урууларынын ич арасы тоз-тополоң. Даңктуу аскерлерибиз келип, жаңы эле тынчытты.*

*18 б Алардын арасында каракчылар жоктугуна кандай кепилдик бар. Тынчытып, тартип орноткондон кийин, алибетте алардан арылуу керек. Кедейлерге келсең жайсаң (зайсаң) Салаар башкарууну өз колуна алып, бара-бара баарын жөнгө салышы ыктымал. Же жергиликтүү бай үй-бүлөлөрдү каржалгандарга каралашкыла деп милдеттендириш керек. Болбосо, өздөрүн жер иштетип жан багышка мажбурлоо зарыл»*

**13 –бап 1755-ж 6-ай**

**22 а Динбай цзянцзюнь Баньди Давацинин урук-туугандарын кармаганын кабарлады**

*Даваци калган-каткан аскери менен тымызын из жашырып кетти. Эки багыттын аскери артынан куугунга жөнөштү. Сары изине сая түшкөн аскерлер бир багыттан Даваците кошулуп баратышып, тобунан адашып калган эки миңден ашуун адамды кармашты. Даваци менен бирге калгандардан, бар болгону жүздөн ашуун адам көз жазгырганга үлгүрүштү. Конуш жайларына кайтып келгенден коркуп ууру жол менен Куйлук*

*кырка тоосу аркылуу буруттардын жерине качышты. Биздин бухарыбыз Цэньгуньчжаб, Нэмоку, Чыжалаб, Аожнан*

*22 б Даваци көчүп-конуп жүргөн журттарга барышып, анын бүт урук-тууганын, ламаларын (алты миңден ашуун адам) жана ошондой эле коңшу уурулардын элин кармашты. Даваци дагы бир аз убактынча аман-эсен калаар, бирок артынан цаньцзань дачень Алапьтай, ван Баньжур, Церен-Убаш чогуу күч менен кууп барат. Кыязы, кутулуп кетиши кыйын го. Анын үстүнө буруттар Даваци менен эчактан жоо, жанынын аманатын сураса, эч качан калкалап калышка макул болушпайт. Дайын дарегин сураштырып белгиле деп өкүлдөрдү жөнөтүп койдум. Аны тезинен кармоо керек. Сиздин кызматчыларыңыз Баньди Амурсалар, бир жерге чогулушту. Кандай аракет кылышты болжошуп аткарууга киришүүлөрү тийиш.*

*23 а Улуу өкүмдарлык буйрукка ылайык ойроттордогу кырдаал көзөмөлгө алынсын, ырааттуу түрдө аткарылсын жана билдирилсин.*

**Мамлекеттик кеңештин министрине**

**Улуу өкүмдарлык жарлык**

*Баньди билдиргендей Даваци аялын таштап, жүздөн ашуун кишиси менен буруттарды карай качты. Аланьтай аскерди баштап артынан сая түштү. Жакында кармашы керек. Даваци тополоң салган козголоңчу, аны эч колдон чыгарышка болбойт. Буруттардын чегине кире качканы чын болсо, Давацини кармап бергиле деп көндүрүш үчүн Баньди ал жактарга кыраа кишилерди жиберет. Бирок Давацини кармашка аскер жөнөтүштүн кажети жок. Тапшырманы аткарууга ишеничтүү кызматкерлерди жиберүү жетиштүү.*

*23 б Амурсана менен Салар ал жерлердеги жагдайды жакшы билишет жана ишти бир жаңсыл кылышта Баньдиге жардам беришмекчи. Аны сөзсүз колго түшүрүш керек. Жунгарлар азыр толугу менен тынчытылды. Бир гана адам-Даваци кармала элек, болгон аракеттин баарын колдонуу зарыл.*

*Мурда расмий кабыл алууга келгендер мансап алышчу. Амурсана тууралуу айтсак, канча адам менен качан чыгары жана канча күндө жетип келээри такталып, тез арада билдирилсин. Ал бу жолу Давацинин урук-туугандарын кармап берди. Жортуулда айырмаланган офицерлерди, жоокерлерди, генералдарды Баньди өзү текшерет жана билдирет. Баары тең сыйлыкка көрсөтүлөт.*

**1 а Динбэй Цзанцзюнь Баньди Давацини куугундоо кандайча жүргөнүн кабарлайт**

*Баньди билдирди: Даваци жашыруун качкан соң, мен эки тарапка кайгуул жана цаньцань дачень Цэньгуньчжобаны бири бирине удаа ар башка багыт менен куугунга аттандырдым. Алар Давацинин конуш журттарына барып, анын бут урук-тууганын, ламаларын ( миңден ашуун адам) жана жакын арада көчүп жүрүшкөн кишилерди кармап келди. Дардана Давацини Куйрук зоосуна дейре кууп барып, буруттардын жерине өтүп кеткенин көргөн...*

*2 а Соңунан циньван Цэрен-Убаш 800 жоокер менен чалгынга аттандырылды, ошондой эле Давацинин кармап беришсе өздөрүнө жакшы болоорун жарыя кылган буйрукту түшүндүрүү максатында уйгурлар менен буруттардын ар кайсы жерлерине дайвэйлер жана тайчылар (тайчжи) тандалып жөнөтүлдү.*

*Галдан Церендин өлүмү жунгар төбөлдөрүнүн так талашуусуна алып келди. Бийлик талашуу согушка айланды. Чыгыш Түркстандын Кучар, Ак-Суу, Үч-Турпан аймагынын бийлөөчүлөрү болгон уйгур бийлери ойротторго каршы көтөрүлүшкө аттанышты. Өз өкүлдөрүн кытай императоруна жиберишип, жунгар төбөлдөрүнүн бийлик талашуусун токтотуп, жергиликтүү элди коргоп калууну өтүнүштү. Ал эми Ак-Суу, Үч-Турпан, Ак-Чий өрөөндөрүндөгү кыргыз бийлери кыргыз урууларынан аскер топтоп, жунгарларга каршы ачык көтөрүлүшкө чыгышты. Контайчынын тукуму Давачы мурдагы так ээлеринин бийлигин кайрадан колго алууну көксөп, куралдуу аскерлери менен ички тополоңду басууга белсене киришти. Анын*

*аракетине кошоут уруусунун башчысы Амурсана каршы чыгып, кандуу кармаш башталды.*

*Бийлик башында турган Давачыга Амурсана тең келе албады. Жунгарлардын бийлигиндеги ойрот урууларынын хандыгын ээлөөнү максат кылып, мураскорду биротоло жок кылууну көздөдү. Жунгарлар менен узактан бери каршылыгы күчөп, эчен согуштарды баштан өткөргөн империя башчысы анын сунушун жан дили менен кабыл алды. Өз өкүлдөрү Бандий, Юаң Чан, Амурсана жана алар менен бирге багынган Салардын башчылыгындагы миңдеген аскер жиберип, жунгар ак сөөктөрүнө каршы согуш жарыялады. Давачы Илени таштап, Моңгол Күрөдөгү кыргыздарды көздөй качты. Ал тараптагы кыргыздардын колдоосуна ээ боло албады. Теңир-Тоонун түштүк тарабына качты. Ал жерден да орун табууга колдоо болбоду. Үч-Турпанга качып келгенде ал жердин аман беги Хожыбек кармап алып императорго тапшырып берди.*

*Кытай падышасы жунгар төбөлдөрүнүн бийлиги жоюлду деп, ойрот урууларындагы бийликтерди, алардын өз башчыларына: Черинге дербеттерди, Банжурга-хошоутторду, Галдан Серендин урпактарына чоросторду, Амурсанага-тыргоутторду бөлүп берди. Бул иш бардык ойроттордун баш хандыгын алууну көздөгөн Амурсананын максатын таш каптырды. Амурсана императорго каршы белсене киришти. Кытай падышасы козголоңду басууда аянган жок. Айласы кеткен Амурсана Орусияга, кыргыздарды көздөй качты. Ал жерден колдоо таба албай, казактарга качып барды. Бардык жерде кытай императорунун коркунучунан кутула албады. Орусиянын Семпалатинский шаарына барганда, чечек оорусуна кабылып, ооруп өлдү. Кытай императорунун кандуу жазалоосунан миңдеген жунгарлар азап чегишип, өлүм табышты.*

*Кандуу жазалоодон айбыккан Ысык-Көлдүн айланасына көчүп барган саяк уруусунун башчысы Төрөчү бий, сарбагыш уруусунун башчысы Черикчи бий, Талас суусунун бойлорундагы кыргыз урууларынын башчылары Матек жана Маматкул бийлер өз уруулары менен кытай бийлигине баш ийишээрин билдиришти.*

*Церен өлгөндөн кийин бийликке Лама Доржи келди. Так үчүн күрөш улана берди. Даваци менен Амурсана Лама Держиге каршы күрөштү улантышты. Бирок 1751-жылы Амурсана, Даваци баш болгон топ Лама Доржиден жеңилгенден кийин Абылайга жана старчын Кайыпка келип баш пааналашты. Лама Доржи алардын бөлүнбөй бирге калуусун суранган. Ошол кезде орто жүз менен кичи жүз казактарынын курултайы чакырылат. Ал мурда туткунда жүргөндө Амурсана, Даваци менен достошкон болчу. Курултайда качкындарды бербөө жөнүндө бир топ султандар сүйлөштү. Жунгарлардын чабуулунан корккон Абулмамбет хан ноендорду Лама Доржиге кайтарып берүүнү талап кылган.*

*Жунгардын жаңы ханы Лама Доржи Орто жүзгө жүрүш жарыялады. Аны утурлап Амурсана жана Даваци чыгышты. Уруш калмактардын аймагында жүрдү. Лама Держи Абылайга жана Орто Азияга каршы бүт күчүн жумшап, бирок ордосун кароосуз калтырат. 1753-54-жылдары кышында ойроттордун отряддары Амурсана жана Давацинин жетекчилиги менен ордого кол салышат да Лама Даржинин колун талкалашып, өзүн өлтүрөт. Даваци хан болуп шайланат.*

**3 а Мамлекеттик кеңештин министрлерине Улуу өкүмдарлык буйрук**

*Баньди билдиргендей, Дардана менен Цэбдэнджаб Дабацини Куйлук зоосуна чейин кууп барышып, буруттардын чегине кирип кеткенин көрушкөн. Ушу тапта Давацини тутуп беришсе, өздөрүнө жакшы болоорун жарыя кылышка адам жөнөттүк. Бу жолу жоокерлерди аттандырыш кур убарачылык. Эл-журту жапырт моюн сунду. Жана качкан Давацини кайра кайтышка мажбурлаш зарыл эмес. Даңазалуу аскерибиз каракчынын артынан сая түштү жана жакын арада чындап жалтанбастан алга жылып, (аны) сөзсүз кармабай койбойт.*

*3 б Баньдиге, Амурсанага, Саларга Давацини кантип болбосун кармаш керектигин айрыкча баса көрсөтөбуз. Азыркы учурда Даваци же тоо токойдо жашынып жүрөт, же уйгур урууларына качып кирип кеткен, кайсынысы болбосун, таап кармаш оңой эле.*

*4 а Аланьтай менен Эрдэнэ алдын торой буктурма коюшту, бирок Давацини кармай алышабы же жокпу-белгисиз. Эгер ал буруттарга кире качкан болсо, Баньди кайрып берүү талабы менен киши жиберет. Иштин манилүү экенин түшүндүрүп, аларды (Давацини) кармап беришке милдеттендирүү зарыл. Кымындай да коркоктук кылышка жана буруттар бул ишти тоготпой коюшуна жол беришке болбойт. Андан соң жиберилген адам биздин даңктуу аскерлерибиз кайрадан терең жүрүш жасарын жарыялайт.*

*11 а Динбянь цзянцзюндун жардамчысы Саларга буйрук, жоокерлерди баштап, Давацини колго түшүрүш үчүн буруттарга аттансын.*

**Мамлекеттик кеңештин министрлерине Улуу өкүмдарлык буйрук**

*Баньди кабарлагандай, Давацини кармоо боюнча жайсаң (зайсаң) Цэрен-Даржи суракта. Даваци буруттардын журтун карай качып кеткенин айтып кубө өттү.*

*20 б Динбай цзянцзюнь Баньди Амурсана аскерлерди өзү билип которуштуруп жатканын жашыруун кабарлады.*

*Калмактардын калдыгын «кармайбыз» деген шылтоо менен Чин генералы Чжао-Хой баш болгон манжур-кытай аскерлери кыргыз аймактарына жапырып кирип, зомбулук көрсөтө баштады. Анын колу Санташ ашуусунан өтүп, саяк урууларын талап-тоноду. Саяк уруусунун башчысы Турчу бий аны келишүүчүлүккө чакырды. Чин генералы аны кытай ханы боагдыханга баш ийип, анын Кыргызстандагы бийлигин таанууга үндөдү.*

*«Көк тиреген өкүмдар эгер көчмөндөр кытайдын «өнүккөн өлкөсүн» тааныса, анда аларды өз жеринде жашоого, асыресе «кийимин да алмаштырбайм деген укук берерин, эгер жардыгын аткарбаса, анда падыша «кол алдындагы уруулар (кыргыздар) таптакыр чек арасынан ашпагыдай» чара колдонорун белгилеген.*

*Чжао-Хой ал жарлыкты Тогуз-Торо, Талас, Жумгал жана башка жерлердеги кыргыздарга тааныштырган. Өз укугун, өз эркиндигин бөтөн жердин акиминин уруксаты жок эле сактап калууну каалашкан кыргыздар, аны уккулары да келген жок. Анын баары кыргыздардын арасында циндерге болгон кыжырданууну күчөттү. Анткени алар өз эркиндигин үчүн жаңы күрөшкө аттанарын*

*түшүнүп, кытай Чиндерди мурунку калмактардай эле душман экенин билишти.*

*Бирок Синьцзяндын аскер башчылары Бэжинге берген кабарларында кыргыздар Чин падышасынын букаралыгына макул дешип, «ойроттой күчтүү калк толук ойрон болду. Казактай бай калк бүтүндөй баш ийди. Бизге окшогон байкуш уруулар акылдуу акимге баш ийбегенде кантип күн көрөбүз?» деген кыргыз билармандарынын атынан жалган жалынычтуу кабарларды жөнөтүп турушкан.*

*Канткен менен Чин менен байланыш түзүүгө кыргыз бийлеринин да мүдөөсү бар эле. Анткени жунгарлар басып алганга чейин жака-белдеги оор кырдаал алардын тынчын алган эле. 1757-жылы Чжао-Хой менен мурдагы конуштарын алууну каалаганын билдирген. Аны уккан Чжао-Хой Бэжинге*

*«Мен ага минтип айттым. Силерди мурда ойроттор кууп чыккан эле. Анжиандагы конуштарды ээледиңер. Азыр Нарын, Жумгал, Таластагы… жерлерди пайдаланып жатасыңар. Эгер конушуңар тар болсо, улуу өкүмдардан жакшылап сурап, ырайым күткүлө. Өз билгениңерче көчүп келбегиле.*

*Жунгар хандыгы талкалангандан кийин Чин аскер башчысы кыргыз жерин ушинтип бөлүштүрүүгө аракеттенген.*

*Бытыраган кыргыз уруулары жаңы кошуна менен карым-катнаш түзүү максатында жунгар хандыгы тушунда калмак байлары тартып алган мурдагы конуштарына кайтып берүү өтүнүчү менен Бээжинге элчилерди биринин артынан экинчисин жибере башташты. Себеби кытайда малдын этине, терисине, жүнүнө таңсык болгондуктан малдуу байлар сооданы жөнгө салуу сунушу менен кайрылышкан болчу. Кыргыз бийлери Бэжинге Богдыхандын короосуна жана анын төбөлдөрүнө белек-бечкектерин көбүн эсе жылкыларын тартуулашкан. Алар кытай жибегин, кийим-кечесин чайын беришкен. Элчилерди кымбат буюмдар менен сыйлаган. Жыл баянчылары ар бир барган элчини каттоого алып турган. Кытайга элчилер кандай максат менен барганына карабай, чет элдиктер көз*

*каранды катары бааланган. Кадырлуу элчиликке Черикчи, Турчу, Ныша баш болгон бийлер катышкан.*

*Кыргыздар он канатын башкарган сарбагыштын кадыр-барктуу бийи Маматкул бийди чакырмак болгон Чжао-Хойдун ою ордунан чыкпады. Себеби, Маматкул бий токсон жаштан ашып калган, алыскы жолго жүрө да албайт болчу. Кытайдын борборуна Маматкул бийдин иниси Шербек, Шүкүр, Каработолор элчи катары барганы катталып калган.*

*Кытай өкүмдары Цянь-Лун кезектеги кыргыз элчисине «Бул силердин эчактан берки келаткан конушуңар болгону менен жунгарлар басын алганына көп болду. Анан кантип мурдагыдай эле силердики деп айта алабыз? Бирок, силер биздин кулубуз болгондуктан, анан да бул жерлер кеңир экенин эске алып, балким, эптеп күн көрүү үчүн жакын конуштардан жер таап, берербиз...»- деп эскерткен.*

*Бир нече жыл өткөндөн кийин Синцзяндан Кыргызстанга көчүп кеткен кыргыздарга карата Фэн Насян билдирет «буруттардын (кытайлар да жунгарларды туурап кыргыздарды буруттар дешкен) миңден ашык үй бүлөсү көчүп барып, Ат-Башыга отурукташты... Кың дей турган жунгарлар болбогондон кийин, алардын мурдагы аймактарынын баары биздики болуп саналат. Буруттар мурда бизге баш ийишчү, эми тоготпой эле чек арадан өтө береби! Териштирип туруп, аларды кууп чыгуу керек...»*

*Анткендин да жөнү бар (1760-ж) Бир нече миң козголоңчу уйгур үй бүлөсү Чин куугунчуларынан кыргыз конуштарына корголоп келишкен эле. Ага Цянь-Лун катуу жаалданып, «козголоңчуларды куугунтуктап жана кармоо үчүн Шухе бардык күчүн жумшоосун буйрамын. Алар буруттарга кетип калган соң, калкалагандын кесепети эмне болоорун аларга түшүндүрүп, коюу үчүн бирөөнү жиберүү керек. Козголоңчуларды кармап жана айтып бергендер белек аларын айтып койгула. Көрүп-билип туруп, жаап-жашыргандарга кол жумшап, эскертүүсүз эле чаап алабыз. Олку-солку болуп отурбай, орошон күчүбүз менен ойрондоп киребиз».*

*Кытай өкүмдарынын коркутар жөнү-өткөн жылы «кол алдындагылар» аны нааразы кылган. Ошол кездеги кыргыздарга жазган катында «Данктуу аскерлерибиз Жаркентке чабуул коюп жатканда, силерге жардам үчүн кол жиберсин деген буйрук берилди эле. Силер катуу суук менен калың карга шылтоолоп койдуңар. Биз азыр аскерлерди кайрадан чоң жүрүшкө аттанып жатабыз… ошондуктан бизге берилгенгениңерди көрсөтүп жана келечекте бизден ырайым күткүңөр келсе, анда бизге жардамга аскер жиберүүгө милдеттүүсүңөр. Балким, силер аскер жибербей, мусулмандарга жардам берели деп жаткандырсыңар. Өзүңөр билгиле! Бирок, силердин конушуңар Кашкарга жакын эмеспи. Даңктуу аскерлерибиз Жаркен менен Кашкарды алгандан кийин, силерди эмне кыларыбызды көрөбүз…»*

*Чет жерликтер менен тайманбай салгылашып, Чүй өрөөнүндө аты чыккан баатырлар санжырада айтылат. Кытай жыл намаларында мамилеси келишип, же келиши бербеген кыргыз бийлери менен уруу башчыларынын ысымдары сакталып калган. Азыр тарыхты тарыхый инсандардын таржымалы аркылуу үйрөнүү зарылдыгы түзүлгөн соң аларды өзгөчө белгилөө сыймык. Алар Чыгыш Түркстандагы чоң багыштардын башчысы Кутуга (Хугуа) Адигине жана моңолдордун уруу башчысы Оштун акими Ажы бий, Сарыбагыш менен саяктардын кадырлуу аксакалы Маматкул, бугулардын белгилүү бийи Тушбай, анын мураскери Кулбай, тейиттердин бийи Бошкой ж.б таржымалы дагы да такталып, тарыхыбыздан орун алышы керек!*

*Кытайдын «Пиндик Чжунчээр фанмю» («Жунгарияны каратуунун баяны») аттуу дарегинде 1757-жылы кытай императору «Бурут уруусунун аксакал башчыларына» деген кайрылууну жарыялайт. Анын негизги максаты Чыгыш Түркстанда манжур-чин бийлигинин чыңдалышына олуттуу тоскоолдуктарды жаратып жаткан кыргыздарга алдын ала эскертип, чараларды көрүү белгиленген.*

**16-бап**

Түндүк тарапты тынчытууга колбашчы Баньдиге жашыруун буйрук.

Аскердик кеңештин министрлерине Императордун жарлыгы

Баньдинин кабарлаганына караганда, же бүт көчмөн журттарды моюн сунуудан баш тарттырып козголтуу, же чохэрлик Юэсуту менен биргеликте казактарга жана буруттарга кошулуп, чек ара тынчтыгын бузуу максатында Амурсана, Нагэча Абагас, Чахаши үчөө, эч кимге көрүнбөй түнү бою тымызын кеңешип чыгышкан. Бул өтө шектүү.

Амурсананы айтсак, (аны) сөзсуз кармап, жазалоо керек. Ал өзү муну билбеши керек. Бирок мындай кырдаалда ал расмий кабыл алууга келишке макул боло коеру кумөндүү.

Баньди мурдагы көрсөтмөлөргө ылайык аракеттенүүгө тийиш.

*Давачы Илени таштап, Моңгул-Күрөдөгү кыргыздарга качты. Ал жакта кыргыздардын жардамына ээ боло албады.*

***Он тогузунчу кылымдын башындагы орус окумуштуусу А. Левшин бир нече жолу аракет кылганына карабастан Циндер кыргыздарды он сегизинчи кылымдар аралыгында биротоло карата албаганын белгилеп, «жоокерчилик турмушка көнгөн кыргыздарды жеңүү кыйын. Кытайлыктар да алардын катуу кайратына туруштук бере албай, далай мизи майтарылган» деп жазган.***

*Теңир Тоонун түштүк тарабына качты, андан да паана таппады. 1755-жылдын алтынчы айында Үч-Турпанга качып келгенде, Давачыны Үч-Турпандын акимбеги Хожысыбек кармап алып, Улуу каганга тапшырып берди.*

**49-бап Цяньлун бийлигинин 22-жылы 1757-ж**

*25 а Жунгарларды тынчыттык, ал эми казактар болсо баш ийэрин билдиришти; андыктан теңирдин жалгоосу менен буруттарга императордун жарлыгын тапшырдык:*

**«Бурут журтчулугунун башчысына**

*Галдан Церен дүйнөдөн кайткандан баштап Жунгарияда кишилер бири-бирин өлтүрүп, журт ичинде бүлүк түштү. Биз,*

*ай-ааламдын (аймактар менен калайык калктардын) бирден бир эгеси, баары тынчытылганда алардагы (жунгарлардагы) баш-аламандыкка чыдап, кол куушуруп отура албадык! Ошондуктан Или чөлкөмүн караткыла, Давацини караткыла, бардык ойрот урууларын тынчтандыргыла жана мурдагы журттарына кайтып келишке мажбур кылгыла деп, даңазалуу аскерлерибизди аттандырдым. Бирок, Жунгарлар Амурсана бузукунун тилине кирип, кайрадан тополоң башташты эле данктуу аскерлерибиз таш-талканын чыгарды. Амурсана казактарга качып кетти. Биздин аскерлерибиз терең жүрүш жасап, капыстан сокку урду. Казак Аблай чоң кыргында талкаланды.*

*25 б Ушул кезде козголоңчунун азгырыгына алданганына өкүнүп жатат. Өткөн жылы өкүлүн жиберип, моюн сунганын билдирди; Амурсананы кармап берем деп убада кылды, Бирок козголоңчу билип калып, Орусияга качып кетти. Ушул күндө чечектен каза тапты. Орустар коштоочу кошуп, (Амурсананын) сөөгүн таанышсын деп Жунгарларга жөнөтүштү.*

*Жунгарлардын жазыгы ушунчалык оор, чек ара кыйырларына тынчтык орнотуш үчүн (аларды) кырып-жойгондон башка арга жок.*

*26 б Силер, буруттар, Жунгарлардын ишине эч качан киришкен эмессиңер; бирок эзелтен коңшу журтсуңар. Бул күндө Жунгарлар толук багындырылды жана силердин жериңер биздин чек ара менен ирегилеш болуп калды. Эгерде силер, казактар сыяктуу (биздин) дөөлөткө ыктап, баш ийип келсеңер, мен (силерге) мурдагыдай жашаганга, кийим-кечеңерди өзгөртпөгөнгө мүмкүндүк берем; мансап даражаларын дайындабайм жана салык төлөтпөйм.*

*Арийне, өкүл жиберип, өтүнүч кылсаңар жакшылыгымды жана сыйлык-сыйымды аябайм. Силер жапайы салт-санааңар менен Ордо мамлекеттен айырмалансаңар керек; андыктан биз тарапка өтүштү жана баш ийишти каалабашыңар ыктымал; бул өзүңөрдүн ишиңер. Бирок, өзүңөргө караштуу урууларды эч качан чек ара бузбагандай тескөө зарыл. Ошондо мен*

*аскеримди көбөйтпөйм жана тынчыңарды албайм. Жок, жоошуп тынчыбайт экенсиңер, же империянын чегинен көчүп өтүп, өз билгениңерди жасап, талоончулук кылсаңар, анда чатакты өзүңөр чыгарган болосуңар. Аскерибиздин каарына каласыңар, өкүнөсүңөр, кийин биздин ырайым кылышыбыз кыйын болот.*

*Эмне пайдалуу, эмне жок, сөзсүз түшүндүрүү кажет: эгер алар (буруттар) жакшылап ойлонуп түшүнө турган болушса өзүнчө көрсөтмө берүү керек.*

*Кытай аскер башчысы Чжао Хойдун чабармандары Улдэн менен Толунтай саяк уруусунун башчысы Түлкү бийдин Жумгалдагы конуштарында, андан кийин Таластык кыргыздарда болгон Тогуз-Тородогу сарыбагыш уруусунун башчысы Черикчи бийге жолугуп, императордун кайрылуусун угузушкан. Черикчи бий императордун сарайына барууга макулдук берип, кой, өгүздөн жүз баш малды тартууга жөнөткөн.*

*Черикчи бий Иле суусунун аймагында жайгашкан Чжао Хойдун аскердик турагында кабыл алынып, ал тарабынан «Жаркендин, Кашкардын батышындагы буруттар козголоңчулардын башчыларын колго түшүп берүүгө мажбурласа, же өздөрүнүн чек арасында аларды кармаганга көмөк көрсөтө императордун сыйлыгына татыйт», деген талабына макул болуп:*

*-Бизге сыйлык катары мурунку көчүп жүргөн конуштарыбыздын кайтарылып беришин күтөөр элек-деп билдирген.*

*-Силер мурда ойроттордон куугунтук жеп, Анжиан тарапта көчүп жүрдүңөр эле. Азыр Нарында, Жумгалда, Таласта жер иштетип, окат кылып жатасыңар. Мурда бул жерди ойроттор ээлеп турган. Азыр Каркырага, Темир жунарга (Ысык Көлгө) чек ара кароолдорун орнотобуз. Иледе аскердик чеп тургуздук. Эгер силердин көчүп-конуп жүргөн жериңер тар болуп жатса. Улуу императордун ырайымын күтүп, өз алдыңарча көчүп келгенге жол бербегиле деп, жооп берген.*

*Кабыл алууда Черикчи бий императордун кабыл алуусуна баруучулардын санын тактап:*

*-Маматкул бийдин жашы өтүп калгандыгынан бара албайт, борборго үч гана адам-Черикчи, Түлкү, Ныша гана барат деп, билдирген.*

*1758-жылдын онунчу айында, император буруттардын көчүп-конгон аймактарындагы чек араларга көз салуу жөнүндө буйрукту Чжао Хойго жөнөткөн.*

*-Борборго келген бурут элчиси Ысык Көл алардын мурунку конуштары экенин айтып, ал жакка көчүп келишээрин билдириптир. Биздин аларга айтаарыбыз: бул жерлер силерге таандык болгону менен ал небак эле жунгарлар тарабынан каратып алынган. Кантип анан силер мурункудай биздин жерлер деп айтасыңар. Силер бизге көз карандысыңар, ошондуктан балким муктаждыгыңарды камсыз кылууга силерге жакын жерлердин айрым бөлүгүн кайтарышыбыз ыктымал. Маселе цзян-цзюндун (сөз Чыгыш Түркстандагы, Кытай бийликтери жөнүндө айтылууда) короосуна берилип, императордун указы менен чечилмекчи.*

*Бирок, кытай бийликтери кыргыздардын жер тууралуу талаптарын моюнга алууга аргасыз болгон. «Эске албай коюшка мүмкүн болбогон Илеге тутумдаш жерлерди жана аскердик турак жайлардын жайгашкан жерлеринен сырткаркы аларга жакын жайгашкан аймактарды балким өткөрүп берербиз. Баары бир чек аранын такталышы зарыл» деп белгиленген.*
*Кыргыздардан барган элчилерди падыша кабыл алуу Фаншанжын, сарайында өзү менен бирге Нанван, Ваншу гүл багында жана пануста сейилдеткен.*

**1758-жылы Ваншу гүлбагында кыргыздарга сый көрсөтүлгөндө куралган ыр**

*Балык ойноп, элик элкин секирип,*
*Ваншу бакта көңүл сыры чечилет.*
*Эски будун жаңы эл болуп көрүнүп,*
*Кеч жамгырдан түш өзүнө керилет.*
*Тил, салтынын алысына карабай,*
*Тилектештик байлап турат элдерди.*
*Ооарактанган, бирок тилиң агытпа,*

*Чек коргощуп берген иши эң ийги.*

*1758-жылы Ваншу гүлбагында кыргыздарга паннус сейилин көрсөткөндө арналган ыр*

*Панус турат балбыл этип, асылып,*
*Күйгөн оттон бейтааныштык басылып.*
*Дарбазадан кербез тартып киргенде,*
*Көз уялткан жарык шоола чачылып.*
*Паннус менен падышаңды билбеген,*
*Кыргыз бүгүн туш көргөндөй ээленди.*
*Мөрөй болуп, маарakeге чумулуп,*
*Дилге шаттык, чеке амандык тиленди.*

Бул маселе кыргыз элчилеринин Кытай императорунун сарайындагы кабыл алуу үлпөтүндө жыйынтыкталган. Кабыл алуу үлпөтүндө Каңгайды талаасында Кытай императору Багдыхан аң-уулап, эс алууга келген эле. Аны менен жолугушууга барган жыйырмага чукул бурут элчилеринин бешөө гана император менен Пекинге чейин кеткен. Маматкул бийдин атынан Черикчи бий, Түлкү бий, Ныша баатыр жана Шербек барышкан. Бурут элчилигин баштап барган Черикчи Тайхедянь сарайында императордун кабыл алуусуна катышып, даражасы боюнча өзү теңдүү адамдар менен элчилик милдетти аткарган. Кытай бийликтери кыргыз элчилерине үчүнчү баскычтагы башкаруучунун белгиси мончокту жана тоос куштун канатын тапшырган.

Кытай бийликтеринин алдында Черикчи бий Иле суусунун сол жээги Кеген-Каркыра жана Текес жайлоолору кыргыздардын ээлки конуштары экендигин маалымдалган. Бул маселе Пекинге барган кыргыз элчилигинин жолугушуунда чечилген. Элчилер Пекиндин өз мекенине кайткандан кийин жунгар козголоңчуларын колго түшүрүүгө милдеттендирген императордун атайын жарлыгын Черикчи бийдин атына жөнөтүшкөн. Кытай чабармандары Черикчи бийди Борколдон өтө бергенде кууп жетип тапшырышкан. Черикчи бий жооп иретинде кыргыз конуштарына жарлыкты ойрот козголоңчулары келбегендигин, эгер келе турган болсо, колго түшүрүүгө көмөк көргөзөрүн билдирген.

Ошол жылдын февраль айында Кытай императору Хун Ли кыргыз башкаруучуларына-аксакалдарына карата кайрылган. Анда Чыгыш Түркстандагы Чин империясынын бийлигинин орношуна жана бекемделишине тоскоолдук кыла турган кыргыздарга эскертүү жөнөткөн.

*«Силер буруттар жунгарлардын иштерине эч качан кийлигишкен эмессиңер, бирок абалтан алардын коңушусу элеңер. Эми жунгарлар толугу менен баш ийдирилди, силердин жериңер биздин чек ара менен жакындашты. Эгерде бейпилдикти сактабай, чек ара аркылуу көчүп-конуп, тынчты кетирип, талап тоносоңор, чыр-чатакты өзүңөр табасыңар»-деп белгилеген.*

Кайрылууну кыргыздын башчыларына билдирүү максатында кытай аскер башчысы генерал Чжао Хой баштаган офицерлердин тобу Ысык-Көлдүн чыгышы Сан-Ташка келип, кыргыз бийлери түлкүгө жана окуга (Үкүгө) жоолугушкан. Алардын максаты аталган кайрылуу менен кыргыз бийлерин тааныштыруу жана алар тууралуу маалыматтарды топтоо болгон эле. Алардын бир өкүлү Шивей Урдэн Маматкул бийге келип жолукту. Маматкул ага Чин бийликтерине душмандык ниети жок экендигин айткан. Черикчи менен кошо өзүнүн ишенимдүү адамдарынын бири Шербекти императордун кабыл алуусуна жөнөтөрүн билдирген.

Ага чейин Черикчи бий Чжао Хой менен болгон жолугушууда Маматкулдун токсон жаштан өтүп, улгайып калгандыгын, ден соолугуна байланыштуу алыска жүрө албастыгын, анын ордуна өзү барарын билдирген. Кыргыз конуштарына тереңдеп кирип барган кытай чабармандары арбын маалыматтарды топтошкон. Кайсыл аймакта, ким деген бийдин карамагында, канча түтүн бардыгы, андагы адамдардын санынан бери иликтешкен. «Таластагы төрт миң түтүн кыргыздар Маматкул бийге бий ийерин, анын жардамчылары Каработо бий кытай уруусунан, Майтык кушчудан жана Акбаш саруу уруусунан болгондугун» белгилешип, аларды түндүк буруттары деп аташкан.

*«Жунгар козголоңчуларын» издеп жүрөбүз деген шылтоо менен кыргыз конуштарына кирип келген. Кытай аскер топторуна Черикчи бий Ысык Көлдүн аймагында сокку урган.*

*Түштүк кыргыз урууларынын башчылары Кокондун башкаруучусу Эрдене бийдин Ошту жана Өзгөндү басып алгандыгына байланыштуу Черикчи бийден жана Темиржандан жардам сурап кайрылышкан.*

*Чек ара тынчтыгын камсыздоочу аскер башчысы Чжао Хойго буруттарды тынчтандыруу иши боюнча буйрук.*

**Аскер кеңешинин министрлерине Улуу өкүмдарлык жарлык**

*Цэньгуньчжаб мурда билдиргендей, бул жолу басып кирип, Шарабэлде катыгын бердик.*

*27 а Түркстандыктардын иши боюнча экинчи жортуул, балким, буруттардын (конуш журттары ) аркылуу өтөт: анда Хоцзичжанды (Жахан кожону) кармап бергиле деп буйруу зарыл. Цэньгунчжаб кандай көрсөтмө бергенин маалымдагыла деп башта Чжао Хой менен Ярхашанга буйрук кылынган эле. Ушул күндө Жунгария багынып, казактар баш ийген соң биз алардан (буруттардан) тартип сактап, тынч жашоону талап кылаарыбызды билдирип, жарлык жазып жибердик. Чжао Хой жагдайга жараша сыйлык тапшырды. Бул жолу аскер жөнөттүк. Эгер (аскер) буруттардын (конуш,журттарын) аралап өтүшү ылайыксыз десек, анда кантип башка жол менен өтсө болот? Эмне үчүн адаттагыдай билдирүү жиберилбейт: Кол салуу жана басып алуу аракеттери билдирүү жиберилгенден кийин ишке ашырылат деп кантип айтсын? Буруттардан башка да көптөгөн уруу- журттар бар, кол салуу жана басып алуу аракетин кандай кылып, толук акырына чыгара алабыз? Эгер алар шек алып калып чатак чыгарышса, анын айласын кандай кылабыз?*

*27 б Мурда кырсыктын тамырын кыркышка үмүт кылаарыбызды жар салдык эле. А өткөн жылы болсо, Чжао Хой так ишке бараткан кезде Хуньци дүрбөлөң чыгарып качып кетип отурат. Жолдон жолугушкан, бирок каракчы качып*

*кеткен. Бу жолу жазалоочу аскер өткөн катачылыкты кайталабашы кажет.*

*Жунгарлар бир жарым кылымдын ичинде кыргыздарга каршы ондогон жүрүштөрдү жасашса да толук жеңишке жетише алышкан эмес. Ала-Тоолуктар качышкан, чегинишкен. Чегингендерди кууп жетерин жана ал оор жоготууга алып келерин билген аскер башчылары кууганду улантышпаган. Каардуу душмандар кетери менен кайра келишип, душманга каршы күрөштү уланта беришкен.*

*Кыргызстандын түндүгүндө калмактар ири эки чепти пайдаланышкан. Бирөө Кочкор менен Жумгалдын ортосунда, Кызарттын белинин батыш тарабындагы Узун-Булакта болчу. Ал жерде калмактардын диндик жетекчиси Лама турган. Эки Узун-Булактын бириккен жери согуштук борбор эле. Күзөтчүлөр белде туруп эки өрөөндү (Кочкор, Жумгалды) көзөмөлгө алып турушкан. Экинчи чыңдалган чек Чүйдө, жана Кеминде болгон. Анда кантайшанын кыргыз жериндеги өкүлдөрү турушкан.*

*Кытайларлын калмактарды кыргынынан соң, аман калган зайсаңдары өз топторун алып, жан сактоого сүрүлүп, кача башташкан. А дегенде Нарындын эки өйүзүн бошотуудан башташкан. Калмактардын өлгөндөн калгандары эки Нарынга, сыртка, Кара-Каман, Балгартка качууга аргасыз болушкан. Ошондон баштап Ак-Талаага качпаган кыргыздардын келиши башталат. Адегенде басыздар менен саяктардын Ыман, Чоро уруктары көчүп келишкен.*

*-Кытайлар жунгарлардын ордосун алып, аскерин кырып таштаптыр деген кабар, алыскы-жакынкы аймактарга таркады. Туулуп өскөн жерлеринен качкандар угушуп, ата-журтун көздөй көчө башташты. Көчтүн алгачкы баштоочтору Улуу Жибек Жолунун түндүк тармагы болгон Ош-Өзгөн-Гүлчө-Көк-Арт аркылуу Борбордук Теңир Тоого чыга келди. Анткени Түркстан-Ташкен-Чымкент-Олуя-Ата-Талас-Чүй жолу жунгарлар менен казактардын, жунгарлар менен кокондуктардын кандуу майданы аркылуу өтмөк. Эгер аталган багыттар аркылуу жолго аттанышса, качкындар толоонго учурамак. Ошондуктан Теңир Тоолуктар үчүн Ферганадан, Оогандан*

*келе жаткан биринчи көч бугу уруусунун жана аны менен биримдиктегилердин көчү болчу. Аны Бирназар, Темир бийлер азган-тозгондорду баштап, Тогуз-Торого келишкен. Жууку аркылуу Көлгө жетишкен.*

*Экинчи Маматкул башкарган сарыбагыштар кайткан. Бий айылы менен бир нече жолу Ферганага, Таласка барып, андан Тогуз-Торого, Нарын өрөөнүнө келген. Ал качпай калган бугулардын бир бөлүгүн жетектеген Белек менен таарынышып, жаңжал чыгарып, кун алууга чейин барышкан. Сарыбагыштар Темирдин жетекчилиги менен Маматкул баштап Тогуз-Торого андан Ысык-Көлгө кетүүгө даярданышканда бугулар Тогуз-Торону жаздап, андан Он-Арчага көчүп, күздө сыртты карай өтүшкөн. Аларга азык, моңолдор уруусунун өкүлдөрү кошулушкан.*

*Жер бөлүүнү сарбагыштардын бийлери көтөрдү. Өзгөчө чыр солто менен сарбагыштардын жана суумурундардын ортосунда болуп, солтонун бир бөлүгү Талкандын балдары Чүйдү калмактардан бошотууга чечкиндүү киришишип, Кегетиге чейинки жерлерди ээлеп алышкан. Ал топко саруу менен кытай урууларынын бийлери катышкан эмес. Бийлердин тобу сарыбагыштардын жерге болгон талаптарын канааттандырып, аларга Чүйдүн көкүрөгүн, Ысык-Көлдүн батышын, Орто-Токой, жана Кара-Коону берүүнү чечишкен.*

**56 бап Цяньлун бийлигинин 23-жылы 5-ай 1758-жыл**

*8 а Чжао Хой билдирди: «Мен жоокерлерди Санташ ашуусуна баштап бардым, Бату, Жиргал менен Хурциге жоокер алып чалгын чалууга буйрук кылдым Төртүнчү айдын отузунчу күнү цзолин Вэйшу, цаньлин Буни, маңзи вэйшу фаньюй Бадай, мацзя Дуйиньбу, Бату жана башкалар Тэмуртунор жээгине баратышкан жүздөн ашуун атчанды көрүшүп, үйүр жылкысын тартып алышты. Тигилер (аттарын) кайрып алыш үчүн аткылай башташты. Биздин жоокерлер үчөөнү өлтүрүп, бирөөсүн жарадар кылышты. Ошондо ойрот чирикчиге бул жерге даңазалуу аскер келгенин жарыя кылышка буйрук бердик. Аңгыча атчандардын бири алар буруттар экенин, даңктуу*

*аскер Хэ-до-хосыда ойротторду ойрон кылганын угушканын айтып калды. Бу жолу жылкысын тийип алышканын улам баамдабай калышканын, чын жүрөктөн берилдик деп ант кылышарын билдиришти. Черикчи алардын башчылары Турчибай жана Окуну жана алтымыштан ашуун караштуу адамдарын чакырып келди.*

*9 а Турчибайды кеп-сөзгө тартып, сураштырдым. Көрсө, Турчибай саяк уруусунун бийи экен. Ойроттордо жайсаң, ал эми уйгурларда бек кандай болсо, бий да дал ошондой. Шербек бий менен бирге 500 ашуун түтүн бийлик кылышат. Сарыбагыш уруусу дагы 500 ашуун түтүн журт, аны Маматхули бий (Маматкул) менен Оку экөө бийлейт. (Турчибай айтты): Башта батышта Анжиандын жанында көчүп жүргөнбүз. Даңазалуу аскер Жунгарларды тынчытып, казактарды каратканын өткөн жылы эшиттик. Биз да баш иели дегенбиз, бирок жакында Макэцинден даңктуу аскер келээрин угуп калдык. Мына эми келген экен. Биз буруттар эчактан эле моюн сунгубуз келип жүргөн, бирок Жунгарлар каргаша болуп туруп албадыбы.*

*9 б Ишенбесеңер, мени же балдарымды барымтага алгыла. Алдыга ар уруу журттарга адам жиберип көргүлө, сөз жок, астейдил мамилеге күбө болосуңар: баарысы тең өз урукташтарын даңктуу аскерге конокко жиберишет. Биз да, буруттар да, оң канатта он уруу, сол канатта беш уруу бар. Мен он канаттан болом, ушул кезде Хархали-гул эми (Каркыра) менен Тогуз торого көчүп келдик. Сол канаттын үч уруусу кушчу, саруу, кытай бардыгы болуп миңден ашуун. Бизден 15 күндүк жол арасында турушат. Алардын башчыларын буйрук менен чакыртып алса болот. Сол канаттын калган эки уруусу Анжианда, он канаттын сегиз уруусу Кашкарга жакын жерде. Баш ийип берүү сунушу менен баруу керек»*

*10 а Мен Турчи бийге биздин аскер кайда баратканын түшүндүрдүм. Моюн сунгандарга жардам беребиз, каршылык кылгандарды кырабыз Жунгарлар, казактар жана башкалар*

*муну иш жүзүндө көрүштү. Эгер ал чын көңүлдөн баш ийсе Улуу даражалуу император сөзсүз ырайым кылып колдойт.*

*Азыр даңктуу аскер жазалоо максатында уйгурларга жортуул жасап баратат. Аскер күчү, ат көөлүгү, азык-оокаты жетиштүү; жардамдын да, каражаттын да кереги жок: бирок жол билген коштоочуларды дайындап, бүт урууларды баш ийүүгө жана аскерге кол кабыш кылууга чакыруу милдет.*

*Ойротторго келсек, толук курутулду. Буку Чаган менен Казак Сары гана качып кутулду. Эгер (алар) силердин жериңерде жашынып жүрүшкөн болсо, өзүңөр кармап беришиңер керек. (Буруттардын) айтымында эч кандай качкын болгон эмес жана жок.*

*10 б Даңазалуу аскерибиз жолго чыкканда, силердин жериңер аркылуу өтмөкчү деп, мен (аларга) дагы да ачык түшүндүрдүм. Улуу даражалуу император кырдаалды алдын ала көрө билип, кайрымдуу жарлыгын чыгарган. Жарлыкты ызат менен колго алып, (биз) аны (буруттарга) которуп окуп бердик. Турчибай жерге баш уруп: «Улуу мартабалуу император ушундай ырайым жана жакшылык көрсөтүп жатса, буга биздин катын балдарыбыз кантип кубанбасын!» деди. Жана кайрадан таазим этти. Мен анын чыныгы ал-абалы кандайлыгын текшерип көрдум; өкул аркылуу*

*11 а Жарлык тапшырганга, чогуу барып, жарыя кылганга буйрук бердим. Турчибий мага аттарды тартууга жебериптир. Кийинки күнү мен жооп катары кабыл алуу уюштурдум, жана атчан жаа аткычтарды (өнөрүн) көрсөтүүгө буйрук кылдым. (Аларга) жибек жана жалбырак, тамеки белек кылдым; баарысы тең ыраазы болушту.*

*Андан соң офицерлер (шивэйлер) Урдэнди жана Толуньтайды, Дашдаванын колу астында кызмат кылган теги бурут Баркэни Турчибайга кошуп, моюн сунууга үгүттөө тапшырмасы менен баардык отокторго жөнөттүк. Бешинчи айдын төртүнчү күнү анын (б.а Турчибайдын) уулдары менен үкөсүн барымтага калтырып, жолго чыгышты».*

*Көптөгөн күчтөрдүн үстүнөн өздөрүн жетекчи сезишкен «ак селдечен» кожолордун өкүлдөрү Бурханидин менен Хан кожо*

*жеңишти өздөрүнө ыйгарышып, жалпы мусулман динин туткандар арасында чоң абройго ээ болушту.*
*чиндик кытайлардын тилеги орундалбай калды. Ага эрденишкен Бурханидин менен Хан кожо мусулман динин коргоочулар катары өлкөнү эгемендүү деп жарыялашты. Чиндик кожоюндардын максаты андай эмес эле. Ишенимдери талкаланды. Хан кожо агасын «Аалам кожосу» мусулман динин тутунгандардын-ханы атады. Кожолордун жоругуна кыжырданган кытай бийлигинин көп аскери Кашкарга, андан соң Жаркентке басып киришти.*

*«Аалам кожосу» аталабыз дешкен Бурханидин, Хан кожо качып бекинүүгө аргасыз болушту. Кытай армиясынын басып келатканы тууралуу кабар алган Кубат бий жигиттери менен Кашкарды калтырып, кете берди. Урушка катышпаган чалгынчылар «качкан кожолор Кокондо жүрүшөт» деген кабар билдиришти. Жеңил жеңишке жетишкен аскер башчысы муну пайдаланууну чечти. Аны Синцзяндын жаңы бийликтери колдошту. Жаңы жүрүшкө, же болбосо кыргыз бийлерин коркутуп-үркүтүүгө жаңы шылтоо табылды. «Асман уулу» эми кыргыз элчилеринен, бийлеринен качкан кожолорду кармап берүүлөрүн талап кыла баштады. Аларды кууп келе жаткан болуп, табигый чек араны бузуу башталды. Бул болсо батышта Кытайдын күчүнө (зомбулугуна) туруштук бере ала турган жана каршы чыга турган күч жок деген кыялга таянган саясаттын жеңиши эле. Аны жүзөгө ашырууга кожолордун-Бурханидин жана Хан кожонун Кашкардан жана Жаркенттен качып кетиши түрткү болду.*

**58 –бап 1758-ж 7-ай**

*8 б (туткундар айтышты) Хоцзичжанды (Жахан кожо) эки күн аскер көмөгүн күткөн: киши жиберип, Куча али кулай элегин билген. Андан соң 15 и күнү түн катып жолго чыгышка ашыгып, таң заарда даңазалуу аскерибиз тарабынан талкаланган.*

*9 а Биз (б.а туткундар) качып жүрүп, Хоцзичжан өлдүбү же тирүүбү билбей калдык. Анын жанында Илиден качып чыгышкан 2 миң уйгур, 500 уйгур-соодагер, жакында*

*багындырылган Шаласы менн Махсунун 500 кишиси, андан тышкары, Аксу жана Ушдан аттуу-жөөсү болуп миң жоокер бар. Бардыгы болуп 5 миң жоокер. Атчандары 3 миң. Анын бир тууганы Боронидунун (Бурхан ад-дин) кол астындагы 2 миң жоокер. Кашкарга буруттарга каршы коргонуу чараларын көрдү.*

*Эр бүлөлөрдү ойротторго кызмат кылыштан куткарыш үчүн башта Хоцзичжань (буруттардын) ар бир бийи менен өзүнчө келишим түзгөн.*

*Азыр (бизге) багынса, салык төлөшү керек. Бул эми аймакты мурдагыдай өзү билип башкаруу, каалагандай жер иштетүү, шаар кайтаруу жана коргонууга даяр туруу дегендикке жатпайт.*

*Борониду айткан: Мурда ойроттордон кордук көрчү элек. Улуу өлкөнүн аскери болбосо, эзелки жерибизге кайра кантип кайтат элек? Жакшылыкка жамандык жасай албайбыз, а аскер күчүнө караманча каршы тура албайбыз.*

*9 б Хоцзичжан ага ынаган эмес; көзүн караган бектери анын бул кашкөйлүгүн колдоп кетишкен. Аларды кармайбыз деп ойлойбуз.*

*Хонзичжан жолго чыкканда Бораниду артынан кат жиберген. «Зор дөөлөттүн аскери Тамурту нор көлүнөн (Ысык-Көл) жортуулга чыкты деген кабар эшитилди. Коргонушка белен бол» Хоцзичжан кароолду күчөтүштү буйруп, Огэнь өзөнүн карай жылган. Тохэнайдын калкы толук кырылганын көргөн. Баарынын жүрөгү түшүп, айныйтканга аракет кылышкан; бирок Хоцзичжан бет алган жагынан кайтпай акыры жеңилди. Миң түтүн журтун баштап Кашкарга аким болуп турган бурут беги Хугуа (Кубат бий) өткөн жылы көктөмдө Хоцзичжань буруттардын чоң багыш жана кыпчак урууларын талап-тоногонунан улам шектенип, өз жамаатташтарын ээрчитип кайра буруттарына кетип калган. Борониду согуш баштагандан чочулап, соңунан куугун жиберген эмес. Улуу дөөлөттөрүбүзгө Ахуйдаону элчи жөнөткөн, а бир канча жоокерин Яркендге калтырган Хоцзичжан бу жолу Аксуга жардамга келип, кыргын*

*салган. Уйгурлардан ал жайды сураштырып билишке Долот Эметэни жөнөттүк. Бирок, ал ажал астында жаткан оор жарадарларды жайлап, качалбай калган; өлүм жазасын жасагандан жазганган.*

*Ажы бий өз мезгилинде чоң абройго жетип, саясий ишмер өз алдынча, көз карандысыз башкаруучу эле. Ажы бийге кытай маалыматтарында эскертилгендей «Бухарадан күн чыгышты көздөй кеткен кеңири аймакта жашаган эки миң кыргыз баш ийип турган. Анын карамагына Ош, Өзгөн шаарлары, Алай кыргыздары болуп, өз алдынча Чин империясы жана башка мамлекеттер менен алака түзө алган. 1760-жылы күч алып келе жаткан Кокон өкумдары Эрдене тарабынан туткундалып, тез эле туткундап бошонгон. Ал Чин императоруна кат жазып, өз алдынча ээлик түзүү оюн билдирген. Анын натыйжасында 1761-жылдын 10-сентябрында Чин императору Кытайдын батыш жагында жайгашкан 31 мусулман шаарларынын өкүмдарларына ал жерлерди башкарууга укук берген атайын указ менен мөөрлөрдү жана тиешелүү белгилерди таркаткан. Алардын эң алды Оштун башкаруучусу Ажы бийге да ыйгарылган. Кыргыз бийлеринин атаандаштыгы Феганалык кыргыздарды бириктирүүгө жолтоо болду. 1763-жылы Ош, Өзгөн шаарлары Ажы бийдин көзү өткөндөн соң Кокон бийлигине бириктирилди.*

*Көк тиреген өкүмдар эгер көчмөндөр кытайдын «өнүккөн өлкөсүн» таанышса, анда аларды өз жеринде жашоого, асыресе «кийимин да алмаштырбайм» деген укук берерин, эгер жардыгын аткарбаса, анда падыша «кол алдындагы уруулар (кыргыздар) таптакыр чек арасынан ашпагыдай» чара колдонорун белгилеген.*

*Чжао Хой ал жарлыкты Тогуз-Торо, Талас, Жумгал жана башка жерлердеги кыргыздарга тааныштырган. Өз укугун, өз эркиндигин бөтөн жердин акиминин уруксаты жок эле сактап калууну каалашкан кыргыздар аны уккулары да келген жок. Анын баары кыргыздардын арасында чиндерге болгон кыжырдануусун күчөттү. Анткени алар өз эркиндиги үчүн жаңы күрөшкө аттанарын түшүнүп, кытай бийлик төбөлдөрү мурунку калмактардай эле душман экенин билишти.*

*Бирок, Синьцзяндын аскер башчылары Бээжинге берген кабарларында кыргыздар чин падышасынын букаралыгына макул дешип, кыргыз билермандарынын атынан жалган жалынычтуу кабарларды жөнөтүп турушту. Канткен менен чин менен байланыш түзүүгө кыргыз бийлеринин да мүдөөсү бар эле. Анткени жунгарлар басып алганга чейин жака белдеги оор кырдаал алардын тынчын алган эле. 1757-жылы Чжао-Хой менен биринчи ирет кезиккенде эле сарбагыштын билерманы Черикчи мурдагы конуштарын алууну каалагандыгын билдирген. Аны уккан Чжао-Хой Бээжинге Жунгар хандыгы талкалангандан кийин чин аскер башчысы кыргыз жерин бөлүштүрүүгө аракеттенген.*

*Бытыранды кыргыз уруулары жаңы коңушу менен карым-катнаш түзүү максатында Жунгар хандыгы тушунда калмак байлары тартып алган мурдагы конуштарын кайрып берүү өтүнүчү менен Бээжинге элчилерди биринин артынан экинчисин жибере башташкан. Себеби, кытайда малдын этине, терисине, жүнүнө таңсык болгондуктан малдуу байлар сооданы жөнгө салуу сунушу менен кайрылышкан болчу. Көбүн эсе Бээжинге жылкыларды тартуулашкан. Алар кытай жибегин, кийим-кечесин, чайын беришкен. Элчилерди кымбат буюмдар менен сыйлаган. Элчилер кандай максат менен барганына карабай чет элдиктер көз каранды катары баалашкан.*

*Бир нече миң козголоңчу уйгурлар үй бүлөсү менен чин куугунчуларынан кыргыз конуштарына корголоп келишкен. Чет жердиктер менен тайманбай салгылашып, көптөгөн баатырдын аты калды. Чыгыш Түркстандагы чоң багыштардын башчысы, Кутуга (Хугуа), Адигине жана Моңолдордун уруу башчысы, Оштун акими Ажы бий, сарбагыш менен саяктардын кадырлуу аксакалы Маматкул, бугулардын белгилүү бийи Бошкой жана башкалардын таржымалдары дагы да изилдениши керек.*

*13 б Динбянь цзянцзюнь Чжао Хуэй бурут уруулары кандайча баш ийишке ийиктирилгенин билдирет.*

*Чжао Хуэй маалымдайт: «Мен буруттардын чегине барып, эки отогунун саяк жана сарыбагыш урууларынын бийлериш баш ийишке ийиктирдим*

*14 а Алтынчы айдын башында 4-күнү бүткүл уруу журттарды жоошутушка чогуу аттанышкан офицерлер (шивэйлер) Урдэн менен Толуньтайды Турчи бий коштоп жүрдү. Урдэн кабарлагандай 5-айдын 12-күнүндө Турчибийдин Жумгал жергесиндеги конуш журтуна жетишкен. Кийинки күнү жарандарды чогултуп, императордун жардыгын жарыялашкан. Андан соң Таласка Майтык бийдин уулу Эшботого барышкан. Ал жерде да, бүт баардыгы тизе бүгүп, колдорун чекеге алып, ийиле таазим этишип, мындай дешкен:*

*-Биз эбак эле Улуу өкүмдарга букара болгубуз келген. Бирок Жунгарлар жол бербей келди.*

*14 б Эми, минтип каалаганыбыз акыры кабыл болду; кантип кубанбай калалы» Таласта Мамуткул (Маматкул) бийдин жана алардын жардамчылары Каработо, Майтак, Акбайдын карамагында 4 миң түтүн эл бар экенин Эшботодон сурап билишкен. «Бул жерден (аларга) чейинки аралык 5-6 күндүк жол экен. Толуньтай 14ү күнүн ал элди баш ийишке ийиктиргени аттанган. Урдэн 18 күнү Тогуз-Торого Сарбагыштын бийи Черикчи менен жолугушууга жөнөп, эртеси императордун жардыгын жарыя кылган. Башка (жерлердегидей) эле, баардыгы ыраазы болушуп, таазим этишкен. Черикчи 100 баш мал тартуулап, борборго кабыл алууга барыш үчүн цзянцзюнь менен жүздөшүп сүйлөшүү ниетин билдирген.*

*15 а 6-айдын 3-4 күнү (биз) аскер туругуна (лагерь) бардык; мен урмат көрсөтүү менен Улуу өкүмдардын баш ийүү тууралуу жардыгын жарыя кылып, казактар кандайча моюн сунушканын айтып бердим. Эгерде алардын жеринде качкын ойроттор бар болсо (бизге) кармап берүүгө тийиш экендиктерин эскерттим. Кол куушуруп, бардыгы баштарын төмөн ийип мындай деп айтышты: «Ойроттордой күч-кубаттуу оендор толук ойрон болушту. Байманасы ташыган казактардай байлар бүт бары баш ийип*

*беришти. Биз бечара элбиз; даанышман өкүмдардын эркине көнбөгөндө, кантмек элек?» Мен ошондой эле уйгурларга кыргын салганга жоокер күчүн сурадым. Черикчи сыпаа макулдук билдирип, «Биз энчибизге мурдагы конуш жайыттарыбызды сурайбыз» Мен ага ачык айттым: «Силер башында ойрот тарабынан сүрүлүп чыгып Анжиандын атарабындагы конуш жайыттарды ээлеп калгансыңар; азыр болсо Нарын, Жумгал, Талас жергелерин жайлап турасыңар. Мурда (ал жерлерди) ойроттор ээлешкен: бу күндө даңктуу аскерлерибиз Жунгарларды тынчытты;*

*16 а Каган-Харкирага (Каркыра) Тэмурту-норго (Ысык-Көл) чегара кайтарчу кароол кою кажет Иледе даңазалуу аскерибиздин туруктуу колу (гарнизон) жайгашкан. Эгерде конуш жайыттарыңар тарлык кылып жатса, чындап өтүнгүлө да, ызат сый менен Улуу өкүмдардын ырайымын жана кайрымын күткүлө; өз бетиңерче көчүп коно беришти койгула.*

*Черикчи буга чейинки сылык сыпа сыягынан жазбай ордого кабыл алуу аземине канча киши бараарын сурады. «Биздин Маматкул бийибиздин жашы 90дон ашып кетти; өзү семиз; отурса карды салаңдап, жер чийет; атка мине албайт. Ордого үч гана адам Черикчи, Турча, Ниша барат (алты айдын) алтынчы күнү мен кабыл алуу уюштурдум жана аттуу жаа аткыч мергендердин өнөрүн көрсөттүм; бардыгы суктанышты. 9-күнү үчүнчү даражадагы шивэй (офицер) Дасанды Черикчи ордого кантип жөнөп жатканын байкап келишке жибердим.*

**63-бап**

**Динбянь Цзянцзюнь Чжао Хой Яркендге жасалган жортуул жагдайын маалымдайт.**

*«Чжао Хой билдирди: Мен аскерге Яркендге жүрүшкө аттанууга буйрук бердим. 10-айдын 3-күнү шаардан 40км аралыктагы Хойци арыка жеттик. Шивэй Маньгортуну жоокерлер менен чалгынга жибердим. Түн ортосунда жолду кыйгап өтүп, шаарга чукул жердеги кесептер ээлеп алган кароолканага, соңунан шаарга тымызын өңүп кирип, бир уйгурдун эгинин олжолоп алдык.*

*Аксу менен Үч-Турфан багынып бергенден кийин, Хоцзичжан 63 миң уйгур менен Кашкарга кирген: аерде бир түнөгөн: 4 күн Якургэде турган. Борониду Хоцзингжандын жосунсуз жоруктарына аябай наараз экенин эшитип жатабыз.*

*24 б (Алар) ар кими бирден шаарды коргоп, бири-бирин колдошко макулдашышкан. Боронидунун аттуу, жөөсү кошулуп, 10 миң ашуун адамы болгон: алар Кашкарды бир бекет аралыкта Гэлщиде жайгашкан.*

*Шэлэмэтэге, Молло Гэлибге 50 адам алып, Бурцзи бостунга туруктуу кароол коюшка, шаарда канча жоокер, канча ат барын, Хоцзичжан кимге ишээнерин, кишилердин маанайы кандай экенин, Кашкар менен кат-кабар аркылуу катнаш бекен чечмелеп билишке буйрук кылдык.*

*Хоцзичжань бир тууганы менен кат-кабар алышабы, же жокпу, аныгын билбедик Жоокерлерибиз шааргa жакындап келгенде, кесептер согушканга жарадыбы, же биздин сүрүбүздөн жалтанып дыр коюштубу, көрө албадык. Бекем коргонуп, жардам күтүп жатышкан болсо, шааргa чабуул жасоо керек. Бирок бул шаар Кучадан алда канча чоң. Төрт тарабы биригип 12 чакырым. Менин кол алдымда аттуу, жөөсү болуп, 2 миң ашуун жоокер бар. Бул бир тарабын гана камалаганга жетет… Кесептер капылет сокку уруп, качып кете алышпайт.*

*26 а Качкан күндө да, кесептер жалгыз түштүк жолу аркылуу гана Хиндустанга, Бадахшанга, Кара-Тибетке кета алышат.*

### 64-бап 1758-жыл 11-ай

***19 а Мамлекеттик кеңештин министрлерине***

***Императордун жарлыгы***

*Чжао Хой билдиргендей, ал аскерди Яркендге баштап келген, аерге козголоңчулар бекем орношуп алышкан. Кесептерди бекинген чебинен азгырып чыгарып, талкалаш үчүн жаңы күч керек. Бөлөк жол менен качып, дарыядан кечип өткөндөн кийин күчтөрүн бөлүштүрүп, жолдорду бөгөп салышпас бекен деп чочулап турабыз. Жахан-Кожо бу бузукулар биздин даңазалуу аскерлерибизди курчап алышканын билет. Ушул күндө (биз) жардамга аскер баштап*

*баруугa Шухэдэге шашылыш буйрук жибердик. Мунун бардыгы биз душманды алсыз санап, алаңгазар жүрүш уюштурганыбыздан улам болуп жатат. (азыр эми) айыптууларды аныкташ кыйын. Чыгыш Түркстан менен алектенип жатканыбыз, барып-келип эле козголоңчулардын башчысы Жахан Кожонун айынан болууда. Башта ойроттор (Или жайсаңы) Абагэстин жерин басып алышкан. Даңктуу аскерлерибиз Илини караткан убакта (Жахан-Кожо) капыстан кутулуп кетип, мурдагы букараларын кайрадан башкарып калган.*

*30 б Башкарып кана калбастан, зилинде жакшылыктын кадырын жете билбеген карышкырдай кара мүртөздүгүн да көрсөттү. Жакшылыгын жалгаган өз өкүмдарына карасанап, залал келтиришке жүрөгү даады. Цзяңзюнь жиберген фудутуна Аминьдао менен анын жүз жан жөөкөрүн мертинткенден да кайра тартпады! Аскерди аттандырып, жазасын колуна бербесек, дөөлөтубуздун зоболосун көтөрүш учун аесуз күрөшүп жатабыз деп Көкө теңирге кантип айта алабыз. Биз курулай атак-даңк кууп, аскерибизди тобокел ишке салып, жаткан жерибиз жок. Жоокерлерибиз Кучаны ээлеп, Чжао Хой аскерибзди чабуулга баштаганда, а тууралуу уу-дуу кеп туш-тушка тарап кеткен. Ошентип Аксу жана Үч-Турфан шаарлары чын көңүлдөн удаалаш баш ийип беришкен: а Чыгыш Түркстандын башчысы Ходжасы бек болсо, кайрадан моюн сунуп, аскердин алдыңкы сабында аттанып чыккан.*

*Арийне, Жахан-Кожо Яркендге качып, андан улам Чжао-Хой оңойлуу учурда аскерди баштап жортуулга аттанып чыккан. Ошондо ага Аксуда бир аз аялдап, акыркы аскер коштору толук жетип келгиче күтүп турушка, андан соң чогуу аттанып, козголоңчуларды кармашка буйрук кылганда жакшы болмок: Бирок бул жерден өз убагында көрсөтмө жиберишке үлгүрбөй калдык. Бул эми бизге байланыштуу эмес. Болоору болгон соң, айткандан не пайда. Согуштук аракеттерибиз өз маалында болуп жатат: бизге барынан да ушул манилүү деп ойлойбуз. Чжао-Хой жөндөмдүү генерал, ал азырынча чабуулга өтө элек, бирок чечинген да жок. Анын үстүнө, биздин манжу аскерлерибиз менен жоокерлерибиз*

*кимди гана болбосун дыр коюп качышка аргасыз кылат. (Бизге) жүрөгү даап, каршы туруучу жоо али чыга элек.*

*31 б Түркстандын Аксу шаары (биздин) күч-аракетибизсиз эле багынып берди. (Биз)жеңил жеңиштен пайдаланып, мындан ары да ушундай оңой-олтоң, эч токтоосуз, шыр коюп Яркенд менен Кашкарга кирип барабыз деп ойлогонбуз: көрсө, козголоңчулардын күч-кубатын жете баалаган эмес экенбиз. Каталык бизден кетти, бирок душманды алсыз санап, алаңгазарлык менен аттанып чыгууга, Чжао Хойдун жоопкерчилиги канчалык? Карыет, бир нече жыл ичинде жунгарларды тынчытуу, казактар менен буруттардын ыктыярдуу түрдө баш ийиши чындыгында да эң сонун иш болгон. Аңгыча болбой эле кайдан-жайдан даңктуу аскер курчоодо калды деген бул капылет кабар?*

*Көкө теңирдин жакшылыгын биз таазим этип, ыраазычылык менен кабыл алабыз. Чындыгында да тыптыйпыл болушка аз калганын сезип, ал (өз) түнөгүнө кайтышка шашылды; калктан калкты карактап, (козголоңго) козутту. Азырынча маалкатып турат. Ал эми биздин аскер болсо күнү-түнү токтоосуз алга жылып, анын айынан аттар алсырап, жүрбөй калууда. Айтоор (Чжао Хой) курчоодо жардам күтүп жатат. Бактыга жараша, (биз) өз убагында камынып, койгон экенбиз. Биз алтынчы жана жетинчи айда солондорду, чахарларды, туруктуу аскер кошторун жана Шэньен менен Ганьсудан чыгышкан жашыл байрак жоокерлерин удаама-удаа, көмөк көрсөтүшкө жибердик. Аттар менен оокат-азыктар да жөнөтүшкө белен турат. Эгер бу да жардам бербесе, анда акыбалыбыз чын эле кыйын. Бирок (биз) Чжао Хойдун бүгүнкү билдирүүсүн башында билген эмеспиз.*

Кокондун бийлерине Кыргызстан Кашкарга жол ачкан көпүрө катары зарыл эле. Ферганалык кыргыздардын тынч жана бейтарап болушу Абдалрахимге (1721-1740), Абдукеримге (1740-1753) Сыр-Дарыянын оң жээгиндеги шаарларды (Ташкент, Чымкент, Түркстан) Ферганалын мерчемдүү элдүү пункттарын басып алуу мезгилинде аябай керек болгон. Он сегизинчи кылымдын экинчи жарымында Кокондун бийлери Фергана, Заравшан өрөөндөрүнүн шаарларын

ээлөө менен өздөрүнүн байышына кеңири жол табышты. Талоончул согуш багытын чыгышты көздөй улантууга шарт түздү. Эми кыргыздардын, казактардын кезеги келди. Бийликтин чек арасын Кашкардын кара тоосуна чейин узартуу келип чыкты. Бул «жунгар мурасы» үчүн болгон күрөшкө аттануу дегендикке жатат. Аны ийгиликке ашыруу үчүн бири-бири менен тыгыз байланышкан эки мамиле бар. Биринчиси Кашкардын акиминин соода боюнча жардамчысына, эшик агалыкка өз адамын коюу. Экинчиси батыш кыргыздардын жетекчилигине Кубат бийди алып келүү. Алардын жардамы менен Чыгыш Түркстанга Кокондун таасирин арттыруу эле. Эрдене бий кытайдын багдыханына өзүнүн коңшулук-достук мамилесин далилдөөгө даяр экенин элчилер Кашкар акими аркылуу билдирди. Узакка созулган сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында Кашкардык акиминин эшик агалыгына Абдырахманды дайындоого жетишти. Абдырахман кожолордун мезгилинде алардын жардамчысы экенин билип туруп аким буга макул болду. Ошентип сооданын ачкычы Абдырахманга өткөн. Бухар соодагерлерине Чыгыш Түркстандын «кичине Бухара» деп аталган базарынын эшиги кеңири ачылды. Абдырахман Кашкардагы Жаркендеги болгон абалды Эрденеге жеткирип турду.

Экинчи маселени Кубат бийдин жардамы менен чечүү зарылдыгы келип чыкты. Кушчулар бул мезгилде кыргыздардын өтө көп сандуу уруулардын бири эле. Ал үч аймакты Талас, Ферганада жана Чыгыш Түркстанда жашашкан. Кубат бий Абдыкерим бий менен бирге калмактарга каршы согушта өзүнүн мыкты аскер башчысы экенин көрсөтө алган. Он жетинчи кылымдын экинчи жарымында он сегизинчи кылымдын биринчи жарымында Ферганада жашаган кыргыздардын ичинен кушчу уруусунун өкүлдөрү кеңири аймакта төбөсү көрүнгөн. Өзгөчө Галижа бийдин мезгилинде (он жетинчи кылымдын этегинде) мундуз, кушчу урууларынын күчтүү биримдиги түзүлгөн.

Ал эми Галижанын уулу Калча бийдин учурунда кушчу мундуздар көрүнүктүү саясий күчкө айланган эле. Калча бий Бухара хандыгынын акимдеринин бири болчу. Ичкилик кыргыздар менен

туугандык мамиле түзүп, аброю ого эле көкөлөп турган. Калча бий Ферганадагы борбордон четке умтулган күчтүн жетекчилеринин бири катары таанымал эле. Аны менен өзбектердин миң уруусунун бийлери жакындашып, миңдердин бийликке келишине (1710-ж) Ферганanын шаарларын каратып алышына чоң жардам көрсөткөн. Анын аброюн жана эрдигин эске алышып, ага Анжиандын акимдигин ыйгарышкан. Ал өлгөндөн кийин анын бийлиги баласы Кубатка өттү. Кубат атасынын жолун жолдоп, мундуздар менен болгон биримдикти чыңдап, Ферганaнын чыгышын ээлөө менен Коконго каршы кыймылды баштады. Анын бул аракетине адигине уруусунун жетекчиси Ажы бий да кошулду. Кокон бийи кыргыздардын күчөшүнөн жана биримдигинен чочулап, аларды бөлүп-жарууга багытталган аракеттерди жасай баштады.

Кезинде Кубат бий миңдиктердин Фергана шаарларын каратып алууларына катышкан. Анын кыпчактардан, кушчулардан, мундуздардан турган атчандары уруштарда өздөрүн көрсөтө алышкан. Мына ошондо Кубат бий «Эрдененин таянычы», «оң колу» деген атакты бекеринен албаган. Кубат бийдин көрүнүктү аскердик  жетекчи экендиги ошол кылымдын элүүнчү жылдарында белгилүү боло баштайт. Ага миң башылык кызмат, бахадур (баатыр) деген даражаны ыйгарышкан. Даңазалуу кол башчыны Кашкардагы «кара селделүү» кожолор жунгарлардын бийлигине каршы күрөшкө жардамга чакырышат. Кубат бий Чыгыш Түркстанда жашаган кыргыздар менен байланыш түзүп, «Кашкар жүрүшүнө» аттанат. Бириккен аскер күчтөрү менен жунгарларды Кашкардан жана Жаркенттен кууп чыгат. Убактылуу Кашкардын акимида болот. Кашкардык кыргыздар аны (1757-1758) «хан» көтөрүшөт. Анын таасиринен чочулаган уйгурлар. Бурханидин менен Хан кожо баш болгон бийликтегилер аны кодулай башташкан. Ошол кезде кытай армиясы Ак-Суудан батышты көздөй чабуулга өткөндө Кубат бий кошуну менен Кашкардан чыгып кетет. Ал эки аймактын бир мусулман элдеринин эң таасирдүү жана бай мүчөсү катары Кокондун, Кашкардын ички жана тышкы маселелерин чечүүдө чоң орунда турган.

Кубат бий Чиндик кытайдын аскерлеринин аябаган жырткычтыгын, адамзатка сыйбаган канкордугун өз көзү менен көргөн. Жазыксыз жүз миңдеген чыгыш түркстандыктардын, айрыкча жунгарлардын өлгөнүнө, элдин талангандыгына күбө болгон. Ошондон улам мекенине аман кайрылуусу себеп болду. Ал Анжиандын акими катары гана эмес, бийлердин бийи катары Ажы бий менен бир нече мертебе акылдашкан. Ага кытайлыктардын канкордугу жөнүндө күбөлөрдүн көзүнчө баяндаган.

-Карабагыш, черик, кытай, бугу урууларынын өкүлдөрү желдеттердин колунан аябагандай эле курман болду. Алардын Кашкарга, Жаркентке ишенүүсү жебирейилге ишенүү менен барабар. Ажы Хун Лиге жан тартканыңды, туу катары тутканыңды кой! деген.

-Ажы бий экөөбүздүн бешигибизди эки эне терметкен. Эки эне эмизген. Аталарыбыз да башка. Бирок, экөөбүз тең кыргызбыз. Эки казандын тузун татабыз? Ошого карабастан ишенген кожобуз башка. Бизде аларга ишеним жок. Тилегибиз бир болгону менен Алла Тааладан ар кандай жол менен максатыбызды ишке ашыргыбыз келет. «Эки кочкордун башы, бир казанда кайнабайт» деген ушул. Бирок, экөөбүз тууганыбыз. Тагай бийдин тукумдары да өз ара тытышып, бирин-бири укпай жүрүшөт. Эми кыргыз атанын конушуна кайрылып барышып, жер-суу талашып жатышат. Эртең ким менен бирге болушат? Аны алдын ала билүү кыйын. Бөлүнүп көчүп-конуп калгандарга ишенүү кыйын. Тагайдын алтын туусун да жоготкондор да ошолор. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» болобуз го?

Ооба, Кубат бий да Ажы бий окуянын эмне менен бүтөрүн сезген экен. Ичи тарлык, көрө албастык, кыргызды кылымдар бою бириктирбей келди. Укумдан-тукумга өткөн, айыкпаган дарт. Анын дарысы ынтымак. Аны миңдер тапты. Чынгыздын насилдери түрк журтун ары-бери айдап жүрүп бириктирди. Хандык, бектик, эмирлик бийликти түзүштү.

Кокон бийлерине Нарбото бийдин Кытайдан кайра көчүп келиши, Кубат бийдин аскери Анжианга келип турушу жаккан жок. Кушчулар Ферганадагы ири саясий, аскердик күчкө айланышты.

Эгерде Ажы бий менен Кубат бий биригип кетишсе Эрдененин бийлигине өтө эле коркунуч түзүлөт. Аны алдын ала баамдаган Эрдене Кубат бийди Ходжентке келүүсүн өтүнүп, атайлап кабар чаптырды.

Бий адамдарын алып шаарга кире бергенде Маргалаңдын акими жана хандыктын лашкер башчысы анын жигиттерин куралсыздандырышты. Эрдене кыргыздардын көрүнүктүү жетекчилерин чекесинен жок кыла баштады. Кубат бийдин киши колдуу болуп өлтүрүлүшү Эрдененин күчүн, аброюн көбөйтпөстөн, тескерисинче Коконго каршы кыймылдын өсүшүнө түрткү берди. Өлүм кыргыздардын бытыранышына, начарлашына алып келди. Кушчулар жана мундуздар ары жаш акылдуу, жана эрктүү жол башчысынын ажыроо менен эки тарапка тең кошулбай, бейтарап калышты.

Ажы бий Кубат баатырдын өлүмүнүн себебин, Кокон бийинин ага атаандаш кылам деген оюн алдын ала эле билген. Акыреттик досун ардактап жерге берүүгө, анын жактоочуларын, анын хандыгын сактап калу үчүн бардык аракетин жасады. Кубат бийдин сөөгүн торолуп өскөн жерине Алайдын аймагындагы Кичи Дарадагы белеске салтанат менен койдурду. Досунун Алыке баш болгон ишенимдүү, ары ынтымактуу кошунун өзүнө алды. Эл оозунда Кубат бий өлгөндө кошулган кошок сакталып калды.

Баатырдын ашы берилгенден кийин кушчу жана мундуздар анын иниси Нарботону ордуна бий шайлап алышты. Бирок, Эрдене жана аны жактагандар, кыргыз бийлеринин көрүнүктүү өкүлү сол жана ичкилик кыргыздарынын таанымал жетекчисинин калкына кысым көрсөтүүнү күчөтүштү. Салык алуу аябай эле көбөйүп, ар кыл шылтоолор менен баш көтөргөн азаматтарды кысымга алышты. Ага ынабаган Нарбото бий кайрадан 1762-жылы Кытайга көчүп кетти. Ал жакта Кызыл-Ойдогу мурдагы Кубаттын мунарасынын жанынан конуш алды.

**73-бап 1759-ж 5-ай**

***14 б Динбянь цзянцзюнь Чжао Хойго кыргын жортуул кырдаалын талдоого буйрук Мамлекеттик кеңештин министирлерине Улуу өкүмдарлык жарлык***

*Чжао Хой билдиргендей, буруттарга атказылган офицерлер Чаӊ Го менен Бучжаньтайды бурут (бийи) Минилеха жана Кашкардын мурунку бектери Ациму (Аким, хаким) менен Хашка коштоп жүрүшкөн. Ага-ини кожолор Кокондун Ирдана беги менен достошконун кабарлашты. Балким, кийин ошол жакка жашынганы жатышса керек.*

*Кашкардан батышты карай үч тоо жолу кетет. Даӊазалуу аскерлерибиз кесептерди кармагысы келсе, оболу Кашкарды алып, анан бул үч орчундуу түйүндү ээлеши зарыл, ошондо алардын качаар жолу кесилет.*

**74-бап 1759-ж 6-ай**

*4б Чжао Хой кабарлады: буруттардын арасында жашаган уйгур Эталаньчжу Кожомахмуд бурут Маматкул жана Нарбото ошондой эле жан жөкөрлөрү менен бирге моюн сунуп келди.*

*Буруттардын ичинде Маматкул сыяктуу чындап берилгендер бар болсо, жана ошондой эле кокус Ирдана бек кайрадан чын ыкластап ыкырарлык кылаарын кабарлап калса, балким жарлык чыгарарыбыз?*

*75-бап 13 б Чжао Хой билдирди: Мен бурут Нарботого кесептердин Сары колго, Кокондун Ирдана бегин көздөй кетүүчү жолун кесип ташташка жана алардын соӊунан сары изине чөп салып, кубара куугун кылышка буйрук этип, кабар жөнөттүм.*

**78-бап 1759-ж 9-ай**

*13 а Чжао Хой маалымдайт, «Башта козголоӊчу кесептердин качаар жолун бөгөп койгонубузга байланыштуу, экинчи даражадагы шивей Дэктананы Кокондун Ирдана бегине, Маргалаӊга, Анжианга, Наманганга, ошондой эле буруттардын*

*адигине жана ичкилик урууларына буйрук тапшырууга атказдык»*

*Дэктанын маалыматына Караганда 8-айдын 12-күнү адигиненин Ажы бийине кошуп адам жөнөткөн. Шалакүчүк (Сарыкүчүк) аркылуу жиберилген маалыматта «6 айдын 18и күнү Кашкардан чыгып, 29 күнү Анжианга жеттик. Бекбаш болгон 4 адам, бардыгыбыз тең адигине бийи Ажынын жетеги астында, Кокондук Ирдана беги менен достук ымала түзүшүп, андан чыгып, Ажы бийдин конуш журтуна барышты. Ажы бий айтты: «Улуу даражалуу цзянцзюнь ушул күндө өкүл жөнөткөнүнө кандай курсант болгонумду айтып жеткире албайм; Улуу өкүмдарга букара болушка ынтызаармын.*

*14 а Козголоңчу каракчы Хоцзичжань (Жахан кожо) бул жакка келген жок. Мен азыр аскерге жолду торошко буйрук кылып, Ирданага кабар айттырам»*

*Андан соң алынган маалыматтарга караганда Ирдана мындай деген: «Ырас, Ажы бий моюн сунуп аткандан кийин мен деле чын ыкластан баш ийип, келген өкүлдү кабыл алам» Ажыбий өз кезегинде аскер туругуна кабар жеткиришке Шалакучукту жиберген.*

*78-бап 14 б Улуу өкүмдар тарабынан өтө бийик урмат менен дайындалган алдыңкы сап аскеринин кол башчысына (цзян цзюнь цзюнь-цянь);*

*«Баш урган букараңыз Ажы, адигине буруттарынын бийи, Улуу өкүмдарды (Императорду) туулган күнү менен таазим этип куттуктайм. Учурда цзянцзюнь Кашкардан атказган адам өкүмдардын жарлыгын бизге тапшырды. Тартууланган грамота менен мөөрдү таазим этип алдык; кубанычымды сөз айтып жеткире албайм; биз каалагандай болду.*

*Бухардын чыгышындагы 210 миң адам бүт бойдон биз-сиздердин букарабыз. Өкүл шивей бизге келгенден бери далай күн өттү. Улуу даражалуу цзянцзюнду ушунча узак жерге өкүл атказдырып, убара кылгыбыз келбейт. Кат жүзүндө түшүнүк бериш үчүн цзянцзюнга шивэйге кошуп киши жиберебиз».Шивэй*

*жакында турукка кайтып келди. Андыктан кат-кабарды тапшырдым мен келген өкүл аркылуу чын ыкластан ыкларлык кылганы үчүн Ажи бийге сый тартуулап, азыркы учурда кесептерди жоюп, кандай кырдалда жүзөөгө ашырылып жатканын кабарладым. Күчүбүздү үрөп жолдорду тороп жатабыз. Эгер Ажы бий урмат көрсөтүп, падышанын дидарын көрүшкө дилгирленсе, келе берсе болот. Ошондой эле өзүнүн ордуна уулун, же бир тууганын жибериши да мүмкүн. Мынча алыска дароо аттанып чыгышы кыйын десе, өзүнө ыйгайлуу жагын карасын.*

*13 б Чжао Хойдун маалыматын карадык: Ажы бий менен Ирдананын ичи ыкырарлык кылганы ырас иш болуптур: экөөнө тең грамота ыйгардык; жибек жана капчык ыроолодук: Эгер кабыл алуу каадасына өкүл жөнөтүшсө, борборго коштоп узатып келүү жагы камсыз этилсин. Тагдырын Теңирге табыштасын деп, Анжиан, Кокон журтчулуктарына императордун грамоталарын ыйгардык.*

**78-бап 24-жыл Цяньлун (1759) 9-ай**

*17а Фу Дэ билдиргендей, си-бу-ча-кэ жана ха-бу-ча-кэ (кыпчактар) уруусунун буруттары эң эле ач көз келишет. Ар качандан, бир качан, ат төөлөрдү уурдашып, почта бекеттерине бүлүк салышат. Катуу жаза тартып калышаарын эскертип коюш керек.*

*23 а Дин бянь цзянцаяюнь Чжао Хой маалымдады. «Козголоңчу» кесептердин жолун тосуп салганыбызга байланыштуу, Кокондун Ирдана бегине Маргалаңга, Анжианга, Наманганга жана ошондой эле буруттардын адигине уруусуна буйрук тапшырышка буга чейин шивей Дактананы жөнөткөн элек. Адигиненин Ажы бийи менен Кокондун Ирдана беги чын дилден баш ийээрин билдиришке адигиненин Ажы бийи (Ацзиби) Шалакүчүктү (Сары күчүктү) жибергенин (Дактана) кабарлады. Ошондой эле Ажы бийдин катын берип жиберген каттын котормосу мындай:*

*«Урмат менен билдиребиз. Учу-кыйырсыз мейкинге жабуу болгон чексиз асман сыяктуу, мүлдө макулуктардын камын көргөн Будданын ашкан адамгерчилик касиети даарыган, илгерки Искендердин айбаттуу сүрүндөй, Үрүстөм шекилдүү Ааламда*

*теңдеши жок баатыр, төрт деңиздин эгеси, улуу мартабалуу өкүмдар Цяньлун өтө бийик урмат менен алдыңкы сап аскерине дайындаган кол башчы. Баш урган букараңыз, буруттардын адигине (уруусунун) улугу Ажы бий улуу өкүмдарга урмат менен узун өмүр тиледи. Ушу тапта цзянцзюндун жарлыгын алдык, моюн сунгубуз келээрин билдиребиз. Бухарадан чыгыштагы 210 миң адам-биз баарыбыз тең силерге букарабыз» Мен жооп кат тапшырдым жана өзүнчө сый көрсөттүм. Кесепеттерди жок кылышка күчүбүздү үрөп жатабыз, көрсөтмө күтөбүз?*

*25 а Чжао Хой билдирген маалыматты карадык: Ажы бий менен Ирдана багынганы жакшы болуптур: экөөнө тең грамота ыйгардык; жибек жана капчык тартууладык. Алар кабыл алуу каадасына өкүл атказып калышса, борборго коштоп келиш жагы камсыз этилсин.*

*Императордун жардыгы мындай : цзянцзюнь Чжао Хой маалымдады: шивей Дактана Анжиянга жана Коконго барып, Ажы бий менен Ирдана бекке жоолуккан; экөө тең чын ыкластан ыктарлык кылышкан. Чын пейилден чыккан сөздөргө мен абдан курсантмын. Ичкериде да, сыртта да, мен бүт ааламдын өкүмдарынын (мен үчүн) бардыгы бирдей. (Биздин) дөөлөткө кайрылгандардын баарысы тең биздин камкордугубузга карк болушат. Тынч –аман жашаш үчүн ар ким өз жол жосунун тутат. Эгер силер кабыл алуу каадасына катышышты кааласаңар, келе берсеңер болот, же өзүңөрдүн ордуңарга бир туугандарыңарды же уулуңарды жибергиле; аларга дагы сый-сыпат көрсөтүлүп, сыйлык тартууланат.*

**82-бап 1759-ж 11-ай**

*4 а Чжао Хой билдирди; экинчи даражадагы шивэй Дактана 10 айдын 10 күнү турукка кайтып, мындай деп кабарлады: адегенде Кашкардан аттанып чыгып, буруттардын адигине бийи Ажынын калкасы астында жашап турган Нохачиге бардык. Ал моюн сунаарын билдирген соң Анжианга жөнөдүк Маргалаңдын жашоочулары дагы баш ийээрин билдиришти. Кокондун Ирдана беги Намангандын ж.б шаарлардын бектерин, ошондой эле кыпчак*

*буруттар менен Кокондун молдолорун жана ахундарын жолугушууга жыйды. Ирдана… даңазалуу аскер жунгарларды тынчытып, буруттарды баш ийишке ийиктиргенин эшиттик. Мага караштуу төрт шаар: Анжиан, Маргалаң, Наманган, Кокон Улуу өкүмдарга букара болушун мен азыр абдан тилеп турам.*

*5 б Улуу өкүмдар багыбызды ачып, элди тынчытты. Ушу кезде шивей келди кубанычыбыз койнубузга батпай турат; өз оозу менен билдиришке атайын ишеничтүү көрсөтүп, нускоо беришти өтүнөбүз.*

*Мен келген өкүлдөн эмне кеп-сөз бар экенин сурап көрдүм. Ал айтты: биздин бурут урууларыбыз бири-бири менен чабышып жатышат. Биздин Ирдана бек жаңжалды бир жаңсыл кылгысы келет жана Улуу өкүмдардан буруттарды тыйышка буйрук беришин, өтө өтүнүп сурайт.*

*Мен мындай дедим: көпчүлүк буруттар башта моюн сунуп келишкен. Азыр эми төрт калаанын калкын өзүңөр кунт коюп башкарып, чыр-чатак чыгышына жол бербешиңер керек. Улуу өкүмдар кайрымын айттырбай койбойт. Ирдананын баш ийгени жөнүндө адигине бийи Ажы аркылуу мурдатан кабардар элек.*

**Чиянлуңдун 25-жылы (1760-жылы) 1-ай 604 ором**

*«Кыргыздардын Ажы бийи жиберген Шергазы сыяктуу элчилер ордого (Бейжин) келишти. Кан сарайында Шергазы канга салам берди. Кан аларды алдына отургузуп, ал абалын сурады».*

**Чиянлуңдун 25-жылы (1760-жылы) 2-ай, 606 ором**

*«Кыргыз Ажы бий, болор Шахсамат, черик Чорматтарга түшүрүлгөн жарлык: Силер алыскы чек ара аймактарда турасыңар. Мен чоң колубуздун уйгурларды тынчытканда, Бадакшанда кара беттердин башын кыйып, адалдык билдирүү үчүн атайын сарайга саламга келмек болгонун угуп, мактоого арзырлык экен деп эсептедим. Бүгүн ордого келгенде аларды абдан жайгаштырып, кан башым менен аларды кабылдап, сый тамак берип, торко-дурдун тартуулап, чыны-чайнек узаттым. Алар сый көрсөтө кабыл алышты. Алардан дагы элчи келгенде көп кишиге кийим аяк,буюм-тайым, алтын- кумуштөрдү шаңга бердим. Силердин тайпаңарда жуңгарлар*

*кыйсыпыр кылышкан, бүгүн алар биздин малайыбыз болуп калышты. Арыйне, силер биздин аздектешибизге ээ болосуңар силерге баш ийген тайпаларыңар эми кең-кесири жашап, жыргап калышат. Силердин элчинер дагы келчү болсо, аларды көп жактан мунаса кылып, кастарлайбыз силер муну билип койгула».*

Кокон бийлиги менен кыргыз бийлеринин ортосундагы мамилелер жылдан жылга курчуй берди. Адигине Ажы бий Маматкул бий баш болгон Арзымат бийди Кокон улугуна каршы күрөш баштоого чакырды. Сарыбагыш бийлери Черикчи менен Темиржанды кошулууга үндөдү. Бирок сарыбагыш бийлери ынтымакка келбей, жортуул баштоого макул болушпады. Коконго кол салмак түгүл, ал кезде кыргыз бийлеринин башы бирикпей, ич ара чыр-чатактары ырбап турган. Кыргыздардын ыйкы-тыйкылыгын эптүүлүк менен пайдаланып, Эрдене бий Өзгөн, Ошко жортуул уюштурду. Аларга ичкилик, адигине, моңол урууларынын башын бириктирген саны жагынан аз болгон колу менен Ажы бий каршы чыкты. Бир нече жолку салгылашуудан кийин көп жоготууга дуушар болгон кыргыз жоокерлери тоо тарапка чегинишке аргасыз болушту. Кийинки Кокундун акими Кожентке жортуулга кеткенде коргоосуз калган Кокон ээлигине Ажы бий капылеттен чабуул койду. Кокон аскерлери орто жолдон кайра тартып, кыргыздардын колун курчоого алышат. Салгылашуу учурунда кыргыз колу жеңилип, Ажы бий туткунга түштү. Бирок, ал көп өтпөй кытай императорунун кийлишүүсүнөн улам туткундап бошотулуп Ош аймагын кайрадан ээлеп калды.

Түштүк кыргыздардын көпчүлүк аймактары күч менен баш ийдирилген. Башкалардын бийлигин каалабаган жана ага каршылык көрсөтүүгө дарманы жетпеген кыргыз уруулары түндүккө карай журт которушту. Жуңгар хандыгы талкаланып, кыргыз жери ойрот-калмак баскынчыларынын таасиринен биротоло кутулгандан кийин, кокондуктардын кол салуу коркунучу күч ала баштаганда Анжиан аймагын жердеп жүргөн сарыбагыш уруусундагылар ээлки ата конушу Чүй өрөөнүнө кайтышты.

***«Пиндин Чжуньгээр Фанлюэ»***

***Сюйбянь***

**14-бап 1761-ж 10-ай**

*6б Цзоду юйши Юн Гуй Кокондогу, адигинелердеги жана башка жерлердеги жагдай жөнүндө малымдайт.*

*Юн Гуй билдирди. Адигине буруттарынын бийи Ажы буга дейре соодагерлерди талап-тоноштун айынан Кокондун Ирдана беги менен араздашып калган эле.*

*7 а Сиздин урматтаган кызматыңыз Шухэде, башта уйгур өкүлдөр Элибу менен Миэрхунь Кокондо болушканда (алар аркылуу) элдешишке буйрук кылган. Көп узабай, Элибу менен Миэрхунь кайра келишип, Гэдаймотэге буруттар кайрадан жол торошуп жатышат: 10 кишини туткундап алышты деп кабар кылышкан. Гэдаймотэ отун чогултуп жүрүшкөн бул адамдар эч кандай чыр-чатак чыгарышпаганын аныктаган. Бирок, өткөн жылы Кокон адигиненин эгин айдоолорун талап алган. Кокон менен Кожент бири-бирине кол салышканынан пайдаланып, адигинелер өч алуу ниетинде кайрадан ракакташкан.*

*Анан калса адигиненин бийи Ажынын өкүлү Элэтого императорлордун буйругу менен Коконго элчи жөнөтүштү аябай өтүнүп суранды. Мен адеп адигинелер Кокон менен чатак башташканда, ишибиз оңунан чыгат деп ойлошконуна, анан, кайра Кокондун күчүнөн сестенип, болушуп койгула деп суранып келишкенинен көзүм жетти. Ошондуктан бул жорукту айыптап, Коконго өкүл жиберишти туура көрдүм. Андан соң Эли буга жана Миэрхунга Элэтаоди менен чогуу кайтышка буйрук эттим. Чийинден чыкпашты, чыр чыгарбашты ар бирине катуу эскерттим. Баары тең макул болушту.*

*Андан тышкары, Ирдана бектин эки ата өткөн тууганы Абдурахман Коджентттин Фазыл-беги менен байланышып алып, Ирдананы жок кылмакчы болгон. Кутум билинип, калып өлтүрүлгөн.*

*Кокон Коджентке кол салгандыктан Фазылбек жоонун жолун тосуп чыккан Ирдана курчоодо калган. Эки журттун башкы ахундары макулдукка келишип урушту убактысынча toktotушкан.*

Калмактардын калдыгын «кармайбыз» деген шылтоо менен Чин генералы Чжао Хой баш болгон манжур-кытай аскерлери кыргыз аймактарына жапырып кирип, зомбулук көрсөтө баштады. Анын колу Санташ ашуусунан өтүп, саяк урууларын талап-тоноду. Саяк уруусунун башчысы Турчубий аны келишүүчүлүккө чакырды. Чин генералы аны кытай ханы Богду ханга баш ийип, анын Кыргызстандагы бийлигин таанууга үндөп өзү менен кошо ала келген өкүмдарынын үндөөсүн тааныштырды.

Кытай империясынын Жунгар мамлекетин кыйратып, эми Чыгыш Түркстанды басып алууга жасаган аракеттеринин күч алышы кыргыз урууларынын өз алдынчалыгын сактап калуунун маселесин кайрадан алдыга койгон. Өз жерлерине кайтып келип, али чачкын жайгашкан уруулар баш-аягын жыйгыча, калмактардан кийин кыргыз жерлерине ээлик кылууга өздөрүн талапкер санаган кытай бийлигинин Чыгыш Туркстандагы өкүлдөрү, жер жана жайыт маселесин көтөрө башташкан. Ушундай шартта кыргыз урууларынын саясий жана аймактык биримдигин бекемдөөнүн жана сактап калуунун зарылчылыгы келип чыккан.

Бул мезгилде сол канаттын курамындагы кушчу, саруу, кытай уруулары Меркенин кун чыгышынан тартып, Таластын батышына чейинки аймактарды Итим баатырдын башчылыгында ээлеп турушкан. Солтолор Меркенин күн чыгышынан Ысык-Атанын күн чыгышына чейин ээлеген. Сарыбагыштар күн батыш Чүйдүн, Ысык-Атанын күн чыгышынан Чүйдүн көкүрөгү Ысык-Көлдүн этеги, Кочкор жана Нарындын түндүк тарабын жайлашып, алардын башчылары Тынай менен Маматкул болгон.

Өз конуштарына келген мезгилин кытай дареги «Си-юй-чженде» кыргыздардын түндүк бутагына кирген уруулардын ичинен эки миң түтүн Болоттун сарыбагыш буруттары, Туюк-Жарда, алты жүз түтүндөн ашык. Черикчинин бугу буруттары, /ч-Таш-Маралда, төрт жүз түтүн Мураттын басыз буруттары Марал деген

жерде, үч жүз түтүн Ажы бийдин моңолдор буруттары Ала-Букада, алты жүз түтүн Жамансарттын солто буруттары Он Беш Такта, Нышанын үч жүз түтүнү Суусамырда, Кара-Көлдө (Таластын башы) алты жүз түтүн Нарботонун кушчу уруусу, Чүй жана Таласта, Майтыктын мин беш жүз түтүн кушчу буруттары, Таластын Кара-Буура жана үйүрлүү Маралында саруу буруттары жайгашкан. Урууларга ээлик кылуучулар изюнь- «бий» деп аталат. Бийлер ондон жыйырмага чейин, айрымдары отузга чукул айылдарды башкарышат. Бардыгы бир катарда, бири-бирине көз каранды эмес. Качан бий өлгөндө анын ордуна уулун, же бир тууганын дайындашат. Башкалар бийлөөгө укугу жок деп белгилешкен.

Кытай бийликтери кыргыздар менен саясий алакаларды түзө баштаганда, жалпы уруулук бирикменин башчысы катары Маматкул бий менен суйлөшүүлөрдү жүргүзүп, кыргыз урууларынын өкүлдөрүнөн турган элчилердин тобун, императордун кабыл алуусуна жиберүү жөнүндө макулдашууларга келишкен. Кытай бийлигинин маалыматтары боюнча Таластагы төрт миң түтүн кыргыздар Маматкул бийге баш ийип, жардамчылары Каработо кытай уруусунан, Майтык кушчудан жана Акбий саруу уруусунан болгон. Түндүк урууларын башкарган Маматкул бийдин атынан сарыбагыш уруусунун бийи Черикчи, чакыр саяктардан Түлкү бий жана Шербек, солтолордон Ныша баатыр баш болгон элчилердин тобу Кытай императорунун сарайында кабыл алууда болушкан. Элчилердин барышын кытай бийликтери аталган кыргыз урууларын, империяга көз каранды (баш ийген) катары тааный турганын эскертүү менен кытай төбөлүнүн даражалык чиндик белгилерин ыйгарышкан.

**Чиянлуңдун 27-жылы (1762-жылы) 6-ай, 664 ором**

***«Аскерий кызмат вазирлерине жарлык.***

*Юң гуйдун жолдомосунда, кыргыз бийлери Мамыткул, Арзыматтар жеруу (черүү) жыйып Эрденеге чабуул коймок болуп, адам жиберип, Черикчи, Темиржандар менен акылдашканда, Черикчи аларды тосуп кайтарып жиберген деген сарыбагыш бийлери Черикчи, Темиржандар бизге жаңыдан каранды болгондор*

*болуп, Мамыткул сыяктуулар Эрденеге аскер топтоо үчүн адам жиберип акылдашкан. Алар муну тосуп, ынак-ырашкер, коңушулардан болушкан. Мунусу абдан алкоого арзырлык. Юң гуй алардын ар бирине бир тайдан торко шаң берген болсо да,бул өтө аз болуп калган. Мурда Черихчиге үчүнчү даражадагы чалмын мансабы ыроолонгон, ага бул жолу эки тай торко шаң бергиле. Темиржанга да бешинчи даражадагы төбө чен мансабы берилген, ага кошо түстүү чалмаң шаң бергиле. Аларга шаң берилүүчү торколорду тиякта сакталып жаткан торколордон бөлгүлө. Юң гуйге бул жарлыкты жеткирип, ушул боюнча аткаргыла. Менин көрсөткөн бул шарапатымды Черикчи сыяктууларга билдирип койгула».*

**Чиянлуңдун 27-жылы (1762-жылы) 11-ай, 674-ором**

*«Дагы бир жарлык «Юң гуй жолдомосунда, кыргыздардын кушчу уруусунан Бийназар Нарбото өңдүүлөр Эрдененин жапырыгынан улам көчмөндөрду баштап мында келди. Аларды жайыт берип, орундаштырдык делген. Нарбото өңдүүлөр журт баштап, бизге эл болуптур. Юң гуйга жарлыкты жеткиргиле анын жолдомосу боюнча Нарбото сыяктууларды Алактуу голго көчүрсүн, жарлыкты жанада катаң аткарып, көчмөндөр жамаатына сөзсүз чек коюп, аларды тынч жашап, жанжал чыгарбоого буюругула».*

**Чиянлуңдун 27-жылы (1762-жылы) 12-ай, 676-ором**

*«Дагы бир жарлык: «Юң гуй жолдомосунда кокондун Эрдене бек элчи жиберип кат жумшап, болуп өткөн иштин алды-артын баяндаган. Анын ичинде Кубат аттуу киши кыргыздардын кушчу тайпасынан болуп,мурда Кашкардын акими болгон, кийин аны Эрден өлтүрүп салган. Ал эми анын иниси Нарбото жакында эл болуп, баш калкалап келип жайгашуусуна уруксат берилген. Эрдене арага иритки салса, аны да көрө жатарбыз. Дагы бир иш Ош сыяктуу жерлер кыргыздардын кадимки ата-конушу болуп,Эрдене аны жалгандан, өзүнүкү кылып алган болсода, бирок катында ал жерди кайтарып берүү нээтинин бар экенин билдирген. Ага жооп кат жазылып, катаң жарлык түшүрүлгөн. Ары Томчу сыяктууларды жарлык жеткирүүгө жиберген. Эгер каш кайтарар болсо, дароо черуу тартып жортуулга өтсөк, деген сөздөр айтылган. Кокондук*

*Эрдене бек кыргыздар менен аралаш конуштагандыктан, алар ич ара чабышкан абалдар дайыма көрүлүп турган. Алар бизге карагандан бери моюн ийип турду, ары ар кимиси анчейин маңыздуу болбосо да, өз абалын айтып жатышты. Юң гуйга жарлык жеткирип жөндү түшүндүргүлө. Ошол боюнча аткарсын. Черүүнү ишке салуунун зарылдыгы деле жок. Эпаада аскер чыгарууга туура келсе, Юң гуй тек гана аскерий иштерди аткарса болот. Кол баштап жоого чабуул коюда Айлаңа, Вудайлар барышы керек. Алар Илеге кызматка жиберилген. Бул жарлыкты Юң гуй сыяктууларга жеткиргиле. Эрденеден учур келсе, ошого жараша иштегиле».*

Кокон өкүмдары Эрдене бийдин тушунда Фергана аймагы Бухара хандыгынан биротоло бөлүнүп чыгып, өз алдынча мамлекет болуп калыптанган. Калмактар сүрүлүп, кыргыз урууларынын айрымдары түндүк жакка ата журтуна кайтып кеткени, түштүк кыргыздардын күч-кубатынын бошоңдошуна алып келди. Кокон ээлигинин башчысы Эрдене бий кыргыздардын абалын жана уруулар аралык ынтымагынын бошоңдугунан пайдаланып калууну самай баштады. Кыргыз урууларын араздаштырууга көп аракеттерди жүргүзүп келсе, эми түштүк кыргыздарды күч колдонуп болсун багындырууга өтө баштады. Мындай кырдаалда көз карандысыздык үчүн күрөш башталып, ал күрөштү адигине уруу тобунун бийи-тоо тараптагылар менен Ош аймагындагы бардык кыргыздардын башында турган атактуу Ажы бий жетектеди. Кокон аскери Өзгөн, андан соң Ошту басып алып, Ажы бий убактылуу Алайга чегинүүгө туура келген. Көп өтпөй Ош аймагы кайрадан кыргыздардын карамагына өткөн.

Нарбото бий Эрдененин баскынчылыгын улантып, Кокон ээлигинин аймагын кеңейтүүнүн жолуна түштү. Ал күч колдонуп, басып алуу менен бирге кыргыз төбөлдөрүнө ар түркүн бийлик даражаларын, жайыт, салык маселелериндеги артыкчылыктарды берүү аркылуу, аларды өз тарабына имере баштаган. Кокон бийлигинин бүт Кыргызстанга үстөмдүгүн өткөрүүгө болгон умтулуусу барган сайын айкындала берди. Экинчи жактан Чин империясы Ала-Тоо аймагына сугун артып турду. Миллиондон ашык

калмак ырайымсыз өлтүрүлүп Орусия жана Орто Азиянын башка аймактарына качып барып, калкынын жыйырма пайызы аман калган. Алардын айрым бөлүгү кыргыз журттарына баш калкалап, кийин «сарт калмак» деген жаңы уруу пайда болгон. Кашкарды башкарып турган Кожо Ферганага баш калкалоого аргасыз болот.

**677-бап Цяньлун 27 жыл (1762) 12 ай**

***12 б Мамлекеттик кеңештин министрлигине Императордун жарлыгы***

*13 б ... Азыркы учурда Кокондун Ирданасы адигиненин конуш журттарын басып алган окуя болуп кетти. Бул чалкеш чатактын кыйынчылыгы канчалык экенин аныктап, тийиштүү чара көрүү зарыл.*

*17 б Юн Гуй билдиргендей. Кокондун Ирданасы адигиненин конуш-журттарын басып алган. Маалкатып, кайра кайтарып бербөөчү болсо, күч менен жоопко чакыруу кажет.*

***Дай Цинн Анча Шиау***

**676-бап 12-ай 1762-ж**

***17 а Императордун жардыгы***

*Юн Гуй билдиргендей. Кокондун Ирдана беги өткөндөгү жана жагдайын кат жүзүндө баяндап, өкүлүн жөнөткөн. Маселен кушчу бурут Кубат мурда Кашкардын акими, Ирдана тарабынан өлтүрүлгөн. Анын иниси Нарбото жакында биз тарапка өткөн; а жөнүндө билдиргенбиз жана жайгаштырышты өтүнгөнбүз. Эгерде Ирдана ушак таратып, анысы кеп-сөзүнөн байкалат.*

*Дагы маселе, Ош-бул буруттардын эзелки шаары.*

*17 б Ирдана аны өзүнүкү кылышка шылтоо таппай турат. Арийне катта кайтаруу жөнүндө ой бар. Жооп катта өкүмдардын буйругу менен Томитуну жөнөтүшкө катуу буйрук кылдык. Кокус каршылык болчудай кырдаал туулса, жоокерлерди жортуулга даярдашты сурайбыз. Кокондун Ирдана беги менен бурутар ирегелеш жашашат; ошондой эле кез-кезде, бирин бири чаап, талап-тономойлору да бар. Өздөрү баш ийип беришкенден бери, канткен менен, моюн сунуп турушат.*

***23 а Императордун дагы бир жарлыгы.***

*Юн Гуй маалымдагандай, Кокондун Ирдана бегинин жооп катында мурда жиберилген өкүл ал (Ирдана) хан атагына конгону жана Кашкар тоолорун чек ара деп эсептээри жөнүндө урмат менен грамота тапшырганы айтылат. Бул сандырак Юн Гуй баштаага жолдогон 23 б катында өтө эле жылуу жумшак кайрылганынан улам чыгып жатка сыяктанат Юн Гуйга Өкүмдардын буйругу тапшырылсын: жана кайрадан кат жөнөтүлсүн: анда мындай деп катуу айтылсын: «мурда жиберилген грамоталарда (сен) бек аталуучу элең; азыр эми эмне үчүн келесоолонуп, өзүңдү өзүң хан атагына кондуруп алдың Же (сен) эмне Кашкар тоолору чегара болот деген жарлыкка арзыган белең? Сенин каалаганың улуу өкүмдардын амирине көз каранды. Биз (сени) кабыл алуу каадасына катыштыра албайбыз; (бири-бирибизге) кантип түшүнсөк болот?»*

*Сырттагы жапайыларга тийиштүү иштердин баардыгы бизге атайын билдирилсин. Уу-дуу кептерди чыгарыш- бул эмне деген келжиректик! Мындар ары карата, келип түшкөн кат-кабарларды чын ыкластан чыккан ызат-сыйлуу маалыматтар гана көңүлгө алынсын. Мурда орун алган жосунсуз жоруктарды кайрадан туурап, кыянаттуу кылмышка чейин жеткиришке жол берилбесин.*

*Каттагы кушчу жана мундуз уруусунун адамдары Ош жергесинде 9 кишини карактап кетишкени тууралуу кабарга келсек, беш кашкарлыктын буюм-тайымдары кайтарылып берилди. Төрт кокондуктун гана буюм-теримдери менен жалкылары али кайтарыла элек.*

*24 а Буруттардан талап кылышты сурайбыз. Чын эле ушундай иш болгонбу же жокбу, текшерилип, билдирилсин.*

**Чиянлуңдун 27-жылы (1762-жылы) 12-ай, 677-ором**

*«Аскерий кызмат вазирлерине жарлык: Юң гуй жолдомосунда, кокондук Эрдене адигинелердин жайытын ээлеп алган, эгер алар муну созуктуруп кайтарып бербесе, муну кылмыш катары суруштурууга туура келет. Ушул тапта Шинжу сыяктуулар Бадахшандагы иштерди бир жансыл кылууга байланыштуу Кокон маселеси кечеңдете турулду делген. Муну туура табам. Алардын*

*жеринде тургузулган жасактар жыйыны 700-800 гана киши болгон. Иледеги колду сөзсүз мында жөнөтүп келип топтоштурулганда анан болот».*

**28-жылы (1763-жылы) 1-ай 678-ором**

*«Эрдене бектен угушубузча адигенелерди карактоодо, анын айрымында адигинелер оболу анжиандыктарды карактаган анан Эрдене алардан кек алган. Ал жалтактап: Эгер элчи келип жарлык жеткирсе, ошол боюнча аткарат элем дейт, делген. Абалдан караганда, тышкы карандылардын ич ара чабуулу эки жактылуу болгон, бир жактын тиешеси жок деп айтууга болбойт. Бул уруулардын бардык иш аракеттерин төкпөй-чачпай бизге жолдоп туруударыңар тийиш».*

**Чиянлуңдун 28-жылы (1763-жылы) 1-ай, 678-ором**

*«Кокондук Эрдене бекке дагы бир кат: « Сенин жиберген элчиң Бабашукур саламга келди. Мен шапаат көрсөтүп, сый көрсөттүм адигинелер былтыр силердин Анжиандын соодагерлерди карактаганда сен өч алам деп Ош сыяктуу жерлерди талап-тонопсуң. Бирок адигинелерда силерге окшош эле биздин ички карамагыбыздагы кишилер болгондуктан, сенин ар канча Куса матың болсо да, аларга кыял келди чабуул жасабастыгың, аларда талабастыгың керек эле. Алдыңкы ирет Кашкар вазирлигинен масилет сурадым. Сенин адигинелеринден тартып алган эл-жерди аларга кайтарып беришиңди буйрам. Бүгүн мен сенин элчиңе бетме-бет жарлык түшүрдүм. Сен ал жарлыкты алган соң дароо ошол жарлыкта көрсөтүлгөн өтөлгөндү өтө. Жасак аттандырып, айыбыңды сураганда бушманды алаарга аяк табылбай калат! Өзгөчө жарлык чыгарылды».*

**Чиянлуңдун 28-жылы (1763-жылы) 1-ай, 678-ором**

*«Адигиненин Ажы бийине дагы бир кат. Сенин жиберген элчиң Сары кучук саламга келди. Мен аны сыйладым... Сен менин мындай салмактуу кайрымыма арзыдың. Ошого мыйзамга баш ийип карамагыңдагыларды чидерлеп, коңшу-колоңдор менен ынтымак-ынак өт. Баары иште Кашкар, Жаркендердеги вазирлердин*

*түзүмдөрүнө моюн сун ага каш кайтарып, кайчылык кылып койбо менин шарапатыма так тийгизип алба. Өзгөчө жарлык чыгарылды».*

***Ушундан эле жарлык чериктин Жумалы бийине, Созаң бийине.***

***Чиянлуңдун 28-жылы (1763-жылы) 4-ай, 690-ором***
***Аскерий кызмат вазирлерине жарлык***

*«Юң гуй малымдоосунда, Томошту сыяктуу бир тобу Кокондогу Эрденеге айтып, алар ээлеп алган. Аны бийдин Ош катарлуу жерлерин сурап барса, Эрдене замат эле мурдагы келишим боюнча жерди жандырып берди дептир. Юң гуй, Илету бул ишти бутуп, жогорууга жолдогон».*

**29-жылы (1764-жылы) 5-ай, 710-ором**

*15 б «Кашкардын кеңешчи вазири Каштуңдун маалыматы: «Биз уйгур Акбекти Кокондогу Эрденеге жиберип, андан Ажы бийди камап, Оштон салык жыйнаганы жөнундөгу иштерин сурасак. Эрдене жиберген Нурмат бийдин айтуусунда, катты тапшырып алып, каттын мазмунунан бул иштин кыйла оор экенин билип, бизден кыргыздардын калп-сандырак сөздөрүнө ишенбөөбүздү сураныптыр. Алар жиберген каты Ажы бийди Оштуктар менен жакшы болуша албагандыктан, ортого түшкөндүгү айтылган. Ош кыргыздарынын башчысы болбогондуктан алардын бөлүнүп, тозуп кетишинен коркуп 50 түтүндү ал жерге алып барып, отурукташтырдым, деген. Салыкты жеке ээлеп алыштан корккон. Бул сөздөр негизинен Ажы бийдин кат мазмуну менен окшош болгон. Анын үстүнө Эрдене шал айдоочу жерлерди кайтарып берип, көчүрүп алып барган 50 түтүндү кайра көчүрүп алып кеткендигин айтты. Мен кайра ойлонсом Эрдене Акматшаа менен достошуп, ичинде чын эле башкача кыялы бар окшойт…»*

**710-бап Цянлун 29-жыл (1764-ж) 5-ай**

*15 б Кашкардагы цяньцзянь дагэнь Наиштун маалымдайт. Мен буга чейин Кокондун Ирданаси Ажи бийди кармап камакка алып, өз колу менен Оштон салык жыйнаптыр деп угуп, чын-төгүнүн билишке ага (Ирданага) Акбек уйгурду аттанткан элем. Ирдана буруттардын бурмаланган сөздөрүнө ишене көрбөгүлө деп Нурмат бийди жөнөтүптүр.*

*Андан тышкары, алынган катта «Ажы бий Оштун адамдары менен чатак мамиледе болгондуктан, жараштырайын деп (мен башкача айтканда Ирдана) Оштук буруттарга баргамын. Анын үстүнө, алардын улугу жок экенин эске алып, жана да жайылып кетишпесин деген кооптон улам, араларында убактылуу чогуу жашап турушка 50 үй бүлөнү жибергенмин. Мен өзүм бир пул да алган эмесмин». Ажы бийдин билдирүүсүндөда ушу таризде сөз болгон.*

*16 а Анан калса Ирдана (кыргыздаргы) шалы эгилген шалбааларын калтырганын, жиберилген 50 үй бүлө да кайтып келгенин кабарлаайбыз. Мен жамаан оюмда, Ирдана (Оогандын) Ахмет-шахы менен сөз байлашып, алганбы деп шеек санайм; бирок анын түп жагдайын түкшүмөлдүп билиш кыйын… Ырасында да, ой-сезимине жана кеп-сөзүнө караганда, (Ирдана) Оштогу шалы шалбааларын кайтарып берип, көчүрүлүп келген үй-бүлөлөрдү кайта алып кеткендей, чамасы, убактынча арыз-өтүнүчтөрдөн кутула турсак болчудай эске салабыз.*

х х х

Улуу Жибек жолунун томунда жашаган кыргыздардын бийлери эки топко бөлүнүшкөн. Алардын ар бири кыргыздарды бириктирүү демилгесин пайдалануну ойлошкон. Бирок, ар кандай жол, ар башка мамлекеттин жардамы менен ал демилге ишке ашмак. Биринчи топко кушчу уруусунун башчысы, Кокон бийлигинин аскеринин негизин түзгөн, ичкиликтердин бир бөлүгүнүн ишенимине ээ болгон Кубат бий эле. Аны таластыктар да колдошору белгилүү. Кубат бий Чиндик-кытайдын башкы душманы экендигине көзү жеткен. Кокон бийлик ээлери менен бирге ага каршы турууну ойлогон. Ал максатын аткарууда Кокон бийи Эрдене менен жакындашкан. Анын ордосунда таасирдүү кеңешчилердин бири, «Эрдененин таянычы» аталган. Аны мусулман молдолору, казылары «каапыр кытайга» каршы болгону үчүн аябай ызатташкан.

Экинчи топтогу адигине уруусунун көсөмү Ажы бийдин оюу боюнча (Аны Кашкардын бегине, Кытайдын императоруна жазган каттарына караганда) кыргыздар үчүн чоң коркунуч. Кокон эле. Ажы бий саруу, саяк, сарыбагыш, черик, басыздардын бийлерине таянган. Ал кыпчактардын көпчүлүгүнө таасирдүү эле. Кыргыздар үчүн чоң коркунуч Кокон бийлиги деп ойлогон. Император менен ишкердүү байланышты адигиненин түзгөнү менен кытай императоруна эркин Кыргызстандын кереги жок экенидигин толук түшүнбөдү. Мүмкүн Ала-Тоону Хун Ли менен бөлүп алууга даярдыгы болушу да мүмкүн. Кыргыз бийлери эртерээк биригүүсү керек!

Кытай болсо алыс. Ала-Тоого жүрүш жасоого даяр эмес. Ошондуктан кокондуктардын улам жыландай сойлоп, жакындап, кыргыз жерлерин биринин артынан бирин өзүнө каратып келе жатканы өтө коркунучтуу. Колу жеткен жерине чеп куруп келе жатышы, оюунун арамдыгы. Анын башын кыя чаап, же чыккан ийинине кирүүгө аргасыз кылбаса, акырындап жүрүп, ажыдардай ороп, ээлеп алат. Ал кытай императору менен элчи жиберишип, алака түзүүнүн көздөдү.

Уруу-уруу болуп аймактарга бөлүнгөн кыргыздар калмактарга каршы согушта жабыр тартып азайган бойдон кала берди. Андан Кокон бийи Эрдене аябай пайдаланды. Ал эми император Хун Ли кыргыздарды Кокондун бийлөөчүлөрүнө карама-каршы коюу менен өздөрүнүн биригүүсүнө жана Кокон менен жалпы сөзгө келишине бөгөт коюу аракетинде болду.

Чиндик кытай менен Кокон бийлеринин бири-бирине болгон бейтараптыгы узакка созулбады. Пикир келишпестикке алып келди. Ал айрыкча «Ош окуясынан» кийин өтө күчөдү. Андан бир аз мурда Хун Ли Эрдене менен Абылайдын сүйлөшүүлөрүнө, Надыр шахтын Ферганага келишине таянып, кытайга каршы блок түзүлүп жатканын баамдап, Коконду Ала-Тоодон алыс кармоого ниеттенсе, эми ага жаңы «түйшүк» кошулду. Кашкардын эшик агасы Абдырахмандын Эрдене менен болгон байланышы аныкталды. Анын бети «Ош окуясы» аркылуу ачылды. Хун Ли өз убагында Жаркенттин аскер башчысы Синьчжунун (1761) убагында

«Анжиандык соодагерлердин улам көбөйүшү жана алардын жергиликтүү эл менен аралашышы соода байланышынан саясий коркунучка алып келеби деп кооптоном-деген эскерүүсү жана «Синцзянда (Жаңы чекте) ички жана сырткы душман биригип жатабы» деп корком-деген катты негизденип Кашкардын жана Жаркенттин бийлик ээлерин текшерүүгө алдырганда Анжиан, Бухара соодегерлеринин көп экендиги туура болуп чыкты.

1760-жылы Чыгыш Түркстанды басып алгандан кийин Хун Ли Эрденеге императордук жарлыгын жиберди. Анда-«Эми Коконду калмактар коркутпайт» Сен «Асман империясынын бардык законуна баш ийесиң. Биздин кызматчыбыз катары өзүңүздүн элиңизди ооздуктап турушуңуз түзүк» деп көрсөтүлгөн. Чиндик Кытайдын «жаңы чек араны» коргоо саясаты катары кароо Ферганага «Асман империясынын» бийлигин таратуу али эрте болгондуктан император Кокон бийлерин өзүнүн букарасы катары карады. Бирок император «Эрдене өзүн хан деп жарыялаптыр» деген кабарды алары менен ал ага «Сен өзүңдү бек, бий» деп жүрбөдү белең, ал эми хан деген даражаны алууга «Асман уулунун» макулдугу керек» деген.

Кокон Кытай мамилелеринин курчушуна Эрдененин 1761-жылы күзүндө Өзгөндү,  ал эми 1762-жылы Ошту басып алышы болду. Мындай аскердик аракет тууралуу Эрдене чектеш өлкөлөрдү өзгөчө, жердин ээлтен берки ээси адигинелерге эскерткен эмес. «Адигинелер биздин соодагерлерди тоноп алышыптыр. Биз Жибек жолун каракчылардан тазаладык» деген шылтоо тапкан. Ажы бий бул кол салуу жөнүндө кыргыздын бийлерине,  кабарлаган. Ошту бошотууга жардам берүүлөрүн өтүнгөн. Ага басыз, саруу, саяк, чериктерден гана өкүлдөр келген.

Ажы бий кырк жигити менен Кашкарга жөнөгөн. Ал Кашкардын өкүлү Юнгуйга кезигип, андан жардам берүүнү, Эрденени ооздуктоону сураган. Юнгуй Эрденеден Ошту бошотууну талап кылып, императорго кабарлаган. Хун Ли кокондуктардын күч колдонушуна жана империянын батыш чек арасына жакындашына каршы экендигин, Юнгуйдун өтө жумшак каты үчүн жемелеген. Аны

менен катар Кокон беги талапты канааттандырбаса, ага императордун атынан катуу эскертүү жибererин эскерткен.

Эрдене өз тарабынан Юнгуйга жазган катында «Ош, анын аймагы байыртан Коконго тиешелүү болуучу» деген.

Ажы бий «Бектин бул актанышты чындыкка жатпасын, Ош эмес Анжианга, Наманганга кечээ жакында эле келгени жөнүндө» толук маалымдады.

Хун Ли Пекиндеги Кокондук элчисине «Ошту бошотпосоңор силерге каршы аскер жиберебиз» деп коркутуп, Жаркенттеги жетекчисине согуштук экспедициясын уюштурууга макулдук берди.

Юнгуй Коконго чиновник Томицитти «Ошту сөзсүз бошотууну» талап кылып жиберди.

Ошол эле учурда Кашкардын эшик агасы Абдырахман Эрденеге өзүнүн ишеничтүү тыңчысын жиберип:

-«Император Коконго аскер экспедициясын жибере албайт. Ошту бербе! Императордун, акимдин элчисин ардактап кабыл алба. Кашкарга согушка аттан. Шаардык горнизон аз сандуу. Жергиликтүү эл сени күтүп жатат»-деген каты менен тыңчы колго түштү.

Эрдененин келишпеген кытмыр оюу эми гана түшүнүктүү болду. Кашкар жана Жаркент Кокондук тынчылардан тазаланды. Андан кабары жок Эрдене ойлонулбаган кадамын жаза басып алды. Ал Юнгуйга жазган катында «император анын хан болушуна жана Кокондун чеги Кашкардын Кара тоосу экенине макул болгон» деп жазды. Каттын жообу Юнгуйду эстен тандырып, Хун Линин каарын келтирген. Ош түгүл Кашкарга өзүнүн ээлиги жөнүндө жазуу-дал жогоруда көрсөтүлгөн «кыялы» болчу.

Император Хун Ли Коконду өзүнүн ээлиги, анын бийи өзүнүн букарасы катары эсептесе, Эрдене Кашкардын Кара тоосуна чейинки аймакты ата конушум деп эсептеген. Багдыхандын Батыш Түркстанга, чыныгы бийлиги болбогон сыяктуу эле Эрдене Чыгыш Түркстанга койгон доосу негизсиз болуп чыкты.

Окуянын  абалы «Асман империясы», «Жаңы аймакты» басып алган бирок, аны али чыныгы чыгыш чегин жасай элек болуучу. Уйгурлар, кыргыздар, казактар Кытай үстөмдүгүнө толук көнө элек

эле. Ал гана тургай Кытайды «каапыр» «динсиз» деп атап, өтө динчилери Ферганага, Бадахшанга качып кетип жаткан. Алардын арасында ичкилик кыргыздар да болгон. Алар Чиндерге каршы күч экениндигине эч ким күмөн санабайт. Пекин Эрденеге ишенбегени анын агабек Абдырахман менен болгон байланышын жашыргандыгы эле. Эрдене Кашкарга өзүнүн элчиси Нурматбет бийди жиберген. Ошту басып алганын актанган катында ал жөнүндө сөз козгобогон. «Оштуктардан тыйын да алык-салык албагандыгын, кыргыздар менен Ажы бийдин чырын басуу үчүн аскер жибергенин жана Ошко элүү түтүн өзбекти күрүч айдоо үчүн көчүрүп барганын» мойнуна алган.

Пекин аны тактикалык митаамдык экенин сезүү менен «камчынын» ордуна тартуу берип, алдоо, алаксытуу саясатына өттү. Эрдененин колун байлаган дагы бир күмөнү бар эле. Ал кожолордун бийлиги учурунда Ферганага бир нече миңдеген калмактар качып келишкен болчу. Эгер Чиндик кытай кол салса алар сөзсүз Кытай тарабына өтүшмөк. Ошол себептүү Эрдене асыресе аларды куралсыздандыруу менен гана чектелген. Башкачы айтканда тирешкен тараптардын тылы бекем болгон эмес. Ошол себептүү Хун Ли Эрдененин күнөөсүн кечирип, «экспедицияны уюштурбады» деген катты элчи аркылуу Коконго жиберди. Эки тараптын күч сынашуусунда Эрдене чегинди. Оштон аскерин жана күрүч айдоочуларды алып кетти.

Ажы бийдин жигиттери Өзгөндөн  кокондуктарды «ардактуу конок» катары Анжианды көздөй узатышты. Ага дагы бир окуя кошулду. Кубат бийдин бийлиги жана таасири төмөндөгөнүнөн кушчулардын ортосунда талаш-тартыш башталды.  Аксылык кушчулардын бийи Нарбото  Эрдененин кысымына чыдабай Кашкарга көчүп кетти. Богдыхан анын талабын толук оорундатып жер бөлүп берди.

Ажы бий жигит жыйноосун, Кашкардан (курал, темир сатууга катуу тыюу салынганына карабастан) Хивадан, Бухарадан курал сатып алууну уланта берди. Эрдененин кызматындагы найман, кыпчак аскерлери менен жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүздү.

Таласка, Чүйгө, Ысык-Көлгө, Нарынга ага-инилерин жиберип, жардам сурап кабар алдырды.

Ар тарабын басып алуудан оожалган Эрдене дагы казынанын кемин толтуруу аракетинде Ходженттин башкаруучусу Фазыл бийге каршы жүрүшкө аттанды. Анын аскерлери шаарга жакындап калганда

-Кытайдын, Ажы бийдин аскерлери Коконду чаап алууга келетат деген кабар жетти.

Чынында Ажы бий Эрдененин кол курап Фазыл бийге каршы кеткени тууралуу кабарды алган соң колундагы атчан-жоокерлери менен шашылыш Коконду көздөй жол тарткан болчу. Анын максаты Кокондуктардын мурдагы эки-үч жолу тымызын басып алып, тынч жаткан элди зомбулукка алып, талап-тоноосуна жооп болчу. Бийлөөчүнүн жоктугунан пайдаланып, шаарда калган аз сандуу сарбаздарды күч менен басып алуу эле.

Жүрүш оңунан чыкпай калды. Эрдененин өзүн көздөй аттанганын уккан Фазыл-шайтан Кокон бийин алыстан утурлап чыгып:

-Экөбүз биригип, анын колун талкалап, аймакты бөлүп алууга келиштик деп кыргыз бийинин келе жатканын кабарлады.

Чыгыш кыргыздары аталган оң канаттагылар Кокондун армиясы Фазыл бийдин колу менен биригип келе жатканын тыңчылардан угушту. Жардамга баргандар жарым жолдон кайра кайтышты. Ажы бийдин аз сандуу аскеринин он канаты ачык калды. Уруш башталганда эле эки күчтүн тең эместигин байкалды. Бирок, Ажы бий, анын агалары жана уулдары менен туугандары эки күндүк урушта укмуштуудай эрдиктерди көрсөтүштү. Ажы бий Эрдененин жана анын кол башчысын (ляшкер башчысын) бир нече жолу жекече чакырды. Жооп болбоду. Миңдиктер көптүгүнө салып курчай башташты. Катуу кармашта Ажы бий жарадар болду. Ал аскер башыларын жыйнап,

-Силер эртерээк оруктагыларга жардамга өткүлө! Сарттардын бириккен колу кол салып, каптап кетишпесин. Мен ага-инилерим, туугандарым жана кырк жигитим менен бул жерде сарттарды тосуп,

күрөш жүргүзө берейин деп, өзү менен калгандарды, өлгөн аттардын денесинен тосмо жасап коргонууга киришти.

Чабуулга аттанган жоо колун, эки жолу кайтарды. Зор каршылык менен күн кечтегенине карабастан, аларга жаңы кошумча күч келип, чабуулдарын уланта беришти. Кырк жигит баш болгон мергендер тегерек коргонууга өтүштү. Ок түгөнүп, кылычташуудан көбү жарадарланышты. Өлүктөрдөн курулган тосмо кулады. Ажы бий баш болгон он чакты жарадар ыргытылган чалмадан улам колго түшүштү.

х х х

Эрдене жеңишин майрамдап, Ажы бийди даргага астырды. Ошол жылдын күзүндө Ош, Өзгөн шаарларын сарттар басып алышты. Кокондун жарманкеси Ош, Өзгөндө уюштурулуп, миңден ашык кокондуктар ары суулуу, ары түшүмдүү семиз жерден көзү каткан чарбакерлер, жана соодагерлер шалы эгүү, соода кылуу үчүн атайын жер которуп, кең жерге келишти.

Эрдене Ош, Өзгөнгө жаңы акимдарди дайындады. Кытайдан качкан соодагерлер, уйгурлар жергиликтүү элдерди сүрүп, түз, суулуу жерлерди ээлеп, бөлүп ала башташты. Көпчүлүк он канат кыргыздар түз жерден куугунтукталып, алыскы тоо-тоолорго топ-тобу менен көчүп кете башташты. Ош, Өзгөндүн калкынын саны ылдым өсүп, өзбек, тажик, уйгурлардын келишинен ал шаарлардын элинин этникалык составынын өзгөрүшүнө алып келди. Ак-Бууранын, Кара-Дарыянын, Араван-Сайдын жээктерине миңдиктер келип коно башташты. Келгиндердин көбөйүшүнө кыргыздардын көчмөн турмушу да жардам берди. Кар кетип, жер карара баштагандан жайыт уулап, жайлоолоп көчкөн кыргыздар кеч күз, кар жааган учурда эски конушка кайра келсе, жерлерди бөтөндөр ээлеп, отурукташып алышкан

- Журт биздики дешти жергилүүктү кыргыздар
- Эмне белгиңер бар?-дешти келгиндер
- Очок, күлдөбө күбө.
- Силерди ким отургузду?

- Кана очогуң? Күлдөбөң кай жерде эле?

Жергиликтүү кыргыздар ар жак, бер жактарын караштты.

-Рахбарлар эгин эктирди, ченеп-өлчөп, жер бөлүп берди дешти жаңы отурукташкандар.

Тоолуктардын малын айдап, койлорун тескери үркүтүштү. Жер талашкандар бийликтегилерге барышканда арыз уккандар болбоду. «Тоолугу кыргыз, түздүгү сарт, жүйөсүн уксаң, жүрөктөгү дарт» деген сөз таркады. Ал тарыхтын унутулган барагына айланып, кийинки турмуш жашоо жаңы барака чиймеленди.

Кылымдын аягында кыргыздарга, казактарга, өзбектерге кытай тараптан болгон коркунуч аябай эле күч алды. Аны бийлик ээлери акыр аягына чейин түшүнүшпөдү. Биргелешүүнүн ордуна көбү качып, чоңу кичинесин басмырлай баштады. Биримдик синцзяндык-тардын Кытай эзүүсүнө каршы күрөшкө тилектештикте-ринде байкалган. Ал дагы кайырдиндегилерге каршы күрөш чакырыгында болуп, мусулман дининдегилер бири-бирин колдошкон. Акыр аягы көбү репрессияга дуушар болушкан.

Он сегизинчи кылымдын акыркы жылдарында Кокон хандыгы түзүлүп үч этностон турган мамлекет болду. Калкынын көпчүлүгү быякка оторчулук кылып келген өзбектер, азчылыгы тажиктер жана Фергана өрөөнүндө илгертеден жашаган кыргыздар эле. Миң династиясынын бийлери басып алуу максаты менен куралдуу аскер курап, чыгышка, түштүккө, түндүккө жыла баштаншты. Шаарды, аймакты басып алары менен ал жерлерге миңдиктерди көчүрүп келүү (шалы айдоо «бош жерди» иштетүү үчүн) ээлеп алуу саясаты кеңири жүргүзүлдү. Бул эки аракет анчалык ийгилик бербегенде, басып алган аймактардагы жерлерге чеп курууга өтүштү.

Чеп курууга зордук менен жергиликтүү эл тартылды. Чепке адегенде аскер, админстрация жайгашып, анын тегерегине «өзүмдүк» өзбек аталгандар көчүрүп келинди. Чептин тегерегине соодагерлер, кол өнөрчүлөр жайланышты. Жергиликтүү элдерди түз, сугат жерлерден сүрө башташты. Көчүп келгендер тез эле жер ээлерине, бай соодагерлерге айланып, хандыктын аскерлик таянычына, байлык топтоого айланды. Кыргыздардын уруу-урууга

бөлүнүп, ар бири өзүнчө өрөөндү ээлеп, бири-бирине баш ийбей тургандарынан пайдаланып кокондуктар Ала-Тоону көздөй аттанууга бел байлашты.

## IV БӨЛҮМ

Касиеттүү Ош жергесинин жайы ысык болгону менен жаз эрте келип, кеч күздөн жылдын этегине чейин жери кара, оту кенен болот. Айлана тегерегин тоо курчап Ак-Буурадан башка да агын суу арбын. Жери кыртыштуу, оту кубаттуу келет. Дыйканчылыкка ыңгайлуу, чарбакердин мээнетин кайтара турган аймак. Чилде чыгып, тоң кетээри менен жери айдалып, эгин себилсе, жай ортолой жетилип, бышыкчылык эрте болот. Дыйкандын көбү арпа, буудай, таруу эгишип, сугаттан кыйналышпайт. Эрте, эгин себер алдында, көпчүлүк чакырылып, ашар менен арыктар чабылып, тазаланат. Илгертеден кыргыздын оң канаты аталган Адигиненин урпактарынын Ош аймагында ар бир уруусунун өздөрүнө ылайык, эгин айдалчу сугат жерлери бар. Ага Ажы бийдин бубаларынын ысмы менен аталган. "Баргы арык" «Бөкөй арык» "Тооке арык" "Сабай арык" "Бакал арык" "Жоош арык" ж. б. аталган арыктардан суу кемибейт. Жерлерди иштетүүгө "жатакчы", "мандикер" аталган, жер айдап, үрөн себүү, аны отоп сугаруу, эгинин оруп түшүмүн жыйноого көбүн эсе анжиандык сарттар келип жан багышат.

Элдин тиричилиги мал менен болуп, көбүн эсе кой-эчки, төө, уй, жылкы кармалат. Күлүктөр менен мингичтер үчүн гана тоют даярдалат. Көпчүлүгү "жаздоо", "жайлоо","күздөө"дешип сыртта көчүп-конуп тиричилик өткөрүшөт. Ошого жараша боз үйлөрдү да "кышкы", "жайкы" дешип мезгилге ылайык камдашат. Кышкы үйлөрдүн уук-керегелери бакубат келип, туурдуктары калың жасалып, чий -кышалары да майда согулат. Ал эми жайкы боз үйлөрдүн сөөктөрү жеңил, туурдуктары жука, ак кийизден жабылат.

Тоолордун жылгасы сайын булак. Алар, эңкүүлөп келген сайын, бири-бирине кошулуп отуруп чоң сууга айланат. Кенен аймака узун туурасынын суулар келип, ортодогу Ак-Буура аталган

дарыяга кошулат. Өзөндүн жээктери калың чытырман токой. Кырчын, тал-терек, кайың, чычырканактын түрлөрү ого эле көп. Ар-ар жердеги кара суулардын тегереги камыштуу келип, калың саз каптап, жакынкы жээкте карагат, бүлдүркөн, ит мурун, долонолорду пааналаган каз-өрдөк, каркыра-турна, кыргоол, коен, кекилик тим эле кым-куут.

Жаз, күз, же кар жааган мезгилде сөлпөөр менен уруп, же аңдып барып, уча бересинде билдирбей басып алып, чаап алган учур ого эле көп болгон. Көбүнчө илбесиндерди жергиликтүүлөр тузак коюп, кылтактап кармап алышчу. Тоонун чаптуу кокту-колотунда жолборс, кабылан, илбирс, каман, аюу, карышкыр, түлкү, сүлөөсүн, суусар, суур, кашкулак, чөө бөрүлөр жайылса, бийик зоолорунда аркар, кулжа, марал, теке, эчки, элик, кулан көп болуп мергендер капкан салып, же түзгө түшкөндөрүн ат менен кууп чаап алышар эле. Тайган агытып, бүркүт, куш салууга ышкыбоздор ого эле көп.

Ажыбийдин ата-бабалары бүркүт, куш салып, тайган агытууга ышкыбоз эле. Көбүн эсе куштарды жаз -күз Оштун үстүндөгү Сары-Белден кармашчу. Ал эми бүркүттү Алайдын ак карлуу, мөңгүсү кетпей, муз тоңгон, бийик төрлөрдөгү, аска-зоолордон балапан кезден кармап, колго үйрөтүшчү. Келгин куштар жалган курандын аягында алыскы ысык жактан салкын тарапка, баягы үйрөнгөн жерине келишип тукумдачу. Жайга ушул бел аркылуу учуп өтүшөт. Алар түрүнө жараша аша турган ашуу -белдерде аярлап, эс алуучу, коnуп-түнөп кетчүү мерчемдүү жайлары бар. Көпчүлүк жырткыч куштар бүркүт, ителги, ылаачын, кыйгырлар бийик ашуулардан өтсө, момун канаттуулар алардан төмөнкү белестер аркылуу өтөт. Аны, мүнүшкөрлөр жакшы билишкен. Ал тургай куштардын келишинен жаз, жайдын салкын - ысык болоорун, келгин куштардын кетишинен күз, кыштын катаал, жеңил болоорун болголошкон.

Мүнүшкөрлөр атайын кыраандарды кармоочу алачык жасары белгилүү. Атасы Тилекенин алачыгынын  айланасы далдааланып, ичине туур орнотулган. Туур кыраандар отурар орун. Туурдун

түбүнө казык кагылып, анын башына чыгырык жасалган. Андан узун боону өткөрүп, экинчи кагылган темир казыкка байлаган. Кыраан талпынганда чолок боо эки жакка жибербейт. Куштун канат куйругу сынбайт. Тилеке эчен куштарды, ителги, кыргый, ылаачын ж. б. таптап салып, алардын алгырлыгына карк болуп, кайтып жүрдү. Кечинде үйгө кайтканда канжыгада, же торбодо толо кекилик, чил, коңн байлануу келет.

Асмандагы жапайы кыраандар мүнүшкөрдүн айлакерлиги менен "өз болуп" эгерим ээсин таштап кетпейт. Кайдан болсун үндөккө келип колуна конот. Кээде таптаган кушун талаага таштап келе берсе, өзүнөн мурун үйгө келип, тосуп алчу. Ээсине имерилген мындай куштар "ак көңүл" келип, ымга тез көнүгөт. Шилтеген жагыңды шыпырып, ак дили менен кызмат кылат.

Күндөгүдөй эле бүгүн да, айылдагы аба-аксакалдар баш болушуп ортоңку дөбөгө чогулуп, кымыз чайкатып ичип отурушту. Аңгыча болбой кляк-кляк эткен бүркүттүн добушу чыгып калды. Көпчүлүк түрүлө асманды карай бергенде шукшурулган бүркүт, шашыла канат сермеп баратыптыр.

-Бул каякка шашып баратат?- деди бириси

-Бир жерден тарпты көргөндүр да

-Бүркүт, азали тарпты жебейт

-Анан эмнеге шашып баратат?

-Бир нерседен качкан

-Койсоңчу? Бүркүт эч нерседен качпайт.

-Карап турасың го

Экөө талашып жатканда тээ бийикте муштумдай болгон бир неме таштай болуп, зуулдап келип, баягы бүркүткө тиерде, бүркүт чалкалай калып, буттарын тосту.

-Ой- эй! Бүркүт жазганып, бутун тосту.

-Тиги, таштай болгон эмне экен?

-Карасаңар. Кайра көтөрүлдү!

-Баягы караан кайрадан төбөгө чабыттап барып, бир чекитке айлана, кайрадан шукшурула, аткан октой келип, канат сермеген бүркүттү тээп өттү.

-Эй, карасаңар! Карасаңар! Бүркүттү тээп өттү.

-Бул эмне деген? Бүркүт оңойлук менен алдырбайт эле

-Ой, эй! Мындайды уккан да эмесмин

-Бүркүттүн да, коркогу болот экен ээ?

-Балдар баргылачы! Бүркүттү оңдурбады.Алып келгилечи көрөлү?

Отургандар аң -таң боло, жабыла дүрдүгүштү. Алардан төмөн этекте ойноп жаткан эки-үч бала чуркаган бойдон, баягы бүркүт түшкөн жерди көздөй чуркап кетишти.

-Байкуш бүркүт. Ителгинин ачуусуна кабылган экен, деди Тилеке.

-Ителги бүркүткө караганда кичине го?

-Бүркүткө кантип кол сала алат?

-Ителги куштардын кыраны. Анча-мынча бүркүт тең келе албайт-деген Тилекеге отургандар жабыла суроо бере башташты.

-Ителги, ага эмнеге ачуусу келди экен?

-Бүркүт дале, бийиктеп учса болбойт беле?

-Ителги өтө шамдагай келип, тез учат. Бүркүт аны билет. Бирок ителгинин алган жемин талашып, ачуусуна тийип алган-деп Тилеке көрүп тургандай айтып берди.

Аңгыча, баягы чуркап кеткен балдар, канаттары кулач келген бүркүттүн денесин далдайта көтөрүп келишти. Отургандар жабыла барып, тиктеп жатышты. Ителги кыр жонго тепкенби, бүркүттүн оозунан кан чыгып калыптыр.

- Байкуш сугалак. Напсиңин жамандыгынан өлүм таапсың. Бирөөнүн тапканын талап, сугалактык кылгандар ушинтип ажалынан мурда өлөт, деди да Тилеке. Балдарга кайрылды.

- Балдар, бүркүттүн денесин талаага таштабагыла. Күрөктү алып, тиги, адам баспас, таза жерди көөлөп, денесин көөмп койгула. Байкуш кыраандын денеси кор болбосун. Канаттуунун падышасы да, тазасы да бүркүт болот–деп, көктү тиктеди.

-Ителги менен бүркүт бири бирине өч болот экен да? деп Серке таңданды.

-Кызыл кекиртек, кимдер гана өч кылбайт деди, Жакыпбай.

-Бүркүт кууган ителгини, биринчи көрүшүм.

-Мындай иш боло келген-деп, Тилеке сөз баштады. Отургандар умтула кулак түрүштү.

-Баягыда Кашкарга барып кайтканда, жакын жол деп Терек дабанына салдык. Кулжа айынан өтүп теке айына жакын калган мезгил болсо керек. Бүлөлүнүн башындагы Муз-Төргө келип, ат чалдырганы түшүп калдык. Бир маалда маңдайдагы асканы карасак бүркүт туруптур. Бүркүт мындай жайга тукумдабайт эле деп, бүшүркөп турсам, бир ителги келип, бүркүткө сес көрсөтө, төбөсүнө жакын келе, учуп өттү. Аны бүркүт тоготкон жок. Улам бир нерселерди чокулап, жеп жаткандай. Баягы ителги кайра кайрылып келип, тээп өттү. Бүркүт учуп барып жакынкы жердеги ташка конду. Ителги аны кубалап барып, дагы тебүүгө аракет кылды эле, бүркүт аны тоготуп да койбоду.

Ителги барк-барк эте учуп, кайдадыр бир жакка кетти. Биз кызыга тиктеп турабыз. Бир маалда ителгинин баркылдаган үнү чыкты эле, баягы бүркүт шашыла ордунан козголду. Баягы ителги кеткен тараптан, чаканыраак кара ителги келип, бүркүттү тээп өткөндө жүнү бурай түштү. Ителги көкөлөй атып чыга, кайра бүркүттү качырды. Ал канатын жая, талпына бергенде, дал төбөдөн тээп өттү. Бүркүт, далдая барып, жерге түшүп, канаттарын чапкылай жатып калды. Ээрчишкен эки ителги, келген жактарын көздөй, ээрчише учуп кетишти. Биз барып, жерде жаткан бүркүттү карасак башы талкаланып кетиптир.

Көрсө, уясындагы балапандарга жем алып келүү үчүн чабыттап кеткен ителгилердин жоктугунан пайдаланып, баягы бүркүт уяга келип балапандарын жеп жатканын эне ителги көрүп калып, каршылык көрсөтүп, тепкилемек болгон экен. Аны бүркүт тоготпой койгонуна ызаланып, кара ителгини ээрчитип келиптир. Ал чыныгы шумкар өңдөнөт. Ошол кара ителги кай жайда жумурткалап, балапандарын чыгараарын билип, кармасам деп жүрөм. Буйруса, быйыл барайын деген оюм бар деген. Тилекенин аңгемеси көбүн кызыктырды.

- Бүркүт кайсы мезгилде жумурткалап, балапан чыгарат болду экен?

- Атасы жем бербейт дешер чынбы?

- Карылардын айтымында бүркүт чын куран айында үйүгүшүп, бугунун аягына жакын зоого тууйт. Жумурткасы бир-экиден ашпайт. Кулжада жарат. Текеде балапандарынын канат куйругу чыгат. Балапандарына атасы жем алып келип энесине берип, өзү уяга жакындабай обочо жайда отурат. Балапандары жаңыдан учаарында, энеси да, атасы да жакынкы жерге-ары бери ээрчите учушуп, телчиктиришет.

-Бүркүт канча жыл жашай алат?

-Бүркүттү бир жашка чейин бала балапан, экинчи жылы бозум, үчүнчү жылы таш түлөк, төртүнчү жылы кум түлөк, бешинчи жылы барчын делет. Кырк-элүү жылга чейин жашайт дешет.

-Кыраанын, кантип билүүгө болот?

-Кыраандын белгилери көп. Айрыкча Алайдын ак көз бүркүттөрү кыраан келет.

Мүнүшкөрдүн кебине кызыккандар байкабай кылыштыбы.

-Ассалому алейкум-деген бийик добуштан улам, отургандар кылчая тиктешди.

Бейтааныш адам тээ арытан салам айткан соң, аттан түшсөмбү, түшпөсөмбү деген кыялдар ээр кашты кармап өбөктөй туруптур. Кийген кийими тоолуктарга көп эле окшошо бербейт. Башындагы калпагы кызыл кыжым менен курбуланып, төбөсүндөгү пөпүгүнө ар кыл түстөгү назик, шурулар тизилип, күн нуруна улам чагылыша түшүп жатты. Үстүндөгү желеги узун жака көкүрөгү ачык тигилип, белиндеги куру да ала булалыгынан улам, отурганда ичкилик тuугандар экенин боолголошту. Анын үстүнө, аттан түшпөй салам айтышынан да, бул жердик эместиги билинип турду. Эгер жергиликтүүлөр болсо, топко жетер жетпес, жайга келгенде, аттан түшө калып, улоосун ошол жерге каңтара байлап, же жетелеп келмек

-Кел мейман, аттан түш?

-Кана, балдар ат алгылачы- дешип, отургандар козголуп калды.

Тилеке бийдин кенжеси Ажыбек баш болгон жаш балдар жабыла ат алууга чуркашты.

Бейтааныш адам ат чылбырын балдарга карматып, отургандарды көздөй басты.

-Амансыздарбы деп, ийиле, баары менен учурашып чыкты.

-Кана, мейман төргө чык?

-Кел, мына бул жер, сенин ордуң дешип, ортолуктан орун бошотушту.

-Кесе сунгула мейманга .

-Колдо болсун. Ала келгиле .

-Ардактуу коноксун ала кел. Ат үстүндө чаңкагандырсың?

Мелт-калт толо кымыз куюлган кесе сунулду. Мейман кесени эңшере жуткан соң, кайра кайтарылып толтурулду.

-Кош мейман, сүйлөй отур? Кай жактан ?

-Жайынча эле

-Өзүң торгойдой, атың неге ыргайдай? - деди тамашалай Тилеке.

- Болгонум ушундай. Атымдын айыбы барбы, ирденбей койду.

-Атыңа, тап өткөн тура -деди Тилеке,

-Тап өткөнү кандай? Бейтааныш суроолуу тиктеди.

- Өткөн жылы атың ачка, кактоодо калган. Зерикчел, ыкшоо жигит окшойсун. Атыңы аркандаган бойдон, жылдырбайт экенсиң:

-Арыктыгынан айтып жатасызбы?

-Атың бизге арызданды.

Отургандар дуу күлүп жиберишти. Боз ала боло түшкөн жигит актана кетти.

- Канчалык бапестеп отко коем. Түзүк эле жегенсийт, чайнаган чөбүн жута албай, оозунан түшүрүп салат.

-Ал жеңил эле.

-Айыктырып бериңизчи? Акысын дале берейин?

-Акысына эмне бересиң? Тилеке дагы тамашалай кетти.

-Ырас айыктырсаңыз бир тай берем .

-Бу көрүнүшүндө атың, тайдан баасынан кем болуп калыптыр.

-Байкуш, от ала албай аябай кыйналды. Бир аз эттенип, баасына чыкса, сатып дале жиберет элем.

-Атың эмне, өзүңө аябай эле жагабы?

-Ээ, айтпаңыз, жүрүшү аябай жакшы. Галага салганда, түк кайтпайт. Ала качканда да, аяктуу.

-Аты менен итин мактабаган кыргыз болбойт.

-Чын айтам, аке. Былтыртан бери арыктап, чөп жей албаганына аябай эле кыжаалатмын.

-Кыжалаттыктан алаксыйын деп, жолго чыктың беле?

-Ушунча сурап калдыңыз. Ичкиликтерден болом, уруум тейит. Бул тарапка келгенимдин себеби, айылдаш досум атты көрүп, "тоого алпар" - деп кеңеш берди.

-Эмнеге тоого алпар деди экен?

-Баргыларга барсаң. Тилеке деген тапчы бар. Атыңы көрсөт. Бир билсе ошол билет деди.

-Издеген кишиңди таптыңбы?

-Сураштырып жүрөм. Билсеңер, айтып койгула? Алардын айылы кай тарапта?

-Ал Тилеке тапчы бекен? Же "бакшы" бекен?

-Билбейм. "Алып бар. Калганын өзү билет" - деди.

-Оо, катуу дайындаган экен. Издебей эле кой.

-Жок. Атайы атымы көрсөткөнү келдим. Ал кишини табышым керек. -Убара болбо. Аны ушул жерге, чакырта коңбуз – деди, ал шериктерине көзүн кыса.

-Кана, меймандын кесесине кымыз жаңылагыла. А сен барып, атты ушул жерге жетелеп келе кой! деп Чойду жумшады.

-Бейтааныш жигит таң кала отургандарды тиктеди. Тилеке белиндеги наштар бычагын алып.

-Атыңдын оозун, ач

Бейтааныш жигит каржайган арык атынын тумшугу менен ээгин ачканда. Тилеке аттын таңдайын ыклас коюп карап, бычак учу менен акырын бир эки жерин сайып койду. Аттын оозу канап, ооздугун шалдырата башын экчеп тилин чыгара жөткүрдү.

-Болду. Атыңы отко кой. Эми оозунан түшпөйт. Бул дартты элде "таңдай" деп коет. Аны көбү биле бербейт.

Отургандар Тилекени аңкая тиктешти. Ат оозунан каны куюла, турган жерден жылбай көктү апсыга, оттоп кирди. Айткандай эле көптөн бери от албай ачка калганданбы, тиштери үзгөн отту, күрмөбөй апсыгып жутуп жатты.

-Тилеке сиз болуп жүрбөңүз? деди сүйүнө бейтаныш.

Тилеке жылмая башын ийкеди.

-Ичиндеги тапты кантип кетирсе болот?

-Аны өзүң кетиресин.

-Кантип? Кетириштти билбейм. Ошон үчүн келбедимби?

-Атың ачка көп туруп, күнгөйдүн табы өтүптүр.

-Атымды такыр ач койгон эмесмин.

- Сен оттосун деп, күн как тийген жайга аркандап жүрө бергенсиң. Атың ысыкта көгөн-чымындан ылоолоп, шыйпанып коюп, тура берген. Саратандын аптабы жылкыга жага бербейт.

-Ал канткенде айыгат?

-Тээ, мөңгүнү көрдүңбү?

Айылдын төбөсүндөгү жылганы көрсөттү.

-Ошол жерге барып, атыңа он күн бою кар жедиресин.

- Абалы бул болсо, жалаң кар жеп, ачкалыктан өлүп калбайбы?

-Кардын жака белинде тулаң бар. Ат ач калса аны кайсайт. Суусаса кар жейт. Оңолуп, эт байлай баштайт.

-Ырахмат аке.

-Ырахматыңды кое тур. Ошону менен эле оңолуп кетпейт. Жайкы чилденин өткөн табына, кышкы чилденин кары дары. Муну билип ал.

-Карды эмне, отко-чөпкө кошуп береби?

-Кыштын чилдесинде, түнү менен как чөп жесе атың аябай суусайт. Күндүн мурду жерге тегиз тийгенде атыңы алып чыгып, кар үстүнө эркин кой. Ал муздак карды сугунуп жей берет. Күндүн мурду кайтканда күүгүмгө чейин аса байлап, анан кайрадан отко кой. Чилденин кары он беш, жыйырма күндө тапты кайтарат.

-Жем берсем, боло береби?

-Эмне жем?

-Буудайбы, макаби?

-Буудай жылкыга жакпайт.  Аны берсең атыңды бакпай эле, бок жеген тоок канаттууларды багасын. Буудай атка аш болушу кыйын, бүкүлү түшүп калат.

-Мака берсечи?

-Мака атыңды семиртет, кубатына да киргизет. Бирок, тез суутка кирбейт. Сууту келбеген атты улакка, же байгеге чапсаң бузулат.

-Арпа жагат экен да?

-Ап - бали. Өзүң деле билет турбайсыңбы?

-Атка берсең арпа бер.

Көп төгүлтпөй, тарта бе.

Шыкабагын көп эле

Эрте-кечи тарта бер-дейт, элде. Атың табында болсун десең, бир өлчөмдө жем берип жүр.

-Ушунча болду, атым сыныңызга толобу?

-Сен бала, куу көрүнөсүң. Чыныңды айт. Кандай максат менен келдиң? Бейтааныш жигит менен Тилекени көздөрү тиктеше түштү.

Айтпаса да ички оюн-түгөл сезген баамчылдыгына суктана, сырын жашырбады.

-Чынымды айтсам, мен да ат таптаганды  жакшы көрөм. Анча-мынча күлүктү ажырата билем. Бирок, сиздин таза көңүл менен айткан кептериңиз мага аябай жакты. Көп саяпкерлер билгенин айтышпайт. Менин күлүгүмдөн анын күлүгү чыкпасын дешип, ичи тардык кылышат окшойт. Сизге келээр алдын эки-үч жерге  барып, ат таптагандарга жоолуктум. Көбү эле атка тап  өткөнүн айтышты. Аны мен дале билчүмүн. Бирок, аттын таңдай болгонун, жылкынын ичине күн өткөндө, чилдеде кар берерин,  эч ким билип айткан жок. Мындай даба болорун мен ойлогон эмесмин.

-Туура. Көп тапчылар билгенин айтышпайт. Ал күнөө. Маселен мен сенин аш казаның көптөн бери ооруп жүрөрүн билип турам. Мунун дабасын айтпай койсом, адамгерчиликке  жатпайт. Пенде бири бирбизге пайдабыз  тийсин. Жакшылык  кылайлы деген ниетте болушубуз керек. Адамдынбы, малдынбы кемчилигин айтсак, ал оңолот. Буга  пастык кылууга болбойт.

-Ашказаным оорурун да билип алдыңыз. Эмне шыпаа болот?

-Сенин шашмалык жайың бар. Ачууң тез келет экен. Ага көп деле маани бербейт экенсиң. Этият бол! Бирөөлөрдөн дап жеп каларыңды ойлон. Ушул кезге чейин мен жөнүңдө билдиң. Биз сен жөнүңдө биле элекпиз!

-Аныңыз чын "Ата-энем да, көп шашма болбо. Бир ишти, аягына чыкмайын экинчи ишти кармаба" дешип көп эскертчү. Уруум кыпчак. Ысымым Жамгырчы.

-Ап-бали! Бая учурашып, сурашканда өзүң жөнүңдө айтууң керек эле. Илгертен элибизде мейман өз жөнүн айтмайын, сураш өөн болот. Уруу- кескилер гана өз жөнүн жашырат. Бейтааныш үйүнө келсе конок. Аны сыйлап, кадырлаш үй ээсиинин милдети. Сурашуу адеп. Ата-энең, үй бүлөң барбы?

Ата-энем өтүп кеткен. Эки балам бар.

-Ата -эне өлмөк мурас. Эч кимдин маңдайына жазып берген эмес. Жубайың менен эки балаң байлыгың.

-Шашмалыгым бар. Сиздерден кечирим сурайм? Үйрөнгөн адат калбайт экен. Оюма сөз келеби, суроо келеби айта салбасам, ичим көөп кетет- деп кемчилигин мойнуна ала күлө сүйлөдү.

-Жамгырчынын дагы бир касиети, сырката албайт тура.

-Ал мени ак көңүлдүүлүгүм болсо керек- деп жайдаңдады.

Ага олтургандар күлө кетишти.

-Жигит бир сырдуу, көп кырдуу болот: Сенин ооруларың көп экен. Бир бирден айыктырабыз деди Тилеке тамашалай.

-Ачык мүнөз адамдын колунан жамандык келбейт.

-Менин ашказаным ооруганын кантип билип алдыңыз? Жашырбай айтып бере аласызбы?

-Эмнесин жашырам. Бая келгенден бери кымызды жакшы иче албадың. Денең атыңа окшоп, ого эле как элес экенсиң. Оозуң кургап, уламдан улам жаланып отурасың.

-Билдиңиз аке. Деги ооруга эмне шыпаа болот?

- Атың экөөңө арпа жагат.

-Атыма окшоп, мен да арпа жейинби.

-Алдын суусун ич. Арпаны тазалап, жууп, бир идишке кочуш арпа салып, үстүнө суу куясын. Он күндөн соң бир чөйчөктөй маңызын ичесин. Арпаны кууруп, жаргылчакка тартып жарма атала кылып ич. Нанын үзбөй жесең, такыр айыгып кетесиң.

-Ушунча болду, атымы сындап бериңиз?

-Атыңын дагы бир, айыбы бар. Коош - деп тур.

-Коош.

-Атың кырчаңгы

-Арыктыгынанбы?

-Жок. Катуу тердетип, чаап келгенден соң, денеси муздай элегинде сугарып, ээрин алып, отко койгон.

-Аны кантип кетирсе болот?

-Көк мака бер.

Мака берсең, көп семирип кетет дебедиңизби?

-Как мака семиртет. Өл, сотосу менен дүмбүлүн бересин. Сен атыңы байгегеге кошкону жүрөт окшойсуң?

-Ооба. Билдиңиз?

-Байгенин мөөнөтү качан?

-Күнү болжоно элек. Күздө жыйын терин бүтөөрү менен биздин кыпчактардын ичиндеги Жаманак уруусунун бийи атасынан ашын бергени даярдык көрүп жатат.Атымы даяр кыла аламбы?

-Анда мындай, силердин жериңер чөл катары. Аптаптын табы ачуу келет. Мака да, эрте бала түйөт. Бул жерде он күн болсоң, барарың менен сүрөт болгон маканы сотосу менен кыркып бер. Мака дүмбүлдөн ашып, как боло баштаганда токтот. Андан соң, чени менен арпа бер. Бирок, атыңы салкын там ичинде карма.

-Суутушун качан баштасам болот?

- Суутту баштасаң сүлү бер.

-Атты байгеге койсом боло береби?

-Болот. Жакынкы аралыкка аралашып келет. Түнөтүп чапканга жарабайт.

-Эми ушунча болду, ачык эле айтыңызчы? Баш байгеге күлүгүм экөөбүз жарай алабызбы?

-Жамгырчы. Жамгырчы десе эле, жобурай бересиңби. Мен олуя белем. Ал байгеге кандай күлүктөр келип кошулат. Аларды билбей, көрбөй туруп, сенин атың баш келет деп, кантип айта алам?

-Болду аке. Ой күлүк деген ушул тура. Атым чыкса деген кыял да – деп, өз кемчилигин мойнуна ала барпаңдады.

Бала мүнөз Жамгырчы Тилекеге ачыктыгы менен жакты. Аты тап өтүп, арыктыгы болбосо кубаттуу эле. Тишинен улам жашын билген, төрт асый болуптур. Теги тоо жылкысынан экен. Суутун кандырып тер калтырбаса чуркоочудай. Кептин баары табын билиште. Күлүктүн бактысына саяпкер туш келсе, баш байгени талашчу түрү бар.

-Ат сенин колуңа кандай тийип калды, чыныңды айтчы?

-Уксаңыз ал бир жомок. Сизден эмнени жашырайын. Ата - энеден эрте калдым. Карманаар бир карындашым бар. Жокчулуктун айынан байдын жерин айдап, эгинин сээп, оруп эр жеттим. Жер иштетип жүрүп, анча-мынча ойдуң жерлерге эгин эгип, байдын ишинин оро-парасында өзүмдүн ишими да бүтүрө койчумун. Бала кезимден эле ат тандап мингенди аябай жактырчуумун. Аттуу болсом кана? деген кыял менен дыйканчылыктын сырын үйрөндүм.

Эмгекти жер жебейт экен. Маңдай терим менен иштеп, байдын эгинин оруп-жанчып, калганын жыйыштырып бергенден соң, баягы өзүмүн эгиними оруп-жанчтым. Өзүм менен кошо иштешип жүргөн дыйкандын сыңар бээсинин кулунуна данды алмаштым. Ошол күндөн баштап, көргөн- бакканым тайым болуп калды. Кай жерге барып иштебейин, жетелеп алам. Ал да эркинче оттоп, бош жүрөт. Мага аябай эле үйүр алды. Уктаганда гана бөлөк жатпасак, калган күндөрү дайыма эле биргебиз.Көргөн элдин баары шылдыңга алышат.

Тайымы аяп, кетмен-күрөгүмү мойнума көтөрүп алам. Тай мени ээрчип токтосом токтойт. Бассам басат. Дем алсам ал да жатат.

-Эки акмак бирин – бири издешпей табышканын кара дешип.

Көргөндөр шылдыңга алышат. Тайым кунан болду. Жайдак минип алам. Ноктологонго жип да жок. Кайда барбайын кунанымды моюнга чапсам, бурулуп кете берет. Кечке чарчаганым, кунанды миңген соң жазылып кетет. Акырын ырдамыш болуп, жаткан жайыма келем. Жер иштетип, дан жыйнап жүрүп, малга алмашып, бирин-экин каралуу да болдум. Жыйын-терин бүткөн соң, эрмегим кунаным. Өз билгенимче таптамыш болом. Бир күнү айылдан бирөө той берип, «кунан чабышка, байге коюп жатыптыр» деп уктум. «Кунанымды бир кошуп көрбөйүнбү» дедим оюмда. Болжогон күн келип, эл чогулуп, ар ким кунан чабышка кошулуп калышты. Капылеттен мен да келип кошулсам, көпчүлүк кыраан- каткы.

- Эки акмакка эмне жок – деп күлүп жатышты.

- Күлмөктөн күлгүлө - дедим ичимен. Бир тобубузду айдап барышып, оңор эмес жерде кайра кое беришти. Бирин-экин байгеге барып, катышпаган жаным, даяр турушту да билбей, аңкайып жүрө берипмин. «Оомийин!»- деди бирөөсү, колун бетке тарта берээри менен мен теңдүү балдар, элтеңдеше, чү коюшту. Анаан барып, мен эсиме келип, ээрчий салдым.

Жолду ката чаң ызгып, эч нерсе көрүнбөйт. Топураган топтун артынан келе бердим. Кунаным «быр-быр-р» эте арыш керет. Бир маалда карасам, менин алдымда келе жаткандарга куйрук улай жете келипмин. Дагы илгерилей келип, анча-мынчасын тайым экөөбүз артка таштадык. Тим эле учуп баратабыз. Жолду көрүнгөн тал-терек, боз адырлар биз менен кошо жарышып барып, калып жатты. Алдыда үч караан бири-бирине жол бербей, атаандаша бара жатышыптыр. Бир топ жерге келгенде, үч караан бириндеп, биринчисине, андан экинчисине теңелип, алдыңкы менен тең чамалап калдык. Кунанымдын чуркашы тың, жанын сабап баратат. Атаандаштан да оозуп, кунаным жалгыз чуркап баратыптыр. Алдыда эч ким көрүнбөйт. Аркамды кылчактап карай салсам, бири бирине жанашып, кээде бири оозуп, таймаш катуу жүрүп жатыптыр. Аңгыча болбой маарага жете келдик. Эл жабыла кыйкырып жатышты.

- Баракелде азамат.

- Жетимдин оомадысы бар экен

- Кунаны даңкын чыгарды.

- Кунанды таптаган ээси.

- Эй, мөөрөй алган жигит. Соорунуңду ал! деп эл арасындагы той башы үн катты.

Эмне кыларымды билбей, аңкайып турсам. Айылдагы бийлер, кайдан жайдан келе калган,  менен сурабай, этбей эле, соорунду бөлө башташты эле, айылдагы Бөжөй аксакал кыйкырды.

- Эй, жакшылар! Томаяктын акына тийбегиле. Байкуш жетим мээнети менен мөөрөй алды. Үй-жайы жок. Муну калыңга берип, катын алат. Эч кимге жок-деп заңкылдады.

Ак сакалдан айбыгыштыбы, же мени аяштыбы, эч кимиси келген жок. Эртеси эле Бөжөй аксакал баягы соорунду айдап барып, бирөөгө берип, кызын алмакка кудалашып келиптир. Келинчегим экөөбүз ошол байгеде мөөрөй алган кунан аркылуу табыштык.

Кунанга кызыккандар көбөйүштү. Ар ким суратып, сатып алабыз дешип ортого киши сала башташты. Бөжөй аксакал бирөөнө да ынаган жок.

- Кунанды ушул жетим минсе жарашпайт бекен? Сатылбайт деп, кесе жооп берди.

Айылдагы бай, жылкыны багып берсин деп айттырып жибериптир.

- Өзүңүз билесиз, жылкы багуу сыймык болсо, экинчи тарабы менин көксөгөн оюм эле. Эч ойлонбой макул болуп, көчүп бардым. Эптеп, болгон буюм-тайымымды атка жүктөп, келинчегими кунанга мингизип, өзүм жөө тоого жеттик. Жалаң ширгыйдан кыйып келип, алачык жасап, жашап жүрдүк. Чынын айтсам, аябай эле кыйналдык. Келинчегим жатакчынын кызы болгондуктан бээ саашты үйрөндү. Мен кулун байлап, агытып желе четинде болом. Ичкенибиз кымыз, таза абада, каалаган атымды минем. Кээде жылкычылар чогулуп алып, эңишип, улак тартышабыз. Кунанды болсо субайлар менен кошо агытып, тез-тез кабар алып турам. Көксөгөн оюм төп келип, жайы-кышы жылкы четиндемин. Күн алыс, субайлардан кабар алып, түгөлдөп, көздөн өткөрүп келем. Кунаным асыйына айланып,

Алайдын туланын кенен оттоп, сүмбөдөй сынына чыгыптыр. Кадимки эле аргымак, тим карап отургудай. Соорулары толуп, көздөрү ойноп турат. Шык-шыктап барып, мойнуна куруму салып, кулак - башын кашыган сайын жоошуп, артымдан бир топко чейин ээрчиди. Байгеге кошсомбу деп, ичимде оюмду бышырдым.

-Желе башына келсем.

- Бай тез келип кетсин! -деп айттырып жибериптир. Кымыз толгон серке чаначтарды артынып түшүп келдим. Бай базарга мал айдатып жатыптыр.

-Жеткиришип келесиң деп -аларга кошуп койду. Мал ысыкта ылаалап, баспагандыктан, күндүзү көлөкөдө эс алдырып, эртели-кеч жол арбытып, араң дегенде базарга он күндө жетип кайта салдым.

Шашыла жайлоого келип субайлардан кабар алганы барып, кунанымды таппай калдым. Аны менен кошо жылкылардан алтоо кем чыкты. Адырма-адыр аралап, колотмо-колот, тинтип суй жыгылдым. Айлам кеткенде, байга кабар айтканы өзүм келдим. Кабарды уккан бай аябай чамынды.

- Табасың. Кайдан болбосун таап келесин.

- Бай аке, таппай суй жыгылдым. Ит-куш жесе изи чыгат эле.

- Изи чыкпаса, өзүң уурдаган болосуң.

- Кудай акы, мен кантип уурдаган болуп калам?

- Уурдабасаң ким алды?

- Өзүмдүн кунаным кошо жоголуп жатпайбы.

- Кунан-пунаныңды билбейм, таап келесиң.

- Макул, дагы издеп, эл-журтка суроо салып көрөйүн.

- Суроо саласыңбы, издейсиңби, тез арада таап келгин!

- Ма-акул, аракет кылайын.

- Аракет кылба, тап!

- Ошол күндөн менде уйку качты. Жакын санаалаш, ага тууган, кайын-журт мен үчүн бүлүнүп, кошо издеп жүрөт.

- Канча убакыт болуп калды?

- Бир жылга айланып баратат

- А, тиги ат кандайча колуңа тийип калды?

- Бай мага берди.

- Жамгырчы, байдын бир үйүр жылкысын, кунанымды кошо жоготтум. Док тартып, уйкум качты – деп жатпайсынбы.

Издөө салып ар тарапка чуркап жүрүп, суй жыгыла, мукурадым. Айлам куруп, башым маң боло, кыжаалаттанып жүрсөм бай чакырыптыр. Эмне балекет болоор экен деп, сестене өөнгө келдим. Байдын эшигинде териси сөөгүнө жабышкан бир ат байлануу турганын баамдадым. Кунаныма окшоштурсам ал эмес. Сарсанаага бата, байга кире албай жүрүп, тобокелге салдым.

«Өлтүрбөсө керек. Пешенеге жазганын көрдүм» -деп саламды чоң айтып, кирип бардым. Ал кепке сөзгө келбей туруп.

- Жетим, тиги сырттагы атты көрдүңбү?- деди.

- Көрдүм, бай аке.

- Эгер байгеге чыгара алсаң алты бээ, өзүңдүн кунаныңдын кунун кечем. Эгер өлүп кала турган болсо, өмүр бою акы албай жылкымды багасың деди.

Мен, эмне дээримди билбей, делдейдим. Эшикке чыгып байланбай эле бош турган ушул атты көрүп, баары бир тирүү калбайт окшойм деп ойлодум.Жетимдин пешенеси тайкы болот деп, бирөөлөр айта калганы эсиме түштү.

-Шорум куруган экен. Өлөсөлүү атын атайлап беришинин максаты,мени кул кылып, биротоло менчиктегиси келген экен -деп, үшкүрүндүм.

Мына, үч-төрт айдан бери, кылбаган айлам калган жок. «Аттын табын билет» - дегендердин баарына алып барып, көрсөттүм. Билгени күндүн табы өтүптүр дешти. Билбегени башын чайкашты. Айлам таптакыр кеткенде элдин кеби менен сизге келип отурам.

- Бекер убара-керчилик тартыпсың.

- Жок, бай аке, Сиз баарын төп айттыңыз. Эгер ушул ат табына келип, мөөрөй алып берсе, менин башым ачык. Анда сизге, мен өмүр бою бала-чакамдан бери карызмын. Мөөрөй алганга жарата албасам, өмүр бою байга мүңкүрмүн, бала-чакама дейре кулдуктан бошоно албастыгымды туюп турам.

- Менин кабарымды, кайдан, кантип уктуң?

- Эл болгондон кийин, угулат экен. Атыңыз эбак элге элан болгон. Көнчүлүгү сизди көрүүгө зар. Күлүк таптагандар чыгынып, сизге жете албай да жүрүшөт.Баягыда ат издеп, сиздин айылга бир кыпчакмын деп жигит келгени эсиңизде барбы?

- Качан?

- Бир жыл болуп калды. Үйүңүзгө келип, сыйыңызды көрүп кеткен.

- Кыргыздын үйүнө келген, сый көрүп кетет иним. Алардын кайсынысы экенин, кайдан билдим.

- Жок издеп жүрүп, аты аксаган жигит эсиңиздеби?

- Атынын бутуна жем түшкөнбү?

- Ооба. Ошол менин бир тууган кайнагам болчу.

- Ал алты, жети жылкы дебей, бир атты короодон жоготтук дебеди беле?

- Ооба, алган киши менин кунаныма барган. Калган жылкынын карааны ага айгак. Аларды сойгузуп, пулдайт да, атты минип, же жетелеп кетет. Жалгыз атчанды «баягы жолочулардын бири» деп, эч ким көңүлгө да албайт. Алган учурда да, ал жок издеген болуп, чет-четтеп түнөп, бирөө жолукса сурамыш болуп, кете берет эмеспи.

- Ошол кайнага сөрөйүң, өзү ууру эмеспи?

- Жок. Ал ишин таштап, мени деп чапкылап жүрбөйбү.

- Ооба. Аның бирин-экин малга аралашып жүрбөгөн, жалаң кетмен менен алек болгон пенде көрүнгөн.

- Анысын мойнуна алат. Бирин-экин айылдан алыс да чыкпаган. Сиздердин алдыңыздарда аябай уят болгонун айтып берди. Мени сизге жөнөткөн да, ошол кайнагам болду. Адамды да, жылкыны да, бир көрүп эле, ичи-сыртынан бери билет экен деп, таң калганын жашырган жок.

- А мен сага, таң калып турам.

- Ий, эмнеге?

- Божурап отуруп эле, адамдын сырын бүт тартып алат турбайсыңбы.

Экөө тең каткырышты.

- Көңүлүмө жаккан кишиден сырымды жашыргым келбейт. - А сиз өтө эле жөнөкөй экенсиз.

- Огоо.

- Көптү билет экенсиз.

- Экөөбүз бири-бирибизди мактаганда коңлу. Деги, бир жылдан бери атыңан кабар барбы?

- Акырын билингенсийт. Неси болсо да, изи бардай сезилет мага.

- Бул кебиң, болжолбу?

- Болжол. Мен, аныгына жете албайм го?

- Эмнеге?

- Ал үчүн менин сөзүмдү сөздөп, арка боло турган, көпчүлүккө төбөсү таанылган бирөө болсо, аныгына жетсе болот. Мен жылкысын багып жүргөн Чекир бай, ат оюндарына аябай ышкыбоз. Айрыкча күлүк таптатып, байгеге коштурганга курсант. Күлүгү кокустан баш байгени алып калса, бир айга чейин үйүнө кирбей, келген адамга мактанып жүрө берет. Күлүгү чыкпай калса, үйүндө үңкүйүп, бала-чакасын, жарды-жалчыларын кууруп, тилдейт. Анын сырын жакшы билген кошоматчылары.

- Чеки акенин эшигинен, малы кышы-жайын семиз, аты күлүк, ал тургай ити да акылдуу. Уй, койлору аябай эле сүттүү – дешсе, байдын чери жазылып, барпаңдап калат. Ат таптаган саяпкерлерге ишенбей, өз билгенин кыла берет. Ошондонбу короосундагы күлүктөр көпкө турбайт. Жылкысы көптүгүнөн гана түтөт. Бирок, жыл сайын жакшы аттын кабарын укса, баасына карабай сатып алып, үйүргө коңт. Анын желесинен көп күлүктөрдүн чыгышы да ошондонбу дейм. Алыскы жакта бир досу Чекир байга дубандан ашкан күлүгүн тартуулаган имиш. Жакында ат таптаган саяпкери менен атайын алты күндүк жолго барышып, ат көрүп келишиптир.

- Кандай күлүк болду экен? дешип, элдин баары эмитен эле кулак түрө күтүшүүдө.

- Ооба. Күлүктөн ашкан күлүк бар. Тулпарды бээ туйт. Аны да, көрө жатарбаз.

- Эң кызыгын айтайынбы? –деп Жамгарчы Тилекеге умсуна карап.

- Ий, айта бер.

- Күлүктүн өңү-түсү, кандай экен? деп сурабайсызбы.

- Сенин кунан чыкмаңа окшош бекен?

- Жок тескерисинче. Чаар-ала –дейт.

- Болот, болот. Андайды чөөкөр дейбиз.

- Чөөкардин кирпиктери ак, көздөрү да башкача болот го? Бул кирпиктери кара , көздөрү тунук - деп байдын саяпкери айтты.

-Эч кимге айтпа. Сенин кунаныңдын эле өзү. Баскан - турганы куюп койгондой. Бирок, мойнунун жарымы, жону, кабыргасы, төшү менен ала- була чөөкар. Атайлап кол менен жасагандай куйрукка чейин –деди. Жамгырчы өкүнгөндөй үшкүрүнгөнүн өзү да билбей калды.

- Үмүтүң чоң экен. Сеники экенин, кантип далилдей алмаксың?

- Миң далилдеген учурда да, менин сөзүмдү ким сүйлөйт. Кайра "Жалган жалаа жаап жатат" деп, мени айып төлөтөрү бышык.

- Белгиң барбы?

- Эгер, чындап эле ортого салынса, өчпөй турган эки белги бар.

- Аныңы эч кимге угузбай, ичиңе ката аласыңбы?

- Бий аке, мен бала эмесмин го.

- Ошол белгилерди билген адамдардан барбы?

- Бөжөй аксакал, баягында тайды саткан адам тирүү турбайбы?

Экөөнүн аңгемесинин бүтүшүн күтүп, акмалап турганбы бир жигит келип

- Жүрүңүздөр эт бышып калды – деп үйгө чакырды.

- Аке, айып көрбөсөңүз, бир нерсе айтайын?

- Айт, айт.

- Мен сизди бир тууган агамдай көрүп жүрөйүн. Бир боорум бар деп, мени катарга ала жүрүңүз.

- Мунуңа макулмун. Тартынбай келип тур. Катташалы.

- Ыракмат. Ушинтип айтарыңызды билгем. Уурум башка болсо да, өз агамдай көрөйүн.

- Жамгырчы иним, «Катташпаса бир тууган да, жат болот» - дейт сыйлашканга не жетсин.

- Мен ыраазымын!

Эл күздөөгө келгенине бир топ болуп калган. Аш-той көбөйүп, ар ким алына жараша мейман чакырышат. Элде, баягы салт боюнча, той тамашасыз өтпөйт. Бардык оюндар болбосо да эңиш, күрөш, улак тартыш, тай, кунан жарыш болуп, соорун да алына жараша коюлат. Айылдагы боло турган балбандар ушундайда сыналып, жеңгендери анан барып, чоң мааракелерге түшөт. Көпчүлүк чакан тамашага алаксышканы менен ким, кай жерде, той-аш берип, кимдер чакырыларына кулак түрүшөт. Аш-той элдики демекчи, малы четтеп жайылган байлар, атагы алыска кеткен бийлер, аш-той берсе алыскы жууктагыларга ат түнөтө чаптырып, чабаганчы жөнөтүп, же бир-эки ай калганда кат чийдирип, кабар берет. Анын жөнү таптаган күлүктөрдү суутуп, балабандарын алып, камдуу келсин дегени. Даңазалуу «айтып кетсин» дешип, байгени кенен сайышат. Элде айтыла жүргөн «Бардын малын чачам, жоктун абийрин ачам» деген сөз, кийинкилерге насак болбосун деген аракеттен улам. Уруулар ортосундагы атаандашуусу элдин намыс-ариети делет.

Аш-той берүүчү адам көптөн бери камданып, кем-карчын түгөлдөйт. Коюлуучу сорундун эсебин-алып, тууган-урук, эл билармандарына масилат салат. Даярдыгы бүткөн соң, палан айдын, палан күнүндө деп, туш тарапка кабар бергизет. Болжогон күндүн алдын, жакынкы урук- тууган, аймактагы эл башы, бийлерди чакырып, «кемеге аш», масалатка деп, чакырып чакан улак тартыш, эңиш-күрөш, өткөрүп, жакынкы жерге ат чабышат, соорун берет. Ал күнү келгендер кийинки күндөрдө өткөрүлүүчү маарекеде тикесинен тик туруп, кызмат кылууга жана алыскы туугандарды тосуп алып, кызмат көрсөтүп узатуулары милдет.

Кыпчактардын Чекир бийи аш берерин кабарлап, бир ай мурда кабар жибериптир. Болжогон күн жакындаганда, Тилеке бий аймактагы уруу башчыларын түгөл өзүнө чакыртты.

-Кыпчак туугандардын ашына кана кимиңер барасыңар? – деген собол таштады.

Мурунтан барыш-келиш катташтыктан сырткары, тамашаны көрүүгө көбү бара тургандагын билдиришти.

-Бабалардан калган салт. Аш-тойго кур барыш уят. Кана, кандай кошумча кошобуз? – деди отургандарга.

-Чекир бийдин атын укканыбыз менен өзүн көрө да элекбиз. Ал биздин жаман-жакшылыгыбызга келген да эмес. – деди отургандардын арасындагы Чырак бий.

-Биз ашына барбайбыз. Тамашасына барабыз. Кошумча дегенди коңлу – деп ага кошула кетти Кадыр бий.

-Чыдаса аш берсин. Жөн барып, сыйын көрүп келебиз –деп сөздү жыра сүйлөгөн Өтөр бий.

-Баарың нарк билген, салт сыйлаган элдин адамысыңар. Мейли, анда бара бергиле. Бирок, уруулу-журттун намысы бар. Биз алып баргандан ал ашып, кемип кетпейт. Биздин барганыбызды угуп, көргөнгө сабак. Элибиз илгертен наркты барктаганы менен белгилүү. Кошумчаны чоң алалы. Адигине балдары илгертен эл сыйлап, журт кадырлаган. Байлык менен бийликтин артынан ээрчиген эмес.

Тилекенин сөзүн баары туура көрүштү.

- Кошумчаны айткыла, кеми болсо түгөлдөйлү.

- Менден жабдыктуу ат.

- Менден куш.

- Менден…

-Ай жаңырган күнү эрте менен жолго –деди Тилеке бүтүм чыгара.

Кыргыздар дээрлик көчмөн турмушта жашап, турак кылып, үй куруп, шаар салышкан эмес. Ар качан көчүп – конуп жүргөндүктөн төө, жылкы негизги унаа эсептелген. Тийген жоого ат менен урушуп, тагдырлары жылкы менен эгиз болушкан. Ошол себептен күлүк аттын кадыры өтө чоң болгон. Байыртан эле «Эрдин куну, эришти айыбы болбосо, чаң тийбес» деп атап, өзүнөн да атын кымбат сезген. “Ээсин сыйласаң, атын ал” деген макал төркүнү ошондон. Бир ат үчүн эки эл бузулуп, канчалаган кан төгүлгөн. Кооптуу учурларда атын үйүнө киргизип кишен салып багышкан. “Ат керүүдө, найза босогодо болгон заманда” ат тагдырды чечкен. Кыргында жалгыз жанын атына тапшырган. Ошол себептен атты

өзгөчө сыйлап, ардактап, жакшы жаманына баа берип, жашы кандайлыгын, кары бээден туулгандыгына чейин билген. Күлүк атын сынга алынып, жашоодогу эң кооз, нерселерге салыштырылган.

Кыргыздар табигатка жакын болуп, жапайы жан-жаныбарларды колго үйрөтүшүп, жашоого пайдаланышкан. Айрыкча куш салып, тайган таптап, жаратылыштын кубулуштарын билип, анын сырларын терең өздөштүрө алышкандыктан эл арасында саяпкер, сынчы, мүнүшкөр, санаткер, тамырчы, ырчы, жамакчы–деп көп арасындагы өнөр сырын терең өздөштүргөн адамдарды аташкан.

Кыпчактар ашка шайма-шай экендиги барганда эле билинди. Айылга жакындай беришкенде атайлап улак чаап тосуп алышты. Чабандес жигит Тилекеге келип улак ашырды. Ал жигитке ыраазычылыган билдире баш ийкей караса.

- Ассалоом алейкум аке. Келиңиз – деп жылмая Жамгырчы кучак жайды.

-Ырахмат. Өркүнүң өссүн, Жамгырчы! Бала-чакаң менен амансыңбы?

- Шүгүр аке. Беймарал конок болуңуз. Келип, кабар алып турам – деп ат үстүндө ийилди.

Жалаң коноктор үчүн келишкен окшош жасалгалуу үйлөр тигилиптир. Ар бир үйдө шыпылдаган жигиттер колдорун көкүрөгүнө алышып, меймандарды тейлей жүгүрө кызмат кылып жүрүштү.

Эртеси жарчылар элдин көңүлүн ала ырдаганча, кандай тамаша болорун алдын ала айтып жүрүштү. Ал күнү эр эңиш, балбан күрөш, бука тартмай, өпкө чапмай оюндары өткөрүлүп, жеңгендерге байгелер берилип жатты.

-Оо, калайык калың журт!
Балбаныңды чыгаргын,
Азыр болот эр алыш,
Жарыяны тыңдагын,
Берээндер турса чалышып,

Беш манжа белде карышып,
Күчүңдү бүгүн көрсөткүн,
Көпчүлүк калсын таанышып.
Коюн -колдун алышат,
Жыккандар мөөрөй алышат,
Жыгылганы чаң болуп,
Кабыргасы кайышат.

Бир маалда бел курчоосунан өйдө жылаңач дөөдөй болгон балбан ортого келип сыңар тизелеп отурду. Бука моюн, буура сан, булчуңдары тараган, эмчектери салаңдап, эки жагын караган балбан башын жерге салып, көзүнүн төбөсү менен көпчүлүктү карап, «Мага тең келчү барбы?» дегенсип, далыларын ары-бери чайкап коюп лөкүйөт.

- Буга кандай адам даап чыга алат? Колуна тийгенди оңдурбаса керек?

- Булчуңдарын карасаң, бөлөк-бөлөк боло, буртуюп турат.

- Күрөшмөк турсун, жанына эч ким бара албаса керек.

- Бул күрөшкөн адамын, майып кылып коңт дешчү эле?

- Кайсыл элдин балбаны болду экен?

- Тажиктерден го сыягы.

- Жомоктогу Жолой балбандын өзү го?

- Көп күттүрбөгүлө, мөөрөйүн бергиле! деп көпчүлүк уу-дуу.

-Ошол учурда бой келбети шыңга, далысы кең, жигит ортого чыга, элден бата сурады.

- Кой, айланайын, чыкпа. Тигил дөө, сени жеп коет.

- Майып кылып койбогой эле. Түшпөй эле койбойбу.

- Чыгып алыптыр, өзүнө ишенет экен. Алла ал-кулум десе, колдоор?

- Ылайым ата-бабаңын арбагы колдосун. Оомийин! Көпчүлүк чурулдап бата кылышты.

- Бул бала, кайсыл элден экен?

- Каңды дейби?

- Жо-ок. Чапкынчылардан дешет?

- Ошондой да уруу барбы?

- Таң, мындайды укпаптырмын.

- Балбандын аты ким деген экен?

- Мамакул.

- А Мамакул как моюнбу?

- Как моюн дегени эмнеси?

- Мойнун карасаң, бир да ашыкча эти жок

Мамакул балбан жаңыдан эр жетип, көпчүлүккө тааныла элек эле. Мындай көп элдин алдында алгачкы жолу чыгышы. Күдүрлөп ийлеген тоо текенин сары жаргак каңдагайын кийип, белинен жогору жылаңач болгон төө балбандын жанына басып келди. Эки алп тиктеше, бирин-бири сынап турду. Мамакулдун ашыкча эти жок, тигинин жарымындай эле көрүндү. Бир топко чейин тоорушушту. Карт балбан эч бир ыңгайын келтире албай турду.

Жаш балбан билегин суна бергенде карт балбан шап кармады. Ошол замат Мамакул билегин булкуп сууруп алды. Далай балбандар менен күрөшүп, кынык алган балбан, беркинин оңой жоо эмес экенин байкады. Көбү эле билегинен карматкан соң, кайра сууруп ала алышчу эмес. Колду капшыра кармап, өзүнө тартып, ичке кире көтөрүп алып, жерге бир уруп басып кетчү. Жаш балбанды антүүгө шарт келбеди. Эми эскиден калган эреже билегин ал сунду. Мамакул чап билектен кармап, өзүнө тарта, белден алмак болсо да, тиги балбандын билегине манжалары толук жетпеди. Толук тутамдай албады.Жаш балбандын манжалары кычкачтай болуп, билектин эки ача сөөгүнө бата түшүп, тигинин жанын көзүнө көрсөтү. Канчалык билегин сууруп алууга аракет кылса да, тиги бошотподу. Улам кысып кармап өзүнө тартты. Билегинин эки ача сөөгү кычырап муундан чыгып кетти окшойт, сол колунун каруусу кетип, такыр керден чыкты.

Мамакул шамдагайлык менен ичке кирип, ычкыр кашатынан өйдө силке, алачыктай болгон немени өйдө көтөрүүгө аракеттенди. Карт балбан ага моюн бербеди. Бирок, катуу согулган колдон ык дей түшүп, шаштысы кетип калды. Жаш балбан тигинин сол колун кое берип, экинчи колу менен шымынын чандырынан кармай, оңго булка берип, тиги талтая түшкөндө, капылеттен, кайра солго булкуп жибергенде, карт балбан тең салмагын жогото, теңселе түштү, Ошондо тигинин аягын жерге тийгизбей тизесине ала, шап көтөрүп башынан айлантып туруп, жерге урду. Карт балбан чалкасынан

түшкөндө, башынан аттап, басып кетти. Эл чуу эте, кыйкырышып мактап жатышты.

-Аза-амат!

-Анык балбан экен.

Мамакул как моюн ошол күнү, чоң жыйынга алгачкы жолу түшүшү экен. Шериктери келип, кучакташа, үстүнө чепкен жаап, жетелеп жөнөштү. Эл улам кыйкырыша алкап жатышты. Аштын ирээти эр алыштан соң "эр эңиш". Мында, катагандардан чыккан балбан, кыпчактардын Тажы балбанын аттан оодара тартып, мөрөй алды. Улам тамаша кызып, балбандар биринен артынан бири алышып, убакыттын өткөнү билинбей, заматта түш оой, күн төбөдөн өтө, кыңкайып баратыптыр.

Бир кезде эл дуу-дуу болуп дүрбөп калды. Баятан бери даярданып жатканбы, же атайлап эле кеч чыктыбы, наймандардын боткочу тобунан Өтөк балбан эңишке чыкты. Бул балбандын атагы алыска кеткен эле. Ак-Суу, Үч- Турпандан баштап, Паргана аймагындагылар бүт билише турган. Эчендеген балбандарды эңип, баш соорунду эч кимге бербей келген. Өзүнүн күчүнө ишенгенби, же ичкиликтер аны колдойбу, чоң муштум зөөкүрлүгү менен өкүмсүнүп, коюлган соорунга канааттанбай коштуруп алчу. Аш-той ээлери да тамаша тынч өтсүн дешеби, айтканын берип кутулушчу.

Ага эңишке түшкөндөр аман калышчу эмес. Кур эле дегенде бир ай ашыра суу ичип, адам катарына кошулчу. Анын жөнү эңишкен балбандарды таасындап туруп, шилиге, коюп, бооруна, же суйөсүнө алаканынын кыры менен чапчып же аткып мертинип,эсине келе албаган неменин колун ээр кашка басып, сүйрөп кетчү. Көбүнүн боору жарылып, акыреги ажырап, билеги сынып, ажалынан мурун көз жумчу. Муну билгендер ага даап түшчү эмес.

Өтөк балбан аюудай күркүрөп, алачыктай атын минип дооранды айланта бастырып жүрдү. Анын түрүн көргөн балбандардын эч кимисинин чыккысы жок. Тирелишкен көпчүлүктүн арасы тым-тырс. Жарчылар тил безеп кыйкырып жатышты

-Кана, кайсыл топ, балбанын чыгарат?

-Тамаша көрөсүңөрбү, же соорунду бергизелиби?

-Тирү эле, желмогуздай көрүнөт

-Эл арасында бардыр, буга тең келүүчүлөр?

Тажиктер турган тарап, дүрдүгө түштү. Бир маалда тургандардын ортосу тең жарыла берип, тоодой болгон атты минип, локуйган балбан чыга келди.

-Кайсыл топтон экен?

-Тажиктерден го сыягы

-Ысмы ким болду экен?

-Кулам-деп айтып жатышат

-Кулам палбан! Кулам палбан-деп, тааныгандар биринен-бири өтүп, кыйкырып жатышты.

Эки алп, эки тараптан аттарын темине келип, ортодо бири-бирине ызырына туруп калышты. Улам тooруша шап билектен алууга камданышып, эңкейе аңдып, аттарын теминишти. Жакындаша барышып, колдорун алдырбастан, чалкалай, бойлорун алысташып манжаларын ача шап илип кетүүнүн пайитин пайлашты.

Өтөк балбанга оң келе калдыбы Куламдын оң мүрүсүнө токмоктой болгон колу менен согуп калды. Куламдын көзүнөн от чыга, заматта шалдая түштү.

-Ой, итиң ой. Зөөкүрдүгү чын экен.

- Оюн эрежесин бузду.

- Күч атасын тааныбайт

-Өтөккө ким даап бара алат. Ачуусу келип калыптыр, жакын баргандын жанын көзүнө көрсөткүдөй.

- Кулам кантээр экен?

- Ал да эр жүрөк көрүнөт. Колу ооруксунуп калды окшойт.

- Ооруксунмак тургай мүрүсү талкалангандыр?

- Ошон үчүн шалдайып калбадыбы.

- Эми кантишээр экен?

- Кулам эми кулады

- Ээй карачы, карачы деди баятан бери талашып жаткандар.

Шалдайган оң колун ала качып, сол колу менен бир кармамакка аракеттенген Кулам аттын шарт теминип барып Өтөктү шилиге согуп өттү. Анын башы шылк дей түштү.

Экөө тең ачуусу келип эңишпей эле чапчыша, койгулашканга өтүштү.

Той башы алыстан кыйкырды.

-Экөөнү тең ортодон чыгарыла. Эрежени бузушту.

Эл да, жаалап кыйкырышты

-Эңиштин эрежесин бузушту

-Чыксын! Чыксын! дешти.

Эки тараптан атчандар келишип, экөөнүн тең аттарынан жетелеше алып кетишти. Оток шериктерине моюн бербеди.

-"Эңип, же эңилип кетмей сайын, чыкпайм" деп, ортого кайра чыгып туруп алды.

Баятан бери тамашан кызыга тиктеп турган Тилекенин алдына шыпылдаган жигит келип, колун көкүрөгүнө ала

-Мырза, өзүңүздүн уруудагы тукумдан бирөө бар эле.Уруксат бересизби?

-Кайсы топтон

-Исакенин кудай берди тукумунан

-Ким деген?

-Апалтайдын балдарынан экен

-Бизди уят кылып койбойбу?

-Өзүнө ишенген көрүнөт. Сабалап, суранып жатат.

-Чакырчы бери?

-Шыпылдаган жигит чуркап барып, чоң тебетейчен бирөөнү эрчите келди.

Бир күрпөңдүн териси, тебетейне араң жеткенби, ого эле чоң көрүнгөн жигитти ээрчите Тилекенин алдына келди.

Жаш балбан мырзага ийиле салам берип, оттуу көздөрү ойноп, жүзүнөн жылдыз жанып турду.

-Ии, балбан, атыңы уга калчумун. Зөөкүр Өтөккө чыгайын дейсиңби? Улоонун жайы кандай болот?

-Ат таптым, Бөрү туугандарда сынакы ат бар экен. Уруксат берсеңиз, күч сынашып көрөйүн?

-Бизди уят кылбайсыңбы?

-Кудай колдосо, алдырбаймын

-Тигини көрдүңбү?

-Көрдүм. Балбандыгы болбосо да, зөөкүрлүгү бар экен.

-Тең келе аласыңбы?

-Өзүмө ишенбесем, чыкпайт элем.

-Бул жерде оң канат-Адигине уруусунун да, кыргыздын да намысы турат.

- Ошону үчүн чыгайын дедим.

-Кудай колдосун

-Айтканыңыз келсин, мырзам.

Жабыла таңыркагандар мырзага кошула бата кылышты. Алике баатыр чабдарды булкунта ортого чыга келди. Бел курчоосунан жогору жылаңач. Тоо текенин ийленген терисинен тигилген сары жаргак каңдагай чак келип, багелеги өтүгүнүн кончуна кыстарылган. Бөктөрүнчөк байланган жылаңач ээр, жука токулгага кош басмайыл менен тартылган. Үзөңгү боо да бутуна ылайык келип, аттын көмөлдүрүк, куюшканы, чылбыр менен кошо алынып коюлгандыктан аттын үстү жеңил көрүнөт.

-Огоо, ким экен?

-Кайсы элден экен?

-Адигиненин балдарынан дейт

-Аты ким экен?

-Аты Алике

-Ободой шуулдаган жигит экен.

- Өтөк балбанга тең келе алат бекен?

-Эми көрөбүз

Ортодогу Өтөк балбан үңүрөйгөн, көзү менен жаш балбанды тоготпой, чыйт түкүрө, тиктеп турду.

-Жаш балбан экен. Бекер майып болуп калбагай эле?

-Өтөктүн колуна тийсе, колу-бутун жулуп салат.

- Өтөккө тең келем дегендин, өпкөсү жок окшойт?

-Ар ким, күчүнө ишенет да.

-Эки балбан бет келишери менен чарпыша түшүштү. Алике тигини чап билектен алды эле, манжаларына тигинин билеги чак келбей, суюла түштү. Баш бармагына  жетип барып, алаканына таканчык боло түштү.

Өтөк жалтанбай чаап келип, беттешкенге дап койгон жаш немени, экинчи эңишке түшкүс кылайын деп, кай жерге уруштун пайытын пайлап турган. Кычкачтай капшыра кармаган колдон билегин чыгарууга аракеттенип, артка тартыла бергенде, шап кош колу менен алып билегин чымырата бекем кармап, үзөңгүгө чирене, жалга басуунун аракетинде болду.

Эл чуу түшө, кыйкырып сүрөп жатты.

-Та-арт! Карма, Чү-де,темин атты!

-Азамат.Эр экен. Чап жабышканын айт.

Көпчүлүктүн чуусу дем бердиби, же көп жолу эңишке минилип,сырдана болгонбу чабдар күчөнө, алдыга умтулду. Аттын күчүнө кошул-ташыл Алике тигил балбандын билегин шарт силке тартты. Баятан бери кейкейип, чалкалап тартып жаткан Өтөктүн башы шылк дей түшүп, тилин тиштеп алды окшойт. Ууруту кызара түштү. Оң колун бошотпогон немени сол колу менен каруга салууга эңкейе бергенде жалаң чабардарды дембе-дем катуу теминди.

-Чү жаныбар дегенче үн салды. Балбан менен ат күчүнө туруштук бере албаган Өтөктүн көчүгү көтөрүлүп, тууралана түштү.

Миңдеген үн обого көтөрүлүп, аба жаңыргандай болду.

Өтөктүн көзү тумандап, чаар чымын уча башы айланды. Кычкачтай капшыра кармаган кол, аны ээрден козголтуп, эки балбандын аттары чиренип турушту. Бир маалда чабдар ээсинин темингенин туюп, тизелей кала, сүрдүгүп, алдыга  умтулду. Адам күчүнө ат күчү кошул –ташыл  болуп Өтөктүн  атынын басмайылы чарт үзүлүп кетти. Бош ээрдин үзөнгүсүнөн буту чыкпаган Өтөк шыпырыла, ат үстүнөн кулап, сүйрөлүп баратты.

-Адигине, Адигине! дешип бубасынын атын атап, жаш балбанды сүрөгөн топ, жабыла барышып, ат үстүнөн көтөрүп кетишти.

-Айланайын азаматым. Намыскы төрөлгөн жан экенсиң, бар бол!

-Эл журт. Уучубуз курук эмес экен. Чыгып келген элден, дагы эле чыгат тура

-Уул кылып төрөгөн энеңе ырахат!

- Ата уулу азамат. Азали кем болбо! - деген алкоо миң деген элдин үстүндө жаңырып турду. Алике балбанга көпчүлүк суктанып, кийин көзүгүп өлгөн дешет

Тамашанын кызыгы өпкө чабыш. Мында жалаң таздар чыгат. Аны бирден чыгарбай үч-төрт жуп кыла ортого коюшту. Алар да эреже боюнча бөктөрүнчөк тарткан жылаңач ээрде, бел курчоосунан жогору кийим кийбей, көйнөгү жок, жалаң баш чыгышат. Алар чыгары менен күлкү башталат.Төрт журттун такырайган такыр таз баштарына күндүн нуру тийип жалтырап, күнгө чагылган көздөрүн ачып- жумушуп, башы-көзүн калкалашып ортого келишти. Колдоруна өпкө карматышып, жуп-жубу менен кое беришти. Шарт боюнча өпкө чокуга гана чабылат. Кармаган колдорунан өпкөнүн кокосу жылмышып түшүп, шеригинен шалп эткизе чапканынан качканын жумшак өпкө башына тийип, ала-телек кан жая бергенин, өпкө үзүлө түшүп, жалаң колкосун соройто кармаган таздарды көргөндөрдүн күлбөгөнү калбай, ортолукта кыраан – каткырык толду.

-Оо, калайык калың журт,
Жардык айтам баарың ук.
Күлүк таптап келгендер,
Эрежени бекем турт
Ат чабышы башталат,
Азыр аттар айдалат.
Белгилерден таанышсын,
Чабалдары калышсын.
Он беш атка байге бар.

Таарынбасын калгандар – деген жарчылар, ары-бери бастырып жүрүштү.

Ат чабыш аштын эң бир орчундуу тамашасы. Ат айдалгандан соң, жорго салыш, кулан чабыш өтө берет. -"Ат келе жатат" дегенде элдин баары ошол тарапка сүрүлөт. "Бүгүнкү ашка ар дабандан келген жүз күлүк чабылат экен" деген уу-дуу жүрүп жатты.

Аш башталгандан тартып, ар жактан келген аттар, алдыртан сыналып жатты. Казактардан эрке кашка, ак шокой, тажиктерден карала, даштаман, тейиттерден көк чолок, арык тай, нойгуттардан тел кара, ак жон, наймандардан сур айгыр, жаман кара, кесектерден чуу басар, сары жон, чоң багыштардан жез таман, ала качма, саруудан чаң тийбес, элик коңур, кушчудан ала тап, мала тай, басыздан чолок сары, диңкилдек, коңур аттардан кайсар, кара кызыл, адигинелерден мала көк, күрөң боз жана башка деги эле менменмин деген күлүктөр,

Көпчүлүгү үртүктөп жабуу жабышкан, көбү күлүктөрүн көрсөтпөй кылдоо жерге жашырышып келсе, ат чубатарда чабандестери менен жетелей келип жатышты.

Кыргыздар атка өзгөчө маани берет эмеспи "Ичи жаман, ою бузук, көрө албастан кудай сактасын" дешип маңдайына, жалына аралаштыра тумар, көз мончок тагышкан.

Жамгырчы келгендин эртеси Тилекени ээрчитип барып, атын көрсөттү.

-Кай жеринде кеми бар, айтып бериңиз? деди

Чолпондой көзү жайнап, сүмбөдөй тулку бою келишкен атты көрүп Тилеке суктанды.

-Азамат. Табына келтирипсин. Бир айыбы, туягында калыптыр.

-Аа, аны эстен чыгарган экем. Жарасы жеңил, заматта, оңдоп-түзөй коем.

-Туягын аттар тебелеп, жукартып коюптур. Көп жонбо.

-Кырларын, тегиздеп коем.

-Чабандесиң кайда?

-Өзүм чабам.

-Анда таштактан кач. Көбүн эсе дыңга сал. Терин кеч алдырыпсың, жарым жолдон өткөнгө чейин аярлап жүр.

-Аке, менин атым тең келе турган, күлүктөр бар бекен?

-Сенин атыңа тең келе турган, күлүктөр арбын экен.

-Деги, кайсыл күлүк алдыда келет деп ойлойсуз

Аны айта албайм. Бирок, жерчил ат жолдо сырдана болсо мөрөй талаша алат.

-Тигил чабууга салган аттарды көрбөйлүбү?

-Маакул, сен айт. Канчалык экениңди байкайын деди Тилеке Жамгырчыны жактыра тиктеп.

-Азамат, деди ичинен ойлонуп. Бир айтканды шып илип алып, аны так, ал тургай ашыгы менен аткарса кимдин болбосун ичи жылыбай койбойт. Атын таптаганга көп мээнет жумшап, жем-чөптү аянбаптыр. Байкуш баланын эмгеги кайтып, аты чыга келсе, жалаадан да, ыгым чыгымдан да кутулуп калаар -деп жакшы тилегин арнады.

Экөө чубатууга кошулуп жаткан аттарды карап жүрүштү. Ар жерден келген сынчылар, ар кимиси өзүнчө баасын берип, кээлери оюн ачык айта, кээлери ичинен тап, күлүктөрүн жанынан чыкпай, айланып кете алышпай жүрүштү.

-Охо! Укмуш аттар экен. Саяпкерлери да келишиптир. Таймаш катуу болчудай.

-Ооба. Саяпкерлердин да, күлүктөрдүн да тагдыры бүгүн чечилет.

-Айтыңызчы сиздин көңүлүңүзгө кайсы аттар жакты?

-Шайтан бала, жана экөөбүз убадалашпадык белек. Сен, айта турган болгонсуң. Мен угуп көрөйүн.

-Сиздин алдыңызда мен айта албайм. Баары эле кемтиги жоктой.

-Сөзүң туура. Бул жакка келээр алдын, ар бири кемтиктерин байкап, аны түздөп келишет. Эми, күлүктөрдүн өздөрү менен сүйлөш.

-Коюңузчу, кантип сүйлөшө алам?

-Тиги эрке кашканы карачы. Эмне деп турат?

-Ал сүйлөбөйт эле. Туйлап атпайбы.

-Жок. Мөрөй меники деп жайдаңдап турат. Сенин атыңы көргөндө, мага тең келгендер да бар экен деп жазгана түшөт. Тиги таш таманды карачы.

-Көрүп турам.

-Кыялында эмне бар?

-Чынымды айтсам, билбей турам

-Баарыбыздын тагдырыбызды байге чечет деп, сабырдуу турат. Өзүнө ишенген күлүк экен. Туяктары тегиз, тамaны калың экен. Таштак жолдо муюгудай эмес. Кумдуу жердин аты экен, туяктарынын тазалыгын айт.

-Тиги, көк чолок. Пай-пай сыны келишиптир. Сууту да, канган экен.

-Туура баамдапсың. Как жердин аты экен. Баткак суудан жалтайлап өткүдөй.

-Мына бу сары жон, эч биринен кем калбагыдай.

-Ооба. Бирок, уйкудан калганбы. Көздөрү чылпактап турат. Көңүлү бир аз кыраадай. Аа көк чөп жегенче күптүү болуп тургань.

Жамгырчы Тилекенин ушунчалык баамчыл экенине таң калды. Ар бир аттын тилин билип, табын сезип, кыялынан бери төп айтканына суктанды.

Көзү ачыктай, мунун баарын кантип билип алган? Сыйкыры барбы? деп алды - аркасынан аяр карап, ээрчий басты.

-Жамгырчы, мага таң калбай эле кой. Баралыңа келгенде менден ашып түшөсүң. Сенин бир айыбың шашмалыгың. Болбосо барбы! Жо-ок. Боюңа ылайык, туура эле. Көрүнүшүңө карап, сени эч ким токтоо деп айта албайт.

-"Таяк тайга жеткирет, таба - таба атка жеткирет"- демекчи аттуу болуп турасың. Эртең малдуу да болосуң. Эзели кор тутпа. Колуңдан ардак көргөн адамбы, малбы, сенен жакшылыгын аянбайт. Сенин оомадың келип турган чак. Көппө, ырыскыны теппе. Жетим жетилет деген ушул. Бүгүндөн баштап катарга кошуласың.

-Айтканыңыз келсин аке. Сиздей адам менен сырдаш болгонума миң мертебе ыраазымын.

-Байга аты каралаш. «Азууларын аркайткан ат башына күн тубар, муруттарын шапайткан эр башына күн тубар» дейт элде. Күлүк да маалында да күлүк. Мезгили өткөн соң , чобур болот өзү эле жүрүп. Адам андай эмес, Жигит адамга оомады он жолу келет. Маалында аны кадырлап, кармап калбаса, акыры барып жакшы күндөргө зар болот. Кеткен түнгө, келген күнгө маани бере жүргөн жакшы.

-Айтканыңыздын кажети жок, аке.

Жүр, тиги топтогулардын сөзүн угалычы. Алар да бизге сабак.

Ээ, үкам, ким эле билип төрөлүптүр. Адам өмүр бою үйрөнгөнү жакшы. Өнөр деген арыбайт, карыбайт экен. Өнөрдүн ниети жакшылык тура. Өнөр кууган саяпкер, кара жаак чечендер аттын санын эчен ыр кылып айтышкан. Тигил күлүктөрдү карап турчу! Тайган иттей кыржыйып, бүткөн бою тарамыш, көмкөргөндөй кыржыты, жуп-жумуру мойну түз. Чымыр туяк тик бакай, айчылыкка арыгыс, күндөп-түндөп жүрсө да, чарчабаган талыгып. Шымаланган эликтей, кулун куйрук болсо туш, тал-тал көкүл сыйда жал, таап алган армансыз- деп эл ичиндеги айтыла жүрөт. Төп келет бекен? Бул да жылкыны- Камбар ата тукумун кастарлагандан чыккан.

Экөөнүн баятан бери күлүктөрдү жанынан чыкпай, кол сермей көрсөтүшүп, кобурашканын көргөн көпчүлүк, улам, бир бирден, топтоло башташты. Тилекенин айткан сөзүн кулагы чалган жашыраак бирөөсү, суроо узатты.

-Аке, бул аттарды кантип, кайсыл мезгилде тапташкан?

-Ээ иним, ат таптоо да, оор түйшүк Ат таптаган адам уйку бетин көрбөйт. Аш-тойго барбайт. Жалаң ат менен гана алек болот.

-"Куу казык" деп калышат. Анысы кандай болот?

-"Куу казык" дегени чаба турган атка жем берилбейт. Как чөп берип, куусаң бетегеге оттотуп, көккө койбойт. Бир калыпта кармайт.

-Кандай атты суутулду дейт?

-Күлүктү сууткanда, денесинде арам тери, майы калбашы керек. Сууту абдан кандыруу зарыл.

-Аттын табы келбептир деп калышат? Аны кантип билишет? деп биринен өтө, экинчиси сурап жатышты.

-Аттын табы катуу, жумшагы болуп бөлүнөт.

Эгер эти семиз болсо, же тери калса, аттын табы бузулат.

-Бар балээнин баарын билет экенсиң. Кайсынысы чыгаарын айта аласыңбы?- деди аркы тарапта турган олбурлуу беттерин түк баскан бирөө.

Тилеке тигинин кычаастык менен сүйлөгөнүн байкап

-Анын сага кандай кереги бар? деп, өзүнө суроо узатты.

-Эгер, сенин сөзүң чын болсо. Мен мелдешем.

-Ким менен?

-Мына, сени менен.

-Эмне себептен?

-Баятан бери угуп турсам, жалган эле сүйлөп, булардын башын айландырып жатасың.

-Жо-ок, төп айтып жатат.

-Айтканынын баары туура.

Бирөөнүн сүйлөгөнүн көрө албаган немеге теңелбей эле коеюун деп, өзүн сабырдуу тутту. Бирок ал улам сүйлөнө бергенинен улам ачуусу келип жатты. Бул эмне кыпчылып жатат деп ойлоду.

Сүйлөбөй калган Тилекени байкай, кызылууна кетти.

-Кел, андан көрө мелдешели. Сенин айтканың туура чыкса, сен төлөйсүңбү?-деп сүрмөлүккө салды.

- Сен, чын саяпкер экенсиң. Байгеде мына бул күлүк канчанчы келет? Айта аласыңбы? – деди четтеги турган наймандардын “жаман кара” деген атын көрсөтүп.

-Бул ким? Таанығандар барбы? дешип. Топтошкондор тигини көрсөтүп шыбырап калышты.

-Тезек, Тезек ууруну таныбайсыңбы?

-Ууруну таанып эмне кылам.

-Ууруну таанып жүрүш керек. Бул атактуу ууру деп сүйлөшкөндөрдү кулак чалды.

Тилеке атты абайлап карады. Кандыра суутулган, «жаман кара» алыска чууркарын билсе да, оюнда эч нерсе жок магдырап туруптур. Жүндөрү тикеленип, жалтырап турат.

Баш келет деп, айта албайм. Биринчи он күлүктүн ичинде келээр деп ичинде ойлоно кетти.

-Сен канчанчы келет деп, ойлойсуң?

Канчанчы келээрин билбейм. Бирок алдынкы он күлүктүн ичинде болот.

-Макул. Мелдештиңби? Келе колду. Ким утулган ушул аттын куну канча болсо төлөйт.

Алабармандык менен бүтүмүн чыгарган. Тезек ууруга тургандар кызыга караршты.

-Бул эмнеге эле, өзүнө кызыгып калды деп ойлоду Тилеке.

Ал Тилекенин жообун күтпөстөн, тургандарга жар сала кетти.

-Ак көз, кара көз туугандар! Баарың күбө болгула. Мына бул күлүктү коюп мелдешип турабыз. Бул киши алдынкы он топтун ичинде келет дейт. Мен жок ага илешпейт дедим. Ким утулса ушул аттын баасын төлөйт. Уктуңарбы?-деп бакылдап-кыйкыра баштаганда, көпчүлүк көңүл бөлө моюндарын созушту.

Аңгыча «жаман каранын» ээси басып келип, Тезек ууруну демите кетти.

-Эй, кандай адамсың? Менин күлүгүмдүн канчанчы келишине сенин ишиң канча? Бар, өзүң күлүк таптап келип, жар сала бер!

Тезек ууру ага чым эткен жок. Кайра бет тырмачылык кыла, кекете кетти.

-Эй, көзүңдү ач! Мени таанып ал.

-Сен ким элең?

-Тезек ууру деген мен болом.

-Уурулугуңа эмне мактанасың. Арам тамак. Элден уялбайсыңбы. Дагы уурулугуна сыймыктанып коет. Жогол!

-Эй, ачуума тийбе. Атыңдын көзүн тазалап койбоюн.

-Урдум сага окшогон ууруну. Колуңду тийгизип көрчү. Мен да ата уулумун. Эмне болоруңду ойло деп, ал да уурудан бош келбеди.

Тургандар аларды эки тарапка тартып, ажырата кетишти.

-Ууруда бет болобу. Элди ар дайым каң-какшатып жүрөт. Бирөөнүн ак мээнетин күйгүзүп, этеги эки болбойт. Уурулук кылган немеге кудай бир күн көрсөтөт.

-Арам тамакка семиргенин кысталактын.

-Каразгөй да акмак.

Көпчүлүк аны тилдеп жатышты.

Жамгырчы Тилекени чыканактан тарта

-Жүрүңүз, сиз күлүгүңүздү кошо элексиз го?

-Чабандести кечикпе дедим эле.

-Күлүктөр сээлдеп келе баштады. Чамасы жүзгө толду окшойт.

-Сенин чоттогонуң көрүнөбү?

-Баятан бери аңдыганым ошол. Жик билинбейт.

-Сабыр кыла тур. Келип эле калса кошулат.

-Тезек ууру сизге, кычылык кылып жатабы?

-Тезек ууру экенин кайдан билем. Жөндөн жөн кыпчылып.

-Мунун бир билгени бар.

Жарчы дагы зоңкулдады

-Эй, ат чабышы башталат,

-Азыр аттар айдалат...

-Ат башкаруучу ортого чыга келди.

-Эй, аба-аксакал, ага-тууган, кадырлуу коноктор! Байгеге тандалган жүз күлүк чабыла турган болду. Он бешине соорун бар. Баш байгеге беш жүз кыл куйрук. Бир боз үй!

-Оо-у! дешти тургандар чуулдап, таңданыша.

-Андан соңкуга төрт жүз элик!

-Оо, деген үндөр дагы  көтөрүлдү.

-Андан кийинкиге төрт жүз! Жалпысынан миң жылкы, беш жүз мал, беш миң жандык. Тогуз куш, тогуз булгун, тогуз сүлөөсүн, тогуз суусар, тогуз карышкыр,  дагы ар кылынан тогуздан. Кимде собол болсо айткыла! Байге туура коюлдубу?

Тилеке үн катты.

-Той башы, бийлериңе биздин сөздү айт. Ушунча алыскы–жуукту чакырыптыр. Күлүк таптагандар кур кетпесин элүүсүнө байге берилсин. Калгандарынын да мээнети акталсын.

-Туура сөз.

-Акыйкат.

-Элүүсүнө соорун берилсин!

Көпчүлүк аны коштой чуулдашты.

Той башы  жанындагы бийлери менен кобураша түшүп, башын ийкегиледи.

-Сиз айткан талап аткарылат. Калган отуз беш атка  да соорун бериле турган болду деди.

- Көпчүлүк, оо туугандар! Угуп алгыла! Күлүктөр түнөтүп чабылат. Жолдо тоскон, ат сүрөгөн айыпка жыгылат. Баттага келип, байгеде озгон күлүктөрдүн биринчисин Дербиш бий, экинчи атты Шерке мырза, Үчүнчү атты Мөнкө баатыр, калгандарын ар бир уруу башчылары кармайт. Күлүктөр Оро-Дөбөдөн кое берилип, Түз-Белден кармалат.

-Ооу, көп ат жинигип өлөт го?

-Соорунду актап алсын дешкен го?

-Кыпчактар оңойлук менен жан бербейт.

-Аттын аты алат. Мына, күлүктүн күлүгү эми сыналат.

Ашка келгендердин ар кими өз ойлорун айтып уу-дуу.

Тилекенин жанына Жамгырчы жете келди.

-Аке, тигини караңызчы? - деди күлүктөрдүн сол тарабын көрсөтө. Тээ береги, ооздугун чайнап, мойнун керкейткен атты көрдүңүзбү?

-Четтегиби?

-Жаңы келип кошулду го?

-Ии?

-Ошону, дадил карап, көз салыңызчы?

-Жабуулап коюптур го?

- Ооба. Сууту кандай?

-Көккө бир байлап, кайра кайтарган экен. Жалаң сулуу берип суутуптур. Баракелде, табында экен.

-Сиздин атыңыз кошулдубу?

-Ошондон бери, тору кашканы көрдүңбү?

-Оо кебелбей турат. Сыны да бар экен.

- Кайда жүрбөгүн ошондон көзүңдү алба. Учуру келип калса, жанаша жүрүшкө аракет кыл. Сен айткан жабуу жабылган үчөө жол жарымга келгенде бөлүнөт. Ал эми "жаман кара" аларга жеткирбей келет. Чыныгы күлүк экен. Саяпкери жаңылып, суутуп жатканда кубатын кетирип алган экен. Болбосо баш байгени эч кимге бермек эмес экен.

-Чыныгы күлүктөр кайсылар?

-Күрөң кашканы көрдүңбү? Аркы арча тору, чабдар, тору кашка чабдар, мала күрөң, көк ала. Атаңын көрү, пай- пай. Аттар куп эле тапталган экен. Атаандашуу зор болот. Тим эле элейт. Азамат. Саяпкерлери келишкен экен. Эл бар – журт бар. Күлүк башын билгендер арбын экен Камбар ата тукумунун, касиети улук. Куштай уччуу жылкылар тура. Бар эми! Менин чабандесиме көз сала жүр! Жаныңа алып, бирге келүүгө аракеттен- деп, Тилеке Жамгырчынын жонунан таптады.

Ажыбек жети уулун кенжеси. Эркелигиби, же өтө эле кызыктарбы, аш-той, чоң маркелерге чакырылганда атасын ээрчип, теги эле калбайт. Тилеке да тентегинин ат оюндарына кызыктар экенин билип, ээрчите жүрөт Бүгүнкү ашка да атасы менен бирге келген. Ал аштын кабарын уккандан баштап, каны кызып, делөөрүп калган.

-Ата күлүктү мен чабайын?

-Ат чабыш өтө опурталдуу. Ары оор иш. Чыдай аласыңбы?

-Чыдайбай эмне

-Күлүктөрү түнөтүп кое беришет.

-Эмне экен. Бир-эки түнгө уктабай коем.

-Мени шылдыңга калтырбайсыңбы?

-Эмнеге?

-Күлүктөн жыгылып калсаң, же аркада калсаң, «тигил Тилекенин уулу» дешсе, баарыбызга сыймык болбойбу.

-Күлүктүн чыгаарын кайдан билдиң?

-Сиз күлүктү байге алат-деп таптабадыңбы?

Биз күлүк экөөбүз ишеничиңизди актап, намыс талашабыз.

Уулунун эки сүйлөбөстүгүн, бири карак чапсаң экенин билген ата, макул болгон эле.

Чабандестик өнөр, ар кимдин эле колунан келе бербейт. Шамдагайлыкты жана өтө баамчылдыкты талап кылат. «Шашкалактык шайтандын иши» демекчи, сабырдуу, токтоолук ийгиликке өбөлгө. Чыдамкай болбосо, эч ким ага жарабайт. Астындагы аттын кыялын билип, көңүлүн тапса, ал жанын аябайт. Алыска айдалган күлүктөргө жука токум, жылаңач ээр токулуп, куюшкан, көмөлдүрүктөрү, ал тургай үзөнгүлөр да алынып коюлат. Ашыкча салмак болуусу тийиш эмес. Алыс жолдо, ат үстүндөгү чабандестин бүткөн бою жанчылып, как ээрде такылдап келгиче көчүгү, жука чурайы эзилип, эки-үч күнгө чейин ордунан тура албай калат.

Айдалган аттар түн ортолоп калганда, мерчемдүү жайга жетишти. Ат айдоочу өтө эле катаал. Өз билгенин аткарган, ызырынган адам экен. Анча –мынча тил албаганын камчынын көгүнө ала опузалай, шилтеп жиберген учуру да болду. Анын талабы туура эле. Болбосо, ар ким билгенин кылса байгенин эрежеси бузулуп, чыр чыгары да бышык. Ат айдоочунун айтуусу менен бардыгы аттарын каңтара байлашып, убактылуу эс алганга кыңкайышты. Узак жолдо ат үстүндө келип, бүткөн бойлору жанчыла эзилген балдар уктап,кээлери улам чочуп ойгонуп кээлери эми гана көзү илинээрде таң дык салып, ат айдоочунун үнү менен жабыла козголушту. Кээлери жеңилдеп, аттарынын басмайылдарын бышыктап тарткычакты болбой, эч кимдин тилин албаган кежир, ат айдоочу аларды сөгүп–сөздөп катарга тизе баштады. Ат чапкан чабандестердин айрымдарынын ымтыраган, боштугун көрүп ачуусу келип, сөгүнө кулачын жайып кол шилтей "Оомийн!"- деди.

Таң дык салып, намашам өтүп өтпөй, кээлери туруп үлгүрө электе, топ аттын туягынын дүпүрөгүнөн улам, баягы жер чаң - тополоңго түштү. Күч-кубаттуу күлүктөрдүн туягынан даңкан ыргып, боз талаанын үстү чаңга батты. Шамалдай атырылган аргымактар үстүндөгү ээсине моюн бербей, биринен-бири өтө жер чапчыйт. Таңкы жел кулакка ышкырып, каңтарыла туруп, денеси чыйрыккан

күлүктөр буту-колдорун кенен жайышып, топ-топ боло бөлүнүшө албай чогуу келе жатышты. Жер жарып, күндүн мурду жерге тегиз тийе баштаганда, эртеден бери топтошкон күлүктөрдүн карааны чачылгандай бириндеп, бири-бирин кубалаша жер сабап, учуп–күйөт.

Түн кубалап, таң тосуп, күндүн нуру менен жарышып, октой учуп, куштай сызып, суудай агылып, селдей чамынып бара жаткан аргымактарда, бирдей ыргак, бирдей темп бар эле. Аркардай көзүн жайнатып, жез туяктарын ташка кайратып, барабандын ыргагындай, комуздун кылдарындай учуп- күйүп бара жатты. Көп туяк жерге не тиет, не тийбейт. Жал куйрук желге сапырылып, жебе болуп атылып, желек болуп чачылып, кыйла жерди бир аттап, кыяндай каптап бара жатты.

Кыргызда ат кадыры өзгөчө бааланган. Түн уйкусу канбай, күн тыным албай атты. «Өзүм ачка калсам да, атым тойсун» деп, жыл бою тапканын атына арнаган. Эгин эгип, тоют камдап жайын жайлай, кышын кыштай атына кам көргөн. «Аты жоктун буту жок», «Акыр заман, аттан ажыраган жерде» деп бүт жашоосун, бир сөз менен айтып коюшу кыргыздын атка болгон ишенимин айкындап турат. Атка, не деген гана керемет сөздү арнашып, ырга кошкон. Жомок кылып жобурап, баян кыла кобурап ат кыялын, күлүк сынын айтуудан жадашпаган.

Куштардын чуулдагындай, шамалдын шуулдагындай, ачып көздү жумгуча, акыл калчап тургуча, бир көрүнбөй, бир көрүнүп учкан жылдыз болуп кең мейкиндикке төнүп. Жер тырмап кемирип, желдей болуп жээлигип, күндөй төгүлүп, жеңиш деп элирип, өпкөсүн көптүрүп, жанын таштай, өзүн-өзү сабап, күлүктөр намыска баш коюшкан. Көк мелжиген заңкайган тоо, көк тиреген зоо, көк көл, көйкөлгөн талаа, көз жетпеген кең аймак күлүктөр менен тең жарышып бараткандай. Арча, кайың, тал-терек, колун булгайт өнтөлөп, өзөн суулар тык токтоп, жашыл аймак мелтирейт. Куу-куулаган ызы-чуу, көтөрүлөт ысык буу, дыбыраган мөндүрдөй добуш чыгат кызыктуу.

Күндүн нуру жерге тегиз тийип, тап өтө баштаган учурда сууту канган күлүктөрдүн эти кызып, денелеринен тап чыга баштады. Аңда жыгылбай, таштак жерде тайгылбай, суу кезиксе төгүлбөй, биринен бири бөлүнбөй, качкан аруунун уюгундай болгон, топ күлүктүн карааны карап тургандарды суктандыра өтүп баратты.

Тулпар туягынан учкан даңкан сапырылып, кийинкилердин бети-баштарына тийгенинен улам, чаңдан качкан чабандестер жандай чаап, кең аймакка келгенде чачыла кетип, кууш сайга келгенде бириге түшүп, октолгон ок жыландай окторулуп, кыян жулган дарактай омкорулуп, ажыдаардай алкынып, алп кара куштай жулкунуп, өтүп баратты. Күн чак түш болгондо күлүктөр топ-топ боло, бөлүнө баштады. Дармандуулары даңкан учуруп алдыга чыкты. Дарманы куруганы артта калып, чаңда буукту.

Жамгырчы абайлап, айланасын караса Тилеке мырзанын тору кашкасы оң тарабында. Таанылбайт. Түсү өзгөрүлүптүр. Үстүндөгү бийдин баласынын кийиминен боолголоду. Тулпар күүсүндө. Ээр каштагы эки ором, али бошотула элек экен. Сол тарабын караса моюнундагы чаары билинип-билинбей ойкуштай, көзү кызара арышын керген көзгө тааныш, сүйкүм көрүнгөн баягы күлүк. Алдындагы тулпардын соорусун сылап, жалын жамынып ээр кашка өбөктөдү. Андан чай кайнам убакыт өткөн соң, баягы топ -топ дагы бөлүнүп алдыга чыга берди. Айрым аттардан тер чыгып, өпкө кага күшүлдөп дем алганы даана угулат. Кээлери, жаңы эле келип кошулгандай, баягы темпинен жазбай элирип чуркап келет.

Саяпкердин табына, жем-оттун күчүнө бышкан тулпарлар али бери чаалыккыдай эмес. Жерчилдик кылдыбы, же өңгүл-дөңгүлдү көп басып көнүккөндүктөнбү, жалаң тоонун күлүктөрү тандагандай бир сапта бөлүнө баштаптыр. Жамгырчы дагы адатынча оң тарабын караса, баягы тору кашкачан чабандес көзүнө чалдыкпагандан, өпкөсү опколжуй жака-белин акмалай, издей баштады. Кылак эте алдыда көрүнө калганда сүйүнө кетти. Заматта чаар ээсине келип, кунт коюп, аңдый тиктеди. Тору кашка менен жанаша экен. Алдындагынын тизгинин бир аз бошото койсо, аларга куйрук улаш жете келип, ортолоруна кыпчыла түштү. Учурду пайдаланууну

эңсешкен экөө тең, али ээр каштагы тизгиндин оромдорун бошотушбаптыр. Эки чабандес тең жанаша калган атчанды жалт тиктешкенде, «оромду бошоткула» деп, белги бергенче, өзү да тизгинди бошото берди.

Ошол кезде Жамгырчынын эсине баягы "жаман кара" түшө калды. Мойнун созо берип, катарлаш баратканын көрүп, жым дей түштү. Тилеке мырза жаңылбаптыр. "Жаман кара" али күчүнөн тайыгыдай эмес. Өзүнө ишенген ыргак менен башын жерге сала сызып баратыптыр.

Күн кыңгая оой бергенде, ак баш тоолордун чокулары айкын көрүнө баштады. Баягы көп топтон үзүлө, өзүнчө бөлүнгөн эки топтогу тулпарлар маараны жакын калганын сезиштиби, эми чындап жер сабап, жандарын үрөштү. Жамгырчы жака–белине, алды-артына сарасеп салып келе жаткан. Бир караса алдыда үч аргымак. Ага куйрук улаш беш аргымак. Ага аралаша топ аргымак баратканын байкап, күлүгүнө күч бере теминип койду. Жете бергенде баягы жаман кара, тору кашка, чөөкар бир катарда баратканын көрүп сүйүнө кетти. Көзүнөн жаш чыкканын өзү да байкабай калды. Неге дегенде ылым санаганы Тилеке бий. Анын тору кашкасы чыгары ишеничтүү. "Жаман карага" Тилекенин назары түштү. Ылайым эле Тезек уурунун - келекелешинен кудай алыс кылсын. Ал эми чөөкар азыр бөтөн болсо да, өзүнүн колунан чыгып, боор эти менен барабар болгон мал. Мына бүгүн, ушу менен тагдыр чечилет. Тиреги, ишенгени бир Тилеке. Ал жеңсе жеңиш. Кокус далили так болбой, бийлер ооп кете турган болсо, өмүр бою, жакыр кул атыгып, урпактарына чейин бирөөлөргө кор болоору шексиз.

-Мейли, аны тагдырымдан көрдүм. Бир тилегим ушул үч тулпар ылайым мөрөйгө жетсин. Булардын ийгилиги менин кубанычым. Тилеке мырза турганда, менин тагдырым чечилээр. Жерде калбасмын. Ошол үчүн кудай ал кишиге жолуктуруп, пикирдеш кылып турабы.

-О, кудай! Жетим элем жетилдим. Эчен азап тарттым. Турмуштун ысык-суугун көрүп, бекилдим. Эми эл катарына

кошуларымда кур дооматтан, курулай доктон сактай көр? Ак мээнетим, маңдай терим менен оокат кылып, балдарымды багайын? деп, заматта санаага түшкөн кыжалатчылыгын, жан-жака белдеги элдин сүрөөнү алаксытты. Караса, маарага жакындап, бирин-экин утурлап чыккандарга илеше келип калышыптыр.

Алдыга көз чаптырды. Баягы тең тайлашкан үчөө бириндеп, тору кашка алдыда, куйрук улам чаар, андан үзүлбөгөн. "жаман кара". Эми буларга ат жетпес. Каны бетине тээп, кубанычы койнуна батпайт. Кыйкырып, куу-куу дегенче, атын өлөр-тирилерине карабай катуу-катуу теминди. Кубаты кете баштаган күлүгү ээсинин үнүнөн селт эте, башын жерге салып, чамынды.

Көпчүлүктүн кыйкырыгынан кулак тунат. Башы чуулдап, көзүнө эч нерсе көрүнбөйт. Бир караса атын бирөө тизгиндеп ала жетелеп жүрүптүр.

-Эй жакшылар! Мына үчүнчү болуп эки аргымак катар келди! Көрүп алгыла. Таанып алгыла!

-Болсун, болсун! -Азамат, ата уулу.

-Саяпкери да өзү экен -Ысымы ким?

-Жамгырчы.

-Үчүнчү келди Жамгырчы,
Мактагыла сан ырчы,
Ат таптаган өзүдүр,
Саяпкер болот таанылчу,
Кедейдин колу март келет,
Суратпай соорун шарт берет
Таанытыла жетимди,
Атадан калган бир белек.

Топтошкон жерде ырчылар үн безеп, күлүктөрдү, күлүк таптаган саяпкерди, ат ээлерин, уруу бийлерин мактап, белектерин алып жатышты.

Карылыгынан кулактары укпай, көздөрү алысты көрбөй калган ак сакалдар көк чөптүн үстүндө жамбаштай жатып алышып, ар кимден кеп сурашат.

-Баш байгени кайсы ат алды?

-Тору кашка.

-Тору кашка эмес эле, сүлүктөй, кара кашка экен го?

-Тердегенге ошондой көрүнүп калганы.

-Кайдан экен?

-Адигине балдарыныкы.

-Ким дегендин аты экен?

-Тилеке мырза дейт.

-Кайсы Тилеке?

-Баргылардан экен

-Аа  Бөкөй бийдин небереси Тилеке тура.

-Атты чапкан кандай бала болду экен?

-Тилеке мырзанын кенжеси дешти

-Ысмы ким болду экен?

-Ажыбек. Ажыбек деп жатышат.

-Экинчи болуп, кайсы ат белгиленди?

-Чаар ат.

-Каерден экен?

-Чеки байга досу тартуулаган ат дешти.

-А уккам-уккам.

-Үчүнчүнү ким алды?

-Кош ат бир келиптир.

-Кимдердики экен?

-Бириси баягы Жамгырчы жетимдики экен. Чеки бай таптасын деген ат экен.

-Бирисичи?

-Наймандардагы баягы "жаман карасы"

-"Жаман кара" арый элек. Анын тапчысы гана келишпей жүрдү эле.Быйыл бир бактысы ачылып, саяпкерлердин колуна тийген экен да?

-Саяпкерине тийсе баш келбейт беле?

-Ээ, балдар! Тулпар тушунда дейт. "Жаман каранын" тилин билип, табына келтирет деген эки тапчы тең, айнытып алган. Же айып ээсиндеби, жаман каранын бактысы ачылбай келет.

-Кыйыңдан да кыйын чыгат. Жылкынын сырын бир эле наймандар эле билет дейсиңби.

-Бу баргы балдарынын атынын саяпкери ким болду экен?

-Тилеке мырза, өзү таптайт дешет.

-Чабандести да, Тилекенин кенжеси дешет

-Мына, ооматы келишкендин өзүнөн чыгат. Мырза баргылар ар өнөрдөн бар.

-Буларды, "хан баргы" деп да, коюшабы?

-Ооба, мезгилинде ата конушу Ошту турактап, жер иштетишип чарба күтүшүп, ары-бери өткөн соодагерлерди кербенин күзөтүп, алыскы жуук менен алаканы илгертен эле бышыкташкан. Адигиненин туусун көтөрүшүп, аскер курашты. Катылгандын катыгын беришип, ар өлкөдөн келген кербендер аркылууар өлкө башчылары менен таанышышып аттары алыс кеткен. Уюткулуу журт Баргы–хан болбосо да, хандай абийир күтөнү ырас.

-Алардын кармангани ынтымак. Мырза, бий чыкмалары көп, баары бир баш. Бая Бакал баатыры кабыланды тирүүлөй кармап, калмактар менен кармашып, Анжиан аймагын башын бириктирди беле?

-Ооба, ооба. Тилеке да абасынын ордун басып, уруу намысына тик турат –деп, угуп жүрөбүз.

-Айткандай, чаар ала, кай жердин жылкысынан экен?

-Турган турпаты, баскан-жүргөнү өзүбүздүн эле "кара байыр" кыргыз тукумунан көрүнөт. Жакынкы ортодо мындай чаар ала тукумун көрмөк тургай, уккан эмесмин.

-Чеке бийдин колуна келиптир, кимге таптатаар экен?

-Аргымак болсо, тапчы табылат.

-Аныӊ ырас. Ата баккыча, акыл бак дейт эмеспи. Эл Жамгырчы баланы баамчыл деп калышат.

-Болсун, болсун.

-Ашка келгендер байгедеги күлүктөрдүн ар бирин сурап, ким таптаганынан бери даңаза кылып жатты. Айрыкча Тилекенин тору кашкасына суктангандар көп эле. Казак-тажиктерден келген

тапчылар, бийлер ар кимден айттырып, Тилекеге тулпарларын сынатуунун аракетинде болушту.

Жамгырчынын оюнан, басса-турса да чаар күлүк чыкпай койду. Этинен эми тер чыга, өпкөсүн солбуп турган экен. Көздөрү жайнап, оозун чоң ачып, мойнун созо ортодо туруптур. Көпчүлүктү аралай ары басты, бери басты. Чаар күлүктү алды артынан, туурасынан карады. Кадимки эле өзүнүн кунан чыкмасы. Жашы быйыл бир асыйдан ашып баратат. Көзүнө жылуу учурап, эч алыстап кете албай койду. Бир маалда Чеки бийдин ат багары чаар күлүктү каңтарып, тизгин үчүн ээр кашка орой, үзөнгүнү арта салды. Күлүк чаардын колтугундагы баягы кулун кезиндеги белгиси көрүнөбү деп, көп арасынан шыкалай, көз жиберип жатып, чаар күлүктүн көзү өзүнө тигилип турганын көрдү. ″Өзү-өзү″ деп айтып жибергенин өзү да билбей калды. Чаар күлүк бала кезден берки ээсин көрүп окурана, кулагын кыймылдатты.

Жамгырчынын жүрөгү канап көңүлү чыдабай кетти. Шап жетип барып, чаар күлүктүн моюнунан кучактады. Ал дагы ээсин эсинен чыгарбаганбы, мойнун кейкейтип, ээсинин тааныш жытын искей жыттап, тумшугун анын мойнуна артты.

-Тарт! Атаңдын оозу урайын жетим. Атка жакындаба! деп, аны көргөн Чекир бай жаны чыккандай чаңырып жиберди.

Күү-шаа болуп биринен бири кеп талаша, күлүк жайын айтып жаткандар, эмне балекет болгонун билишпей элейишти.

-Элге тең кылып, ат берип койсо, адамсынып, бул жерге келгенин көр. Жогол бул жерден! Бар, тигил атты кара!-деп бай күүлөндү.

-Бай аке! Мына, мына бул, менин атым.

-Аттан айлан! Атаңдын оозун урайын кул! Кайдагы сенин атың?

Жамгырчы ушунча элдин алдында кул деп, кемсинтип жатканына арданды. Ызаалана.

-Бай, кордобо мени, качан кул элем?

-Кул болгонуң качан? Аны билбей калдың? Жетесиз ит! Менин жылкымды уурдап, көзүн тазалап, жок кылган сен эмес белең! Дагы буга боор ачып ат берип, адам кылсам. Мунун айтканын көр. Акмак!

«Кул кутурса төбөгө чыгат» деп, кутурганын бул жетимдин. Ат меники деп коет. Кандай сеники болуп калат?!

-Бай абайлап сүйлөңүз. Уурунун башы сиз! Мына, ак мээнетим, өзүмдүн маалымды таап олтурам.

Бай шылдыңдап, калп каткырды.

-Ха-ха-ха! Мен ууру имишмин "Ак мээнетим, өзүмдүн маалымды таптым" деп келжиреген акмак.

-Ой, эл -журт! Айткылачы? Ушунча малым, дүнүйөм туруп, дүңгүрөтүп аш берип, албан-албан элди чакырып олтурган мен, ууру болуп калат имишмин. О, бети жок! Ушунча элди сыйлап турам. Бул сөзүң үчүн жазаңды берип, мууздап салмакмын. Алып кеткиле, муну!

Байдын жигиттери  Жамгырчыны дегдеңдете сүйрөп жөнөдү.

-Эл, айланайын калайык! Күлүк чаар меники. Акыйкатты айткыла! Күбө болуп бергиле? деп Жамгырчы жулуна элге кайрылды.

-Элден айлан, келесо! Тамтыратпай оозун жап кылгыла !-деди бай.

-Эки жигит эки тарабынан колун кайрып, сүйрөп жөнөөрүндө, Жамгырчы катуу силкине колдорун бошото калды.

-Кармагыла! Атаңдын оозун урайын, ашкебилер! Бай кайра чаңырды.

Жамгырчынын жаны ачышып, өзүнө жакындаган жигитти көмөлөтө койду. Экинчиси асылганда, аны да серпип ыргытты. Жыгылып турган жигиттер кайрадан асылып, экөөлөп улам чарпып, колу-буттарын кайрый, капшыра кармаганына моюн бербегендиктен, байдын тuугандарынан экөө келип көптөп кетишти.

Топтун карааны улам көбөйүп, эмне болуп жатканын билишке кызыккандар толуп кетти.

Эсине Жамгырчы түшө калган Тилеке чогулгандардын катарына келип, төрт жигит төрт тарабынан уйпалап, тепкинин алдында калган Жамгырчыны көрө калды.

-Токтоткула! деп ат үстүндө жүткүнө теминди Тилеке

Буйра сүйлөгөн үндү угушкан көпчүлүк жана Жамгырчыны көптөп жаткандар аңкая тиктешти.

-Аны эмне сабап жатасыңар? Кое бергиле!

Беркилер, Чеки бийге суроолу тигилишти.

-Мырза, бул жигит өзүбүздүн балдар болот. Бир аз тентектик кылып койгон экен.

Баарын байкап турган Калча бий наараазы болгондой үн катты.

-Бай, өзүңүздүн ашта, өзүңүз чыр кыласызбы? Ушунча элди көзгө илбей, уят эмеспи?

-Зап айттыңыз. Ушунча элди көзгө илбеген тентекти алып барып, бир жерге байлап койгула. Кадырлуу конокторду жайгаштырган соң, сүйлөшөбүз деп бай, жигиттерине баш серпиди.

-Бай жалган айтат, мырза. Мен тентектик кылган жокмун. Өз атымды таанып турам.

-Ой акмак, ит! Намысты билбеген арам сийдик. Байдын бетин булгап, шерменде кылайын деген экенсиң да. Уруубузду сөзгө калтырайын дедиңби деп, баятан бери кайда жүргөнү белгисиз, Тезек жете келип, Жамгырчыны камчы менен сабай кетти.

Эки колу бышык кармалып турган Жамгырчынын бетине камчынын көгү тийип, кан жая берди.

-Чаппа! Касам кор ууру! Бай экөөңдүн арамдыгыңардан атым уурдалган. Мына ал, таанып турам.

-Таанысаң сеники, ал! деди, Чеки бий берки тараптан кыйкыра.

-Эй, Тезек. Тиги жигитти эмнеге сабап жатасың! Колун бошоткула! Догуңар болсо, алыш-беришиңер болсо, ачык сүйлөшөлү. Мына, эл калыс–Тилеке ортого чыга кыйкырды.

Мырза, тек коюңуз? Өзүбүздүн ишти өзүбүз териштирели? Кана, көпчүлүк тарайлы! Коноктарду өз-өз ордуна алып баргыла!-деп, Чеки бай аттын башын бура, темине берди.

-Токтоңуз бай. Ушунчабыз туруп, бул ишти чечпей кетсек осол болот. Тигил бала айтсын. Калыстык кылалы-деди Калча бий көптүн көңүлүн өзүнө буруп.

-Туура! Туура!

Тургандар жабыла кубаттай кетишти.

-Биз, сиздерден кечирим сурайбыз? Тентектерди өзүбүз тескейли? Кана меймандар жүрүңүздөр?-деди той башкаруучу.

-Бирөөнүн ишине, булар кийлигишпей эле койсун-деди Тезек ууру тескери карап, кобурай.

-Жок, көпчүлүк. Азыр чечип бергиле? Кийин кеч болуп калат. Чаар күлүк менин атым.

-Бай, буга эмне дейсиз? - деди Тилеке чуулдагандарды токтото.

-Бок жейт. Кайдан бул ат, аныкы болуп калсын. Жан кечти, догурунуп жатат. Жаагын сындырыш керек эле, жетимдин-деп Тезек ууру ызырынды.

-Мына, эл күбө. Бул ат, жаңы алынып келинди. Же башта көргөнүңөр барбы? Айткыла жакшылар! Күлүк чаарды мурда көргөнүңөр барбы?-деди Чеки бий ат үстүндө тура калып.

-Сен айтчы?- деди тебетейди баса кийген бирөөнө.

-Шык

-Сен айтчы?-деди атын жетелеп турганга.

-Шык

-Мына, эл күбө. Кайдан,  аныкы болуп калат? Бул айнып калган. Жин тийди буга. Койгула тарагыла!

-Айланайын көпчүлүк, адашпагыла! Акыйкаттык, кылып күбө болуп бергиле? Бул менин атым. Кулун кезинен багып өстүргөм. Былтыр ууруга алдырдым эле.

-Эй бала! Ат чын сеникиби?- деди Тилеке.

-Ооба. Чын. Меники болбосо талашпайт элем.

-Ыраң башын, белгиңди таанып турасыбы?

-Таанылдым.

-Атынын түсүн айтсынчы? деди Чеки бай элге угуза.

-Бай, сен Жамгырчы. Бери, мына бул жерге келгиле?

Экөө тең ортолукка басып келишти. Жамгырчынын айрылган бетинен улам кан агып жатты. Ал куру менен улам-улам аарчып коңт. Бай аны карап мыскылдагандай күлүп турду.

-Кана, бай сенден «Атынын түсүн айтсын?»-деди. Уктуңбу?

-Уктум. Түсү буурул эле.

-Чылк буурул беле?-деди бай тактай.

-Чылк буурул. Аны өзүңүз да билесиз бай аке.

-Мына. Бул кеңкелес, чаарды меники деп жатпайбы. Кайдан анан, мунуку болуп калат? Ай-ай бала. Куулугуңду кой. Жылкымы уурдадың төлөтпөдүм. Кой, жөө жүрбөсүн деп, күлүк атымды бердим. Дагы эмне кылайын? Жакшылыкты билбей, менен дагы ат талашат. Менен башка болгондо барбы? Эки бутуңдан асып, колкоңду кошо сууруп алмак.

Анын кебин угуп, Жамгырчынын башка түстү айтып жатканына таң калышкан көпчүлүк баш чайкашты.

-Баланы жин даарыган. Айныганы көрүнүп турат. Дөөдүрөп жатпайбы

-Чеки байга ырахмат. Ушу жиндиге чыдаган.

-Башка бирөө болсо, муну эчак эле жазаламак.

-Жазаламак тургай, өлтүрүп коймок.

-Бу жигит бир нерсени билип айттыбы? Же кур доомат коюп жатабы? деди Тилеке тургандарга кайрыла.

-Байдыкы туура. Жигит жалган айтат.

-Аттын ыраң башы көзгө көрүнүп турбайбы?

-Таң, ай! Ичи бузуктун колунан бир балээ келет-деди сакалы куудай болгон карыя.

-Бу алжыган акмак. Эмне деп дөөрүп жатат?- деди Тезек опурула.

-Менин жашыма барганда сен, алжымак тургай ажиналап каласың, ит! деди аксакал ага.

-Сага эмне жок. Үйүңдө отурбайсыңбы, калжаңдабай.

Үйдө отургандай мен ууру белем элден качып, арам тамак ит – деди, абышка ачуусу келип.

-Кой, койгула!

-Аксакал теңелбеңиз. Ал ошондой акмак-дешти карыянын жанында тургандар.

Мөрөй Чеки байдыкы болоорун түспөлдөгөн той башы, аларды тыя сүйлөдү.

-Тек! Кепти бузбагыла. Тынч тургула!

-Бай чаар күлүк  сиздики. Бул жигит эмнеге талашып жатат? Атынын ээн белгисин айтсын туура келээр бекен? Эгер баары төп келсе эмне дээр элеңиз.

-Эгер баары төп келсе мен талашпайм. Мен касам кордук кыла албайм. Кыянаттык кылыш күнөө. Айтсын!

-Кана, Жамгырчы? Сен айтчы, кандай белгиң бар? Сага ким күбө боло алат? Эгер далилдей албасаң эмне дейсиң?

-Далилдей албасам атты талашпайм. Ал тургай тигил атымдын соорунун кошуп берем. Эгер далилим так чыгып калса, мына калайык- калк күбө, атты ушул жерден,  минип кетем.

-Огоо! Катуу кетти. Далилдей алат бекен?

-Айныган баланын сөзүнө ишенбегиле? деди Тезек

-Туугандар! Мына бул экөөнүн сөзүнө күбө болдук. Кимиси жеңсе адилет. Жеңгенге мөрөй, жеңилген экинчи талашпайт. Маакулсуңарбы?

-Маакул. Ошондой болсун.

-Кана, ат талашкан сен айт. Элден эмне деп суранасың?

-Айланайын көпчүлүк. Менин силерден биринчи суранаарым. Атты бош коң бергиле? Мага келбесе талашпайм. Бул биринчиси, экинчиси той башы менен бай өзү күбө болсун! Белгисин айтпайын. Бөжөк абам калыс. Айтсын, Төп келбесе мен талашпайм. Эгер төп келсе менин карызымды кечип, башымды бошотсун?!

Тургандардын баары тымтырс боло тиктеп турушту.

Баятан бери чаар күлүктүн чылбырынан кармап турган жигит, Тилекенин жаңсоосу менен бошотуп, өзү чыга берди.Ат көпчүлүккө көңүл бурбай, алыскы ак карлуу тоону кыдырата карап, башын силкип койду.

Жамгырчы топтон бөлүнө, бир эки кадам алдыга чыгып, күлүктүн көңүлүн өзүнө бурду.

-Эй, акмагым. Кел, келегой? деп эркелете, үнү эрэркей өзүнө чакырды. Ат тыңшагандай болуп, мойнун бурду.

-Акмагым кел? Сагындырып кайда жүрөсүң? Кел, келегой?

Ат бир карап, окуранды.

-Акмагым! Карааныңа зар болдум го? Сагындыңбы мени?

Ат каңтарылып турса да, башын ийкегилей, ооздугун шылдырата акырын кадам таштады.

-Эй, карасаң келе жатат. Бул жигит сыйкырчы окшойт.Тек тургулачы, кобурабай!

Сүйлөгөндөрдү тыйган көпчүлүк, дем чыгарбай баары атты тиктешти.

-Айланып кетейин, камыш кулагым. Жонуңду кашып минчү элем, жалыңды тарап жүрчү элем. Эрмегим элең, шеригим элең. Канатым элең. Жоготуп келип шалдайдым. Кудайга жетти арманым? Кел, досум кел? Келе көр? деп коңур үнү менен Жамгырчы атына жалынып жалбара эркелеткенче, көздөрүнүн куюлган жашын аарчууга чамасы келбей, өпкөсү көөп, соолуктап турду.

Ээсин тааныган ат, акырын келип, анын мүрүсүнө ээгин кое улутунду. Күлүктүн соорусун, жалын сылай жигит, көзүнөн маңдайынан, таноосунан өпкүлөй эркелете берди. Ат да көзүн ирмегенде жаш куюлду. Эзелки ээсинин тааныш жытын искеп, улам-улам окурана колтугуна, желкесине тумшугун сүрө эркелеп турду.

-Эй тааныды.Ырас. Ушунуку экен.

-Бекерден талашпаптыр. Түсүчү, түсү?

Ким билет.Тек тургула!

-Колдон жем жеген ат, кимге болсун келе берет, деди Тезек көпчүлүккө угуза.

-Бул сөздү уккан Жамгырчы Тезекке кайрылды.

-Сөзүң чын болсо, чакыр. Сага барар бекен?- деди Жамгырчы.

-Кана чакырчы – деди Тилеке аны колдой.

-Тезек алдыга чыга чаар күлүктү өзүнө чакырды.

Мо-мо? Кырый,  кырый, мо-мо?

Ат ага көңүл да буруп койбоду.

Тезек келип атты өзүнө булка тартты. "Чаар күлүк" ага ачуусу келе, башын силкип ордунан жылып да койбоду.

-Бөжөк аксакал барбы?

-Бар,Таягына өбөктөгөн, сакалы куудай болгон карынын карааны көрүндү.

-Бул жакка келип айтыңызчы. Жамгырчынын атында кандай белгилер бар эле?

-Мен жаңылбасам жука чурайында эки элидей түк чыкпаган такыр жери бар. Себеби, кулун кезинде чалынып, чөңөр кирген эле. Ал жери жара болуп жүрүп, кийин түк чыкпай калган болчу.

-Аксакал, сиз калыссыз. Караңызчы ырас бекен? деди Тилеке ортодо турган аксакалга кайрылып.

Ал келип, эңкейе аттын жука чурайын тиктегенче үн салды.

-Такыр жери кай тарапта?

-Сол жаккы, сан тарабында-деди Бөжөк карыя көзүн жумган боюнча.

-Туура. Мына бул жеринде, көрүнүп турат-деди аксакал.

-Бөжөк аксакал экинчи белгини айтыңызчы?

-Туугандар, бул аттын жашын билбейм. Бирок, Жамгырчынын атынын жашы бир асыйга толду деди Бөжөк карыя таягына өбөктөй.

-Жашын кантип билет?-деди тургандардан бирөөсү.

-Тишинен билишет. Оозун ачып карагыла! – деди Тилеке.

Баягы аксакал келип, ооздугун чайнап турган аттын оозун ачып, карап

-Асыйына айланыптыр деди.

Жамгырчынын белгилери, туура келдиби, көпчүлүк? деп Тилеке кыйкырды.

-Туура

-Айныксыз туура! деди көпчүлүк кубаттай

-Ат сеники, Жамгырчы. Карма тизгинди! деди Тилеке.

-Бүтүм калыс чыгарылды.

-Адилет бүтүм болду, - деди көпчүлүк.

Эй, мырза! Калыстык кылдым деп турасыз. Түсүнө, эмне деп жооп бересиз?- деди Чеки бийдин жандоочусу.

-Түсүн мына, Тезектен сурагыла деп, бурулуп карай, Тезекти да, Чеки байда да ордунан таппай калды.

-Уурулар, абат болобу. Көз боеп, атты тердетип алып барып, кайнак суудагы арканды аттын денесине атайлап орогон. Ысык сууга жыдыган аттын терисине кийин ак түк чыккан. Бир жылдан бери, изи сууган атка, башка түс берип, бүгүнкү ашка чаап, соорун алмак болгон деди Тилеке. Көпчүлүккө ачык түшүндүрүп.

-Ой, акмак

-Уурунун кылбаганы жок.

-Атайлап, боңмолоп иш жашырмак болгон тура.

-Чеки бай өзү да, ууру тура.

-Ууру болбой өлсүн. Ушунча малы, ашып-ташкан дүнүйөсү туруп, пас ишке барганын кара.

-Булардын жүргөнү арам.

Ашка келгендер күжүлдөшө Чеки бий менен Тезек ууруну сөгүп жатышты.

-Ырахмат аке! Сиз болбосоңуз ат колго тиймек эмес. Акмагым, мындан соң, чаар күлүк аталды.

-Ууру атыңа, эшендин чепкенин кийгизип келиптир. “Эшен күлүк» деп атай жүр! деди Тилеке тамашалай.

Арытан Бөжөй аксакал басып келип

-Жетимчем, акталганыңа, ийгилигиңе кулдук кылалы:

-Болсун, болсун.

-Тилеке мырза. Сен айып көрбө? Сени мындан соң бий деп жүрөлү? Бүгүн, чоң иш кылдың. Калкка калыстыгыңды көрсөттүң. Тулпарың баш байге алды. Ооматың келип, соодаң жүрүп турган чагы экен. Ашка чогулган казак, тажик, кыргыз эли бүтүндөй баары күбө болушту. Мындан соң бий даражасына татыктуусуң.

-Бий болуш, али ойдо жок, аба.

-Бий, сендей эле болот. Ылайым адилеттигиңден жазба. Караламан элдин калкасы болуп жүр, иним?

-Ырахмат аба, айтканыңыз келсин.

-Эми, мына муну кийгизип коеоюн. Колдон келген ушул болду. Аз да болсо көптөй көрүп, арзан болсо да, кымбаттай сезип, кийип кой? деп ак калпак, кийгизип ак тон жапты.

-Туура көрсөң, бир масилат.

-Ко-ош, абаке

-Сенин барыңда, ушунча эл күбө болуп турат. Бу иниңе “акталды” ырымын өткөрүп койсок кантет?

-Анын жөнү?...

-Жана Чеки бий, Жамгырчыны “кул” деп сөгүп - сөздөгөнүн элдин баары укту. Ушул жетимче “кул” атыгып кетпесин. Жакшы-жаман бар. Эл көзүнө, журт кулагына ырымын жасап коңлу.

-Маакул

-Балдар, баягыны алып келгиле! деп Бөжөй аксакал, ары жакта турган шериктерине буйра сүйлөдү.

-Кана, Жамгырчы балам. Тилеке бий аркылуу, эл көзүнө дайын болуп, акталып отурасың. Колуңдан алдырган оомадың кайтып келди. Бакыт кушу колуңда. Ак мээнетиң менен тапкан атыңа, аяк артаар алдында, мына буларды кий - деп, балдардын колундагы куржундан ак калпак, ак көйнөк, ак чепкенди алып кийгизгенче жерге булуттай болгон ак кийиз төшөттү.

-Биссмилда рахман иррахим. Кудайым, жигит пири Шаймерден колдосун! Бут кой үзөңгүгө. Ээрге бекем отур. Кул атың жок. Сен акталдың! - тизгинди колдон чыгарба. Ме камчыны колдон түшүрбө.

-Балдар актыкты жайгыла! Тулпарың менен кечип өт! Акталдың! деп, ат тизгинин кармап туруп элге кайрылды. Калайык калк! Жамы келгендер! Баарың күбө. Жамгырчы кул эмес. Жамгырчы мырза! Бүгүн баарыбыздын көзүбүзчө акталдыбы? Айткыла!

-Акталды!

-Акталды!

-Ана, эл билет сени. Эли бар жетим, жетим эмес. Сооруңуң башы-көзүңдөн садага. Элиңе бер. Жарты - жалгызга бер! Жетим-жесирге бер! Тилемчилерге бер. Оми-ин! деп алаканын бетке тартты.

Тургандар дуу эте колдоп кетишти.

-Менин кошумчам болсун! деп, Тилеке бий соорунга тийген боз үйдү Жамгырчыга арнады да кучакташа коштошуп, жолго аттанды.

Ат чабымдай алыс узай бергенде ат дүбүртү чыкты Тилеке "Эшен күлүк" экенин туюп, ат тизгинин тарта, кылчая карады.

- Бий аке, мен сизден ажырай албайт окшойм. Туура көрсөңүз элге той бергенден соң, сизге көчүп барайын?

-Ооба. Мен атайлап айткан жок элем. Өзүң туюпсуң Чеки бай менен Тезек ууру сени жөн коюшпайт. Балалуу-чакалуу болуп, баралыңа келгенде, элине көчүп келээрсиң. Баары сен ойлогондой болсун, деп Тилеке атын теминди.

x x x

Кушчулардын Калча бийи менен Тилеке мырзанын катташы калың эле. Чоң аш-тойлордо калыс сүйлөп, көбүнө кеңеш беришчү. Аталарындай эле алардын балдарыда ынтымак, бирге өсүп, бирге чоңоюшту.

Башаты байыркы замандан чубалган кыргыз не деген гана оомалуу -төкмөлүү мезгилдерге туш келбеди. Далай жолу чабылып, далай жолу чачылды. Бөксөрдү, кайра толду. Үлпүлдөп өчүп, кайра жанды. Учу -кыйыры жок кең аймакты мекендеп, бирде түндүккө сүрүлсө, бирде чыгышка атылды. Бирде батышта чаң сапырса, бирде түштүккө качты. Тагдырдын айынан каардуу да, зардуу да үнү Евразия аймагында бир нече кылымдарды жаңырта, айгайлап келди. Ошол мезгилдер аралыгында эли үчүн күйгөн эчен эрлер, кандуу кармаштын ичинде, тагдыр чечкен айкаштын өзөгүндө болушту. Калпыс иштен алыс, калк ишине калыс,адилет шерлер өттү. Бечарага бел, карыпка жөлөк, алсызга арка камкорлор өттү, оожалып келген жоону оморолоп келген дөөнү беттеп, жалтанбаган азаматтар караңгыда көз, капылетте сөз тапкан акылман -чечендер, эл өнөрүн өөрчүткөн даанышман эл туткалары өттү. Элим деп, күйүп-жанып өзгөчө өмүрүн арнаган эгедерлердин эрдиктери, өтөгөн кызматтары элинде калды.

Өз ичинде өкүм сүрүп, өзгөрмөгө бүгүлүп, байлыкты бактым деп, бийликти тактым деп, жагымпоздугу менен жан сактап, жарды акылы менен өзүн барктап жан бактылар дагы өттү. Ушак айтып, сөз тапкан, уурулугу менен жан баккан, эки элди кагыштырган, жакшыны көрө албаган, чагымчыл чаркештер, кутумчул куу, жан

кечтер дагы өттү. Дүйнөгө түркүк болоор эч ким жок, жаман жакшы баары өттү. Өтпөгөн эч нерсе жок өтүмүш-өтүмүш жаман жакшынын баары уламышка айланды. Жаңыланган эл калды, жамыга тегиз жер калды.

x x x

Тоолуктар кайтканга камданып жатышты. Акбото шыпылдай басып келип, Тилекени ай карасынан кучактай кетти.

-Амансызбы бек? Сизге атайлап келдим

-Мен да, келет деп күткөм.

-Эли журтуңуз, үй бүлөңүз аманбы?

-Өзүң тынчсынбы?

- Мейман болуп кетиңиз. Кеңири отуруп ал –жай сурашалы?

-Жолго камданып жаттык эле.

-Сиздерди үйгө түшүрбөй, кетирбейм. Шылтоо менен келип калыпсыз. Карааныңызды көрүүгө зарбыз.

-Күтүп жүрө бербей, биз тарапка да барбайсыңбы?

-Атайлап барганы жаттым эле. Тобуңуздар менен жүрө бериңиздер? Сиздин келериңизди айтып Калча бийге да кабар бергизейин. Сиздерге оң-солдун билармандары үчүн жай кенен деп, Акбото Тилеке бийди тобу менен аттанып жаткан жеринен алып калды.

Муканбет аталыктын уулу Акбото Коженттин башкаруучусу эле. (Кожент башта Бухара эмирлигине карачу). Ал эр жүрөктүүлүгү, эч нерседен кайра тартпаган өжөрлүгү менен элге таанымал болгон. Шаарды өз алдынча башкарып турган мезгилде, таза суу менен камсыз кылуу максатында мөмө-жемиш эктирип, Козу–Багылан дарыясынан беш–алты арык тарттырып Кожентти жүзүмзарлуу–абад шаарга айландырат. Сыр-Дарыя жээгиндеги эски чепти оңдотуп, сепил куруулуп, эл оозуна алынган. Жаамы Фергана аймагында таанымал инсан эле. Чоң аш-той, жыйындарда Тилекени жандай жүрүп, көңүлдөрү жакын болуп кеткен. Ички сырларын бири бирине эч жашырчу эмес.

Алар шапаталуу дөңсөдөгү чарбакка келип токтошту. Кою жүзүмзардын ортосундагы короонун айланасы суу сээп, тасырайта

шыпырлган. Меймандардын келишине алдын ала даярдык көрүлгөндөй. Сөөрүдө калың төрт бүктөлүү төшөктөр салынып, ылайыгына жараша пар жастыктар коюлуптур. Кол жуугандан соң, заматта досторкондун бети мөмө -жемишке толтурулуп, ысык нан баш болгон дүйүм–тамактар биринин артынан бири, келтирилип жатты.

Бийлердин аңгемесине эч ким тоскоол болгон жок.

-Бийим, күн өткөнүнө каниет кылып жүрө бербей, башкаларга окшоп, биз дагы бир жерди турак кылып, там салып, короо–жай курсак кандай болоор эле?

Акбото алдыртадан Тилеке мырзага суроо салды.

-Ээ, баатыр. Ыш жыттап, төрт дубалдын ичин отурук кылууга элибиз ынаар бекен? Ата – бабаларыбыз илгертен эле, эркин жүрүп, ээн басып, көнүп калган экен. Башкаларга окшоп көнө албайт го?

-Анткениңиз менен күндөлүк тиричиликте, кем–карч чыгып, базар деген болот. Жакалап конуш алып, каттоону калыңдасак, жаман-жакшы да сестенип, алыс качат-деп Калчабай Акботонун сөзүн коштоду

-Болот. Тоонун кушун капаска камап, канчалаган жем –суу берсең да, эңсегени эркиндик эмеспи. Элибиз таза аба, кененчиликке көнүп калган. Өз үй, өлөң төшөк. Эркин жүрө бергени эле оң-деди Тилеке өз оюн жактап.

-Аныңызга мен макулмун. Бирок жаман айткан, жакшы жок демекчи, капылеттен жоо келсе, ар кимибиз ар жерде чачылып биригишибиз кыйын. Жоо камынтпай басышы деле мүмкүн. Акбото бийдин көңүлүн өзүнө буруууга аракеттене

-Аның жөн. Бирок тийген жоодон там–таш калкалап калмак беле. Ата –бабаларыбыз көчүп жүрүп, тирилигин өткөргөн. Биз да алардын жолунан чыга албайбыз. Бир чети көчмөндүк да, жоодон сактап келди. Эркектер жоо менен бетме-бет салгылашып жатканда, катын –бала жүк артып, тоо-ташка алыстап кетээри анык го?

-Бийим, менин айтайын дегеним кыргыздар биригип, ордо кылсак өзүңүздөргө окшогондор өкүмдарлик жүргүзүп, ынтымактыкка бириктиреби дейм? Акбото ички сырын жашырбады.

-Бул оюңа мен да кошулам. Кыргыз мүнөзүндө өзүмчүлдүк бар. Бирөөгө моюн сунбайм деген, кур –намыс тескери тартып турбайбы. Бириксек кана? Уруулар ортосунда жик чыгарган бийлөөчүлөр көбөйдү. Андан көрө, баатырлар көбөйсө элибиздин көөнү тынч болмок. Мына, ынтымактын жоктугунан Бухара тыркырап кетти. Эми, өз алдынча башкаруу кандай болоор экен? Тилеке суроого арсар жооп берди

-Бир алдын жакшы. Бирок, экинчи тарабы күчтүүгө күчсүзү айласыз моюн сунат. Муну жадыбыздан чыгарбайлы-деди Калча бий эскерте.

-Байкуш элге дагы эле күч келет.

-Туура айттыңыз. Мына, Коконду жергиликтүү миң тукумундагылар менен эшендер талашып, бири-биринен кызганып турган чак.

-Этият бололу. Эл сактайлы. Эчен жылдар–чабылган элдин эми гана башына баш кошулуп, келе жатат. Чырдан оолак болгонубуз жакшы. Сенин айткандарың менин да жүрөгүмдү өйүп келет. Ынтымакка баш койбосок, четтен келген жоого, ичтен чыккан душманга жем болуп калабыз. Калча бийда оюн жашырбады.

-Бийим, бул маселеде чөлдүк туугандарыңызды мен кепке тартайын. Анжиан, Өзгөн аймагын колго аларсыз? Акбото өтүнүч кыла кайрылды

-Жыйын чакыраар алдын, Калча бийге масилат кылалы. Мени кыжалат кылганы кожолор ич ара бузулуп, калмактарга колтуктарын ачыптыр. Бир шойком башталары бышык. Андыктан ар бир уруулар жигиттерди топтоп, даярдыктарды көргөнүбүз оңбу дейм.

-Андан да кабардар экенсиз. Кожолордун сасык саясаты баарыбызга эле жакпайт. Оолак бололу.

Туугандар сыйда отурушса да, элдин камын көрүп, эл тагдырын ойлоп, сыр чечишип жатышты.

x x x

Тилеке бий түлөккө койгон бүркүтү менен алек. Алайдын муз тиштеген бороондуу аскасындагы уядан мергенчилер атайлап барып учаарында кармап келген. Алдын такыр колдон жем жебеген бала бүркүт, күн өткөн сайын көзгө үйүр алып, ээсинин келишин күтүп турат. Келгенде коноргого конбой, улам уясын эстеп, эне-атасын издеп "кляк,кляк" этип кыйкыра берчү. Эми, ал адатын таштап, жем берген ээсин атасындай көрүп, күтчү болду. Үч күндө бир жолу эрте менен жаш этти суугa салып, кирин кетирип "ак жем" кылып жумшартып берет. Көбүн эсе бүркүткө жылкынын, кой, коен, кекиликтин эти жагымдуу келерин жакшы билген бүркүтчү, жаңы союлган жаш этти таап келтирет. Бүгүн да, бала бүркүтүнө "ак жем" берип жаткан.

-Бийим, Кокондон чабаганчы келди- деди жигити сырттан кирип.

- Күтө турсун- деди бий бүркүтүнө жемди сугунтканча.

Бий киргенде баятан бери, боз үйдөгү жасалгага суктанып отурган меймандар ордуларынан тура калыша, ийилип салам беришти. Учурашып, жай алышкандан соң, меймандар ортосундагы олбурлуу бирөөсү, койнунан катты алып, кош колдоп бийге сунду.

-Таксыр, биздин Шахрук бийден сизге дубай салам эле.

Бий шашпастан каттын оромосун жазып, көз жүгүрттү.

"Урматтуу Тилеке бий, ага!

Бул тараптан Калча бийге да кабар айттырдым. Сиздин жигиттериңиз менен келип-кетүүңүздү, зынарлап күтөм? "

Чамач ибн Шахрук бек.

Эмне себептен жигиттериңиз менен? – деген ой кылт дей түштү.

Ооба, жол опурталдуу. Куралчан жигиттер менен шайма –шай жүрбөсө, жолдуката Паргана, Маргалаң чектеринен өтөт. Коопсуз болсун деген го? деп ойлоду.

Шооруктун чабаганчыларын түнөтүп, кайтаргандан соң, Тилеке бий жигиттери менен жолго аттанды. Жолду ката ээн талаа, эрме чөл. Камыштуу быткыл  саз, шагыраган таштак сай. Мындай ээн талааларда, жырткыч менен каракчылар болбой койбойт. Аны жакшы билген Тилеке бийдин жигиттери ар дайым куралчан чогуу жүрүшөт. Алдын ала кабарлашкандай күн болжогон мезгилде кербендерди тосуп алган да,  узаткан да Тилекенин жоокерлери коштойт. Паргана  аймагынан Бухарага чейинкилер жакшы билишет. Кыргыз жоокерлерине даап, эч ким тийиштик да кыла алышпайт. Кербенчилерди күзөткө алган жоокерлердин тамак-аш, кийим –кече улоолорун бий өзү камсыз кылат. Ошондуктан мерчемдүү жерлердеги кербен сарайларлардын айланасында жергиликтүү элден жаш жигиттер топтолгон. Алардын ар биринин жетекчилери бар. Алар маал –маалы менен чогулушуп, бийден көрсөтмөлөрдү алып турушат. Туруктуу жоокерлерди кармаган бийге кербен жөнөткөн мамлекет ээлери акы төлөгөндүктөн, өз ыктыярлары менен кызмат  кылууга көпчүлүк жаштар кызыкдар эле.

Шоорук бий меймандарды өзү турак кылган Кокондун үч фарс аралыктагы "Дихан –того" жетпей, жолдон жигиттери менен келип, кучак жайып тосуп алды. Меймандарга деп ого эле көп даярдыктарды көргөнү, жайган дасторконунан, кылган кызматынан көрүнүп турду. Эки күн меймандарды эс алдырган соң Шоорук бий Калча бий менен Тилеке бийдин алдына  өзүнүн адатынча элпектигин  биле отурду.

-Таксыр, бий акелер! Биздин бир ишенгенибиз сиздер. Мейманчылыкка зыяпатташып, катташып жүрөлү деп атайтап чакырдым эле.

-Сыйыңызды көрдүк, ырахмат.

-Таксыр. Кашкар-Бухара ортосун, өзүңүздөр тескеп турушуңуздар бизге чоң кубат. Сиздерге таянып иш жүргүзөбүз. Акбото байбатча да, бизден жардамын аябайт. Сиздер менен каттоону калыңдап, барыш-келиш кылып турсак дейбиз.

-Туура –дешти Тилеке бий менен Калча бий  баш ийкей.

-Өзүңүздөр билесиздер  Кокон кааласын Исак кожонун уулу Насармат кожо бийлеп элди кыйнап койду. Калкты көз көрүнө тоноп, ар шылтоо менен салык жыйнады. Шаардыктар ага нааразы. Аны, Кокондон кууп чыгуу, биздин кодон келбейт,  Сабап, "кожонун тукумунанмын" десе, Наманган, Маргалаң бектери ишенип, аны колдоп жатышат. Агар, бул ишке,  киришсеңиздер эч бири сиздерге дап кыла албайт. Коконго башчы болумуш болгон–кожолорду бийликтен кетирип, кызматтан алып берсеңиздер, калктын сообуна калаар элеңиздер. Кол куушурган Шоорукту сынамакка Тилеке бий суроо узатты.

-А куп, Коконду башкарууга ким ылайык?

-Биз, өмүр бою силердин кызматтыңыздардабыз таксырлар-деп, Шоорук маңдайын жерге тийгизе жүгүндү. Сиздердин, дегениңиздерди аткарабыз бийим. Айтың, Акбото байбатча. Туурабы?

Акбото мыйыгынан, күлө баш ийкеди

-Достугубузду калыңдайлы. Мына, Сиздерге башым тартуу, Же болбосо кыз алышып, кыз беришип, куда-сөөк бололу бийим?

-Жакшы ниетиңиз бар экен Шоорук бий. Жакын болгонго не жетсин деди Калча бий-Акбото мырзага кызыңызды бериңиз!-деп Акботонун алдыртадан айткан сырын ачыкка чыгарып.

-Э, атаа. Өзбектерден бирөөсү келгенин куп койбодум беле? деди Шоорук анткорсуп.

-А биз, сизди куп дейт-деп, күтпөдүк беле-деди Калча бий, нааразы болгонсуп.

-Маакул болушуңузду күтүп отурбайлыбы деди Тилеке бийди сынай тиктеп чыкпасын-деди Калча бий

Биларман бийлердин нааразылыгын туя койду:
Шоорух чакырт жигиттериңди. Бул үйгө эч ким кирбесин да Ачууланган бийлер кыргыз жигиттери менен  үйүн куурчап, өз билгенин кыларын билген Шоорук.

-Куп бийим. Сиздин айтканыңыздай болсун.-деди жүгүнө.

-Акбото мырза! Жамгырчыны колу менен баштап, таң эрте менен аттанасыңар. Күйөө баланын кайнатага кызматы болсун-деп

Тилке бий маңдайда отургандарга карап.
Шорук бий менен Акбото тиктеше түштү. Экөөнүн тең жүздөрү тамылжып, кубанычтары көрүнүп турду.

Эрте менен таңга жуук Жамгырчы баштаган кол, шаар башчысы болгон кожолорду тууган – уругу менен камынтпай басып калды. Колдорун байлап, чоң базардын ортосуна алып келишти. Чынында эле шаардыктар, алардын алык–салыгынан, ар шылтоону айтып тоногонунан жадашкан экен. Бул ишти баары эле туура көрүштү. Куралчан жоокерлерге, эч ким каршылык кылышкан жок.

-Калаанын беги, Шооруk бий! деп–Тилеке көпчүлүккө жар салды.

-Шооруk бийди бүгүндөн тартып, өзүңөрдүн башкаруучуңар деп билгиле!-деди Калча бий тургандарга кайрылып

Шооруk шаар эгеси катары мурдагы шаар башчысын өлүм жазасына тарттырып, башын алдырды.

-Коош, Шооруk бий кызмат–даражаң куллук болсун!-деди Тилеке бий

-Болсун, болсун-деди Шооруk кубанычын жашыра албай.

- Кана, ишти эмнеден баштайсың?-деди Калча бий.

-Биринчи тойдон баштайлы. Таксылар!- Шооруk кубана Акбото байбатча менен кызым Зухранын тоюн өткөрөлү.

-Анан дагычы?-деди Калча бий, сынап

-Калганын, сиздер билиңиздер.

-Куп. Ушул күндөн баштап. Кокон миң тукумуна да, кыргызга да тең ата болсун!-деди Тилеке

-Куп болот, таксырлар.

-Миң тукуму менен кыргыздар тең бийлешсин. Биримдик болгондон кийин акыл кошчу, аталык дайыма кыргыздан болсун!- деди Калча бий .

-Сиздер айткандай болот бийлерим.

-Чакыр анда молдону!-деп, буйрук берди Тилеке бий.

Эшиктен башында казанбактай болгон селдеси бар, өзү арык, моюну кылтактай болгон молдо келди.

-Өткөн кеткенге, ата-бубаларга арнап, куран окуңуз.

Дуба кылалы, молдоке?-деди Калча бий .

Молдо кыраатын келтире куран окуп, алакан жайганда отургандардын баары кол көтөрүштү.

-"Катын алмай адат. Эрге тиймек эреже". Эки жаштын никесине биз күбө болдук- дешип, тойдун эртеси Кубат бий менен Тилеке колдорун ээрчитип жолго чыгышты.

х х х

Шахрухтун бийликке келишине Акбото бийдин чоң жардамы тийгендиги бештен белгилүү. Себеби, Акбото бий Шахрухка караганда абройлуу, согуштук жактан күчтүү болчу. Шахрух кызын кыргыз бийине узатты. Кожент аймагынын бийи, аймактан ашкан чоң аброю, ары күчү менен Шахрукка күйө бала болуп калды. Күн өтө берди.

Күн өтө берди. Шахрух бий кыргыз Акбото арылуу 1709-жылы бийликке келди. Ошол кезде Ферғананын көпчүлүк бөлүгү кожолордун таасиринде эле. Шахрух тажиктер жашаган Риштанды каратты. Бийдин Кокон бийлигинен негиздөчүсү болушуна күйө баланын чоң көмөгү болду. Ал күйө балага таянып 1718-жылы Чодактагы чоң кожону чакырып, аны менен кошо келген меймандардын баарын мууздатып, капыстан Наманган тегерегин басып алды. Шахрух куйө баласынын жардамы менен Чодакты, Аксыкентти басып алып, өзүнө караштуу жерлердин чегин кеңейте берди. Бир топ жерге, элге өкүмүн жүргүзгөн Шахрух 1721-жылы ааламдан өттү.

Шахрухтун түпкү теги Чыңгызхандын бабасы Бодончарга* барып такалат деген айтым ордодогулар тарабынан ойлонулуп чыгылган, Шахрух бий, андан ары Шахмас бий, Султан Асыл, Абулкасым, Мухаммед Амин бий, Кудаяр султан (Теңиржар) султан Илек (Алтын бешик) Бабур падыша, Мырза Омор шейх, Мырза Султан Мухаммед, Абдусаид, Мираншах, Амир Темир, Амир Тарагай, Амир Баркул, Амир Илингиз, Амир Анджил, Караджар ноен, Амир Сутуджин, Боринихан, Ирумджи-барлас хан, Кошулу батыр, Барат хан.

Барат хандын он уулунун бири Есугэй, кичүүсү Кажулу болгон. Есугэйден Темучжин (Чыңгыз хан) Кожулунун тогузунчу урпагы Темирлан,Бартан хан, анын атасы Кабулхан, анын атасы Туман хан, анын атасы Дутумнин хан, анын атасы Бука хан, анын атасы Бодончар деп аталат.

x x x

Абалтан эле бий, бийлик даража эсептелип уруунун тагдырын чечип, кооптуу жана жоопту мезгилдерде туура бүтүм, калыс иш туткан. Кедейди кейитпей, карыпты какшатпай, тентекти теске салып, дарттуунун дартын угуп уруунун ариет -намысын бийик туткан элдин камкору болгон. Уруулар аралык жыйындырда, өндүрүлгөн доолорду, талаш–тартыштарды туура чечкендиги менен абийир алган. Ошол үчүн элде «Туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок» деген макал айтылып келет.

«Жоо жакадан, бөрү этектен алган» жоокерчилик заманда, ал жакшылык, жамандыкка даяр болуп, айылдагы эр-азаматтарды жоо жарагы менен камдатып, мерчемдүү жерлерге кароол коюп, токулуу аттарын кермеге байлатып шайма-шай туруучга азыр болгон. Кокустан, шалаакылык кылып, даярдыктары жок болуп калса, жоо мал-жанды талап, кыз-келинди олжолоп кетиши бий үчүн өлүмгө барабар. Мындай бийдин элге эмне кереги бар? Анын барынан жогу. Коопту учур, ар бир бийден айлакер, акылмандуулукту, илекер баатырдыкты талап кылган.

Бийдин мойнунда чоң жоопкерчилик болуп, кокус күчтүү жоодон сүрүлүп калса, бир да жетим баланы, бир да жесир аялды жоо колуна калтырган эмес. Уруулар арасында ынтымакты, биримдикти бекемдөөдө да бийдин мойнуна жоопкерчилик жүктөлгөн. Азып-тозгон уруктарга, жалгыз калган карыптарга калканч болуп, үстүнө үй, пайдаланганы жер, мал берип канатына калкалаган. Уруу-уруулардын ортосунда сырттан басып кирген жоого бирге аттануу милдет иш моюнуна алган.

*Бодончардын энеси атактуу Алан-Гоа, ал эми атасы Эне-Сайлык кыргыз Малик Баяуд болгон.*-дешет изилдөөчүлөр.*

Байыртан келген бузулгус эреже, түпкүлүктүү мыйзам – кун төлөө. Аны күнөгө жараша бийлер тобу чечет. Күнөө тарап да, доомат койгон тарап да калыс дешип бийлерге келишет. Ал текшерилип таразаланган, талданган соң бүтүм чыгарылат. Кокустан ырбаса «канга кан» делип, чоң чабышуу -уруулар ортосунда чыгат. Мында «баш айрылып, көз чыгып» ортодо эр өлөт. Эки тарапты бийлер келиштире албаса, бийлер күнөөлү болуп, эл-журтка маскара болот. Мындай абалга жеткирбес үчүн териштирилген иш так, таза чечилүүсү тийиш.

Айылдагы айрым тентек бирөөсүнүн никелүү аялын бузуп, же зордуктап ала качса, айыптуuга аялдын эри тараптагылардын берген калыңын төлөтүп, анын үстүнө айыпка кырк жылкы салынган. Аларды төлөй албаса аялды ала качкан жигит өлүм жазасына тартылган. Уурулук кылган адам кырк жылкы айып тарткан. Мына ушундай элдин жүгүн көтөрө турган, элдин тынчтыгын сактай турган, тентектерди тыя турган эрежелерди эл бекем тутушкан. Айрым жер-суу маселелери, уруулар ортосундагы келишпестик, же коңшу элдер ортосундагы чатакты чечүүгө тогуз уруудан тогуз бий чакырылып, тынчтануу бүтүм чыгарылып чыбык кыркылган. Батаны бузу динден чыкканга барабар болгон

Эки тарап элдешкенде эскиден калган ырым-жырым жасалып, бири-бирине кымкап кийгизип, көңүлдө кир, көкүрөктө кек калбасын дешип кучакташтыра табыштырып, куда-сөөк, катташ дос болууга жыйындагылар күбөө болуп бата беришкен.

х х х

Жаз ортолоп күн тапка кирген сайын, эл эгиздеп, салкын төрдү карай багыттап калган. Айрым чарбасы чакан, чак баш үй бүлөлөр эчак эле жайлоого көчүп, кем карчтын камын көрүп, эми үй чечебиз деп турушкан чак. Себеби, эрте жазда журт которуп, эгин-тегин себилип, суу агуучу арыктар чабылган соң, кышы менен даярдалган кереге-уук таралып көктөлөт. Чий-камыш согулуп, кийиз басылып, туурдуктар бышырылат. Аялдар-кыз келиндер, керме, ормо, түймө, сокмо буюмдарын аткарса, эркектер козу-улак бычып, кулун -тайлар жалданып, аркан, чылбыр эшмей, бышырылган кайыштан камчы,

үзөңгү боо, көмөлдүрүк, куюшкан өрмөй деги эле аял-эркек, бала-чака тириликке керектү буюмдарды жасап бошобой турган мезгил. Айыл ичиндеги темир согуп, жыгач жонгон усталар гана аземи буюмдарды жасабаса, калган тиричиликке зарыл буюмдарды жаш-кары, кыз-келиндер колдору менен бүтүрүшөт.

Тоолуктун ар бир баласы жетиге чыккандан соң тиричиликке аралашат. Он эки, он үчкө барганда кадимкидей буюм жасап, алды айылдарга таанылып, оозго алына баштайт.

-Тигинин баласынан кемсиңби-дешип, балакатка жеткен уул-кыздарды намыстандырып, ишке, тиричиликке бышык болууга үйрөтөт. Ошондон баштап, чебер уста, колунан көөрү төгүлгөн ууздар мактталып, иш жасоого мойну жар бербеген жалкоолор шылдыңга, эл арасында насакка алынат. Уул бала үйлөнгөнгө, кыз бала күйөөгө чыкканга чейин турмушка бышып, өз алдынча иш кылууга даяр болот. Илгертен калган расмий-каадаларды аткарууда, мейман күтүп, узатуунун жол жобосун аткарып калат. Адамдын ким экени жасаган ишинен билинет демекчи, кыз берерде уул сыналып, келин аларда кыз сыналып элдин элегинен өткөрүлгөн. Кокустан колунан иш келбей чоркок болсо ата-энеге сын айтылып

- Паландын уул тарбиялаганы, тигини кыз баштаганы делинип, кадимки баа берилген. Атасына сын, энесине кеп тийдирбес үчүн акылман уул-кыздар күндү күн дебей, түндү түн дебей өнөр үйрөнүүгө баш оту менен киришкен. Мындай тарбия, жакшы жөрөлгөлөр баштатан эле уланып элдин тиричиликтин мазмунун байыткан.

Ажыбек Тилекенин эң кенжеси жетинчи уул. Ата тарбиясын алып, зирек өстү. Көкүрөк күчүгү делип, эрке атасынан калбай, эл аралап жаман-жакшылык ариет намысты эрте ажыратып тил-билги болуп тарбияланды. Атадан үлгү алып жашынан эле эл башкарып калыстыкты колго алды.

x x x

Эл катарында Тилеке да, оош–кыйыштуу жылдар аралыгында байбичеси Кызырык экөө жети уул табышты. Учтары узарып, колдорунан жумуш алынды.

Ата–эне наркы адилет. Ар бирин өнөргө үйрөтүштү. Ак мээнет менен жан багууларын талап кылышты.

Уулдарым! "Уул жакшысы урмат" делет. Ата-эне насаат айтмагы милдет. Жакшы жүрүп, жакшы туруш жакшынын иши. Жакшы балуш ар кимдин эле колунан келе бербейт. Адамдын колунан келбеген ишти аткарыш сыймык, намыс болот. Намысты бийик тутуп, таза кармасаңар эч убакта кор болбойсуңар. Атанын атын, атанын ишин улуу көрүү, уулга милдет.

Менин баскан жолумду бассаңар да, жаңылганымы, жеңилгеними, кайталабагыла. Ата-бабаларыбыз таза жашап өткөн. Тазалыкты дайыма кадырлап жүргүлө. Элге кызмат кылуу эч убакта эсиңерден кетпесин. Элди сүйгүлө, ошондо гана силер элдин сүймөнчүлүгүнө айланасыңар. Адилеттик дайыма силер жакта болот деди ата.

Атанын насаатын балдары эстеринен чыгарышпады. "Тилекенин сегиз бек, телегейи тегиз бек" аталышты. Мындай сын Тилеке менен байбичеси Кызырыкка сыймык. Мындан ашык алкоо, мындан ашык мактоонун кереги жок эле.

***

Ош жери ары күн эс, ары тегиз болгондуктан кыш чилдеси чыкпай жатып кар ээрип, жерге сиңет. Тап кирери менен адыр түзөңдөргө көк майса дүркүрөп чыга келет. Жер шартын жакшы билген чарбадарлар, короодогу малдарын күнөстөтүп, бош кое беришет. Жондоруна тап өткөн мал да, көк майсага тойгон соң, көп эле алыстабай тоборсуган жер үстүндө буту-колдорун кере кыңкайып кепшегенге киришет. Кышкы аязга тоңуп, баардын аптабынан улам денеси чымырап бошогон жер да магдырап көөшүйт. Жердин мамырылыгынанбы же күн нурунун тегиз тийгенинби өсүмдүктөрдүн тамырлары жибишип, күздөгү туш келди чачылган-уруктары алакандай аянтты кур калтырбай өнүп

чыгат. Баары тегиз, баары жап жашыл. Ары жумшак, ары назик жашыл майса. Жаздын күчүбү, же жердин касиетиби, кудураган бутак, как сөңгөк куурайыбы денесине суу жүрүп баары эле бөртүп, бүчүр байлоочудай түргө келип, өйдө карай бой керет. Баар айынын белгиси-жаздын келгенинен, жаратылышка жан киргенинен жер бетин каптаган көк майса кабар берет.

Жердин дене-боюу жибиген сайын канаттуу-куштардын тили жумшарып, эртели-кеч чырыйттап үн сала башташат. Кандайдыр билинип-билинбес жылуу агым, жер бетин желпий жаңылануунy кабарлагандай мээлиндүүлүк каптайт. Баба дыйкан да белиндеги курун чечип, этек-жеңин түрүнө аңыз башына барып, тоборсуган жерди басып, эңкейе топурак алып, даамын таткансып кумарлана жыттап, салаалары менен ушалып, аяр алаканына сала сыйпап, кочушун толтура сапырып, жерге чачат.

-Ойгон жер! Мезгил келди. Жарыш башталды. Ишке киришели деп ниет кыла, кетменин кериле чаап, алгач арык тазалай баштайт. Кыймылы элпек. Алкымына чейин бата түшкөн кетмен да, топуракты кенен шилеген сайын, жаңылыктын жыты буркурап, тегиз дүркүрөп чыгып келе жаткан майсанын жытына аралаша, дыйкандын моокун кандырат. Жаз жарышында чоң-кичине калбайт. Улуу-кичүүгө карабай, элдин баары аңыз четинде, жаңы түшүмдүн мол болушуна кам көрө жабыла киришет.

Элдин мээнеткечтигиненби, же ак мээнеттин акыбетиненби, деги эле жердин асылдыгынанбы, жерге түшкөн уруктун баары, бири калбай өнүп чыгат. Жер сырын жакшы билген баба дыйкан ар бир уруктук үрөөндү чөрдөн тазалап, ылаңдан арылтып, кара көсөсүн кошпой как кургатып иргеп өзүнчө көңүл бөлөт. Жерге түшкөнүнөн баштап, анын күчүктөп өнүшүн, тамыр байлап кабыктан баш чыгара бүчүрлөшүн, жалбырак чыгарышын күтүп, ого эле аяр мамиле кылат. Жумшактап, отоп, чаңкатпай суу байлап, баш ала мөмө байлап, түшүм беришине астейдил кам көрөт. Ар бирине саресеп салып, үшүтпөй, кургатпай, катытпай ого эле түйшүгүн тартат. Акыбети кайтып, түшүмүн көргөндө, кылган мээнетине ыраазы боло денеси жазылат.

Эчен жылдап, кылымды-кылымга улап баба дыйкан эгин эгип, түшүмүн алды. Элде токчулук, кенендик өкүм сүрүп, тирилик жашоо ушинтип уланып келди. Эзелтен жер кылган эмгекти, тарткан мээнетти кайтарбай койбойт. Болгону дыйкан менен жер энеге тынчтык эле болсо-береке байып, бапырап ташып турат.

Дал ушул Ош жери адамзат жаралгандан бери не деген гана окуяларга күбө болбоду. Эчендеген адамзаттын уругу көбөйүп, эл жаралып, ырк келишпеген алааматтардан эчендеген эл жоголду. Канчалаган адамдардын сөөгү сөпөт болуп, урук-уруулар алмашты. Жер томкорулуп, топурак сапырылды. Эчендеген мезгилдер алмашып, жер жаңырды, эл алмашылды. Эчендеген согушчандар чыгып, кылыч, найза сынып, учунан кан тамчылады. Адамзат бирин-бири сойду, чапты, талкалады. Аркаларында эч нерсе калтыра алышпады. Колдонгон темири жешилди, тешилди, чириди жок болду. Эч нерсе өзгөрбөдү.

Бир мезгилде ажалга айланган темир, акыры келип кетменге айланды. Жер бетине гүл жайнады, каткан кесек майдаланды. Эгин-эгилип, түшүм берди. Түшүм алган эл ач калбады. Мемиреп, тынчтык орноду. Жаш бөбөктөр төрөлүп, жаңы муун жашоого келди.

Көрсө, эмгек гана жашоону улантып, тынчтыкты сактайт экен. Тынчтык түбөлүктүү болсо кана? Адам өмүрү кыйылып, ажал өкүм сүрбөйт эле. Адам затына эң биринчи тынчтык, эмгек керек! Тынчтыкты эмгек кана сактап калат!

***

Калп эле коюн-колтук алышып, дос болумуш болуп, кайра капылеттен кол салып, талоонго алыш аракетиндеги кокондуктардын жуксурдугу тоолуктарды, айрыкча Өзгөн-Ош аймагындагылардын көңүлүн кыраа кылды. Көпчүлүк каарманча эле жер иштеткенден качып, аштык айдабай калышы бийди бир топ ойго салды. Дыйкандар жер койнуна кол сабаса, баба-дыйкандын кусуру урат. Элдин негизги азыгы дан. Калк жер иштетип, аштык данды күрөп албаса курсак тоебу? Нан жеген адамдын карды ток, көңүлү кунак. Жарма-бозо ичкендердин дени-карды сак. Аларга

оору-сыркоо оңойлук менен жолобойт. Дан азык кимдин болбосун денин тазалайт. Дени таза адам оорубайт, узак жашайт.

Ош жергесиндеги түзөңдөрдү адам аралагыс. Түнттүгүнөн чычкан жөргөлөй албай, калың камыш, чий, чычырканак, жапаң тал, жылгын, караган-чер, бадал жыщ өскөн. Күндүн көзү көрүнбөй, калың көлөкөдөн жер жарыла кургап кетпейт. Баш-аякка созулган,көз жеткис дүпүйгөн эле түнүт токой. Ичи-койнунда жолборс азылуу каман, чөө бөрүү, жырткыч дегендер батпай, адамга кол салган көркөө карышкырлар да өрүп эбегейсиз көп. Чычырканак, бадал арасында чурулдаган кекилик, чил, кара такыялуу кыргоол, жапайы тоок, коендор жык жыйма. Түпкүчтөй оролуп, же дарак башына ийрелеңдей жылып бараткан ар кыл жыландар андан да арбын. Жер урматын жалаң эле адам эмес, жапайы айбанаттар, илбесин, канаттуу куштар да көрүп, тим эле каалагандай байырлап эркин жүрүшөт.

«Эл башы болгуча, суу башы бол» демекчи Ак-Буура баш болгон агын суу, дарыялар ар жылга сайын агып, андан улана ар тарапка кеткен арыктар да арбын. Илгерки ата-бабалары каздырган чоң арыктардын нугунан, чакан арык-жөөктөрдү алышып дыйкандар нечендеген кургак, жерлерди өздөштүрүшкөн. Жалаң эле мал мене тиричилик өткөрүү жаңы ото, чак баштуу үй бүлөлөргө кыйын эле. Анын үстүнө малга ишенген менен ал «кыйкырып келген жоонуку, же ызгаары тийген жуттуку» демекчи, тиричиликке биротоло тирек боло албастыгын ойлогон Ажы бий кетмен чаап, суу байлап тиричилик өткөрүүнү талап кылган. Ансыз да жер менен сырдаш болгондордун турмушун аңдагандар дыйканчылыкты кесип кыла башташкан болчу. Батыш-чыгыш, түндүк-түштүгү сайын Ак-Буура, Гүлчө, Кара-Дарыя, Жазы, өңдөнгөн чоң-чоң дарыялардын нугун буруп, «кара бура» тосмолордун пайнабы менен кысыр аңыздар, айдоого айланган талаалардын тарыхы да узак.

Эчен миңдеген жылдардан бери Ош жергеси сугатка мол, маңдай терин төккөн дыйкандардын күчү менен гүлзарларга айланган. Ата-бабаларынын жолун жолдоп Ажы бий ар убак,

дарыя, сууларды бойлоп, эчен аңыз аралап жүрүп, болжогон, чоттогон жер-жерлерге суу тегирмен, ак жубаз, устаканаларды ачтырды. Темир иштетип, узанган усталар темир күрөк, кетмен, балта, чот, чукулдук, теше, кол орок деги эле дыйканчылыкка жана тиричиликке зарыл шаймандарды жасап элди камсыз кылууну тапшырды. Кышы бою, айыл-айылдарда, уруу-топтордо дөөтү устаканаларда көөрүктүн үнү тынбай, сом темирлер ээритилип, «күрсө-күрс, тарса-тарс» бака-шака барскан чаап, балка үнү тынбайт. Усталардын кол акысы күн мурдатан чечилип, көбүн эсе дан, малга оошturулат.

Ош жергеси тогуз жолдун тому болгондон да, ар тараптагы тоолуктар менен жерге сырдаш дыйкандардын ортолугу. Кимиси болбосун турмуш-тиричилигине ылайык буюмдарды ушул жерден табышат. Бириси малын, экинчиси данын алып келет. Эл арасында эптеп тиричилик өткөргөн да, малын-жерин башка бирөөлөргө берип иштеткен чарбакерлер да болот эмеспи. Жатакчы, эгинчи, аштыкчы, чайракер, мандикерлер да ушул жерден табылат. Атайын жүгүртүлгөн акча болбогондуктан бардык мамиле буюм-тайым ооштуруудан жана кол алышкан убада менен бүткөрүлөт. «Убада-убада» ал мамилени танган эч ким жок. Жанда турган бир-эки киши күбө. Ооштурган буюм далил. Убададан кайткан-уят. Адамгерчилик башкы оорунда турган.

Ооштуруунун жөнү-аймактын айлана-тегерегин тоолор курчаган. Көпчүлүк эл малдын жайытына карай тоо, адырлардагы жайлоолордо көчүп-конуп тиричилик өткөрүшөт. Кеч күздө кана кыштоого келишпесе, көбүн эсе жаз, жай, күз жайлоодо. Жайы жайлата, кеч-күздөн кышы боюу топтоп-жыйнаган эт, май, курутуна, тери, жүн, кийиз, шырдагына, жайлата жайлоодо нык семирген жылкы, уй, кой-эчкилерине, турмуштук кем-катыгына, Ошко келишип, кийим-кече, буюм-тайымдарга акча ордуна ооштуруп кетишет. Ал тургай кышкы оокат-ашына,  дан, аштыкты малдарына божомолдой баалашып ооштурушат. Көпчүлүк сурамжылап, так жообун ала албай, ар кимдин, ар кыл божомолу

айтылган Ош сөзү да ооштуруудан чыкканына эч бири эсине албаса да керек.

Тоолуктардын эмнеге зарыктыгын жакшы билген соодагерлер да аркы тарабы Орусия, бул тарабы Кашкар, Индостандан күн кур эмес көп келишет. Кербендер келип-кетчү жана алар жайгашкан кербен сарай, бекеттерде кышын-жайын ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү кире тарткан соодагерлер кийим-кече, өңү-түстөрү, сүйлөгөн сөздөрү менен айырмаланышат. Аларга тилмечтин да кереги жок. Буюм-тайымдар, көлөмүнө, өңү-түсүнө карай куужум, же бириндете ооштурулат. Жергиликтүүлөрдүн буюмдары сапаттуу, накта кол менен жасалган. Соодагерлердин көбү алтын-күмүштүн көрө, Ала-Тоонун эндиги, жыпар чөп, мумуядан башка да, кулжа-маралдардын жазгы мүйүзү, мең дубананын ашы менен уу коргошунга, күчала, деги эле ар кыл чөптүн түрлөрүнө чейин ооштуруп ала беришет. Көбүн эсе колунда барлар уютулган темирге колдо бар алтын, күмүштөрдү, кундуз, сүлөөсүн, жана калтар, суусар, аң терилерин аяшпайт. Айрыкча аюунун, жапайы жырткычтардын тоо текенин терилерине кардарлар арбын чыгат. Ал эми Ала-Тоонун жылкысы менен нык семирген кой этин соодагерлер ээрчип жүрүп алышарын жергиликтүүлөр жакшы билишет.

х х х

Кычыраган кыш. Ту деген тукурук жерге түшпөйт. Жада калса сай бойлорундагы тал-теректерден тартып, анда-санда сербейген как куурайга чейинкилерди туман боз кыргоо баскан. Абанын сууктугунанбы, же кырчылдаган кыштын ызгаарынанбы, күндө салпактап ары-бери учуп калчу карга, таандардын карандары көрүнбөдү. Короодогу иттер тумшугун катып, кургак жай, кашек-чөптүн коңулунан чыкпагандыктан абалаган үндөрү да угулбайт.

Мурдагы айтылган кабардан улам, күн болжоп жолго чыккандар кардын калыңдыгына, күндүн суктугуна карабай биринин артынан экинсиси келип жатышты. Алыскы аралыкта кар малтап келген жолоочулардын аттары, жолдун оордугу, кардын калыңдыгынан улам тер чачып, сооруларына чыккан ак көбүктөрү

тонуп калган, Жал кирпиктерин боз-ала бубак басып, карга сүдүрөлгөн куйруктары шагалан музга айланып, баскан сайын кырчылдаган карга аралаш шагыраган үн чыгат. Ат үстүндөгүлөрдүн, сакал-муруттары, каш-кирпиктери тон жакаларына дейре бубак туруп, ыраң-түстөрү таанылгыстай. Тааныш жайга келишип, алыстан үн чыгара салам айткандардын атын жылоолоп тосуп алгандар, колтуктап түшүрүшүп, күйүгүп, терлеген аттардын белин бошото, демин басканын күтүшүп кантара аса байлашты. Боз үйдөй болуп ар-ар жерде үймөктөлгөн таза чөптөр алыстан келген меймандардын аттарына арналган. Аманат байланган аттардын алды чыйрыга ушуп, тыбырчылай баштаганда ооздуктарын чыгара, отко коюшат. Келген коноктордун өзүнөн мурда атын куштап, таң ашырып жем берип тойгузуш үй ээсинин бирден-бир милдети. Ал эрежеге астейдил көңүл бөлгөн тоолук атайын келгендердин улоолоруна деп, жайы менен атайлап чөп даярдап, жем камдап өзүнчө короого даярдаткан». Ээсин сыйласан, итине сөөк сал» деген макалдын маанисине терен көңүл бөлгөн тоолуктар мейманданда, минип келген аттарын ардакташты..

Атайлап чакырылгандардын алды жумалап жатабы, же эки-үч күн түндөйбү, ал өзүнүн иши». «Кел демек бар, кет демек жок» демекчи мейман күткөн үй ээсинин капылет келген мейманга сойор союшу жем, чөп, кашеги, арбын болушу зарыл. Ал ар бир үй ээси милдети. Аны билгени кыштын камын жазда, жаздын камын кышта көрүп, камдуу келет. Бүгүнкү конок алып күтүнгөндөр да канча мейман келсе да, ат улоолоруна жетерлик, чөп-кашек тирелте жыйылып, жем оролорго арбын куюлган Бастырма-тамдар салынып, акырлары даяр.

Кыштын кыска күнү түш болбой жатып, алыскы-жакынкы тараптан келчүүлөрдүн карааны бир-экиндеп суюла берди. Ары-бери чуркап ат алгандардын көнүлү эми аркы тартаптагы лаулдата от жагып, булоолонто эт кайнатып жаткандарга бурулду. Бир казандагы чызылдаган сары майда боорсок, катырма, куймагы бышып, бир казанда кой эттери, дагы бир казанда өпкө, быжы дагы бир казанда жылкынын эти, казы-карта чучугу бышып, атайлап

көтөрүлгөн алты-жети боз үйлөрдүн тегерегиндеги кемегелерде тай казандар асылып, түркүн даамдын жыты буркурайт. Бир тараптагы антенасы такырайта куролгон дын жерге капшытуу он эки канат боз үй тигилип, келчү меймандардын дээрлик көбү ошондон орун алган. Ал эми анын мандай тарабындагы сегиз канат жанаша тигилген боз үйлөрдө ар тарпатан келген бийлердин жан-жөкөрлөрү жигиттери, ат караган кызматчылары даражасына карай бөлүнүп отурушкан. Эрте менен келгендердин алды кызыб башташканбы, комуздун үнүн коштогон добуштар чыга баштады.

Бүгүнкү күтүнүп мейман тоскондор Ажы байге караштуу эле. Ош-Андижан аймагындагы бийлер биригишип, кыштап баштап, этегине чейин жоро бозо ичишет. Жоро бозонун «эрке баласы» Ажы бий. Ал өзүнүн кезегин берип жоролошторун үйүнө чакырган. Ары бийдин абийири, экинчиси «эрке баланын» намысы делинип, коптон бери даярдык көрүлүп, айылы менен жабыла күтүнүшкөн. Келгендерди тосуп алып, мейманчылап узатканга чейинки каада жөрөлгөлөр бүт эске алынган. Ортодо тигилчү он эки канат боз үйдөн баштап, ат кошчу, саламчылар, дасторкон жайып, даам таттырып, эт бышыргандардан бери, жадакалса шак кайнатып, кор салып, аны ачыткан, бозо сүзүп табы менен жылытчуулар, ат алып аны бакчулар, отун алып, от жакчулар теги эле кызматтын турун аткаруучулардын бары эсепке алынган. Аларды башкарып жумшоочулар, камыр жууруп эт кесуучу «ичи ачышкандарга» ысылып берчү деги эле колу усулдуу мейман күтүп, узатканга эптуу катын-калач, боз уландардан тартып,кер мурут жигиттерге чейин кызмат кылып жүрүштү.

Меймандар отургандан тартып, шак кайнатып бозо ачышып, тобун сүзүүчү, эт чыгарып, аш болчу устукандап табак тартып, кор улам ирети менен тамак тартканды билген, ары ишенимдүү бөкөлдөр, бозо куюп аны узатуу «касакул» «байбичеге» чейинки эптуу шыпылдап, женил кыймылдагандар, жашап тун ай үйлөр, алачыктар тигилген. Аркы-беркиси болуп, он-беш жыйырмадай үй айыл болгон. Отунчу, казанчылар мурда келишип, кемеге казышып, айлананын казып күрөп, он күндөн ашык даярданышкан. Ал эми

шак кайнатып, кор салып ачыткандардын келгенине экинчи жумадан ашып калды. Ар кимисинен бөлүнгөн иши бар. Айдары буудай өндүрүп угутун даярдаса, эркеги таруу, конок, мака-жүгөрү тазалап, тегирменге алып барып тарттырып, элден мурда келишкен.

Айылдагы бозокорлор, кимдин бозосу кандайлыгын жакшы билет эмеспи. Угутун даярдап, шак ачыткандын устасы деп көпчүлүк ары шайыр-шамдагай Шааркулду тандашкан. Ага жардамчы кылып өзүндөй тил билги төрт беш келиндерди күйөөлөрү менен топтоп келишкен.

-«Жоро бозонун» бозосун даярдап, ысылыгын мен камдайып деген Жумабайды көпчүлүк туура корушкон. Ал күздөн баштап ишке киришип, айыл башчыларга зарыл буюмдарды камдатып берүүнү өтүнгөн. Алгач эле идиш-аяктан баштаган.

-«Жоро бозодо» атайлаган аягы болот. Эн биринчи «бээси, тайы, кулуну» деген үч аяк. Ага кошумча «баш аягы» «кыркма аяк», «аттанар аягын» кошолу «кезек аягы» белгилүү. «Каса кулдүн», «байбиченин», аягына «саламчынын», «жыдыкчандын аягын» кошолу деп, өзү көлөмүн айтып, жыгач усталарга кара кесе, сыр аяктарды даярдаткан. Жыгачтан чара, челек, кашык, чөмүч, аяк чапкан усталардын айткандарындай, тоонун тескей, күнгөйлөрүнөн ченетип, арчаларды алдыртып, сай тал жапан теректерди кыйдыртып келип,койдун кыгына, чок күлгө көмдүрүп, табына келгенде узантып чебердетип жыгач чаптырып, идиш кырдырган. Даяр болгондорду суу боюндагы салкын жайларда, күндүн нуру тийгизбей кургаттырып, идиш-аяктарды бөлөк-бөлөк кыла майга кайнаттырган. Майга бышкан кеселер ар кыл түскө келип, көргөндөрдүн көз жоосун алгандай эле.

Ал эми казан-аяка букта, колунан көөрү төгүлгөн Шааркул келип, келин-кыз, кемпирлерге пахта, жун ийриттирип, даяр болгонун ченеп, өлчөп таар сокмондорго соктуруп, ар бири адам боюнан ашкан, туурасы кулач келген каптарды тиктирген. Отун даярдагандарга ашканадагы керегe бойлуу бакандарды тикесинен орноттуруп, узун туурасынан карыларга илдирген. Каптарды кол алдындагы келиндерге ун чылатып, шыбаткан. Адам бою калдайган

каптарга ченеп чыланган угут салдырып, казандарда кайнатылып бышкан шактарды муздаган сон куйдурган.

Кун сайын каптарды жарымдата толтуруп, кор куйдуруп ар бирин өз көзөмөлүнө алган. Ар он күндө корун жанылап, ачыган өткүрүн ачыбаганына куйдуруп, керегелерге камыш, чөп калатып тостуруп үйдүн ичин жылуулаткан.  Улам шактын кору кайнап, кап ичинде ары-бери антарыла ташыганын адам боюу келип, керегеден аша берген саалкам бөксөсүнө куйдуруп,   жыйырма капты ачытып бозо даярдаткан.  Күчүнө кирип, даамына чыксын деп өрүк-мейиз коштуруп, ар бир капка улам-улам койдун куйругунан салдырган. Отун жарып, от жаккан, союш союп, эт бышырган,  ары-бери чуркап иш кылгандар чарчап, ары чанкап, тандайлары катып келгендерге жаны сүзүлгөн бозону кара кесеге толтура сунушканда, аптыга жутканы антарылып, алдуулардын бутары чалыштап, бозонун күчү сыналган. Мына эртеден бери эки жигит кулачтап, шак куюлган дүраны силке, бозо сузуп жатышты. Эшиктеги кызытылган казанга челектеп ташылган бозо жылытылып, уламдан-улам буусу көтөрүлө чоң үйгө ташылат.

Он эки канат боз үйдүн ичи бака-шака. Жаштарына карай аксакалдата отурган бийлер. Уйдун ичи ысыгандыктанбы, же угуту ташкан бозонун күчүбү, көпчүлүгү тондорун чечишип, женилденип алышкан. Алды терлеп  «ыр кесе» башталган. Өнөргө шыктуулары гана «ыр кесеге» жооп кылышпаса, көбү ырчы, комузчуларын этек тарапка отургузушкан. Ош жергесине мейман, ары жашы жагынан улуу дешип, бийлер «жоро бозого» да    Маматкул бийди «бий» шайлап алышкан. Эреже боюнча аны менен  «эрке баланын» айтканы айткан, дегени деген. Калгандары ал экөөнүн айткандарынан чыгышпайт. «Жоро бозо» учурунда эмне деп айтышса да, таап аткаруулары милдет. Эгер аткарышпаса «күнөөкөр» аталган кесенин бозосун ичип беришет, же ырдап кутулушат. «Жоро бозонун» эрежесинде баарынын укугу бирдей. «Бий» менен «эрке бала» гана айткандарын аткартышат. Тапшырмаларды   беришет. «Байбиче» деген бийдин, же эрке баланын айтуусу менен кандай кесеге бозо куюп таркатышын, ал

эми «кесе күл» толтурулган кесени, же бошогон кесени узатып, кайра алып бозонун ичилишин көзөмөлдөйт. «Бий» менен «эрке баланын» айткандарын аткарып, отургандардын сөзүн, пикирлерин аларга билдирет. «Бий» менен «Эрке баланын» талаптары толук орундатуулусу тийиш. Ар ким билгенин кыла бербейт, ашыкча сөз сүйлөбөйт. Сырттан кызмат кылгандардын бириси кирип, «байбченин» кулагына шыбырай кетти.

-Бийим, ысылык даяр болуптур. Алып келишке уруксат бересизби? деди «байбиче».

-Ысылыка эмне берилет экен?

Алдын параданын этин тартканга уруксат суранышат.

-Паранда болгондо да, кайсынысыныкы?

-Улар, кекилик, тоодак, чил эттери даяр болуптур.

- «Эрке бала» билсин деди тордогу «бий» уй ээсинин ыктыярына коюп.

-Бөлүп, түрүнө карай алып келип отурабы. Бардыгын бирден чарага салып алып келсин деди.

«Эрке баланын» айтканы менен «парандалардын» бышкан эттери бирден чарага чогуу салынып, отургандардын ар бирине өз-өзүнчө таратылды.

-Бийим,ысылыктын алдында «кыркма» кылалыбы? деди «кесекүл»

-Жок «дем албастан» узат-деди бий.

«Жоро бозонун» эрежеси сакталып,тамак менен кесенин түрлөрү келтирилип жаты. Отургандар женилдешип, канаттуулардын этин жешкен сон кайберендердин, аркар, кулжа, эликтин эттери келтирилди. Отурушта «бий»менен «эрке бала»гана каалаганындай отура алышат. Алар жамбаштап, буттарын сунуп, каалаcа кырланып жатса өз эрки. Ал эми калгандар бир калыпта малдаш токунуп, же чөгөлөп гана отуруулары тийиш. Эки жолу мейман чыгыш кылып, женилдеп келишкенден соң койдун этин келтиришип, куйрук, боор алдырылды. Этке көнгөн бийлер шапаттай боло кесилген куйрук, боорду чайнабай жутушуп, экинчи

табак узатылып жатканда, кимдир бирөөсү жанаша отурган шеригине тийише кетти.

-Канча куйрук жей аласын?

-Сага тен келе алам

-Келе, мелдешебиз?

-Эмне коесун?

-Бир кой

-Жок. Эки кой

-Эмнеге эки кой?

-Бир койдун куйругун экөөбүз жесек, мына бул карап отургандар жөн калышабы?

- Эки койду, утулган тарап төлөйт

- Макул, качанкыга мелдешели?

-«Жоро бозодон» кийинки күнгө дейли

-Жок, «жоро бозодон» кеткендер «мелдеш көрөбүз» деп кайра келмек беле?

-Мейли анда «жоро бозо» бүтүшүнө даярданалы.

Экөө көптүн көзүнчө кол алышты.

«Жоро бозо» тартиби менен өтүп жаты. «Эрке баланын» кезеги жакындай берди. Тилекке баатырдын эн кенжеси «эрке бала»-Ажы бий, бир эле үйүндө гана эмес, элине да эрке. Ойлогонун иштеп, айтканын аткартат. Бүгүнкү «Жоро бозо»анын кезеги. Көп жердин сыйын көрүп, эркелиги менен алардын кем-катыгын таптыртып, ары жоро бозонун кызыктуу, ары көнүл ачуу деп, буга чейинки отуруштарда оюна келгенин аткарткан. Жайдын күнүндө тон кийгизип, кыштын күнүндө жылыначтатып отургузган. Отуруш кызыганда тирүүлөй кайберен карматтырып, камап чаптырып, ичкен тамак сиңсин деп, жоо бастырып тамашаны ого эле кызыткан. Отуруш бир чети кезек, экинчиси тамаша, үчүнчүсү аркы-берки соз айтылып, кимдин кимдиги билинип, ааламдагы жанылыктардан кабардар болушат. Жаман жакшыга баа берилет. Ата-бабалардын тарых-таржымалы, санжыра айтылып, ырчы, комузчу өнөрпоздордун, чабандес балбандардын өнөрлөрү бааланат.

Ажы бий өз кезегине өзгөчө даярдык көрдү. «Өрдөгүн жесең каз байла» деген сөздү эске алдыбы, же өзүнүн бийлер арасындагы аброюн эстедиби, бу тарабы Кашгар, Бухарага чейин каттаган соодагерлерге табыштап, даамдын түрүн алдырды, жемиш как идиш-аяк, дасторкон, кол арчуу, устукан түйө турган бөз баштыктарды унутта калтырбады. Абдес, чылапчын, казан, табак, чырагынан бери таптыртып келип, мергендерди илбесин канаттуу куштарга чыгарып, кээлерин сүрсүттүрдү. Кээлерин жаны бойдон муз алдында каттырды. Туу калган бээлерди байлатып, күрпөң козуларды короого киргиздирип, мейманчылыка керек болгон оокат, буюм-тайымдардын кем катыгын калтырбады.

Мейман бир жайга барса, өөнүн таап, байкап көрүп айтып кетет, Ашыгын байкап, үйрөнүп кетет. Алангазар акмагы болсо, тойгонун айтып мактанып кетет. Атасы Тилеке батыр да коп жерге барган, коп сыйды көрүп танданган. Пейилдин кенендигине, дасторкондун берекелүүлүгүнө баа берген. Меймандостуктун кучагы кенен. Канчалык жазса жазыла берет. Ал эми питина сараңдардыкы куурулуп тарый берет. Пенде баласы:

-Тапканым өзүмө буйрусун, бала-чакаман, жакындарыман, меймандарымдан аябайын. Баарыбызга насип кылсын деп ниет кылат тура. Жараткан да, бергенге берем дейт экен.

- «Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт»-дейт элдик осуят. Адам сыйлаган пенде жерде калбайт, «Сыйга сый, сыр аяка бал», «Бир жерден даам сызсан, мин жолу салам бер» дейт элде. Меймандостук байыркы бабалардан калган асыл мурас, Кыргыз эли меймандостугу менен улук.

Деги эле кыргыз сыйдан аянган эмес. Куда-сөөк, дос-жар, тууган-урук күтөбү, үйүнө алыс-жакындан мейман келеби, ашынын алдын, кийимдин ардуусун, буюмдун нукурасын,малдын асылын ага тартуулаган. Алганы ыраазы болсо сүйүнгөн.

Мейманды канчалык ардактап, баалап сыйлаганын, өзүндү барктаганын. Кадыр-сыйга татыктуу экенинди билдирет-дейт улуулар.

Ата-баласы элдин намысы деп дасторкон жайып, мейман күтүүдөн аянган эмес. Анын үстүнө шылтоо менен кыргыздын он-сол, ичкилик топторунун билерман бийлери түгөл келип отурат.

«Жоро бозо» элдик салт. Кимдин кимдиги билинет.Уруунун топтун, айылдын өзү тендүүлөр: тели-тентуш, жек-жаат, көнүлү келишкендер менен убадалашып, кезектешип сый көрүшөт. Мынаң келди, тентуш, азил-тамашаны түшүнө, кепти көтөрө билген, анча-мынчага терикпеген жоролор бозо ичишип, кенири отурушат. Жалан тентуштар аркы-берки соз айтышат. Бири-бирин шакаба чегишет, ал күлкүгө айланат.  Ага эч ким терикпейт. Мында онорпоздор, сөзмөрлөр, куудулдар отуруштун көркүн ачат. Мында сөз көтөрө албас-терикчээлдер, ачуусу тез, урушчаактар, чагымчыл, ырк бузуучулар чакырылбайт. Андайлардан баары качышат. «Жоро бозодо»  чыр болушу керек эмес. Баары оюн-кулку, тамаша менен өткөрүлүшү тийиш.

Калмак жапырыгы Казакстан, Кыргызстандын түндүк тарабынан басып,  контайчы баш болгон тайчылар кен жайыттарды ээлегенде, ал тарапта жашаган казак-кыргыздар Фергана аймагына журт которуп качып келишкен. Кыргыздын он канатындагы тагайдан таркаган солто сарыбагыш, бугу, черик, саяк, монголдор, сол канаттагы саруу,  басыз, бобой, кушчу, мундуз, кытай, ичкилик жана кыпчак топторун дагы абат, кангы, найман, төөлөс, тейиттер. Ош, Анижан, Наманган, Фергана шаарларынын айлана-тегерегине жер которуп келишкен болчу. Алгач уч-торт жылдай абал копту болуп, кийинчерээк эл ичи тынчып, ар ким өз тиричилиги менен болгондо эл ичиндеги аш-той, каадалар кайра уланган.

«Басылгандар-басып алуучулар» ортосунда кээде тополон чыгып, кээде тынчып, келин алып, кыз берген, куда-сөөк, жээн-тагалардын каттамы улана берген. Жаны көчүп келгендерди өрлүктөмөй, мейманчылыкка чакырмай каадалары кыш мезгилинде «жоро бозо» шылтоо болгон. Жалан бийлерге бүгүн баргы уруусундагы бийлердин бийи Ажы бий сыйын көрсөтүп отурат.

«Кыркма аяк» көбүн кызыттыбы, баягыга караганда уу-дуу көтөрүлгөндөй болду. Бирин-бири кубаттап:

-Та-арт, алдаяр!

-Так көтөр!

-Аяктын түбүн кургата кой!

-Дем албас. Карап тургула «пыш» эттиби

-Азамат!ичсе ушундан ичсин.

- «Эрке баланын» бозосу, бозо эмес бекен!

-Ооба! Тим эле түтөйт-деп кубаттап жатышты

-Э-эй жоролор! Бүгүн эрке баланын үйүндө бир эсте каларлык иш кылбайлыбы?-деди жоон ортодо отурган бирөөсү.

-Кана, эмне кылсак болот? Жанындагы суроо бере кетти

-Мисалы ушул терлеп отургандар чечинип алып, карда алышалы.

-Эй, өзүндүн бий экенинди унутпа! Аны бозого мас жаш балдар кылышат.

-Анан эмне кылабыз?

-Ушул эрке балага, бир белек тартуулайлы

-Эмне белек? Эрке балада баардыгы бар.

-Кайберен кармап берсекби?

-Канаттуудан айт

-Жок болбойт. Карышкыр кармап берели.

-Туура, карышкыр ылайык

-Карышкырды кайдан табабыз?

-Жердин баары камыш, токой экен.

-Ооба, эрте менен келе жатып изин көрдүм.

-Эй токойдо кайберен эмес, жырткычтын түрлөрү жүрөт. Айтсын, тандаганын чаап беребиз.

Бирөөсү айткан тамаша, чынга айланып кетти. Баары жабалактай карышкыр кармоону туура көрдү.

Төрдөгү «жоронун бийи» Маматкул бий кесекүлгө буйрук бере кетти.

-Анча-мынча жел өпкөлөр кызый баштады. «Бий кеседен» бирден бер. Кезектеринен кутулуп алышсын!

-Бийим, карышкыр чабышты көбү суранып калышты, сиздин бүтүмүнүздү уксак дешет.

-Мейли, үйдө тердеп-булап отура бербей, сергип алышсын. Азыр «бий кесени»кыдырт.

Байбиче бий кесени толтуруп «касакул» шыпылдата кош колдоп узата баштады. Отуруштун тартибин билгендер келсе колдоруна тиери менен кош колдоп кармап Кесекүлгө көз ымдашат. Отуруштун тартиби бийдин кесеси колуна тиери менен кошколдоп кармап тегерете ичиши керек. Эгер жарымын ичип, же ооз тийгизе токтоп калса, бозо куюлат. Көпчүлүк көнүл боло турган дагы бир шарт, кесени алганда да, узатканда да, кошколдоп кармашы тийиш. Эгер жалгыз кол менен алып же берсе анда ал адам айып тартат. Бозонун көбүгүн үйлөгөн, тогуп алган да  айыптуу. Аны ар бири жакшы түшүнүшөт.

Кыштын узак түнүндө  «жоро бозонун»тар бир эрежеси тартиби менен өтүп жатты. Отургандардын кынталып калганын билген бий, эки-үч жолу эшике чыгышка уруксат берди. Ар бири кирип келе жатып, ийиле саламды дангал айтып,  уруксат сурайт. Бийкирсин! десе кирет, Кирбесин десе, кайра салам айтып баш багат. Кээ бирлерине «ырдап кирсин», «туурап кирсин» деп, отургандарга күлкү-тамаша көрсөтүлөт. Акындарды айтыштырып, комуз-кыякчыларга күү черттиришет. Оюн-тамашалардын көбүн эсе бийдин он-аталыгы, сол-аталыгы уюштурат. Эгер аларга караштуу он-сол тараптагы бирөөсү эрежени бузса, колундагы кесени төгүп, иче албай койсо, же уктап калса, ошол жактын аталыгы жаза тартат. Он тараптын этегинде отурган бирөөсү улам уйкурсурай баштаганын көргөн он тарап бийге суроо узатты. Уруксат бересизби бийим, Менин букараларымын бири сыртка чыгып, түндүн кайсыл маал болгонун  билип келсин?

-Уруксат. Бий баш ийкеди

-Түкү, бийдин уруксаты менен эшике чыгып, түн кайсыл маал болгонун билип кел!-деди он аталык уйкусураган бийге.

Ал ийиле сыртка чыгып баратканда, отургандар жаалашты

-Ырдап кирсин, бийим?

-Ырдай албаса, мөөрөп кирсин….

Туку бийдин чыкканынан да, киргени бат болду.

– Ассалоому алейкум таксырлар,
Айтып кирдим саламды.
Сыртка чыксам карангы,
Кайсы жылдыз чыкканын.
Кабарласам жагамбы,
Асманга жылдыз толуптур.
Тан кулан өөк болуптур,
Шамал, аяз ышкырып.
Жердин бети тонуптур,
Кайберенин чуурутуп.
Карышкырды курутуп,
Илбесинин уркутуп.
Тос,чап,карма дей, турган.

Мезгил ээ болуптур-деп кыйкыра ырдап киргенде, кызуу отургандар чуулдаша бата кылып жиберишти.

-Ашка барака, башка дөөлөт, Оомийн дешип беттерине бата тартышты.

Төрдөгү бий көптөн чышга алган жок. Анын да каны кызып:

-Аттарды тарткыла!-деди

Эшике жабыла чыгып баратышкандар, босогону аттап-аттабай жатып:

-Кана келтек, куу союл десе, экинчиси

-Менин камчым эле курал, карышкыр эмес жолборсун жалпайта чабам-дейт эрдемсип.

Танкы үрүн-баранда жабыла аттанышкан бозокорлор тээ этек тараптагы дүнкүйгөн камыштуу токойду көздөй чуу коюшту. Эрте мененки тынчтыкты бузган кыйкырык-чуулдан чочулаган карга, кузгун баш болгон канаттуулар паркырай учушуп, чуу тушушту. Эми эле жылуу үйдө терлеп отурган бозокорлор чыкыроон аязды сезип да коюшпай, ат чабым алыстыктагы чычырканак, жылгындуу сай тал аралаш, камыш ширелген токойго жете келишти.

-Ээрчишип чапсак, колго эч нерсе илешпейт

-Алды-аркага өтөлү

-Токойду орой келсек, эч бири качып чыга албайт

-Алдынан аң качырганды, «катын»деп башына жоолук салалы

- Ай-ай! Анчалыка барбайлы

-Өттү-кетти деп, карап тура беришет.

-Ким карышкырды тирүүлөй кармаганды баатыр деп атайлы

-Ансыз да, карышкырга «баатырдын батыры» даап барат

-Ооба, сүрүнө анча-мынчага адам туруштук бериши кыйын

-Тирүү кармабаса да, чапкан эрдик

-Кана, ким чабат, ким кармайт? Эми көрөбүз

-Деги, токойдо карышкыр бар болду бекен?

-Донуз, элик болгон жерде карышкыр болбой койбойт.

-Бийик тоолорго, кар оор түшүп, карышкырбы, кайберенби эңкүүлөп, чер токойлорду байырлап калышты

-Карышкыр тутпай, каман тутсак да абийир

-Эрке балага тирүү карышкыр кармайбыз деп, көпчүлүк убада бердик. Аткарбасак уят.

-Кана, ар кимибиз бакылдап тура бербей ишке киришели.

-Элуу кадамдай аралыкта жүрүп, кыйкырык сүрөөн менен айдайлы.

-Кеттик!

-Жок, түгөл келишсин. Баарыбыз бир мезгилде, сүрө жүрөлү.

-Айт! Тос, чап!-деген көптүн үнү сайды көтөрдү. Бардыгы булкунган аттарын теминип, алыстан эле колдорундагы суу таяк, куу союлдары менен ар тарапты бирден каккылап, коюу токойду аралата бастырып келе жатышты.

Түнү менен черде, дүпүйгөн чарда жаткан жаныбарлар жабыла кыйкырып, карсылдата дарактарды сабап келе жаткандардан үркүп, дүрдүгө качышты. Айлана-тегеректи орой, чуу көтөрүп келе жаткандардан айбыккан кайберен, жырткычы болобу, ары-чуркап, бери-чуркап тосмого кабылышты. Улам элтендеше бирине-бири кабылып, ортолуктан чыгып кете алышпады. Ортолук тарый берди.

Тан атып, күн эбак эле көтөрүлгөн. Анчылыктын кызыгына баткандар баштарындагы, тебетейлеринин, үстүндөгү тондорунун, токум-копчукторун дарактарды бутактарына илешип, айрылып, жыртылганына карабай, астейдил алдыга жүткүнүшөт. Короодогу

малды жайытка айдагансышып, элиги менен донузду, түлкүсү менен чөөбөрүсү, карышкырын алдыга салып, күргүштөтө сүрүп, токойдун суюк тарабын көздөй бет алышты.

Бир маалда үч-төрт карышкыр көп караанга кошулбай, четтей жүрүп, бир жылчык табылса чыгып кетүүнүн аракетинде ары чуркашты, бери чуркашты, алар барган жайда кайберендер үркүп качып, алардан алыстап кетүүнүн аракетин кылышат. Куугунга алынган карышкырлар улуу карды куулачтай чуркашып, коюу камыш, черди аралашат. Ал тараптан кагуу жеп, кайра кайрылып, эптеп чыгып кетүүгө жылчык издешет. Куугунга алынгандардын жаны ачыдыбы, атчандардан айбыкпай аралай чуркашты. Жакын барганда кагуу жешип, кайра жалт беришет. Айрым аттар карышкыр жакындаганда жалт бере үрккөндүктөн, көпчүлүк үн көтөрө чуулдашат.

-Айт! Чап, Сок. Ур.

-Үч, карышкыр көп чуу чыккан жактан жалтанып, кайра аркаларына кайтып,алапайларын таппай жатышты. Көпчүлүк башка кайберендерге көп дале көңүл бөлүшпөй, карышкырлар менен гана алек. Бир маалда кайра тартпас, курч аттарын теминип, колдоруна союл алган үч-төрт жигит көптөн бөлүнө ортого чыкты.

-Бириндегиле, топтошуп турбагыла! Бир-бирден кубалагыла!- деп кыйкырды улгайган бирөө.

Куугун катуулагандан улам бөлүнө качышты. Шериктеринен бөлүнө туура качканы канчык карышкыр көрүнөт. Шамдагай чабандес анын аркасынан сая түштү. Алапайын таппай, тынымсыз чуркагандан чаалыкканбы, улуу карды арыштай качкан жырткычка Алыке чабандестин аты омороЛой барып, жете түшкөндө, ал эңиле калып, союл шилтеди. Суу союл жөнүна дал тийдиби, карышкыр көмөлөнө кетип, карга тумшугу менен сайылды.

Күү менен келген аргымак, карга уйпаланган карышкырдан өтө чыкканда Алыке ат оозун тарта кайрылды. Карга сайылган карышкыр шамдагайлык менен тура кала, чабандестин энилип чапканына каршылык кыла «аркырап» бийик секирип, атырылды.

Аты жалт бергенине карабай Алыке союлун булгай шилтегенде, карышкырдын как чокусуна дал тийгизгенден улам, ал «ар-рр» эткен бойдон, оозунан кан куюлуп, сунала жатып калды.

Экинчи карышкырды да үч чабандес тосмолоп жатышып, бириси качканда экинчиси чаап, сулатышты. /чүнчү карышкыр дөбөтүбү, эч кимге моюн бербей, чапкандарды жазгыра буйтап, качып жөнөдү. Күндө тан ашырылып, табына келген атын, баятан бери чарчатпай, коп арасында катарлаша келген Алыке балбан аргымагына камчы басты. Оморосуна келген карды сапыра жиреп, чанытып качкан карышкырдын аркасынан түштү. Дөбөт карышкыр күүлөнө чуркап барып, мандайда тосмолоп турган көпчүлүктүн көтөргөн союлунанбы, же жер жанырткан чуусунанбы, аларга жете берип, кайра кайрыла бергенде жете барган Алыке балбан эниле калып, камчысын шилтегенде ойт бере чыга барды. Чабандес атынын күүсү менен өтүп барып, кайрылды. Бири качкан, экинчиси кубалаган болуп, ортодогу чакан аянттын карын сапырышты. Кыйкырык-чуу көтөрүлдү. Улам бултактай качкан жырткычка ачууланган чабандес, аянттын бир четине жетип, жылчык таппай кайра кайткан жырткычтын артынан демите кубалады. Жетип барып куйруктан бурай тутамадады да, кар бетине силке чапты. Дөбөт карышкыр каршылык кыла «ар-р» эте кайрылып аркасын капканда, аттын итиркейи келдиби, же жаалдандыбы, чуркап баратып булка тиштеди. Тутамындагы куйрукту кое бербеген чабандес, дагы буургай көтөрүп тыбырчылаганына карабай ээр кашка желкесинен ныгыра, улактай кылып асып, сол колу менен жаактарын капшыра кармады. Балбанга моюн бербеген карышкыр буту-колдорун тыбырата булкунуп, бошонуп кетүүнүн аракетинде болду. Ангыча Алыкенин шериктери жете келишип, тыбырчылаган аяктарын булка тартышты. Ага да моюн бербей, туйлай бергенде, эки чабандес аттарынын оолдорун тарта тура калышып, карышкырдын оозуна камчы сала, кемөөчтөй буттарын байлоого үлгүрүштү.

Кыйкырык чуу көтөрүлүп, байкаша болуп тургандар жабыла ортолука ат коюшту. Элтендеген эликке, «коркулдаган донузга» эч

бири көнүл бөлбөдү. Куйругун кыпчыган чөө бөрүлөр, ар тарабын жалтандай караган түлкүлөр атчандар кеткен боштукту коздой сызып жоношту. Аларга көнүл бөлүп кубалаган эч ким жок.

-Азамат. «көк жалга» кок жал пар келди.

-Карышкыр чапкан ким?

-Ким болмок эле Алыке баатыр да

-Алыкенин колунан келет

-«Көк жалды»куйруктап,чапка баскан ким болду.

-Абдыкайбар балбан

-Абдыкайбар дегени ким эле?

-Ажы бийдин агасы эмеспи

-Ооба,ооба. Баргыларын четтен эле балбан окшойт?

-Бакал баатырдын урпактары жөн адамдардан эмес

-Бир карышкырды үчөөлөп «токмоко алгандар» кимдер?

-Ким болмок эле, Тилеке баатырдын тобунан да

-Чыкчу жерден чыгат. Бу баргыларын четен эле эр көрүнөт

-Оомады келишип турса, катыны да карышкыр чапайбы

-Деги айтам да. «Элик чапты, каман донуз чапты» дегенди укчу элем. Карышкыр чапканды биринчи корушум. Капырай, биздей эле адамдар чабат тура деди анкоосунган бирөөсү, сөздү күчөтмөккө.

-Адамдын колунан эмнелер ган келбейт. Белинде күчү, колунда каруусу барлар гана чабат

-Күч көрүнгөндө эле бар. Кептин баары, жүрөгүндө. Жүрөгүндө жалы барлар гана чабат.

-Балбан дегени башка болобу дейм, ушунчабыз туруп, бирибиз ат ойнотуп ортого чыга албадык го.

-Ат үстүндө бары эле балбан. Кептин бары жүрөктө. Ана карачы, ат үстүндө тургандар «кемечтелген көк жалдын» жанына даап бара алышпай турат.

-Ооба. Эрдикти да, күчтү да кудай бийлерге бербейт тура.

-Бийлерге кудай буйрукберишти эле, насип эткен

-Түндө бары эле «эрке балага» карышкыр чаап, тартуу кылабыз деп опурулуп жатышпайт беле?

-Жоо чапкан баатырлар.  Данкы бийлерге калат.

-Ал болуп келген иш. «Жоону Чубак чаап, аты Манаска калганы» айтылып эле жүрбөйбү

Андын кызыгына баткандардын ар кими, ар кыл сүйлөп, өз абройлорун айтып жатышты. Көптүн оозун кымтыят. Эрдемсип которулгондор болду. Акыл айтып намыстангангдар чыкты. Акыр аягына келип, ынтымакташып бир бололу дешти.

-Ырас, моюнга алалы. Кыргыз кычылыгыбызды койбойбуз. Бой көтөрүп, бирибизден-бирибиз өтүп өйдөсүнөбүз. Бирибизге бирибиз барууга тоң моюндук кылабыз. «Ал эмнеге мага келбейт» деген менменсинүү бар. Кокустан алдыга келсе, кормоксонго салып, тескери бурулуп «Эми башына иш түшкөндө келеби? Башта кайда жүрдү эле?-деп кыйкыймдайбыз.

Мына, ушинтип жүргөн казак туугандарыбыз эми болду. Сай таппай, ар тарапка чачылып кетишти. Канчалаган карапайым эл кырылды. Болбосо, калмаакылардын саны казактарга жетет беле? Жетпейт болчу. Жарымына аран тен келмек. Ойрот биримдигин түзүштү. Ынтымак менен куч алышты. Аларды көрүп, билип туруп эмнеге, анкоосунабыз.

Анжиандык туугандар. Баарыбыз бир атанын балдарыбыз. Он-сол, отуз уул, он уул ичкилик, кырк уруу кыргызбыз. Он  канат, сол канат ичкилик бир денебиз. Бирибиз  болбосок, бирибиз бир бүтүн болуп жашай албайбыз. Ыракмат. Биз келгенде «бирибиз эле» деп, кучагынарды кенен жайып, койнунарга батырып отурасынар. Тууганбыз деп, өрлүктөп, меймандап сый көрсөтүп жатасыздар. Анынарды биз жакшы түшүнөбүз. Бирок, жунгар-ойрот келип, эли-жерибизди каршы-терши аралап, талап-булаганда эмнеге бири-бирибизди эске албайбыз? Эмнеге баш кошуп, бир туунун алдында бириге албайбыз? Баарыбызды муунаган да, башыбызды кеңгиретип, акылыбызды уурдаган да анколугубуз. Бой көтөргөн өйдө сүнгөнүбүз. «Кара-Куланын баатыры келип, арканы чапты десе. Жер алыс деп имерилбегендерге ырас болуптур» дединер. Галдан Бошокту басып кирип, Андижан-Ошту талады десе. «Таласа талай берсин, бизге тийбесе болду» дедик. Акыры эмне болгонун

көрүп билип турабыз. Элибизди, эртенки тагдырды ойлогондор барбы? Эмне болоорубузду кимин айтып бере аласыздар? Эл эртени эч кимдин санаасында жок.

Мына, топ карышкырды бириндетип журуп кармадык. Алар да карматпайт эле. Көпчүлүккө салдык. Көптүн ичинен баатырлар, эр азаматтар чыгышты. Алар жырткычтарды кубалап жүрүп, колго түшүрдү.

Дал бугунку окуя, биздин башыбызга келип турат. Төрт тарабызда, төрт душман; Чин-кытай, ойрот-калмак, кокон, орусия. Алардын коркунучуна маани бермек тургай, ойлонгон жокпуз. Ал тургай оюубузга келе элек. Алар сугалактанып, биринен-бири оозуп, эртерээк басып кирип, эли жерибизди ээлеп алгылары келип турат. Буга маани берели, кур намысты коюп болорман бирибизди башчылыка көтөрүп, бабалардын туусун көтөрөлү..

Чогулгандар арасында жашы жагынан да, акыл-аброюу жагынан да өзгөчөлөнгөн Маматкул бийдин сөзү көбүн ойго салды. Айтса айтпаса төгүнбү. Баарын көрүп-билип турушат. Калпысы жок. Ынтымакташганга не жетсин!

-Карыган чал алжыптыр. Алыскы жерден ал мага башчы эле деп алдына барамбы?

-Айта берет, башка бирө башчы болуп, мага эмне кылып бермек?

-Башчым деп андан эмне акыл-кенеш сурайм?

-Аны кыл, муну кыл-деп тескөөчүнүн мага эмне кереги бар

Ар бий өзүнүн акылына жараша ой-ойлоду

-Бар, жок деп айтууга кошула албай, мелтейишти.

-Бийим, башчылыка кимди ылайык көрөсүз?-Ортодон бирөөсү капылеттен суроо бере кетти.

-Туура көрсөнөр мен, болорман атанын баласы Ажы бийди ылайык табам

-Туура, Адыгине атабыз да, он-сол, ичкилике бирдей караган. Баргылар да тектүү уруулардан.

-Ооба, тектүүлөрдөн жаман чыкпайт. Ажы бий ылайык.

-Туугандар! Бизде уруу-урууга бөлүнмөйүбүз бар. Жалпы эле кыргызбыз деп кеп кылалы –деди дагы бири

-Уруусун, уругун айтпаса кимдин ким экенин кайдан билебиз. Теги жок бирөөнү башчылыка кантип көргөзөбүз. Биринин сөзү экинчисине жакпагандар сөзгө конок бербей кыйкырып жатышты.

-Туугандар! Бий абабыз, көсөмдүк кылып, эртенкини көрө билип, оюн ортого салды. «Өзөктөн чыккан өрт, өздөн чыккан жат жаман»-дейт элибизде. Алдыга келип ийилип, көкүрөгүн колко кылган, сыпайыланган сарттар бизге жакшылык кылбайт. Бу Коконду биздин аталарыбыз тикелегенин жакшы билебиз. Булардын «койнунда котур ташы бар». Акырындык менен алдап, жер суубузду ээлеп келе жатышат. Жон койсок, эртен «чегинер бөлөк»-деп, жүрбөсөн. Бүгүндөн тартып, энчисин бөлүп койбойлубу деди бий.

-Кокон бизге эч нерсе кыла албайт. Калмактардын барымтасынан аларды биз бошоттук. Эрдененин колунан балээ да келбейт.

-Эй, «сарт там айланганча». Кечээ жакшылыгынарды унутпайм, деп чөгөлөсө, бүгүн эртен тааныгысы келбейт.

-Бий абамын сөзүнө кошулалы. «Жоо келбейт, жамандык болбойт»-деп айтыш алабармандык. Бардык ишке шай туралы. Ажы бийдин башчылыгына мен ыкырармын деди Турчу бий.

-Бозодогу бок сөз-делет. Бул иштин бозо ичкен жерде макулдашпай, дагы бир күнкүгө макулдашалы. Баары бир бир башчы керек. Аркалык туугандардын айткандарына макулбуз. Бийим, кийинки чогулганыбызга күн болжойлу деди, бийлердин арасында улуураак бирөөсү.

Бул сөздү баарысы жактырышып, башчы көрсөтүүнү, башка күнгө калтырышып сүрүлө жөнөштү.

***

Кокондуктардын миңден ашык кош атчан чириктери Сасык-Булакка жетпеген күн жүрүш четиндеги адыр этегинде чатыр тигип, өргүп жатышты. Алар керээлден кечке машыгып, аскер оюндары

менен алек. Бири атын минип машыкса, экинчиси жөө чуркашып, алка-шалка терлешкен. Ар колоттун этегинде жан казандар асылып, болкулдаган эт кайнап, чокко какталган кебептин жыты буркурайт. Чериктер колдору бошой калышса эле майлуу эт-ашка күчтөрүн чыгарышат. «Тамак жетпей ач калыш, улоо табылбай жөө калыш бирөөсүнүн да оюнда жок. Алыстан аларды байкагандарга чериктер кандайдыр чабуулга даярданып жаткандай. Бирок чапса, кайсы убакта кимди чабат, ал белгисиз.

Тоолуктар короолорундагы малдарына ылайыктап, жердин шартына карай майда-майда айылдарга бөлүнүп, жайыт-оту кенен кокту-колотторго конушкан. Ар айылдын алыстыгы ат чабым алыстыкта. Мурдагы жоокерчилик заманда ар айылдын ортосунда тил коюп, ар үйдөн бирден жоокер ат жабдыкчан, курал-жарагы менен жоо чабууга даяр турушчу. Антпегенде бир келген жоо бүт айылды кырып кетери белгилүү болчу. Бирок, удаасынан келип, чапкан калмактардан кетип коога жок. «Жоо чапты»-деген каңшар да угулбай, эл арасы тынчыгандай болгон. Анын үстүнө кадимки жоо аталган калмактар Иле, Чыгыш Түркстан тарапка оогондон бери калаба билинбейт. Эл ичи тынч. Ошондон улам жай-кыш ичи мурдагыдай топтошуп кончу айыл жок. Майдалай жайытка карай конгон эл, мал аягы жеткен тоо-ташты аралай көчүп-конуп калышкан. Быйылкы жай тынч өтүп, мына ушул кеч күздө гана бийик төрдөгүлөр эңкүүлөй келишип, алды кышкы жайыттарынан орун ала башташкан.

Таң дык салаары менен кандайдыр бир жоо четки айылдарды селдей капташты да, аяк этегине карабай, кол жеткенин кылычтап, боз үйлөргө өрт коюшту. Өкүрүк ызы-чууга аралаш, асманга атылган көк түтүндү көргөндөр «Жоо келдилеп» кыйкырып, жайдак аттарына минген бойдон кырга чейин чаап барышып, айгай кала кыкырышып, өз айылдарынан кооптоно кайра тартып жатышты. Бир айылды чаап, экинчи айылга келип, эми көздөрүн ушалай жаңы туруп жаткан айылдыктарды чочута, айгай салган ачуу үндөгү душмандар короодогу малды үркүтө кубалашып, айылдагы иттерди абалатышып, боз үйдөн чыга калгандарга кылыч шилтешип,

сүңгүлөрүн сунуп, каршы-терши чапкылап жаткан чакта «Жоо чапты» деген кабар узун элдин учуна, калың элдин баарына жете келди.

-«Жоо чапты!» деген кабар менен Мана баатыр баш болгон жүз жигит дароо атка миништи. Согуш өнөрүнө мыкты билген эр азаматтар жоо дегенде коркуп, үркүп коюуну билбейт эле. Көпчүлүк жүргөн жолго салышпай, туш келди багыт алып, жолду кыскарта аргымактарын атырылта жүрүп беришти. Күү менен келген топ улам ар айылга чаң салып, малын сүрүп, элин тоноп, баш көтөрүп каршылык кылганын чаап жаткандарга кабылышты. Баскынчыларын басмачылыгын жакшы билген Мана баатыр чыйыр жолдон чыга тегеренип өтүп, түндүк тараптан чыгышты. Бирок, азсандагы алардын айгай салып, кылыч шилтеп, найзасын сунгандарын тоноп жаткандар көп эле тогушпады. Чет жактагылары тегерене коргонушуп, алды тараптагылары алып жулгандан айыгышпады. Жаңы күч короодогу койго тийген карышкырдай чамынышса да, алды чалмачан, кээлери белиндеги куру менен башын ороп алган кокондуктар көптүгүнө салып көптөп жатышты.

Аларга моюн бербей алыстап, чалма ыргытып, жакындаганын кылычтап, «шылк этме» менен чапкылаган кыргыз колу, каршылаштарын оңду-солду кечип жүрдү. Мана баатыр шериктерине кубат бере чамынып, жан аянбады. Бир кезде чарчап алсыраганын сезип, жан-жака белине абайлай көз салганда Абдыкайбардын караанын көрө калды.

Жете келип, үлгүрүшүптүр. Эми көптөшкөнүнө моюн бербейбиз. Баары бир, сүрүп чыгарабыз деген ойдогу Оболбек, шериктерине дем бере

-Сок. Чап, шилте. Катылгандардын катыгын берели деп, кыйкыра аргымагын теминди.

Анын үнүн улай, кыргыздар бири-бирине үн сала:

-Сок. Ур.Ур-а!-деп кубатташты. Шерденген кыргыздар кайрадан кокондуктарды мойсоп, аралай чаап жүрүштү. Улам сүрмө топко салган кыргыздардын күчүнүн кубат алышын билген жоо, эми таламайынташтаышып, жабыла каршы чыгышты. Атайлап аттанган

душмандын жоо жарактары мол эле. Даярдыгы жок, шашыла келген кыргыздарды алар алыстан эле терип атып, араларын суюлта коюшту. «Жарактуу күнү жоо келбейт»-демекчи, жаңы келгендерди бир топ эле өксүтүштү. Эрдененин аскерлери куулугуна салышып, кыргыздарды найзалашууга жеткирбей алыстап, качып кармашып жатышты.

Курал-жарактары мол кокондуктарга Мана баатыр алы жетпесин билип турат. Жоо туш келди чачылган айылдарды кыйратып, элин чымындай кырып, үркkөн малын сүрүп келе топтоп жатышты. Кыргыздардын курал-жарагы жетишсиз, колу да чоктолуу экенин байкаган баскынчылар чындап,  жаалданышты. Кээлеринде гана кылыч, найза болбосо, жалаң колуна союл туткан жигитер баскынчыларга ылаачык тийгендей катылды. Эки тарап аралаша түшүп, душмандар төбөгө союл жеп, чакчелекейи түштү.

Арт жактан ызы-чуу улам катуу жаңырып, көп туяктардын дүбүртү угулуп, айгайлаган жаңы күч келип кошулду. Улам темине эрдемсип жаткан кокондуктар бир тарапка сүрдүгө сүрүлүштү. Алар качып баратышып да, кылчая жаа тартышып, каршылыгын токтотушпады. Шериктерине дем берген Мана баатыр ач кыйкырык сала куугунга түштү. Улам жете барып, союлун шилтеп, аргымагынын тизгинин тартпады. Ага куйрук улаш жигиттери жакындаганына кылыч шилтеп, алыстай түшкөнүнө союл чаап, куугунга катуу киришишкен эле. Капылеттен Мана баатыр көкүрөгү «тыз» эте калып, аттан ооп, кайра оңолду. Акыреги сынганбы, же катуу нерсе тийгенби бир мүрүсү уюп, боюн түздөөгө кубаты жетпей баратты.

-Баатыр, амансыңбы?-деп кимдир бирөөсү колтуктан сүйөй калганда, Абдыкайбардын караанын тааный:

-Бир боорум, жетип келипсиң. Куугундун артынан түшүп, тирүү кетирбегиле. Каракчыларды ае болбосун-деп шалдайган бойдон эстен танды.

Андан ары эмне болгонун ал сезген жок. Көзүн ачса өргөдө жатыптыр. Аябай чаңкаган экен. Суу сурады. Найза көкүрөгүнө кадалып, жаа өпкөсүнө тепчиле сыныптыр. Өзү ооруганына чыдап,

колу менен клам сыйпалай берип, колуна сынган жаанын укулу урунду. Сүйлөөгө дарманы жок. Баатыр канча убакыт жатканын билбеди. Үчүнчү күнгө караганда Мана баатыр ооруган жери басылып калгандай, буюлганы менен оозуна бир да наар албады. Жанынан карыш жылбай  улам тикчийе тиктеп отургандардан Оболбек түкшүмөлдөй сурады.

-Мен кайдамын? Кол аман калдыбы?

-Баатыр, колуңдун аман калгандары сыртта. Сенин абалыңды сурап отурушат. Жоо талап-бутагандарын алып кете алышпады. Азы качып, аман кутулуп кетишти-деди баатыр бардыгын билерин эске алган Абдыкайбар.

-Артынан куугун кылбадыңарбы?

-Качкандар жеткирбей кутулушту. Чамалуу кол менен Коконго барбадык.

-Кокондуктар жоо. Жөн койсо, акыры түбүңөргө жетет. Ажы бийге айткыла. Тил алсын. Жылан чакпай койбойт. Эртерээк башын жанчын.

Ал келе элек болсо керек?

-Кайтканын билдирип, кабар жибериптир. Чабаганчы эрте менен келди.

-Мен ага жоолуга албайт окшойм. Сапарым карып калды. Аманат кебим кокондун достугуна ишенбесин. Ал бизге калмак менен кытайдан ашкан жоо Эрдене менен эч бир элдешпесин.

- Абдыкайбар анын сөзүн улап, үндөбөстөн баш ийкеп, эч жооп кайтарбады. Мана баатыр онтогону күчөп, көзү аңтарыла оор дем алып жатты.

-Денем ысып, от менен жалын. Сүңгү тийген көкүрөгүм, жаанын огу кирген жерим, кабылдап кетти окшойт. Жебенин огун, сууруп эле таштагылачы.

-Боорум, чыда. Табып издеп кетишкен. Тоолорубузда мумуя менен мээр чөп көп болчу эле. Киши кеткен. Алып келип калат. Чыдамкай жан эмессиңби. Чыда. Бир ар күн тиштенип, күтөлү.

-Кайран кайбарым. Сени менен жоого бир аттанып, шердигиңе суктанып, үзөңгү кагыштыра бир жүрсөм деп самачу элем. Эми

катарыңда болбой калдым го. Чабуулга аттанганыңда, мени «жанымда» деп элестей жүр?

-Мен да сенен бөлүнбөйм дечүмүн. Мени, эрдикке шерденткен, сен эмессиңби, бир боорум.

-Кыйналып кеттим. Жаанын огун өзүң суурup таштачы?

-Боорум. Үч күн чыдадың. Бүгүнчө күтөлү. Бий да сенин көзүңдү, аманыңды көрүп калайын деп, ат алмашып, ашыга келе жатыптыр. Жанында табыбы да бар дешти.

-Мен да бийди акыркы жолу болсо да көзүн көрүп, элесин ала кетейин. Аттиң, аркалык туугандар анын акылын угуп, сөзүн жерге таштабаганда мындай болбойт эле. Бийди бир гана Кубат бий билип, ал түшүнчү. Мейли, ар кимдин акылы өзүнө чамалуу болот эмеспи. Жакшылыктар да буйруп, насип этээр.

Жараты кабылдап, жаны кыйналган Оболбек эшикке алып чыгууларын өтүндү. Эки жигит аны колтуктап сүйөп, эшикке чыгарганда ачык асмандагы күн отуруп бараткан эле. Батып бараткан күндү көпкө тиктеп туруп, жаанын учун өзү чымчый кармап суурup алды. Эси ооп барып, көзүн жумган бойдон, тынчып калды.

-Эсил кайран бир боорум. Эми кайдан табамын! деген өксүк үндөр коштолуп, чууга айланды.

***

Эмки эле тынчтыкты бузуп аркы тараптан дүңгүрөгөн катуу добуш удаалаш чыкты. Заматта жапайы ышкырык чыгып, «дүп-дүп» эте жерди солкулдаткан төө мылтыктын октору түшүп, топурак чаңып, айлананы каптап, эч нерсени көрсөтпөй калды. Атырыла калып токтогон топ, чаң-тополоңго түштү. Мурда мындай коркунучтуу үндү укпаган тоолуктардын аргымактары, кулактарын тикчийтише, жалт бере үркүп качты. Кээлери үстүндөгү ээлерине моюн бербей, ооздуктарын кемире бир орунла тура алышпай, кошкуруп тыбырчылашты. Кээлери кулундай чыңыра, туш келди чуркап таланы көздөй бой урушту.

Уюлгуган чаң басыла электе, маңдай тараптагы чептен үзүлө чыккан чакан топтун карааны көрүнө калды. Алар Кокондун элчилери эле. Эрдене бий атайын жиберген катында «Кудай мага бийик дөөлөт, кең оомад берди. Бүгүнкү күндө Ферғананын кең аймагы мага карайт. Аймагыбызды бирге кылып, чет жоого каршы бирге туралы. Алык-салык төлөп туру милдетин алсаң, Ош аймагыңдагы башкаруучулукту сенден тартып албайм. Эгер бул айткандарымды иштебесең, колуңду талкалап, өзүңдү туткундаймын. Анда сен эч нерсеге ээ боло албай каласың» дептир.

Ажы бий дароо аскер башчыларын чогултту. Көпчүлүгү Эрдененин сарбаздарынын көптүгүн жана алардын укмуштуудай каруу-жарактары бар экенин билишип ойлору эки анжы боло сестенип, бири-бирине суроолу тигилишти.

-Балдарын эле ага бере бергидей, Эрдене Кудайдын эрке баласы беле?

-Качан эле Паргана аймагындагылар ага карап калган?

-Аймакты бирге кылып, эмнеге алык-салыкты ага төлөйбүз?

-Жоону бирге тосмок тургай, ал өзү бизге биринчи жоо го?

-Өзүбүздүн Ошту бийлешти, андай сурабай эле койдук!

-Кимди-ким талкалашты, убакыт көрсөтөт.

-Коконго багынгыча, өлгөнүбүз артык.

-Сарт санаасы менен байыганын көргүлөчү?

-Өзүбүзгө, өзүбүз эле ээбиз!

Ар биринин оюу бир жерден чыгып, Кокон бийинин катына кыжырдангандыктарын билдиришти.

Аңгыча өзүнүн сынакы тобу менен Алыке келди. Ал жигиттери менен аттарынан оонай түшүп, абалды көрүп-байкап турса да, баягы адатынча

-Эмне жаңылык?-деп сурады

Абдыкайбар болгон жагдайды, бийдин элчилеринин келгендигин, Эрдене кандай талаптарды коюп жатканын айтып берди.

-Кандай чечимге келдиңер?-деп билмексенге сала токтошкондордон сурады Алыке

Эрдененин айткандары эле боло береби?-деди кайбар

Алыке сурдана маңдайда тургандарды кыдырата карады. Жүзүн кан тээп, түктүү каштары коюлана түштү.

-Эрденеге багынганча, өлгөнүбүз артык. Ал күркүрөгөн үнү менен-Жок, болбойт. Кокон бийинин талаптары менен эч бир келише албастыгыбызды бүгүн далилдейбиз.

-Алар көп. Каруу-жарактары да арбын. Коркунучтуу төө мылтыктары да мээлеген тарабын сая кетирбейт деп, бирөөсү айта баштаганда, Алыке анын сөзүн аягына  чыгарбай туруп:

-Эмне, кайра кайтканы турасыңбы? Сен согушканы келдиңби? Же адиягабы?-деп алп тулкусу менен бурула, ал тарапты сурдана карай береринде, сүйлөп жаткан жигит, өз оюн үлгүрө айта салды.

-Биз ачык талаада, аларга бута болуп бербей, согуштук жүрүшүбүздү өзгөртүүнү айтайын дегем.

-Мунуң башка кеп, баатыр. Дал сен айткандай жүрүш кылабыз-деди Алыке кабагын жаза, жылуу ырайы менен сунушун айткан жигит тарапты карап

-Бийдин элчилери кайда?

-Тиги коктуда, жооп күтүп отурушат.

-Чакыр! деди Ажы бий-Алар бизге адия эмес.

Ажы баатырдын кансөлү жок, суп-сур жүзү, канталаган чоң көзү учкун атып турганын көргөн, көк селделүү, узун жука чапандуу жеңил желекчен кокондук эки элчи «Жашообуз бүткөн экен!» деп бужүрөштү. Бойлорун коркунуч бийлеп, оркойгон мүрүлөрүнөн араң бөлүнгөн баштарын төмөн ийиле келишип, калтыраган буттарын араң башкарыша чөк түшө тизелей отурушту.

-Касиеттүү ордолуу оштуктарга, Кокондук жарамсыз бийдин койгон талабынын жазасы деп, мына  бул элчилеринин кулактарын кесип мултуйтуп, мурундарын кесип култуйтуп жиберелиби?-деди баатыр. Бирок, биз антпейбиз. Ата-бабалардан калган кааданы кастарлап, элчилерге кол тийгизбейбиз. А силер бийиңерге айта баргыла! Койгон талаптары суу кечпейт. Бири да кабыл алынбайт. Согушкусу келсе согушабыз.

Бийиңердин да, силердин да эсиңерге салып коеюн. Мурун кийинкилерди эстей жүргөн жакшы. Коконду Кокон кылып тикелеген кыргыз. Ферганага жоо кай тараптан келсе да, алга өткөрбөй, төшүн тоскон кыргыз. Аны Эрдене билмемишке салбасын. Чоң атасы Чамаш, өз атасы Абдарашит, абасы Абдалкаримди күчтөнтүп, бийликтеринин тикеленишинде оң-сол кыргыздын опол тоодой орду бар. Аны унутуп калса, билгендерден сурап алсын! Ал эми кечээки эле жунгарлар менен чин кытайлардын селдей кантап киришинде да, Ферганага, айрыкча Коконго коргон болгон кыргыздар экенин унутса аны Кудай урганы.

Кыргызда бир сөз бар «Кутурган түлкү, ийинине карап үрөт»-дейт. Ичкен кудугуна түкүрбөй, көзүн ачып жүрсүн! Же Кокон Эрдене келгенде эле түптөлө калдыбы? Коконго кыргыздын жакшылыгын билесиңерби? Же силер да унутуп калдыңарбы?

-Жо-о, Жок. Унутпайбыз.

-Билебиз, таксыр?

-Билсеңер, аны кайра эсине салгыла. Эси жок Эрдене, көппөсүн. Коңушуң тынч. Өзүң да тынч. Түрк атанын балдары, ислам динин тутунган Мухаммед пайгамбарыбыздын үмөттөрү ажырымга жол койбойлу.

-Куп болот, таксыр.

-Айтабыз, алдаяр.

-Мени менен сүйлөшкүсү келсе, чай кайнам убакыт өткөндөн кийин, тээтиги маңдайга келсин. Убадалашып, тил табышсак кайра кетемин. Коер талаптарды ар ким өз оозу менен айтып, өз кулагы менен уксун!

-Кутулганыбыз ырасбы?-дешкен элчилер, бирин-бири кылыя карап, сүйүнгөн бойдон жолго түшүштү. Бээ самдай убакыт өткөндө, Риштан тарапты көздөй курал-жарактуу калдайган калың кол жер майыштыра жылып келе жатты. Арт тарабы сейрек болсо да, ийин тирешкен кыргыз тобунун алдында турган Ажыбек каруу-жарагын, соот-шаймандарын жаркылдатып, шаар башчылары менен аркы тарапка келген Эрденеге карай сөз узатты.

-Эй, Эрдене бий!-деди Ажыбек-күрөө тамырларын көптүрө кыйкырып-Сен Кудайдын бергендеринин баарын энчилеп алгыдай, ким болуп калдың? Ал аз келгенсип, биздин багынып беришибизди талап кылыпсың. Алык-салык алгыдай, бүтүн Фергана аймагын бийлегидей, Ошко башкаруучу дайындагыдай сен кимсиң?

Абдыкерим агаң Калмактарга алык-салык төлөп, агаң Бабабек менен Абдырахманды ак үйлүүгө бергенде сен жаш элең. Ошондо биз ынтымакташып кыргыз-өзбек биримдигин түзүп, калмактарды, каптап кирген чин кытайларды Ферганадан сүрүп чыкканыбыз эсиңен көтөрүлүп кеттиби? Улам Өзгөн-Ошко сарбаздарыңды баштап барып тийиштик кыласың. Сен эмне бизге жоолашкан жоо болосуң! Өнбөгөн өөнүң болсо ачык айт! Курал менен сүйлөшүп, курал менен тынчышалы.

Ушул күнгө чейин, бир диндеги эки элдин ортосундагы ынтымакка ырк кетпесин, мазары бир, базары бир элдин ортосунда ажырым болбосун деп, зомбулугуңду билмексен, кычылыгыңды көрмөксөн болуп келдик эле. Бузукулугуң, көрө албастыгың жана ач көздүгүң түбүңө жетет. Жер, суу кимдерден кана калбаган. Ойлон. Дагы да кеч эмес. Бейиштин төрүндөй болгон Фергана аймагында кан төгүлбөсүн. Жер өрттөнүп, эл кырылбасын! Сен аскериңдин санына, курал-жарагыңдын көптүгүнө ишенбе! Жаман оюң башыңды жутат. Эскерткеним ушул болсун!

Кыргыз бийинин айтканынын баары туура болчу. Анын баарын уккан Эрдене эмне кылаарын билбей калды. Өзүнүн талабын, өзүнө кайтарып айтып берип турган. Ажыбекти, эгер жанында турса, кылыч менен чаап таштайт эле. Аралык ат чабым алыс.

Кыргыз жоокерлеринин ага мынчалык көп көрүнүшүнүн себеби Алыке Абдыкайбар менен Мамабаатырдын аскерлерин көрүнө жерлерге, атчандарын топ кылып, адыр-кыраңдарга кыдырата тизип жайгаштырышкан эле. Тоолуктардын кокту-колоттордон баш чыгара бириндеп тургандарынын көбү жөөлөр болчу. Кокондун чыгыш тарабындагы тегерете курчаган адырлардын төбөсүндөгүлөрдүн карааны байкагандарга оңор эмес көрүнгөн. Узун кулак тынчылар, эл аралап жүргөн соодагер, табып,

дарымчылардын айтымдарына көптөн бери кулак төшөгөн Эрдене баш болгон анын жардамчылары, көп караандарды баамдашып чочулай түшүшкөн.

Булар аябай эле көп экен? Ошол көптүгүнө ишенип, аттанышкан. Мынчалык колду кайдан топтошкон? Же кыргыздардын аркалык туугандары кайрылып келишкенби? Кокустан чин кытайлар келип кошулуп калышсачы?-деди Эрдене ичи толгоно. Бирок, атайлап жиберген ишенимдүү жансыздары.

Кыргыздар чоң үч топко бөлүнөт. Негиздүүлөрү оң канат, сол канаттагылар. Аларга кошумча ичкилик аталган кыргыздары да бар. Бирок, «арка» деп коюшкан Ысык-Көл, Чүй, Нарын аймактарындагы калмактар кетип, жер-суу бошогондон соң, кыргыздын оң канатындагы сарыбагыш, солто, саяк, черик, бугу уруулары, сол канаттагы мундуз, басыз, саруу, кытай, кушчу, чоң багыш урууларындагылар түп көтөрүлө көчүп кетишти. Ош аймагында адигине, муңгуш, ичкилик топторунун айрымдары кана калышты. Алардын көбүнүн колу чакталуу эле. Көбүн эсе Адигине тобу. Ал эми сол канаттагылар Аксы, Ала-Бука аймактарына көчүп кетишин, аралыктары алыс. Кабарлашса араң бир жумада жыйылышат. Уруу башчылары тоң моюн. Бири-бирине моюн сунушпайт. Ар бири өздөрүнчө бийлик жүргүзүүнү жакшы көрүшөт. Аларды дүнүйөгө кызыктырып, иритки салууга оңой. Мамилелери келишпесе, бирин-бири чаап, талкалап кете беришет. Жаз алды менен малга жайыттуу жайлоолорго көчүп-конушуп, качан гана суук түшүп, кеч күз болгондо эңкүүлөп келишет-деген маалыматтарды беришкен болчу.

Кокон бийи атынын башын буруп, артына карай чапты. Ал тирелген колуна жакындары менен шаар акимдерин, аскер башчыларын жыйнап алып акылдашты. Кээ бир акимдер

-Тоолуктар менен урушуунун кереги жок. Бекерге чыгымга учурабайлы дешти.

Эрдене көптүн кеңешин кабыл алып, ушул жаңжалды урушсуз бүтүрмөк болду. Бирок, аскердик кеңеш катышкан, кыргыз жеринин асылдуулугуна, тунук сууларына, салкын жайларына аябай кызыгып, ал түшүмдүү жерлерди, кең аймактарды эртерээк, кеңири

ээлеп алууну күсөгөн бийлер ага көнүшпөдү. Акыры алар оштуктар менен болгон жаңжалды согуш аркылуу чечишмек болушту. Аңгыча болбой Оро-Дөбөдө атайлап калтырылган Эрдененин кошунун бир бөлүгү, жиберилген кабарды алышкан соң шашыла жете келип калганы кеңешип жаткандарга билинди.

Эки жактын аскери тең  кармашка даярдана башташты. Тээ алыскы тоолордон суурулуп чыккан күн таңкы ала булутту алдын кызарта, анан кара темчилине келтирип, сумсая суз көтөрүлдү. Канталаган кызыл булуттар анын жүзүн жаап, таптуу нурларын өздөрүнө сиңирип алгансышат. Леп эткен жел жок. Ааламдын баары тынчтангандай. Үп тарткан ысык тап аттарды да, аларды токуп, камданып жаткан жоокерлерди да тердете кыскансыйт. Бозоргон талаалардагы, куу куурайлардын сөңгөктөрү чаң жутуп, тие калган бир нерселерден улам бозоро, обого көтөрүлө сиңип жатты. Тегеректин баары боз түстө. Жер бетиндеги чаң, үп эткен жел жолтугунан уламбы, өйдө көтөрүлө албай киргил тартса, чыгып келе жаткан күндүн нуру да айкын көрүнбөй, асман бети да бозомук түстө. Айлана кандайдыр бир алааматты күткөндөй ары жым-жырт, ары ого эле суз. Кандуу кармашты боолголоп турган бир топ аскер башчыларынын жанына, Эрдене ойноктогон атын бастырып келди.

Кармашууну каалаган тоолуктардын аскери, кечээки ээлеген оорунларынан көрүнбөдү. Лашкер башынын буйругу менен алдыңкы чекке төө мылтыктар менен алынып келинип, тоолуктар тарапты каратып коюлган. Төө мылтыктардын алдыңкы жагына жана эки атарабына мылтыктуу жөө аскери орношкон.  Кокон бийи менен аскер башчыларынын ою боюнча төө мылтыктар менен жөө аскерлердин мергенчилери кармаш башталгандан тартып, тынбай бет маңдайдагыларга ок жаадырышат. Алибетте, бүгүнкү урушка тоолуктар жалаң гана соодак менен найза пайдаланышат. Дүңгүрөтө атылган төө мылтык менен окту мөндүрдөй жаадырган мылтыкчандар аларды көпкө жакын жолотушпайт. Баары бир алар ат коюшуп, жакын келише алышпайт. Жакын келгени окко кабылып, алыскылары качууга аргасыз болушат. Кокондуктар күткөн убакыт өтө берди. Тоолуктардан кабар жок. Бир топ

убакыттан соң, желек көтөргөн салт атчандын караны көрүндү. Ошол кездеги согуш эрежеси боюнча «жекеме жекеге» чакырып,

Ажы бий Эрдененин чыгышн күтүп жатыптыр. Эрдене «бийге» чыкпасын билдирип.

-Хан деген белгисин. Же мөөрүн көрсөтүүсүн талап кылды.

-Өзүн «хан» деп атаганы менен анын хандыгын эч ким тааныбайт. Хандык дараданы ага эч ким берген эмес. Керек болсо, өзүн бий деп атоого да укугу жок. Аны тастыктаган күбөлөрү же мөөрү болууга тийиш-деп андан талап кылып, Ажы бий туруп алды.

-Мейли, Ажы бий анык болсо башкалар, анык бий экендигин тааныса белгисин көрсөтсүн. Анын даражасы нак болсо, чыгам деди, Эрдене өзүнүн жекеме-жекеге чыгуусунан качпастыгын билгизип.

Эрдене жиберген ортомчу тез эле барып келди. Колунда оролгон кагазы бар. Эрдене анын жазып карап, ынтаасын кое окуду.

Биринчи мөөрдүн бетинде «Баргы уруусунун бийи Ажике Тилеке бий уулу» деп бадырата араб жазуусун окуду. Экинчисинде кытай ирегливи менен «Баргы оток Ажы бий Тилеке уулу» деген экинчи мөөр даана көзгө көрүнүп турду. Эрдене тараптын туу көтөрүүчүсү, колундагы  желекти ылдый түшүрдү. Ал жеңилүүнүн белгиси эле.

Эрдене тараптан чакан желек көтөргөн ортончу чыкты. Ал лашкер башчыларын кармашуусун айтып, өзү менен кошо ого эле алп денелүү, соот, туулга кийген бирөөнү ала чыкты. Ал ат ойнотуп, ары-бери бастырып, өзүнө тең аскер башчынын чыгышын күттү. Аны көпкө күттүрбөй, үстүндөгү соотун шыпыра чечип, Алыке балбан чыкты. Ал ат ойнотуп келип, лашкер башынын маңдайына келгенде,  ал тоолуктардын баатырынын?

-Кызмат даражасы канчалык? Канча аскери бардыгын сурады.

-Аскер жетекчиси, Миң башымын деди ал.

-Мен түмөн башымын. Менин даражама чак келбейсиң деди.

-Күч, кызмат даржага карабайт.Түмөн башы да, миң башыдан барып көтөрүлөт. Эр болсоң мөрөйдү алып кет деди Алыке ачууланып.

Алыке ары бойчон. Ошого жараша булчуңдуу. Төрт чарчысынан келген баш балбандардын бири эле. Ат майданда ага күч жагынан да, балбандык өнөрдөн да эч ким тең келе алган эмес. Ары чапсаң, ары илелүү болгондуктан, каршылашын бир кармары менен кимдигин сынап койчу. Ар дайыма өзүнүн күчүнө ишенип гана дооранга түшчү. Бүгүн ага каршы чыккан Кокондун түмөн башчысынын көлөмү эки эсе келгидей. Чыңалган булчуңдары таштай түйүлүп, анча-мынча балбандарды жөн койчудай эмес. Эрде отурушу да чың. Анык балбандардын бири экен.

-«Күч даражага карабайт. Эр болсоң мөрөйдү алып кет»-деген Алыкенин сөзү намысына тийгенби, же мага тең чамалашкан немени экинчи баш көтөргүс кылайын дедиби, астындагы ооздук чайнаган темир түс атын ойдолото чаап, найзасын шукшуурулта сунду.

Ат шукшуурулган күчү, балбандык чыңалта найза сунушу, кошул-ташыл боло, тим эле каршысында тоо турса да кыйрата койчудай эле. Алыке да алдындагы карагерин тизгинин бир колуна орой кармап, оң колундагы найзаны мүрүсүнө ала тутамдай, аргымагын теминди. Эки баатырдын тулпары каткан жерди ое басып, арттка даңкан учура сызып баратышты. Жуп жете берише, бирде урулган найзалар кагыша «карс» дей түштү. Эки баатыр тең ат үстүндө теңселе калышып, бирин-бири атырыла тиктешти. Экөөнүн тең колдорунан найзалары түшпөдү. Күү менен алыстап барышып, кайрадан бурула, аргымактарын теминишти. Эки сүңгүдөн тең ызылдаган доош чыгып, бири-бирине карама-каршы келе жатышты. Экөө тең жуп жете бererде, бири-биринин найзаларын жазгыра кагып тикесинен сайылышты.

«Карс» эткен үн чыгып, экөө тең ат үстүндө аман калышты. Жок. Алп балбан арак барып, ат үстүндө чалкалай түшүп, эки колу

тизгинден чыга, ээрден оонады. Кокосуна дадил кадалган найза, жабалап тургандарга сорое айкын көрүндү. Ат үстүндөгү Алыке аман-эсен өз тобуна барып кошулду.

Кокондуктар тараптан салт атчан бирөө жер чаңыта чаап, чыга келди. Үстүндөгү соот, туулгасы күмүштөнбү күндүн алсыз куруна чагылыша, жалт-жулт этет. Дооранды ортолой кечип келип, атын ойдолото, колундагы найзасын чимирилте ойноп, каршы тарабына моюн созо карап турду. Аңгыча болбой сөөк-саактуу кер атын жулкунта теминип, Абдыкайбар балбан жете келип, каршысындагы балбанга баш ийкей доорондун бир тарабына өттү. Эки балбандын тең, чучуктары толо курч аттары табына келгендиги айкын көрүнүп, учкан кушту тиштеп алчуудай аяктуу, биринен-бири калышкыдай эмес. Эчен жолу «эр сайышка» түшүп, кыныгын алышканбы, үстүндөгү ээлеринин тизгин тарткандарына карабай, болжогон жайга жете шарт бурулуша, аяктарын керише, чымын-куюн боло атырылышты. Карышылашына жакын калганда Абдыкайбар сунуп бараткан найзасын бир тарабына сүрө, кош колдоп, күч менен ура койду. Так мээленген учту найза душманынын соотун тытып барып, анын чемирчегине кире түшкөнүнөн уламбы, каршылашынын «ык» эте атынан оонап түшкөнү эки тарапка тең айкын көрүндү.

Улам балбандарынын өлүмүнө жаны ачыштыбы же тоолуктардын жеңишине ызаасы келдиби, Эрдене буйрук бере чаңырды.

-Аткыла!

Ага удаа «ыз-ыз» эте үн чыгып, дүп-дүп эте жер солкулдап, коюу чаңдан айлана көрүнбөй калды. Төө мылтыктардын дүңгүрөгүнө удаа, тарсылдаган мылтыктардын үндөрү каптады. Бирок, экинчи тараптан эч кандай жооп болбоду.

Түтүн, күйгөн дары, чаң коюланып эч нерсе көрүнбөйт. Акырындап барып, чаң уюлгуган түтүн суюлуп, теребел айкын көрүнө баштады.

-Эми соо калгандар баш көтөрүп, алга карай чууруп жөнөйт. Же артын карабай жабыла качат деп ойлошкон кокондуктардын

көздөрүнө эч нерсе көрүнбөдү. Ээн калган аймак боп-бош. Төө мылтыктардын атылып, жарылган окторунан коркуп, эптеп корголошуп, үрккөн аттарын жылоодон кармап ар жерде алек болгондор, согушту да унутуп, чаң-тополоңго түшкөндөр турмак, көп аттын издери да көрүнбөйт. Болгону октор тийип, оңторула сапырылган топурактар күүлгөн жалбырактай ар тарапка чачылган. Күчтүү төө мылтыктын дүңгүрөгөн доошторунан коркуп, эчак эле качып кетишкендей. Шордуулар качып кайда барышат? Ушул чакта бийинин шилтеген кылычы жетпеген жер барбы? Жок ко. Эрдене жанында турган миң башыга карады.

-Чындап качып кеткенби?-деди кабагы ачыла жылмайып-Ажи бийдин ат үстүндө кыйкыра «кырамын-жоемун» дегени кайда?

-Азирети таксыр. «Тоң кыргыздар» жөндөн-жөн качып кетишпесе керек. Бир куулуктары бар чыгаар.

-Анан эмне, жерге житип кетиштиби?-деп, бий жан-жагын карагыча болгон жок. Түштүк-чыгыш тараптан асманга бурганактап көтөрүлгөн чаңды көрө калды.

-Алар бизди жазгырып, аркабызга өтүп кетишкен экен.

Буркураган чаң улам жакындай берди.

Аскер башы төө мылтыктарды түштүк-чыгыш тарапка карай орнотууларын тапшырды. Ары оор, ары кош-коштолгон аттар араң тарта турган чоюн замбиректерди, орнотулган жайынан которуп, жаңы оорунга жайгаштыруу оңор түйшүк эмес эле. Буруксуган чаң жакындай берди. Желп эткен жел жок. Кыймылдаган чөп тургай, катыган куурайларды чаң баскан. Сандаган аскердин аттарынын туяктарынын улам күтүрөгөн добуш көтөрүлүп, сапырылган чаң айлананы каптап кетти. Ортодогу дөбө үстүнөн орун алган Эрдене бирде оң бирде сол тарабын улам шашыла карап, эки тараптан тең бирдей аралыкта каптап келе жаткан тоолуктарды көрдү. Алдастай түшүп, орун которууга камдана, алды аркасына көз салды. Көп кол төрт тараптан, ороп келе жатыптыр. Алардын алдын тосуп чыккан эч ким жок. Эрдененин эми шаштысы кетти. Канчалык ишенимдүү адамдарынын ортосунда турса да өзүн жалгыз сезип, алдындагы

күлүгүнө камчы баса бул жерден алыстап кетүүнү ойлоду. Аңгыча болбой, калың чуу чыгып, эки тарап аралаша кетишти.

Учу-кыйыры көрүнбөгөн кең аймактын ар жеринен уюлгуган чаң көтөрүлүп, ал улам бири-бирине жакындай келип, бир маалда буруксуган чаң туташып кетти. Чаң коюланган сайын алыстап «Чака-чак» кылычтарданбы, же үзөнгүлөрдүн кагышкан үндөрү чыгып, айкырган-кыйкырган адамдардын, онтоп, жөткүргөн аттарлын үндөрү аралаша, айлана-тегерек боркулдаган казандай болуп, буу көтөрүлдү. Ат тери, адам каны жыттанып, улам бир тарапка сүрүлгөн сайын, бош калган аянт күнгө күйгөн чычаладай карайды.

Дөбөнүн башынан, алыстагы жемин аңдыган кыраандай болуп, улам жайнап чаап келе жаткан тоолуктарды кийимдеринен таанып, бир азга үнсүз-сөзсүз туруп:

-Каптап келген тоолуктар, биздин аскерлердин үчтөн бирине да татыбайт-деди Эрдене. Турнабайын улам жылдыра тээ алыстагыларды санап алчуудай болуп. -Бирок, алгачкы жолу жер жайнагандай болуп көрүнбөдү беле?-деди кыжалаттана.

-Тоолуктар, алдын ушунчасын кырып бергиле деп жиберишкен чыгар-деди Эрденеин эң бир ишенимдүү төрөлөрдүн бири.

Төрөнүн тамашалай айткан сөзү курчап тургандарга жактыбы, дуу күлүштү. Эч бир жайдан төө мылтыктардын үнү билинбей турган эле. Капылеттен ачык асманда күн күркүрөгөндөй болуп, төө мылтыктар «күрс-күрс» атылды. Чү деген жерден эле жүздөгөн адамдар ат-маты менен көккө учту.Алдыдагы кулап жаткан аскерлердин үстүнө, артындагы келе жаткан аскерлер чалынып, жыгылды. Төө мылтыктын дагы бир жолу күрс-күпс атылганы угулуп дагы бир нече аттуу аскерлер кулады.

Замбиректердин алгачкы күрсүлдөгөн добушу чыкканда мындай кулак жарган үнгө үйрөнбөгөн тоолуктардын жылкылары чак-челекейи түшө, чар жайыт качышты. Алды жакта опур-топур боло кулап жаткандарды көрүп, арткы тараптан келгендер тык токтошту. Ошол кезде Ажы бийдин ай чыктуу туусу бир нече

жерден көтөрүлдү. Тоолуктар майдан талаасынан суурула артка карай жылышты.

Жана эле ташыган суудай каптап келген аскерлер заматта жок болуп, майдан талаасында бир нече жаш жигиттер менен аттардын өлүктөрү калды. Артка жылгандар замбирек огу жетпес ченге келишип, бири-бирине аярлай токтоп турушту. Аларды байкаган кийинки топтошкондор аттарынын башын буруп, замбиректин октору тийбеген тарапка умтула чабышты. Ал тарапта айкаш башталып кетти. Майдандын каршы тарабында турушкан Кокон колуна кабар жеткичекти тоолуктар бир четки «кара чапан» селдегендерди каптап, уйпалап жиберишти. Шашыла келген кошумча күч айкашка аралаша баштаганда, тоолуктар майдан талаасын таштай, четке чыга беришти. Ошол чакта замбиреги жок түштүк тараптан чуу көтөргөн үндөр чыгып, тирешкен айкаш күчүнө кирди. Кокондуктар ошол тарапка сүрүлгүчө болбой батыш тараптан чаң буруксуп, чабышуу күчөдү. Улам суюлган тарапка тоолуктар ат коюп, кокондуктардын көп колун алагды кылышты. Мерчемдүү жайларды мурун ээлегендиктен уламбы, тоолуктар ортолукка көп эле  чабуул койбой, чет-четтен, кармаш жүргүзүштү. Улам чабуулга өтүп, кайра чыгып, ат тизгиндерин жыйбай чапкандардын өздөрү да, улоолору да чаалыга баштады. Бирок, чабуулга зор ынтаа менен сүрүлө киришип, бири-бирин калкалаша тийип-качкап жоокерлердин көңүлдөрү чөкпөдү. Аттары суусап, өздөрү акакташа, чаңкашса да, улам ээриндерин суулай тамшанышып, топ таанга ителги тийгендей бүлүк салышты.

Түш оой  түштүктүн таптуу аптабынан улам салкын тоонун аргымактары тер чачышып, кулактарына чейин сууланган. Жеңил желектеринен оң колдорун чыгара, баштарын жоолук менен байланып алышкан чабандес жигиттер жүздөрүнүн чаң, терге бөлөнгөнүнө карабай, кан чачыраган бойлорун элпек кыймылдатыша кээде ат үстүндө тура кала, кээде аттардын колтугуна кирип, бирде жерге секире түшүп, бирде үзөнгүгө бут салбай минип, түнөргөн жоо колун майыштыра, майданды аралай чабышат. Бирөөсү  айкашка алаксыта кылыч чабышса, экинчи аны

кабыргасынан, же артынан шылый чаап, көп моюн бербегендерге чалма ыргытышып, кандуу айкашты оюнга аралаштыра бири-бирине дем берише эрдиктерине шыктанттышат.

Адам баласынын кыялынан учкул эч нерсе жок го чиркин! Ай балта, чокмор, найза менен оозунан жалын чачкан замбиректи, мылтыкты жеңемин деп урушка түшкөн тоолуктар чынында эле кыялчыл эле. Алардын бир керемети ушул кыялчылыгына ишенгендигине жана башкалардыда ишендире билгендигинде. Ийри кылыч, уюлдуу как табылгы менен долоно кайыңдуу көчмөндүүлөр менен көп темирге оронгон кокондуктардын аскерине каршы чыгыш чыныгы эр жүрөктүк иш. Жылаңач баатырдын мындан артык эр жүрөктүк болбу? Болбойт. Кыргыз эмнесине ишенген? Анын ишеничи эрки. Таза жүрөктүлүгү пейилинин тунуктугу. Өлүмдөн эмнеге коркпойт? Анын жөнү арамдыкты, алдамчылыкты, калпычылыкты жек көргөндүгү.

Тазалык тепселенбесин. Тунуктук дайым бийик болсун дегени

Түш оогондо кармаш мурдагысынан да кызыды. Уруш кызыган сайын өлүм көбөйдү. Чарчап чаалыгуудан кээ бир жоокерлер ат үстүнөн кулады. Кантседа тоолуктар өпкө кагып, титиреп туруп калган аттарын ооштуруп, замбирек, төө мылтыктардын үнү чыккан тарапка чаап жетишип, чабуулун токтотушпады. Эки тараптагылар тең чарчашты. Чаалыгуу абалына жеткен кезде, кармаштын батыш тарабындагы адырмактуу аймактан биринин артынан бири калбай, топтошо чаап келе жаткандардын карааны көрүндү.

Бул топ караан кайдан чыкты, кайдан келди, так айтыш кыйын эле. Убакыт өтө берип, анан аныталды. Бул күч жүз аттуу Алыке баатырдын жигиттери эле. Алар кокондук аскерлердин согуш менен алектенгенинен пайдаланып, уу-чуусуз бирде токтоп, бирде желе-жортуп, ар тараптагы кокту-колоттуу, камыш, чычырканактуу жерлердин өңүтүн пайдаланып, жоого ат кое турган жайга жакын келген болчу.

Кыргыздын кара байыр тукумундагы ары күлүк, ары тоо-ташка чыдамдуу күлүктөрдү минген, баары бир кылка жаш, эр жүрөк азаматтар тал, камыштуу токойдун арасынан суурула чыгып, саамга

үнсүз тиктеп турушту. Алыке баатырдын «Алга!» деген гана ураны керек экен. Кан майдандын түштүк жагында замбирек, мылтыктуу дөңсөлөрдү каптай кириштн. Кокондуктар аларды күлүктөрдүн күтүрөтө кирип келгенде гана көрө калышты. Куралчангандар кайрыла калып аткылоого үлгүрбөдү. Тоодон аккан селдей боло, кызып калган күлүктөрүн бир багытты көздөй буруп, ордуларынан козголо мээлей калгандарды ителгидей шукшурула келишип жайпап өтүштү. Өлөр-тирилерге карабай, кылычтарын шамдагайлык менен шилтеп, чокморлорун оңду-солду уруп кетип жатышты. Аттуулар менен курал кезегендер аралашып, кармашып кетишти. Ошол убакта аябай чаалыгып, аттары да жүрбөй калган майдандагы шериктери демденише биригип кетишти. Бир дагы жерден ачуу чаңырган ок, кулак тундура  дүңгүрөгөн, тарсылдак угулбады. Көрсө тоолуктар жардам келчү жолду бөгөп, ок-дарынын келчү жагынан чабуул коюп жатышкан эле.   Майдандын түштүк жагындагы турган бий өзүнүн карамагындагы сарбаздарын жиберди. Бирок, алар келгенче Алыкенин жигиттери  ордонун замбиректүү, мылтыктуу жигиттерин баш көтөртпөй, жакынкы жерден капылеттен чыга калышып биротоло кыра башташты. Алыстан айбаттуу көрүнгөн куралчан жоокерлерди алар өчү бардай  жанчышты. Алар бийдин аскерине жете келген кара пардасын жамынып түн да кирип келди. Амалсыздан эки жактын аскери согушууну токтотуп эки жакка айрылды.

Эртеси таң агара кармаш кайра башталды. Колу сээлдеп, негизги күчүнөн айрылып калса да тоолуктардын али да болсо күчү мол эле. Кокондун колуна тирешип каршылык көрсөтө алды. Курал жагынан да, сан жагынан да тең болбогон айкаш эки күнчө созулуп кетти. Бирин-бири аңдыган, жоосунун көз жаздымын пайдаланган тирешүү узакка созула тургандай сыяктанды. Бирок, кандуу кармаштын башталышында эле өзүнүн негизги күчүнө таянган кокондуктар улам көптүгүнө алып, үстөмдүгүн күчөтө беришти. Замбиректүү, мылтыктуу тобунан  сырткары, жөө аскерлери улам каршылыктарын көрсөтүшүп, тайлашып жатышты. Ар тарабынан кол салып, шаштыларын алган чакта да, тоолуктар моюн

беришпеди. Өчөшкөндөй жаңы күчтөрүн пайдаланган атчандар туш тараптан каптап, аттары арып, өздөрү чаалыккан тоолуктарга тыным беришпеди.

Кылычтары сынып, калкандары талкаланып, найзалары душмандарынын денелеринде маталган бойдон калып, кур кол калган кыраандар, шукшуурула кирип барып, улам кайсай чаап, чамына аттарын ойното сүрө алышпай тайсалдай башташты. Аны билген кокондуктар көптүгүнө салышып, улам орой чаап, аз колду бөлүндү кылып, таскарадай каптап кетип жатышты. Куралсыз шериктери көз көрүндө, «жырткычтардын» талоонунда калып, айласыз өлүм табышы жанына баткан. Абдыкайбар балбан жанаша жайдагы кара жыгачты түбү менен жулуп алып, жалбырактуу бутактарын сыдыра, карс сындыра чеңгелине толгон сөңгөгүн топтошуп келе жаткан жоого дүмүрү менен шилтей тап койду. Колдоруна жалаңдаган кылычтарын алып, эми эле чаап, мойсоп кирчүүдөй болгон кокондук сарттар маңдайдагы укмуштай караан алп жакындаганда аттарынын тизгиндерин тартууга үлгүрүшпөдү. Оң-солго шилтеген балбан душмандарын аттары менен кошо көмөлөтө коюп, илгерилей берди. Анын аркасынан ээрчиген шериктери шарт аттарынан түшө кала, тебелендиде калган душмандарынын куралдарын жулуп алышып, аны ээрчип жүрүштү. Биринин артынан бири сүрдүүгө чабуулга өткөн кокондуктар топ-тобу менен алптын колунан ажал табышты. Аркаңкылардын сүрөмөлөсүнөн алдыда келгендер аттары менен кошо кулады. Ат өлүгү, эр өлүгү үйүлүп, анча мынча аман, же жарадар болгондор тебелендиде калып, тирүү калгандар кем болду. Абдыкайбар балбандын алптыгынан улам, аны менен кошо болгондор өлгөн аттардын денесин калка кылышып, жабалактаган душмандардан калкаланышты.

Тоолуктар менен болгон кармашта Эрдене тарабынан жөө, аттуу аскери ондон ашык миң башы, жүз жүз башы жана алардын жакын жандоочтору катышты. Төө мылтык, бир атар замбирекчи бөлүктөрү да бир нече эле. Ажы бий адигине, муңгуш тобунан сырткары Ош-Өзгөн аймагында жашаган сол канаттагы мундуз,

басыз, кушчу жана черик, саяк, ичкилик урууларынан куралган беш миңдей жигиттер менен барган. Согушууга аскер жыйноого убакыт тар курал-жарак жетишсиз болуп, үлгүрө албай калган. Башкы себеп «Эрдене колун курал-жарак менен, мол жабдып, Оро-Дөбөнүн башчысы Фазыл бийди чаап, элин талаганы жолго аттанды» деген ишеничтүү адамдар-ал тургай кол менен кошо аттангандардан кабар келген болчу.

Мурда бир нече жолу бейкам, согуштан кабары жок, тынч тиричилигин өткөрүп жаткан Ош-Өзгөндүктөргө бүлүк салып, мал-жанын талап, кол кайры кылгандарды өлтүрүп, баш көтөргөндөрдү айдап кеткен Эрденеге кекенип, «кезегиң бир келээр»-деп, бийда учурун пайлап жүргөн. Ошондо да кытай императору ортого түшкөн болуп, экөөнү элдештирүүгө өкүлдөрүн жиберип териштирүү жүргүзгөн. «Эси жок Эрдене, эки жүздүүлүгүн көрсөтүп, айыбын моюнга алып, коңушулар менен тынч, ынтымак жашоого ант берип, кечирим сураган. Фергана элин чет жактан басып келген жоого каршы туруугa биримдик түзүү келишимин өзү көтөрүп чыккан.

Бирок, котур ташы койнунда Эрдене өзүнүн арамдыгын жашырып, бириндеп-экиндеп, чет жакка чыккандарды тонотуп, мал-жанды айдатып кетип, өзүнүн уурулугун жашыруунун жолуна түшкөн. Ал тургай Жаркен, Кашкар жана андан аркы тараптардан келген кербен тарткан соодагерлерди Кокон аймагынан сырткары жайларда токтотуп алып, «күнөөнү» коңушуларга шылтап кутулуунун аракетинде болгон. Эрдененин жортуулга аттанганынан пайдаланып, экинчи Ош аймагына «көз артканын» койдуруп, тынч жаткан элге бүлүк салган кандай болоорун билдирмекке бий аз болсо да тоолуктарды баштап келген. Кокондуктардын согуштук колу тоолуктарга караганда төрт-беш эсе көптүк кылып, курал-жарак менен мол камсыз болгонун жакшы билип, «экинчи катылгыс кылууну» эсине салып коюуну көздөгөн болчу.

Тоолуктар канчалык эрдигин, тайманбастыгын көрсөтүшсө да, курал-жарактын жетишсиздиги жана колдун санынын аздыгынан, ары куралдуу, көп колдун талоонунда калды. Бир күнкү түштөн кийин башталган согуш, үч күнгө созулду. Жоокерлерге да, алардын

улоолоруна да азык жетишпеди. Кошумча курал, ат көөлүк камсыздалбады. Тоолуктар акыркы жоокерлерине чейин майдан талаасында болушуп, тикелеринен тик турушту. Акырында өлгөн аттардын, жоокерлердин денелерин калка кылышып, жакын келгендер менен бой тирешип чабышып, алыскыларды жаа менен атышып, жеңилүүнү ойлоруна да алышпады. Согуштун иши согуш. Куралы жок жоокер тирүү өлүк. Кургакта калган балык. Ажыбек баатыр эң акыркы адамдары менен достору, бир туугандары, балдары менен колго түштү.

Кийинки күнү сарайынын алдына денеси эчен жеринен жараланган, буту-колу байланган Ажыбек баатырды алып келип отургузду. Өзү амирлери, лашкер башы, акимдери менен ырахатка бата тамашаны башташты.

Оор чынжырга колу-буттары таңылган, курал тийген денелеринде кан карга катып калган. Ажыбек баатырдын жакын адамдарын, досторун, бир туугандарын, уулдарын алып келишти. Жаны бирге жакындарын аяган Ажы бий, үнсүз түтөп турду.

-Ишенген жоокерлериң ушуларбы?-деди Эрдене мурдагы сылыктыгынан, элпектигинен эч кандай белгиси жок.

Кыргыз бийи сурданган заардуу жүзү менен мыскылдай тиктеп, кекердүү үн катып:

-Ооба. Ишенгендерим-деди баатыр сабырдуу, ызаага тумчуга. Өткүр тиштери менен ээриндерин кесе тиштеп.

Баатыр баш болгон тоолуктардын эрдигине өчөшкөн Эрдене, душмандарын кордогусу келип, кыжырдана үн катты.

-Эмне тилегиң бар, айт, аткарайын?

Баатыр үн катпады.

-Өмүргө бир эле келгенсин. Башың алына электе сүйлө!-менменсинген эрлине колун аркасына ала текебердүү сүйлөп. Сураган, тилегиң мага жакса аткарайын.

-Сураң, бий аке?-деди ары мыскылдуу какшык үн менен амирлердин бири-Азирети, таксырдын колунан баары келет.

-Боштондук сураңыз?-деди экинчи амирге

-Бардыгына болбосо да, өзүңүзгө боштондук сураңыз?-деди лашкер башчысы

-Болбосо, атыңызды, изиңизди жоготпос, балдарыңыздын башын сураңыз?-деди шаар башчысы күйгөн киши болуп. - Ха, эч болбосо бириси ордуңузду басып, азиретиге уул бала болуп калат?

-Болбосо, Япасынын (жалпысынын) амандыгын сураң?!-деди чоң селделүү молдосу-Азирети кечиримдүү, Талабыңызга жок дебейт.

Эрденени ороп тургандар бмр чети аяган болушуп, бир чети тамашага бата күлүшүп, ар кими ар кыл сүйлөп, чуулдай баштаганда Ажыбек баатыр башын көтөрө

-Болуптур, сурайын-деди

Жаалап тургандар, кулак түрө, кунт кое тиктеп калышты.

-Сураарыңды билгем, бийим-деди Эрдене жымыя-Айт, эмне сурайсың?

Ажы бий анын жүзүнө тике карап:

-Бир гана өтүнүчүм бар-деди ал,-Өмүрүмдү таза жашадым эле. Экинчи өмүр булганбасын. Желдеттериң кыйнабай өлтүрүшсүн?

Эрдене да анын жан-жөөкөрлөрү да таң калышты. Ажы бийди өзүнөн жан соога сурайт деп ойлогон эрдене. Ал өчүгүшкөн адамын кыйноого салгысы келген. Кыргыз баатырынын өлүмдөн корккону амирлерине көрсөтүп, өзүнүн кең пейилдигин керек болсо душманына да, кечиримдүүлүк кыларын билдиргиси келген. Бирок, ар дайым өзүнөн бийик болуп, эң өнүмдүү байлыктын ээси, «Аалам эгеси» чин-кытай императору менен өзүнөн мурун алакалаш болуп, даңкты да, байлыкты да, байланышты да өзүнө имерип алган Оштун бийинин дөөлөтүнө суктанып жүргөн. Керек болсо, ал жеткен дөөлөткө жетип, бардыгына өз ээ болууну эчен жолу самаган эмес беле. Мына, ал тилеги бүгүн ишке ашып отурат. Ишке ашканда да кандай? Ары тымызын, ары ачык эле каршылашкан адамы колунда турат. Эмне кылса өзү билет. Эми мындан кийин ал жок. Жолун тоскон эч ким болбойт. Кыргыз бийи жеткен абройго, Асман уулу» аталган Багдуханга туз кол бере алат. Керек болсо аны менен алака

кылып соода жолун кайра жүргүзөт. Улуу Жибек жолунун киресесин казынасына агыздырат.

Чыгыш менен батышты, түндүк менен түштүктү байланыштырып, кан тамырдай какшап турган кезде Кашгар Бухара, Индостан менен Хива-Ташкент, Самарканд Оо, не деген гана шаарларды тепчип өткөн кербен жолу Эрдененики болот. Ал эми тоонун жайыттуу жайлоолору, тунук суулары, дан болумдуу сугат жерлер, түшүмдүү таалалар Коконго карайт. Сыр-Дарыянын онду-солу, Кашкарга чейинки кең аймакты бийлейт. Тоолуктардын ашкан–ташкан байлыгы, ай чапчыган аргымактары, эн бир таза өтүмдүү мал, тери, жүн, азык оокаттары Кокон аркылуу дүйнөгө тарап, өзүнүн эмне гана дүйпө мүлктү, энсеген, самагандардын бардыгын башкарат. Колу узарып, төбөсү көккө тирейт. Эми аны менен ким бак талаша алмакпы?

Аз болсо да кыялга баткан Эрдене, мандайындагы эч бир жалынып койбой, жашоонун ырахатынан кечип, алтын өмүрүн өзүнөн суроодон баш тартып, намыстарын булгатпайм деген ушул Ферганынын кен аймагында өзү менен тизгин талашып, бак тирешкен кыргыз бийинин жүзүнөн жалтанып турду. Көрсө, эзели эңкейбеген бийди чөгөлөтүп, кечирим суратам деген оюу туура эмес экенин туйду.

Тоолуктар жөн адамдар эмес. Булардын байлык деп санагандары башка. Алтын кумуш, каухар, бермет, асыл лаал таш, кооз буюмдарды, казына толгон маталарды байлык деп санашпайт. Бир сөздөн, багыт аяган жолдон кайтышпайт. Беттегенин бербеген, курал менен өлүмдөн, жалтанбаган, мүнөздөрү катуу. Буларга кандай жаза берсе болот. Бошотуп жиберсе коркту дешет. Баштарын алса, тоолуктар көтөрүлбөй койбойт. Алар козгогон куюн-селге Кокон туруштук бере алабы? Атын таппай калбасын. Этияттаныш, этияттаныш керек! Эмне кылса болот? Кенендикке, кечиримдүүлүкө барсачы?

-Сен бизди кечирдин эле. Кана кызмат, каалаганыны аткарайын? дейби Жок! Башкалар баш ийсе да, тоолуктар баш ийбейт. Тоосундай мелтиреп тура берет!

Мейли, буларды да бир сурап көрөйүн. Мүмкүн бир жолу табылып калаар. Эрдене ичиндеги уйгу-туйгу болгон ойлорунан бир тыянак чыгарууга үмүт этсе да, кандайдыр бир бүдөмүк санаа тынчын алды.

-Суранычын мага аябай жакты. Убада боюнча талабынды аткарайын? Бирок, балдарын эмне дээр экен?

Эрдене өзүн суз тиктеп, атасынын өз өлүмүнө тике караган эркине сыймыктангандай болуп, бийинин жан-жөөкөрлөрүнүн коштогон кошоматчыларына келише албагандай болуп турган балдарына суроо катты:

-Атаңардын талабына эмне дейсиңер?

-Атамын суранычы сага жагып, аны «чыныгы эр» атадын. Эми эмне, сөзүндөн жанасынбы?-деди бир уулу

Анын жообу Эрдененин безге сайгандай болду.

-Аскыла! деп чаңырып, шарт бурула, тескери карап кетти.

Ажибек өлгөн жок. Анын жалындаган рухун эли эсинен чыгарбады. Жетибай, Алтыбай, Шамырза, Бекмырза аттуу уулдары ордун басып келе жатты.

# V БӨЛҮМ

Кытай жапырыгынан аман калган калмактар үркүп, коркуп качууга арагасыз болушту. Башка уруудагылардай эле, кушчулар да ата-бабаларынын конушу болгон Талас жергесинен келип, жайгаша башташты. Итимбийдин уулу Бүргө да жашынан тын чыгып, колуна курал алып, элин тышкы жоодон коргоого аттанды. Жаныдан көчүп келгендердин жер талашында, калыс сүйлөп, туура чечкендиктен эл да анны жактырды. Жаны конуш, суу жетпеген какырларга арык чыгартып эгин айдатып, кедей-кембагалдарга кайрымдуулугун көрсөттү. Бала баатырга ишеним көрсөтүлүп элдик жыйын болсо чакырылып, улуу-кичуу аны менен маслатташчу болду. Күн өткөн сайын жаш Бүргөнүн аты оозго алынып, көпкө алымдуулугунан бир эле кушчу уруусундагылар гана эмес, Талас өрөөнүндөгүлөрдүн сыйына ээ боло берди.

Ошол кезде кытай императорунун өкүлдөрү, Ала-Тоону аралап, ар кайсы уруулар жайгашкан аймактарда болушуп, «Асман улууна» барып кол берип, сыйын көрүп, жер сурап, каркыранын канатын сайынып, кызыл таш менен сыйлануучуларды эскерткен чакыруулары айтылды. Аркы-беркини коп эле этибар албаган Бүргө баатыр, ал үгүттү чин императорунун атайын чакыруусу катары кабыл алды. Чын-чынына келгенде ал учурда кытайлар, «калмактарды жазалоо» шылтоосу менен Чыгыш Түркстандын шаарларын бүтүндөй басып алгандан кийин, кыргыз жерине көз артып, куралдуу жоокерлери менен кирип келишип, барган жерлерин бүлдүртүп «калмактардын мурасын» ээлөөнүн камында болуп жатышкан. Абалдын баары Кубат бийге малым болуп, кыргыз бийлеринин эртенкисин ойлой, алданып жатканын түшүнгөн. Ал тургай кытайларды чек арадан бери өткөрбөөнүн камында согуштук аракеттерге кам көрүп, бийлер менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жаткан.

Ошондой кезде Бүргө жанына жигиттерин алып, Кашгарга аттанып чыкты. Кубат бийдин үйүндө жоктугуна байланыштуу, ага

жолуга албады. Шериктери менен сапарын улай атанып кете беришти. Ал кытайдын Кашгардагы өкүлүнө барып, сыйын көрүп, белегин алып кайткан угулду. Кубат бий Бүрго баатырдын жолун тосуп күтүп аткан.

-Баатыр, атынды алыстан укчу элем. Чыныгы баатыр экенини сынайынчы-дейт да, жигиттерине карматып, куйкасын торт сала кылып тилдирди да -Бир үн чыгарбадын. Чыныгы эр экенсин, кокустан бакырып, тыбырчылаганында, туугандыгы карабай башынды алдыртат элем. Кушчу кыргызда, бир эле баатыр хан болушу керек. Экинчи хан болсо ортодо эл кырылат. Мындан ары аганды эске алып, маслатташканы учурашып өтөөрсүн-деп кое берди.

Баарын көрүп билген Бүргө баатыр, агасынын жазасына кол кайры кылбады. Убакыт өтө берди. Кубат бий кыдырып бийлик жүргүзчү. Бир күнү Олуя Ата тарапка жигиттери менен барып-келе жатканын уккан Бүргө баатыр жигитин атайлап чаптырып:

- Качып жүргөн кишидей болуп, Олуя Атадан түз кетпей келип, туугандарынын сыйын көрүп кетсин дейт.

Кубат бий жигиттери менен Ойрондудагы Бүргөнүн айылына келип түшүп калат. Бала баатыр атайлап үй көтөрүп, кучак жая тосуп алып, тай-кой сойдуруп сыйлап, өзү жакынкы тоого кийикке чыгып кетет. Кубат бий шериктери менен күндө союш жеп, көпкө тулуп калат. Коштошуп кетейин десе, кучагын жайып тосуп алган үй ээси жок. Акыры чыдамы кеткенде Бүргөнүн жигитине:

-Келгенибизге бир топ болуп калды. Кеч күз. Ашуулар жабылганы калды. Мен кыдырып бийлик жүргүзгөнгө көнгөнмүн. Сыйын көрүп, коштошпой кетсем тура келбей калат. Келип бизге уруксат берсин. Болбосо кегин айтсын!-дейт.

Бүргө баатыр эрте менен меймандар менен учурашып:

-Ии тугандар, аз айып, көп күнөөбүз болсо кечиргиле? Ачылган бир ууч кыргыз итче тытышып, бүркүтчө тебишпей катташып туралы. Жылкы тийишти, эр өлтүрүштү, уурулук кылганды тыялы. Ынтымакташкан ырк жакшы эмеспи-деп, ар

бирине тон жаап, алдыларына ат тартып мингизип үйдөн аттандырат.

- Ашуудан ашырып коелу деп, бир топ жигиттери менен узатып келишет.

Кобурашып кошо келишип, меймандар белден аша бергенде, Бүргө жигиттери менен аркага кайтат. Бир топ энкүүлөй келишкенде.

-Оо Бүргө баатыр, токто!деген кыйкырык чыгат, Бүргө баатыр кайрыла караса, Кубат бий колун булгап белде турат.

-Бала баатыр анык эр экенсин. Баягы ишке кекенди. Өчүн кайсы күнү алат, же байкатпай уу жуткурат-деп, жаткан жайыбыздан, ичкен тамагыбыздан тынчсыздандык. Ашуудан ашканда далыбызга жаанын огу келип кадалат дедик эле. «Эр чекишпей, бекишпейт»-дейт элибиз. Сен ичинде кегин жок, айкол эр экенсин. Эл бактысына ылайым бар бол. Сени менен дос, же куда болмойун кетпейм-дейт Кубат бий жайдары күлө бага - Башынан айып менден кеткен эле. Мен келин алайын, сиз кыз бериңиз. Калын берип, айыбым кошо кутулайын!

Эки баатыр, ашууда айкаша кучакташып, шерттешет. Бүргө Шербет деген кызын Кубаттын Акшайбек деген уулуна бермек болуп, кол алышат.

Ай алмашып, жыл келип, Кубатбек кыздын калынын ашыгы менен өткөрүп берет. Ага чейин балдар да бойго жетип, эс тартып, элдин көзүнө көрүнүп калышат. Бүргөнүн айылына Акшайбек келип-кетип жүрөт.

- Шербет кыз акылы тунук, акындык өнөргө жакын, ак жуумалын чан келип, бой жетип калган. Эл анын акылман, сулуулугуна карап Акшербет аташкан. Ага коп жигиттер ашык болуп, хандын бүлөөсү экенин билип, сөз айтуудан айбагышкан.

Кыраакы кыз келип-кетип жүргөн күйөөсүнүн түрүн байкап, башын чайкап…

-Карыма салган билерик,
Кашайгыр неге токтобойт.
Кайындап алчу түгөнгүр,

Хан уулуна окшобойт.
Билеке салган билерик,
Билбейм неге токтобойт.
Мени алам деген түгөнгүр,
Бек уулуна окшобойт.
Алтындан салган жузугум,
Аты жокко токтобойт.
Алам деп жүргөн түгөнгүр,
Ата уулуна окшобойт-деп женесине сырын айтат.
-Койдон койдун неси артык,
Кол башындай эти артык.
Эрден эрдин неси артык.
Элге чыккан аты артык,
Башкасынын бары тен.
Билгенин айтат бул женен,
Чанбасанчы эринди,
Кой кызыке, ал эмнен-деп женеси тыйган болот.
Шербет санаага чогуп отуруп:
-А кудай кандай иш кылдын?
Атадан мени кыз кылдын
Ай сайын жуучу жүгүрткөн
Айылда болгон жигиттен.
Башы кара, буту айры,
Бечарга туш кылдын.
Арманымды куч кылдын,
Эгем ай, кандай иш кылдын?
Энеден мени кыз кылдын.
Элчисин күндө жиберткен,
Элимде толгон жигиттен.
Элде бар да,санда жок,
Эси жокко туш кылдын.

Эл журтка мени мыш кылдын-деп мунканат. Шербеттин күйөөсүнө бой салбай, чанып жүргөнү женесинен

энесине жетет. Энеси акыл айтса, кызы ызаага тумчугуп унчукпайт. Аргасы кеткен энеси кызынын кылыгын атасына айтат.

-Эрте мененки тамакты ичип бүткөндө, баарын эшике чыгып кеткиле. Кызым менен өзүм сүйлөшөм дейт Бүргө. Кызы экөө жалгыз калганда:

- Айланайын Акшербет.
Ичип бүтсөн ашынды.
Кычышат эле кычышат,
Тырмап берчи башымды.
Жалгызым Шербет чырагым,
Жыйнасан тамак-ашынды.
Улам ооруп тургансыйт,
Укалап берчи башымды-дейт атасы.

Шербет атасынын жанына келип, баш кийимин алып, чочуп кетет.

-Кыйма-чийме так экен,
Кычышат атак кай жагы.
Онурайган так экен.
Ооруйт ата кай жагы?
Соо турган куйка жагыбы,
Же болбосо баарыбы.
Бүтүн турган куйканыз,
Эмне болуп бүлүнгөн?
Бүргө аталып турсаныз.
Башыныз неге тилинген?-дейт
-Куушчудан чыккан мен турсам
Курбайсын деп кенешти,
Куруп калган Кубат бий.
Куйкамды тилген эмеспи,
Кытайдан барып таш алсам.
Кылбайсын деп кенешти,
Кыйыктап сенин кайнатан.
Кыя тилген эмеспи,
Кушчудан чыккан Сокур бий.

Андан кийин мен деген,
Өрттөй жанган Кубат бий.
Көрөйүн Бүргө сени деген,
Ичи тарып сенин кайнатан.
Кыя тилген эмеспи-дейт Бүргө,
Шербет шалдайып туруп калат.
- Атакем мени берем деп,
Ант менен бууган жолумду.
Анттан, шерттен танганда,
Ал кургурду чапканда.
Атамды тилген ал кушчу,
Айылды соо коебу.
Атаны сөзгө сындырган,
Атанын кызы болобу.
Энекем мени бероем деп,
Эзели бууган жолуму.
Ереже-салттан танганда,
Эрге барбай чанганда.
Улуксунган кан кушчу,
Уулу жаман кан кушчу.
Элими соо коебу,
Элимди жоого чаптырсам,
Эгерим тубум онобу.
Энесин сөзгө сындырган,
Эненин кызы болобу.

Акылдуу кыз ары ойлонот, бери ойлонот. Акыры Акшайбекке бармак болот. Бирок ичинен бук болуп, эчен толгонот.

Аяк башын сылайын,
Ардактап эр кылайын.
Анда да баркым билбесе,
Атанды деп тилдесе.
Алдангандан ыйлатып,
Мандай сөөгүм кайкы экен.
Алгандан багым тайкы экен,

Арман ай, кандай кылайын?
Этек-женин сылайын,
Эптеп күйөө кылайын.
Эмгегим баалап билбесе,
Эненди деп тилдесе.
Эртели кеч ыйлатып,
Эмгек сөөгүн кайкы экен.
Эрден багым тайкы экен,
Эми, эмне айла кылайын!

Ак Шербеттин акындык өнөрү, кошкон кошоктору калын кыргыз элине тарайт. Айтылуу манасчы-акын Балыкооз Акшербеттин акындык өнөрүнө тан берет. Бир күн Жангарач бий:

-Ээ Балыкооз. Бу жаактуудан сенден откон ырчы барбы?-деп сурайт

-Уу, кайсыны айтасын бийим. Мына бу Таластагы кушчу элинде Бүргө баатырдын Акшербет деген кызы бар. Анын ырын бир уксаныз, ал жерден чыккыныз келбейт-дейт.

Балыкооз менен Жангарач атайын барып, Акшербеттин ырын угуп,

- Акшербеттин сөзү-Берметтин сөзү, калктын көзү деген экен.

Күндөрдүн биринде тоо кыркалай көч өтөт. Көч арасында ак элечекчен Акшербет да бар эле. Коч алдынан жолоочулап эриккен жигиттер чыгышып, Шербет менен таанышат. Көчкө тоскоол кылышып,

-Шербет сулуу, баягы кошогундан кошуп койбойсунбу?-деп тийише кетишет.

Убай-чубай келаткан көч тар жолдо токтой калып, ар жагы шыкала түшөт. Ошондо Акшербет:

- Хан атасы өлгөн мен белем,
Хандын жолун торогон.
Кандай бейбаш неме элен,
Бек акеси өлгөн мен белем.
Бектин жолун торгогон,
Накта чийки боз балдар.

Кандай чунак неме элек?
Ак жыгач боорун жошоюн,
Сонун корсон боз балдар.
Бирөөн өлчү кошоюн?-дегенде Шербеттин айткан сөзүнөн сүрдөй түшкөн жигиттер калп кулушуп, жол бошото беришет.

## VI БӨЛҮМ

Алыкенин Ошко келгенден берки ою Айсалкында.

-Кайдан таап,кантип жолугам? Мүмкүн ата-энеси кимдир бирөөгө күйөөгө берип жибергендир. Көздүү шакек көңүл бургузат демекчи, сулуулугуна суктанган дагы бирөөлөр ала качып кеткендир? Эгер андай болбосо, ал мени күтөт. Кантип? Ал күткүдөй убадалашып, сөз бекитишип койдук беле? Болгону Алыке аны көрүп жактырган. Өз оюн жаш кызга айтуудан айбыккан. Айбыкканда эмес, айтууга учур болбоду. Кайра, дагы бир жолукканда оюмду билдирем деп ойлогон. Ойлогондон да, күнү-түнү, басса-турса да эсинен чыгарган эмес. Ал тургай кылыч сууруп, майдан талаасында айгайлап жүргөндө, көп жоонун ортосунда калып, тирешип турган чакта да, кыздын элеси көз алдына келе калып, ага кашкая карап "Мен сизди күтүп жүрөм? " дегендей, баатырдын сезимин жаш кыз ээлеп алган эле. Айсалкынды эстегенде өлүмдү унутуп койчу. Чындап эле жаштыктын күчүбү, же баатырдыктын энөөлүгүбү өлүмдү түк ойлобоптур. Анын бир гана максаты кызга жолугуш.

- Кантип жолугат? Болжогон күнү, же жайы болбосо. Будуңдуу мезгил кимди, кайда алып барбады. Калабанын капшабында калгандар, кайда гана сүрүлбөдү. Катаал, куюндуу мезгил камгактай учурду го. Жада калса айылын, уруу-тобун да сурабаптыр. Сурагыдай болду беле? Болгону кызды көргөндөн кийин анын жүзү-ыраңы, келишкен келбети көзүнө сүйкүм көрүнүп, ой-дитинин баары эле Айсалкын болуп жатпады беле. Атка учкаштырып баратып да анын денеси, же колу тийген жери чоктой ысып, каны дүргүп тышка тээп, сүйлөйүн деп, сүйлөгүсү келип, кайра эч кандай сөз таппай, өзүнүн мококтугуна кыжаалат болбоду беле! Аркыраган

жырткыч бет маңдай чыга келсе да сестенбеген, албарс кылыч кезеп, “азыр жаныңы кыям” деген жоо турса да кебелбеген баатыр-кыз алдында мажирөө, эптеп жүргөн бир неме беле!

Жолугам. Сөзсүз жолугам! Бирок, кайдан? Издейм! Издей берем. Өлбөсө эле болду. Тирүү болсо эле табам. Тирүү бала-чакалуу болуп калса, кантемин? Караанын көрсөм көкшүнүм сууйт. Бирок, ал менден башкага барбайт. Табам. Баары бир табам!

Алыке атайын бийинин тапшырмасы менен болобу, же өзүнчө эл аралап жүрөбү, ой-санаасынын баары эле Айсалкында болчу. Алдынан жаш келин жолуга калабы, дит кое карайт. Алыстан караан көрсө да, бой-келбетин Айсалкынга окшоштурат.

Көп тилеген тилекти кудай береби? Көп жыл издеген адамына капилеттен туш келди. Болгондо да аны күйөөгө узатып жаткан чакта.

Ары теңтуш, курбусу Болумбий экөө айылга келишкен эле. Болумбий айыл аралап, Ак-Бууранын боюндагы Өмүр мырзанын үйүнө келгенде кызы Ыйманайды капысынан көрүп калат. Атынан элпек түшүп, үй тарапка келе жаткан жигитти көрө кала, үйдөн эми чыккан кыз мейманга артын салбайын деп, ыйба карап туруп калат. Жоодураган көздөрүнөн кирпиктерин төгүлтө, жылдызы жанган, ак ыраң, иймене эңкейген кызга мырза баш ийкей салам айтты.

Айыл четиндеги сейрек бак ичиндеги үйдүн айланасында эч караан көрүнбөйт.

-Амансыздарбы?

-Шүгүрчүлүк, келиңиз?-дейт кыз ары жумшак жагымдуу үнү менен.

Кыздын келбети, турган турпаты өзүнө имерип, көз кумарына алаксыган жигит, сыпайы:

-Атыңыз ким болот, ширин кыз?

-Ыйманай.

-Оо, Ыйман кыз. Үнүңүз да, атыңыз да уккулуктуу экен.

Кыз бир тарапка кетип калабы деп, шашкалактаган мырза, эптеп бир шылтоо кылып, сөзгө тартмакка:

-Аябай чаңкадым. Муздак суу бар болду бекен?

-Үйгө кириңиз? Суусундук даяр-деп кыз күлүмсүрөй, жалт тиктеди.

Көздөр көзгө чагылганда жигиттин денеси чымырады. Оозунан сөзү түшүп, сөз таппай калды. Аңгыча Өмүр мырза арытан келип:

-Кел уулум, кел,-деп бакылдай арытан басып келип калды.

-Ассалоому алейкум, бай аба.

-Ваалекима ассалоом, мырза жигит.

Экөө кол алыша учурашышты.

-Кана үйгө жүр. Ата-энең, тууган-урук тынчпы?

-Шүгүрчүлүк.

Ал-жай сурашып жатканда, ортого дасторкон жайылып, даамдар коюлду. Суусундук келтирилди. Кыздын карааны кайдан көрүнө калат деген жигит, атарабына көз кырын салат. Кыз көрүнбөдү.

-«Ат белин бошотуп, от чалдыр» дейин деп Өмүр мырза тура берерinde Болумбий шашкалактай :

-Шериктерим менен бир тарапка бараттык эле. Сизге кол бере кетейин деп, түшө калдым. Мени күтүп калышпасын.

- Андай болсо жолдон калба. Эмдиги келгениңде отуруп кет?

-Ырахмат. Сөзсүз келем.

Экөө сыртка чыгып коштошуп, жигит аттанганда да, кыз көрүнөбү деп короону тегерете карады.

- Кыз арыта, бак аралай басып келе жатыптыр. Ошондон баштап Болумбийдин көңүлү Ак-Бууранын жээгиндеги айылга байлангандай болду.

х х х

Бүгүн этектеги айылда той.

Дүйнөдө ойлогон ойго жеткен махабаттан артык кубаныч, орундалбай калса андан өткөн өкүнүч, кайгы жок.

Тоймамат айылдагы кыздын өңдүү-түстүү экенин көрүп, акыл-эси өзү теңдүүлөрдөн артык экенин угуп, сыртынан ашык болду. Ата-энесине жуучу жиберди.

-Билбеген жер эмес. « Алыскынын аты оозгуча, жакынкынын тайы оозуптур» деген сөз бар. Кире-чыга силерге да, каралашып турушат. Эл катары калыңын алып, Тоймаматка кызыңарды бергиле дейт ортомчу.

- Мейли кызыбызды эрге бербей, кимге бермек элек,- деп кыздын ата-энеси себин камдап, жол-жобосу менен кызын бермек болот. Бирок, кыз кабарды угуп, асман-айга секирет. Оюндагыны «алыска кетти» деген бирөөнү, эч кимге айта албайт. Ал да бир көргөн жигитти жактырып калган эле. Келбети келишкен алп мүчөлүү жигиттин убадага бек, калп сүйлөбөстүгүн, азали бирөөгө жамандык кылбастыгын туйган. Бир күн болбосо да, дагы бир күнү жоолугуп калаар деп ойлоп жүргөн. Ал тургай тымызын бирөөлөрдөн сурап, ал Кубат бийдин жана-жан жигити экенин, бир зарыл иш менен алыс жакка кеткенин уккан. Эртели-кеч жол карачу. Алыстан атчандын карааны көрүнсө үмүттүү утурлоочу. Көпчүлүктүн кебин тыңшап, бир кабар билинеби деп күтүп, күтүүдөн жадабай, саргара санаага баткан.

-Он бешке чыгып «кара далы» болоюн деп калдың. Кудайга шүгүр, бактың бар экен. Жуучу жиберип «аламын» деп отурат. Бой жеткен кызга кардар келбесе, андан ашкан кордук жок. Биз эмне бирөөлөргө, «бойго жеткен кызыбыз бар, алгын?» деп тиленип бармак белек. Уңулдап ыйлап, «көк беттик» кылбай жөн баргын. Эл көзүнчө ынабай, тыраңдасаң «бир ууч турпагымды түйүп берем. Балалыктан кечем»,- деген энесинин сөзүн кыя албаган.

Тоймамат элге той берип, кызды үйүнө көчүрүп келген чакта, капылеттен кара курт чагып, тил-оозго келбей, оо дүйнө сала берди. Жалжал көз жашы он бешке толгон кыз, барган жеринин көшөгөсүнө кирбей жатып, «жубан» аталып калды. Жаңы бойго жете баштаган жаш өспүрүм кызга эрге чыгып-чыкпай жатып «жесир» аты жабышты. Жаш жанына сүйүү кумары, сезими али ойгоно элек. Ааламга таңдана караган эликтин улагындай, кайгы-капаны көрбөгөн жоодураган көздөрү менен ааламга шаттана карап, көз жибере турган. Адам болгондун баары ага бирдей жумшак, уяң көрүнчү. Алардын ичинде ички сезимди түшүнбөгөн

кандуу ооз карышкыры, кабанаак жырткычы бар экенин али билбеген бае кыз боз үйдүн оң жагындагы жаңы тартылган көшөгөгө жаңы кадам таштап кирип, күйөөсүнүн төшөгүнө жатпай жатып жесир болду.

-Калыңы төлөнгөн. Кандай кылсак да өзүбүз билебиз-деген Тоймаматтын туугандары аны артына жибербеди. Айла жок, жаш кыз балага кара жамынып, жесир аталууга туура келди. Алибетте, күйөөсүнүн ашын бергенче жаш жесирге эч ким тийген жок. Карасы алынып, жаз чыга жубан, түлөгөн кырдын кызыл түлкүсүндөй болуп кулпуруп чыга келди. Ал мурдагы кыз эмес эле. Уяң жоодураган көздөрүндө азыр үмүт бар. Мурда тал чыбыктай буралган назик денеси, азыр жарышка түшкөнгө жараган күлүктөй келишимдүү, сымбатына чыга келген. Толукшуп, келбетине келишкен анын караанына кайнагасы Кадырмаматтын көзү илинди. Соорулары толуп, сыны келише баскан келининин кыймылдары сүйкүм көрүнүп, алтымышка жакындап калган кайнагасынын көзүнүн жоосун алып, түнү уйкусун, күндүзү тынчын алды. Шарият жолун издетип, инисинин жесирин өзү токолдукка алмай болду.

Сейрек сакалы бар, жымшык көздөрүн алмак-салмак ачып-жумган айылдын имамы, жана эле келгенде далысына жаба койгон кымкап тондун жакасын бир колу менен сыйпай отуруп, курандын бетине үңүлө барактай баштады.

-Ооба,-деди ал.-Келинди алууга болот. Шариятта жол бар. Бирок, бир тууган кайнагасына эмес, кайнисине нике байлоого болот экен.

-Жок, молдоке. Анын бир тууган кайниси жок. Калыңдын баарын мен төлөгөмүн-деди ызырына Кадырмамат тура кала.

Молдо Кадырмаматтын каалаганын билип турду. Бир чети төлөгөн калыңына ичи күйүп жатат. Экинчиси келишкен сулуулугу, суу менен кошо ичип жибере турган чырайы, анын башын биротоло айландырып алган эле.

-Бир атанын балдары-инилерими, ата ордуна ата болуп үйлөдүм-жайладым. Бул келинди алуудан аянган жокмун. Чөнтөгүмдөгү пулумду, короомдогу малымды сарптадым. Молдоке

шарияттын жолу узун дейт эмессизби. Бир жабагы сиздики. Жолун эптеп табыңыз. Уккан-билген ынангыдай болсун.

Молдо «жабагы» деген убаданы уккандан кийин, андан бетер курандын бетин тигиле карап, аркы-терки ача берип:

-Ооба, жол бар экен. Нике кыюуга мен даярмын. Болгону келиндин «макулмун» деген сөзү керек.

Молдонун биринчи сөзү кулагына майдай жаккан Кадырмамат ордунан обдула тура калган болчу. Кийинки «макулмун» деген сөзү керек,-деген молдонун айтканы чилденин суусундай аны ичиркентти.

-Молдоке, аял кишинин «маакул,маакул болбогону эмне? Кыя бериңиз. Кийин тууп-түшкөндөн кийин, «маакулдукту» жүз жолу айтат. Деги кайнагасына жол бардыгы анык бекен?,- деп оюндагы бүдөмүктөнгөн кыжаалаттыгына жол издеди.

-Ха. Курандын мына бул сүрөөсүндө күйөөсүнүн артында калган урук-туугандарынын кимиси каалаcа жесирдин өз эрки. Келиниңиз бир туугандарынын эч кимин каалабаса, анда жол сиздики.

-Жок. Аны менден башкасы ала албайт,-деди чорт кыялы туткан Кадырмамат. Калыңды мен бергем. Бардыгын мен үйлөгөм. Менден эч кимиси жол талаша албайт.

-Турдумамат, Калмамат, Алмамат сиздин туугандарыңыз, бир ата, бир энедeнсиздерби? Алибетте сизден жол талаша албайт.

-Аны билип турасыз, молдоке. Улам жакындап баратат.Жолун табыңыз. Акчаны да сизден аябай калайын?

-Мен сизди өтө сыйлаймын. Колуңуз март. Берешенсиз. Бирок, сизден да мага куран кымбат, улук. Баарыбыз тең мусулман пендесибиз. Алла Тааланын ак жолунан тайып кетүүгө жол жок. Ошондуктан, жесирдин оозунан бир ооз макулдугун сурайлы.

-Ал көнбөсөчү?-деди кайнага сурдана.

-Эмнеге көнбөйт? Сиздей адамды табыш кыйын,-деп имам анын көңүлүн алууга аракеттенди.

-Ооба, көнөт. Көнбөскө чарасы жок,-деп бүтүмүн чыгарган Кадырмамат имамга кайрылды: -Молдоке, кечкиге чакыртпай эле

келе бериңиз. Азыр мал жайытта. Киши жиберем. Айдап келишип союп, кечкиге этти бышырышка үлгүрүшөт. Ага чейин муну алып туруңуз деп, койнунан тутамдай акча алып чыгып, молдого санабай берди.

Молдо кепичин кийип-кийгенге үлгүрбөй, жүгүрө эшикке умтулду.

x x x

Айсалкындын келбети келишип, жаңы толгон айдай ажардanганы менен жүзү сумсайыңкы. Ой жаман тура. Санаа адамды чөктүрөт экен. Жаратылыштын кооздугу, булбул куштун таңшып сайраганы, шаркырап аккан булактардын, кылая чыккан күндүн сулуулугу ага көрүнбөй да, сезилбейт дагы. Тагдыры неге тайкы болуп калды экен? Алгачкы көрүп, агасындай жакын көргөн Алыке деген жигиттин кабарсыз кетиши, аны түн уйкусун бөлө эстегени баары артта калды.-«Барган жериңден бак табасың»-деп ата-энеси берген жай минтип жалгызсыратып отурат. Анан да калса, кайненеси баш болуп, кайын журт, абысынынан бери «кара жолтой» аташканычы? Жалгызсырады. Жалгызсыраганда да, адамдар менен аралаш жүрүп, алардын ортосунда зерикти, тумчукту. Терең кайгыга батты. Кээде өлүп алгысы келет. Бирок, жанын кыя албайт. «Өз жанын өзү кыйган күнөө. Аркы дүйнөдө түптүз эле тозокко түшөт» дешкендердин сөзүн угуп, жаш жанын күнөөгө батырбайын дейт. Кээде уурдана караган эркектерге, жеңесин шынарлай калган боз балдарга кыжыры келет. Алыс качат. Мына бир жыл өтүп, «карасын чечтирип» отко салышты. Башын бошотушпайт го. Айрыкча кайнагасынын караганы ал үчүн суук. Караанын көрсө бүткөн бою дүркүрөйт.

Суу боюна барып чакасын толтурган соң, аккан сууну карап отура калган. Көзүнө аккан суу, кулагына шаркыраган үнү да угулбады. Баары дүм түшкөндөй. Көздөрү караңгылап, башы айланды. Жыгылып кетпестин аракетинде тура калып, ордунан жыла беректинде, атчан эки караан жете келишти. Алыстан узак жол басышканбы, аттары тизгиндерин чое сууга умтулушту.

-Узак жолдо чаңкап калдыңар, мейли суусунуңарды кандыргыла дегенсип, жолоочулар да тизгиндерин бошотушуп улоолорунун ойлоруна койду.

Алыкеге караан таанныштай көрүндү. Жүрөгө «зырп» дей түштү. Каны башына тээп, умтула көз тикти.

-«Өзү. Нак өзү! Капырай! Чын элеби? Адашып жүрбөсүн. Мүмкүн окшош бирөөдүр. Бирок, сымбаты ошол. Болгону бир аз толмочуна тарткандай.

Аттар баштарын көтөрүп, ооздуктарын шыгырата дем алышып, кайра суугa эңилишти. Эмне болсо да сөз салып көрөйүн деген Алыке ат үстүндө туруп:

-Арбаңыз бийкеч.

-Арба… деп, алик алууга камданган кыз тиктей кала, оозунан сөзү төштү.

-Каапырай! Алыке аке эмеспи? Кыз бүтүндөй тулкусу менен алга умтулду.

Ат үстүндө дендароо болгон Алыке, катып калгандай бир маалда өзүн улоосунун үстүнөн кулап түшкөнүн билбейт.

-Айсалкын!

-Алыке аке!

Махабат деген ак куу кушундай го, чиркин! Анын учар асманы, коноор көлү жүрөгү. Ошол жүрөк экөөнө конуп, өз алдынча кубаныч тилеген. Экөөнүн каалаган кубанычы, соккон жүрөктөрүнүн дүкүлдөшү бири-бири эле. Махабат деген улуу дүйнө. Анын өз эрежеси, өз шарты бар. Ал башкалардын буйругун, каалоолорун кабыл албайт. Болгону өзүнүн эрежеси, өзүнүн мыйзамы бар. Мына ушул махабат-акыл-сезимдерди, алоолоп жанган эки жүрөктү, өз мыйзамына көндүргөн. Ошол себептүү көптөн бери ашык болгон, көрүшүүнү самап, кусаланган эки жүрөк ушул саат, ушул мүнөттө кезигишти. Алардын жүрөктөрүндө, көөдөндөрүндө бири-бирине болгон кумар оту алоолоно табына кирген жанган. Ошол көз ирмемден баштап эки жаштын мындан аркы максаты-өмүр бою түбөлүккө бирге болууга ширелишкен.

Бирин-бири жакшы көргөн мындай күнгө эмне жетсин! Мындан артык экөөнө кубаныч барбы? Алибетте жок. Бул экөөнүн кубаныч, санаа, эңсөөлөлөрү башкаларга кубаныч болоор бекен? Арийне болбойт. Боло да албай.

Өзгөчө бул кубаныч Айсалкынга сугун арткан Кадырмаматка аязда калгандай эле болду. Аязда гана эмес, бирөө жүрөгүнө канжар урганы тургандай калчылдады.

***

-Алып келгиле! Жердин түбүнө түшүп кетсе да, чукуп таап келесиңер. Болбосо, менин көзүмө көрүнбөгүлө!

Токойдун тээ тереңинде кучакташып отурган эки жашты көптөн бери аңдыган топ, алыстан аярлай жакындай беришти. Аликенин сөөлөтүн көрүп, даай алышкан жок. Үчөө-төртөөнө моюн бербейт эле. Бир-экөө асылса, ал жанын аябайт болчу. Булка тартып, жерге кийиздей чаап салмак. Аны билген куугунчулар үйлөрүнө барып, куралчан келмек болушту.

Калмамат чаңырды:

- Ушул беш-алтооң туруп, бир дөңгөчтөй немеден коркосуңарбы? Аткыла, чалма ыргыткыла. Бирок өлтүрбөй, тирүү алып келгиле. Боорун тилип, чокко кактайм. Экөөнү мага атка сүйрөтүп болсун, тирүү жеткиргиле.

Тандалган куугунчулар мылтык, жааларын, аркан-жиптерин алышып, кайрадан жетип барышты.

Эки жаштын сүйлөшсө сөздөрү түгөнбөдү. Өбүшсө ширелүү даам тамшандырды! Төбөдөн күн эмес эле, нур төгүлүп турду. Дарактарды термелткен шамал экөөнү тербеткенсиди. Булбул куштардын сайраган мукам үндөрү алардын ысык да, таттуу да, тунук махабаттарын коштоп жаткандай эле. Сырткы дүйнөнү түк унутушуп, өздөрү менен өздөрү гана болуп жаткан.

Капылет келген куугунчулар, улам экөөнө жакындап, арстан кармоочудай куралдары менен ороп келе беришти. Экөөнө коркунуч түк сезилген жок. Баш көтөргөн Алыке чочуп-сестенген да жок.

-Жамандык ой менен келипсиңер. Мейли мен силерге каршылык кылбайм. Бирок, бириң эле мага, же буга күч колдоном десеңер капа болбойсуңар. Мейли кайда бас десеңер, бара беребиз. Күнөөлөйсүңөрбү, соттойсуңарбы, ал силердин ишиңер. Айтып коеюн экөөбүз эл алдында, кудай алдында тазабыз. Ак экенибизге эл ишенсин. Кана, колума кишен салып, арканга байлоочуң кимиң?

Бир-экөө алдыга умтулуп келишип, анын колун кармай беречинде шап билектеринен ала, кагыштыра койду. Баягы экөө беттерин чеңгелдеп отуруп калышты.

-Мен айттым. Күч колдонбогула дегемин. Каякка алып барасыңар? Силер менен чогуу барайлы-деди Алыке Айсалкындын колунан жетелей.

Алардын кабарын уккандар баласынан чоңуна чейин жабалактап сыртка чыгышып, ар кими ар кыл сүйлөп, бир бүтүмгө келе албай, тыянак кандай чыгарын күтүп калышыптыр. Ислам дининин эрежесинде эрдүү аялды, көрүнө бирөөлөр тартып кетиши күнөө. Ал эми аял киши никеси жок, бөтөн эркек менен жакындашуусу күнөө. Калың төлөп алган келин, өз алдынча кетиши андан бетер күнөө. Ал күйөөсү талагын бермей сайын эч жакка бара албайт. Күйөөсүнүн уруксаты жок, үйдөн эшикке да чыга албайт. Мындай караганда бардыгы эле күнөө. Бул экөөнө актанаар эч жол жок.

Ошентсе да келиндин кайнагасы Кадырмаматтан алчуусун алып алган молдо Айсалкынга киши салды.

-Эгер тирүү калып, жашагысы келсе, жесирдик шарты менен кайнагасы Кадырмаматка күйөөгө чыгууга макулдук берсин-деди. Кой да аман, карышкырга да жаза жок. Тиги жигиттин күнөөсүнө ылайык жолун табам.

Экөөнү эч ким ажыратып бөлө алышпады. Айсалкын гана бир ооз сөзүн айтты.

-Алыке аке, экөөбүз бала кезден жакшы көрүшөбүз. Аны таштап эч кимге күйөөгө тийбейм-деди. -Мейли мени күнөөлүү десеңер, колум менен жасаган күнөөмө, мойнум менен жооп берүүгө маакулмун. Эмне кылсаңар да, жок дебейм.

Күн жерге тегиз тийген чак. Бүгүн эки адам өлтүрүлөт. Жо, экөө эмес. Мына бул жазгыра качкан жигит өлүүгө тийиш. Эгер ал өлүмгө буйрулса Айсалкын тирүү калат. Айсалкын көнүшү-көнбөшү шарт эмес. Ал Кадырмаматтыкы. Айсалкын үчүн бул өлүм. Ооба, келинге баари бир, өлүм.

Эл алдында Айсалкын менен аты белгисиз жигит турду. Экөөнүн тең акыбалы кыйын. Ага карабай булардын жүзүндө коркуп, чочулагандык билинбейт. Тескерисинче, махабат денелеринде уялап, көздөрүндө от жайнайт. Жүздөрүндө өзгөчө кубаныч ойноп тургансыйт.Өлүмдөн эч капарсыз, карманып турушкандарга эл таң калууда.-Махабат буларга өлүмдөн коркпой турган күч берип турабы? Болбосо бири-бирин сүйүшкөн бойдон өлүү булар үчүн кызыкпы? Эгер чындап эле ошондой болсо, анда кандай бактылуу. Бул көр тиричилик махабат алдында көрүнбөйбү? Булар кандай бактылуу? Же ойлогон максаттарына, умтулган махабатка жетиштиби? Ооба булар үчүн бир өлүп, бир чуңкурда болгону кымбат болуп жүрбөсүн. Бул экөөнүн махабатындай махабатты ким башынан өткөргөн? Чындап эле махабат ушунчалык күчтүүбү? Коркмок тургай, сестенип да коюшпайт.

Бир маалда аксакалдардын ортосунан айылдын имамы чыкты. Селдесинин учу бир жагына салбырап, оң колунда көкүрөгүнө кыскан куран китеп. Ал алдыга чыга үнүн кыраатына келтирмекке жумшак жөтөлүп алды. Айлана-тегеректин баары тым-тырс. Ал тургай күндө чуулдап, шоктончу жаш балдардын да үнү угулбайт.

-Бул экөө-деди имам, колун арка тарапка шилтей.-Ушунча турган адамдар алдында гана эмес, жамы мусулмандар арасында өөн иш жасашты. Көз көрүнө шермендечилик кылышып, шарият эрежелеринен чыгып, Мухаммед Пайгамбарыбыздын жолунан тайышты. Бул эки шерменде башкаларга үлгү, сабак болуу үчүн өлүм жазасына буйрулуп, таш бараңга алынсын. Дини мусулман пенделерине сыйбас, ыпластыктары үчүн булардын бетине түкүрүп, тескери бата берүүңөрдү сураймын-деп эки алаканын алдыга каратып, колун тескери жаза өйдө көтөрдү.

-Жок. Молдоке, сиздин өкүмүңүзгө мен каршымын-деп колдурай сүйлөгөн Кадырмаматтын үнү угулуп, ал алдыга чыга келди.-Тиги канчыкта менин кунуна жетерлик акым бар. Калыңын төлөп алгам. Катынды адаштырган тиги акмак таш бараңга алынсын. Шарият заңы боюнча ал токол мага берилсин.

Айсалкын эмне дейт? дегенсип, тургандар жабыла аны караштты.

-Тандаганың болсун чырагым. Тирүү калып кайнагаңа тиесиңби же бул күнөөкөр никесиз эркек менен кошо таш бараңга алынасыңбы?-деди аял-балдар тарапта тургандардын арасынан бирөөсү.

Тургандар бул өлүмдү укканда Айсалкын тирүү калыш үчүн чөгөлөп туруп, көптөн кечирим сурап жалынат деп ойлошту.

-Биздин никебизди молдо кыйбаган менен өзүбүз кыйганбыз-деди ал тартынбай. -Бул жигит менен түбөлүк бирге болууга ант беришкенбиз. Мен өлсөм да антымды бузбайм. Тирүү турганымда бул кайнагам менен бир төшөккө жатпайм. Болгону силерден бир өтүнүчүм бар. Биз өлгөндөн кийин денебизди бир жайга койдургула. Бул дүйнөдө бирге боло албасак да, тиги дүйнөдө экөөбүздү эч ким бөлбөс. Бирге бололу.

Бул көпчүлүк күтпөгөн сөз болду.

-Жок –деп кыйкырды кайнага ачуулуу добуш менен. -Мен каршымын. Бул токолду ала турган менмин. Ал токол меники. Өз эрки менен көнбөсө, колума тийгизгиле. Өзүм көндүрөмүн.

-А тиги жигитти эмне кыласың?-деди бирөө ортодон кыйкыра.

-Мүмкүн, анын тирүү калышын каалап жүрбө?-деди экинчи үн.

Кадырмамат кара-көк боло тура кала, оозундагы шилекейине чакай.

-Жок- деди ал. –Бул тентиген жигит шарият жолунда, менин токолумдун көөнүн да бузду. Ал токтоосуз өлтүрүлсүн. А эми бул токол менин инимдин арбагын кордогону үчүн менин колуман өлүүсү керек.

-Кайнаганын өтүнүчү шариятка сыят бекен?-деп дагы бири имамга кайрылды.

-Шарият адилет. Пенденин өтүнүчүн кабыл кыла берет-деди кайнагага жан тарткан имам, селдесинин учун селкилдете.

-Молдоке, ушул күнөөлүү делген жигит ким? Кайдан келди? Эмне мүдөөсү, өтүнүчү бар экен? Шарият жолунан тайганын мойнуна алаар бекен? Угуп көрбөйлүбү-деди мойсопут аксакалдардын бириси.

-Туура.Туура-деп тургандар жабыла кыйкырышты.

-Сүйлө!-деди топтон бирөө кыйкыра.

-Туугандар!-деп жигит сөзүн баштамак болгондо:

-Тууган дебей сүйлө. Биз шарият жолунан тайгандарга тууган болбойбуз-деди тиртеңдеген бирөөсү.

Жигит анын сөзүнө көңүл бөлбөй, сөзүн улантты.

-Айсалкын экөөбүз эскиден таанышпыз.

-Жаныңы жебей сүйлө-деди кайнага сөрөй.

-Бул кичине кезинде калмактардын колунан ажыратып алган элем.

-А ошондон бери кайда жүрдүң эле, жанын жеген касамкор – деди кайнага ордунан тура калып.

-Ооба. Кубат бий менен Кашкарда болуп, көптөн бери бул кызды таба албай, издеп жүрдүм эле. Насип экен силердин айылыңардан жолуктурдум. Экөөбүздүн кудайга арманыбыз жеткен экен, бизди табыштырды. Калмак-кытайлар менен согушуп жүрүп, өлгөнүм жок эле. Силердин колуңардан өлсөм арманым жок,-деп Алыке кыска сүйлөдү.

-Эй жигит, сен ким деген болосуң?

-Жалган айтып, жаныңы жеп жүрбө?

-Алыке акесизби?-деди аялдар тараптан бирөөсү үн сала чуркай келип.-Айылыбыз менен өлүмдөн алып калган ушул жигит эмес беле? Унутуп калдыңарбы?-деп жашын төгө Алыкенин мойнун кучактады.

-Айланайын Алыке. Атыңан айланайын баатырым. Барсызбы? Сени унутпай калалы. Баарыбызга өмүр бергенсиң. Сен болбогондо бул күндөрдү көрбөй, эмдигиче сөөгүбүз сөпөт болот эле-дешип,

кемпир-чалдар биринен сала бири келип, талаша учурашып жатышты.

-Айланайын көпчүлүк! Бүгүн той. Уулубуз аман экен.

-Алыке деген ким эле?-дешти тааныбагандар таңдана.

-Кубат ханыбыздын жан жигити эмес беле?

-Ии, атаны кокуй. Алыке баатырбы?

-Кубат хан, каапырлардан Кашкарды бошотуптур деп укпадык беле?

-Болсун, болсун!

-Кыз айлансын баатырдан!

Эмелеки үрпөйүшкөн көпчүлүк, жазыла шатыра-шатман болушуп, Алыке менен Айсалкынды ортого алышып, куттуктап жатышты.

х х х

Болумбий Ыйман кызды эрте жаздын ачык күнүндө көргөн. Күн тамылжып тийип, табы борпоң ылайлуу топуракка сиңип, жер тоборсуп калган эле. Тегиз жердин майсасы тегиз өсө баштаган. Жыпар аңкып, жыты мурунду жарат. Куштардын тили жаңы чыгып, үн алыша учуп-конот.

Айылдап кетип баратышканбы. Ак жуумалынан келип, бой келбети өзүнө жарашкан жашамал аял, өзүнө окшогон денеси тал чыбыктай солкулдаган кызды ээрчитип алган. Болумбий маңдай-тескей келип калганда аларды байкап:

-Амансыздарбы?-деп ийиле салам айтты.

Саламды күтпөгөн экөө, шашыла жарышып:

-Өзүңөр да амансыңарбы?-дешти.

Жигит апасына шынарлай басып, али да эркелигин кое элек кызга тигиле калды. Асмандагы ала булутту аралай, жаңы чыга калган айдай көрүндү жигитке. Көңүлү ачыла түштү. Жоодураган тунук көзү менен жалт карап, бою ылдый майда өрүлгөн чачын төгүлтө өтө берди. Жигитке жалт эте өзүнө караган көзүнөн бир кыялдуу сезим оту тутана түшкөндөй болду. Кыз апасына жылажындай үнү шыңкылдай күлүп, бир нерсе айтканча узап кетти.

Бирок,өзү кеткени менен анын мөлтүрөгөн көзү, ага жалт караганы, тегиз өрүлүп, чубала аркасынан көрүнгөн чачы, кардай аппак бети жигиттин көөнүнөн такыр чыккыстай болду. Перидей көрүнгөн кызга ышкысы тутанган улуу сезим пайда болду. Чымындай жанын коерго жер таппай, ичи ачыша, кылчак-кылчак узата карады.

Жүрөккө буйрук бере албайсың. Кыз да жигитти жактырып калды. Мурда бирде-экиде чоочун жигит менен сүйлөшүп көрбөгөн кыз коркуп, чочуркай берет. Махабат эмне экени анын оюна да келбеген. Бирок, жүрөк деген баарынан күчтүү, жаш сулууну бир көргөн жигитти көздөй тарта берди. Сыртка чыга калганда анын карааны көрүнөбү деп, өйдө-төмөнгө көз сала кетет. Кайра өзүнүн оюн бирөөлөр билип алгансып,уяла бети тамылжыйт.

Издешкен жандар табышпай коебу? Алдын бири-биринин караандарын көргөнгө сүйүнүп жүрүшсө, күн өтө сүйлөшө калганды самашат. Амандашып, сурашкандан башка сөз ката алышпайт. Бир күнкү жолугушууда жигит чечкиндүүлүк кылдыбы:

-Ыйман, сен бүгүн жылдыз чыкканда суу боюна кел?...

-Жарайт,-кыз кандай макул болгонун өзү да билбей калды.Кыздын жок дешке чамасы болбоду. Махабаттын оту тутанып, анын касиети башын айландырып койгондой эле.

Жылдыз чыгаары менен жөө суу боюнда кездешишти. Бири-бирине сөз ката алышпай, аптыккандай денелери титирегени жанаша калышканда билинип турду.

х х х

Тоого жаз келди. Кышы менен кар алдында жаткан тоо беттери эми гана жеңилдегендей күн нуруна денесин тосуп, көрүнүшүн өзгөртүп келет. Улам этектен эгизди карай жашыл ыраң жылып баратканcып түмөн-түркүн өсүмдүктөрдүн жалбырактары жер бетин каптайт. Жаратылыштын өзүнчө эч бир жан кийлигишүүгө болбой турган, ал тургай кийлигише албаган сыры бар. Кеч күздөн баштап тээ бийик чокулар азыраак эле булут чулгана калса ак жамына калып, анысы күндүн табынан заматта кетип, кайра боз-сургулт түсүнө келе калат. Кыш али келгидей боло элек-деп ойлонгуча

болбой эртели-кечки булут түнөрүп, чокулардагы ак түс эңкейе жакындайт. Анан эле теребелдин баары эле ак жамынып жатып калат. Күндө болбосо да, күн алыстагы кыламыктаган кар тушарга, тизеге, белге жете барып, жер бетин чүмкөп калат. Кыш кыштыгын кылбай койбойт. Менин милдетим кар жаадырыш дегенсип эртели-кеч, анан эле күн-түнгө карабай үч-төрт күндөп, кээде жумалап бүркөлүп, оңор эмес карды тоо-таш, түзөңдөргө чачып салат. Калыңдыгын ченеп көр. Бел курчоого жеткен жумшак кардын калыңдыгы, көкүрөккө, андан төбөдөн ашып уюп калат. Кар үстүндө аяз ойноп, дене ичирткенген суук ой-тоону бийлейт да чыныгы кыш экенин  билгизип өз өкүмдүгүн жүргүзөт.

Эки-үч айлап алыстап кеткен күндүн нурлары таптуубу, же жаздын мээрими башкабы, күн жер бетине жакындап келгенден баштап, кар этеги түрүлүп, өйдөлөй берет. Кар кеткен жердин топурагы тоборсуп, кылая көрүнгөн көк майса күндөн-күнгө бири-бири менен жарыша бой көтөрө берет. Жер бетинен буу көтөрүлүп, жаз, жашыл майса жыты теребелди каптайт. Күндөн-күнгө жашыл ыраң коюланып жашарып кетет. Кулдурттаган булактардын үнүн коштогон канаттуу-куштардын да тили чыгып, биринен-бири өтө үн салышат. Тоо ичи жанданып, жашыл түс менен кошо, ажайып кооздук айкын сезилип, жыпар жытына бөлөнгөн теребел кулпуруп, жашарганын билгизет. Күн сайын эмес, саат сайын жаратылыштын кооздугу артып, суктанган адамды өзүнүн сулуулугуна сугарган жашыл аалам, өзүнүн жагымдуулугу менен көңүл эргитет. Чабыттай туп-тунук көк мейкинде күн нуру да ашыра мээримин чачып, кең ааламда жер энеге болгон сүйүүсүнө балкып, төбөдө каалгыйт.

Адатынча таң кылайгандан тартып, айлана-тегеректин ажайып кооздугуна көңүлү эргип, айры белдин чокусуна жетип, тоо катмарларынан күндүн нурларынын чыгышына суктанган Болумбий, бүгүн да тоо башынан таңды тосуп, көпкө отурду. Күн да өз милдетин аткарууга шашылгансып, ак шоокумун чачып, анан коюуланган караңгылыкты жарыгына бөлөп, тип-тик нурлары менен акырын өйдөлөй берди. Өтө тунук, ого эле күчтүү нурлары кызамык тартып, анан чоктой кызара кучагын жая көтөрүлүп келе жатты.

Жарыкка тунган кең аалам шаңкая түштү. Теңдешсиз, ары кайталангыс ушул сулуулук, жигиттин жүрөгүн болк дегизе, кан тамырлары аркылуу денесин тепти. Кандайдыр бир сезим тулкусун дүүлүктүрүп, көкүрөгүндөгү чыңалуу чыгып келе жаткан күн менен айкалыша кеткендей болду. Айры-Белге келип, күндүн чыгышын күтүп, анын алгачкы нурларына бөлөнүп, кыпкызыл жүзүнө тиктей бериринде, жүрөгү «болк» согуп, денеси дүүлүгө түшөт. Аягынан төбөсүнө чейин кан тээп, кандайдыр бир мээрман сезим бийлеп, өзүн ары жеңил, ары эркин туюп, күнгө карай кучагын кенен жая, оболой көтөрүлгүсү келет. Ага өзү таң калат. Башкалар да, ушундай болобу деп ойлойт. Анткени менен аны, эч бир жандан сурай элек. Сураганда эмне? Ар бир жандын өз сезими бар. Жаратылыш кубулуштарын, ай, күн, деги эле аалам дүйнөсүн өзүнчө кабылдайт эмеспи. Алгачкы нурга жүзүн тосуп, анын жарыгына да, анын мээримине да, жан жыргаткан жагымдуулугуна да ырахаттана тик карап тура берет. Күчтүү жарыкка чагылуудан улам көзү жашылданып, кандайдыр кара темгилдер сүрүлүп барып, жаш чыга түшөт. Нурдун жумшак илеби тийген бетине кадимкидей тап өтө баштаганда өйдө көтөргөн алакандарын ылдый түшүрүп келип, жүзүн аяр сылайт.

-О касиеттүү күн! Табыңдан жылуулук, мээримиңден ырахат алдым. Улуулугуна табынамын. Мен сага карыздармын, деген ой өзүнөн-өзү келип, анан айлана-теребелге суктана көз жүгүртөт. Бул ага адат болуп калды. Күндү ыйык көрүп, ошондой таптуу, таза, жаркын жашагысы келет.

Жигит Айры-Белди кыялай күнгөйдөн тескейге өттү. Бул жайдын баары ага тааныш. Кай жерде эмне бардыгы, кокту-колот толо кырчындуу, арча, кайың, четин, долоно, табылгы, шилби, караган-бутага чейин жоон-ичкелиги, узун туурасы көз алдында, ал тургай топурак-таштары эмнеге жарайт, эмнеге пайдаланса болот, сырдана. Кайберен, илбесиндердин түнөк-жатак ийиндери, уя салган жайлары маалым. Басканы элпек, кыймылы жеңил. Биринен-бири бийиктеген чокуларга жетип, жаздын кай жерге кантип келгенине сарасеп салып, көпкө кыдырды. Белеске чыгып үй

тарабын карады. Эки атчан караан жакындап баратыптыр. Үйүн көздөй жөнөдү. Таштан-ташка секирип, кээде арымын кенен таштап, эңкейиште тез эле жетип келди. Алыстап атайлап келе жаткан көзүнө жылуу учураган караандарды утурлай басты.

Каапырай! Өткөндө төмөнкү айылга барганда көргөн ак жуумал аял кызы менен келе жатыптыр. Кандайдыр каны тээп, бети ысый түштү. Алар утурлай чыккан уланды тааныштыбы, же тааныбадыбы, аттарын бастырып түз келе беришти. Ээрчий бастырган кыз гана жигитти көрө кала, жагымдуу көзүн алайта жал-жал тиктеди.

-Келиңиздер,келиңиздер-деп улам утурлай басып, алдыдагы аялдын атын жылоолоду.

-Амансыңарбы?-деп ал үн сала тизгинди кое бере аттан түшүүгө кам көрдү.

Колтуктай жеңил түшүрүп, атты кермеге чала коюп, арткы кыздын атын алууга шашты. Аны да элпек колтуктан, сүйөп түшүрүп, атын каңтара, экөөнүн тең ээр үстүндөгү куржунду алды да, жерге кое берип, үй тарапка кол сермей

-Үйгө кириңиздер!- деп өтүндү.

-Ии айланайын эр жетип калган турбайсыңбы? Аман-эсен отурасыңарбы деп ат үстүнөн эле кобураган аял, жигиттин элпек кыймылын, ачык жүз кабыл алышына ыраазы болгондой ал-жай сурай баштады.

Сырткы кобурду угушканбы, үй ээлери ээрчишип чыгышты. Меймандарды көрүшүп, сүйүнө амандаша кетишти.

-Келгиле, меймандар?

-Келдик. Амансыңарбы?

-Шүгүр.

-Каниет! Кыйналбай келдиңерби?

-Кыйналып не? Сагынып келе жатканда, жолдун ыраактыгы, оорчулугу билинбейт экен.

Жайдары, бажакташа ал-жай сурашкандар эшик ача үйгө киришти.

Төрдө отурушуп, кайрадан ал-абалды билишкенден соң, көрүшкөнгө каниет кылыша бетке бата тартышты.

-Биздин элгенчибиз, караан кылган ишеничибиз-деп Эргешбай карыя Болумбийди меймандарга тааныштыра кетти.

-Болсун,болсун,кагылайын. Эр жетип калыптыр. Деги эле, жылдызы жанган жигит болуптур. Бактылуу болсун!-деди ак жуумал аял алкай.

-Биздин көзүбүздүн кареги, бактыбыздын данеги. Ушул кызыбызды тоону көрсөтүп, тага журту менен тааныштырганы алып келдим-деп мейман аял кызын көрсөтө кеп салды.

-Кышында суук тийгенби жөнүгө албай жүрөт. Кубаты жоктой. Кээде тык-тык жөтөлө калганынан тоонун салкын абасы, нак кымызынын дарылык касиети бар эле деп, ээрчите келдим.

-Кымыз дегенибиз дары эмей. Кырк жылдык илдетке шыпаа.

-Абдан жакшы. Тоонун салкын абасынан, тунук булагынан кере жутуп, кенен дем алгыла, силер үчүн үйүбүз, пейилибиз кенен.

Жаңы көрүшүп, сагыныша абал сурашкандар өздөрү менен болуп жатышты. Кыз менен улан бири-бирин жылуу ырай менен тиктеше, аларга аралашышпады. Дасторкон жайылып, даам келтирилгенде, кыз тура кала, оттогу кайнаган суудан чай демдеп, үй ээси менен кошо кыймылдап жүрдү. Меймандардын улоолорун жайгаштырып, кайра келген улан эшик алдында айланасына таңыркай караган кызды көрдү да, жанына жакын келип:

-Бул жер менен тааныш болбосоң керек?-деп сөз катты.

-Укмуш. Биринчи келишим. Абдан кооз экен.

-Жактыбы?

-Абдан-абдан.

-Мен сага, мындан да кооз жайларды көрсөтөм.

-Мындан ашык кооздук болбосо керек?

-Көрөсүң го, атың ким?

Бир чети тамашалай, экинчи куудулдана жаңы таанышкандай сурай кетти.

-Ыйманай.

-Сиздикичи?

-Болумбий

-Болум десем болобу?

- Ыйман десем болобу?

Экөө тең жарыша күлүштү. Кыздын чын дилден ачык, шаңкылдай күлгөнү уланга жакты. Экөөнүн жылдызы келишип, суроо-жооп менен мамилелери уланып кетти.

Жигит эртеси тоо ичине күн тегиз тийген маалда, үй жанындагы өзү гана келип иштөөчү кепеге баш бакты. Ыйман кыз ичкеридеги буюмдарга таңдана тиктеп туруптур. Көңүлүнүн баары буюмдарга берилгендиктенби, сырттан аярлай кирген жигитти байкаган жок. Улам, биринен өтө бирин тиктеп, кээсине колдорун тийгизе, сылай суктанган кызга салам айтты.

-Амансыңбы?

-Ой! Чочуп кеткен кыз, бурула берип, уялып кетти.-Мен уруксат сурабай эле кирип алдым.Сырттан баратып, капысынан байкай калып, кооз буюмдарды көрө кала, бул жакка киргеними билбей калдым.

-Жактыбы?

-Укмуш. Булар кандай адамдын колунан жаралды экен?

-Сен кандай адам деп ойлодуң?

-Ким жасаса да, колу гүл экен. Өтө чебер адам болсо керек?

-Буюмдардын ээсин тааныштырайынбы?

-Улуу киши болсо уят го?

-Эмнеси уят?

-Менин буюмдарымды, уруксатсыз көргөн адепсиз кыз деп ойлобойбу?

-Адепсиз кыз, сулуулукка суктанабы?

-Буларды жасаган адам, өтө боорукер, кыялкеч, жылдыздуу адам болсо керек ээ?

-Эмнеге?

-Эң жакшы, адамгерчилиги бийик адамдын колунан гана жаралгандай.

-Устага баа бергениңе ырахмат!

-Буларды бир эле адам жасаганбы?

-Канча киши жасады деп ойлойсуң?

-Бардыгын бир киши жасаганга үлгүрбөсө керек? Темири бар, жыгачы бар. Ал тургай таштары да көп экен.

-Чындап эле сага жактыбы?

-Укмуш

-Сен ал устаны таанылбайсыңбы.

-Кантип?

-Маңдайыңда турбайбы?

-Кана?

Кыз жалт карай, тегерегине айлана берип, жигитке таңыркай тиктеди.

-Сизби?

-Ишенбейсиңби?

Кыз кирпиктери төгүлгөн туптунук көзүн жуумп, терең дем алды.

-Чын эле ушунун баары сиздин колуңуздан жаралдыбы?-деп кубана колун чапкылады.-Кантип жасадыңыз?

Жүрөккө жардылык кылууга болбойт. Кыз ушул убакыттан баштап, жаш устаны чындап жактырып калганын сезбей калды. Бирок, мурда бирде-экиде бей тааныш жигиттер менен сүйлөшүп көрбөгөн кыз канчалык коркуп, канчалык тартынчактаса да, бүгүнкүдөй эч ким менен ачылыша, бет келип сүйлөшпөгөн. Жүрөк деген уяңдыкка да, коркунучка да баш ийбейт экен. Жаш сулууну жигиттин өнөрүбү, же келбет түспөлүбү, адамгерчилигиби өзүнө тарта берди. Көрсө, кооздукту сүйүү, акылга шайкеш экен. Түрдүү кооздуктагы, түрлүү көлөмдөгү өзүнө табышмак каткан сырдуу өнөрдү көргөндө, көңүлү кубанычка толду. Көркөм буюмдарды жараткан жигиттин жүрөгүндө канчалык көркөмдүк бардыгына ынанды. Ошондон баштап экөөнүн баскан-турганы бирге. Ой бөлүшүп, сыр чечишип, күн өткөнүн да этибарга алышпады. Аска-зоолорго чыгышып, тоо аралашты. Кокту-колоттордогу жыш токойлорду аралашып. Убакыттарын өткөрүштү.

Көбүн эсе жигиттин карааны күн түш болгонго чейин көрүнбөгөндүктөн, кыз жалгызсырай тоо таяна басып келет. Жер шартына бир топ көнүгүп калды. Болбосо ээн көрүнгөнсүгөн кокту-

колот, күнгөй-тескейдеги коюу токойдон алда, бир деме чыга калчуудай корко берчү. Күн өткөн сайын жым-жырт болуп, булактын гана үнү угулган жайлоодо , ал билбеген тиричилик өтүп, жан-жаныбар толо экендигине күбө болду. Караган-черди пааналаган коендор бөжөктөрүн ээрчите эртели-кеч үй жанына чейин оттоп келип, төбөдө учкан куштун көлөкөсүн көрсө, же дүпүлдөй чуркаган добуш угушса, ийиндерине кирүүгө ашыгышат. Алардан аркы дөңдөрдөн баштарын чыгара калып, тоо-ташты жаңырта кыйкырган суурлар, маңдай-тескей үн алыша сайраган кекиликтер, сүтак, күкүк-сайнек деги эле канаттуу куш, илбесиндердин түрлөрү арбын учурайт. Ал эми өйдөлөй басып барсаң, түркүн түстөгү гүлдөр жогортон жүргөн желге суу бетиндеги жыбыраган майда толкундардай сеңшелишет. Тим эле эгип койгондой. Тоонун бир бетинде жалаң ак, аркы бетинде сары, дагы бир жерде көк, күрөң, мала кочкул… Койчу, канча түс болсо, ошончо гүлдөрдүн көрүнүшү тим эле керемет. Ышкын, чүкүрү, кымыздыгы  ары даамдуу, ары кычкыл, жеген сайын жегиңди келтирет. Жайлоонун көрүнүшү ал үчүн жаңы дүйнө эле. Мурда эч бир көрбөгөн, ушундай болот деп ойлобогон ары кооз, ары таптаза жаратылыштын берешен-марттыгы жер бетинде толтура эле. Бул жайдан кетүү оюна да келбеди. Ушул күнгө чейин мындай ажайып кооздуктун бардыгын эч кимден уккан эмес экен. Эми келип көрүп, таң калып, суктанып отурбайбы. Тага-журтунун отурган үйү, жашаган жери, тоо-талаа, жайлоо ага аябай эле жакты.

Ары сырдуу, ары кооз тоо арасындагы көрүнүшкө улам таңдана карап, моокуму канбаган кыз, жанаша турган булакка келип, колдорун салды. Ары тунук, ары муздак, тим эле тиш какшаткан мээлүүндүгүнө суктана жүзүн чайды. Муздак булак денесин сергитти. Тоо булагынын даамдуулугу ай. Ичкен сайын, ичкиңди келтирет. Булак боюнда отуруп, тээ төмөндөгү, көптөн бери конок болгон үйдү карады. Аппак түстөгү, капшыты кенен боз үй, анын жанындагы ашканага ылайыкташтырылган алачык. Ага жанаша жайда чакан кепе. Баары көзүнө жылуу көрүнөт. Айрыкча кепенин көрүнүшү тыпыйып, кооз. Ичинде эмне дегендер гана бар. Эч бир

жанга көрүнбөй барып кумардана көргүсү келди. Эңкейиште элпек басып, заматта жетти.Эки тарабын аярлай карап, эшикке кол сунду. Жүрөгү болк эте аптыкты. Калтыраган колун тартып алды. Терең дем ала, каалгасын өзүн көздөй тартты. Кепенин ичи бүдөмүктөнгөнүп, өзү менен кошо кирген жарыктан улам, ичиндеги буюмдар айкын көрүндү. Капылеттен маңдай тарабын карады. Бир караан өзүн тиктеп туруптур. Чочуй, кетенчиктей калды. Бирок кызыгуусу артып, көзүн андан ала албады. Бир ишенип, бир ишенбей ага тигилди. Караанды бир жерден көргөндөй, тааныштай сезилди. Жүзү сүйкүм, күлүмсүрөп турган элес өзүнө окшоп кетет. Бети чымырап, уялып кетти. Кетенчиктей, артына бурула берер чакта жигитке туш келди. Уурулугу тутулган айыптуу немедей жер карады. Ак куба жүзү тамылжып, ысып чыкты. Алакандары менен беттерин сылай, не дешке айла таппай туруп калды.

-Тиги ким экенин тааный алдыңбы?-деди жигит сырдуу карап.

-Бир жерден көргөндөй болгом-деди бүшүркөй.

-Качан? Жигит сырдуу жылмайып.

-Билбейм-деди кыз көзүн жоодуратып

-Мен аны жакындан бери таанып калдым-деди жигит.

-Кай жерден көрдүңүз?

-Эсимде жок. Апасы менен бирге баратканын көргөндөй болгом.

Кыздын денеси чымырап, жүзү алоолоно кызарды. Сүйлөйүн десе эч бир сөздүн ыңгайы келбеди.

-Кантип жасадыңыз?

-Билбейм. Колдорум кыймылдап, бир карасам, ушул элес, маңдайымда туруптур.

-Бирөөлөр көрсө уят го?

-Эмнеси уят? Жүрөктүн буйруганын аткардым. Бирок толук бүтө элек.

-Таанып, билбеген бирөө, кантип эсиңизден чыкпай калды экен? Качан бүтөсүз?

-Колума иш кармайын десем эле ушул элес, эси-көөнүмөн кетпей койду. Качан бүтөөрдү ойлой элекмин.

Сырткы кобурдан экөө тең чочуп кетишти.Жигит ачык турган каалганы өзүнө тарта койду. Кепенин ичи караңгы болуп калды. Экөө тең орундарынан жылбай көпкө чейин турушту. Каалганы ачса ата-энелери көрүп калбасын деген ойдо, демдерин ичине тарта кыймылдашпады. Качан гана сырттагылардын кобуру алыстаганда каалганы ачып, сыртка чыкты. Эч жан көрүнбөйт, өзүн карап турган кызга белги бере ымдады. Экөө тең ата-энелеринен бекинип отурган жаш балдардай күлкүлөрү келгенин жашыра алышпады. Ээрчише кыяга чейин барышып, маңдайдагы Ак-Зоонун көркүнө суктана отура беришти. Күн тескей тарапка өткөндөнбү, күнгөйдүн таштары ачуу тийген күн нуруна чагыла түрлөнүп көрүнөт. Кызыл беттеги таштар боегондой кызарса, ак таштарга тийген нур тим эле айранды жаба төккөндөй жаркыйт. Кээ бир жерлерде ак, кызыл, көк таштар атайлап эле жайгаштыргансып, көрүнүшү ого эле кооз. Алыстан тик баккан экөөнө ченемсиз эле тескейдин кең бети кызыл, ак, жашыл, көк гүлдөрдү жамынып алгандай туюлду.

Табигаттын кайталангыс кооздугунун таасириненби, же балалыгынан ыр жандуубу, кыз акырын обон созо, бүдөмүк ырды кайталап жатты. Ары уккулуктуу мукам добушка бериле, көөшүлгөн жигит төбөсүндөгү көкмөк, чайыттай асманды тиктей, жан жыргалына бата обондун ыргагына карай чайпала отурган. Бир кезде обон көтөрүлүп, ырга айланып баратты. Маңдай-тескейдеги сан гүлдөргө толгон жашыл беттер, андагы жыш арча, кайың, четин, табылгы, долоно, шилби аралаш жапайы жыгач, жан-жаныбар баары, ал тургай жылга сайын секирип аккан булак суулары кыздын ырын коштогонсуйт. Тээ төбөдөн сыдыра соккон жел тоо беттериндеги жашыл аймакта ыргала, кыздын назик үнүнө кошула бийлеп жаткансыйт. Сан гүлдөрдүн, дүйүм чөптөрдүн каңылжарды жарган жыпар жыттары аңкып, кайра-кайра соккон желден улам, түрлүү-түмөн жыттары аралаштыра тоонун ичине кайталай төгүп, чачкансыйт.

Жагымдуу ыр табигаттын кооздугуна жуурулушуп, жаздын ушул күнкү сулуулугун андан бетер толуктагандай болду. Кубулжуган мукам үн коктунун ичин жаңыртып, маңдайдагы аска-

таштарга чачылгансып, сыдырым соккон тоо жели менен кошо канат байлап обого көтөрүлгөнсүдү. Кыздын ары майин, назик, ары жагымдуу үнүнө теребел көөшүп турду. Тоо-таш, жаратылыш, жан-жаныбар, ал тургай канаттуу куштар бүтүндөй ыклас коюп тыңшап жаткандай эле. Чокулар менен тирешүүгө бой созгон арча, карагайлар баштарын ийе теңселип, ырдын ыргагына карай бийлеп жаткандай эле.

Жан жыргаткан жагымдуу тоонун ичинде эми гана башатта мөлт-мөлт аккан туп-тунук жалгыз гана бото көз булак, эгиздеп кыздын чачындай бурала агып, төмөндөгөн сайын жан-жака белден ийип ташып сандаган булактар аны коштоп шар суудай агып, өзөн болуп ташыгандай жалгыз үндү жан-жаратылыш баары коштоп, залкар күүгө айланып, бардыгын бир гана өзү бийлеп, өз өкүмдүгүн арттырган үнгө теребел таазим кылгандай туюлуп турду. Бул сулуулук менен тазалыктын жуурулушкан эң бир жагымдуу учуру эле. Аааламды кооздук гана сактап тургандай кыздын тунук дүйнөсүнөн ары кооз, ары уккулуктуу обон- теребелдеги бардык көрүнүштү өзүнө имерип алды. Тыңданган, ары суктанган табигат жан-жаныбарга ыр гана өктөмдүгүн көрсөтө алды.

Чындап эле ушул кыз ыры менен кан тамырды ийитип, бир өзүнө гана суктандырып турду. Жигит ырга бериле аз убакыт болсо да өзүн жоготуп койду. Өзүн жерде эмес, көктө, канат күүлөп учуп бараткандай туйду. Кыз жөн кыз эмес, керемет мукам кооз үндүн, мөлтүр тунук махабаттын ээси. Ал дайыма турган турпатынын сулуулугу, ички көркөм дүйнөсүнүн кооздугу менен бийик. Аз болсо да, ары саз, ары керемет абазы менен жигиттин жүрөгүндөгү чокту алоолонто жалындатты. Туйлап соккон жүрөгүнө ээ боло албай, жигит өзүнүн чын дилден бериле суктанганын билдиргендей кыздын колун аяр кармап турду. Жигиттин колу колуна тийгенде селт эте чочуган кыз, өзүн айыптуудай сезип, көкүрөгүнө батпай, туйлап «дик-дик» эте согуп, кан тамырларын былкылдаткан жүрөгү кимге берилгенин билдирип алгандай жер карады. Уясына батып бараткан күн чоктой кызарып, акыркы кечтеги шоолаларын чачырата эки жаштын аруу махабатын сыйлагандай:

-Мен кезегими айга берем. Анын алтын шоолаларын денеңерге төгүлтө сыр чечишкиле. Ал эми түнкү сулуулукта бири-бириңе берилген таза махабатыңарда жымыңдаган жылдыздардай учкундар чачырап турсун дегенсип, алп тоолордун далдоосун жамынып баратты.

Жомоктогудай сырдуу, бейиштегидей көркөм тоо, кызга өзгөчө таасирин тийгизди. Бала кезде, торолуп өскөн айылы аябай эле кооз көрүнчү. Кээде шериктери менен гүл тергени, же кой кайтаргандар менен келип калганда, аябай эле бийик көрүнчү. Ошол жерде туруп алып, алыскы-алыскы кар жамынган чокулары көрүнгөн тоолорго бой созуша тигилишчү. Кээде анын кыялында алыскы тоолордо эч бир жан жашабастай, жалаң эле кар менен капталгандай туюлчу. Апасы экөө эчен жолдорду басып, сууларды кечип, жылга-капчыгайды аралап келген ошол сырдуу тоолордун койну, кереметтей кооз экенине күбө болду. Ары салкын, ары жагымдуу жаратылышы көңүлүнө аябай эле жакты. Күмөндөгөн оорусунан дайын жок. Жөтөлбөй да калды. Мурда дарманы кетип, алсырай берчү адаты жок. Тоо-ташты аралай чуркагысы келет. Тага журтундагылар менен таанышып, боор батырыша аябай сырдашты. Бардыгынан да ага Болумбий жакты. Ары кичипейил, ак көңүл мүнөзү, колу усулдуу болуп, кармаган ишинин көркүн чыгара бүтүргөн эптүүлүгүнө суктанды. Үй-бүлөсүн жалаң кайберендердин, илбесин, куштардын эти менен багат экен. Кымыздык, ышкын, чүкүрү, карагат, чие, жапайы мөмөлүү дарактар толтура. Бир да камыр тамак ичишпей, жалаң көк, ак, айран, сүт, кымыз деген түрлөнгөн түрлүү тамак дасторкондорунда толтура. Бул жайда эч бир жан ооругудай эмес. Терлеп-булаган эч ким жок.

Акыры сапарлары бүтүп эне-бала үйлөрүнө кайтмак болушту. Атайлап бата берилип, баглан козу союлду. Тоолуктардын адатынча актан бүткөн даамдардын түрлөрү дасторконго толтурулду.

-Кайтабыз деп калдыңар, мейли жолдон калтырбайлы. Жер суубуз, тоо-таштарыбыз менен тааныштыңар, деги жактыбы?- деп Эргешаалы карыя жээндерине кайрылды.

-Бейиштин төрүндөй, берешен жер кимге жакпай койбойт. Айрыкча мына бул айнектей болгон жээниңизге, жакканына сүйүнүп отурбайлыбы-деди кыздын апасы.-Тыкылдаган жөтөлү басылып, басса-турса кыймылы шайдоот, чуркап жүрөт.

-Абдан жакшы. Биздин тообуз кимге болсун жакпай койбойт. Көңүлүнө туура келсе, жээнчеримди таштап кетпейсиңби?-деди тагасы жээнин тамашалай.

-Өзүңүз билип, көзүн караган жалгыз кызыбыз. Өзү билсин. Калам десе кайра келээр. Атасы «карагымды кайда калтырдың» деп капа болбосун.

-Ооба, ооба. Атасы да кызын сагынгандыр. Тыңыганын көрүп сүйүнөөр. Өзү келгенде да жакшы болмок. Чарбасын таштап чыга албаптыр. Жаңгыз бойлуулук ушул да.

Иймене апасынан төмөн отурган кызды кепке катыштыргысы келдиби, Эргешаалы уста жүзүн бура суроо салды:

-Э жээним, өз оозуңдан угайынчы? Биздин тоонун эмнеси жагып, эмнеси жакпады?

Кыздын апасы тагасынын ичинде эмне ой бардыгын келгенден кийин эле байкаган. Устага кыздын сылык-сыпаалыгы, айттырбай билген дилгирлиги, кайсы иш болсо да колго ала коюп, заматта бүткөрө койгон эптүүлү жаккан.

-Бүлөгө ылайык экен. Эки жаш бирин-бири билишсин. Көңүлдөрү туура келеби? Жылдыздары жарашып калса, жээндерим да жок дебес, деген ойдо болгон. Байкаса, улан-кыз эски тааныштардай, ал тургай бирге өскөн эгиздердей жанашып, кубалаша ойношуп, тоо аралай жүргөндөрүн көрүп, ичинен кудуңдаган.

«Берем деген кулуна, белек кылат жолуна» демекчи, эки жаштын кай тарабынан болсун жолдору ачык экенин аңдаган. Буйруса, келечеги камыр-жумур, бактылуу үй-бүлөдөн болгудай. Алыстан атайлап «түпкү журтубуз-тууганыбыз» деп кыздын ден соолугуна тоонун шарты жакса керек деп келишсе:-Кызың жакты, таштап кет? десе, колко сурагандай болбойбу. Ар нерсенин жол-жобосу, «кызы бардын назы бар». Баккан, көргөн ата-энесинин

орду башка. Көңүлдөрүнө туура келеби да, келбейби? деген ойдогу акылдуу уста арканды узунунан таштаган. Баятан бери жээндерине кыйыта билдирүүгө даабаган эле. Ошентсе да кыздын пикирин угууга суроо салган болчу.

-Мындай жерде жакпаган эч нерсе жок, тага. Бул жайга кантип, кандайча турак алып калгансыздар?-деди ачык-айрым кыз өзүнүн суктангандыгын билгизип:

-Оюң да. сурооң да туура жээним. Мындай шарты келишкен ары кооз, ары жашоого ыңгайлуу жайды, көрүнгөн эле пенде баласы жайлай бербейт, биле бербейт. Кыйла жерди кыдырып, башынан көп окуяларды өткөргөн, жер шартын туура туйган, жылдын төрт мезгилиндеги шартты терең эске алган, көсөм карыялар гана баамдап, ары-бери өткөндө көз салып, коркунуч-үркүнүчтөрдү, табигый кырсыктарга маани берип талдаган. Өткөн-кеткенди, эртеңди эске алган адам тандаган. Ал жеке эле өзүнүн күнүмдүк турмушун, керт башынын кызыкчылыгын кана ойлобогон. Эртеңки урпактардын өсүп-өнүгүшүнө, жашоо-шартынын ыңгайлуу болушуна кам көргөн. Тоо менен сырдаш адам казык кагып, коломтого от жаккан-деди карыя билерман кыздын түпкү оюна маани берип.

-Коломтосунан чогу өчпөгөн кишинин ысмы ким деген болду экен? Ал мергенчи, же уста, соодагер болгонбу?

Жердин шартын, жашоонун ыңгайын эске ала суроо берген кызга карыя ичинен ыраазы.

-Жөн адам бул суроону бербес эле. Баамына баракелде. Келгенден бери жөн жүрбөптүр. Көп нерсени байкап, сарасеп салыптыр. Бардыгын табырка кылганына ырахмат!-деген карыя суроого ынтаа менен жооп бере баштады.

-Сен айткандай бул жайдын шарты мергенге, устага, соодагерге өтө ыңгайлуу. Ал тургай төрт түлүктү кармоого жайыт кенен. Мал кышында кол карабайт. Түзөңдөрүнө кеңири дыйканчылык кылууга айдоо аянты, сугат суу кеңири. Жайыттуу, суусу мол. Жай, күзү салкын, кышы мелүүндүгүнөн көптөгөн

талашка да түшкөн. Акыры келип, бул жерди кушчунун бийи Галижа ээ болот.

Бул аймакта көбүн эсе кыргыздын он канаты аталган Адигиненин урпактары ээлеп, жерлеп жайгашкан. Негизинен жибек жолу аталган бул жолдо Кашкар-Ташкен, Хива, Бухара каттамы аркылуу соодагерлердин кербени өтүп турган. Калмактардын капсалаңы учурунда кербен каттамы бирде токтоп, бирде уланып, такыр эле токтоп калган эмес. Калмактарга чейин Чыгыш Түркстан менен Фергана аймагында чек ара болгон эмес. Кыргыздын оң-сол-канат, ичкилик топтору эки аймакта бирдей көчүп-конуп жүрүшкөн. Анын үстүнө ушул Алай аймагы бир тарабы Кашкарга, экинчи тарабы Ошко ортолук. Жайында мал семиргенде каалаган тарапка бирде Оштун, бирде Кашкардын базарына мал сүрүп барышып, соодасын бүтүрүп келе беришет. Анын үстүнө эки аймакта тең кыргыздар жашап. Аш-тойлору бир. Куда-сөөк, жек-жаат каттамы калың. Кушчулардын бийи Галижа, адигинелердин бийи Тилеке көңүлдөрү жакын, дос болушкан. Каалаган мезгилде, каалаган жайга барышып, эл бийлеп, калктын камын көрүшүп, жат душманга каршы биримдикте болушкан. Айрыкча Галижа бий Кашкар. Жаркент, Ак-Суудагы кушчу тууганадарынан Талас, Аксы тараптардагы кушчулардан кабар алганы Алай аркылуу көп каттаган. Ал баратып да, келатып да ушул жайга токтоп, жан-жөөкөрлөрү, жигиттери менен улоолорун тыныктырып түнөп өтүшкөн. Кээде көңүлүнө төп келгенде кооз жайда айлап жашап, мергенчилик кылып, көңүл ачып, эс алган. Ошондуктан бул жайда жылдын төрт мезгилине ылайыкташкан отосу болгон.

Күндөрдүн бир күнүндө жолдон өтүп бараткан жолоочу шериктери менен тээ маңдайда кызылга келип, улоолорун эс алдырганы түнөп калышат. Эрте менен турушса жүк жүктөлгөн төөлөрү от кубалап, чачылып кеткен болот. Төө жаныбардын жакшы көргөн тамагы тикен болот эмеспи. Тикенектүү чычырканак, чарды аралай ар жерден бириндеген төөлөрүн таап айдап келишсе, ботосун ээрчиткен каймал төө жок болуп чыгат. Суу бойлой издеп жүрүшүп, ушул суунун этек тарабынан издеген төөсүн

табышат. Кайтайлы деп турушса бул тараптан созолонгон түтүндүн карaанын көрүшөт. Кызыгып ат бастыра аралай келишсе, колот сайын шаркырап аккан таза суу, тал-терекке мол, курбуланган жашыл аймакты көрүшөт. Түтүн чыккан жайга барышса үйдөн бирөөлөр чыгып, тосуп алышат. Баягы мейман каадасы менен келиң-алың кылышып. үйгө чакырышат. Бирок, жол жүрүүгө камданган жолоочулар ат үстүнөн ак ооз тийишип, ыраазылыктарын билдиришет. Ат соорусун бура, жөнөй берер чакта бирөөсү жердин кооздугун, суунун молдугун, жайытка ыңгайлуулугун айтып кеп катат.

-Бейиштей болгон жер, жайлаганга ылайык экен-дейт.

Меймандарды узата карап турган адам:

-Кудайдын жери кенен баарыбызга жетет. Куштар болсоң жайлаганга келе бер?-дейт.

Ага ыраазы болгон жолоочу ырахматын айтып, кийин туугандары менен Алайга жайлоого баратканда, кайра кайтканда жүк түшүрүп, улоолорун, малын тыныктырып өтчү болот. Кийин жердин шарты көңүлүнө төп келип, биротоло туруп калат. Кудай кошкон коңшу болуп, ушул күнгө чейин бирге жашайт.

Эки көзү толо эки курждунду артынып эне-бала тоо аралай алыскы жолду басып, айылдарына келишти. Экөөнүн көңүлүндө тең тоо жана тоолуктар, алардын адамгерчилик мамилелери, аттап-тондоп узаткандары көңүлдөрүн жибитти. Бири-бирине айтышпаса да түшүнүктүү. Айрыкча кыздын энеси кайтаарында Болумбийге карап:

-Кагылайын, кичине тага, араны алыстатпай биздикине тез-тез келип тур. Азыр эле ээрчите кетейин десем, колуңдагы иш арасат калбасын. Бүтөөрүң менен бар деп, Болумбийдин колу бошобой жатканын көрүп өкүнгөндөй.

Жигит да таятасы Эргешаалы карыянын колунан ишин алып, өнөрүн үйрөнгөн. Ээр чаап, керege-уук жасап, жыгач ишин бүтүндөй өзү бүткөрөт. Кээде чагына карап, балка согуп, темирге узанат. Уста бекер отура алабы? Сөөм жыгач болсо да колго ала коюп, керектүү бир буюм жасай коет. Тоо-таштын арасындагы таш көмүрү бар

жайды тапкан. Аны жагып, таштардан темир, жез, коргошун ээритет. Аны кайра иштетип, каалаган буюмдарды жасайт. Көбүн эсе тиричиликке зарыл болгондорду туугандардын өтүнүчү менен бүткөрүп, көбүнүн ырахматын алат. Устачылык өнөргө өзгөчө эле шыктуубу, көргөн буюмун өзүндөй кылып жасоого маш. Айрыкча кооздоп, көркөмдөй келгенде көргөндүн баары таң кала, таңдайларын такылдатыша:

-Так өзүндөй, андан да ашыра жасапсың-дешип мактоого алышат.

x x x

Болумбий Алыке агасы менен өөнгө келишкен. Алардын максаты эл аралап, жер көрүп, Маргаланга чейин түшүп барып, кургатылган мөмө-чөмө, бала-чакага шириндик алуу. Болумбий алибетте андай жайларда устакана, зергерлерден кыя өтпөйт. Кашкардан, ал тургай андан ары чет тараптардан келген буюм-тайымдарды карап, керек болсо, аларды жасаганга ылайык күмүш, жез аларды ээритип, иштете турган кошулмаларды алууга абдан кызыкдар болчу. Соодагерлер аркылуу келген курал-жарак, азем буюмдарды тандап, кооз жана бышык, көркөмдүүлүгүнө көңүл бурчу. Кээде өзү колу менен жасаган азем буюмдарды көңүлүнө туура келгендерине алмаштырып алчу. Усталыкка, зергерликке зарыл буюмдарды, шаймандарды толук чогулткан. Кээлерин иштетүүнүн жолун билбей, катар отурган усталардан сурачу. Ак көңүлү айтып берип, кээлери билбегенин мойнуна алып, тааныштарды арттырган. Жасаган буюмдарын арзан өткөрүп, кээлери менен дос болууну убадалашкан.

x x x

Соодагерлик кызыккандарга ары өнүмдүү, өтө эле кирешелүү өнөр. Кай жерде, кандай буюм таңсык, кай жерде кайсы буюм өтүмдүү. Ач калса да, аны билүүгө кызыктар. Анан да кимге, эмне керектигин заматта билип алышат. Кардарын кызыктырышка, буюмун алдырууга өтө эле маш келишет. Кээде пайда үчүн бекер

бербесе да, арзанга кол силкип да жиберишет. Алар үчүн аймакта согуш болуп, бирин-бири өлтүрүп жатабы, же жолун тоскон каракчы, ууру-кески барбы, көчкү көчүп, кыян-кечүү, сел жүрөбү ага карашпайт. Жолун таап, ийнедей тепчип өтүп кете беришкен, тобокелчи калк болушат. Катаал мезгилдерде: калмактар менен кагылышкан кыргын жүрөк чакта, ангилчандар коңшу мамлекеттерди четке сүрүп, «Ост-Индия» компаниясын ээлөөдө, түндүктөн орустардын басып киришинде, чит кытайлардын мусулман калкына кол салып, уйгур, кыргыз, казактарды четке тыркыраткан калбасында соода иши токтободу. Соодагерлер желип-жортуп, элчилик да, чыккынчылык да, соодагерлик да милдеттерди аткарышып, капчыктарын толтуруунун камында болушту.

Ок-дары, курал-жарак баш болгон, зарыл буюмдар таңылчактардын ичинде кербен тарткан кире менен ары-бери өтүп жатты. Ал иштери менен канчалардын ажал табышына себепкер болушканы ойлоруна келбеди. Пайда, акча, мүлк алардын сугун арттырып турду. Соодагерлер аркылуу жаңы чыгарылып, майы кургай элек куралдын түрлөрү бир өлкөдөн, экинчи өлкөгө пайда боло берди. Айрыкча калк жыш жашаган шаарларда ал куралдарды сатуу оңой эле. Кызыл кулактар, ортомчулар алдын ала кайсы буюм зарылдыгын айтышып, келгендерден күүжүм алып, эки-үч эсеге пайдасын көрүштү. Соодагерлер өздөрү айткандай «Адам жанынан башкасын» табышчу.

x x x

Алыке менен Болумбий жол баратышып, капыстан эле Айсалкынга учурашты. Эки ашыктын көрүшүүсүнө күбө болгон соң, Болумбий окуянын чоо-жайын түшүндү. Алыкенин тапшыруусу менен ал айылга кабар берип, ат-улоо алып келүүгө артка кайтты. Окуя анчалыкка барат деп ойлогон да жок. Туугандарга кабар берип, Айсалкынды алып келүүгө, жанына шерик алып, ат коштоп, кайра тартып келе жатты. Барыш-келиш, узак жолдо эки күн өтүп, аттарын атырылта келе жаткандар, дарыяны кечип өтө бергендеги айылдагы чууга кабылышты.

Жүрөгү бир жамандыкты сезген Болумбий Өмүр жээндин үй-бүлөсүнөн кабар ала өтүүнү ойлоп, дарыя бойлой шеригин жөнөтүп жатып:

-Айылда эмне чуу? Мен билип, артыңан жете барам. Сен коштогон атты, буюм-тайымы менен Алыке акеге жеткир. Кокустан кечигип калсам, кайтып келе жатып тие өтөрсүңөр-деп Болумбий атын темине, айыл аралады.

Бир нерседен чочулай үрпөйгөн топ, бир тарапты карай томсорушат. Анда-санда кашадан баш чыгара шыкаалаган катын-калач. Аркы тараптагы бир үйдөн озоңдоп ыйлаган,  ачуу үн. Катуу келген атчан топтошкон караандарга жакындай берип салам айтты. Капалыкка батып, кабак түйгөндөр араң ооздорун кыбыратыша, аликалган болушту.

-Кападар окшойсуздар.Туугандар эмне болду? -деди Болумбий боор ачый.

-Каракчылар…

-Зомбулук. Каршылык кылгандарды сабап…

-Кутурган иттер, зомбулук көргөзүшүп, алып кетишти.

-Кимди?

-Айдай болгон кызыбызды. Колубуздан жулуп, чыркыратып, ыйлатып ала качышты.

-Кимдер алар?

-Кокондун бийинин жигиттери экен.

Аңгыча болбой чачтары саксайып, бети-башы кызыл ала кан болгон аял көпчүлүктүн кармагандарына карабай жулунуп, кыйкырып жатты.

-Айланайын калайык! Айдай кызымдан айрылып, кан какшап кала беремби? Карышкырларга, кутурган иттерге жаза бер Кудай! Кайдан да бизди бактысыз кылып жараттың экен? Кутурган иттер, ууру-каракчылар колумдан жулуп кетпедиби? Кызымды алдырып кантип жашайм? Көз жашын көрбөйүн дечү элем. Өзөгүм өрттөнүп, ушинтип кызымдан ажырап каламбы?-деп жанын коерго жер таппай, көзүнүн жашын он талаа кылып, чыңыра өксөп жатты.

-Туугандар! Көпкөн немелер, кайда кетишти? Саны канча экен?

-Бул тарапты көздөй салышты.

-Жети-сегиздей. Караандары калың.

-Колдорунда кылыч, куралдары бар.

-Кана бизге кошулатургандарыңар барбы? Аркасынан жетип, ажыратып калалы!-деп жигит, атын туйлата, көпчүлүккө кайрылды. Тунжурап турган көпчүлүк эми гана эстерине келишкендей, бири-бирин тиктешти. Арага түшүп, кол кайры кылуу ойлоруна келбегенби, же куралчандардан коркуп, эстери оогонбу, уйкудан ойгонгондой, жабалакташа кыйкырышты.

-Намысы бар азаматтар, аттангыла! Бизди адам ордуна көрбөй, кара башыл кызыбызды жулуп кеткендердин жазасын колуна бергиле! Колубуздан алдырып, кала бербейли.

-Узай электеринде аттангыла! Заматта жетип барасыңар. Бириңе-бириң эш болуп, карааныңар да калыңдайт. Аттангыла!-дегендердин сөзүнөн улам, ар үйдөн булкунган аттарын минген жигиттер топтоло кетишти.

Тургандардын арасынан ар кими ар кыл айтып, кыйкырып жатышты. Арытан колдоруна союл алып, шымаланган эки-үчөө жайдак атчан келишти. -Чү койгон топ, аттарын атырылта камчы басышты. Чаңдуу жолдо каракчылар бир топ узап кетишкен экен. Алыстан караандары көрүндү. Аркадан куугун келээрин билишкенби, топтошо калышты. Колу-буттары таңылып, бети чүмкөлгөн кызды өңөргөн бир-экөөнү алга жиберишип, калганы кылыч, шамшарларын жаркылдата куугундарды утурлашты. Намыстанган жигиттер күү менен келишип, каракчыларга тиреше түшүштү.

-Эй каракчылар, кутурган иттер! Бир айылдын адамдарын тоготпой, кара башыл кызын зордоп ала качканыңар кандай?-деди Болумбий алыстан кыйкыра.

-А бокмурундар! Ажыратып алалы деп, чапкылап келдиңерби?-деди быжыгыр сакал семиз бирөөсү.

-Ажыратканы келдик. Болбосо тирүү кетирбейбиз-деди айылдык жигиттердин бириси.

-Ушу силер а! Билерман Кокон бийинин жигиттерине кол көтөрөбүз деп ойлодуңарбы?-деп шылдыңдай сүйлөгөндө шериктери жабыла.

–Ха-ха-халашып аны коштой каткырышты.

-Биз Кокон-соконуңарды тааныбайбыз. Кызыбызды калтыргыла!-деди айылдык жигиттердин экинчи шериги.

-Эй жапайы! Коконду таанысбай эмне кылып жүрөсүңөр? Билип алгыла! Кокон силерге ыйык, хан ордо!-деди бети-башын түк баскан дагы бири.

-Сасыган Коконуң ордо болсо, өзүңө ордо. Биз аны ордо катары санабайбыз. Кызыбызды бергиле-деди темине Болумбий.

-Кана кызыңар? Кетти,алиге чейин Коконго жетип калды. Эми покту аласыңар-деп тегерек сакал семиз каткырганда, шериктери аны коштоп кеттиби.

Өздөрүн шылдыңга ала, жалган, кур каткырык салгандарга ачуусу келген Болумбий атын темине ызырынганда, кошо келген шериктери аны коштоду. Эки жаат боло, бөлүнүп тургандар, аралаша түшүштү. Баятан бери «куралы жок куу союлчандар, даап кол көтөрө алышпайт»-деп ойлошкон каракчылар, жалаңдаган кылычтарын кындарынан сууруп алышып, умтула беришкенде, Болумбий шериктерине:

-Коргонгула-деп кайрылды.

Кылычтарыбызды көтөрсөк сестенишет деп ойлошкон топтогулар төртөөнү орой калышып, кылычтарынын аркасы менен колдорун созо чапкылашты. Каракчылардын башчысы бая аркадан алардын караандары көрүнгөндө шериктерине эскерткен эле.

-Куугунчулар бизге даап, кол көтөрө алышпайт. Кокус кол көтөрүшсө, кылычыңарды кындан сууруп, пеш кылгыла. Кокустан бир экөөнү өлтүрүп алсак, алыскы жолдо алардын кийинки шериктери жете келишип, чабыш башталып кетпесин. Аны билген тоолуктар бизди көптөбөсүн-деген.

Төртөөнү ороп, буйдамалап аттарынан түшүрүп, колу-буттарын таңып, ур-токмокко алып, экинчи алдыдан чыккыс кылабыз деген каракчыларга, күчтөрү тең келе албаса да, жергиликтүүлөр куу

союлдарын шилтешип, каршылык көрсөтүштү. Эки тарап тең катуу тийген таяктан жандары ачышып, кызуулана чабышууга киришишти.

Айылдыктардын бирине кылыч тийип, аттан оонап түштү. Болумбий канчалык камчысын шилтесе да кылыччандар тоготпогондуктан, ал камчысынын өрүлгөн узун көгүн колуна орой кармап, табылгы сабы менен тегерек сакалды башка тартты. Башындагы селдеси ыргып кетип, чокусунан кан жая берди. Бири-биринен сестенип тургандар эми жандарын аяшпады. Куу союл «как» эте тийгенин тоготпогон каракчылар үчөөнү ортого ала көптөп, аттарынан түшүрө чабышып, колу-буттарын бириктире чырмай таңышып, кайра тепкиге алышты.

Денелеринин айрым жерлерине кылыч тийип, көптөп тепкилегендерден бети-баштары көгөргөн дулдуя шишген, үчөөнүн аттарын жетелей жөнөгөн каракчылар, шашыла келген Алыке менен анын шеригине кабылышты. Балбан келе жатып, жолдон көк союлду кармай келгенби, аттарды коштой эми жыла бергендерди аралай чапты. Кылычтарын жалаңдата каршылык кылгандар анын оңго-солго шилтеген как союлуна туруштук бере алышпай, аттарынан топтой томолонушту.

Алыкенин туспалдап, жолду утурлай чыкканы ырас болуптур. Шериктеринен бөлүнө, кызды уурдай качкандар, түз жерден буйтап кете алышпаптыр. Туурадан чыга калган балбан качкандарына карабай, күлүк аты менен кууп жетип, как тизеге союл уруп, ат үстүнөн талпактай учуруп түшүрүптүр. Буту-колу таңылып, бети чүмбөттөлгөн кызды ат үстүнөн эңип ала, жерге түшүрүп, таңууларын чечип, Айсалкынга кошо, өзүнчө бир атка мингизип,

-Аркадан келе бергиле! деген боюнча чаап жөнөп, эми ордунан жылып бараткан каракчыларды алыс узаткан жок.

Бая чакчаңдаган каракчылар, колго түшкөн чөө бөрүлөрдөй болуп, колдору байлануу үңкүйүп отурушту.

-Кана, бул тарапка эмне келдиңер? Ким жиберди? Максатыңар эмне эле? деген кошоктошкондорго суроолор берилди.

Үңкүйө бири-бирин тиктегендер, үн катышпады. Жерде жаткан кылычты илип алган Алыке:

-Эмне, үндөбөй кутулабыз деп ойлойсуңарбы? Тирүү калабыз десеңер болгонун болгондой айтып, айыбыңарды мойнуңарга алгыла. Болбосо, жырткычтарга жырткычтай өлүм!-деди эскертип.

-Кана, сен сүйлөчү! «Жапайы»-деп, «Коконду таанaыбай эмне кылып жүрөсүңөр!»-деп, «Билип алгыла! Кокон силерге ыйык, хан ордоңор» дебедиң беле? Чынбы?- деп Болумбий, чакчарылган семизге суроо узатты.

-Чын.Чын, таксыр.

-Жагынганыңды коюп, чыныңды айт!

-Ырасы айтсак Кокондон келдик.

-Эмне максат менен?

-Ордого, чырайлуу килемчи кыздар керек эле.

-Анан?

-Ушул кызды чырайлуу, чебер деп айтышканынан алып кеткени келдик.

-Ыктыярына карабай, зордоппу? О зулум карышкыр! Ата-энесин зарлантып, көз жашын көлдөтүп алып кетмексиңерби? Айылдагыларды адам санабай, тоготуп да койбой, ордоңорго жеткирмек экенсиңер да? Ушундайбы?

-Бийибиз, ушундай буйрук берген болчу.

-Бийиң өзүңө, сага бий. Бизге тиешеси жок. Бийлеймин деген, үмүтүн үзсүн. Биз ага баш ийгидей букарасы эмеспиз-деди Болум бий.

-Букара кылам дейт.

-Зордоп, мажбурлаппы? Бийиң экөөң, пок жепсиңер. Айтып бар, бийиңе! Бул тарапты карап, көзүн кызартпасын. Кылычын көтөрүп коркутам дебесин! Эгер мындай кылыгын кайталай турган болсо, көтөргөн кылычын көтүнө тыгып, сугун артпас кылабыз. Билдиңби?

-Билдим.

-Айта аласыңбы?

-Айтам-деди семиз тегерек сакал жаны аман калаарына ишенгендей бүжүрөп.

-Бу шериктериңди эмне кылабыз?-деди Алыке шылкыя үңкүйүп отургандарды жаңсай.

-Өзүңүз билесиз.

-Шериктериңдин жандарын сурабайсыңбы?-деди Болумбий жийиркене.-Же сага баары бирби?

-Өздөрү сурасын-деди тегерек сакал, шериктерин көзүнү төбөсү менен карап.

-Буларды, сен ээрчитип келгенсиңби?

-Ооба.

-Эмне деп ээрчитип келгенсиң?

-Шерик болгула-дегем.

-Жанын жейт. Кыргыз кыздарынан катын алып берем деп, азгырган өзү-деди бети-башын түк баскан, дүңүрөйгөн шериги.

-Кыргыздын кыздарын, сасыган сарттарга ким бере коймок? Дөөпараз, көпкөн немелерди экинчи келгис кылып, бычып салбайлыбы?-деди Болумбий менен кошо келген айылдык жигиттердин бириси.

-Бычпай эле. кылыч менен баштарын кыя чабалы.

-Буларга кол булгап отурабызбы? Колу-буттарын таңып, ээн талаага таштайлы.Ит-куштар бир тоюнуп алышсын.

Алар бир бүтүмгө келгиче болбой, аттарын жанаша бастырышкан эки кыз жете келишти. Алыстан эле бирөөсү тааныдыбы:

-Болумбий аке!-деп кыйкыра ат үстүнөн шыпырыла түшүп, тургандарды көздөй чуркады.

Өзүнүн атын атаган тааныш үндү уккан Болумбий селтэте баш көтөрүп, Ыйман кыз экенин биле койду да:

-Ыйман!-деп утурлай жөнөдү.

Экөө кучак жая, бири-бирине умтулушту.

-Болумбий аке, жырткычтардын колунан куткарып алганыңар үчүн мен силерге ыраазымын-деди кыз шолоктоп ыйлап. Кордук

тартып, уйпаланган денеси, көл-шал боло төгүлгөн көз жашы жигиттин намысын козгоп, ачуусун келтирди.

-Ырахматыңды баатыр акеге айт-деди жигит Алыкени көрсөтүп.-Сендей кыргыздын кыздары кордук тартпасын деген бир туугандай болгон агаларың аттанып келишти.

Салаадай куюлган көз жашын улам аарчынган кыз, колун көкүрөгүнө ала жүгүнүп:

-Ырахмат, акелер-деп ыраазылыгын билдирди. Кубанычтан улам анын көз жашы бетин жууп турду.

-Туугандар, эртерээк айылга кетип, ыйлап-сыктагандарды сооротолу-деди Болумбий кызды аттандырганы жетелеп баратып.

-Баатыр аке, мына бул көркоолорду эмне кылабыз?-деди айылдык жигиттердин бирөөсү.

-Жазаларын алышсын. Баштарын кыя чапкыла!

-Жок, жигиттер, анчалыкка барбайлы. Адамкерчилик кылып, өлтүрбөйлү. Эскертейли экинчи бул тарапка басып келишпесин-деген Алыке, колдору таңылып, кошоктошкондорго кайрылып.

-Бийиңерге айта баргыла! Тоолуктар зыкым эмес. Кечире да билишет. Жарыкчылыкка бир келген өмүрүңөрдү өзүңөргө белекке бердик. Дагы бир жолу тоолуктарга келип тийиштик кыла турган болсоңор, аямай жок. Жолуккан жерде чаап салабыз. Колдорун чечип, бошоткула! Кете беришсин!

-Каракчыларды бекер аядык. Булар адамгерчилик, кечиримдүүлүк дегенди билбеген жырткычтар. Турган жерлеринде чаап салыш керек эле.

-Жашоо кадырын билишип, калган өмүрлөрүн тынч өткөрүшсүн. Эмне болсо да мусулман эмеспи. Булардын жамандык кыларына, эч ким кепил боло албайт.

-Буларды айылга алып барып, элге салалы! Эл жазаласын-деди бириси.

-Артыбыздан айдап келе бер!-дешип бүтүмдү туура көрүшкөн топ, жапырт аттанышты.

Куугунга баргандар, айылга жете келишти. Алыстан эле кызды ажыратып алышканын билишип, айылдыктар боздогон аялды көздөй сүйүнчүлөй чуркашты.

-Чын элеби? Кызым аман бекен? Кана, кайда? –деген аял, башындагы жоолугу суюлуп түшкөнүнө карабай, утурлай чуркады.

-Апа!

-Алтын кызым, карагым. Чын эле сенсиңби?

-Менмин апа.

Эне-бала бекем кучакташып ыйлап, бир күлүшүп, бирин-бири өпкүлөй сооротуп жатышты.

-Сени куткарып алгандар кимдер? Мага көрсөтчү? Энелик ыраазылыгымды билдирип, алдыларына жыгылайын?

-Болумбий акем. Алыке акем баш болгон айылыбыздын жигиттери.

-Болумбий, атыңдан айланайын! Боло турган бала элең. Карындашыңды сен куткарбасаң, ким куткармак-деп, жүрөгү эзилген эне келип, Болумбийди кучактап, бетинен өөп жатты.

-Зыядат эже. Бир эле мен эмес. Алыке баатыр акем баш болгон, айылдын мына бу жигиттери деп, Болумбий кыдырата турган жигиттерди көргөздү.

-Айланайындарым, кем болбогула! Силердей намыскөй, жигиттери бар элибиз бактылуу! Мен ыраазымын силерге. Кордук көрбөгүлө, көп жашагыла!

Эне көз жашын мөлтүрөтүп, ар бирин кучактап өөп, кубанычын жашыра аябай толкунданды.

Эртеден бери кетпей турган көпчүлүк алкыштарын билдиришип, жабыла ыраазычылыктарын айтышты. Эне маңдайындагыларга кайрылып:

-Айланайындар! Мен силерге дагы бир жолу энелик ыраазычылыгымды билдирем. Ар дайым силерге жакшылыктарды каалайм, Болумбий балам! Ушул бир тууган айылдаштарымдын алдында, шериктериң менен барып, кызымы каракчылардан куткарып алып калганың үчүн Ыйман кызымы сага туттум. Ал

аманатыңды! Азыр ээрчитип кетсең да, мен ыраазымын. Экөөңө бүтүндөй элди чакырып той кылып берем.

-Эже, мени да Болумбийдей, келинчегим Айсалкынды кызыңыз Ыймандай көрүң? Биздин тоюбуз да бирге болсун-деди Алыке баатыр ары тамаша-чынга аралаштыра күлүп келип.

-Айтканыңардай болсун, айланайын! Кызымы куткарып алган баарыңы, баламдай көрөм. Силерден аянбай калалы. Тапкан-ташыганыбыз элдики. Той кылалы.

Катарлаша турган кыз-жигитти баласындай мээримин чача кучактаган эне Алыке менен Айсалкын экөөнүн маңдайынан сүйдү.

-Жүргүлө үйгө! Ырымын кылалы. Балакет-салакет, илешкендердин баары кетсин-деп бурула жөнөгөндө, туткундарды айдагандар келип калышты.

Муштумдарын түйгөн көпчүлүк жабыла жүткүнүштү. Алардын түрүн көргөн айыл аксакалы:

-Каракчыларга теңелип, ачуу менен колуңарды булгабагыла. Булар адам эмес-көркоо. Элдин убалынан коркушпайт. Колуңарды тийгизбегиле, жамандыгы жугат. Бекер алып келипсиңер бул тарапка! Кутурган иттерге, иттей жаза берип, аска-зоодон таштап жибербепсиңер. Анда да, арам эттери сасып, таза абаны булгайт. Жоготкула бул жерден деп, тескери бурулду.

-Каракчыларга аео жок. Жазасы өлүм!

-Алыс жайга алып барып, тирүүлөй көмгүлө!

-Элдин тынчтыгын бузган акмактарды аябагыла!

Жек көрө тиктеген көпчүлүктү баш көтөрүп карай албаган каракчылар, куйругун кыпчыган чөө бөрүлөрдөй болушуп, бүжүрөп турушту.

-Адам деген атка татыксыз, жуксурлар! Силерди эне төрөбөсө керек!

-Алып кеткиле. Жоготкула бул жерден-дешти аксакалдар.

-Таш боор, сасыткылар! Жүзүңөр курусун силердин,тфу! Тфу!

Аял-эркеги, балдарга чейинкилер жийиркене түкүрүп, кетип жатышты.

x x x

Күн өтүп жатты. Калбаа жок. Тоо ичи тынч. Эл өз тиричиликтери менен алек. Малдуулар жайыттын ыңгайына карай эгиздеп кетишкен. Чак баштуулар бир-эки тыракыларына көз салып этекте. Анча-мынча жер айдап, эгин эккендер отоо-сугатына карай жазгы журтунан алыстап кете алышпаган. Жаз ортолоп, бардык жерде көк көтөрүлүп, алды боткок ала баштаган чакта, желе байланып, кымыздын бышкан мезгили болот. Жандыктар эт алып, шырбаз козулар союшка даяр. Теӊ-теңи, же айыл-айылы менен үлүш бермей, шерине жемей башталат. Журт майламай, өрлүктөмөй шылтоосу менен кемпир, келин, кыз-кыркындар шаракташа келишип, айылчыламай уланат.

Мындайда жаш балдардын күнү тууйт эмеспи. Жаңы үйрөтүлгөн тайларын жарыштырып, «кый-кыйлап», сүрөгөн үндөр, чоңдорду туурап, «соорун талашмай». Чуру-чуу малды жайытка чыгарып, кечки кайтышында тосуп алып түгөлдөгөнгө чейин уланат. Жайкы жайлоонун кенендигинен каалашынча оттоп тойгон мал ныксырап, көп алыска кетпейт. Күн табына келген чакта шапаталуу жон-жонго, же көлөкөлүү таш-жарларга баштарын салып, топ-топ жата беришет.

Ушундай мезгилде тоолуктардын карысынан жашына чейинкилеринин колдору бош. Бир айылдан-экинчи айылга өтүп кымыз ууламай башталат. Көптүн башы бириккен жерде сөзсүз тамаша болбой койбойт. Алдын кеп сурашып, жаңылыктарды айтышат. Уккан-көргөнгө баа берилет. Аттын күлүгү, тайган-иттердин алгырлыгы, канаттуу куштардын шамдагай кыраакылыгы, эр-азаматтардын баатыр-балбандыгы, кыздардын сулуулугу, айылдардагы акылман, куудулдары, комузчу, ырчы, жомокчулары, уста, чебер, уз, зергер, өрмөкчү, сокмочу деги эле колунда өнөрү, оозунда башкаларды тамшандырган сөздөрү барлар түгөл айтылат. Ал тургай алардын кай жерлиги, кайсы топтон экендиги, ата-энеси кимдиги, жаш курагынан бери талданат. Тегине токтолушуп, андан ары санжыра уланып кетет.

Бүгүн да Курбудагы чакан айылга кымыз ичкени чоң-кичинеге карабай бардыгы келишкен. Аба-аксакалдар, колунда барлар өз теңдери менен шерине-үлүшкө, «кеп» жегени кеткендиктен орто байлардан төмөн, бирөөлөрдүн малын «саап-ичип, бакканча келейин» деп көтөрмөгө алгандар, малчы-койчу, саламчылар, жашы жагынан боз улан болоюн деп калгандар чогулушкан. Тоолуктардын шартында кымыз ичкени келгендер бай-кедейине, жашына карабай кабыл алынат. Боз үйгө чогуу киргендер жашына жана алыс-жууктан келгендигине карай улуулата отурушуп, эң этектен жаштар орун алышат. Кымыз куюлган кесе да жашына жана меймандыгына карай кош колдоп узатылып, кош колдоп кабыл алынат. Башкы мейман, же эң улуу киши ооз тиймей сайын, башкалар оозунуп ичип жиберишпейт. Качан гана кымыз куюлган кесе толук жеткенден кийин, баарын баамдап отурган улуу киши:

-Кана,алдык.Бисмилда-деп ооз тийгенден кийин беркилер тегиз ичишет.

Кенен жайылган дасторкон четинде отургандарга кесе жетпей калса, башка үйлөрдөн кесе алып келгенге чейин, эч ким оозунуп кымыз иче албайт. Кымыз куюлган кесени жерге койбой кош колдоп кармап отура берет. Бошогон кесеге карай кымыз улам кайталанып куюлат.

-Кымыз түгөндү, башкаларга жетпей калат-деп үй ээси, же сабаны көтөрүп куюп отурган «байбиче» айтпайт. Сабанын бөксөрүп, кымыз түгөнгөнүн баамдап, көз салып отурган улуу киши ичилген кымызга ыраазычылык билдирип, алакан жая колун көтөргөндө гана башкалар аны коштоп бата кылышат. Кымыз ичкен жайда: кесеге кымыз толтуруп, сунуп отурган «байбиче», ал эми куюлган кесени узатып турган «касакүл» деп айтылат.

«Кымыз уулагандар» суусундары канбай калса, экинчи «железден», же кийинки айылдагы үйлөргө барышат. Аларды ар үйгө бөлүп түшүрүшпөйт. Бир үйдүн сыйын көргөндөн кийин, экинчи үйгө өтүшөт. Эки-үч жердеги үйлөрдөн кымыз ичкендерди кымыз мас кылат. Көпчүлүктүн арасында көңүлү көтөрүлгөндөр

бакылдай сүйлөшүп, алды ырдай башташат. Мелдеш да, тала-тартыш да ушундай жерде чыгат.

Бүгүн да Кош-Таштагы чакан айылдагы кермеде ар кыл улоо байлануу турганы алыстан эле байкалды. Күндө эртели-кеч мал тоскондо минилчүү чобурлардан тартып, жаңы үйрөтүлгөн тай-кунандар, отун артып, суу ташыган жумушчу аттарга жанаша мамыкта ыңырчак токулган өгүздөр байлануу. Кымыздуу үйдө бак-бак эткен үндөр. Анда-санда күлкү да чыга калат. Келгенден бери кеп талаша, тамашалашкандар улуулата отургандардын катарындагы өң тааныш мейманга кайрылышты.

-Тууган. Өзүң билесиң, тоолук барган жерде тамаша айтып, бура сүйлөгөндү жакшы көрөт. Ал адат силерде да бар эмеспи. Бирибизди-бирибиз сөзгө алмайын жөн отурбайбыз-деди ортодо отургандардын бириси мейманга кайрыла.

-Туура, тамаша болбосо сөз да кызыбайт. «Бура сүйлөгөн күлгөнгө жакшы» деген макал да жөн жеринен эмес-деди мейман да тамашага жакын экенин билгизип.

-Сиздер тарапта кандай кеп?

-Ии.

-Кокондуктар колу усулдуу усталарды, топтоп жатыптыр-деп угабыз. Чын-төгүнү кандай?

Отургандардын арасына бирөө, кеп кезегине карабай суроо бере кетти.

-Жалаң усталарды топтоп, эмне кылат экен?

-Курал соктурат имиш.

-Ой-эй. Кокондон келгендердин баары эле куралчан жүрөт. Дагы соктуруп эмне кылат экен?

-Каапырларга каршы турабыз-дешкен имиш.

-Кайсы каапырлар?

-Эй, аны билбей, эмне кылып жүрөсүң? Мусулмандан башка болсо, каапыр да.

-Каапыр деп кытай, орусту айтат.

-Ал экөө эмне биригип кетиптирби?

-Жо-ок. Кытайы чыгыштан, орусу түндүктөн басып келаткан имиш.

-Кытай менен орус Коконго келгичекти качан?

-Алар Кокондун эмнесине кызыкмак эле?

-Кокон ордо болобуз. Өзүбүздүн күчтү чыңдайбыз деп жатыптыр.

-Ой-эй. Бир күндө бир жаңылык укпаса, каңгир болот дегени чын окшойт.

-Эй, бажылдабай тек болгула. Меймандан кеп сурап алып, кезек бербей өзүбүз сүйлөп жатабыз. Сөз укпайлыбы?

Биринчи суроо бергендин жанындагы, өзүнчө сүйлөгөндөрдү тыйган болуп,

-Ооба. Меймандан сөз угалы-деди дагы бири аны кубаттап.

-Аркы-беркисин билбейм. Бирок, Болумбий устаны «Даярданып, керектүү буюм-тайымдарыңды камда. Канча улоо болсо да, кербен кылып көчүрүп кетебиз»-деп Кокондун билермандары келип кетиптир деп уктум.

-Кайсы Болумбий?-деди аңкоо чалыш бирөөсү.

-Кайсы болмок эле. Болумбий деген «уста» бирөө эле-деди аны шылдыңдагандай бирөөсү.

-Ким уста экенин, бул кайдан билет. Көргөн-бакканы жалаң кой болсо.

-Кой кайтарган, койго айланып калат деген чын окшойт.

Шылдыңга көпчүлүк кошула дуу каткырышты.

-Эй, күлбөгүлө. Мен да билем. Болумбий уста бирөө эле. Баарыбыз анын көзүн карайбыз. Аны алып кетсе тиричилигибиз кантип өтөт?-деди шылдыңга калганы туурасын айтып.

-Чын эле. Бир эле биз эмес. Бүтүндөй Ош аймагы боюнча Болумбий устага зарыгып барабыз. Ал кетсе, бизге ким Болумбий болуп бере алат?

-Болумбий ченде жок өнөрлүү уста. Бир көргөнүн жасабай койбойт-деп уккам.

-Анын ырас. Бир ногой соодагер, аты Ибраим дешти.Жаңы майы менен бат атма алып келиптир дейт.

-Качан?

-Качан болмок эле. Соодагер кудайдын буйруган күнү келе берет да.

-Талашпай тургулачы, кеп угалы.

-Айт. Айта бер.

Отургандардын бири талашып, бири тыйып, сөздү бөлүштү.

-Көргөндөр баасын сураса, жүз суусарга берем дептир.

Мейман кеп талашкандарды жактырбай сөзүн улады.

-Ой нысапсыз. Кой беле, жайылып жүргүдөй.

-Жайылып жүрсө да, ким эле жүзүн кармай алат?

-Бу соодагер дегендер көзү тойбос болот экен да?

-Ач көздөр гана соодагер болот окшойт.

-Эй соодагер болбосо, зарыл буюмдарды бизге ким алып берет?

-Мейманды какатпай, кепти бөлбөй тургулачы?

-Айта берсин.

-Айта берсе, ортодон чыга, жыра сүйлөсөңөр, кептин мааниси кетип жатпайбы. Кеп жебес, ажылдагандан башканы билбеген немелер экен деп, мейман да ойлоп калбасын. Тек болгулачы-деп отургандардын улуусу тыя кетти.

Отургандар бир аз дымый түшүштү.

-Кээ бирөөлөр «элүү түлкү берейин» дептир.

-Түлкүгө бай неме го? –деп дагы бирөө сүйлөй кетти эле.

-Оозуңду жап. Сөз бүткөнгө чейин чыда-деди баягы тыйган киши, ачуулана

-Отуз карышкырдын терисин таап келейин. Үстүнө бир чакча муксуз (кулжанын мүйүзүндөгү суюктук) кошоюн дептир. Ногой соодагер аларды жанына жакын жолотпоптур.

-«Силер бул мылтыктын кадырын билбей жатасыңар. Силердин түтөтмө кыргыз мылтыгыңарга караганда отуз-кырк эсе ыңгайлуу. Жакын барып, милте чагып, түтөтүп отурбайсыңар. Мерчендүү жерге жеткен соң, аң качкычакты беш-алтоону заматта атып аласыңар. Ошол себептен муну "бат атма" деп коет» дептир Ибраим

соодагер. Мергендер андан бетер талашышып, мылтыктын баасын көтөрөп жиберишиптир.

Бир мерген «эки күн коюп бер. Элүү суусарды элден чогултуп алып келемин. Калганына түлкүнүн терисин берейин»-десе соодагер ынангандай болуптур. Бирок, мылтыктын кабары Болумбийге жетип:

-Бир жумага мага бер. Керек болсо өзүндөй мылтык жасап берем-деп мелдеше кетиптир.

-«Бул мылтыкты берип, сени кайдан табам»- дептир соодагер.

-Мен сөзүмдү эки кылган эмесмин. Бир жумадан кечиксем кунун эки эсе кылып төлөп берем, дептир уста.

Баалашкандардын баары Болумбий устанын убадага бек экенине, эки сүйлөбөстүгүнө күбө өтүшүптүр. Ногой ага да ишенбеген экен. Баягы мылтыкты аларман мерген

-«Болумбий уста үчүн бир жума жанындан жылбайм. Эгер уста жасай албай калса, мылтыгыңды кайтарып алып, мени кулдай кылып, каалаган баага сат»-дептир.

Баягы меймандын сөзүн бөлүп, жажылдагандардын бириси да үн катпай, сөз аягы эмне менен бүтөөр экен?-дешип, жабыла кулак төшөштү.

Соодагер көпчүлүктүн Болумбийге болгон ишеничине ынанса да, устанын так өзүндөй (заводдогу калыпка куйгандай) кылып мылтык жасашына ынанбай турду. Бирок мергендин убадасын Болумбий аткара албаса, "мылтыгыңды кайтарып алып, мени кулдай кылып, каалаган баага сатып ал"-деген сөзүн эске алып:

Эки эсе кылып төлөбөй эле кой. Өзүндөй кылып жасасаң ушул мылтыкты берем. Сени менен дос болом-дептир.

-Ии, анан?

-Айта бер?

Сөз этегин чыдамсыздык менен күтүп отургандар, чыдабай кетишип, суроо узатышты.

-Убадага бек уста, бир жумадан кийин кош мылтыкты соодагердин алдына коюп,

-Кандай айрымасы бар?-деп суроо бериптир.

Ибрагим соодагер эки мылтыкты салмактап көрүптүр, теңештириптир. Акырында айрымасы жок экенин моюнга алыптыр.

-Сен уттуң уста. Убада боюнча мылтык сеники-дептир. Бирок Болумбий соодагерге айрымасын өзү айтып бериптир.

-Ногой тууган. Сен да, мен да мусулманбыз. Менин өнөрүмү баалаганыңа ырахмат. Көрүнүшү окшош болгонун көрдүң. Соодагерди соодагер билет. Устаны уста тааныйт. Темирчини темирчи баалайт. Себеби, биринин сыры, бирине маалым. Мылтыктар окшош болгону менен эки тоонун темири эки бөлөк. Сенин мылтыгыңда жазуулары бар экен. Мен ал жазууларды жазган жокмун. Жыгачы суук жердин катуу карагайынан экен. Мен жумшак карагайды пайдаландым. Мылтыктын тээги, лөкүдани (затворун) темирдин башка түрүнөн жасалыптыр. Мен андайды таба албай, өзүбүздүн тоодогу темирден эле калып кылып куюп койдум. Майлаган майы жаныбардын майындай эмес, сасык экен. Жыттап көрсөм, Сасык-Булактагы кара майдын жытына окшошуп кетет. Ошону менен майласам окшошуп жатып калды. Белегиңе миң мертебе ыраазымын. Мен үчүн бир жанын, кара башын аябай койгон мергенчими бер. Өзүм жасаган мылтыкты ага берейин дептир. Уккан-көргөндүн баары аларга ыраазы болушуптур.

-Огоо! Таң калыштуу.

-Чын элеби?

-Устанын колунан келет. Ал жакшылыгын аябайт.

-Соодагер да, мерген да азамат, эр экен.

-Колунан көөрү төгүлгөн устага, эчбир жан тең келе албас!

Отургандар чуулдаша таң калып да, мактап да, бир чети устаны билишкенин, бир жердик экендиктерине сыймыктанып жатышты.

-Бирок,-деп мейман үн катканда, чуулдап-күлдөгөндөр дым боло калып, кулак түрүштү. Бирок, эл ушул учурда кимиси кыйын экендигин чече алышпай талашып жүрүшөт. Силердин оюңар боюнча кимиси кыйын?

-Бир сөзгө туруп, убада берген соодагер кыйын.

-Кара башын аябаган мерген кыйын.

-Көрбөгөн мылтыкты өзүндөй кылып жасаган мерген кыйын.

-Ошону айт. Өнөрүнө баракелде.

Бул окуяны бир эле чогуу отургандар эмес, уккан-көргөн көпчүлүк талдашып, эчен талашка түшүштү. Ар кими, ар кыл, баа берип жатышты. Бирок окуяга катышы бар соодагер ногой башка жактагы соодагер көпөстөрдөн, тоолуктарды "жапайы" деп айтып, теңсинбегендерин да уккан. Кээде өзү да, ошондой деп ынанып да кетчү. Ала-Тоо аймагын каршы-терши аралап, көп жеринде болду. Сооданын шылтоосу менен көбү менен сүйлөшүп, мамиле да кылды. Напси деген жаман экен. Алып барган буюмун эки эселентип, кээде төрт эселентип пайда көрдү. Тоолуктар чөл адамдарына, шаар-калаа калктарына окшоп, баасын сурап, соодалашып, тайышпайт. Айткан баага колундагыны ооштуруп алып кете беришет. Колдорундагы жасаган буюмдарынын жөнөкөйлүгү, кооз-сапаттуулуугу укмуш. Тим эле карап отура бергидей. Килем, шырдагы, кийиз-тондору, тиричилик жана үй буюмдары кардарларды чакырып турат. Дээрлик бардыгы март келишет. Баарыдан да убадага бектигин айт. Бирөөлөр үчүн убаракерчилик тартканын, кыйналгандарын эстерине алып да коюшпайт. Меймандос, колдору ачыктыгын башкаларга теңештирүүгө мүмкүн эмес.

Ошолордун бири Болумбий. Бой көтөргөндү билбейт. Бир ишти кармаса, аягына чыкмайын эс алууну унутуп коет. Жалкоолонуп, же зеригип отура бербейт. Бир көргөнүн так өзүндөй кылып аткарат. Кечээ күнкү мылтыкты өзүндөй кылып жасап, заводдо калыпка салгандай окшоштурганы өзгөчө өнөр эмей эмне? Мындан башка да татаал буюмдарды жасарына көзү жетти. Башкалар менен мамиле кылбаса да, Болумбийден кол үзбөөнү чечти. Чыт-чыбыр, кездеме, таттуу-шириндиктерди түйүн кылып, уста узанган дүкөнүнө келди.

Ибрагим соодагердин издеп келээрин билгенби, же өзүнө дайыма даярбы кайберендердин этин чакан казанга салып коюп, ал-жай, үй-бүлөсүн сураганга өттү.

-Ибрагим тууган, сооданын иши менен көп жерге барып, көбү менен сүйлөшөсүң. Бир жерди турак кылган жайың барбы? Же жылдын төрт мезгилине карабай кыдырып жүрө бересиңби?

-Устам, соодага көнүп калыптырмын. Мезгилдин катаал, татаалдыгы бизге үйрөнчүк. Үй-жайым бар. Элчилеп, балалуу-чакалуу да болгом. Кай жерде, кандай буюмга кардар көп экенин билип кете беребиз. Көргөн-бакканыбыз жол. Ысык-суук бизге көндүм. Жеткен жерибизде кемибизди толуктап буюм алабыз. Айтмакчы, кеп арасында айта кетейин. Мындай карасам сенин колуңда темир мол окшойт. Мындан кийин темирдин заманы башталат. Мен башкаларга абдан зарыл болгон буюмдарды айтайын. Сен жасай бер. Мен суу кылам. Мээнетиң кайтып, короoң малга толот.

-Тууган, Ибрагим мен мал, дүнүйө табыш үчүн эмес, элдин зарыгын гана аткарам. Экинчиси темир буюм элеттегилерге көп деле зарыл эмес.

-Устам, көңүлүңө алба? Бу тиричиликте баарыбыз эле байлык табалы, катын-бала багалы деп жүрөбүз. Мээнеттин ыраатын көрүп, кеңири кармап, кеңири жүрүштү кудай да жактырат. Бирок, элет эли заңгыратып үй, короо-сарай курбай, жер ээлебей, көчүп-конуп жүрөт экенсиздер. Бул убактылуу кана көрүнүш. Биз өмүрдү жашап өтөбүзбү, бизден кийинкилер, алардын балдары, небере-чеберелери кезинде жер талашка түшөт. Кадамга ченеп, өлчөнөт. Биз соодагерлер көп элде болуп, көп жерди кыдырабыз. Аларга салыштырмалуу тубаса энөөлүк тоолуктарда болот экен. Болбосо жериңерде байлык төгүлүп-чачылып жатыптыр. Муну билген кара санатайлар басып, кирип келбей койбойт.

-Келди го калмактар. Канчалаган жылдар баскынчылык кылса да, акыры соо кетишпеди. Карасанатайлыктын акыры жакшылык менен бүтпөйт.

-Сен устам, өзүңүн чөйрөңө, бүгүнкү абалыңа карап ой жүгүртүп жатасың. Баш-аягы билинбеген заманда кандай гана өзгөрүүлөр болуп жатканын эске албайсыңар. Ошол мен айткан өлкөлөрдө сенин кол менен канчалык мээнет жумшап, кыйналып жасап жаткан

буюмдарыңды бир күндө эмес, чай кайнам убакыт аралыгында завод деген ишканада миңден чыгарып коет. Мына кече күнү мага убада берип, күнү-түнү тыным албай, тамак да ичпей, мылтык жасадың. Эгер мен шаштырбасам бир, эки айлап убактың кетет эле. Мен сени сынадым, экинчиси чебердигиңди билгим келди. Сен белгилеген мылтыктагы кенемтелерди көрөрү менен эле билгем.

Бирок, сенин өтө ак көңүл, мээнеткеч, өтө чебер экениңе ыраазы болдум. Мен айткан заводдордо бир жерде темирди ээритишет. Экинчи жерде аны жасай турган буюмга ылайыкташтырып, кайра ээритишет. Үчүнчү жерде калыпка куюшат. Дагы бир жерде жымсалдайт, тазалайт. Кийинки дагы бир жерде тээк, лөкүданин, кароолго алганын бекитишет. Бир эле мылтык он жерде он кишинин колунан өтөт. Бирок бир эле күндө беш жүз, миңге чейин жасалып, даяр болот.

-Соодагерим, күнүнө ошончо даярдалса, дүнүйөнү каптап кетпейби?

-Каптап кетпейт. Жетпейт. Мылтык деген болоорун билбегендер бар. Мына сага, бирөөнү алып келип көрсөттүм. Ала-Тоо аймагында сенден башка адамдар канча?

-Ошол зоот дегениңден даярдалган көп мылтык кайда?

-Ага зарыккандар, каалаган бааны төлөйбүз дегендер толуп жатат. Бирок, аларга жеткирбей бир эле адам алып коет. Анын аскерлери көп. Көбүнө мылтык жетпей, найза, кылыч, жаа менен жүрөт. Мындан ары жаа, кылыч, найза согушу токтойт. Мылтыгы барлар гана утушка ээ болушат.

Сага айтканымдын жөнү ушундай. Сенде мылтык жасоого ылайыктуу темирдин түрлөрүн иштетет экенсиң. Сенин сырыңды эч ким билбейт экен. Эгер билип калышса, Европадагы чоң мамлекеттерде жашаган купецтер ири завод ээлери, заматта жетип келишмек. Ондогон заводдорду куруп, эң арзан жана сапаттуу сырелорду алышып, өтө тездик менен байышып, жериңерди ээлемек.

-Арзаны, сапаттуулугу кандай?

-Арзан дегендин алдын, ошол завод ээлеринин иш-аракеттерин түшүндүрөйүн. Сен иштеткен көмүр жердин төмөнкү катмарынан алынат. Аны шахты деп коет. Жер алдындагы темирге жетиш үчүн темирден, же жыгачтан жол салынат. Ошончо жерди көөлөп жетиш керек. Чукуп алынган көмүрдү ташып чыгарууга күч керек. Жер үстүнө ташып чыккан көмүрдү заводго жеткирүү үчүн ченемсиз аралыктагы жол керек. Ошондой эле темирди алууга, ошончо мээнет талап кылынат. Он-он беш, жыйырма күндүк жерден заводго жеткирилет. Шахтыларда миңдеген жумушчулар иштеп, алардын күчү менен сырье даярдалат. Заводдо да ошончо жумушчу күчү талап кылынат. Бардыгын тамак-аш, кийим-кече, эмгек куралдары менен камсыз кылыш керек. Ошончо аралыкта жол куруу, ташып келүүгө миңдеген кербен. Бардыгын камсыз кылууга канчалаган каражат талап кылынат.

Эгер, ири завод курган байлар бул жердеги пайдалуу кендердин бар экенин билсе, заводду ушул жерге эле куруп, чыгарылган даяр буюмдарды сатуу менен канчалаган чыгымдардан кутулушмак. Анан дагы, бул жердеги кендер, башка жерлерге салыштырмалуу сапаты жогору-деп соодагер сөзүн улады.-Сен ошол сандаган байлыктын үстүндө аралап, кечип, тебелеп жүрөсүң. Башкаларды алып келип үйрөт, иштет. Байлык өзүнөн өзү топтолуп келе берет. Сага дагы бир кошумчаларым: сен жасаган мылтыкты кимдир бирөөлөр эсептеп, сызып, эчен башын оорутуп, үлгүсүн берет. Башка бирөөлөр аны окуп, ойлонуп, араң жасайт. А сен эсептегенди, ченегенди, сызганды коюп, көз чен менен бүтүрүп келдиң. Сенде тубаса математика, геометрия, Физика, химия, чийүү деген илим жашайт.

-Тууганым Ибраим, кандай иш болсо да, аракет кылса бүтөт. Сиз мага бир көсөнү алып келдиңиз, өзүндөй кылып жасап койдум. Анын эмнеси кыйын?

-Бул ачылыш. Ала-Тоо жергесинде эмес, Азия аймагында биринчи жасалып отурат. Аны эч ким биле элек. Эгер Европадагылар билишсе. Сизди төбөсүнө көтөрүп кетишмек.

-Бөтөн бирөөнүн төбөсүндө жүргүчөктү, өз жеримде аягым менен эле жүрөйүн. Баятан бери көп жаңылыктарды айттың. Аныңа ынанайын. Сен да мага окшоп ачык экенсиң. Ошол зоод дедиңби, темир иштеткен жердин темиринен мага жеткирбейсиңби, мен сага каалаган нерсеңи берейин?

Ибраим соодагер устанын сөзүнө күлө-бага, сөзгө кирди.

-Болумбий, мен да сени жактырганыман, өнөрүңдү баалаганымдан, убактым аздыгына карабай келип отурам. Ар кимге кереги кымбат демекчи, сен кадырын билип темир сурадың. "Итке темирдин эмне кереги бар" демекчи мени менен мамиле кылган көп байлар чүпүрөк-чапырак, дүйүм даамдын түрлөрүн сурашат. Сенин сурооңду аткарайын. Менин да бир өтүнүчүм бар. Сурасам бересиңби?

-Соодагерим, ар нерсени баалашып жүрүп көнгөнсүң да. Башынан эле сурай бербейсиңби?

-Айттым го, соодагер ар буюмду баасына келтирип сатат. Сенде да кымбат буюм бар деп уктум.

-Менде темирден башка буюмум жок. Кандай нерсеге кызыгып калдың экен?

-Темирден соккон кылычың бар деп уктум.

-Ооба, аның ырас. Бирок, аны эч кимге көрсөткөн жок элем, кантип билип алдың?

-Соодагерлик деген өнөр ушундай. Кардардын чөнтөгүндө канча акча бардыгын, эмнеге муктаж экенин бир көрүп эле билебиз. Кардар "Зарыктын пулу күйсүн" деп, соодагер айткан баада алып кете берет. Чынымы айтсам сенде кылыч бардыгын мылтыктан улам билдим. Сен көргөн буюмду жасамай сайын тура албаган көктүгүң, тобокелчилигиң бардыгын баамдап койгом.

-Акылын уурдап, акчасын алаарыңар ырас тура.

-Ошондой. Берериңди билип турам.

-Себебин айтсаң берем?

-Башкага калп айтсам да, сага калп айта албайм. Мурда келгенимде бирөөлөр суранганынан убада берип койдум эле. Аманатты алып келе жаткам. Бирок, дагы да болсо соодагерлигиме

барып койдум. Баасын ашыгыраак айткан бирөөгө адатымча “бар” деп жибериптирмин. Кийин ойлонуп “аттиң” деп кала бердим. Анткеним да жакшы болгон экен. Эгер бербей койсом, ал дөөпөрөз, зордоп, талап-тоноп алмак экен. Аны кылыч колуна тийгенден кийин билип отурбайынбы. Эптеп жалынган болуп, качып кутулдум.

-Мейли, тоолук ооздон чыккан сөзүн кайра албайт. Сен сураган кылычты жасамак да эмесмин. Бирөөлөрдүн зомбулугу учурунда-курал көтөргөн адам пештүү болоорун билдим. Куралын алдыргандан кийин ал чакчарылып, өктөм сүйлөй албай калды. Сиз айткандай анын кылычына карап, кылыч соктум эле. Накта биздин тоонун темири. Суратпай берсем болмок.

-Сенин өнөрүң мага белек. Аман болсом, аманатыңды алып келем-деп Болумбийди кучактай коштошту.

Аз убакыт болсо да, эски тааныштай, эзелки сырдаштай болгон экөө, бири-бирин жакшы түшүнүштү.

-Аттиң ай. Өнөрүнө билим айкашса, чөйрөсү башка болгондо не бир сонун ийгиликтер жаралмак. Туулуп-өскөн жери тоо болуп, өнөргө кызыгып, не бир кереметтер колунан жараларын билсе да, ага тереӊ маани бербеген мүнөзүнүн жупунулугу ченде жок касиет. Акылман, баамчылдыгын айт. Мен билбеген, сезбеген өнөрлөрү да арбын чыгаар. Мындай адам эч кимге жамандык кылбайт. Пенде баласынын тазасы тура!-деп ойлогон соодагер тоолуктун бир баласына баа берип, сукtанып, кетип баратты.

-Көп элде болуп, көп жерди аралаган адамдын көзү ачык тура. Айтканынын баары чындык. Сараңдык менен ач көздүк эмнелерди гана кылбайт. Адамдар ага жол бербестен аракет кылышы керек! Кантип? Суроого Ибраим жооп бере алабы? Куралдын түрү көбөйсө, адамзаттын эртеңи кандай болот? Зордук-зомбулукту болтурбаш керек! Кантип?

Кимдир бирөөлөрдүн эл-жерин, байлыгын ээлеп алышына жол бербеш керек! Кантип? Жеке дили аркылуу элдин оюн айтып, ага кайра жооп таба албай, уста башын катырды.

Ибраимди тоолуктар-ногой соодагер деп аташчу. Ал жыл алыс келсе да элдин тиричилиги сырдана. Эмне, кайсы буюмду ооштуруу,

эмнеге таңсык экендиктери беш салаадай белгилүү. Көбүн эсе Орусиядан даярдалган темир буюмдарды алып келип, жергиликтүүлөрдөн накта жүндөн, териден жасалган буюмдарга алмаштырып кетет. Бардыгы накма-нак, такма-так. Башка соодагерлерге окшоп кепилдик, ортомчу кылбайт. Күрөөгө деп буюмдарын да таштабайт. Мындай тактыкка аны турмуш үйрөткөн. Тиричилик жан багуунун аракети менен кербен тарткан соодагерлерге жалданып, төөлөрдү жетелеп, барган жерлерде аларды багып, не деген гана өлкөлөрдө болбоду. Күн куйкалаган ысыкта, сөөк какшаткан суукта эчен жолдорду басып, эчен түйшүктөрдү тартып тасыкты. Алган акысын коротпой соодагерлер алган буюм-тайымдардан алып, барган жерлерде ооштуруп, ага кардар таап акчага айландырды. Акырындан барып төө сатып алып, соодагерлердин буюмун жүктөп, акысын алып, өзү да сооданын көзүн билди.

x x x

Таң кылайганда тоо арасынан жолго чыккан кербен күн табына келгичекти жол арбытып алды. Күн төбөгө келген чакта алар ээн талаа, эрме чөлдүн көбүн басып коюшкан эле. Эчен аптапты денесине сиңирип, кагына айланган боз талаа баш аягы билинбей созулуп жатат. Салкын көлөкө, шапаталуу суу жээги көздөн учат. Төө жаныбар башка малдарга караганда жүк көтөрүмдүү, аптапка чыдамдуу, суукка байымдуу. Бир айга чейин от жебей, суу ичпей жүрө берет. Аны жакшы билген соодагерлер жаш төөлөргө көбүрөөк кардар болушат. Артылган жүктөрү оор болгондо акырын жүрүшкөнү менен жүгү жок мезгилде, кире тарткандар төөлөрдү жарыштырып бир моокумдан канышат. Төө үстү жумшак, бешикке тербеткендей термелип, жолдо кыйналып уйкудан калгандар бир азга төө үстүндө чырым этишип, кубаттанып алышат.

Аз болсо да тоонун салкындыгына көнө түшкөн кире айдагандар таңдайларын такылдата илгери тарапка моюндарын созуп тиктешет. Алар жаңылбаптыр. Алыстан жашыл тилке көрүндү. Чубала аккан дарыя бар. Нымдын жытын алыштыбы, баятан бери

солгун аяк шилтеп келе жаткан төөлөр да шыпылдай, кадамдарын тездетишти. Тунарган көздөр алдабаптыр, камыштуу жээкке туш келишти. Кербен токтоп, аз убакытка болсо да жүктөр түшүрүлдү. Жүктөрүнөн бошонгон төөлөр чачыла жайылып, сууга көп эле умтулбай, ар жерде соройгон тикендерди аймай, илаптарын шалпыйта кепшеп кириشти.

Эс алганы отургандар, эми дасторкондорун жая тамактанууга киришкен чакта, күтүрөгөн ат туяктарынын үнү угулуп, алыстан бозоргон чаң көрүндү. Заматта топ атчандар келишип, аларды курчай туруп калышты.

-Кана кимсиңер? Кайда бара жатасыңар? –деген өктөм үн угулду.

-Мен кербен башымын-деди күндүн табын көп өткөрбөгөн чепкен кийген Ибраим.-Биз соодагербиз. Бир шаардан экинчи шаарга өтүп соода кылабыз.

-Кай тараптан келе жатасыңар? Атчан топ башчысы көрүнгөн боз селдечен, сакалдуу семиз бирөөсү.

-Бул тараптан-деп колун шилтей, азыркы келе жаткан жолду көрсөтө.-Тоо аралай кыдырып келдик-деди.

-Кыдырып жүрүүгө, кимден уруксат алдыңар?

-Уруксат деген пайзабыз бар.

Кербен башы койнунан жибек жоолукка оролгон колтойгон алакандай болгон белгини көрсөттү.

-Ооба. Пайзаңар бар экен-деди ат үстүндөгү семиз киши, ынана

Бул пайза тээ илгертен Чынгызхандан бери келе жаткан соодагерлер үчүн "бардык жерлерде соода кылууга уруксат"-деген күбөлүк эле.

-Алык-салык төлөгөн белеңер?

-Ооба, төлөгөнүбүз үчүн эл кыдырып келе жатпайлыбы?

-Эмне алып келе жатасыңар?-деди ат үстүндөгү семиз зоңкулдай.

-Дүр-дүнүйө. Көбүн эсе идиш-аяк-деди шыпылдай сүйлөп Ибраим.

-Болуптур. Калаага барып, бар дүнүйөңөрдү санатып, тийиштүү алык-салыгын төлөп кетесиңер-деди да-Кана жүгүңөрдү жүктөп, биз менен кошо жүргүлө.

-Куп болот, таксыр.

-Кербенчилер тамак-аштарын жебей, жайылып жүргөн төөлөрүн көздөй чуркашты.

Ат үстүндөгү семиз тегерек сакал, жүктөрдүн жанында жалгыз калган Ибраимге жакын келип:

-Бир жүгүңдү чеч! Эмне бардыгын көрөйүн.

-Калаага барганда көрсөтөйүн, таксыр?

-Эмнеге, азыр эмес?!

-Талаада, ысыктын күнүндө убаракерчилик, таксыр. Кербен сарайда, жүктү түшүрүп, кенен жаябыз. Каалаганча көрсөңүз болот.

-Азыр жайсаң болбойбу?

-Баары иреттелип салынган. Сиз көрө турган кайсы таңгакта экенин, тиги төөгө кеткен кызматчым билет эле?

-Кербен башы болуп туруп, кайсы буюмуң кайсы таңгакта экенин билбейм дегин? -Чеч, мына муну!-деп көп таңгактын астында турган, узун-туурасынан аркан менен чырмалган таңгакты камчы кармаган колу менен сая көрсөттү.

-Ал таксыр, барган жерде буюмдар жайылчу шалчалар эле. Бекер убара болосуз. Башка таңгакты чечип көрсөтөйүн.

Тыюу салынган дары-дармек, курал ушул гана таңгакта барсынып, ат үстүндөгү семиз бир сөзүнөн кайтпай турду.

-Чеч!-деп айтып жатат. Жок шылтоону айтпа! Сен каалагандай эмес, мен каалагандай болот. Асманды кара, кимдин жеринде турасың?-деп демитти.

Ибраим ирети менен жыйылган жүктөрдү жылдырып, эң алдыңкы таңгакты ала баштады. Талап кылган буйругуна моюн толгой, көрсөткөн таңгакты чечүүнү аткаргысы келбеген кербен башыны ал атайлап эле мажбурлады. Ибраимдин да анын талабын шарт эле аткарбаганынын себеби бар эле. Жүктөрдүн баары таңылып, жолго чыгууга даярдык болуп калгандыктан Болумбий берген кылычты, жеңил баа, жүктөрдүн эң үстүнө коюлуучу ушул

таңгакка ороткон. Анын үстүнө жол коркунучтуу. Ууру-каракчылар капыстан кол салса, жүк үстүндөгү таңгактан ала коюу да жеңил болчу. Аны ойлогон Ибраим, маалкатып жатып, анын буйругун аткарууга айласыз болду. Таңгакты чечип, оролгон шалчаларды жая бергенде аманат коюлган кылыч "жарк" эте көрүнө калды.

-Болду. Алып кел бери тигини?! Семиз ат үстүндө обдула кол сунду.

-Таксыр, бул бирөөнүн аманат буюму эле.

-Мага эмне, бергиң келбей турабы? Акысын төлөбөйт деп жатасың да? Ушундайбы?

-Кеп акысында эмес, таксыр.

-Кеп эмнеде?

-Муну бир тоолук уста жасаган экен. Темиринин сапаты кандайлыгын билгени атайлап сурап алгам.

-Анда бекер экен да?

-Кеп бекеринде эмес.

-Анан эмнеде?

-Ишенимде таксыр.

-Сен күн алыс келип- кетип тургансып, эмнени айтып жатасың?-Ал сага ишенип берсе. Сен алыскы жолдо канча жылда кайрылып келээриң белгисиз да, туурабы? Мүмкүн кырсыкка чалдыгып келбей калаарсың. Бири-бириңе ишенип, алды-берди аманатыңарга жол болсун?!-деп ат үстүндө чалкалай каткырып, шылдыңдады.

-Таксыр, тоолуктар да "Бир жердин даамын татсаң, жүз жолу салам бер"-деген макалды уктум эле. Анан дагы "Аргымак баспайм деген жерин жүз басат" деп да айтышат экен. Бул сөздөрдүн катасыз экенин өзүм табирка кылдым. Тоонун жолу өтө эле опурталдуу экенин билип, кайрылып келбейм дечүүмүн. Андан бери он жолу келдим. Туз, насип тартат деген чын экен. Биз арканды узун таштадык эле.

-Охо-ха-ха! Рахимжан семиз денесин бүлкүлдөтө каткырганда, анын артындагы шериктери да коштоп кетишти.-Эй кызыл кулак! Кокон аймагы тынч. Ошону билип тынбай келип жатасың. Биздин

калаадан ары өтчү. Ээн баш каракчылар келип, кербениңди талап-булап, анан тырайта чаап, шыйрагыңдан сүйрөп барып, аңга ыргытып жиберет. Андыктан бизге алык-салыгыңдан тышкары, кайыр-садагаңды да арбын берип кет.

-Таксыр, кайыр-садаганы жетим-жесирге, ач-арыкка таштайт эмеспи?

-Биз эмне, күндө эле тоюп алып жүрөт дейсиңби? Өлкөнү коргоп, коопсуздугу үчүн ай талаада ач, жер кыдырабыз. Аны билесиңби?

-Кечиресиз таксыр, казына сизге кам көрүп, маяна төлөйт эмеспи?

-Мени менен кайым айтышып эмне кыласың. Алык-салыгыңды арбын төлөп жолуңа түш.

-Аныңызга ырахмат, таксыр. Бирок, шаар башчыңыздарга "кийинки келгенимде кайрылып өтөм"-деп убада берип койдум эле. Анын үстүнө киреледи тыныктырып, эки-үч күнгө соода кылмакчы болдук эле.

-Аныңар жөндүү экен. Биз олжодон куру калат окшойбуз-деди Рахимжан жойпулана, түсүн өзгөртүп.

-Саламыңызга алик, таксыр бизге канчалык жакшы шарт түзүп берсеңиз, колуңузду кур калтырбайбыз.

-Баракалда, соодагерим, кызмат бизден-деп ысыктын күнүндө терге чыланып, сасыган Рахимжан жигит башы шериктерин ээрчите жол баштады.

Эчендеген капылет окуяларга кабылып, өзүнүн айлакерлиги менен аман кутулуп, куулук, шумдукка маш соодагер бүгүнкү "ээн талаадагы карактоодон" аман кутулуп, анын артынан ээрчий жөнөдү. Бирок, анда "аманат кылычтан айрылып каламбы?" деген кооптонуу бар эле.

Ибраим шериктери менен Коконго кирип, кербен сарайга жайгашкан соң, таңылчактарын жайдырып, буюм-тайымдарын эсептетти. Казынага алык-салыгын төлөп, соодасын баштады. Рахимжан жаны жок, андагы кылычты бийине билдиргенби, эртеси

таӊ эртеде жигит башы нөкөрлөрү менен келип “таӊгактагы кылычты көрсөтүүнү” талап кылды. Аманат кылыч колуна кайра кайтпастыгын билген Ибраим, канча кыйылса да, жигит башыга берүүгө аргасыз болду. Соодасы жакшы болсо да, суракка кабылаарын билген соодагер, буюмдарын жыйыштыра кетүүгө ашыкты. Жөнөй беринде баягы жигит башы келип:

-Кылычты кайдан, ким дегенден алдыӊ?-деп кекете сурады.

-Таксыр, биз соода ишинде, кардардын кимдигине кызыкпайбыз. Бизге буюмубуздун өткөнү эсеп-деди соодагер, сырын жашырып.

-Кайсы жерден алдыӊ?

-Жолдо дем алганы токтогонбуз. Бирөө келип чыт-чыбыр, кездеме сурады. Акысын берсе, биз сата беребиз. Ал кардар «алгыла» деп, кылычын көрсөттү. Алыскы жолдо курал керек эмеспи. Болбогон буюм берип ооштуруп алдык.

-Кандай адам эле?

-Ыраӊ-түспөлүнө көӊүл бөлбөдүк.

Жигит башы узаары менен кербен да шаардын чоӊ дарбазасынан чыгып, шашыла жол тартты.

x x x

Күндөгүгө караганда шаар башчынын диванканасында топтолгондордун саны арбын. Улам салам айтып киргендер шаардагы усталар, зергерлер эле. Бири-бирин суроолуу тиктешкендер эмнеге чакырылганын билишпей баштары маӊ. Себеби бул жердегилер ушул күнгө дейре уста, зергерлерди катарга да алышчу эмес. Көптүн деминен улам бөлмө ичи ысып, отура албай калышты. Улам ичкери кирүүчү эшикти умсуна карашып, шыбыраша сүйлөшкөн болот. Бир маалда эшик «кыйч» ачылып, эткел, кодойгон шаар башчысынын карааны көрүндү. Ал үнүн бийик чыгара салам айтып, отургандарды кыдырата тиктеп, өзүнө тааныш адамдарды издеп жаткансыды. Диванканадагылар дуу алик алышканча, орундарынан тура, колдорун көкүрөктөрүнө алышты. Өзүнө ызат көрсөткөндөргө ыраазы болгон шаар башчы:

-Ырахмат, бурадарлар. Козголбоңуздар-деген болду. -Кабар жетпей калгандар жокпу?-деп жалпыга кайрылды.

-Кабар жеткендердин баарысы келишти-деди кызматчысы.

-Эч ким калган жокпу?

-Жок. Баары келишти.

-Урматтуу ака-үкалар жана улуу-кичүү туугандар! Сиздер "эмнеге чакырылдык" деп, ойлонуп отурсаңыздар керек.

Бөлмө ичиндегилерден жооп болбоду.

-Кадыржан, азирети таксыр, кече күнү сиздерге окшотуп, бизди да чогултуп, тапшырмаларды берди. Биз мусулман балдары үчүн рахбарлардын тапшырмасын аткаруу милдет. Себеби, биз үчүн пайгамбардан кийинки эле азирети таксырыбыз эсептелет, ырасбы?

-Ырас,ырас-дешти отургандар баш ийкешип.

-Давлетибизди күчтөндүрүш жана коопсуздугун колго алыш ар бирибиздин мойнубуздагы милдет. А ушул маселеге терең баа берип, баарыбыздын эртеңибиз үчүн кам көрүп, азирети алдаяр түнү уктабай, күнү тыным албай ойлонуп отурат. Таксырды түйшүккө салган эмне?

Анын ар бир сөзүн сая кетирбей угуп, баш ийкеп отургандар чочугандай болуп, үрпөйө калышты.

-Түйшүккө салган, мамлекетибизге болгон камкордугу. Алла Таала азирети таксырга кетпес дөөлөт, узун өмүр, жыргалдуу жашоо берсин –деп колдору менен жүзүн сылаганда, отургандар дуулдай коштоп, бата кылышты.

-Элди, мамлекетибизди күчтөндүрүш үчүн эмне керек? Алибетте байлык, экинчи аскер күчү. Үчүнчү сиздер менен биз жамы букаралар керек! Аскерлер үчүн курал жетиштүү болсо, өлкөбүзгө эч ким даап келе албайт. Ошондук үчүн бүгүндөн баштап ар бириң, колуңдагы ишти коюп, согуш куралдарын жасайсыздар.

Диванкананын ичи дуулдай түштү. Шаар башчысына тикелей айтышпаса да, бири-бирине:

-Көмүрдү кайдан алабыз?

-Темирди ким берет?

-Өмүрү курал жасап көргөн эмесмин.

-Шартыбыз жок.

-Көчүгүбүз айланбаган тар дүкөндү кармаганыбыз үчүн салык төлөйбүз. Кардар жок, пулду кайдан табабыз?

Шаар башчы көптүн оюн угуп, билип турса да, билмексенге салып:

-Сүйлөштүкпү? гап тамам-деп кетмек болду.

-Таксыр ар бир дүкөндөгүлөр эмне куралдарды жасайт. Санын да айтсаңыз? Канча күндө бүткөрөт? –деди шыпылдаган жаш жигит.

-Ап-бали. Ушуну ким айтат деп күткөмүн. Аскарларга эң бир зарылы сүңгү, кылыч, чокмор баш, айбалта болуп эсептелет-деди шаар башчы манжасын санай.

-Таксыр, иш карманганга темир, көмүр керек. Аны биз жакынкы ортодон таба албайбыз. Алыскы жайга барып издегенге ат улоо, канча кызматкер керек.

-Мен болгону теше, бычак курчутуп кана тиричилик өткөрөм. Темир ишин кармап көргөн эмесмин.

-Таксыр мен дагы  самоор, чайнек түптөйм. Дүкөнүм жок. Көчөдө отурамын.

Шаар башчысынын баарын укканга чамасы жок эле. Темир, көмүр жоктугун билчү. Бийлик буйругун аткарыш үчүн уста, зергерлерди диванканага чогулткан. Дегенин аткартып көнгөн бийлик, ар кимдин бар- жогуна карабайт эле. Отургандардын чуру-чуусун уккусу келбей, арытан кызматчысы алып келген оромду ачты. Арыз, арманын айтып дуулдагандардын көңүлдөрү бурулуп, жабыла тиктешти.  Колуна кылычты кармап, көпкө кайрылды:

-Мына буну, ким жасаган? Усталар тааный аласыңарбы?

Карт көрүнгөн уста кылычты колуна алып, ар тарабын карап, бир сыйра колу менен сыйпалады да, башын чайкап койду. Экинчи, үчүнчү усталар кылычты колмо-кол узатышып, ар бири таңдана карап жатышты.

-Мен билем. Аны паланча устаз жасаган -деп  айта алышпады. Жупуну жасалган кылычка көз салгандар анын башка кылычтарга караганда бир аз салмактуу, курч экенин байкашты. Анча кооз болбосо да, тийген жерин шылый түшкөн курчтугуна, темирдин

чыңдалышында, көп балка согулуп, кандыра сугарылганына ынанышты. Туткадан учуна чейин билинер-билинбес, ар кыл түстөр аралаша кетип, негизинен кылыч чум кара көрүнөт. Күндүн нуруна чагыла түшкөндө, бозомук тарткан түстөн улам, аны кара деп тыянак чыгаруу кыйын эле.

-Анык устаздын колунан чыккан экен. Уютулган темир өтө таптуу таш көмүргө ээритилип, мөңгүнүн суусуна табы менен сугарылып, эки кыл күлботого оонатылыптыр. Буга пайдаланылган темир да, таш көмүр да, күл бото, суулар да жакынкы жерде жок-деди карыя уста, өзүн ороп тургандарга шыбырай.

-Анда уста тоолуктардан экен да? –деп шакирти суроо бере, кылычты колуна алып, эки алаканына сала салмактады.

-Сиз билген усталардын кимиси болушу мүмкүн? –деди кары уста менен ары жашташ, ары сырдаш досу.

-Менен темир алып кетчүүлөрдүн арасындагылар мындайды түк жасай алышпайт. Жасашса да табынан, сугаргандан айып кетиришет. Муну жасаган устанын балкасы болот экен. Таптуу чокто өтө ысытып жибербей алып, куп эзип, жууруп, чекkенче таптаптыр.

-Кое тургулачы?-деп маңдайындагынын колунан ала, мизин аңтара карап, мизине кол учун тийгизе:-Мизине болот уютуптур. Охо! Чебердиги укмуш. Ага теңелээр эч ким жок. Өтө баамчыл, ашкере эле чебер экен. Болот миздүү кылычка эч бир кылыч, ал тургай падышанын кылычы да тең келе албайт. Ушундай сугарылып, тапталган кылыч бир Амир Темирде болгондугун уккам-деп өмүр бою темир кармап, анын сырын терең түшүнгөн кары уста, өнөргө баа бере суктанганын жашырбады.

-Устат, кантип эле көп кылычтар теңдеше албасын-деди шакирттеринин бириси.

-Коздугу деле анчейин эмес. Жөнөкөй эле көрүнөт го?-деди экинчи шакирти шеригин коштоп:

-Эхе балдар! Бардык иш жөнөкөйлүгүндө. Хан, эмирлер тагынган ары жеңил, ары кооз куралдардын көрүнүшү адам

суктандырганы менен бул кылычка жүзү тең келе албайт-деди карт уста, чын көңүлүнөн чыккан сөздү айтып.

-Кантип жүзү тең келбейт?-жаш усталардын бири орой үн менен сурай кетти.

-Колуңда бычагың барбы?-деп сурады карт уста.

-Мынакей, бул бычакты, темирдин темиринен тандап өзүм жасаганмын-деди суроо берген уста.

-Бычагыңдын өткүрлүгүн, бышыктыгын сынап көрсөк капа болбойсуңбу?-деп кайрылды карт уста.

-Эгер ушул кылычтын мизин майтарса, ушунча темир бересизби?-деди жаш уста мактана.

-Берем. Бирок, бычагыңдын мизи майтарылса, экинчи устамын деп айтпайсың, маакулсуңбу?

-Анда кылычтын мизине, өзүм чабайын?

-Чап.

Дардаңдаган жаш уста бычагын сомдоп-сомдоп, карт уста чалкасынан кармаган кылычка бир урду. "Чык" эте үн чыгып, бычак кылыч мизине бата түштү.

-Устаз, эми темириңизди, камдай бериңиз?-деп жабыла тиктегендерди кыдырата карады. Тургандар да карт устанын жеңилгенине капа болгонсушту.

-Балам, шашпа! Бычагыңды көтөрчү? –деди карт уста.
Кылычтын мизине бата түшкөн бычагын албай, курчтугуна мактанган уста, жабалактагандарды дагы бир сыйра карап, кылыч мизинен бычагын өйдө көтөрдү. Кылычтын мизи кетилип да койбой. Үстүнөн урулган бычакка бата түшүптүр. Жаш уста боз-ала боло, сөз таба албады.

Ушул окуя Кокондун бийлеринин андан бетер кызыгуусун арттырды. Кокондон чыккан өкүлдөр тоо аралай, тууганчылап келген болушуп, усталардын дарегин сүрүштүрүп жүрүштү. Алар менен кошо-молдо, эмчи-домчу, тыңчылар, тоо ичине тереңдеп келе башташты.

-Ээй, адамдар! Көңүл бургула, кулактар болгула! Коконду чыңдап, күчтөндүрөбүз деген максатта, Кокон бийи элан кылат!

Кимде-ким Коконго өз ыктыяры менен кызмат кылам деген, билегинде күчү, жүрөгүндө жалы бар азаматтар, колу усулдуу усталар Коконго келишсин! Ат, тон, курал, үй-жай берилип, ордо кыздарына үйлөндүрүлөт. Бийдин байбатчасы болом дечүүлөр болсо, жол ачык. Ыкыбалдуу, болорман жигиттерге кабар кылгыла! Ээ-й, адамдар!

Кокондон баштап, эл көп болгон шаар, айылдарда, базар, мечиттерде бийдин жасоолдору кыйкырып жүрүштү. Тоо арасындагы бий, байларга, айыл, маала башчыларга атайын кат жолдонду.

Атайлап аты жазылып, өзүнө даректелген катты окуган эл башылар, бир көтөрүлүп алышты. Андан аз күн өтпөй Кокондон өкүлдөр келип, айылма-айыл кыдырышып, жигиттерди каттайт экен деген каңшаар угулду.

-А мени, эл башы, көпкө алымдуу экеними ал тараптагы, улам күч алып, көпкө таанылып бараткан Кокон башчысы Нарбото бий өзү билип, тааныйт экен. Атымы атап кат жолдогон бийге, ак кызмат кылып, байланыш кылайын. Өкүлдөр келсе, "мынча жигитим бар"-деп башкалардан мурун катталайын-деген өз туугандары арасында өзүн бий атаган жакшылар үйүндө жатып алып, айылындагы тың жигиттердин атын эстеп, манжалары менен санап жатышты.

-Бийим, ыкыбалы келишкен, аталары бий өткөн сейит тукуму, пайгамбарыбыздын ыкласы түшкөн, улуу даражалуу өкүмдар Нарбото бий сизге, атайлап салам жолдоп, "барып кабар ал!" –деп бизди жөнөттү.

Коконду күч алдырып, жамы мусулмандардын ордосу кылабыз деген ниетте айылдагы болорман жигиттериңизди ат турманы менен Коконго жибересиңизге терең ишеним билдирди-деген өкүлдөрдүн сөздөрүн бүтүрбөй жатып, "сыртынан тон бычкан" бийлер, эл башылар, өздөрү билип, макулдашпай туруп, айылындагы тири карак жигиттердин аты-жөнүн катка алдырды. Келгендерди үйлөрүнө түшүрүп, сый көрсөтүп, жигиттерге чабаганчыларды чаптырды.

-Кокон бийинин байбатчалары аталасыңар. Ордодон кыз алып, сый үстүндө болосуңар. Ушундан баштап Кокон бийи, силерге ата, каалсаңар кайната болот! –деп айылындагы жигиттерди коштý.

Баргысы келбегендер, көптөн чыга алышпады. Караса, чакчарылган куралдуу өкүлдөр, зордоп болсо да, алып кетишкидей.

-Мейли. Бара көрөрбүз-дешип, байлаган иттей кетенчиктешип, айласыз көптөн калышпады.

Ал кезде, эски кек унутулуп, көп эле калба жок. Эл ичи тынч эле. Көп жигиттер Кокон бийлигин мусулманчылыкка такап, ооз көптүрө убадаларды берген өкүлдөргө ишенбей кое алышпады.

Тоодон топтолгондор, топурата бастырышып, узак жолдо эки күн түнөшүп, кеч киргенде Коконго жетишти. Түнү менен чымын-чиркейге таланып, ысылаша уйку көрбөгөндөр, таңкы багымдатка жетпей, сыртта басып жүрүштү. Таңкы намаз окулуп бүткөндөн кийин, бийдин диванканасына чакырылышты. Катка чийилген тизме кайра такталып, бий өкүлдөрү диванканада отургандардын үстүнө киришти. Ал-жай сурашышып, таанышымыш болуп, бий өкүлүнүн бирөөсү көпкө кайрылды.

-Урматтуу мырзалар-деп отургандардын аброюн көтөрө, үнүн коздоп, сөзүн баштады.-Бүгүндөн баштап силер Кокондун букаралары эмес, мырзалары-бийдин байбатча-ардактуу жигиттери болуп эсептелесиңер. Силердин укугуңар башкаларга караганда жогору, сый үстүндө болосуңар. Бийдин жигити аталып, бийдин атынан сүйлөйсүңөр. Силерге каяша кылуучулар болбойт. Ат, тон, курал берилет. Барың бир баш болуп, он башы, элүү башы, жүз башы, миң башылардын сөзүн угасыңар. Араңардан бирөө качып кете турган болсо, анын качышына жардам бергендер бирге жазага тартылат.

Тапшырманы так аткарбагандарга жаза. Башчыңардын сөзүн укпай, каяша сүйлөп, айтканын аткарбасаңар жаза. Согушка барганда коркоктук кылсаңар, атыңарды, куралыңарды жоготсоңор жаза. Силер тарабынан кетирилген күнөөлөргө кечиримдүүлүк деген болбойт. Үй-бүлөңөр, ага-тууганыңар кошо жоопкер болот. Калганын  жетекчиңер айтып түшүндүрөт.

Айтмакчы, араңардан колу усулдуу уста, зергер, ээр чаап, токум, жүгөн, басмайыл ат жабдыгын жасоочулар барбы?

Бир-экөө орундарынан козголушту.

-Кимдер экенин катка белгилегиле!-деди сүйлөп жаткан адам молдого кайрылып.

-Кана, дагы кимдер бар?

Тоолуктардын арасынан бирөөсү:

-Болумбий да уста-деп жанындагы жигитти көрсөттү

-Усталар, дүкөндөрдө иштешет-деди баягы бакылдаган.

-Кана молдоке, ата-бабалардын арбагын эске алуу милдет. Куран окуңуз-деп молдо тарапка баш ийкеди.

Молдо кыраатын келтире, узун куран окуп, акырында:

-Жамы мусулмандардын ордосу болгон Кокон бийлигинин дөөлөтүн артык кылып, кетпес оомат бер? Кара ниет, душмандардын тилегин өчүрүп, аскерлерине күч-кубат берип, ийгилигин кошто! Эй парбардигар, жамыбыздын ишенгенибиз өзүңсүң! Кокон бийлигинин баштоочусу жана камкору сейит Нарбото бийибизге бекем ден соолук, ишине ырбаш берип, кас санагандарды пас кыл. Ушул жаамы отурган момун-мусулмандарыңдын мурда-кийинки, билип-билбей кылган күнөөлөрү болсо кечиргин?

О жараткан, парбардигар Алла! Бардык иш өзүңдүн колуңда. Ааламдын эгеси, өзүңө баш уруп, ыклас кылып, окуган куранызды кабыл кыла көр?-деп көзүн жуумп, сакалын силкилдете алакан жайып, жүзүн сылады. Отургандар жабыла коштоп чурулдашты.

Энди мырзалар! Силер, бийдин анык ишенген адамдары болуп калдыңар.

-Давлат ишине башымды сайдым. Эгер, коркоктук, чыккынчылык кылсам, башчылардын айтканын аткарбай качып кетсем, ордодогу таткан тузу менен нанынын кусуру урсун! Ак кызмат кылууга ант бердим-деп айтып, келип куранды өбөсүңөр-деди.

Отургандардын ар бири туруп келип, анын айтканын кайталап, куранды өөп жатышты. Жапырт эшикке чыгышканда аларды он башы, элүү башы, жүз башылар бөлүп алышып, өздөрү тарапка баштап кетишти.

Беш-алты уста менен Болумбийди бирөөсү ээрчите келип, дүкөндөргө бөлүштү. Аябай ыш басып, жепирейген дүкөндүн ээси, эзели шыпырылбаган, опур-топур чаң баскан, караңгы тамында, өчүрүлгөн көмүрдү, чокко тутантып, чакан темирдин колоңсосун кызытууга алектенип жатыптыр. "Күжүлдөгөн" көөрүктү баскан жардамчысы түтүндөн көрүнбөйт. Тоолуктардын кээлери мурдатан айтылгандан кабары барбы, жарашыктуу, таза кийинген жигитти салам айта киргенине карабай жактырбаган тариздe кабыл алды. Болумбий баамчыл көзү менен дүкөн ичин, узанып жаткан устаны сыдыра карап, отурарга жай таппады. Жер бетинде чачыла чаңда жаткан буюмдарды абайлай аралап, караңгыдагы көөрүк тарапка басты. Ал жакта да отурарга жай жок. Дүкөн ээси ишин токтотуп:

-Сен бул тарапка өтөм деп ойлобой эле кой. Көмүрү, же темири жок. "Иште, жаса!" дегенден башканы билишпейт. Дагы сени ээрчите келишиптир. Бир нерсе таап берсе, иш кылабызбы?- деп таарынгандай сүйлөдү.

Тикесинен тик турган жаңы таанышты, сынай тиктеп:

-Сенин колуңдан эмне келет?

-Сиз айткан ишти аткара беребиз.

-Анда көөрүкчү болосуң. Үйрөнсөң отурасың, үйрөнбөсөң колу-жолуң бош. Мени менен ырыскы талашпайсың.

-Куп болот, уста. Ырыскы деп айттыңыз, аны түшүнбөй калдым?

-Давлат эптеп устага күнүмдүк тамакты берет. Көөрүкчүнү таап, ага бөлүшөбүз.

-Болду устат. Сиздин ырыскыга мен тийбейм. Азыр эмнеге узанып жатасыз?

-Айттым го. Көмүрү, темири жок деп. Алып келгендери түгөндү. Аны да жөн койбой "кымтып алдыңар, ашырып калдыңар" деп, тинтип, ишенишпейт.

-Бу күнгө чейин эмне жасадыңыз?

-Орустарданбы, же Бухараданбы темир сатып келишкен экен. Аз күндө эле түгөндү. Дагы алып келебиз дешти эле, анысы качан келет билбейм.

-Бул аймакта таш көмүр, жокпу?

-Бар. Казып алгандарды топурак басып калып, кайра ача албай жатышат.

-Алыскы жайдан кантип ташып келишет?

-Кулдар иштейт. Көбү карыды, арыды, өлдү. Иштегиси да келбейт-деп көңүлсүз сүйлөп отурду да. Анын туруп турганын эми көргөнсүп.-Сен бүгүн жайгаш. Күйөөлөп келгенсибей ишке жаман кийим менен кел. Эртеңкиге "көмүр, темир келет"-дешкен.Бара берди уста.

-Устат менин ысмым Болумбий. Сизди ким деп кайрылам?

-Сен мени кечирип кой? Иштин оордугунан, кыжалат болуп алжай сурашып, таанышуу да эске келбептир. Ысмым Насирдин. Усталар "Насирдин апенди" деп коюшат. Чындап эле апендилик жайым бар окшойт-деп мойнуна ала сүйлөдү.

-Болот устаз. Эртеңкиге чейин кош болуңуз.

Дүкөн ээси көңүлсүз баш ийкеди.

Болумбий иштегенде кие калчу кийимин жанына ала жүрчү. Кийиктин терисинин түгү жыдытылып, эчен жолу ийлеткенден улам ого эле жеңил, бышык жана жөнөкөй шымы менен ал жапкычын атынын токумуна бүктөй салып койчу. Эртеси анысын кийип алып дүкөнгө келди. Башындагы калпагынын ордуна бел курун байлап алган. Устазы айткандай алыскы жайдан келгенби, азыраак өчүрүлгөн көмүр менен темир очок боюнда жатты. Кече уста айткандай, аябай эле караңгыда, араң көрүнгөн көөрүк тарапка өтүп баратып, боз топуракка көмүлүп, чачылган буюмдарды алып, бир тарапка иреттеп койду. Чаңдуу топуракка темир сугарылып, көптөн бери алмашылбаган чалчыктуу сууну сээп, арыктагы суудан алып келип идишти толтурду. Ортодогу чокту тутантып, эскилиги эбак жетип, жыртылган көөрүктү кыйчылдата басып кирди.

Чок тутанып, көк түтүн бөлмөгө толо баштаганда, төбөдөгү моору кылган тешикти кеңейтти. Калкаланган топурактарды сыртка шиледи. Аз болсо да түтүн бургуйлап чыгып, бөлмө ичи тазалана түштү. Уста сом темирди чокко салып "шакирти" жакка сырдуу карап койду. Экөө бири-бирине сүйлөбөй көпкө чейин иш менен алектеништи. Болумбий көөрүк басып, темир кызыганда, дөшү үстүндөгү темирди таамай уруп, устанын көңүлүндөгүнү тапкандай болду. Карт уста анын бир-эки жолу барскан  чабышынан эле ким экенин билип койгон болчу.

Согулган барскандан улам ийленген темир камырдай жуурулуп, түзүлүшү өзгөрдү. Кайра-кайра чокко салынып, "өчүрүлгөн көмүрдүн" табы алсыздыгынан көп эле "тил ала бербеди". Күчкө салган усталар былчылдата ийлеп өздөрү каалагандай түзүлүшкө келтирүүгө мажбурлашты. Барскан согуп, балта урган усталар алка-шалка терлешип, тыныга калышканда, карт уста:

-Мен сага үйрөтпөй эле, сен мага үйрөткүдөйсүң.

-Кайдан? Сиздин колуңуз биротоло маш болуптур.

-Сен узанып жүргөн бала экенсиң. Кимдин кимдиги, ишти бир кармаганда эле билинет. Заматта ийге келтирип койдук.

-Күнүнө канчаны жасаш керек?

-Күн эмес, жуманы айт. Булардын оюна тек койсо, күндө бирден жасаганга да алымсынышпайт.

-"Өчүрүлгөн көмүр" темирди ийите албай жатат.

-Айла жок. Ушуну таап келишкенге да каниет.

-Накта "таш көмүр" болсо, эчак эле, даяр кылмак экенбиз.

-Аны кайдан табасың? Ким алып келип берет?

Тоолук жигит менен карт устанын мамилеси күндөн-күнгө жакшырып, ата-баладай сырдаш, жакындашып кетишти. Көбүн эсе ишти жигит бүтүрүп, карт уста анын ар бир кыймылына суктана карап отурчу болду. Эки пикирдештин иштери алга жылып, айтылган сандагы куралдарды даяр кылышты.

-Биздин канчалык жан үрөп иштегенибиз буларды кызыктырбайт. Өз тирилигибизди кылалы. Сен ашырган

темирлерден бычак жаса. Сатышты мага кой. Тамак-ашыбызды күчтөнтө, буюм-тайым алалы-деди уста.

Тоолук жигит анын айткандарын ашыгы менен так бүтүрдү. Бири-бирине ыраазы болгон эки уста, тапкан каражаттарына башкалардан темир сатып алышып, кардарлар кызыгып, ала турган буюмдарды жасашты. Бир нече жолу устанын чакыруусу менен анын үйүнө барып, сыйын көрдү. Көп үй-бүлөлүү экенин байкап, тапкан каражаттын көбүн ага ыйгарды. Алардын чамдап иштегенин билгендер экөөнү эки дүкөнгө бөлмөк болушту. Чындыгына келгенде Насирдин устага шеригинен бөлүнүү оор келмек. Кары киши тез чарчап, чамдап балка сого албай, каражаттан кыйналаарын тоолук жигит билип, устага оюн жашырган жок.

-Устаз, экөөбүздү бөлүүнү көздөп жатышат. Көңүлүңүзгө туура келсе, чоң экөөбүзгө ылайык бир дүкөн ачалы, кандай дейсиз?

-Мен бул ойду өмүр бою эңседим эле. Эңсегеним ишке ашпай каларына көзүм жетип калды.

-Эмнеге?

-Күч жок. Каржы жетишпейт.

-Каржыны мен берем. Тапканым сиздики.

-Сени билип турам. Торго түшкөн куштай, тоо тарапты карап, дээлигип турасың. Тапканыңды үйүңө алып бар.

-Жок. Менен сизге эстелик болсун. Жаңы дүкөн куруп берем.

Тоолук жигиттин чебер уста экенин, жанаша жайда узанган усталар баары билишти. Көңүлүндө кири жок, ак көңүл, шайыр мүнөз жигит баарына жагып, аны "мейман" дешип сыйлашып, көбү үйлөрүнө чакырышты. Ишмердиги менен ал дос күттү. Тааныш ашырды. Өз бала болуп эркин жүрдү. Канчалык ишке алаксыса да, эси-көөнүнөн туулуп-өскөн жери, тууган эли, үй-бүлөсү чыкпайт. Кетүүнү самайт. Бирок, кете албайт.

-Качып кетейин. Бир жаныма бекинер жай табылат. Жериме жетсем, эч бир жан колго түшүрө албайт-деп ойлоп, анысынан кайра жанат.

Нарбото бийдин желдеттеринин колу жетпеген, буту баспаган жер жок. Куралчан болуп барышып, элге тополоң салышары айдан-

ачык. Каршылык кыла тургандар четтен табылат. Бирок, эки тараптын кагылышуусунан ортодо өрт чыгып, согушка айланып кетээри белгилүү. Ансыз да Кокон кушчу Кубат бийдин, адигине Ажы бийдин туугандарын куугунтукка алып бириндетип отурат. Ортодо Ош-Анжианды ээлеген кушчулар Жалал-Абад, Талас, Көлгө чейин чачылды. Илгертен Ошту мекендеген адигине тобу Алай, Кара-Кулжа, Өзгөн аймактарынын тоолоруна бириндеди. Аларга катар мундуз, басыз, саруу, черик, монгол, төбөй уруулары да топ-тобу менен орун алган журттарына карабай, туш келди жактарга көчүп кетишти.

Калмак-кытайлардан чочуп калган калк жан айласын, баштын амандыгына каниет кылышып, согуш отуна кабылгылары келишпейт. Алааматтан канчалаган кан төгүлүп, калың уруу топторунан, караган-черге жашынган балдары калды. Кайран гана адамдар тунук эси, алтындай акылдары менен калкына канчалык пайда алып келмек. Каада-салттын, үрп-адаттын, ар-намыстын уюткулары эмес беле. Алардын тилинде, дилинде ынтымак, биримдик, улууну сыйлап, кичини ызаттаган, эли-жерин сүйгөн, адамгерчиликтин каймагы бар эмес беле? Аттиң ай! Армандуу дүнүйө. Орду толгус айрылуу. Алардын мүнөздөрүнүн айкөлдүгү, пейилдеринин кенендиги кийинкилерге калаар бекен? Ал мезгили келгенде билинээр...

Болумбий минип келген атын, «Кетеримде минип кетем» деп, ар кимге акысын төлөп бактырып жүргөн. Күндө чыгым тарта бергендиктен, насибинче болоор деп, атын базарга алып барып сатып, пулун белине түйүп жүргөн. Ак көңүл устанын мээнетин эске алып, атынын пулуна, тапкан каржысын кошуп, жакшы жайдан жер сатып алды. Шымалана иштеп, жер пайын түздөп, кокондуктарга окшоп, күндө турпак сатып алып, гөөла кылды. Күндүн ысык табынан ал тез эле кургап, жетерлик ченге жеткенде, ылай бышырып, дубалына киришти. Усталар мээнеткеч, ары ак көңүл, ынтымак калк болот эмеспи. Жабыла келишип, бириси ылайын даярдап, бириси гөвлак коюшуп, бириси эшик-терезесин орнотуп, бир күндүн ичинде дубалын бүтүрүп, шыбап да коюшту. Кийинки

күнү үстүн жаап, эки моору чыгарып, ары кенен, ары жарык, узанууга ылайык дүкөн тикеленди.

Жакшы санаалаш усталар куттук айтышып, тапкан-ташыгандары менен келип жатышты. Жаман-жакшы баары катышты. Көпчүлүккө ыраазылыгын билдирген толук жигит, ортолукка чыгып:

-Урматтуу кесиптештер! Бүгүнкү күнү чын дилиңерди билдирип, куттук айтып келгениңерге ыраазычылык билдирем. Мен бул жерге келип, жана-жан дос таптым. Ал мына бул, алдыңыздарда турган Насирдин ака! Өмүр бою узанып, калктын кызматын кылып, бала-чакасын багыптыр. Бул кишинин ак эмгегин, тарткан мээнетин чын дилимден баалагым келет. Ушул жаңы бүткөн дүкөн менден, устазга белек болсун! Насирдин ака, өзүңүздүн дүкөнүңүздүн эшигине биринчи өзүңүз кириңиз. Мен сизге куттук айткым келет.

Тургандын баары ыраазылыктарын билдиришти.

-Бар болуң, ата баласы!

-Жүдаям март жигит экенсиз.

-Жамандык көрбөңүз.

-Насирдин ака, жаңы дүкөн куллук.

-Куллук! Насирдин устанын бети тамылжып, кубанычын жашыра албай, көзүнүн жашын аарчып турду. Көпчүлүктүн куттук айтканына ыраазы боло, көпкө кайрылды.

-Мен бир ооз кебимди, баарыңарга кайрылып айтаар элем. Жамаат менин кубанычыма ортоктош болгонуңарга ырахмат.Амал экин, мына ушул толук бала бир тууганымдан ашык иш кылып отурат. Бул баланын жоомарттыгы чекте жок. Мен бул балага өмүр бою карыздармын-деп толкундана келип Болумбийди кучактап, бетинен өпкүлөдү.

-Өлбөң Насирдин апендим!

-Жашаң апенди аке!-деп көпчүлүк кубана чурулдашты.

-Шакиртиңиз уул бала экен. Илайим кем болбосун. Тилеген тилегине жетип, ниети кабыл болсун!-деп сакалы көкүрөгүнө түшкөн карыя чыгып, алаканын жая батасын берди.

Тоолук жигиттин иш-билгилиги, колу ачык, марттыгы, устатына дүкөн куруп бергени Нарбото бийдин өзүнө жеткенби, бир күнү жума намазынан кийин, диванканага келишин айтып кабар жибериптир.

Тоолук жигитке кошулуп, Насирдин уста да келди. Алар салам айтышып, диванканага киргенде бий жан-жөкөрлөрү менен чогуу отуруптур. Ал-жай сурашышкан соң, бий көңүл бөлө ага карап:

-Мырза жигит! Сиздин чоң уста-өнөргө маш экенизди эшиттик. Устатыңызга дүкөн куруп берипсиз. Эмгегиңизди баалап, сый көрсөткөнү чакырдык-деп алаканын чаап койду эле, лепилдеген эшик агасы леп эте тура калып, жигиттин мүрүсүнө бейкасам желек жапты.

Отургандар бийин колдошуп, жайыла кулдук айтышты.

-Ырахмат. Азыраак ишими сыйлап, сый көрсөткөнүңүзгө ыраазымын. Мени бул сыйлыкка устатым Насирдин аке жеткирди-деди тоолук жигит.

-Устатына да сый көрсөткүлө-деди бий.

Баягы лепилдеген эшик ага Насирдин устанын мүрүсүнө да желегин илди.

-Уста жигит. Бизге айтаар сөзүң, же өтүнүчүң барбы-деди эшик ага

-Бийим, уруксат болсо-деп, тоолук жигит сөз баштап келе жатканда устаты, билгизбей этектен тартты.

Бийи анын сөзүн күтпөй, бурула баштаган эле, эшик ага жагынгысы келдиби, шашкалактай сөзүн билдирди.

-Уста жигит.Сизге бүгүндөн баштап чоң ишеним көрсөтүлмөй болду. Сиз шаар боюнча усталардын башчылыгына бекитилдиңиз. Кызмат ордуңуз куллук болсун!

Өзүнүн эшик агасы жарыя айтканда, уста кандай кабыл алганын билмекке, бий ыклас кыла, бурула берди. Көп жашап, көптү көргөн карт уста, шеригинин ордуна:

-Курсанбыз, таксыр! Курсанбыз-деп айта салды.

Экөө дүкөндөрүнө келишкен соң, карт уста кепке тартты:

-Диванканадагы айтар оюңду биле койдум. Сен бошотууну өтүнмөксүң. Андай ой буларда жок. Усталарга башчы коюну мага айтышкан. Мен жок, же бар деп айтуудан аябай кысылдым. Бул жерден кача албайсың. Жөн кете албайсың. Күн өткөрүп жүрсөң, бир күн жолу табылып калаар. Шек билгизбей иштеп тур.

Тоолук жигит өзү да жөн кете албастыгын түшүнгөн болчу.

Бир күнү иштеп жаткан жерине миң башы өзү келди. Учурашып көрүшкөн соң, кем-катыгын сурады.

-Таксыр өзүңүз келип, иш шартыбыз менен таанышканыңызга курсантбыз. Өзүңүз көрдүңүз. Өтө оор ишти усталар аткарат. Бирок, аз акы төлөнөт. Шарт оор. Түн кирип гана иш токтобосо, калган убакта жан үрөп иштейбиз. Жарыбаган маянага, баары наараазы.

-Бизге шашылыш түрдө, миң кылыч, миң наштар бычак керек. Канча күндө бүтүрүп бере аласыңар?

-Кеми жарым жыл керек.

-Жок.Эки ай мөөнөт берилет.

-Усталар күнү-түнү иштейт. Тапканы үй-бүлөсүнө, же тамак ашына да жетпейт.

-Эмне кылыш керек?

-Эмгек акыны көбөйтүңүздөр?

-Казнанын капчыгы бош.

-Ачка усталар, эки айда бүтпөйт.

-Мен азирети, таксыр менен кеңешейин. Жалыйнаңарды эки эсеге көтөрсөк макулсуңарбы?

-Мен усталар менен кеңешейин.

-Бул силер кеңеше турган иш эмес. Аткара турган милдет.

-Анда "таш көмүр" менен темирден кемтик кылбаңыздар. Маалында келип турсун?

-Бул өтө жооптуу тапшырма. Бизге курал зарыл керек болуп турат.

-Андай болсо, усталардын акысын алдын бергизиңиз?

-Убадалаштык. Эртеңден калбай ишти баштатыңыз.

-Сиздер бизди да, зарыктырбайсыздарбы?

-Жок. Кол алыштык. Эгер сен бул ишти өз маалында аткарсаң, кайсыл оюң болсо да ишке ашышы мүмкүн. Же беш жүз жигитке башчы болуп калаарсың.

Эртеси толук жигит миң башынын тапшырмасын устатына билдирип, усталарды чогултту. Иш акыларынын көтөрүлөөрүн, ишти тездетүүлөрүн айтты. Башчынын сөзүн эки кылбаган усталар, берилген тапшырманы болжогон күнгө жеткирбей бүткөрүштү.

Миң башы келип, ыраазычылыгын билдирип:

-Убаданы эки тарап тең аткардык. Сен жөнүндө азирети таксырдын да жакшы пикири бар. Беш жүз жигитке башчы болдум дей бер.

-Жок, таксыр. "Бул ишти өз маалында бүткөрсөң кайсыл оюңду болсун ишке ашырууга мүмкүн" деп убада бергенсиз.

-Оюң эмне? Айтып көрчү?

-Мага уруксат бериңиздер? Өз эл-жериме кетким келет?

-Ким жигит башы болот? Бул бир келген бакыт. Кызмат даража. Беш жүзү көзүңдү карайт.

-Жигит башылыкка жарабайм. Усталык өнөрүм боюнча эле калтыргыла.

-Азирети, таксырсыз бул маселени, эч ким чеча албайт.

-Айтыңыз. Ак иштеп бердим. Уруксат суранам?

Көп убакыт өтпөй, толук жигитти бий өзүнө чакыртты. Кепке келбей, ал кирери менен наразы болгондой:

-Биз сени жигит башылардын башчылыгына көтөрүп жатабыз. Бул кызмат сага жакпайбы?

-Таксыр, бийлик, кызмат оюма да келген эмес.

-Анан сага, эмне жагат?

-Уруксат бериңиз. Мен элиме кетейин?

Бий ойлонду. Кыялында эмне бардыгын билдирбеди. Акырында бир тыянакка келдиби:

-Макул. Бир шарт менен.

-Айтыңыз, таксыр! Колумдан келишинче аткарайын.

-Сага миң башы айтат. Ага чейин ишиңди кыла бер!-деп мойнун тескери бурду.

-Кандай тапшырма болду экен?-деп тоолук жигит ойлонуп жүрдү.

Миң башы атайлап келип:

-Азирети таксырдын тапшырмасы эсиңден чыкпадыбы?

-Жок. Бирок, кандай тапшырма экенин так айтпады.

-Аны мен айтам-деп сынагандай ага тигиле-Бул жерге келгенге чейин узанып жүрсөң керек?

-Ооба. Суранып келгендердин анча-мынча өтүнүчтөрүн аткарып жүргөм.

-Курал жасоочу белең?

Тоолук жигитке баягындагы Ибраим соодагер менен болгон мамилеси эсине келе калды. Бирок, анысын билдирбесе жооткотуп:

-Курал жасоо оюма да келген эмес.

-Аның да жакшы. Таксырда бир кылыч бар дейт. Өзүндөй кылып жасап бере аласыңбы?

"Жок" деп айтууга болбойт. "Жасап берем" десе күмөндөп калышы мүмкүн. Кантсе да шылтоо айтып көрөйүн-деп ойлонду.

-Алдын кылычты көрөйүн. Кайсы жердин темири. Кандай кылып ээритип, сугарган. Ага эмнелерди колдонгонун көрөйүн.

-Сага алып келген күндөн баштап, канча убакытта бүтүрүп бере аласың?

-Көрбөй туруп айта албайм. Пайдаланылуучу зарыл чийки заттардын баары болсо, күнүн белгилөөгө болот.

-Таксырдын көңүлүнө жаккыдай жасагын.

-Эгер көңүлүнө жакса, уруксат бересиңерби?

-Ал таксыр менен жолугушкан күнү чечилет.

-Макул.

Миң башы жанындагы жигитин чаптырып, кездемеге оролгон кылычты тез эле алып келтирди. Тоолук жигит өзүнүн колунан чыккан кылычты көрөрү менен тааныды. Ары бери, аңтара карап,

-Өтө таптуу чокто кызытылган экен. Темири да бул жердеги темирлерге окшобойт.

-Алып келинген күнү диванканада көп устага сынатып көрдүк. Баары жактырышты. Ал тургай курчтугуна, бышыктыгына баа беришти.

-Ким деген уста жасады экен? деп, билмексенге сала суроо катты.

-Аны билгенде. Устаны эчак тапмакпыз.

-Уста табылганда эмне болмок?

-"Сыйлыкты аябайт элем"-деди таксыр. Миң башы да устага куулана сыр жашырды.

-Ал устанын деңгээлинче болобу, болбойбу. Аракеттенип көрөлү.

-Аракет кылба. Аткар. Тагдырың ошондо чечилет.

-Андай болсо, мага өтө күчтүү тап берген таш көмүр, ушунун өзүндөй темирди ийлеген, балка керек.

-Алардын баарын, өзүң тап. Таксыр экөөбүз, сага анын баарын кайдан таап беребиз.

Анысы да туура эле. Айткандын баары табылган болсо, башка усталар дале жасамак.

-Мага бир айга убакыт бергиле? Өтө күчтүү, тап бере турган «таш көмүр» издейм. Чаалыкпас кош ат керек. Бири чаалыкса, экинчисин минип тоо-ташты кыдырам.

-Алдап, качып кете турган болсоң, үй-бүлөң, тууган-уругуң, айылы менен чабылат. Аны билип койгун!

-Билем. Мен келгенге чейин мени издеп, үй-бүлөмдү, тууган-уругумду кабатыр кылбайсыңар.

-Болжогон күндөн кечиксең, жакындарыңдан түңүлө бергин. Жасаган кылычың ушул кылычтан кем болбосун!

-Эгер кем болуп калса, өз колумду өзүм кыйып салам.

-Убадага турбаганга өлүм!

Болумбий миң башынын колунан алган өз кылычын көтөрүп, Насирдин устанын дүкөнүнө келди. Карт уста кылычты көрөөрү менен таңыркай карап, ала-салдыра салмактап, шилтеп, бир сыйра колу менен сыйпалап, толук жигитке таң кала карады.

-Бул кылыч, сенин колуңа кандай тийип калды?

-Миң башы «Таксырга, так ушундай кылыч жасап бересиң»-деп тапшырма берди.-Эмне бул кылычты көрдүңүз беле?

-Көрмөк тургай, колум менен кармагамын. Өткүрлүгүн, бышык, чыңдалышынан бери сындан өткөргөнбүз.

-Бийдин колуна кандай келип калды экен?

-Соодагер жашырып, алып бараткан экен. Кезүүдө жүргөн жасоолдор кармап келиптир деп айтышкан.

-Байкуш Ибраим соодагер, канчалык катса да колунан алдырган тура. Убадага бек, жүрөгү ак адам эле. Деги, өзү аман болду бекен? деген жигитке ой түштү.

-Кылыч ээсин тааптыр-деди Насирдин уста жылмайып.

-Сиз аны кайдан байкадыңыз?-деди шакирти кызыгып.

-Белгилер окшошуп турбайбы. Уста шакиртине жылуу карап. -Уулум, сырыңды башкадан жашырсаң жашыр. Экөөбүз ата-бала болуп калдык. Сен мени устазым дегениң менен, мен сага шакирт болуп калгам. Өмүр бою темир кармасам да, бул өнөргө сенчелик сырдана боло албай жүргөм. Сен көп нерсени үйрөттүң.

-Устаз мени уялтпаңыз. Сиздей боло албаганыма, өкүнүп жүрбөймүнбү.

-Мейли, экөөбүз бири-бирибизди мактабайлы. Сөздүн чынын айтсам, жан багып, тиричилик кылыш үчүн өнөрдү карманыш керек экен. Мен жашымда ата-энемен эрте ажырап, жетим калып, көчөдө жүрсөм, бир кары уста ушул жерде отурат. Кайыр сурап эртели-кеч өтүп баратканымда мени карап калат. Кеч, үй деген, ээсиз жаман тамдын бурчун көздөй кайтканымда, колума нанга ылайык тыйын карматат. Күндө ушундай. Экөөбүз ынак болуп кеттик. Бир күнү ал мага кайрылып:

-Кайыр сурабай нан тапкың келсе, мээнет кыл деди.

-Колума иш кармап көргөн эмесмин-дедим.

-Мага кел? Өнөрүмдү үйрөтөйүн. Усталыкты карман. Өнөрүң болсо кор болбойсуң деди да, өзүнө шакирт кылып алды. Күн өтө берди. Барскан чаап, көөрүк басам. Майда иштерди жасай коем. Кол арага жарап, устанын колундагы ишин алдым. Өнөрүн толук үйрөндүм. Ажалы жетип «бакма атам» о дүйнө кетти. Мен анын

дүкөнүн кармап, тиричилигимди кылдырттатып жүрсөм, бир күнү шаар башчысы өзүнө чакырып, курал жасообузду талап кылды. Оор салык салды, жасай албаган устаны зынданга салып, дүкөнүн тартып алды. Жашообузга огожо болгон дүкөндү кармап калуунун аракетинде түнү-күнү тынбай иштеп, сүңгү, чоюн баш жасап жүрдүк. «Кылыч колдон келбейт» дегенибизге көнбөй талап кылышты. Күн өтө үйрөндүк. Башка буюм жасаганга караганда, согуштук курал жасоо оор болду. Ошентип жүргөндө сен келдиң. Жаш үйрөнчүктөн, мен кантип калайын деп, намыстанып жасап, тасыктым. Көбүн эсе сенин жасаганыңды көрүп, окшотуп үйрөндүм. А сен эле мени «Устаз» көрсөтүп, өнөрүңдү көкөлөттүң.

Чындап келгенде устаз сенсиң. Жоктон барды кылып, «каттакандар» менен тил табышып, эмгек акыбызды көтөрдүң. Бир мен эмес, шаардагы усталардын баары сага ыраазы. Мага атам жасабаган камкордукту көрүп, дүкөн ачып бердиң. Көрсө, ар бир адамда тубаса шык болушу керек экен. Колуң берекелүү, пейилиң кенен экенине, кошо жүрүп мен сыймыктанам. Оюңду, дитиңдин баарын түшүнөм. Тууган эл-жериңди сагынып жүргөнүңдү, кээде чыгышты карап, кусалана кеткиң келгенин байкайм. Кудайдан да «Ушул баланын тилегин бер? Эл-жерине, катын-баласына аман-эсен жеткир!» деп, беш убак намазымдан кийин жалынып тиленем.

-Ырахмат, устаз. Жүрөгүңүз таза адамсыз.

-Колуңдагыдай кылычты өмүр бою жасаган эмесмин. Жасай да албасымды мойнума алам. Темири, ээриткен көмүрү, согуп, чыңаган, ийлеген, ал тургай табын билип сугарганы да мага табышмак. Анан калса, колуңдан чыккан кылычкабы, буюмгабы белги салып коесуң. Ал кандай эн? Менден жашырбассың?

-Туура баамдагансыз устаз. Уруубуздун, ата-бабаларыбыздын бизге калтырган белеги. Күн. Эн, тамгасы. Билгендин баары көрүп, окуса:

-Кушчунун баласынын колунан жаралганын түшүнүшөт. Бул бизге ыйык мурас.

-Сен бактылуу экенсиң, уулум. Урууңду, ата-тегиңди жада калса эн тамгасынан бери билет экенсиң. Башатыңар таза, урук-урпагыңарга чейин, тегиңерди таза тутуу сыймык эмей эмне?

Мына мен, атам ким экенин билбейм. Балдарым мени гана билет. Намаз окуганымда ата-бабамын арбагына деп куран багыштаганда, бабаларымдын ысымдарын билбейм. Окулган курандын сообобу тиеби, тийбейби али мага белгисиз. Кой өзүм жөнүндө көп эбиреп койдум. Жардам керек болсо айт. Жабыла киришип, жардам берели.

-Ырахмат, устаз. Сизден жашырып эмне, бир кезде ушул кылычты жасадым эле. Айылга келген соодагер экөөбүз достошуп, ушул темир менен тээ Орусиядагы темирдин ортосунда айрыма барбы, сапаты кандай, билгибиз келген. Ал байкуш соодагер Кокондуктарга колунан алдырыптыр.

«Ушунун өзүндөй кылыч жаса» деген бийдин тапшырмасы жөн жеринен чыккан жок. Ал кууланып, устанын ким экенин, сапаттуу «таш көмүр», темир кай жерде бардыгын билгиси келет. Мен ага маакул эмесмин. Элди эзген мыкаачы, канкор бийге туулган жеримдин асыл байлыгынын сырын ачып, өз элимди талоонго калтырып кордоткум келбейт.

Мен уста богонума өкүнүп жүрөм. Курал жасашым мага сыймык эмес. Элимин шору болуп жатат. Мен жасаган кылыч менен багынбас элди багындырып, баш көтөрүп, каршы чыкканды чаап өлтүрүп жатышат. Мен кетмен, күрөк жасаганымда өзүмү бактылуу сезмекмин.

-Аб-бали. Ушул ой мага келбептир. Көрсө, тунук ой да көңүлү таза, дили тунук пендеге келет экен. Эми эмне кылалы? Эл жек көргөн желмогуздардын талаптарын айласыз аткарып жатпайлыбы?

Устат менен шакирт көңүлдөгү сырларын ортого төгүшүп, чын дилдери менен сырдашып отурушту.

Миң башы менен шерттешкен убада, кийинкиге калтырылып, башкача болуп өзгөрдү. Бий Болумбийге берген тапшырмасын өзгөртүп башкача шарт коюптур.

-Өз колу менен тез аранын ичинде беш жүз кылыч согуп, казынага өткөрүп берсе башына азаттык берилерин сүйүнчүлөп миң башы келди.

-Азирети таксырдын бүтүмүн диванканада болгондордун баары укту-деди миң башы.

-Канча күндө бүткөрөм?

-Канча эрте болсо, ошончо жакшы. Бардык иш өзүңөн.

-Бийиңдин убадасы аныкпы?

-Азирети таксырдын сөзү, эч качан эки болгон эмес.

-Андай болсо, керектүү отун, темирлерди камсыз кылып бериңиздер?

-Сүйлөштүк.

Болумбий ишке катуу киришти. Эки-үч күн өткөндө кабар усталарга толук угулганбы, баары чогулуп келишти.

-Бул иш бир адамга оор. Жалпыбыз бөлүп алып, жардам берели-дешкендерге Насирдин уста иш бөлүп берди. Көптүн иши көп. Бир айга жетпей беш жүз кылыч даяр болуп, казынага өткөрүлүп берилди. Бийдин качан кабар берип, чакыраарын күткөн Болумбий: «Кош ат менен келип кетсин»-деп, Алыкеге кабар жиберди.

Алыке уста инисин көп күттүргөн жок. Кабар болгондон эки жума өтпөй. жете келди. Экөө кучакташа көрүшүп, ал-жай сурашышты.

-Устам, сүйүнчү бер. Уулдуу болдуң-деди баатыр.

-Болсун! Алыке. Сүйүнчү аябай калайын. Качан төрөлдү.

-Бир жашка толоюн деп, талпынып калды.

-Атын ким койдуңар?

-Көпчүлүк чоң атасындай баатыр, эл башкарсын Чоболой-дешип, азан чакыртышты. Жентек той берилип, айыл-апа, тууган-урук баары келишти. Буйруса сен барсаң, «тушоо кесүү» тоюн чогуу өткөрөлү.

-Ошол күн насип этсин.

-Сен мени да куттуктап койсоң болот.

-Куттуктабай анан. Жеңем да көз жардыбы?

-Анан эмей.Уулдуу болдук.

-Анын ысмын, ким деп атадыңар?

-Айылга келген аксакал:-Сен чериктерге жээнсиң. Тага-журт улук болот. Даңазалуу Чекир деген молдо өткөн. Ал уруу топтогуларды ынтымакка үндөп, барга-жокко тегиз болчу. Ошол касиеттүү адамдай абройлуу болуп, атын алып жүрсүн деп Чекир деп азан чакырды.

-Акжолтой болсун, баатыр аке! Мына тукум улайт деген ушул. Кушчу уруусу уюткулуу журт. Аталарыбыздын даңазалуу жолун улантуучулар көбөйө берсин!

-Айтканың келсин!

-Эл-журт арасы тынчпы?

-Кудайга шүгүр, тынч эле. Ар кимден кабар угуп калабыз: Кокон чөл тараптагыларды басып алып, эл жерин каратып жатыптыр деп угабыз.

-Баш көтөргөн баатырлары жок бекен?

-Баатырынан да бийлери көбөйүп кетпедиби? Малдуу, алдуу болсо эле өзүн бий атап, элди тескеген болуп, бирине-бири кыр көрсөтүп, сенен мен кыйынмын дешип, ынтымакты ыдыратып жатышпайбы? Аларды байкаган эл да:

-Кайран гана Кубат бий менен Ажы бий. Эл-журтка күйгөн ошолорчо болоор. Намыс-ариетти бийик коюшуп, көпкө тегиз эмес беле. «Өрдөк жокто, чулдук бий» болушуп, бүгүнкү бий атангандар бирикмей тургай, итче ыркыраша кабышып, жору-кузгунча тебишип, жер-жайыт талашып отурушпайбы. Булардын ач көздүгү, элге тийбегидей эле дешип, билгендер кеп кылып калышат.

-Тиги аркалык туугандардын абалы кандай?

-Калмактардан бошогон жерге келип жайланышууда, чыр-чатак күч алды деп угабыз. Жер бөлүш чатагы негизинен солто менен сарбагыштардын ортосунда болуптур. Кошой бийдин айылы Чүйгө алгачкылардан болуп көчүп баргандыктан пайдаланып, Чүйдүн чыгыш жана борбордук бөлүктөрүн ээлеп алышат. Ага Эсенгул баатыр баштаган сарбагыштар каршы чыгып, кандуу кагылышуулардан кийин сарыбагыш, азык, моңолдор биригишип,

жалпы топтун чечими менен солтолор Чүйдүн чыгышынан батышты көздөй сүрүлүптүр.

Кошойдун айылы биринчилерден болуп, табигый коргон Тогуз-Тородон Чүйгө көчүп келе башташат. Чалгынга барган жигиттер, качпай калган жердеги казактардан жана бири-экин кыргыздардан сураштырышып, Меркеден Чалпарга чейинки аймакта калмактар жок экенин билишет. Аларга өзгөчө Чоң-Кемин, Кичи-Кайыңды, Мерке сууларынын өзөндөрү жагат. Сууга мол тоо этектери дан өстүрүүгө өтө ыңгайлуу болчу. Кара-Кол ашса кыргыз жайлоолорунун атасы Суусамырга, Кум-Бел ашса Таласка түшөт эмеспи. Кыргыз Ала-Тоосунун күңгөйү менен тескейинин аймактары малга толтуруп, түзүн эгин талааларына айландырган ата-бабалары бекеринен ээлебеген экен. Кум-Белди, Кара-Колду ашып жүрүп отурушуп, көчүп келаткан айылдарга туш келишет. Айыл аксакалдары Суусамырды жайлап, андан соң Чоң-Кайыңдыга көчүп барууну чечишет.

Эки Кайыңды берекелүү Чүйдүн соорусу эмеспи. Аны карыялар Үч-Кошкон аташчу. Анткени саруу, кытай, солто урууларынын жайлоосу бирге, кыштоолору башка болгондугуна карабастан ал мустактан бери үчилтик кыз алышып- кыз беришип, куда-сөөк болушкан. Бул үч уруудан сырткары, ал жерде сары усундар, калмактардан качып келген самбет, утемиш, бозтери уруктары жашашкан. Казак кыргыздардын ортосундагы биримдик акыркы жүз жылдыкта күчөгөн. Алардын ортосунда барымта да болгон эмес. Жайлоосу бирге, жаздоосу башка коңшулар эле. Ичкилик кыргыздардан үч айыл наймандар да бул тарапка келип туруп калышкан болчу.

Улуу топторунда чыр чыгып, биримдик кетип жоюлду. Саруулар, саяктар, багыштар чачырады. Ар төбөлдөр өзүн-өзү билип, өтүгүн төргө илген мезгил өкүм сүрдү. Асан Кайгы айткандай «Жоо келгенде жоолашкан, ал кеткенде доолашкан» кыргыз баягы «кычылыгына» барып, баягы жети атаны териштирмей, анын натыйжасында Тагай бийдин өз жана бакма балдары жөнүндө имиш күч алды. Сарыбагыш бийи Маматкулдан башталып, жаңы конушка

көч башы, кол башы болууга аракет күчөдү.  Калмактан качкан кыргыз, калмакты чапкан кыргызга кыр көрсөтүүгө өз ара тирешүүгө алып келди.

Уруулар мамилелеринде барымта катардагы иш катары эле. Ал көчмөн элдин салты катары эсептелгени менен «баатырларды» байыткан да, калкты жакырланткан да ошо болчу. « Малым көп деп мактанба, айкырып келген жоонуку, ышкырып келсе жуттуку» деген макал бул эки кырсыктын эгиз экенине күбө эле. Айрымасы табигый кырсыктан жут чанда келсе, барымта жыл сайын кайталана берген. Анын үстүнө жут эл менен бирге болсо, барымта «чакан согуш» болчу. Кан төгүлүп, катышуучулары өлгөн. Бирок, барымтада өлгөндөр «кунсуз», «пулсуз» болгон. Кан кууган мыйзамы жана барымта адаты боюнча «канга кан», «мүлккө мүлк» деген эреже үстөмдөгөн. Күчтүүнүн күнү тууп, күчсүздүн түнү түшкөн кыргынга айланган.

х х х

-Берер жардамы болсо, бери келсин? Эки колду бириктирип башчы болуп берсин? Бербесе «түндүгү башканын түйшүгү башка, көйнөгү башканын көңүлү башка» болгону.

-Кечээ калмактар кырып-жоюп киргенде буларың кайда эле? Эми эшиктен кирип, төргө өтүп. анысы аз келгенсип, бул жерге отурбай, көчүп кет!-деп турганы кандай?

-Калмак боз баланын башын алып, боюнда бар катындын ичин жарып, кары-картаңды койдой көгөнгө байлап, туш тарапка сатканда кайда жүрүшүптүр?

-Алты уруу анда Гисарда, Оогондо, бери болгондо Текелүүнүн тоосун жакалап жүрүшкөн. Кокондун бийи кыргызды камчыга ченеп, бөлүп-тоноп киргенде, Ажы бийди жалгыз таштап, качып кеткен Мамткул жана анын күчүктөрү эми баатыр аталышабы?

-Парганада качкын аталып, кемсинип жүрдүк. Бирок, жан соогалап үркүп, башты кылыч мизинен мал-мүлктү талоондон сактап калдык. «Эрге чыккан эреже, катын алган каада» болуп, эми булардан качабызбы? Кайда? Адигине, ичкилик эми бизди, кантип аташаар экен? Кайра барсак кабыл алышабы? деген алым-сабак

суроо, өчөгүшкөн кектешүүнүн аягы, чыр-чатак ынтымакты ыдыратты. «Ырксыздыктан ырыс качат» болуп, кыргыз-казак мамилесине өрт кетти.

-Кыргыз арасында ынтымак кеткен сайын, Кокон бийлиги жакын айланасындагыларга сук артканы күчөп бараткандай. Баягында бийлерди сатып алып, «Бир ордо кылабыз. Бир өлкөнү күчтөндүрүп, жоого каршы биримдик түзөбүз» дегендери кокондуктардын алдоосу көрүндү. Кыргыз жигиттерин топтоп келип эле, кайра кыргыз жерлерине чабуул койгонго даярданып жаткандай.

-Усталардын да санын көбөйтүп, күнү-түнү жандарын тындырбай курал жасаттырышы опурталдуу иш. Булардын айдоосуна көнбөй. Бал тилдерине алданбай, тоолуктар өздөрүбүзчө болгонубуз оң.

-Туура баамдагансың. «Жем жеген куш сугалак» демекчи, бийлерге булар опкок талкан сугунтуп, куулук менен обрун ачып, нокто салганына маани беришпейт. Ал боюнча ойлонуп да коюшпайт. Аны эл байкап турат. Эл менен кеңешип,азыртан чек белгилешибиз зарылдай.

-Ооба ушул маселеге көңүл бөлөлү.

Көптөн бери көрүшпөй калган туугандар сырдашканча, эл тагдыры жөнүндө да ойлорун айтышты.

x x x

Алыке баатыр Болумбийдин усталар ортосундагы аброюна ыраазы болду. Эртеси туугандар Кокондун тар көчөсүн аралап баратышып, калаалыктардын опур-топуруна туш келишти. Көпчүлүк катары алар да жакын келишип, көп арасынан моюн созуп карашып, таң калышты.

Колу-буттары байлануу эркек-аял, кары-жаштарын аралаштыра айдаган Кокондун лашкерлери чоң дарбазадан өтүп келе жатышат. Туткундардын абалы боор ачыгыдай. Үстүндөгү кийимдери айрылып-тытылган. Бети-баштарында каткан кандардын издери. Арып-карып араң илкий басышат. Арасында майда балдар да бар. Аяк-башы ат чабым алыстыкка созулган. Алардын

аркасында жүктүү кирелер. Таланган буюмдар экендиги иретсиз жүктөлгөнүнөн билинип турат.

Жаалашкан көпчүлүк бири-бирине суроо берип жатышты:

-Булар кимдер?

-Эмнеге буту-колдорун байлап таңып айдап келе жатышат?

-Катын-балдарда эмне айып?

-Салык доолап баргандарга каршылык көрсөткөндөрдү жазалап, туткундашыптыр.

-Эмнеге, жалаң эле катын –калач, жаш балдар?

-Кары-картаңдарды өлтүрүп, жалаң жаштарын айдап келишиптир.

-Булардын аркасына каршылык көрсөткөн эркектердин өлгөндөн калгандарын айдап келе жатышыптыр.

-Азап тарткан, байкуштар ай!

Калаанын эли үнсүз-сөзсүз туткундарды карап, аяп турушту.

***

Болумбий миң башыга өзү келди.

-Таксыр, мен убаданы аткардым. Уруксат бериңиз?

-Ооба, убаданы аткардың. Жасаган кылычтарың ишке жарады.

Көрдүңбү, кече күнкү туткундарды? Курал болбосо баш ийишпейт эле. Кокон өкүмүн аткартат. Ким каяша кылып, моюн толгогон болсо, эркегинин башы алынып, катын-баласы туткунга алынат. Өнөрүңө рахмат, уста! Жарадың ишке. Бий сага ыраазы.

-“Катын-балдарыңды көчүрүп келсин! Үй берели. Ушул жерде жашасын” деди. Ошол күнкүгө соога!-деп, кылычыңды даярда. Бий да ыраазы болуп, тагдырың оң жагына чечилип калаар.

Уста анын сөзүн уккусу да келбеди.

Көп өтпөй миң башы анын ишин баалап, бийдин кам көргөнүн сүйүнчүлөдү.

Устага миң башынын ар бир сөзү тикенектей сайылып, жүрөгүн муздатты. Эти дүүлүгүп кандайдыр бир итиркейин келтирген дүркүрөк, таманынан төбөсүнө жетип, көздөрүн тумандатты.

Заматта эки чыкыйындагы кан тамыр лукулдата согуп, каны ичине тарта, өңү кумсарды.

Ушунча алаамат кылган талап-тоноо, чыркырап ыйлаган катын-бала, каршылык көрсөтө, кол кайры кылган жигиттерге, үй-бүлөсүн корголой кучак жайган кемпир-чалга, терин төгө кыйналып жасап, устарадай курчуткан кылычтарынын мизи тийип, күнөөсүз эл кандуу булоон болдубу? Көрсө, булар алдап, жалган-жашык убада менен ары муздак, ары оор темирди отко ийитип, балка соктуруп, дөшү таптатып адамдарды кыйноого салган балакетти жасаттырган тура.

Күнү-түнү тыбай тер төгүп, кыйналып жасаган кылычтары ушунча элдин ый-кайгысына, шоруна, ажалына себепкер тура. Аны көрүп-билип туруп кантип жашайт? Зордук-зомбулугумыкаачылык, жуксурдугу менен жан багууга аракет кылып, карапайым калктын канын соруга умтулган ажыдарлардан кантип кутулат?

Уста, ,бада-убада. Бий бир сүйлөйт. Талап кылат. Аткартат. Аткарбаганга ажал, аткарганга асал-бал! Эми, колуңду кыя албасаң керек?!

Миң башы кубанычка балкып, маңдай тиштерин кашкайта күлүп турду.

-Бир башымды элден аябаган, колумду, өнөрүмдү аяймынбы- деп ызадан көздөрү канталап, кулагы дүң болгон уста, оң колун суна, сол колундагы кылычты шилтеп жиберди.

Диркиреп атылган кан, маңдайдагы миң башынын бетине жайыла түштү. Ал чочуп кетип кетенчиктей барып, чалкасынан жыгылды.

***

Күүгүм кирген ире-ширеде Кокондун дарбазасынан үзүлө чыккан кош караан, кең талаага аргымактарын теминишти.

Бирисинин тумуйта таңылган колу мойнуна асылуу, экинчиси анын атын тизгинден жетелеп алган.

Алар кушчунун урпактары Алыке баатыр менен Болумбий уста эле.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР, МААЛЫМАТТАР

### Ханзу жазмаларындагы кыргыздар

1 «Кытай жазмаларындагы кыргыздар» Шиңжан эл басмасы 2004

2 Кытайдын даңазалуу «26 тарых» деп аталган китеби б.з.ч. 200 жыл чамасында жазылган Сымачияндын тарыхынан баштап 20 кылымдан башындагы «Чин дооруна» чейинки (1911-жылга чейин) болгон, ар кайсы сулалада (доордо) жазылган тарыхтар

3 «Чин тарыхы тезисттери» «Батыш өңүрдүн карыйталуу санжырасы»

1-ором «Теңир тоонун түштүк жолу»

2-ором «Батыш өңүрдүн суу жолдору»

2-ором «Чыгыш-Батыш кыргыз уруулары»

3-ором. «Жов сулаласы доору»

4 «Батыш өңүрдүн карыйталуу санжырасы» Жунгонун жакынкы заман тарыхында жазылган, батыш өңүр жөнүндө алгачкы санжыра түсүн алган китеп болуп, Лию таңшуң Хы гозуңдар (1756-1761) жазып болуп, 1782-жылга чейин башкалар толукталган.

Падыша Чиян Луң бул китептин жазылышына баштап акыркы көз-кулак болгон. Жалпы 52 ором

**(которгон Мамбеттурду Мамбетакун)**

5. Аттокуров С «Кыргыздар XVIII кылымда Б-2003

6. «Аялзатка таазим» Б 1996

7. Анвар Байтур «Кыргыз тарыхынын лекциялары» Учкун 1992

8. Мойсеев В. А. Джунгарское ханство и казаки (XVII- XVII вв) Алма-Ата 1991-с

9. М. А Салахетдинов «Сочинения Мухамбет Садыка Ходжаган» как источтик по истории киргизов

10. Чимитдоржиев Ш. Б «Взаимоотнашение монголами и Средний Азии в XVII-XVIII вв. М 1979

# МАЗМУНУ

I БӨЛҮМ....................................................................................................3
II БӨЛҮМ ....................................................................................................49
III БӨЛҮМ....................................................................................................68
IV БӨЛҮМ....................................................................................................140
V БӨЛҮМ....................................................................................................258
VI БӨЛҮМ....................................................................................................265

**Жетимишов Суранчы**

# ЧУУЛГАН КЫЛЫМ

Тарыхый көркөм баян

Редактору: Маматибраим Самиев
Тех: редактору: Алтыбаев Жуманалы
Корректору: Түгөлбаева Айнагүл
Компьютерге терген: Бекмамат Суранчиев
Компьютердик калыпка салган: Саитов Даирбек

Терүүгө 20. 06. 2017-ж. берилди. Басууга 06.11.2017 кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84.
Көлөмү 22,25 басма табак. Нускасы 300 даана.

«Кагаз Ресурстары» басмаканасы
Ош шаары, А. Мамыров көчөсү, 86-г
Тел.: (03222) 4-69-16